КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*«Окурмандын китеп текчеси»* *сериясы*

38-том

# ШАБДАНБАЙ АБДЫРАМАНОВ

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясы астында

Түзгөн: *Аида Жакыпбекова*

БИШКЕК
«ТУРАР» – 2018

УДК
ББК

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү
Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды

Редколлегия:

| | |
|---|---|
| Акматалиев А.А. | Мусаев С.Ж. |
| Байгазиев С.О. | Садыков Т. |
| Жайнакова А.Ж. | Токтоналиев К.Т. |
| Маразыков Т. | Эркебаев А.Э. |

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы: 38-том. **Шабданбай Абдыраманов** / *Түз. А. Жакыпбекова.* – Б.: «Турар», 2018. – 628 б.

ISBN

Бул китепке Шабданбай Абдырамановдун роман, повесттеринин, аңгемелеринин айрымдары орун алды. «Дыйкандар» романында эски көз караштагы раис Балтабаев менен чарбаны илимий негизде уюштуруу үчүн күрөшүп келген Садык Балбаковдун көркөм образдары аркылуу өнүгүүнүн жаңы багыты чагылдырат. Повесть жана аңгемелеринде адамдар турмушунун ар кыл көрүнүшү сүрөттөлөт.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

УДК
ББК

ISBN

© КР УИА, 2018
© «Турар», 2018

## ШАБДАНБАЙ АБДЫРАМАНОВ

***(1930–1998)***

Белгилүү жазуучу, педагог, коомдук ишмер, Кыргыз эл жазуучусу Шабданбай Абдыраманов 1930-жылы 24-декабрда Сузак районундагы Кыз-Көл кыштагында туулган. Ал 1943-жылы айылдык мектепти бүткөндөн кийин колхоздо иштеген. 1949–1951-жылдары Жалал-Абад шаарындагы А.С Пушкин атындагы мугалимдер институтунун филология факультетин артыкчылык диплому менен аяктайт. 1953–1958-жылдарда Фрунзедеги Кыргызстан мамлекеттик педагогикалык институтун сырттан бүтүрүп, 1959-жылы Ош désinstitутунда окутуучу болуп иштеген. 1961–1964-жылдары Москвадагы Горький атындагы Адабий институтунун алдындагы адабият курсунан окуган. 1966-жылдан баштап Кыргызстан жазуучулар союзунун Ош областтык бөлүмүнүн жооптуу катчысы, «Ленин жолу» газетасынын кабарчысы болуп иштейт.

Мугалимдик кесибин аркалап жүргөндө эле анын «Сабырдуу күмбөз», «Көл тууралуу баян» аттуу эпикалык поэмалары «Ала-Тоо» журналына жарыяланган. Адабиятка 50-жылдарда келип, «Май түнүндө» аттуу алгачкы поэмалар жыйнагы (1957), «Каркыра» (1959) деген ырлар жана поэмалар жыйнагы, «Тааныш адамдар» (1964), «Арстанбап аймагында» (1965), «Өкүм» (1966), «Ак жүрөк адамдар» (1973) деген прозалык чыгармалары, «Гүлазык» (1976), «Дыйкандар» (1977), «Тагдыр»

(1980), «Жашыл аалам» (1982), «Токуучулар» (1985), «Турмуш сырлары» (1988), «Дыйкандар» (1991) деген романдары жарык көргөн. Жазуучунун чыгармалары орус тилинде бир нече жолу жарыкка чыккан жана боордош элдердин тилдерине да которулган. Шабданбай Абдыраманов 1998-жылы дүйнөдөн кайткан.

Ш.Абдырамановдун эки поэтикалык китебинен кийинки чыккан чыгармасы «Ала-Тоо» журналынын 1960-жылдын № 1–2-сандарына басылган «Өкүм» повести эле. Ага чейин аңгеме, новеллалары жарык көрүп турса да, «Өкүм» повести аны жазуучу катары тааныт-ты, прозаик катары жөндөмүн көрсөттү. Чыгарманын башкы каарманы катардагы мугалимден райондун чоң жетекчилердин бирине чейин өсүп, ичкиликтин айынан үй-бүлөсүнөн ажыраган советтик адам эле. Бир сөз менен айтканда, повесть адамдын моралдык кыйроосу, ага таасир эткен ички жана сырткы жагдайлар тууралуу.

Ушундан кийин жазуучунун «Тааныш адамдар» (1964), «Арстанбап аймагында» (1965), «Өкүм» (1966), «Ак жүрөк адамдар» (1973) деген негизинен повесть, аңгемелерден турган китептери чыкты, айрымдары («Мои знакомые», 1964) Москвадан орусча басылып, башка тилдерге да которулду. Бул китептери менен Ш.Абдыраманов активдүү прозаик экендигин, иштемчилдигин көрсөтүү менен түштүк темасын андан ары тереңдетти, ошол эле кезде чыгармачылык жактан такшалуунун мектебин башынан өткөрүп жатты. Ошол мектеп өзгөчө анын Москвадагы адабий курстан билим алуу жылдарында (1962) бекемделгендей.

Баарыга белгилүү 1964-жылдары айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча КПСС БКнын март пленуму болгон. Ошол жылдары кыргыз жазуучуларынын бир тобу, алардын ичинде Ш.Абдыраманов да партиялык тапшырмаларды баш-оту менен аткарууга киришип, дыйкандар темасын колго алат. Ал 1966–67-жылдары жазылган, «Ала-Тоо»

журналынын 1968-жылдагы № 6–7-сандарына басылган «Дыйкандар» романы эле. Романдын журналдык варианты чыгары менен эле адабий чөйрөдө катуу сынга алынган. Жазуучунун ийгилиги коомдун бетпардасын сыйрып, системанын чирип бараткандыгын көтсөтүп бергендигинде. Мындайга Ш. Абдырамановго окшогон тайбас калемгер гана бармак. А бирок көркөм жалпылоосунун анчалык бийикке көтөтрүлө албагандыгы жана схема-чийим менен гана жүрүшү анын максатын ойдогудай алга сүрөй албай койгон.

Бул романдын жеке тагдыры терс жагына чечилген менен Ш.Абдыраманов андан олуттуу өксүк тартпады, «идеялык жактан курчуп, партия көрсөткөн жолдон бурулуп чыгып кетпөөгө аракет кылып, адабий ишин кайра күчөттү. Ал жаңы стратегиялык жолдорду тандап алды: элге жакын чыкты, өндүрүшкө барды. 70–80-жылдарда Ш.Абдырамановдун «Гүлазык» (1976), «Дыйкандар» (1977), «Тагдыр» (1980), «Жашыл аалам» (1982), «Токуучулар» (1985), «Домоктун кылычы» (1987) деген романдары жарыяланат жана ал аркылуу автор талашсыз сандык жактан ийгиликтерди жаратат.

Жазуучунун кийинки чыгармаларында, айталык, «Тагдырда» көрүүсү аеолуу адамдын инсан катары калыптанышы, анын бала чагынан жетекчилик кызматка жеткенге чейинки тагдыр-жолу көркөм иликтөөгө алынса, «Жашыл аалам» романында Арстанбаптагы уникалдуу жаңгак токою жөнүндө сөз кылып, жаратылышты коргоо, айлана-чөйрөнү таза сактоо, жаныбарларды коргоо жана көбөйтүү тууралуу проблемалар көтөрүлгөн. «Турмуш сырларында» революциядан кийинки кыргыз элинин турмушундагы түп-тамырынан бери өзгөрүүлөрдү, жаңы турмушка болгон адамдардын көз караштарын, аң-сезимдерин калыптандырууларды чагылдырган.

Шабданбай Абдыраманов доор үнүн сезген публицист, котормочу, драматург катары да белгилүү.

Анын «Кайыптын карды ооруганда», «Коркунучтуу оору», «Үркүнбай үйлөнгөндө», «Токуучулар», «Тагдыр нугу», «Кадамжай окуясы» аттуу драмалары жана комедиялары элдик жана профессионалдык театрлардын сахнасында коюлуп, көптөгөн театр көрүүчүлөрдүн купулуна толду. «Топ жылдыз» деген либреттосун жаратты.

Жазуучу «Домоктун кылычы», «Токтогул», «Чыйбыл болуш», «Анжиян көтөрүлүшү», «Алымбек датка» сыяктуу драмаларды жана тарыхый эсселерди жазган.

Ш.Абдырамановдун чыгармачылык өнөрканасында котормочулук өнөр чоочун эмес. Бул багытта ал бир катар тажрыйбаларды жараткан. Мисалы, Чыгыш акыны Саадинин, Маршактын, Тихоновдун чыгармаларын которгон.

Шабданбай Абдыраманов Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин грамотасы менен сыйланган. Кыргыз эл жазуучусу (1995).

## ДЫЙКАНДАР

*(роман)*

Садык Балбаков өрүктүн кызгылт-сары жалбырагы төгүлгөн асфальт жол менен колхоздун бак чүмкөлгөн канторасын көздөй бет алды. Күзгү бактын коңур, нымдуу жыты урду. Түндөгү бир аз жаап өткөн жамгырдан улам аба таза, сергилең...

Контора алдындагы беш-алты адамга салам айтып учураашты да, колхоз председателин сурады.

– Раис азыр бир жакка жөнөгөнү атат,– деди сакалдуу арык киши, ал кайра: – Кире бериңиз, мейман,– деди, адеп сактап токтой калган Садыкка ызат менен жол берип.

Садык чемоданын бурчка койду да, плащын анын үстүнө таштап, анан көк эшикти ачты.

Кең бөлмөнүн төрүндөгү столдо Алтын Жылдыз, депутаттык белгисин тагынып отурган денеси чың, кызыл жүздүү Балтабаевдин кичирээк көзүнө Садыктын көзү тушма-туш келе түштү. Ал урматтап кош колун узатты. Байдылла Балтабаев да ордунан туруп кол кысып, анан Садыкка кол жаңсап, орундук көрсөттү. Жанындагы мойну узун арык адамга бир нерселер айтып, айрым кагаздарга көз жүгүртүп, кээсине кол коюп, кайра таштап жаткан.

Садык көптөн атын угуп жүргөн бул даңктуу адам, бар болгону, кырк жаштар чамасында эле: буудай ирең, эки бетинен кан таамп, өңү да сулуу көрүндү. Анын ток-

тоо кыймылы, бир аз коңур, бирок өктөм үнү Садыкка орундуу, жагымдуу учурады.

Алиги мойну узун арык киши кагаздарын алып чыгып кеткен соң, раис ордунан кичине копшулуп, терезе жакка бир жолу көз таштады да, кайра бери жүз буруп:

– Кош, кулак сизде...– деди саал жылмайган болуп, Садыктын көзүнө тигиле, анын кичирээк саргыч көзүнүн тереңинен чыныгы дилин окуй албай. Садык саал шашып калды.

– Мени областтык айыл чарба башкармасы сиздерге жиберди эле... Садык дагы токтолуп калды. Раис кичирээк көздөрүн ирмебей Садыктын оозун тиктеп туруп, улап койду:

– Кош...

– Сиздерге иштөөгө...

Раисттин кызыгуусу арта түштү.

– Экономист болуп иштөөгө жиберишти.

– М-м... Дурус...– Раис саал ойлонгондой, токтоло калып, анан кубаттай сүйлөдү. – Дурус... дурус... Бизде ушул убакка чейин экономист болгон эмес...

Экөө тең бир пас унчукпай калышты.

– Мурда каерде иштедиң эле?

Раис биринчи жолу сен дей сүйлөдү.

– Экономист болуп эч жерде иштей элекмин.

– Жаңы бүттүңбү?

– Көп болду.

– А кайда иштегенсиң?

– Армияда болдум.

Раис негедир тегерете күмөндүү карады:

– Жашың нечеде?

– Жашым бир топ. Университетти бүткөн соң кадровый кызматка чакырылгамын. Алты жыл кызмат кылдым.

– Офицерсизби? – Ал негедир сиз деп алды.

– Ооба. Старший лейтенантмын.

– Демек, биздин командир болот экенсиз да!

Ал акырын күлүп койду. Садык да күлдү.

– Үй-бүлөң барбы?

– Бар. Бир уулум да бар.

Раис бир аз жандана түштү:

– Үйдүн жарасы жеңил. Конторага жакын жерден дайындап коём.

– Ыракмат, – деди Садык дароо.

– Мен азыр областка шашылыш жөнөп атам. Бүгүн-эртең пахта планы толот. Биздин колхоз бир апта мурда толтурганын уккандырсың.

– Ооба. Ооба.

Раис гаражга телефон чалып, машинасын чакырды. Анан экөөнүн тең оозунан сөз качкандай үнсүз болуп калышты. Раис областтагы чогулуш жөнүндө ойлоп, андан улам обкомдун биринчи секретары Жанузаковду көз алдына келтирген эле.

Садык бул адамдын жылуу мамилесинен көңүлү көтөрүлүп:

– Менин максатым, Байдылла аке, – деди, менин максатым экономист гана болуп жүрүү эмес, ушул колхоздун экономикасын изилдемекмин, диссертация жазмакмын.

– О, абдан жакшы. Андай максатың болсо... Мен сага айтып коёюн, деди раис жылуу жылмайып, – биздин колхоздун өнүгүү жолун жазсаң окумуштуу турсун, академик болосуң.

– Садыктын жүзүнө кан жүгүрө түштү.

– Ал чын,– деди раис жадырап,– мындан он жыл мурда, кырк жетинчи  жылы мен жаңы раис болгондо, бу колхоз кандай начар колхоз экенин билесиңби?

Ал бир нерсе айтайын деп, бирок ички толкуусунан мукактанып калды. Анан Садыкка суроо берди:

– Азыр кандай экенин уккандырсың?

– Укпаганда! – деди Садык чын көңүлдөн.

Эшикке жеңил машина келип токтоду.

Раис жөнөп кетерде алиги узун моюн арык адамга карай унчукту:

– Тумалай, бери кел. Мына бул жигитти, – деп жатып Садыктан сурады, – атың ким эле?

– Садык.

– Садыкты Миңбайдыкына ээрчитип барып, жаңы үйүн алып бер. Мени айтты де.

Садык областтагы даңктуу адамдардын бири Байдылла Балтабаевдин мындай сергек, адамкерчиликтүү мамилесине ыраазы болду. Эми ушундай адамдар менен кол кармашып бирге иштей турганын эстеди... Алда кандай бир жылуулук көңүлүн аралап өттү.

* * *

Сыртта басып жүрүп, конторадан батыш тараптагы пахта аянтынан терүүчү комбайндын иштеп жатканын көрдү.Садык өзү пахтачылыкта иштеп көргөн эмес. Арстанбап тараптагы жаңак токойлоруна жакын тоо кыштактарынын биринде туулуп-өскөн. Ошон үчүн тиги пахта терүүчү комбайнды аки-чүкүсүнө чейин жакшы билбейт, азыр ошо жакка басты.

Комбайн аянттын баш жагындагы катар тыт жыгачтарына жакын жерде токтоп турган экен.

– Арбаңыз, ишиңиз илгери болсун,– деди Садык али жете элек жатып.

– Ыракмат, жолуңуз болсун.

Комбайндын бир тетигин чукулап жаткан жаш жубан баш көтөрүп алик алды. Кара комбинизону сымбаттуу мүчөсүнө чыпталыша жарашып, толуңку тартып келаткан денесин сулуу көрсөтүп турду: куюлуп түшкөн мурду, кара кашы өзбек кыздарына түспөлдөштүрүп, сүйлөшүнөн улам гана кыргыз экени араң ажыралат. Садыктын көңүлү белгисиз канааттанууга толо түшкөнсүдү. Эч кандай жасалма пардасыз жүзүнө, өмүрүндө

эч качан оорубагандай таза кейпине карап туруп, аны ошо өзү басып турган жердин, айланасын курчап турган жаратылыштын бир ырдыксыз бөлүгү катары элестетип кетти негедир...

Келин кара май болгон колун жерге түшкөн пахтанын буласынан алып тазалап сүрттү да, анан мотордон бир аз бензин куюлтуп жуба баштады.

– Ушинтип, терим да аяктады, – деди, ал сөз улап.

– Абдан жакшы. Минтип пландар да толуп, – деди Садык.

Экөө тең унчукпай калышты.

– Кечирип коюңуз, ким болосуз? – деп Садык мукактана бергенде, келин колунан бензинин аарчып жатып:

– Алима Кадырова... – деди кайдыгер.

Садыкка бул ат тааныш угулду.

* * *

Бул күндөрдө баарыдан көбүрөөк сүйлөшүп, көбүрөөк сырдашканы Тумалай болду. Биринчи эки күнү анын үйүндө да жатып калды. Өзүнө окшогон узун бойлуу арык кара аялы болсо көп сүйлөбөгөн, Тумалайдын сөзүнө да, ишине да аралашууну каалабаган, кыязы, бир аз түнтүрөөк жандай көрүндү. Төрт баласы бар экен.

Тумалайдын дүйнөдөн аша кечкен жанча балит сөгүнүп, көп нерсеге тез эле терс кол шилтеген мүнөзүнө маашырланып, кокосу жарып чыгардай чорчоюп турган арык тырыш мойнуна, саал кочкор тумшуктанган кызыл мурдуна, курчу кетип мокогондой бозомук көзүнө тигиле карап, кээде күлүп коюп, сөз угуп үнсүз отурду. Тумалай кара чийбаркыт пиджактын төш чөнтөгүндө кыркар турган калемдеринин бирин алып, ар кандай кагаздарга кол коёт.

– Бул акча кай жакка кетти? – деп сурап калат Садык, бирөөлөр арбын акчалар алып кеткенде.

– Мен кайдан билем? – деп Тумалай боз чалгандай мокок көзүн кыбың-кыбың ирмеп, Садыкка тигилип кайра сурайт.

Тумалай чын эле ошентеби, же калп эле кууланганыбы, Садык ажырата албайт:

– Кантип эле билбейсиз?

– Кызык, буйрук бердиби, болду. Менин милдетим төлөш. Бир керекке жумшайбы, өрттөп жибереби, менин ишим эмес.

Садык айласы кеткенде күлөт. Анан кайра сөз кошот:

– Колхоздун казнасынын оозун кармаган белдүү активисиз, анан кантип билбейсиз?

– Ээ, үка, биздин тартип аны сүйбөйт. Эсиңде болсун: «Билемин» дедиң тутулдуң, билбеймин дедиң кутулдуң.

Садык:

– Кызык насаат экен.

– Эй, үка, сен каякта өскөнсүң?

– Арстанбапка жакын жерде…

– Ээ, ошондой. Асманы кең жерде дегин. Аскердик субординация дегенди уккансыңбы?

Садык күлүп жиберди:

– Аскердин уставында ошондой жазылган да.

– Бул жерде башка дейсиңби? Колхоздун өз Уставы бар. Колхоздун ар бир мүчөсү – колхоздун ээси.

– Мен да билем үка, көп нерселер жазылган. Бирок, турмуш кагазга жазылгандай жүрсө го…

– Тумалай аке, ал эмне дегениңиз?

– Мен талашпайм. Ал турсун катыным бир неме десе да талашпайм, адатым. Жөн жүргөндү жакшы көрөм: «Билемин дедиң тутулдуң, билбеймин дедиң кутулдуң…»

Тумалай тешип чыгардай чорчойгон кокосун титирете кулунча кишинеп күлүп коет кээде.

Садык ар нерсеге карата өзүнчө ишеними, өзүнчө көз карашы бар кишилерди жакшы көрчү. Тумалайды да жактырып калды, бирок, анын философиясын тереңине

жеткире түшүнө албады, өзү да аны ар тараптан кеңейтип түшүнүүгө убараланган жок. Тумалайдын мунусун тамаша катары кабыл алды, анткени, чындыгынан тамашасы, керкакшыгы көбүрөөктөй көрүндү. Баарыдан мурда элпектиги, жумшак мүнөздүүлүгү көңүлүнө жылуу сезим туудуруп, Тумалайды чын жүрөктөн урматтап калды.

* * *

Тээ төмөнтөн жантак тийген күз күнүнүн алсыз нуру өчүп баратты. Райондун борборун как жарган көчөнү бойлото кыркалай тигилген жалбыраксыз бопбоз мырза теректердин кылда учунда үрпөйүп кар күткөн ала каргалар отурушат.

Садык эң акыркы автобустан кала бербейин деп шашылып, автобус токтоочу жайга карай ылдам басып келатты. «Пуп» эттире үн чыгарып, жандап токтой калган жеңил машинанын бүдөмүк айнегинен кандайдыр кашкайып турган тиштерди көрө, эңкейип үңүлүп, кечээ күнү областтык пахтакерлердин чогулушуна кеткендерден Алима экенин тааныды.

– Кел, отуруң,–деди Алима баш ийкеп.

– Келдиңерби? – деди Садык.

– Келдик.

– Азыр эле газетадан сиздин сүйлөгөн сөзүңүздү окуп, Балтабаев экөөңүздөрдүн сүрөтүңүздөрдү көрдүм эле. Сонун... Сөзүңүз абдан көтөрүңкү чыгыптыр...

Алима кичирээк кара көздөрүн күлүңдөтө ирмеп, аппак тиштерин кашкайта жылмайды.

– Жазып коюшкан экен, окуп койдум да...

Садык аңкайып туруп калды.

– Бирге кетебиз. Раис да ушерде,– деди Алима Садыктын көңүлүн буруп,– жүрүң, ашканадан чай-пай ичип жөнөйбүз.

Ашкананын төркү кичине бөлмөсүндө кечээ булар менен кошо кеткен колхоздун башкы бухгалтери жалпак бет Жапак, анын жанында дагы бир-эки киши бар эле.

Раис көп кечикпей үч киши менен кирди: анын бири курсактуу чоң бет, экөө китель шым кийген интеллигент чалыш немелер көрүндү.

– Кайда жүрөсүң? – деди Байдылла Балтабаев.

Садык иш менен айыл чарба башкармасына келгендигин айта баштады эле, бирок раис тигилер менен алаксып, сөз аягын уккан да жок.

Жапак официанткага жардамдашып, бир паста стол үстүн ар түрдүү тамакка, ичимдикке толтуруп жиберишти. Жанагы интеллигент чалыштын бири аш казанынын ооруганын айтып ичимдикти оозуна албай койду. Алима болсо өзүнө алып келинген шампанскийден бир стакандай эле ичип, калгандары ашканадан дуулдап кызуу чыгышты.

Колхозго кете тургандар раистин «ГАЗ-69» машинасына сыгыла отурушуп жөнөп кетишти. Раис кээде уяттуу сөздөрдү да коё бере апенди айтып, кыраан каткы күлдүрүп тынбай сүйлөп отурду. Садык кээ бир сөздөрдүн маңызына чейин түшүнбөй калып жаттыбы, иши кылып, анықын каткырык менен улап кетишет. Кантсе да, раистин шайырдыгына, ачыктыгына Садык ичтен ыраазы болуп, элден калбай оозун ачып кошо күлүп жүрүп отурду. Анын көзү электенип, башы эңги-деңги эле.

Ире-ширеде колхоз конторасына жетишти. Колхоз активдери баары күтүп отурушкан экен. Адат боюнча күн сайын кечинде конторага бир чогулуп, эртеңки иштер боюнча сүйлөшүп, анан чогуу тарап кетишет.

Сыртта кармалып баарынан кийин Байдылла Балтабаев киргенде, тура калып, анан кайра отурушту. Эч ким ооз ачып сөз кошкон жок, астыртан көз кыйыгы менен анын кабагын тиктешип, кантсе да, бир нерсе айтышын күтүп турушту.

Раис акырын сүйлөп, чогулуш болуп өткөндүгүн үч-төрт мүнөт айтып түшүндүрдү. Анан унчукпай калды. Дагы дым болуп, тынчтык өкүм сүрө түштү.

– Кандай мал-жан тынчпы? – деди раис кызылдуу сулуу жүзүн саал ооруксуна стулдун артына жөлөнө. Садык жылуу сезимде анын жүзүнөн көз албай, бурч жакта үнсүз отурду.

– Тынч. Баары жакшы,– деди ар кай жерден үн чыгарып, анан бара-бара бака-шака сөзгө өтүштү.

– Баягы проекти бекибей кайра келиптир,– деп бухгалтер жогортон келген бир кагазды таштады. Кээ бир сөздөрүн Садык чала угуп түшүнбөй калды.

– Эмне үчүн? – деп раис кыжырдуу кайра сурады.

Бухгалтер бир немелерди айтып түшүндүрө баштады эле, Байдылла ачуусу келдиби, жилкип жиберди:

– Сенин кылганың ошо! Мен ошондо эле айткамын.

Ал чегип жаткан папиросун печь жакка ыргытып, саал кабак чыта үнсүз отуруп калды. Эч ким сүйлөбөй дагы дым боло түштү.

– Сен барып келдиңби? – деди раис күтүүсүз жерден наркы бурчта баятан түк сүйлөбөй отурган жапалдаш кишиге баш экчеп.

– Бардым,– деди алиги киши ордунан так туруп, сабакты начар окуп келип, мугалимине айыпкер унчуккан окуучунун сыңары,– он чакты кой тууп жибериптир.

– Козулары гисар дейби?

– Гисары да, митиси да бар экен.

– Эмне үчүн мындай?

Алиги мукактана түшүп бир нерсе айтайын деди эле, раис андан озунуп унчукту:

– Э, былжырабай жерге кир. Кана зоотехнигиң?

Жашыраак жигит селт этип өйдө болду. Раис ага кадалды:

– Эмне үчүн мындай?

– Өзүңүз билесиз, мен ал убакта жок болучумун,– деди жаш жигит жай унчугуп,– ким айыптуу экенин табабыз.

– Сен тапкыча убактысыз тууган койлор эмне болорун билесиңби?

– Билем. Бирок жаңылыш качкандардан тубары ушул эле. Калганы пландуу.

– Зоотехник жигит салмактуу сүйлөп, так жооп бергени Балтабаевдин, кыязы, кыжырын ташытты. Бирок ал өзүн токтотуп унчукту:

– Сен мамадана неме көрүнөсүң. Сүйлөшөбүз...– Анан ал алиги завферманы зекип тилдеди. Ал бир-эки жолу жооп айтып актанайын деди эле, ого бетер оордон алып сүйлөтпөй койду Анан тиги үнсүз шылкыйып отура берди.

Садык кыймылсыз карап отуруп өз купулунда ар кандай ойлор менен алек боло берди. Бир алдын, «раис бая бир аз ичип койгондон улам саал кызуулук кылып жатабы» деп ойлоду. Анан ал бара-бара башка ойго көчтү. «Ырас, чарбаны башкарууга катуу кол керек, ансыз иш алга кетеби? Ырас катуу кол болбосо болобу?...» деди ал өз көңүлүндө дагы бекемдеп. Үңкүйүп жер карап турган завферманы аямак турсун, ага кыжыры келди.

## II

Садык Миңбайдын үйүнө көчүп кирди.

– Той үстүнөн чыктың, оозуң салттуу жигит экенсиң. Мына, эки бөлмө дализи менен. Бүлөң аз экен. Кеңири жашай бересиң. Азыр үйлөнүп аткан небереме деп салдырганбыз, эми келин бизге бир эки жыл кызмат кылып берсин, анан бөлүнүп киришсе деле болот,– деди Миңбай Садыкка жаңы үйүн көрсөтүп жатып.

Миңбай аппак сакалын жаагын эки ээлидей кырланта коконччо кыркмалап койдурган, кыймыл-аракети чапчаң көрүнүшү кайраттуу, давердес чал. Пайгамбар жашынан өтүп кеткен болсо да, белдуу киши катары мээнеттен кала элек.

– Мына бу бизден ылдыйкы коргон – деди Миңбай өскүлөңүрөөк ак кашын төмөн серпе,– менин уулум Мусаныкы. Уулу улан болуп, кызы бойго жетип дегендей, очор-бачар...

Садык кыркма кара сакал Мусаны көргөн, ал жоош адам менен бир аз сүйлөшүп да калган.

– Неберенин тоюн ушинтип шашылыш баштап калдык, болбосо жазда болжогон элек.

– Өткөрүп ийгениңер жакшы. Ак ниет иш бүтүп кетет.

– Антпеске болбой калды,– Миңбай бир чекиттен ойлуу көз албай, анан сөз улады, – илгери энесинин төрүндө кыз боозуптур десе азат боюң тик турар эле.

Миңбай унчукпай калды. Буга анча түшүнө бербеген Садык да кеп кошпой, сөз жагдайын күтүп турду.

– Эмки жаштар талаа-түздө бирге иштеп жүрүшөт эмеспи. Бир жагынан аларды түшүнүп да болбойт.

Азыр үйлөнүп жаткан Ысабек Мусанын уулу, бирок чоң атасы Миңбайдын колунда өсүп, анын көкүрөк уулу болуп калган.

– Мейли эсен болушсун. Бирин бири жактырып, ушул ишти кылгандыр.

Ак тойду баштап  ийдик, Садык уулум.

– Абдан жакшы болгон экен аксакал.

Анан алар сырткы бөлмөдөгү кооз чарпаяда чай ичип отурушту.

Миңбай чайдан соң базир сурап чыгып кетти.

Мусаныкы деген короодон дуу-дуу, кээде катындардын күлкүлөрү, кээде жаш балдардын жаң-жуңу, арадан үзүндүлөнүп комуз күүсүнүн кайрыктары угулат. Мунун өзү негедир, Садыктын кыргыз көңүлүнө тийип өтүп, көп жылдар бою унут болгон жакшы наристе сезимин козгоп, эне жытындай жакын сезилди. Эми эс тарта баштаган учурларындагы тамгадай басылып эсинде калган айрым учурлар ушунчалык жаңы, ушунчалык табигый болуп көз алдына жылт этип тартыла берди. Садык атасынын

атына учкашып, кээде апасы менен кошо катындардын бак-шакасына аралаша тээ алыскы айылдардагы тойлорго барчу. Ал учурлардын жаркыраган ар бир кичинекей үзүндүсү алда качан унутулган кымбат сезүүлөрүн ойготту. Садыктын кыялы чабыттап тээ капкайдагыларга чарпылып жатты.

– Куш боосу бек болсун, – деди Садык жылмайып, салам айта кол алышып маңдай жагына отуруп калышкан өспүрүмдөр менен таанышкан соң.

– Ыракмат аке – деп Ысабек саал кымсынды.

Бир аз үнсүз болуп калышты.

– Жакшы, инилерим, кана комузду кимиң чертесиң?

– Ушу чертет – деп Камилжан Ысабекти көрсөттү.

– Жоок,– деп чочуп кетти Ысабек, – черткен бала төмөн кетти.

– А сенчи? – деди Садык узун моюн Камилжанга.

– Атасы Мамажан Бува дутар чертет. Өзү же өзбекче, же кыргызча черткенди биле албай калган,– деди Ысабек курбусу Камилжанды тамашалап.

– И? – деди Садык түшүнө бербей.

– Мен өзбекмин да,– деди Камилжан дагы кыргызча так сүйлөп.

Ысабек комузду диң-диң күүлөп бир топ чертти.

Үчөө тең бир дем унчугушпай калышты.

Ушул учурда Садык өзүнүн бир кезде дурус эле комуз чертерин, шаңшытып түзүк ырдарын эстеди. Садык анда ушул балдардай, балким, булардан да жашыраак өспүрүм болучу, дал ошондон тарта чертүүнү да, ырдоону да таштап жибергендигин терең өкүнүч менен оюна алып, Арстанбапка жакын жердеги кыштакты, андагы мектепте иштеген учурларын эсине түшүрүп, андан улам ичи эңшерилип кысылыңкы тартты. Аларды ойлобоого аракеттенди. Комузду чертип көргүсү келди, ошентсе эле, көөдөнүн саал кыскан абалы жок болуп кете тургансып турду. Бирок комузду сурап алган жок.

Комузду Садык кийинки окуп жүргөн жылдарында да колго алып көргөн, өзү атайын кастарлап күтүнбөсө да, жатаканадагы балдардын комузун зериккенде акырын кыңгыратчу. Бирок комуздун көкүрөккө муң кошкондой күңгүрөнгөн коңур үнү анын алда качанкы өчкөн сезимдерин кайра ойготуп, күтүүсүз бир абалдарга дуушар кылып жибергенсийт.

Садык азыр бир учурларын эстеди. Жанында отурган эки өспүрүмдөн өзүнүн мындан он жылдан мурдагы жаштыгын көрдү, андан улам көңүлү ноюп, ичтен чөгүп отурду. Ошон үчүн өспүрүмдөр менен сөзү бутактабай да койду.

«Дың-дың-дың»... Садык комузду жай күүлөдү. Анан адаттагыдай беш манжасы менен шартылдатып чертпей, сөөмөй учунда бир-эки кылды тарта, кээде мүдүрүлгүдөй кайруудан жаңылып кетип жатып, алда качан чертип жүргөн басаң бир муңду созолоңку кайрыды. Сөөмөйү илип тарткан сайын тепкенин артынан куткунду билек менен басып, кылдарды титирете озондотуп, кубулуңку муңдуу үн чыгарды.

Күү улам темп алып күчөп баратты.

Ысабек өзүн унуткандай үнсүз катып отурду. Зор кайгы күүсү чертилип жатты. «Көкөй кести...» деди Ысабек өз ичинен. Бара-бара андан айырмасы бар экенин ажыратты. Комуз көмөкөйдө миң толгоно күңгүрөнүп, жаш төгүп жаткансыды...

Садык көптөн кийин комузун токтотуп, дубалга жөлөп койду.

Дым болуп отурушту. Эч ким үн кошкон жок. Көптөн кийин эки өспүрүм чыгып кетишти.

* * *

Ички сезими козголуудан улам түн терендеп кеткенде араң уктаган Садык кеч ойгонду.

Конторага барган соң, өз ишине киришүүдөн мурда аялына кат жазды:

*«Айнура! Мен кечигип кат жазып отурам, шарт ушундай болуп калды. Эң башкысы – иштин баары ойдогудай. Мен силерди эмитен сагынып калдым. Айрыкча кагылайын Саматымды. Ал папам качан келет деп сенин тынчыңды алып жаткандыр. Андан кем эмес өзүң да. Бирок айла жок, али бир жүз көрүшө албайбыз. Иштер ушунчалык көп. Колхоздун чарбалык жыйынтык чогулушуна чейин алдыдагы жылдык өндүрүштүк планды түзүп бүтүүм керек.*

*Жаным Айнура, мен абдан кубанычтуумун, анткени самагандай жерге туш келдим. Колхоз областтагы оозго кирген чарбалардын бири экен. Даңктуу кишилери көп. Бир нерселер үйрөнүүгө, көз ачылууга болот ко деп үмүттөнөм. Сен ойлочу, менин максатым ушул эмес беле?*

*Айтмакчы, жазга чейин тура турууга бирөөнүн жаңы бүткөн эки бөлмөлүү үйүн алып беришти. Ээлери жаман кишилер көрүнбөйт. Сен эми бошонуу жөнүндө сүйлөшө бер. Мында он койкалык стационардык ооруканасы бар экен, врачы менен сүйлөштүм, байкаштырып көрөрбүз дегенсип калды. Кыскасы, кайсы убакка үлгүрүп келсең да, орун болуп калардай.*

*Нюра, Саматты көп ыйлатпа. Анын эки бетинен мен үчүн өөп кой.*

*Садык 19... жыл»*

Кийинки бир нече күндө Садык колхоздун экономикалык расчеттору менен таанышты. Айрым маселелердин жөнжайын такташ үчүн райондук айыл чарба башкармасында болуп, башкы экономист менен бир нече кеңешип, консультациялар алды.

Садыктын алдындагы эң оор иш – колхоздун технологиялык планынын негизинде жылдык өндүрүштүк планды түзүп алуу. Ага карата айрым делолор менен таанышып, көп даярдык иштерин жүргүзгөн менен да

планды түзүүгө конкреттүү кирише алган жок, анткени колхоздун өндүрүштүк күчтөрү, өндүрүштүк куралдар колхоз башкармасы тарабынан жаңы жылга бригадаларга бекитиле элек эле, экинчиден Садыкка башкарма тарабынан шашылыш түрдө бүтүрүүгө тийиш болгон башка иштер тапшырылды.

Эми Садык кызматына белсенип киришип кетти.

Ал өз ишинин эң жоопту иш экенин билет, анткени экономист колхоздун мээси болушу керек... Эртеңкиге карата туура жүргүзүлгөн экономикалык расчеттор аркылуу гана колхоз ишенимдүү жогорулап жүрө алмак. Ансыз сокурларча иштей берген иште чарба бирде дөңгө чыкса, бирде паска түшүп кетиши ыктымал. Өнүгүүнүн ритми бузулушу мүмкүн. Андан калса экономист өндүрүштүк пландарды гана түзбөй, ар бир иштин аякталышы менен чарбалык расчетторду жыйынтыктап, кетирилген каталыктар болсо бетин ачып, анын дагы кайталанбасы үчүн алдын ала эскертүү чараларын иштейт. Агроном, зоотехник, инженер механик сыяктуу колхоз адистери менен бирдикте пахтачылыктагы түшүмдүүлүктү, мал чарбачылыктагы малдын башын арттыруу, азык-түлүгүн көтөрүүнүн көп жылдык перспективаларын изденет. Адамдардын өндүрүшкө коомдук мамилелерин изилдейт, аны тартиптештирүүнүн жолдорун табат...

Экономисттин үлүшүнө мына ушундай маанилүү иштер туура келерине карабастан, колхоздун ушул убакка чейин экономисти жок болчу.

Башкы бухгалтердин бөлмөсүнөн берки чоң бөлмөдөгү алтоо да бухгалтерлер, бири расчет боюнча, экинчиси инвентарь, үчүнчүсү механизация, төртүнчүсү эмгек боюнча андан кийинкиси дагы-дагы башка тармак боюнча. Ал эми алардын улагасындагы бурчта отурган жалгыз экономистики – Садыктыкы. Өнөр жай ишканаларында болсо, саны жагынан бухгалтерлерден кем эмес экономисттер иштешет, аларга иш табылмак турсун башынан ашат.

Областтык айыл чарба башкармасынан бул колхозго кол кат алып жүргөн күндөрдө «колхоз мени албай койду» деп жүргөн жаш адистерди көрүп «тим эле барган жер көңүлүнө жакпай калып ошо шылтоо менен башка жакка баргысы келген немелер го» деп ойлогон эле ичинен. Ал эми бүгүн болсо, чын эле айрым колхоздор экономистти ашыкбаш, кыларга иши жок катары эсептеп, албай койгонуна да күмөнсүбөй калды. Бул маселелер үстүндө ал кийинки күндөрдө көп ойлончу болду, анткени колхоз башкармасынын оюна койсо, Садыкты колхоз чечимдерин, сводкаларын райондук айыл чарба башкармасына жеткирүүчү, андан алардын чечимдерин, кагаздарын колхозго ташып туруучу жүгүрүк балага айлантып алып, ал эми өз ишинен четтеп кеткендиги менен эч кимдин кейиши болор эмес. Садыктын андай маанилүү, аны ойлонтор, издентер иши барбы? Же ошентип иштей берсе деле болобу?

«Жок – дейт Садык дайым бекем чечимге келип, – мен өз ишимде иштешим керек».

Күн өткөн сайын Садык бул маселелер жөнүндө көп ойлонууга мажбур боло берди.

* * *

Бозуланов биринчи терең кар түшкөндө келди. Фермага алар кар боройлоп жаап турганда атчан барышты – үчөө тең атчан болучу – эң алдында раис Байдылла Балтабаев; кара куйрук, кара жал тору айгырдын үстүндө кара жүздүү парткомдун биринчи секретары Бозуланов Токтор; эң артында үстү-үстүнө теминип Садык. Колоттордон фермага жакындай берген кезде олоң кар аттын колоңсосуна чаба берди. Кыраң жонду ашып эңкейгенде кең өрөөн көзгө тартылып, колхоздун мал кыштоолору карарып жатты ар кай жерде.

Алар эң мурун саан уйлар турган стандарттуу имараттын алдына түшүштү. Алдыларынан утурлап эң биринчи

болуп жүзү кара көк тартып, өзү томолонуп семирген парторг Черик Чокоев чыкты. Жаш баладай кубанычтуу күлүп, Бозулановдун атын жылоодон алды.

– Сен ушердесиңби? – деп Бозуланов өзүнүн белкурчоосунан саал эле өйдө келген пакене парторгго жүзүн бурду. Анан башка бейтааныш адамдарга баш ийкеди.

– Коммуннсттер ар бир мал короосуна бекитилген, парторг эң жооптуу участкада – саан уйларда,– деди раис алдын ала Бозулановго түшүндүрүп – Кыйналганыңыз жокпу?

Байдылла сулуу жүзүнө жарашкан жылмаюу менен күлүп койду.

Моюн улабай эле эки ийнине башын жабыштыргандай жыкжыйган Чокоев баштап сарайга кириշти. Сарай ичи таза, тартиптүү болучу. Эки катар уй байланып, алардын ар бири тор менен бөлүнүп, ар бирине өзүнчө акур, акурдун маңдайында суу иче турган тебши – керек болгондо уй тебшинин ортосундагы кичине жалпак тилчени мурду менен басса, шыркырап суу куюлуп, тебши толо чыгат. Уйлардын алды такта пол. Алардын үстүнө да жука кылып топон себилген. Ортолук менен жүргүзүлгөн вагонеткалар аркылуу алардын кыктары уламкысы улам сыртка чыгарылып турат. Ар бир уйдун үстүндө электр лампочкалары...

Бозуланов иштин мынчалык жакшылыгына, тартиптүүлүгүнө аябай ыраазы болду. Ал улам ар бир көрүнүштү, уйлардын багылыш шарттарынын ыкы-чыкысына чейин сурап жатты.

Элтеңдеген шашма завферма улам жаңылышып жооп бере албай кызара түшкөндө, Бозуланов токтоосуз өзү айтып берип, ар бир мүмкүнчүлүк сайын өзүнүн зоотехникалык билимин белгилей кетүүнү унуткан жок.

Анын кесиби боюнча зоотехник экенин Садык Балбаков кечинде эле билген.

Ар бир уйдун маңдайында табель китепчеси тартип менен илинип турган болуучу: анда уйдун кличкасы, жашы,

качан букадан качкандыгы, өткөн жылдагы, андан аркы жылдагы саалып алынган сүтүнүн өлчөмдөрү жазылган. Дагы бир барагында уйга бериле турган тоюттардын өлчөмдөрү, аттары көрсөтүлгөн.

Жай баракат гана кепшеп жаткан шаа мүйүз күрөң уйду Бозуланов тегерете карап турду да, жонунан акырын таптап тургузду. Күрөң уй эки капталын салаңдата онтоп араң козголуп мурдун чүйрө керилип күшүлдөп койду. Анын жамбашындагы сарала болуп калган азыраак чыланы Бозуланов артында ээрчип жүргөн жашыраак кырдач мурун Зыйнатка көрсөттү. Аял кызарып уяла түшүп маңдай жаккы бурчта турган ящиктен щетка, ылата алып сүртүп тазалай баштады.

Сарай ичинде ар кандай ураандар, схемалар жазылып илинип коюлган эле: *«Бардык мүмкүнчүлүктү милдеттемени аткарууга жумшайбыз!», «Белгиленген план – биздин максат!»*

Байдылла Балтабаев жылмайышынан жазган жок.

– Биздин жаңыдан жанып келаткан маяк, таанышып коюңуз – деди Бозулановго алиги кырдач мурун жаш аялды тааныштырып, – Зыйнат Закирова!

– О, абдан жакшы. Өзүңүздү билбесем да, атыңызды эң жакшы билем.

Сиз сүт саап алуунун өлчөмү жагынан жаңылбасам, райондо үчүнчү орундасыз го, Зыйнат? – деди Бозуланов өзүнүн так билгенин баса айтып. – Кана, иштериңиз кандай?

Кырдач мурун Зыйнат кызарып уялып кетип, анан сөзүнөн мүдүрүлө түшүп, саап алган сүтүнүн өлчөмдөрүн айта баштады.

– Быйыл да убадаңыздай болобу?

– Албетте, колдон келишинче аракеттенебиз.

Анан Бозуланов менен Балтабаев улам жаңы малчы, саанчы менен сүйлөшүп нарылап басышты.

Күн мурун келип бардык ишти тартиптештирип жүргөн парторг Чокоев тигилерди бир чыныдан чай ууртап алууга чакырды.

– Саан уйлардын багылышы жакшы экен. Дурус, дурус... – деди Бозуланов жаңы салынган бул жылуу жана жайлуу сарайды дагы бир жолу тегерете карап.

– Быйыл сүт планды эң кеми 120–130 процентке жеткиребиз деген үмүт бар.

Раис саал сыймыктуу унчукту.

– Ал турган сөз, – деди таш мылтыктай чыккан үнү менен парторг.

Бозуланов тактадан олдоксон сомдолуп, бир жагына саал кыңырайган эшикке коопсунгандай акырын аттап кирди, кемегенин жанында турган алиги кырдач мурун саанчы Зыйнат ырайымдуу кабыл алды. Сандалдын төр жагында суук тийип көк маңкасы саал баш баккан жарым жылаңач 3–4 жашар бала баш чыгарып, нан чайнап, отурат. Андан кичирээк экинчиси кемегеге толтура басылган кашектин табына кактанып, тарсайган курсагын кызыл ала чыт кылып, кирген кишилерден саал чочуркап үнсүз үтүрөйдү.

Үй бир гана бөлмө болучу: паксалап урулган дубалы шыбалган эмес эле, бир кезде мал байланса керек, төр жактан кык чыгарчу тешигин колек менен бекиткени билинип турат. Бийигирээк орнотулган кичирээк төрт көз терезенин эки көзүн эки каттап газета чаптаптыр. Жерге бакал төшөлүп, үстүнөн таар салынган.

Баятан казанда бүлкүлдөп бышып турган тооктун эти коюлду дасторконго. Бозуланов оокатка анча көңүлдөнбөгөнсүп, тооктун бир санын акырын чымчып алып, эрдине тийгизбей этияттап тиштеп жей баштады.

– Катуу суук болуп турат,–деди пакене Черик чөнтөгүнөн бир шишени ала коюп, көчүк талаштыра лүк эттире бир муштап.

Садык түк сөз кошкон жок. Ал тетиги балдар жөнүндө, Зыйнат жөнүндө, анын иши жөнүндө, алиги шаа мүйүз күрөң уй жөнүндө ойлоду.

– Зыйнат, быйыл сен райондогу маяк саанчылардын көбүн басып өтүшүң керек,–деди Балтабаев тооктун жилигин мүлжүп жатып.

– Ким билет, эми аракеттенебиз,– деди Зыйнат, кызара түшкөндө кырдач мурун ак жуумал жүзү сулуу болуп.

– Жетесиң. Куп деп кое бербейсиңби? Эсен болсок көпкө жетесиң,– деди Байдылла ийгиликтин ачкычы өз колунда экенинен кабар бергенсип...

– Аракеттен, Зыйнат, сени биз маяк деп тааныйлы,– деди чыгып баратып Бозуланов, бул суук бөлмөдөн тез кетүүгө ашыккандай

* * *

Садык менен Тумалай адаттарынча бир нерселерди талашып отурушунда, эшик шарт ачылып, анан аппак тиштерин кашкайта күлгөн Алима, анын артынан кызыл беттүү, жоон башкы инженер Тагай Пирматов кирип келишти. Ал экөө тең ар кай жери темгил ала кара май болгон комбинизон кийишкен эле. Конторадан төмөнүрөөктөгү мастерскаядан чыгышканын өз кейиптери сүратпай эле айтып турат. Кирер замат күлүп жиберишти. Садык да күлдү. Бир сөз айтылбаса да алар эмне үчүн күлүп жатышкандыктарын өздөрү билишет. Кечээ мастерскаяда Садык менен Алима бир сөз талашып мелдеше кетишип, Садык жеңип чыккан.

– Болуптур эми, жүргүлө үйгө,– деди Алима.

Садык токтоосуз алдын алды:

– Жок, биринчи жолу тамаша боюнча калсын.

Иштин жайын түшүнө калган Тумалай саатына карап, илинүү турган плащын алып унчукту:

– Чакырган жерден калбагын, өзүң басып барбагын.

Алиманын жасалгалуу мейман бөлмөсүндө Тагай, Тумалай, Садык үчөө атлас төшөктүн үстүндө мандаш токунуп жай сүйлөшүп отурушту. Алдыларында дасторкон – көк шишедеги арактан жүз граммдан ичишкен соң Тумалайдын сөзү көбөйүп, кеп кайсы багытка бет алса да, дал ошол жердин үстүнөн чыгып калды. Садык анын

кебине көңүл берип, кээ жерде өз оюн кошумчалайт, бирок Тумалай өз сөзүнө бекем.

Жоон Тагай болсо көкүрөгүн дагдайтып үнсүз, тигилердин сөздөрүнө анча деле кошула бербейт. Алиги жүз граммга, кыязы, ал чымын чаккандай деле болгон жок. Ал көп ичүүнү, негедир, эзелтен эле каалабайт. Эл ичинде кадыр-баркы, ишинде өз орду, сөзүндө өз ою бар жигит. Колхоз активдеринин чогулушунда да кыжы-кужуга көп катышпайт, бирок ошолордун ар бирине өз ою бар. Керек болуп калса өз оюн бир айтат, ал ою колдоого алындыбы же иш башка багытта чечилип жатабы, мейли, кайра мындай деп талашпайт. Бирок, кантсе да, баары бир, ошол пикиринен кайтпайт. Байдылла Балтабаев да активдер ичинен мунун пикири менен бир топ эсептешет. Ага Тагайдын жаккан жери – өз оюн айтат, бирок анын артынан бекем түшүп талашпагандыгы. Тагай өз оюна бекемдигинен, туура сөздүгүнөн улам, элдин ишенимине жетип, бир кездеги үчүнчү класс шоферлуктан өсүп отуруп, ондогон автомашина, трактор, эсепсиз көп айыл чарба машиналары бар колхоздо башкы инженер болуп отурат. Ал, албетте, эң мурун карапайым эле пахтакер, анан шофер, кийин биринчи класстагы шофёр, анан дагы-дагы. Мына азыр шаардагы Айыл-чарба техникумунун айыл чарбасын механизациялаштыруу боюнча бөлүмүндө сырттан окуйт. Мына, быйыл өзү менен кошо, Алиманы да үгүттөп барып, агрономия бөлүмүнө өткөрүп койду. Кол алдындагы башка механизаторлорго да өз кеңешин көп айтат. Кээси «куда кааласа, келерки жылы... наркы жылы» деп бел байлап калат, кээси дароо эле кол шилтейт «Казга теңелип карганын буту сынган экен, Алима экөөңөргө теңелебиз деп ара жолдо маскара бололубу? Сен болсо башкы инженерсиң, раистин ишениминдеги адамсың, сен үчүн ал эч кызматын аябайт. Ал эми Алиманын болсо төшүндө ордендери бар. Түшүнүктүүбү?»

Тагай шашпай ойлуу туруп жооп берет. Баары бир, тигинин айтканына макул эмес: «Жалкоонун шылтоосу көп» дейт да, андан ары үгүттөбөйт.

Тагай азыр да Тумалайдын кыжы-кужусуна адатынча кошулбай отурат.

Алима болсо кээде дасторкондун четине бир аз тизе бүгүп, чыныларга чай куюп, анан сырткы үйүндө оокатка кам урган картаң апасына жардам берип жүрдү. Үй ичинде жеңил кийинип, эки бөлөк кылып өргөн уюлгуган коңур чачын сайма допунун үстүнөн ороп түйүп алган үчүн демейки жүргөнүнөн өтө эле карапайым да, жаш да көрүнөт. Манчалары темир датынан, карамайдан териси калыңданып жоон тарта түшкөнүнө карабай, идиш-аякка чып-чып жабыша эптүү, кыймыл-аракети ритмдүү да учурагансыйт Садыкка. Алиманын ийиндери, сыйда көрүнгөн ак тамагы жумуруланып эми толуп келаткан денесинен, эч кандай оорунун сыздаткан азабын сезип көрбөгөндөй наардуу таза жүзүнөн, кандайдыр алда качан жоготкон жакындыгын, табигый бир кымбат нерсесин, алда качан унутуп, бирок дайыма күдөр үзбөй жүргөн эңсөөсүн көргөндөй болот. Өз кезегии өткөрбөй сөзгө аралашып, анан астыртан эч кимге байкатпай, Алиманын жүзүнөн көрүп турган алиги кармалбас жакындыкты карайт. Ал жакындыкты азыр мына бул деп өзү да айтып бере албас эле, бирок аны бир табигый сезүүсү менен туюп отурат.

Жагымдуу буркураган жытын өрдөтүп палоо келди алдыга.

– А, айланайын, палоо,– деп Тумалай жутунганда терисин жарып чыгардай чорчоюп турган кокосу өйдө-төмөн жылып кетти.– Сени кандай жакшы көрөбүз, бирок кампабыз толо эмессиң.

– Эмне үчүн? – деди Садык.

– Жер жок,– Тумалай оозуна сугунган палоосун тез-тез ирмеп жиберип унчукту,– жер деле бар, бирок раис көп кызыкпай атпайбы...

– Эмне үчүн?

– Эмне үчүн дей бермей адатың бар экен, Садык үкам. Колхоз даңкын көтөрөр шалы эмес, пахта! Раиске пахта кызык.

– Кызык, элдин талабы, керектөөсүчү? Кеп эле даңкта бекен?

– Э! – деп Тумалай колун тез-тез жаңсап коюп палоодон сугунду.– Раисти үгүттөсөң,– деди ал Тагайга.

Тагай жооп берүүдөн мурда манчалары менен палоодон ныктап тайлак таман кылып алып, мазе кылып чайнай берди.

– Үгүттөөнүн эмне кереги бар? – деди Садык өз сунушун ортолукка кошуп,– демократиянын пикири катары эле талап кылыш керек.

– Э үкам, демократия деген каякта өзү?

Садык Тумалайдын жүзүнө тике карады. Ал Тумалай муну билбегенинен сурап жатпаганын да түшүндү. Ошон үчүн ал да кекетип кайра сурады:

– Болжобой эле билемин. Бийлик кимдин колунда болсо, демократия ошонун колунда, аны сени менен менин ортобузга салып бербейт, үкам.

Тумалай арык мойнун кыржык эттире, сүйрү башын эчкеп, боз чалгандай мокок көзүн кысып койду.

Алима шаңкылдаган ачык үн менен күлүп жиберди. Ал чынында Тумалайдын сөзүнө эмес, анын кейпине күлгөн эле.

Тумалайдан күтүүсүз сөздөрдүн шарт-шарт чыгып кеткенин Садык көп жолу угуп жүрөт. Ага таң калбайт. Бир-эки жолу Тумалайдын жөн-жайын сурады эле, тиги айтпай койгон:

– Ээ, үка, турмуш жолунда темтеңдеп биз да келатабыз. Аны билүүнүн эмне кереги бар. «Билемин дедиң тутулдуң, билбеймин дедиң кутулдуң...»

Ошон үчүн Садык аны менен эч нерсе талашкысы келбей, Алимага кошулуп бир аз күлүп койду.

Садык баарынан мурда колун майлыкка сүртүп чыга берди эле, ага болбой Алима кыткылыктап тамашага чаланыктап басып, өз колу менен палоо сугунтту. Садык да көп тартынбай палоону сугунуп жатып, кол учун атайылап тиштеп койду. Алима жалт бурулуп тик караганда курч көзүнөн кандайдыр бир күтүүсүз сезим жылт этип өтүп кеткенин Садык жазбай окуп калды. Ошондон соң Алиманын жакшынакай ууртунда кандайдыр көзгө илинбес жумшак жылмаюу турду. Анын өзү Алиманы акактай таза, эч кандай ыдык көрбөгөндөй, табигый кылып көрсөттү Садыктын көзүнө. Садыктын көңүлү комуз кылындай күүгө келип, кыял мас отурду.

– Кош эми, Садык, биз төмөн кетебиз. Сен жогору...

Тагай көкүрөгүн дагдайта кол берип, Тумалай экөө сыртка кетишти. Алима аларды узатып чыгып кайра кирди.

– Эми мени узат,– деди Садык Алиманын жүзүнө карап.

Алиманын курч көздөрү Садыкты тик багып карай албай, кыймыл-аракети да баягыдай эмес, баш-аламан боло түшкөнсүдү. Садыктын жүрөгү туйлап кетти: анткени дал ушундай кадиксиз – жаратылыштын өзүндөй табигый жүз бир кезде бет алдында бир аз уялыңкы, балким сүрдөңкү, токтой калган учур анын көкөйүнө тамга болуп басылып калган, мына ошонун кайра жанданып кетишинен пайда болгон күчтүү сезим бүткүл рухун бийлеп кетти. Садык Алиманын жумуру ийиндерин карылуу колдору менен акырын кармап бери тартты да, төшүнө жапшыра кучактап, жумуру тарткан ууздай алкымынан жыттап өптү. Алима болсо кандайдыр таттуу сезимден саал-саал энтиге, бир бутунун тизеси болор-болбос калч-калч этип, Садыктын көкүрөгүнө боюн таштаган калыбында бир аз унчукпай калып, анан бетине суу сепкендей эсине келип, Садыктын көкүрөгүнөн түртө энтигип унчукту:

– Кантесиз...

Садык эсине келе түшүп, айланасына жалт карады.

Алима терезенин түбү жакка алыстап басып кетти. Балким ал артынан барып, дагы акырын кучакташын каалады беле, ким билет.

Садык күтүүсүз бир жаман абалга келе түштү. Ал эшикти шарт ачып сыртка жөнөдү. Алима болсо анын артынан чыккан жок.

Алима өзүн өзү токтото албады: эрдин тиштеп туруп керебетине көмкөрөсүнөн жыгылды. Анан эки капталын бүлкүлдөтө солуп ыйлап кирди. Бул кубанычтанбы, же ызасынанбы – айтуу кыйын эле. Ал көпкө чейин баш көтөргөн жок.

Алима өксүк өстү. Тиричиликтин кадырын тогуз-ондогу секелек чагынан эле эрте түшүнүүгө аргасыз кылды турмуш шарты. Эстүү-баштуу, бирок катуу оорукчан энеси бир үйдүн ички, сырткы түйшүгүнө илдекер кылып кызын жумшап, өзү баш-көз болуп турду. Тетик кыз да чыйрак өсүп, көр оокаттын гөй-гөйүнө эрте такшалды, иши кылып, жоонун жонуп, кыскасын улаган ушу секелек кыз болуп, анын аракетинен улам бир үйдүн тиричилиги кыймылдап турду.

Жылдар өтө берди. Алима башка кыздардай жетини бүткөн соң, кызыл-тазыл кийинип, тээ жогорку орто мектепке барып окуй албай да калды. Ал бригадирге барды. Чигит эккен талаага чыкты, гозо чапты, пахта терди. Катарындагылар аны баласынтып аёо менен карашты – иштин жеңилирээк жагына шылгоого аракеттенишкендиктерин байкачу. Кыздын тетиктиги, ар кандай иштин өтөсүнөн чыга алары көзгө түшпөй койгон эмес. Бара-бара ал өз ордун тапты, он алты-он жети жашында бригададагылардын бардыгы менен тең ата болуп оозго кирип кетти. Чоң адамдар менен тең кадам таштап жүргөндүктөн улам, айрым ойлор башына эрте түштүбү, кантсе да ал эр жөнүндө эрте ойлонду. Ар бир

үйдөн чыга калган эркек тегирмендин турумундай, ошол үйдүн туруму болуп көрүнүп, ал эми ошол үйдүн тиричилиги ага таянуу менен жепжеңил айланып жаткандай сезилчү. Ал өз үйүнөн кандайдыр бир эркектин мурут сылап кирип-чыгып туруусун эңсечү. Жыйырма бир жашында зарыгып нике көрдү, бирок бактысы үч-төрт айдан ашкан жок.

Бир кезде ийининен басып онтоткон тиричиликти Алима өз туруктуулугу менен, өжөрлүгү менен жылоолой алды. Азыр ага эмне жетпейт? Нанбы? Кийимби? Жок...

Алима жыйырма жетиге кадам койду.

Мына азыр бирөө башка чапкандай үнсүз чыгып кеткен кызыл жүздүү, москоол жигитти биринчи көргөн күндөн тарта жүрөгүндө бир түрдүү сезим пайда болуп, басса-турса оюна алып жүргөн жок беле? Эмне үчүн ал минтип жоопсуз чыгып кетти?..

* * *

Садык эки саатка жакын белестер ашып атчан ура жүрүп, салаа-салаа болуп суналып жаткан кең адырдын арасындагы өзүнө тааныш Төлбергенов Аттокур чабан болуп иштеген кой короолорго жетти. Улам сээлдеп, кайра жаап турган суу кардан улам жолдор тоңбой Садык минген чабал тору колот өрдөгөн баткак жолдо буттарын араң тартып баратты.

Төлбергенов Аттокур азыр республикага чейин таанылган чабан. Садык жол ката ушул шашмалап сүйлөгөн кызыл бет жапалдаш чабан жөнүндө эстеп, эки ууртун эки кулагына жеткире жылмайышын көз алдына келтирип, андан улам анын иши, анын бактысы жөнүндө ар кандай ойлорго аралашып келе берди.

Короодо туутка байланыштуу бөлүнгөн сакманчылар, дагы бир топ жардамга жиберилген адамдар бар эле: айрымдары сарайдын төркү жагындагы кашаада турган

желини жеткен койлорго чөп чачып жаңы туугандарын бөлүп, баласын жериген айрымдарын зордоп кемечке алып козусун жайгызып, дагы бир нече аялдар кара желин тууган энесинен сүт чыкпаган козуларга упчу менен сүт берип убараланышып, короо ичинде кым-куут иш убагы экен.

– Кел, карап турба. Сен коммунист, бекитилип келдиң, эми короодо чыгым болбойт,– деди баткак кече кыйыктанган койду жетелеп келаткан Тумалай адатынча какшыктап. Ал тебетейин колуна ала койгондо соксойгон башынан көк булоо көтөрүлүп турду.

Садык Тумалайдын кер какшыгына көңүл бербей, короо ичин тегерете карап, өз ичинде али чилденин чыгып-чыга элек катаал учуруна туура келген туут кампаниясынын маңызына анча түшүнө бербей, өзүнчө ойлонуп дендароо токтоп калды.

Садыктын үлүшүнө койчу Шалпыкка тике жардамдашуу тийди.

Бир бетин кагын алып карарып кеткен Кара дөбөнүн боорунда койлор абдан чачкын жайылып, койчунун элеси тээ кыраңдан көрүндү. Садык түз эле койчуга бармак болуп тике салды эле, астынан тоң али кетпей, жамгырдан бети шылбыраң боло түшкөн сыйрылмада ат тайгаланып баса албады. Дөбөнүн тескей тарабына айланып, ойкукайкы кайрып, отуруп, койчунун арт тарабынан чыкты. Зоңкол таштын түбүндө эңиле тоңкоңдоп убараланган ташбакадай жалпак койчу Шалпык Садыкты байкабай калып, салам айтканда гана баш көтөрүп, кемтик тиштерин көрсөтө жылмайып алик алды. Улам токтоп кайра жааган жамгырдан кыска чапаны, кара тебетейи сыгып алма суу болуп, эски кирзовой өтүгү бөлбүрөп кеңип кеткен. Ал колтугундагы кичинекей приемнигин чукулап жатты.

– Э кокуй, чепкенсиз чыкканың кандай, жаанда?

– Эки кой тууп коюп,– деди Шалпык мурдун шор тартып, зоңкол таштын арт жагына эңиле үңүлүп. Ошондо

гана Садык атын темине таш артына өтүп, Шалпык чоң чепкенине баштарын чыгара ороп койгон телчиге элек үч кызыл эт митис козуну көрдү.

– Бу кандай,– деди Садык чочуп,– туба турган койлорду короодо калтырбайсыңбы?

– Желини жетилгендерин калтырабыз. Кээси ушинтип кара желин тууп коёрун ким билсин?...

– Энелери кайда?

– Тигине, жайылып кетти.

– Эмизбейсиңби?

– Желини болбосо балээсин эмизебизби? – Шалпык колдур сүйлөп кетик тишин көрсөтө күлдү. Колтугундагы приемнигин чукулады:

– Аттокур... Аттокур азыр сүйлөйт...

Диктор «С. районунун «Ак-Таш» колхозунун атактуу чабаны Аттокур Төлбергеновдун малчылардын кеңешмесинде чыгып сүйлөгөн сөзүнө көңүлүңүздөрдү бурабыз» деди.

– Жолдоштор! – деди Аттокурдун үнү, саал үзүлө түшүп кайра чыкты, жазып алганын араң окуганы билинип турду. – Октябрь революциясынын жеңишине чейин кыргыз эли артта калып, эзилип келген эл болчу. Айыл чарбасы да өнүгө алган эмес. Негизги чарба болуп эсептелинген мал байлардын колунда эле. Жут жылдарында алар кырылып калып, ал оорчулуктардын баары бей-бечаралардын башына түшкөн...

Ал улам нарылаган сайын кыйналып окуп, онтолоосу күчөдү. Кээ бир узун сүйлөмдөрдү ал эки-үч бөлүп айтып, ошондон улам таптакыр түшүнүксүз болуп калып жатты.

– Менин короолорум толук бойдон жүйүр төлдөтүүгө өтүшкөн. Эки жылдын ичинде мен ар бир жүз тубар койдон 402 ден козу алууга жетиштим. Жүйүр төлдөтүүнү дагы жакшылап өздөштүрүш үчүн өз короолорумда бардык чараларды пайдалануу үчүн күрөшөм...

Дүркүрөгөн кол чабуулар угулду. Кийими сыгып алма суу болуп, жаагынан түгү чыгып чыйрыккан Шалпык

да копол үн чыгара сүрөп, манчалары колдоюп бүкүр көрүнгөн чоң колдорун талп-талп эттире чаап, жаш баладай арсылдап күлүп кубаттады.

– Азамат… азамат Аттокур…

Садык да ыраазы болду ичинен: «Жүз койдон эки жылда төрт жүздөн ашуун козу… укмуш. Мындан артык натыйжа болушу мүмкүнбү?..» Ал бир паста көңүлүн аралап кеткен жылуу сезим менен ичтен кыялдуу турду.

Садык Шалпыктын кем сүйлөгөн жоош мүнөзүн, эч нерсени ойго алып кайгы тарта бербес жаш баладай жумшак кыялдуулугун абдан жакшы көрүп калды.

Шыбыргактап жааган жамгыр алдында Шалпык өткөн-кеткенди сурап кырандагы зоңкол таштын жанында көпкө турушту. Салмактана самсаалаган кара булуттар бийик чокуларды жанып, жай жылып өтүп жатышты.

Шалпык төрттү бүткөн соң балдар менен шаарга кетип, интернатка киргенин айтты акырын сүйлөп. Кийин атасы базарга түшкөндө Шалпык окуган жерге барат. Эшик алдынан ууруп-чууруп чыгып аткан окуучуларды көрүп «ушунун баары окуп чоң болсо, анда букарасы ким болот? Кой, балам, сен букарасы эле бол. Жүр.» дейт. Эне койнунан чыкпай өсүп, үйүн сагынган Шалпык сүйүнгөнүнөн жатаканасындагы майда-чүйдөсүнө да кайрылбай, атасы менен кошо жөнөп баса берет.

Ошондо кадиксиз туура чечимге келгенине эч күмөнсүбөй Шалпык жоош жылмайып койду.

Садык да бул жаш баладай жөнөкөй Шалпыктын сөзүнө күлүп баш ийкеди.

Шалпык койнуна катып алган кичинекей приемнигинин үнүн катуулатты.

Залдан концертти алып берип жаткан эле: анткени конферансье ар бир номерди айтар алдында мыскыл, какшык айтып, залды дуу-дуу күлдүрүп, анан жарыялайт. Ошондон кийин гана жаз музыкасы коштогон аял үнү экиленип ырдап жатты.

Садык болсо ушул аял азыр ыр менен кошо денесин, колдорун кандай кыймылдатып ырдап жатканын, бир нече ярустуу чоң залда анын бийик амфитеатрында обдула кол чаап жайнап отурган Төлбергенов Аттокурду көз алдына келтирип, өзүн унутуп кыймылсыз болуп калды.

Шалпык да былк эткен жок, бирок ал ырчыны башка элестетти; анын көз алдына көктөм жайлоо келип, ак мөңгүнүн жээктеринен ышкын терип ырдап келаткан кызыл көйнөк келиндер көрүндү.

Шалпык үн кошпой тамеки чегип отурду. Көп убакыт өттү.

– Эми короого айдайлы, – деди Шалпык. Жамгыр аралаш кар да саал күчөгөнсүп, ошондон уламбы, Шалпыктын жаагынын түгү узара түшкөндөй көрүндү Садыкка.

Шалпык суу болгон чулгоолорун кемегенин отуна калап, баятан үнсүз.

– Шалпык, айтчы, койлор кантип өлүп жатат? – деди Садык.

– Эшиктен жыгылып өлүп жатат.

Садыктын кыжыры келип кетти:

– Тамашаңды койчу, айланайын.

Шалпык жүзүндөгү жоош жылмаюуну сиңирип жооп берди.

– Арык. Көрүп атпайсыңбы?

– Жайлоого чыктыңар, жакага түштүңөр, дале арык.

Шалпык Садыктын жүзүнө суз карап туруп, орой унчукту:

– Дагы биз айыптуубуз. Сен эки жылда үч жолу тууп көрчү, өлбөгөнүңдү көрөйүн?

Садыкты бул катуу сөз ызаланткан жок, тескерисинче, күтүүсүз жерден көңүлү ошого бөлүндү болду.

– Башкалардыкы тим эле, сеники ошентип калабы?

– Башкаларды билбейм, меники ошондон… Жүйүр төлдөтүү… жүйүр төлдөтүү дешет да…

– Зоотехника сага эмне?..

Шалпык анын сөзүн бүтүртпөй унчукту:

– Билем мен да зоотехнигиңдин кылар ишин...

– Андай болсо эмне үчүн зоотехниктер, койчулар өздөрү мактап жүрүшөт?

– Мактабай көрсүнчү көрөйүн, – деди баятан уктагандай кыймылсыз жаткан Тумалай чукул баш көтөрүп, – үч жолу туудур дедиби эки жылда үч жолу туудурабыз. Башкача кыл дедиби, кылабыз. Жок, мындай болот дебейбиз. Куп дебесең тутулдуң, куп дедиңби кутулдуң.

– Койсоңузчу, Тумалай аке, бул жерде чирик философиянын тамашасы керек эмес.

– Айланайын, – деди Тумалай ордунан туруп отуруп, – ишенбесең талашпайм. Буудайыңды токтот, жүгөрү эк десе эгип атабыз, экпей койбойбуз. Пахтаны токтот, жүгөрү эк десе экпей койбойбуз. – Тумалай бозоргон кичирээк көзүн кыбың-кыбың ирмеп, бир топко үнсүз туруп калды.

Тумалайдын мындай кайдыгердигине Садыктын ичтен кыжыры ташып, бирок өзүн араң токтотуп, тиштенип ойлуу турду: ушу турушунда ал талашуу керек экенин, айтууга боло тургандыгын, көп далилдер менен Тумалайды ишендиргиси, ошону менен аны жеңилишке учураткысы келди, бирок анте албады. Азыркы учурда ушундай абалдын баарына Тумалай айыптуудай, ал болбосо да, аныкы сыяктуу кайдыгердик – адамдагы кайдыгердик күнөөкөр экендигине өз көңүлүндө талашсыз ишенип, кыжыры ташып турду. Садык андай салкындыкка каршы азыр ар кандай кадамга барууга даяр сыяктуу эле. Анын бул абалын сезе койгондой Тумалай да түк сөз жаңыртып үн кошпой койду.

Бөлмө ичинде бир паска кулак-мурун кескендей мокок тынчтык өкүм сүрдү.

Садык өзүнүн саал кысылыңкы абалынан көптө барып жазылды: Шалпык куюп узаткан чайдан бир-эки чыны ичти, тамеки чекти. Кийим-кечеси кургап, карды тойгон

соң, ал да бир аз ачык сүйлөп, тээ жайлоодо тон жамынып короо четинде уктап жатса, аңдып келген илбирс кой дегенби, иши кылып, секирип басып калганын, кыйкырып турганда гана качып жөнөгөнүн чын жүрөктөн берилип, алда качанкы сезими кайра ойгонуудан аптыга энтигип сүйлөп берди. Ырас эле, бул кызык окуяга Садык да кайдыгер кала алган жок: ал бирде каткырып күлсө, бирде окуя азыр өтүп жаткандай денеси жыйрыла түшүп жатты. Кээде суроолор берди. Анан ал дагы каткырып күлдү. Адам кимди чын жүрөктөн жактырып калса гана, ага карата ушундай кадиксиз таза күлкү туулат, бул күлкү гана эмес, карапайым Шалпыкка карата пайда болгон ички таза урматтоосу эле. Садык муну өзү да азыр байкаган жок.

Садык дагы үнсүз болуп, кемегедеги жалындан улам кызгылт тартып көрүнгөн Шалпыктын жоош жүзүнө карап, анын өзүнө окшогон жоош, бир айырмасы узун бойлуу, арык – Бүбүкан деген иштерман аялын, чоочуркап такыр кишиге жакын келбеген үч баласын эстеди. Алар жөнүндө бир түрдүү ойго кетип, бир топко үнсүз отурду.

– Э Шаке, –деди ал Шалпыкты биринчи жолу эркелете сүйлөп,– Аттокур менен качантан бери бирге иштейсиң?

– Он жылдан бери…

Садык андан ары көпкө чейин суроо берген жок, аз сөздүү Шалпык да үн катпады.

– Экөөңүн коюң жайы-кышы жанаша жүрөт, шартыңар бирдей, а эмне үчүн иш натыйжаңар бирдей эмес?

– Кандай бирдей эмес? Бирдей, болбосо ал мени койчу кылып алып жүрөр беле?

– Кайдан бирдей? Аттокур ар бир койдон 4 килограммдан жүн кыркып алыптыр, а сен болсо 2,5 килограмдан, ар жүз тубар койдон ал 125–130 дан козу алыптыр, а сен болсо 100–105тен козу.

– Мен дайым козу багам. Үч кыштан өткөндө бүт коюмду ага өткөрүп берем. Ошентсе анан жүн, төл анда көп болбой кимде көп болот?

Шалпык кетик тишин көрсөтө күлүп койду.

– Эмне үчүн андай?

Шалпык корс этип копол күлүп коюп сөзүн улады:

– Анын ордени бар.

– Орденге сенин акың жокпу?

Шалпык биринчи жолу сестее түшүп, кайра оозу бошураак унчукту:

– Ал, чабан да.

– Кызык. Чабан болсо эле, азабын койчулар тартып, асылын чабан көрүш керекпи?

– Тартип ошондой болсо керек, кантурда ушундай чечишет ко.

– Ал кандай теңдемечилик? Ар ким мүмкүнчүлүгүнө жараша иштейт, эмгегине жараша алат деген социалисттик принцип бар.

Шалпык бул маселелерге акылы жетип түшүнө бербей, ошондон улам эч нерсе айта да албай, жер карап отуруп калды.

– Ээ, – деди Тумалай дагы сөзгө аралашып, – Садык асмандан түшө калгандай сүйлөйсүң да. Тартип ушундай болуп калган да.

– Андай тартип жок.

– Жок экенин мен деле билем, бирок турмуш агымы бир башка эмеспи.

– Андай агым жок, Тумалай аке.

– Талашпайм.

– Тумалай, өкмөт бар, анын саясаты бар, өкмөттүк саясатты жүргүзүүчүлөр бар. Муну ажырата билүү керек.

Тумалай чыдай албай кайра сөзгө аралашты:

– Албетте, бирок бийликти ким жүргүзсө, чындык ошонуку. Бир нерсе десең айыптуу болосуң. Чоңдор акылдуусунгандарды жакшы көрбөйт.

– Туура эмес, Тумалай аке. Алигидей адилетсиздиктер да дал ошондон чыгып жатат. Беш-алты жан адам кара жанын карч уруп иштесе, үзүрүн бир адам көрсө...

Болгондо да чогулушка кетип, анан мында болсо да, жем-чөптүн камын көргөн болуп чаап жүргөн атка минер киши көрсө... Бул маселеде кайдигер калууга жарабайт.

– Болуптур... болуптур, үкам. Мен талашпайм...– Тумалай эми дубал жакка жүздөмөнүнөн жатып алды да, ошол бойдон түк үн катпай койду.

Шалпык көрпө ичигин жамынып сыртка кетти, ал чабыранын түбүндөгү жыгач чарпаяга жатты.

Садык болсо. көпкө чейин уктаган жок. Башына мурда таптакыр түшпөгөн нерселер түштү...

## III

Садык койчуларда бир аптадай болуп, алар менен эми коюн-колтук алышып калган ченде «токтоосуз түшүп келсин» деген кабар жетти. Түкүрүп качкыдай болгон Тумалай арга жоктон көзүн кыбың-кыбың эттирип кала берди.

Ошол эле күнү кечке жуук чарбанын алдыңкылары, колхоздун жетекчи активдери жана адистер кошулуп областтык айыл чарба кеңешмесине жөнөп калышты. Жөнөй берерде Алима машинанын терезесинен баш багып:

– Садык, сизди тигинде күтүп атышат, – деди.

– Кимдер?

– Жапактар.

Садык шашылыш жетсе жалпак бет Жапак бухгалтер аттын тишиндей эндүү тиштерин көрсөтө жылмайып, өзүнүн сур «Волгасынын» рулунда экен.

– Отур, сенин ордуң мында.

– Эмне үчүн?

– Отура берсең, отур дегенден кийин...

Алимадан башка дагы жыкжыйып томолонгон парторг Черик Чокоев жана бир киши сыгыла жайланышып, шаарды көздөй бет алышты.

Жапак рулду бек кармап, эки көзү тикчийип асфальт жолдо болгон менен, оозу тынбай апенди айтып, кыран-

катқы күлкү басылбай, шаарга жеткендерин да билбей калышты.

Алар шаардын бак-шактуу жериндеги рават дарбазадан жемиш бактуу короого кирип барып токтошту. Фундаменти бийик көтөрүлүп, верандаларын айнектете, кызыл тунике менен жаап, жаңы салынган үйдөн узун жаак, токтолгон аял жүгүрүп чыгып, баш ийкеше саламдашты.

– Жакшысызбы эже? – дешти беркилер үн чыгара учурашып.

Жети-сегиз бөлмөдөн турган таптаза үйгө кирип, жерге узата салынган төшөк үстүндө мандаш уруна, дубалга сүйөнө отуруп калышты.

Жапак сыртка чыгып жоголду. Дарбыздай тоголонгон Черик кичине кыңкайганда эле «кыр» этип уйкуга кетти. Алима алиги узун жаак аял менен кобурашып сыртта.

Садык короого чыкты. Караңгы түшүп келаткан эле. Шаар ичинде кар кетип, суук да жок болучу.

Жапак менен жашыраак бир жигит алманын ачасына толорсугунан илип алып, кой союп жатышкан экен. Садык бул абалды түшүнбөй, сугулуп сураштан батына албай, короодогу узун отургучтун бир башында тамеки чегип, үнсүз отура берди.

Качан гана Алима жанына келип отурган соң билди, мындагы шарттын жайын.

– Раис беш-алты мейман чакырып коеюн деген го, ушу чогулушка келген кишилерден, – деди Алима ууртундагы болор-болбос жылмаюусу кетпей, Садыкка кыйгач тиктеп.

– Ушу бөтөн жердеби?

– Кандай бөтөн? Бул короо биздин раистики эмеспи.

– Мен билген эмесмин.

– Өз колу менен салдырып, анан тиги саал алысыраак эжелерин киргизип койгон. Тетиги кой союп жаткан бала ушу аялдын уулу. Шаарда шофер болуп иштейт.

Бул короо Байдылланыкы экенин билгенден кийин Садык дагы көпкө тегерете карап, өзүнчө бир жакшы ойлорго келди. Бул кишинин турмушка ар тараптан көз карашына, турмуштун кайсы булуңунда болбосун, өзүн суудагы балыктай эркин сезгендигине, анын турмушка болгон мамилесинде кандайдыр катуу чындык тургандыгына терең көңүлүндө суктануу менен отурду. «Мүмкүнчүлүгү болгон соң шаарда да үйү турганга не жетсин? Төрт-беш уул, кызы бар. Аларды окутуп тарбиялашы керек. Шаарды да, кыштакты да жакшы билген адамдар болуп өсүшсө кана. Өзүнө деле эртең, бүрсүгүнү карылык деген келет, күтүүсүз кырсыктар туш болушу мүмкүн адамга. Шаарда туруу зарыл болуп калар. Эмне деп болбойт?

Аны айтпаганда деле, азыркы кезде район, облус деп, же колхозго кем-көс издеп талаа түздө жүрөт. Качанкыга чейин эле эрте-кечте мейманканадан баш калкалап чырым этер жай издеп отурат, өзүнө тапса шоферуна жок. Мунун баары жөн өтүп кетер нерселер эмес да. Деген менен адамдын жанына тиер нерселер... Адам ак иштеген соң, өз ак мээнетинен өз жанына, башкаларга ажаты бар иш кылып койсо жаманбы? Жок, жок. Бул азаматтык, адамгерчилик... Ар кимдин эле колунан иш келе берсе кана!..»

Рават дарбазадан шуу этип эки жеңил машинанын кирип келиши Садыктын кыялын бузуп жиберди. Машиналардан алты-жети савлеттүү адамдар түштү: Садык калдайган бети сөөктүү Токтор Бозулановду жана райондук аткаруу комитетинин председатели чыкчыйган чугу чак, бети да алакандай көрүнгөн Шатман Алдосовду гана тааныды. Калгандары бейтааныш эле.

Балтабаев меймандарын ичкерки үйгө киргизип, кайра чыга бергенде бетме-бет келди Садыкка:

– Келдиңби сен да, – деди эми сарасап салып тиктей калып.

– Ооба, тиги Жапак акелер...

Садык негедир ыңгайсыздана түшкөндө Байдылла сергектик менен анын ички абалын биле койду:

– Мен өзүм айткамын, сени башкалардан бөлүп ала баргыла деп. Ырас келипсиң.

– Ыракмат, аксакал.

– Үйгө кирип меймандарды кепке сала отур.

Узата коюлган стол үстүнө күн мурун даярдалган муздак тамакка да анчалык көңүл бурушпай, бир-эки чыныдан ысык чай уурташып, бирок ашыкча сөз кошушпай меймандар кандайдыр тунжураган официалдуулукта отурушкан эле.

Балтабаев улам сыртка чыгып, кыязы, оокат-ашка баш көз болуп, кайра кирип тост көтөртүп, алардын ар бир сөзүнө сергек көңүл бөлүп озунуп күлүп, шайыр отурду. Ичимдиктен улам анын сулуу жүзү кыпкызыл болуп тамылжып турган эле.

Бир-эки жолу курч аскиядан кое берип, элди дуу-дуу күлдүрдү. «Баке», «Баке» деп кызуу нерселер бири-бирине конок бербей, ага кайрылышты. Байдылла болсо алардын эч кимисин таштабай, ар кимисинин сөзүнө сергек жооп берүүгө үлгүрөт.

Бозуланов кайсы бир райондун парткомунун секретарын мал кыштатуунун начардыгына байланыштуу жакында кызматтан алгандыгын айтты.

– Албетте, – деди Алдосов жылтыраган кара чачын салаалап артына тарап коюп, – ошону менен анда иш деле жакшырып кеткен жоктур, анткени – андай шарт мурдатан даярдалып калган. Анын жалгыз колунан эми эч нерсе келмек эмес.

– Жок, жок, –деди Бозуланов баш чайкап, – таптакыр иштиксиз мамиле кылган да. Болбосо алдын алса болмок.

– Сиз азыркы шартты айтып жатасыз, балким, ал туурадыр. Бирок ал келечеги зор партиялык кызматкер болучу. Жаш эле... – деди Алдосов.

– Жок. Боз баш экен. Эч нерсе колдоно албай отуруп калыптыр.

– Колдонгондо эмне кылмак эле эми?

– Тапшырмалар берип, көрбөйбү чараларды? Аткара албайбы, таппайбы айыпкерлерди? Баары өз колунда турган жокпу?

– Кеп эле бирөөлөргө түртө салып, өзү кутулуп кетүү эмес да. Жакшылыкты тең көрдүм эле, эми жамандыкты да кашкая тең тартышайын дегендир. Анткен болсо, бу эрдик.

– Эмне демексиң мунуң менен? Анын маңдайынан сылап коюшу керек беле?

– Ой, жарыктык,–деди кичинекей Алдосов тигинин ызасын эми түшүнүп,– мындай абалдар башка жерлерде да көп болуп жатпайбы. Ошолордун баарында кадрларды жазалоо менен кыйынчылыктан чыгып кетүүгө болобу демекмин. Мунун социалдык себептерин, муну туудурган шарттарды изилдөөгө көңүл буруу керек эле дегенди айтмакмын.

Тигинин кызаңдап баратканын байкаган Алдосов бийик үнүн чыгарып унчукту:

– Бир аз саясатты токтото тургулачы. Мен мына бул карындашыма бир ырдап берейинчи. – Ал болор-болбос жылмая берди.

Отургандардын көзүнө Алдосовдун кичинекей кулкусу, шапалактай жүзү түштү. Ал майда тиштерин көрсөтө жылмайып, Алиманын жүзүнө ачык сезим менен карап турган эле. Алиманын сулууча жүзү кызарып, ууртундагы жарашыктуу жылмаюу менен жер карай берди.

Алдосов эски элдик обон менен ырдап жиберди. Анын үнү чың да, бийик да эле. Садыктын кулагына анын уккулуктуу үнү канчалык созсо да кете берердей, эч кимди жадатпастыгына ишеним сезилип турду. Садык буга таң калган жок. Бул адамдын жагымдуу үнүн мурда да уккан.

Кеч тараштты. Кызып калган тигилерди үйлөрүнө машина менен бир-бирден жеткиришти. Бир гана Алдосов мен жөө басам, мына бу жигит узатып койсун деп Садыкты ээрчите көчөгө чыкты.

– Жөө басып ичимдик заарын таратып ийбесем болбойт.

Алдосов өзүнчө кобурап койду. Садык ага жооп берген жок.

– Сиз жакшы ырдайт экенсиз.

– Чынбы?

– Ырас.

Алдосов ачык үн чыгарып каткырып күлүп койду.

– Да, биз да бозой болгонбуз. Биз да жигит болгонбуз. Унчукбай басып бара берип, анан өзү сүйлөдү:

– Биз окуп, биз комсомол болгон кездерде эл дуулдап революциялык инерция менен жашаган укмуш учурлар болучу. Мектептерде кудайдын жараткан күнү обон жаттап, ыр ырдоочубуз. Майрамдарда колхоз-колхоз болуп, мектеп-мектеп болуп ырдап жарышат элек. «Булар жеңди, тигилер жеңди» деп чуулдап биз менен кошо күйгөн элди айтпа. Ошондо мектептеги таанылган ырчы катарында мен да кирчүүмүн.

Ар ким өз ички ою менен болуп кете беришти.

Ошол бойдон Алдосов мейманканага чейин түк сүйлөгөн жок.

Өз ички оюна берилген Садык да сөз кошподу.

Садык кайра кетүүнү оюна да албай, мейманканада жатып калды.

Ал тез уктап кете койгон жок: бүгүн күтпөгөн жерден туш келген адамдар жөнүндө ойлоду,өзүнүн кээде башына келе калчу айрым болжоолорун эстеп мыйыгынан жылмайды: партиялык кызматкерлер жөнүндө ойлогондо, негедир, катуу мүнөздүү, саясаттан башка нерсени кыялына көп ала койбогон, бир сырдуу жабык кишилер деп көз алдына келтире берер эле. Ал өзү акылында түк

андай эмес экенин, алар деле өзүндөй адам экенин билип турса да, көңүлү алда нерсеге күбөлүк бербегенсип кетчү.

Азыр болсо Садыктын көңүлү жылуу сезимге жык толгонсуп, Алдосовдун карапайым мүнөзүнөн алда качантан тааныш нерсени көргөндөй эч нерседен капарсыз эркин жатып уктап кетти.

Ушул учурда тигил үйдө калгандар да уйкуга кетишип, «Мени узатып кайра келсин» деген сөздү кулагы чалып калган Алима гана эшиктен шырт этип угулар добушту күтүп, көз ирмебей жатты...

* * *

Чигит эгүү кампаниясына колхоз кызуу даярдык менен жетти.

Бул күндөрдө эки миң гектар жерге пахта айдалып, малаланып, арык-чөнөгү тегизделип бүткөн эле. Механизаторлордо түк уйку жок: бири чексиз шүдүгөр аянтын бир айландырып, кара күрөң тартып майланышкан кыртышты аңтарып баратса, экинчи бири такта мала тартып, жер тегиздейт; дагы бири тонна-тонна жибитилген чигиттерди аянтарга жеткирет; дагы бири сеялканы сүйрөтүп аянттын тиги башынан бу башын көздөй октой түз агет аянтында чигиттин ала калбай тегиз эгилишине кызык. Ошон үчүн башкаларга ишене беришпей, сеялкалардын урук таштоочу механизмдеринен тирмейип өздөрү көз айырышпайт.

Садык төшкө чейин созулуп жаткан аянттагы артынан болор-болбос бозомук чаң көтөрүлтүп, улам нарылап жылып, улам токтоп бараткан сеялканы көрдү. Трактордун рулундагы кызыл жоолук салынган Алима экендигин жазбай тааныды.

Садык шүүдүгөргө жетсе чигит жөнөкөй агрегат менен узатасынан эгилип жатыптыр.

Садык «эмне үчүн мындай» деп Балтабаевден сурады:

– Билем, бирок шарт ушундай болуп калды,– деди

Балтабаев кең шүүдүгөрдөгү тээ төмөн түшүп кеткен чигит эгүүчү агрегаттан көз албай туруп.– Беш күндө бүтүшүбүз керек болуп жатат. Жогортон тапшырма ошондой. Парткомдун секретары Бозулановдун өзү жүргөнүн көрүп атасыңбы? Азыр агрегат жетишпейт.

– Анда эмне болот?

– Эмне болмок эле, өнүп чыккандан кийин техника менен узунунан, туурасынан иштетип, анан кол менен жегенелетип таштасак сен расчетуң түзгөндөй чарчыланып калат.

Байдылла сулуу кызыл жүзүнө жарашкан жылмаюу менен Садыкка карап күлүп койду.

Садык кошо күлө албай, же башка бир сөз айта албай бир азга токтоп калды.

– Эки-үч күн мурда бүтөбүз деп ишти бузуп отуруш кандай болор экен?

– Бүткүл область беш күндө бүтүү жөнүндө кампания уюштуруп атса, биз баарын кармап турабызбы? Алга чыгуу деген максат бизде да болуш керекпи, же жокпу?

– Албетте, – деди Садык ага бир алдын макул болуп,– бирок алга чыгуу зыянга түшпөгөндөй болушу керек да.

– Кана, ким чөнтөгүнөн зыян тартып атыптыр?

Балтабаев Садыктын күңкү-мүңкүсүн каптап унчукту:

– Ким болот эле, колхоз, анан эл...

– Айтпайсыңбы ачык.

Садык Балтабаевдин жүзүнөн сыр окугандай токтоп калып сүйлөдү:

– Эгилген чигитти туурасынан иштеткенде канча чигит өлүп кетип атабы, ал үчүн эмгек кетеби? Акча кеткенби? Аны ташып келиш үчүн, суула жумшатыш үчүн, эгиш үчүн транспорт, адам күчү жумшалганбы? Ушунун баары акчага түшкөн да, аксакал.

– Мен да билем аны. Бирок планды мөөнөтүнөн мурда аткарыш керек да.

– Ал башка нерсе, аксакал, кеп экономика жөнүндө болуп атат.

– Экономика деп, жок эсепти эсептеп отура берсек, иш кантип бүтөт?

– Иш бүтөт. Сиз аны башкача түшүнөсүзбү?

– Сен экономиканы жалаң гана эсеп менен түшүнсөң, мен аны башкача да түшүнөм. Ошол түшүнүгүм менен колхозду башкарып да келатам. Сен өз ишиңди иштебейсиңби?

Балтабаев муну күтпөгөндөй кызаңдап, Садыкты кекете унчукту. Анан нары көздөй басып кетти.

Садык өз оюн айталбай, же ыза болушун билбей ордунда шалдайып туруп калды.

– Садык, раисти капа кылып койдуң, – деди кара сакал Муса акырын коопсунуп сүйлөп, – антип эмне кыласың, куп деш керек. Раис – раис да.

– Ие, Муса аке, мен эч нерсе дегеним жок да. Болор ишти айтпадымбы?

– Куп деп кое бербейсиңби.

– Капырай, чын сөздү деле айтып койбой куп дей беребизби?

– Ал да бир нерсени билгенинен ушунча жылдан бери былк этпей раис. Болбосо ушунчанын баарын алаканына салып туруш оңойбу!

– Ал башка кеп, – деди Садык Мусанын мынчалык басындылыгына эмне дешин билбей. Мунун андайлыгын бир гана азыр эмес, бир нече жолу байкаган. Болбосо ал пахтачылыктын оор жүгүн аркалап көтөргөндөрдүн бири. Чигит эгүүдө агрегат үстүндө болсо, сугатта алыш башында. Күзгүсүн айрысын кармап таш кырманда. Пахта менен дем алып, пахта менен жашайт. Пахтанын саяпкерлеринен өзү. Азыркы туура эместикти көрүп турганы да талашсыз. Бирок эмне үчүн баарына макул? Эмне үчүн ал өз жерине ак болгусу келбейт? Жер дыйкандан эң биринчи актыкты күтпөйбү? Неге ал кайра унчукпа дейт?..

Көптөн кийин гана кайра келген чарчаңкы раис Садыкка карап сүйлөдү:

– Кайда жүрөсүң?

– Бригадаларга чыктым эле. Биринчи кварталдын өндүрүштүк расчетторун жыйынтыкташым керек.

Раис унчукпай калып, кайра сурады:

– Эки күндөн бери жоксун го?

– Областтык айыл чарба башкармасына чакырышкан экен, анда болдум. Анан партконтролдо чогулуш бар экен, ага катыштым.

– Өзүңө тиешеси жок нерсеге деле уруна бере турган жан окшойсуң.

– Ошонун баарына тиешем бар...

– Сен бийликти жакшы көрөт окшойсуң?

Садык эмне деп жооп берерин билбей турду.

– Бер, – деди раис чечкиндүү унчугуп, – бригадалардан сводкаларды алып, районго бер. Сен жок эки күндөн бери берилбей турат.

Раис бурулуп кетмек болгондо Садык чечкиндүү сүйлөдү:

– Мен качанкыга чейин эле сводкалардын артынан жүрө берем? Эми өз ишимди да иштейин.

– Кандай ишиң бар?

Садык салмактуулук менен жооп берди:

– Менин милдетим экономикалык эсеп-кысап иштери...

– Эсеп-кысапты контора толгон бухгалтерлер да жүрүзүп атышпайбы?

– Меники таптакыр башка.

– Кана, эмне иштемексиң, айтчы? Баарыбыз эле сени күтүп туралы.

Раистин басынткан какшыгы жанына өтүп турса да, Садык өзүн чектеп токтотту.

– Иштейин, анан көрөсүз. Туура эмес болсо айтарсыздар, оңдорсуздар, иши кылып өз ишими иштейин. Мен экономистмин...

Раис үнсүз бурулуп машинасына отурду да, жогору карай жөнөп кетти.

Садык шалдайып Балтабаевдин кеткен жагын тиктеп туруп калды.

Жаңы айдоого кызыл ашыгынан матырыла басып келатышкан аппак кыркма сакал Миңбай менен бөдөнө куйрук чокчо сакал Мамажан-бубанын кобуру көңүлүн алаксытты.

– А касиетиңден айланайын жер! Күңкүп табына келген экен.

Миңбай эңиле берип, опурулган кара топурактан бир кочуштап алды да, үңүлө тиктеп туруп, мурун учун батыра кана-кана жыттады. Анан айдалган кең талааны өмүрүндө биринчи жолу көргөндөй тегерете суктанып тиктеп турду. Жазгы талаа күн нурун шимип мемиреп жаткан эле.

– Ер жүда табыга кеган экан,– деди Мамажан-буба уучундагы мыжыккан топурагын чачып.

– Атаңдын көрү десеңчи...

Топурак жыты мас кылган эки кары анча алыс эмес жерде карап турган. Садыкка да көңүл бурбай кобурашып өтө беришти. Садык өзүнчө туруп бул адамдардын жер ышкысына, жер кумарына таң калды.

Миңбайдын өмүрү ушу жер тагдыры, топурак тагдыры менен эриш-аркак. Бүткүл өмүрүнүн маңызы да ошо жер болгон. Ошол жер үчүн жашаган. Ошон үчүн Миңбайдын өмүрү да чырлуу, чуулуу өттү. Бирде турмуш Миңбайды желкеден алып басты, бирде Миңбай аны ноктолоп минди... Анын баары жер үчүн! Миңбай жерге эч качан кайдыгер боло алган эмес. «Эр эмгегин жер жебейт» дегенди айтат. Ал эч качан жерди алдаган эмес. Каңгаал жүзүндөгү бырыштарынын бир учу да ушу жерге барып сайылат... Миңбай өмүрүнүн экинчи жарымында ээ болду жерге. Бирок колхоздун өсүү жолу өйдө-төмөн болбой койгон эмес. Жылына беш-алты жүз деп эмгек күн санап, бирок алты-жети жүз тоголок дан албай, кабын-колтуктап куру кол калган учурлар да өттү. Адамдардын

ындыны өчкөн учурлар да өттү. Адамдардын айрымдары терс басты. Бирок Миңбай ушу калыбынан жазган эмес, үмүтүн жерден үзгөн эмес. Кол арты менен маңдай терин сүртүнүп, карылуу колун нымдуу топуракка суккан..

Айдоодо жай баратышкан эки каңгаал абышканы бир караган киши азыр эмнени билет?

Жер аларды тээ алыстан бириктирген.

## IV

Миңбайдын атасы Кулеттин жерине Мамажандын атасы Юсуф табып ортоктошуп шалы экчү, пахта экчү. Алиги эки дос буурусун башын жетелеп, бирге иштешер эле. Кайнаган аптаптуу такыр сайда алыс кетип суу сүрүшчү, козо чабышчу.

Юсуф табыптын канде арыкка курган ак жубазы боло турган. Эки бала кечке тегеренип май жубаз айдашып, чарчап улам үргүлөп кеткенде, көк жеген өгүз тизесине жаба чычса, бирине-бири тындуусунуп, боору эзилгенче тытынып күлүшчү.

Кээде боз ала чаң болуп ак жубазда иштешип, каптарга акталган күрүчтөрдү тирешчү.

Эки жылы кышында Миңбай Мамажанды ээрчип мечитке барып «эжелеп» аптиек да окуп жүрдү.

Он төрт-он бешке кадам коюп көкүрөгүн көтөрө баштагандан тартып экөө Андрей Попов деген орустун жеринде иштеп берип калышты.

Андрей Попов деген бою пакенерээк, ичи эшилип семирген, тегерек көк ала сакалдуу, кыпкызыл орус болучу. Дайым ийин кагып энтигип турар эле. Чоң пайчалуу кара атына кошулган жеңил извошто жүрчү. «Ээр токуп минип жүрө албайт имиш» деп эл шыбырашып калышканын угар эле Миңбай.

Миңбай Андрей Попов менен биринчи жолу анын эшик алдында бетме-бет келди. Анын үйү орус кыштагы-

нын эң баш жагында эле. Ал кыпкызыл болуп ынтыгып, эшик алдындагы узун күрсүдө оозуна кирип турган көк ала мурутун сапсары кылып ыштап буркуратып попороз чегип отурган экен.

– Сен кимдики бала? – деди Андрей Попов араң ыкшалып.

– Кулеттин.

– А, сен жуда катта бала болду. Ата келеди?

– Атам келбейт, мени жиберди.

– А-а, отур отур... – деди орун көрсөтүп, анан өзү ичкери кирип кетип кыйлага чейин жок болду.

Миңбай орустун бактуу чоң короосуна, кызыл тунуке менен жабылган аппак чоң үйүнө таң калып отурду. Бак ичиндеги асел челектерди көрүп, «кыргызды көрсө эле чагат имиш, оруска тийбейт имиш» дегенди эстеп чочулады. Эми ойлосо ачыткан каремдин (капустанын) жыты беле, кандайдыр бир жыт келип турду. «Доңуздун жыты ушундай болот окшойт» деп жийиркенип, мурдунун учун колу менен бирпас чымчыды.

Короо ичи, андагы айрым буюмдар өзбектердикине да, кыргыздардыкына да окшобой, ар бир нерсе Миңбайдын көңүлүн тартты.

– Бала, – деди Андрей Попов, – курсак... ме, ал...

Төрт бурчтуу кесилген бөлкө нанды Миңбай коомай кармап алды.

– Кардым ток.

– Мейли, карын ачат. Сеники жейт.

Анан Миңбайды суу сүрүп келүүгө алыш башына жиберди. Ал узай бергенде Андрей Попов:

– Э, суу Андрей Попов апарам айт. Ким болмойт, мага кел! – деп муштумун көтөрүп койду.

– Болуптур, Андрей Бопоптукуна апарам дейм.

Жолдо баратып Миңбай сары аарынын уюгундай төрт бурчтуу нанды кызыга тегеретип карады. Ал өмүр бою жеп келатчу жапкан нанга өңү да, кычкыл сезилген жыты да түк окшош эмес эле.

Андрей Поповдун ар убак ичип мас болуп жүрө турган тентегирээк Егор Попов, анан Миңбайлардан бир-эки жаштай кичүүрөөк Григорий Попов, деген ак чачтуу кичи уулу боло турган. Дагы Данька, Манька, Дунька деген көчүктөрү чоң-чоң, саксайган-саксайган кыздары бар эле. Миңбай алардын кайсынысы кичүү да, кайсынысы- улуу экенин түк ажырата алчу эмес.

Ак чачтуу Григорий Мамажан менен Миңбайга бала деп жам тарткансып келип калчу. Тиги экөө анын чачын тиктеп алып эле «куду чалдыкындай» деп кыткылыктап күлө беришчү.

Ал кыргыз тилин анча жакшы билчү эмес, ошондон улам көпкөк көздөрүн, аппак кирпиктерин кыбыңдата ирмеп тиктеп тура берчү.

Кулет биртке жеринин четин эрте жазда буурсун менен чиймелеп арпа септи. Миңбай саал ыңгыранса:

– Ээ балам, – деди ал өгүздү бир аз дем алдыра калганда чаначтагы айрандан кылкылдата жутуп, анан карт кекирип, – чөп орокко жетпей, кудаа кааласа, сары ала болуп бышып калат. Андан кийин али канча бар бышыкчылыкка. Дос-жар бар, тууган-урук бар. Кабын бөктөрүшүп келип, Кулет аке деп салам айтып түшүшөт. Талап оруп талкан кыла туралы дешет. Арпасын оруп алары менен күнжүт эгип таштайбыз.

– Анын эмне кереги бар?

– Э балам, күнжүт жакшы болуп калса алтын эмеспи. Юсуф табыптын жубазына айдатып, майын сатсак да пул, жөн эле өзүн сатсак да пул.

– Пахта эгем, шалы эгем дечү элеңиз го кышта?

– Эгебиз балам. Пахта эгебиз. Азыраак жерге шалы ям эгебиз. Шал бир болуп бсрсе, кудаа кааласа битибиз арылып калат.

– Юсуф табып менен дагы шерик болуппу?

– Жок, балам. Быйыл башты бекем таңып, кудай деп өзүбүз иштейличи. Ким билет, жыл эле катаалыраак бол-

босо... Тоого кар түшүп жарыбады. Суу эле болуп берсе, кагылайын бу жерлер... алтын эмеспи.

Кулет чал топурактан кош жаңкеп сузуп алып, жаны кубанып мыжытып эзип турду.

Ошондон он күн өтпөй Миңбай калган жерин буурсуну менен чиймелеп жатканда, төрттөн келишкен ат кошкон эки тиштүү эки соко менен Андрей Поповдун мужуктары Кулеттин, дагы бир тобунун жери менен кошо эле тегеретип айдап киришти.

Сакалын эрбейтип туруп калган Кулет тигилердин алдын утурлап токтотту. Алдыңкы коштун башын жетелеген баякы сары сакал Петро экен.

– Ой, Петро, бу эмнең? – деди энтиккен Кулет.

– Меники билбейт. Хозяйин айда деди.

– Кана кожайиниңиз? Кана?

– Хозяйин больной. Үйдө. Бул жер азыр баары хозяйиндики болду.

– Жок. Кайра тарт, Петро. Бул жер берилбейт, меники. Биз өлөбүзбү? Ак падыша бар, даттанабыз.

– Майли, сен бар. Биз, пока, айдаймыз.

– Жок, жок. Мен карыш жырдырбаймын. Боор этим болгон шапалактай жеримен ажырап мен кайда барам? Эч жакка барбайм. Өлсөм өлүгүм ушерде калат.

Аңгыча жерлерин кошо тегереткен беш-алты кыргыз дагы келип калышты. Кыжы-кужу күчөп кетти.

Акырында Петро курмушу сакал атынын бирин чыгарып чапкан бойдон кыштакка кетти.

– Азыр Андрей Бопоп өзү келет, – дешти тургандар.

– Булар билбей тентектенип атышат окшойт?

– О, Андрей Бопбоп эстүү адам. Баарыга жамандык ойлобойт.

– Өзүнүн ушунча жери жатат, биздин шапалактай жерибизди башына урсунбу?

Бир убакта оору Андрей Попов извошун айдап өзү келип, түшпөстөн токтой калды.

Тургандар чуулдап ороп кетишти.

– Мына, – деди Андрей Попов извоштун үстүнөн элге ак кагазды булгалап көрсөтүп, – бул жерлер меники. Баары көрдү. Оозун япкыла!

– Ой, айланайын Андрей Бопбоп, – деди Кулет жакындыгына эреркегендей жакындап,– сеники, меники ата-бала окшош адам. Сен азыр отурган жер да меники болгон. Сен алдың, мен майли дедим. Эми бул жер меники болсун.

Кулеттин сакалы дирилдеп, ырайым күтүп токтой калды.

– Дурак, – деди Андрей Попов майланышкан семиз кызыл бетинин ар жери бир кыймылдап,– мен сенден жер алган жок. Его Величество царь Николайдан алган меники. Сеники билди? – Жоон чал күпүлдөп кекетти.– Баш бар сеники? Ярим жыл көп болду. Его Величество царь Германия менен согуш алып барат. Силер биледи или билмейди?

– Билебиз... билебиз, –деди эки-үчөө.

– Ну? Аскерге нан керек? Керек. Кийим керек? Керек. Мен ушу жерлер баарын айдаймын, и дан көп беремин анда. Мына, мага бул жердин амузун берди. Его Величество берди мага. Меники балдар солдатка барады. Егор – офицер.

Эл шалдая түштү.

– Эми сенин жериң азыр деле көп эмеспи, Андрей Бопбоп, изнаком. Ошо жерлериңе эгин айдап берсең деле болот. Биздин жерлерге тийбей эле койчу, төрөм...

Дал ушул учурда бир колуна мылтыгын кармап шүүдүгөрдү аралата жайдак атчан Егор Попов сары чачын саксаңдата чаап келатты. Ал аттан ыргып түшүп атасына карай бир нерсе деп бакылдады. Карт Попов колун тынч дегендей жаңсап сүйлөдү. Бирок Егор жиндене сөгүнүп, алдыңкы кошту айдап жөнөөгө буюрду. Үч-төрт адам жабыла аттарды жылоодон алышты. «Тарс» дей түштү.

Эрмек деген бир байкуш тырак этип чалкасынан түшкөндө, бет алды эл жайыла качты. Егор мылтыгын дагы октогондо Андрей Попов колунан жулуп алды. Егор жүгүрүп барып кош тарткан аттарга чөп жүктөп келип, азыр эле токтой калган арабадан темир бешиликти алып, баятан тааныштыгына таянгансып турган Кулетти качырып сала берди. Кулет жан үрөп, жүгүрүп, арыктан секирип өтө качарда Егор капталга сайды. Ал оңко-чоңкосунан кетип, кайра жанталаша тура калып качканда, бөз көйнөгүнүн капталы кызыл ала болуп нымдаша түштү. Атасы көмөлөнүп жыгылганда кыйкырып жүгүргөн Миңбайды курмушу сакал Петро артынан жетип желкеден алып, силкип токтотту:

– Миңбай, жинди болдуңбу? Кач таги жакка!

Дал ушул учурда каны көзүнө куюлуп, чычала болуп чыккан Егор аны көздөй жүгүрдү.

Миңбай арыктан бир таштап өтүп, атасынын артынан кетти.

Кулет кан аккан капталын кош колдоп басып, чалабула эси ооп тыттын түбүндө жаткан эле. Миңбай аны жаш баладай алдына туура көтөрүп, үйүнө алып барды.

Поповдор аттарын ылдамдатып, узак тегеретккен жерин айдатууга киришти.

Алты кызынан башка белдүү тууганы жок, жалгыз аттуу, жалгыз тондуу Эрмектин өлүгү оозуна чымын үйүлүп, караңгы түшкөнгө чейин аңызда жатты. «Орустар аңдып туруп атат» деп эч ким келүүгө батына алган жок.

Кулет жаратынан бир нече айлар бою айыга албай койду. Юсуф табып дары-дармегин да, кызматын да аябады – колунан эмне келсе ошонун баарын иштеди. Капталындагы жаратынын оозу бүтпөй, ириң, сары суу куюлуп жүрүп, буудай кырманга жеткенде анан тула бою тулуп болуп шишип кетип өлдү.

Эл-жери тууралуу, Эрмек менен Кулеттин куну тууралуу болушка, андан ары акимге чейин арызданып жү-

рүштү. Эки эрдин куну жөнүндө болсо, Анжиян акиминде «Егор Попов азыр согушта. Ал – офицер. Эч нерсе дешке мүмкүн эмес» деп жооп беришиптир…

Атасы өлгөн соң, Миңбай апасы менен калды. Минерине жалгыз улакчы аты, саан ую, кош өгүзү бар, орустарга да катышпай, өз башына өзү ээ. Ак падышанын алыксалыгын эл катары төлөп, өзүнчө түтүн булатты. Кулак байлап, жер жибитти… Билегине күч толуп, кармаганын жулган улакчы да болду.

Бир кыз тоюнда Сатикан аттуу үлбүрөгөн сулуу кызга түштү көзү. Кыздын эрингендей жай сүйлөгөн муңайым сөздөрү жүрөгүн тепчип туруп алды. Миңбай али өмүрүндө кыз менен сүйлөшүп, кыз илебин сезген эмес. Миңбай өмүрүндө биринчи жолу кызга ооз ачты. Сатикан эрингендей ачык жооп берген жок, бирок, ууртунан жакшынакай жылмаюунун элесин көрдү Миңбай.

Миңбайдын жүрөгү өрт алды, анын бир максаты аны басыш болду. Бар мүмкүнчүлүгүн сарп кылып үйлөндү. Анын сезими башаттын тамчысындай таптаза: бүткүл таза сүйүүсү өз энесинде турган жаш баланын сыңары Сатикандын да бүткүл ишеними Миңбайда.

«Биринчи – байлык ден соолук.
Экинчи – байлык ак жоолук.
Анан кийин – он соолук».

дечү эле го элибиз. Жакшы жар жигиттин бактысы да, ар намысы да, абийри да эмеспи турмушта? Миңбай өз өмүрүндө дал ошондой түшүнгөн, ал ишенимине керек болсо кара башын сайып бек турган.

Коюн-колтук алышып ак жаздыкта жатканда да түн ооп кеткенче укташпайт, эртеңки үй-турмушун ойлонушат. Ал ушунчалык бир сонун, бир кадиксиз болуп тартылат көз алдыларына.

Бирок бир күтүүсүз кокустук мына мындайча болду: бактылуу Миңбай үй-тиричилиги менен алек эле. Күн кечтеп бараткан… Сатикан менен тиги айылга тойго

кеткен келиндердин экөө өңү кубула энтигип жүгүрүп кирип келишти. Сөз айталбай дудалактанып калышты.

– Сатикан кана? – деди коопсунган Миңбай.

– Азыр келет, – деди коркуп кеткен келиндин бири калтаарып.

– Кайда азыр? Айткыла! Кайда Сатикан?

– Айланайын аке, – деди келиндин бири көзүнүн жашын каканактатып араң айтып – тиги чоң арыктагы чийдин түбүндө...

– Эсен-сообу?

– Эсен эле, бирок...

Миңбай сөз аягын укпай жүгүрдү. Арыктан секирип, чийди аралай бергенде эки колу менен бетин баскан Сатиканды чалды көзү. Ал акактай аппак жылаңач денесин солкулдата өпкө кагып ыйлап жаткан эле.

– Сатиш...– деди Миңбай.

– Жок. Жүзүңө эми карай албайм.

Артынан жете келген келиндер иш жайын айтышты.

...Поповдордун кыштагынан өтө бергенде эки-үч кызымтал өспүрүм келиндерди куушуп, Сатиканды кармап чий арасына буйпалашат да, аз келгенсип кийим-кечесин энеден туума кылып сыйрып алышыш коё беришет.

Муну укканда как чокуга таяк менен чапкандай Миңбайдын көзүнөн от чагыла түштү, сендиректеп араң токтоп калды. Анын бүткүл денеси жыйрылып, таш болуп катып калган эле.

Миңбай Сатиканды үйүнө алып келди да, керегеде илинип турчу кары бою мүйүз саптуу чус бычагын кылычтын сыңары курунун сол капталына кыстарды. Үстүнөн жука желетин кийип жолго чыкты.

Жолката ал канча түрдүү ойлорго келе берди. Көөдөнүнө толгон кектин, ызанын сезимин аны бакалоордон бууп, дем алуусун оорлотуп баратты. Санаасы санга бөлүндү. Алда качанкылар түштү эсине...

Анан эмне кыларын болжоду. Жүз түрдүү ойлоду, эң аягында ал: кыштактын башынан түшүп, эшикме-

эшик жүгүрүп, көрүнгөн адамды жара тартып кете бермек болду. «Атасынын көрү, туулдум-өлдүм, Бүгүн өлбөй эртең өлгөндө кандай пайда? Ушундай кордуктан кийин өмүрдүн лазаты кайсы? Жер каранды болуп эле жашай берсе өмүрбү? Жок! жок... Адам адамдык башы менен, адамдык сыймыгы менен адам. Ансыз өмүр жерге кирсин...»

Миңбай ушул жыйынтыгы менен кыштакка жакындап барып калды. «Максат эле өлүп калышпы?» деген ой кандайдыр башына кылт эте түштү. Миңбай токтоп калды. Ал азыр Сатиканды эстеди: анын тебеленген абийри үчүн ар кандай өлүмгө кылчайбай барышы керек эле. Ал бул маселеде кылдай да күмөнсүгөн жок. Бул тобокелдикти ал ким үчүн жасайт? Сатикан үчүн!.. Анан өзүнүн адамдык баркы үчүн, жеке башынын адамдык сыймыгы үчүн!.. Сатикандын абийири үчүн өлүп кетсе мейли...

А балким, бир кишини да жара тарта албай өлүп калышы мүмкүн...

Миңбай маң болуп калган соң дагы башкача ойлонуш үчүн кыштактын сай тарабына өттү. Эч жан көрүнбөйт. Бактуу кыштак дүмтүйүп сүрдүү көрүндү.

Ушул убакта сай тараптан жайылган чоң-чоң уйлар келаткан эле. Миңбайдын башына бир ой кылт этип, бир чоң курсак кара уйду кармап, жоолугу менен көрүнөө жердеги жылгынга мүйүзүнөн байлап койду.

Күн кечтеп баратты. Кыштак жактан шалы бакалдай бир кучак сабдал сакалдуу токтонгон адам жай келип, уйду чече баштады. Миңбай ордунан турду:

– Эй, ушу меники уй, – деп алаксытып сүйлөп жанына келди.

– Жок, бу биздики,– дей баштаганда сабдал сакалдан шап алып, бычак менен тамагынан тартып жиберди.

– Ай!..– деп алиги адам жан талпас кылып, колунан чыгып кетип качып жүрүп берди. Ана жыгылат, мына жыгылат десе болбой эле узап баратат...

Миңбай таңга келди үйүнө. Апасынын түйшөлгөнүн уга, боз үйдүн эшигин кыйшайта тартып үн чыгарды:

– Апа!

– Эмне, айланайын?

– Сатикан барбы?

– Бая эки келин араң жаткызып кетишти эле, анан ордунан туруп сыртка чыккан. Дагы эле дайыны жок. Күтүп эле жатам, күтүп эле жатам. Өзүң кайда жүрөсүң, айланайын?

Миңбайдын жүрөгү оозуна каптала түштү. Кемпирге да жооп бербей, үйдүн кырчоосун кармап тура калды. Ушул учурда алда нени кабарлаганы беле, же ээсинин үнүн тааный койдубу, чаркардан тору ат кишинеп окуранып жиберди. Миңбай атканага кирип баратып жумшак бир нерсени сүзүп алды. Ого бетер созулуп узарып, селкинчек тээп турган Сатикандын денеси эле бу.

Миңбай чап кучактап өйдө көтөрө белиндеги бычак менен Сатикандын мойнундагы сыйыртмак кыл чылбырды кесип ийди.

Миңбай Сатикандын солдоюп калган денесин бооруна бекем кыса буркурап ыйлап жиберди:

– Сатикан! Менин ырысым. Кагылайын Сатим…

…Көп өтпөй Миңбайдын оору энеси каза тапты.

Ал үчүн замана куурулуп, алдында басар жолу туюкталып, тозок чатырап күйүп тургансыды… Бет алдынан жакшылыктын эрбейген бир карaанын көрө албай калды.

Төшөктү чүмкөнө көз жуумп жатса асман айланып, каран түн башына түшөт. Арманы аттын башынан чоң. Өзүнүн эми түк оңолбос жаңылыштыгын алат мойнуна: «менин акылымы да эмне үчүн кудай алып кетти ошондо? Мен эмне үчүн жепжеңил кектин артынан түшө калдым? Эмне үчүн мен ошондо Сатиме жалынбадым. «Сен айыптуу эмессиң, кагылайын. Бу зомбулук. Баары бир сенин кылар айлаң жок. Мен сени айыптабайм. Сен аксың. Мен үчүн сүттөн аксың. Мен сени башта кандай

көрсөм, ошондой эле көрөм, урматтайм» деп көз жашын тыйбадым? Анын ак жүзүнөн кумарланып сүйбөдүм? Эмне үчүн белинен бекем кучактап жатпадым, кадимкидей эркелетпедим? Ишендирбедим? Сенин абийириң үчүн өч алам дебедим? Ырас, ал ким эле? Бир эч нерсени биле элек жаш эле да. Ал ушунчалык жөнөкөй, ушунчалык таза, куулук-шумдукту билбеген акактай таза зат эмес беле? Анын корккону кудай... анын корккону акырет, тирүүлүктөгү күнөөсү болучу да... Мен эмне үчүн ушуларды бир жолу да башыма келтирип койбодум? Эмне үчүн өз колумдагы толо бактымды өзүм төгүп алдым?

Миңбай күн-түн сарсанаадан арыла албады. Күнөөнүн баарын өз башына топтоду. Өз адамдык жүзүнүн алдында өзүнүн адамдык абийирин ойлонду. Өзүн ушу бактысыздыгынын себепчиси катары көрдү.

Кыйын күндөрдө жакшы сөз айткан, колтугунан алган курбусу Мамажан болду. Бул мезгилде анча-мынча эккен-тиккени суудан калып, отоксуз-чабыксыз куурап болуп кеткен эле.

Миңбайдын кылган иши элге угулуп, андан орустардын кулагына түшө баштаган. Эртеби-кечпи, жолуккан жерде атып таштașы аштан бышык болучу. Бир жагынан өзүнүн да мында калгысы келбеди, анткени, мында анын кайгысы артып, кусасы ташыгандан башка жакшылыктуу эч нерсе жок эле.

Досу Мамажан менен анжияндык бир сүткор Али-Хажи байбатча аттуу анын тагасыныкына барып, жалданып, анын пахтасында иштеп кетти...

## V

Кең ак дамбалын тизесине чейин түрүнүп ылай ачытып жаткан Мамажан Буванын жанында Миңбай да турган эле. Кетменди шарт-шарт шилтеген сайын давердес сөөктүү Мамажан Буванын желке тамырлары

тартышып чыга түшүп жатты. «Өзбектер 40–45 жашка чейин ала топусун чекеге коюп жүрө беришет, кетменди 50 жаштан кийин чабат. А кыргыз болсо жашында иштеп, карыганда жалкоо болуп калат. Эки малы болсо ошого таянып жатып алат» деген элдин тамашалуу лакабын эстеди Садык.

– Үй салып атасызбы, Мамажан Бува? – деди Балтабаев саламдашкан соң ража тартып пайдубалына таш тизип жаткан жерге барып тегерете карап туруп.

– Ха, харакат кыляпмиз,– деп Мамажан Бува бөдөнө куйруктанган сакалын сылап койду.

– Ко-ош, жакшы. Бирок кичине го?

– Халимиз шунга етти. Бир үй, бир дализ яна айбани.

– О кокуй, болбойт. Айбанын бир четинен кичине эле калтырып, төрт бөлмө кылып салыңыз.

– Манэ тамаша, күч кани, чөнтак кани унга, раис?

– Күч десеңиз сизде. Камилжандай уулунуз бар, ал – механик.

– Ким билади, – деди Мамажан Бува көп кубанып коштобой, суз гана.

– Төрт бөлмө салыңыз. Мага барыңыз эртең. Жардам бергиземин. Жетишинче жыгач, жетишинче шифер бергизем.

– А кудай алкасын унака болсо. Мартабаңиз көтөрилсин, раис.

– Антпегенде эми уулду үйлөнтсөңүз бала-чакалуу болот, бир бөлмөдө жатышабы?

– Болду, болду, раис. Төрт бөлмө саламиз. Колхоздон жардам берилса карап турамизби?

Садык Балтабаев жөнүндө ойлоду. Анын эл ичиндеги кадыр-баркын, эсепсиз көп адамдарга кылган жакшылыктарын көз алдына келтирүүгө аракеттенди.

– Мына Миңбай аксакалдан алыңыз жардамды. Досуңуз! – деди Балтабаев.

– Беребиз, бирок чоң жардам кайда? – деди Миңбай.

– Малыңыз бар эле, жандыгыңыз...

– Бар эле эки-үч жыл мурда, жок кыл малды эле дейсиңер. Сатып союп жоготтум. Тигил жагыбыз адыр, канча мал күтө берсек да бизге болор эле. Биздин малыбыздын колхозго кандай зыяны бар! Болуптур дедик айла жоктон, айран сүтсүз кыргыздын турмушу кыйын...

– Өздүк чарбаны кысуу керек. Эл колхоздон алаксыбасын.

– Байдылла, өзүң билесиң, кыргызды малдан айырбасын. Колдон келсе күтүп койсок, зыяны тийбес эле, айла жок. Колхозубуз деле, өздүк чарбабыз деле чың болгонго не жетсин?

– Жекечил оюңар эч кетпейт да башыңардан.

– Э айланайын, өлгөндө кошо кетет биз менен. Мал киндикпиз, малды сүйбөсөк, жер киндикпиз, жерди сүйбөсөк – мал төл береби, жер нан береби?

Садык эми чалдын жүзүнө кызыга тиктеп турду.

– Колхоздукуна антпейсиңер ээ?

Балтабаев бир жагы тамашалап, бир жагы саал кекетип койду. Мамажан-Бува дароо жооп бере койбой жер тиктеп калып, анан унчукту:

– Колхоздукуну ям өссүн деймиз. Бирак көпчилигники бири күйсө бири күймас экен. Адам, адам да. Өз көмачига от тартады, овзуга эрта тегар ашни отуну жакады.

Балтабаев анын сөзүн атайын буруп жибергиси келдиби, же анча маани бере албай калдыбы, иши кылып, аны күтпөй унчукту:

– Ой, куу чалдар, капкайдагыны сүйлөйсүңөр ээ? Канча эмгек күнүңөр бар, айткылачы, ошону?

– Эмгек күн, балам, көп эле дечи, бирок ага карабайт тура. Төбөң менен жер казсаң да колхозуңда жылдык дасмия канчадан айланса, ошону алат экенсиң. Жан кыйнабай кошо чыгып, кошо кайтып жүргөн да ошо катарда болот экен.

Бул карапайым чалдардын жер, эмгек баркы менен бүткүл иманы бүткүл ой жүгүртүүсү байланышкан сөздөрүнөн күтүүсүз эң кызык нерселер аргасыздан башына чачкын түшө калып, алардан өз алдынча жыйынтыкка келе албай калгандан улам Садыктын көңүлү козголоңку абалда болду. «Кандай карапайым ойлор, бирок кандай кызык ойлор… экономикалык чоң нерселерге, социалдык зор нерселерге байланышар ойлор эмеспи? Көрчү, карапайым адамдарга биз көбүнчө кекирейип жогортон карайбыз, билимдүүсүнүп карайбыз. Эч нерсе билбейт дейбиз… Жекечил деп мыскылдуу жылмаябыз. А балким, дүйнө дал ошол сезимдерге таянып жашап турган жокпу?» Бул ойлор менен өзүнүн тээ тоодогу карапайым атасынын бир кездеги ойлорун окшоштурду.

– Планды аткаруу үчүн күрөшүү керек, – деди Балтабаев түшүндүрүп: – ошондо болот жакшы акыбет, жакшы дасмия.

– Аткарбаганда аны… Эми ошондо да ар бир адам өзү адам да. Жүзүнүн жүз түрдүү, миңинин миң түрдүү пейил-кулю бар, максаты бар.

Садык Миңбайдын карапайым оюнун маңызын түшүнө койду: балким анын айтары башка беле, бирок Садык экономист катары өзүнчө түшүндү – мүмкүн, ал жүзүнүн жүз түрдүү, миңинин миң түрдүү пейил-куюн, максатын таап, кызыкчылыгын бекем кармап жүргөн фактор болсо дегени тургандыр. Андай болбосо ошо багыттагы бир нерседир. Ырас эле анын башына жөн эле түшө калган нерсе эместир, балким отуз жыл бою колхоз жүгүн ийнинде талбай көтөрүп келаткан өз жолунда турмуштан чыккан, турмуш өзү айтып берген сабагыдыр. Кызык. Кандай кызык нерселер?..

* * *

Жеңил машина кыштакты аралаган көчөдөн чыгыш жакка шарт бурулуп, пахта аянтын тең жарган чаңдуу

жол менен талаа шыйпаңын көздөй салды. Шыйпандын алдындагы пахта төгүлөр чоң кырманды бир нече адам асфальттап жатышкан эле. Эң алдын утурлай басып келип, асты ачык узун ак жегде көйнөк кийген кара сакал бригадир Муса келип учурашты.

– А келиңер. Жакшы, жакшы... Эми ушинтип кырманды түшүмгө таярлап койбосок болбойт, убакыт зык болот эми.

Балтабаев жайкалган пахта талааларын көз чаптырып жаткан калыбында бригаданын иши жөнүндө сурай берди. Тээ талаада кызыл-тазыл көрүнгөн аялдар-эркектер кыркар тарта гозо чаап жүрүшөт. Төмөнкү талаада трактор менен культивация салып бараткан, кыязы, Алима окшойт.

– Жакшы. Баары даяр, – дейт кара сакалын кыркмалап атасы Миңбайдыкындай ээгин кырланта койдурган Муса.

– Алиги казенде азыр кайда? – деди Балтабаев.

– Үйүндөдүр. Бүгүн эртеде көргөнсүгөн элем, керекпи? Чакырып коёлубу? – деди бригадир энтеңдеп шашып.

– Ошо бойдон иш бергениң жокпу?

– Жок. Раис, сизден ишарат болбосо, аны ишке чакырышка биздин башыбыз экөө эмес...

Ал майдараак сары тиштерин көрсөтө ырсайып башын экчеп койду.

– Чакырт азыр.

– Хуп, раис. Өзүм барайын. Башкага ынабай коюшу ыктымал. Бригадир энтендеп басып жөнөй бергенде раис машинасын берди.

Балтабаев менен Садык кырманды асфальттап жаткан пахтакерлер менен аңгемелешип бир пас турганча, Муса ташбакадай жалпайган, эриндери түйрүйгөн баягы жоош койчу Шалпыкты алып кирип келди.

Шалпык он жылдан артык кой артында жүрүп, анан быйыл эрте жаз арызданып бошогон. Ал өз арызында

«там-таш салып, бак-шак тигип жөн жашагым келди. Аялым оорукчал болуп калды» деп жазган эле. «Жок, Аттокур экөөнүн ыркы келбей атыптыр» деген сөз да чыккан. «Он жылдан бери жөн жүргөн Шалпыкка эмне жин тийди экен» деп кобураган кээ бирлер.

Койдон бошогон соң пахтада иштеди. Көнө албай оңкулдап кыйналып жүрдү. Колунда таягы жок, өмүрү тим эле өтүп жаткансып кетет.

Өткөн жылы үй салдырмак болуп, жалданма усталарга берген. Арак ичип күндө мас болгон усталар Шалпыкты «арак тап, эт тап, жыгач тап, бул материалың болот, бул жарабайт» деп иштебей кыйнап жүрүп, үйүн кеч күздө бүтүрүшүп, үстүн араң жаап беришкен. «Быйыл куда кааласа, баарын өзүм бүтүрөм, үйдү жылуулайм, балдарым,– деп алар аркылуу бул сөздөрүн аялы Бүбүканга айтчу.– Баарын өзүм бүтүрөм эми: кара шыбагын да, кум шыбагын да. Аппак кылып актайбыз, атасынын көрү... Биз да эл катары бутту узун сунуп уктап көрөлүчү, кандай болор экен...» Шалпык өз сөзүнө өзү эрип, бир түрдүү бейиштин төрүн, бакытты элестетип кетер эле. Шалпык үчүн, ырас эле, мындан башка бакыт жок, анткени дени-карды соо, эртеңден кечке иштей берет, кечинде келсе аппак үй...

Ал ушинткенде өмүр бою кой артында жүрүп өлүп кеткен атасын ойго түшүрөт. Ошол байкуш менин быйыл бүтөр үйүмдө бир күн уктап өлсөчү деп эстегенде көңүлү каршы-терши жаралангандай, көзүнөн жашы каканактап кетет. Ал эми жаңыча жашоонун ташпишине түшүп, таягын унутуп бараткан эле.

Бир күнү конторага Балтабаев чакырып, койдон бошоп кеткен себептерин кайрадан сурап, элден уккан айың сөздөрдүн да чындыгын тактады. Шалпык дүмүрөйүп көпкө отургандан соң акырын сүйлөдү:

– Он жыл иштедим, көңүлүм калды.

– Эми иштеше албайм.

– Аттокур капа кылып койдубу сени?

– Анткен деле жок, бирок көңүлүм калды. Ар ким эле өзүм дейт тура. Мен деле өзүм тууралуу ойлошум керек экен.

– Аттокур өзүмө деп аткан жок. Колхоз башкармасы деген баарын караштырар. Эмне, Аттокурдун орденин бөлүп бербеди деп жүрөсүңбү?

– Орденде эле эмес кеп. Колхоз бардыгыбызды эле тең көрсө...

– Оо, сен бизге наараазы болуп, маяктыкты талашканы жүргөн турбайсыңбы? Мейли, бир короо кой алып кайра бак, көрөлү.

– Барбайм, бакпайм. Он жылда көңүлүңөр бир түшпөйт да, эми какшыгыңарды койгула.

Ал эч нерсе айтпай эле ыргып турду ордунан. Балким, ошол-саатта түшүндүрүп айтканда кантер эле, бирок ар качан өз билгенин бекемдей берүүгө көнгөн Балтабаев да чыйрыга түштү. «Айтылган сөз закон болушу керек!»

– Барасың, багасың! – Ныктап унчукту.

– Барбайм дедимби, барбайм. Мен өз ишими пахтада эч кимден кем эмес иштеп атам. – Шалпык эшикти шарт ачып, качса кутулуп кетердей чыгып кетти: – Мени атып ийсеңер да ушу...

Балтабаев даана угуп «кана, кимибиз чыдар экенбиз» деди өз ичинен.

Балтабаев ошол күнү кечинде эле бригадир Мусага айтып, иш бергизбей койгон.

Шалпык койго барган жок. Бул эки ай ичинде иш бербеген соң, тамында иштеди: шыбагын шыбады, шыйпаңын тургузду, эми кыйын иштеринен кум шыбак, печ салдырыш, морлорун уруш – мунун баарын өзүм эле бүтүрөм деген ойдо.

– Кандай, Шалпык? – деди азыр Балтабаев анын башаягына жүлжүйгөн кичирээк, сүрдүү көзү менен жазбай тиктеп туруп, – Иштер жакшыбы?

– Жакшы деле эмес. Муса аке болсо иш бербейт...

– Берилбейт, –деди Балтабаев анын оозунан сөздү жыра тартып. Шалпык мөгдүрөй жер карап, туруп калды.

– Койго барасыңбы?

– Барбайм, раис, – деди Шалпык таптакыр айласы түгөнгөндүгүн билдирип, – барбайм. Кызыл чиедей балдарым менен эми мага мал багыш кайда, бир жагынан тамымды бүтүрбөсөм...Аялым да оорукчан болсо...

Балтабаев унчукпай калып анан сүйлөдү:

– Чөптү оруп, үйүңдүн жанына чыкыйтып жыйып коюпсуң, тамды ишке чыкпай бүтүрүп жатасың, албетте, тил албайсың да.

– Кантии ишке чыкпай?

Балтабаев унчуккан жок.

– Кичине чөп оруп койдум.

– Азыр чөбүңдү машиналар менен ташытып ортолукка алдырып кетебиз. Сени алаксыткан тамыңды тептегиз кылдырам...

– Айланайын раис, ошо чөп менен жалгыз уйду кыштан чыгарбасак балдарды сүтсүз багалабызбы?

– Болду. Мен сага үчүнчү жолу эскерттим.

Балтабаев талаа шыйпаңындагы телефонго барып, мастерскаяга телефон чалды.

– Тагайсыңбы? Азыр эки машина жибер... Эмне? Анан бульдозерду. Ооба. Ишиң болбосун. Анан бульдозерду. Ооба. Бульдозерду. Жибер дегенден кийин жибере бербейсиңби? Анан кийин... Азыр жибер.

Бул учурда Садык башкы инженер Тагайдын азыр кантип шашпай сүйлөп жатканын көз алдына элестетип турду.

– Раис, – деди Шалпык эми чындап сестенип, – ырайым кылыңыз. Көзүңүз көрүп турат шартымы...

Балтабаев нары басып кетти. Шалпык болсо ордунда мүрзө болуп көпкө туруп калды, анан Балтабаевдин артынан басып келип унчукту:

– Өзүңүз билесиз атам өмүр бою кой артында жүрүп жайлоодо өлдү. Талаага көөмп кое албай жүктөп келдик. Салып койгон үйү жок экен, сөөгүн бир күн кармап турар үй таппай калдыкко... Мен да он жыл кой артында жүрүп, дал ошондой болдум да. Кыш күнү кайсы жерге кышта десеңер кыштадым, кыш күнү алачыкта отуруп чыккан жылдарым да болду. Туурабы? Акыры аялым оорукчан болуп, шай кеткенде арызданып жүрүп араң койдон чыккамын. Бир жагынан балдар чоңоюп келатат, бир баш калкалар үй салып берейин... Аялым экөөбүздүн баш кошуп, ушу төрт балалуу болгонго чейинки тилегибиз, арзуубуз бир үй...

Шалпык аптыгып токтоп калды, оозу кымтылбай, кемтик тиши көрүнүп турду.

– Тамың бүтөт, а койго барасың.

Шалпык күржүңдөп шарт бурулду да, күрп этти:

– Эмне десең ошо де! Зордоп баргыза албайсың, асманыңды таштасаң да кудайдан көрдүм...

Бир саат өтпөй эки машина келип, көчөнүн эң башына жаңы салып жаткан Шалпыктын тамынын жанына токтоду. Шалпык үйүнөн чыкпай койду.

– Салгыла! – деди Балтабаев жыйылган чөптү көрсөтүп. Балбан жигиттер чөптү бир паста эки машинага басып, төмөн көздөй зуулдатып алып кирип кетишти.

– Ачкыла мынабу орону! – деди Балтабаев мака паянын ортосундагы томпойгон орону көрсөтүп.– Колхозго иштебесе. Бул эгин колхоз жеринен алынган түшүм, колхоз кампасына барат.

– Эми коё турбайсызбы, раис, –деди ак жегде көйнөгүн кымтыланып бригадир Муса, – бир күн ойлонушуп баксын, катын-баласы менен кеңешсин.

– Адилеттик болбой калат ко, аксакал – деди Садык, Балтабаевди жандай басып акырын гана. – Законго да, уставга да ылайык келбей калар бекен....

– Келет. Колхоздон чыгарабыз. Иштебеген киши колхоз жеринде туруууга да акысы жок. Тамын көчүрүп кетсин, болбосо бульдозер менен тегиздетем.

Балтабаевдин сулууча жүзү кумсарып, жүлжүйгөн кырпыт көзүнөн заары чыгып турган болучу.

– Колхоздон али чыгарыла элек да, аксакал. Бул законсуздук, – деди Садык.

– Балтабаев ойлоно калды да, кара сакал бригадир Мусага буйрук берди:

– Тез арада адамдарыңы кырманга чогулт!

Муса ыңгыранып калды эле Балтабаев аны зекий тиктеди. Муса шарт бурулуп ылдамдай басты.

Бригадир Муса бир саат өтпөй гозо чаап жүргөн аялдарды, суучуларды, кырманчыларды топтоду.

Балтабаев тике туруп ачуулуу сүйлөгөн калыбында:

– «Ак-Таш» колхозунун жалпы чогулушу ачык, – деп жарыялады да,– азыр иш убакыт болгондуктан колхозду бүт чогултуп отурууга мүмкүн эмес, ошон үчүн чогулушту бригада-бригадада өткөрүүнү оң таптык. Карала турган маселе бирөө гана, – деди бир жаңылыкты күтүп дым этпей туруп калган адамдардын көздөрүнө биринен сала бирине карап.

Берки четтеги тиштери түшкөн абышка оозун ачкан бойдон, көзүн ыкшыйтып катып калган. Сол жактагы сулууча келин нары карай отуруп, мойнун бурган калыбында тиктеп турду. Кээ бир эркектер кыңтайып жамбаштап алышкан.

– Карала турган маселе, – деп Балтабаев дагы кайталады,– колхозчу Арыков Шалпыктын ишин талкуулоо.

Кишилер кичине күбүрөшө түшүп, тиги чыканактап жантайган Али өйдө түздөнө отурду.

– Шалпык эки ай бою колхоздун жумшаган ишине барбай, баш тартып, жеке кожо катары өз чарбасында иштеп жүргөнүн билесиңер. Мындайлар колхоз түзүлүшүнө жат элементтер деп аталат. Аларды токтоосуз жок кылуу керектиги айыл чарба уставында, закондо жазылган. Андайлар коллективдүүлүктү бузган, совет түзүлүшүнүн ачык душманы болуп эсептелет. Мындайларга...

Балтабаев, Шалпыкка коркунучтуу саясы айыптарды коюп келип, колхоздон чыгарылышын сунуш кыла тургандыгын билдирди.

– Кана, өзү айтсынчы,– деди кимдир бирөө.

– Эмнени айтат? – деди Балтабаев кайра суроо берип.

Эл дым боло түштү. Кимдир бирөө калп эле күрс-күрс жөтөлүп койду.

Чет жакта түнөрүп жер карап отурган Шалпыкка баары астыртан карап калышты. Бирок Шалпык ошо калыбынан жазган жок.

– Бир габини айтсын, – деди көк сакал Али. Эл дуу-дуу сүрөп кетишти.

Анан бригадир Муса жай өйдө туруп, бир аз токтоп калып улантты:

– Раистин Шалпык эки ай бою иштебей койду дегени чеки кеп эмес, – деди ал саал онтолоп. Анан раистин сөздөрүн кайталап келип, – анын сунушун колдобосо болбойт, себеби закүн ошону илтимас кылат.

Анан көк сакал Али кол көтөрдү.

– Сүйлөңүз, Али аке, – деди раис.

– Бу гапни түпүга чүчүнмадим. Колхоздон чикаргани нима? Унга адамлар айбдар болушлугу керекми, яки болаверадими? А хуп, а шу ткаргандан кегин нема болади? Аввал шунга жооп беринг, раис?

– Чыгарылгандан кийин колхоз жеринде тура албайт. – Балтабаев жооп берди.

– Катын-баласы нима болади?

– Катын-баласын алып кетет, үй-жайын колхоз өзү билет.

– Ко-ош, энди, – деди Али ар бир сөзүн адам зеригердей тапталап сүйлөп, – Шалпык эки ай ишламади дединглар. Угушумча өзинглар иш бермас экенсизлар у? Шундайми, Муса?

Муса бир алдын башын ийкеп, анан кайта кошумчалап жиберди:

– Жумшаган иштен баш тартканы чын.

– Согушта, – деп Балтабаев сөз кыпчый койду, – командири жумшаган жакка барбаган солдатты ошол жерде эле атып салат.

– Оо, унда закун катык экан, – деп койду Али дагы ойлонуп,– иши кылып, бир бечарани күйгүзүп иймайдагон юли болмасмикин?

– Сен, Али аке, – деп Балтабаев ордунан тура калды, – Шалпык сыңары колхозду каалабаган кишисиң. Уставдан ашык бир уюң бар. Аны колхоз азыр алдырып коюуга акысы бар. Тээтиги үй сеникиби? – деди Балтабаев аны зекий, тумшуктун алдындагы бактуу үйдү көрсөтүп, – карачы, чаркарыңдын башына колхоздун чөбүн оруп зыңгыратып жыйып алыпсың. Айыл чарба артелинин уставын бузуучулардын бири сенсиң, уктуңбу?

Али чал шалдая түшүп, оозуна сөз кирбей калды.

– Э балдар, – деди алиги тиши жок оозун кымтый албай отурган кичине абышка, сөз деле сурабай, ордунан эле чөгөлөй калып унчугуп, – бир тенге берип айттыра албайт да, миң тенге берип койдура албайт деген лакап бар. Ошо Шалпык ырысы жокко мынча асыласыңар, багам деп каалагандарга кармата бербейсиңерби, жаңжалдын эмне кереги бар?

– А Шалпык эмне үчүн барбайт?

Балтабаев күрп этип унчукту.

– Барбаганын мен кайдан билем? – деди тиши жок чал ийнин кысып.

– Эй, карт бөрү, – деди Балтабаев тиши жок арык чалга колун кезгеп, – сенин өлөрүң калды. Эл бузганды коюп жөн жүрсөңчү.

– Эмнени буздум? – деди чал жээги кызарган көзүн кыбың-кыбың ирмеп.

– Бүткөн ишти бузуп атканың жокпу азыр?

– Э айланайын, – деди чал күрсүнө унчугуп, колун терс шилтей берип, – өзүң каалайт экенсиң, чыгарат экенсиң, чыгармактан жүз чыгар, неге биздин ортобузга салымыш болосуң аны?

– Эй чал, ачык айт деп атам мен!

– Жүз жолу чыгар. Мына эки колуму тең көтөрөм.

Чал тизелеген боюнча эки колун тең көтөрүп жиберди.

– Кана, аялдар силерчи?

Эч ким унчуккан жок. Алиги сулууча келин мойнун кылчайтып бурган калыбында жылмайып койду.

– Тур айт, сен, – деди Балтабаев ага карай баш эчкеп.

Келин кызарып кетти.

– Эмне айтат элем?

– Чыгарылсынбы деп атам.

– Эмне десеңер өзүңөр билесиңер да.

Балтабаев ишенимдүү үн менен улады:

– Беш адам сүйлөдү, бир гана сунуш болду. Колго салуунун кереги жок деп ойлойм. Кандай дейсиңер?

Эң мурун бригадир Муса баш ийкеди.

Токтом жазып жаткан табелчиге карай кылчайды Балтабаев.

– Колхозчулардын бул жалпы чогулушунун токтому бардык бригадаларда кеңири иштелип чыгылсын деген пункт киргиз эң аягына.

Чогулуш тарагандан көп өтпөй, бая чакырткан бульдозер да келип токтоду. Анын рулунда дулдуйган бети калың, дүлөй чалыш жашыраак кара жигит отурат. Балтабаев дудуктун сыңары жаңсап белги берип жатты. Бул мотордун үнүнөн уламбы, же кулагынын оордугунанбы, Садык ажырата алган жок.

– Көрдүңөрбү мурдун балта кеспейт, – деди Балтабаев, баятан чогулушта да бир ооз кеп кошуп «койгула, барайын» дегендин ордуна көгүнө таянып үнсүз туруп кетип, эми жаңы салынган үйүнүн дубалына сүйөнө былк этпей түнөрүп ачуулуу отурган Шалпыкты көрсөтүп.

Балтабаев тиштенип унчукту.

– Көрдүңбү мунун закончусун. Охо, бу дымак байлап калган экен го. Кана, чындашып көрөлүчү, чыдаган бөрү май чычат дейт.

Садык менен бригадир Муса арыктын кырына келип токтоп калышты. Балтабаев андан жепжеңил секирип өттү да, моторун дүкүлдөтүп бульдозердун рулунда отурган кара жигитти кол шилтеп чакырды. Алиги өзү түтүктөп колуна кармап алган токтом кагазды көрсөтүп, анан дудуктун сыңары ага колун шилтеп түшүндүрдү.

Балтабаев колун кескин жаңсады. Дүлөй чалыш кара неме бульдозердун мурдуна илген калканын төмөндөтүп, газды басып, тупатуура үйдү көздөй салды: кынаптап жыйып койгон бир карам кышты жайната коюп сүрүп барып, жаңы үйдүн айбанынын бир канатын темир калкандын учу менен челип өткөндө, дубалдын этектей жери чалкасынан кетип чаңый түштү.

– А-ай!

Үйдөн чала кийине чаркырап жүгүрүп чыккан узун бойлуу, жыгачтай каткан арык аял бульдозердун алдына чарпылып барып жыгылды. Анын ачуу үнү жер менен көккө жете түшкөндөй болду:

– Айланайындар, бул эмне дегениңер? Мени бастыр!.. Анан дубалды, анан…

– Ай, ай, раис сабыр кылың, сабыр кылың!..– деди бригадир Муса аябай шашып калып, – ачууңузду жутуң. Акмакка теңелбең.

– Кандай кеп болуп кетти, аксакал! – деди Садык түшүнө бербей, тиги аялдын үнүнөн улам жүрөгү солк этүүдөн энтигип.

Балтабаев:

– Колхоз душманына бир ууч топурак жок. Жексен кыламын мен муну!..

Дүлөй чалыш кара бульдозерист алиги узун бойлуу арык аялдын бүткүл үмүт-тилегинен түбөлүк ажырап бараткандай жандан кечип кыйкырып жыгылышынан уламбы, же өзүнүн адамдык кейпи ошо беле, салаңдап ачылган ээгин кымтый албай, таш болуп катып калды.

Чатак кеч басылды.

Шалпык эртең менен конторага бармай болду.

Бульдозерду Балтабаев эшик алдына токтоткон бойдон калтырды.

Садык өзүнүн алда кандай бир жаман абалга келип турганын сезди, жүрөгү кысылгансып, ийнин кагып араң дем алып жатты.

Машинасынын арткы отургучунда Балтабаев да ачуулуу эле, ошон үчүн көпкө чейин эч ким озунуп сөз кошкон жок. Шофер да тилин кескендей үнсүз. Ал машинанын фары жарык кылган өңгүл-дөңгүл чаңдуу жолдон тикирейип көз албайт.

Балтабаев тамеки жандырып бир-эки сорду да, кекээрлүү унчукту:

– Сага көрсөтпөсөм, атаганандын оозун урайын. Эзелтен ушундай, желкесинде көк тарамышы бар. Карап тур, мен аны кандай кыркар экемин... Өлалбай жатып дымагы чоң. Жөн эле иштегенди билсечи, нааразы болгонду ким койду ушуга. Жаман оюн басып таштабасаң, башкалар укса да «ырас эле бейм» деши мүмкүн.

Ал унчукпай калгандан кийин Садык акырын сөз кошуп койду:

– Кантсе да жакшы болбоду го...

– Жакшы болду. Ар кандай каршылыктын мизин кайтарбаса иш жүрөбү? Колхоз башкармасына шек келтиримиш болот экен. Кап-кайдагы жаман ойдун башына түшө калганын кара...

– Мүмкүн, бирок, түшүндүрүп, алы-чагына караштырса да болор эле дейм да. Мейли, ойлосо каалаганындай ойлосун.

– Хе, – деди Балтабаев тигинин балалыгын ого бетер бекемдегендей, – колхоз бир адам эмес да... Зыңгыратып катуу кармабай, алы-чагын угуп отурсаң ар кимдин башына түшө калган жаман оюн эсепке ала берсең эч ким иштебейт.

– Колхозго коркконунан эмес, өз кызыкчылыгы үчүн иштесин да...

– А кокуй, сен бала экенсиң го. Катуу кол керек, бир күн бошоңдотсоң эле өз огородун чукулайт. Бир коюн эки кой кылсам деп ошонун аркасынан түшөт.

Садык бир унчукпай калып анан минтип кошумчалады:

– Огородун чукулабаска да болбойт да, аксакал. Колхоз бир жылы көп берсе, бир жылы аз берип калып атат. Куру кол калган жылдар да жок эмес болучу кечээ эле...

Балтабаев бул сөздүн маанисин байкабай калдыбы, же атайы сүрүп кеткиси келдиби, ал дагы өткөнүнө кетти:

– Мен раис болгондо үч колхоз бирикти. Баш-аламан, тартип жок. Колхоздон бир кило эгин албайт. Түшүндүрүп көрчү. Эки-үч жылы ар кимисине бир жалынып дубана болуп кеттим. Карасам боло турган эмес, бир нерсе кылыш керек эле. Тартип орнотоюн дедим, темирдей тартип! Бара-бара чымыратканга өттүм, ыштанына сийдирдим көбүн... Качканын кармап алып кестирдим. Кана, оңолбогон ишти көрөйүн? Оозго кирдик. Мактоого алындык. Мына азыркы абалды болсо өзүң көрүп турасың.

– Албетте, ал убак бир убак эле, азыр башка убак. Мезгилдин ролун да унутпаш керек... Алигинтүү ишенимдүү ыкма эмес ко...

– О кокуй сен башка ойлойт турбайсыңбы, –деди Балтабаев сулууча жүзүнө эми жылмаюу жүгүртүп, сыр тарткан жүлжүгүй көзүнө от кире түшкөнсүп,– азыр бошоңдотсоң эле ошентип кетүүгө даяр. Темирдей тартиптен эч ким зыян тартпайт. Бир кишинин айтканы айткандай, дегени дегендей аткарылып турушу керек да. «Көп суур ийин казбайт, казса кең казбайт» деген макал бар.

Садык эми көпкө чейин унчукпай кете берди. Балтабаевдин бул ыкмалары аны көп ойго салбай койбойт эле. «Ырас эле, балким катуу кол болбосо болобу? Өкмөт да бекеринен айтып жаткан эместир...»

Садык конторага эртең менен эрте барды. Ага карабай ташбакадай жалпайган Шалпык менен куба жүлүн узун бойлуу арык аялы Бүбүкан да Балтабаевдин үстүндө экен.

Балтабаев телефонду карс катуу койду да, кабагын саал бүркөп, көзүн жүлжүйтүп бет-маңдай отурган эрди-катынга таштады. Шалпыктын аялы Бүбүкан арык жүзүнөн ого бетер каны качып, чоңураак көздөрүн балп-балп ирмеп алда нени күткөндөй сестенип раистин жүзүнө карап турду.

– Кана, келипсинер? Айткыла оюңарды, – деди Балтабаев эрди-катынга алма-телме карап.

Шалпык түнү бою ойлонгон. Шаардагы пахта заводунда иштеген тагасын, анын 8 саат иштеп, таза кийинип басып жүргөнүн, үй ичин эстеди. Бир жолу ал «келип иштебейсиңби» дегенин түшүрдү эсине. Бирок шаарга барууга паспорту жок экенин эстеп, ындыны өчтү. Анан адилеттик издеп сельсоветтин председателине барган. Мына, ал мурутун чычайтып кошо келип отурат.

– Жолдош Балтабаев, – деди чычайган мурутуна көк аралаган сельсоветтин председатели, – мен дагы ушу Шалпыктын иши боюнча келдим.

– Сен эмне үчүн буга аралашасың? – деди Балтабаев баштаган эле жерден председателдин сөзүн бууп.

– Мага арызданып барды.

– Эмне бийлигиң бар сенин?

– Э, – деди председатель мурутун жанып обдулуп, – жергиликтүү өкмөтүбүз биз.

– Анда сен туулган балдарга күбөлүк жаз да, сурагандарга справка бер. Башка бийлигиң жок. Уктуңбу?

Чийбаркут пиджагынын жакалары бүктөлгөн председатель көзүн кыбың-кыбың ирмеп, чекчейип туруп калды.

– Башканын ишине кийлигишкенди коюп жөнөгүн!

– Өкмөт бар, анын бийлиги бар.

– Бийлигиң болсо бир сындырым нан бериш колуңан келеби?

Председатель кичине кержеңдеп бир нерсе айтмак болгондо, Балтабаев андан мурун кекетип айтты:

– Сен кичине сээр байлап калган окшойсуң? Өкүнүп калбагын!..

Председатель мурутун чычайтып сестене түштү.

– Жөнөгүн. Сени менен ишим жок. Сүйлөшпөйм. – Балтабаев телефондун кулагын бурады.

Председатель бир аз туруп, анан жылып чыга берди. Балтабаев анан Шалпыкка кайрылды:

– Сен үчүн, Шалпык, бүгүн жалпы чогулуш чакырамын, анан барып тамыңдын ордун тегиздетемин. Законуң мага эч нерсе эмес, тамды сен уруксат берилбеген жерге салгансың, ал жерден канал өтөт, уктуңбу, кадырың жам болсун, бүгүн тептегиз кылдырам бульдозер менен...

– Айтпайсыңбы!..– деди Шалпыктын купкуу арык аялы баятан араң тиштенсе да, тамын айтканда эрин капталга нукуп.– Макул дебейсиңби, өлүп кетсең да. Айланайын, раис, багат, мына, мен айтып атпайымбы. Багабыз, ачууңузду жутудуз.

Балтабаев чыйрала түштү:

– Колхоздон чыгарылбаганда да, ушул абалыңда сот-тотуп кестирип жиберейинби? Элди тетири үгүттөдүң. Эмгек минимуму дегенди уккансыңбы? Сеники толмок турсун, эки ай ичинде бирөө да жок. Болду, жөнө, сени менен эми сүйлөшпөйм.

–Айланайын раис! – деп Бүбүкан сөлөкөттөй арык болуп тура калды – Барат. Багат. Бакпаган кишини көрөм. Ал бакпаса, мен багам...– Үзүл-кесил уңулдап ыйлап жиберди.

Шалпык шылкыйып отуруп калды.

## VI

Садык алдыда келе жаткан күзгү компанияга байланыштуу колхоз боюнча жыйым-теримдин өндүрүштүк

планын түзүп чыкты. Садык бардык мүмкүнчүлүгүн, билимин сарп кылып, натыйжанын жакшы болушун, пайдалуу болушун каалады.

Кечинде колхоз правлениясы аны карады, талкууга алды. Эң башкысы Балтабаевге жаккан жок–ал кыжырданды, четке кагып таштады, жаратпай салды. Балким, аныкы туурадыр, ал – дыйкан, ал – тажрыйбалуу жетекчи, чоң чарбанын көп жылдан берки ээси, бирок, туура эмес экендигине Садыкты ишендирип, көзүнө далилдеп көрсөтүп койбойбу.

Садыктын түзгөн өндүрүштүк планынын негизги багыты мына мындай болучу: ал мамлекетке пахта сатуу боюнча пландын аткарылышын 5-ноябрга белгилеген (область да ушу мөөнөткө бүтмөк), анан ал пахтаны терип алуунун негизги бөлүгүн колхоздун өзүнүн ички күчтөрүнүн үлүшүнө эсептеди. Сырттан келүүчү жардамчы күчтөрдүн иши пландын ушу сроктон мурда аткарылышын гана тездетмек. Ал күчтөрдү да колхоз пландын 60–70 процентине барып калганда чакырууну болжоду. Ошондо элге да, жардамчыларга да пайдалуу... Чатак ушу жерден чыкты.

Биринчи эле сөз милдеттеменин аткарылышынын срогу жөнүндө болду.

– Эмне үчүн 5-ноябрь? – деди Балтабаев сулууча келген ак жүздүү бетине каны тээп кызарып.

Колхоз активдери бир ооз сөз кошпой, балык болуп үнсүз турушту.

Өзүбүздөгү күчтөрдүн мүмкүнчүлүгүн, жана экономикалык натыйжалуулукту эске алганда ушуга туура келет экен.

Садык иштин жайын терең үйрөнгөн киши катары ишенимдүү айтты.

– Иги, –деди Балтабаев саал кекээрлүү.

– Областтын срогу да ошол учурга белгиленген эмеспи.

Балтабаев бүркүттөй жалт моюн буруп, Садыктын жүзүнө тике карады:

– Биз колдон келсе областтан он күн же он беш күн мурда толтуруу үчүн күрөшүүбүз керек. Ансыз бизге кызыкчылыгы кайсы?

– Мен өзүбүздөгү күчтөрдүн максималдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алдым. Элдин пайдасын ойлодум.

Туткакташа сөз кайтарган Садыкка кыжыры келген Балтабаев өзүн араң токтотуп тамеки жандырды.

– Жардамчылардын үлүшү эмне үчүн мынча аз? Бизге эки техникумдан үч жүздөн ашык теримчи келерин билесиңби? Обкомдун бюросунда бөлүнүп коюлду. Өзүбүздөгү мектептерди жабабыз эки айга, керек болсо үч айга... Мына күч.

– Анчанын кереги не? Биз өз колхозчуларыбыздын ар биринин жеке кызыкчылыгын унутушубуз жарайбы? Ойлонуңузчу, аксакал, колхозчулар жыл бою жөөктө түнөп пахтаны өстүрөт. Терилген ар бир килограмм пахтада алардын эмгеги турат. Колхозчулар ошол өз акчасын эми бир-бирден эсептеп алар күнгө келгенде, мурда эмгегин кошпогон башка бирөөлөр шыпырып алып кете берет. Эл үчүн бул адилеттик болбос. Эл өз мээнетин өзү жыйнап алсын. Беш күн мурда бүтүүнү гана максат кылбай, адамдардын материалдык кызыкчылыгын да эсепке алышыбыз керек.

– Эй, сен эле элди ойлоп, биз элди таштап жиберди деп жүрөсүңбү? Сен билесиңби, эл үчүн деп бул колхоздун даңкын кандай гана күч, кандай гана эмгек жумшап көтөргөнүбүздү? Эми колхозчулар беш-он сомдон ашык акча таап алсын деп, колхоз атын таштап жиберишибиз керекпи? Биз да партиялык мектепте анча-мынча окуганбыз,– деди Балтабаев кекетип,– коллективдин кызыкчылыгы деген бар, жеке адамдын кызыкчылыгы деген бар. Ар бир кишинин пайдасы деп анархияга түшүп кетпесибиз керек биз.

– Жок, мен андай ойлобойм. Ар бир кишинин кызыкчылыгы деле коллективдин кызыкчылыгын түзөт.

Коллективдин кызыкчылыгы ар бир адамдын жеке кызыкчылыгына байланышса гана бекем болот. Мен өз эсебимде ошону жетекчиликке алдым.

– Эсептегениң көрүнүп турат. Жекечилдикке таянышыбыз керек экен да, а партия, коллективизм деп жатканы бекерби? Сендейлерди народник деп жектеген партия.

– Ал таптакыр башка маселе, раис аке.

–А биз көрүп турабыз. – Байдылла саясий кыраакылыгын атайын баса белгилегиси келди.

Экөө тең унчугушпай тиктешип калышты.

– Бул иштин бир жагы. Антпегенде да өзүбүз теребиз деп отуруп, түшүмдү карга калтырышыбыз керекпи?

Биз расчётту ар убак өз күчүбүзгө гана түзүшүбүз керек. Жардамчы күч аны ылдамдатканга гана түрткү бергендей болсун. Талаадагы күчкө түзүлгөн расчётто өнүгүштүн ритми бузулат. План да график да жогортон берилбей, биздин мүмкүнчүлүктөрдүн негизинде пайда болушу керек. Экономикалык закон муну талап кылат.

– Биз сенин акылыңызсыз эле планды аткарып, борбордон тарта жакшы сөздөр угуп жүргөнбүз.

– Кеп жалаң мактоо, даңк алуу эмес. Иштин экинчи жагын да унутпообуз керек.

– Кайсы жагын? Көкөлөп асманда жүргөнүңдүбү? Турмуш, чарба сенин кыялыңдай эмес...

– Жеке гана сиздин кыялыңызда тургандай да эмес. Биз бири-бирибизди түшүнүшүбүз зарыл.

– Эмнеңди түшүнөм, мен сенин? Менин максатым куру кыял гана эмес, планды аткаруу, колхозду көтөрүү... Мен дыйканмын. Мына! – деди Балтабаев алакынын бери суна көрсөтүп.

– Түшүнөсүз баары бир,– деди Садык өжөрлөнүп,– бүгүн болбосо эртең түшүнөсүз.

– Сенби түшүндүрө турган?

– Мен! Мен болбосом турмуш чындыгы...

– Охо-о, ушундайбы?... Көрүшөт экенбиз!

– Көрүшөбүз! Биздин пикир келишпестигибиздин тамыры өтө терең. Бул экөөбүздүн тим эле кыжың-пыжыңыбыз эмес, зор социалдык нерсе...

– Ушундай де!

– Ушундай!..

Активдер баятан дым болуп тиктеп турушат.

Кыжыры ташыган Балтабаев кантип болсо да жеңип чыккысы келди:

– Мен! Мен башым менен иштеген адаммын.– Ал Садыктын түзгөн планын алдына ыргытып таштады да, бухгалтер Жапакка кылчайды: – Апкел технологиялык планды...

Ал китепчени бarray ачты да, ишенимдүү үн чыгарды:

– Жаз!..

Балтабаев өндүрүштүк пландын кандайча түзүүнүн багытын өзү айта баштады.

* * *

Эшиктин тарс-тарс кагылышынан улам Садык да, Айнура да чочуп ойгонуп кетишти: таң абдан ата электиктен үй ичи мунарып буурул жарык.

Садык жүгүрүп барып эшик ачты эле, жылуу тонунун белин ак куру менен кынжырдай бекем тарта беш-алты ороп байланып, ак мурутуна. өскөлөңүрөөк ак каштарына муз тоңгон Миңбай көрүндү.

– Эй, Миңбай ата? – чочуп кетти Садык.

Миңбай кар шилеп келген этек-жеңин да кагынбай үйгө кирди. Анын деминен көк буу буркурайт. Миңбайдын кийинкн кездерде бир топ тыңып кеткенин, төшөктө жатпай сырттa басып калганын Садык жакшы билет – өз атасы төшөктөн туруп кеткенсип кандайдыр бир сезим аны кубантат.

– Э, түнү бою тынганыбыз жок,– деди Миңбай этегин кагынбай күрсүнө көчүк басып.

– Эмне кеп? – деди. Садык чыдай албай кетти.

– Ээ, алиги Шалпыктын катыны тээ Ак-Тerektегi мал кыштоодо пендечилик кылган экен, эл жата киши жибериптир.

– Байкуш ай, – деди Садык негедир жүрөгү солк этип, көөдөнүн сезилерлик суук нерсе аралап кетип.

– Суук үй... Көк муштум болгон кызыл чиедей балдар... Бир жагынан түбү түшкөнбү, күн өчүккөндөй боройлоп... кыйналганды айтпа...

Миңбай муундары бөлтөйүп-бөлтөйүп чоң көрүнүп, бармак баштары чарт жарылган шадылуу колдорун шуудуратып укалап койду. Эмне болду анан?

– Апкелдик. Табытын кудай урган Шалпык атта жүрө албай, өзүм өңөрүп келдим. Колум такыр үшүп калды.

Ал колун шуудуратып дагы ушалады.

Жанатан дарбазага паанектей тартып кийинип, эки кулагы сөздө турган Айнура аралаша кетти:

– Ай, несчастная, месяца мурда биздин больницада жаткан. Дагы жат дегенмин, болбойт. Аныкы абдан обостренный женская болезнь болчу. Суук тийүүдөн баары.

– Жеткен ажал да, – деди Миңбай камырабай, Айнуранын кандай оору дегенине маани бербей.

– Ай ушу кыштак аялдары өздөрү түшүнбөйт, төрөйт да, үч күндөн кийин туруп кетишет. Үйүндө болгомун, суук. Антип мал багып эмне зарыл, түшүнбөйм, вот люди.

– Ээ балам, малды да бирөө бакпаса болобу... иши кылып жеткен ажал.

Садык болсо баягы узун бойлуу, өңү купкуу Бүбүканды көз алдына таптак келтирди, негедир, «Багат, ал бакпаса мен багам» деп эринен мурун Балтабаевдин астында ордунан тура калганын эстеди.

Садык азыр барганында Шалпык сары тонунун белин кындай курчанып, таягына өбөктөй, ары-бери жөөжелип өкүрүп турган экен:

– Гүлжарымдан айрылдым ой,
– Түгөйүмдөн айрылдым ой...

Анын жалпак кара бети ылдый жашы жууп турган эле. Шалпыктын көзүнө, кыязы азыр эч нерсе илинбей, анын бардык сезүүсү, акыл-ою өзүнүн ички сезимине, жүрөгүн өйүгөн ысык күйүткө бурулуп турганына Садык кадиксиз ишенип, көзүнө жаш каканактап толуп чыкты. Таягына сүйөнө нары-бери жөө желген Шалпыктын элесин да айланасындагы башка адамдарды да көрө албай калды. Садык үйгө кирди: бир токтолгон аял, дагы бир-эки орто жаш аял, анан чөжөдөй жебиреген балдар өлүктү тегерете отурушуп ыйлап жатышкан эле. Карт аял тынымсыз боздойт. Чыркыраган балдардын үндөрү найза болуп Садыктын жүрөгүн эсепсиз тепчий сайгылап жатты. Ал чыдай албай кайра сыртка бет алды, дасоромолу менен жүзүн сүртүнүп, көзүнүн жээктери кызарып чыкты.

Ал көптө барып өзүн колго алып токтотту.

Миңбай ичкерээк бир чыбыкты колуна кармап өлүк жаткан Шалпыктын жаңы үйү менен тамак-аш жасалган коңшу үйдүн аралыгында, бирде анысына, бирде мунусуна басып–өлүк жаткан үйгө барса, өкүрүп жаткан Шалпыкты, анда турган мойсопут адамдарды тегерете өзүнө чакырып, өлүктү көргө коюу салты боюнча аны антели, тигини тигинтели дейт. Анан карындаш-урукка кабар бериш керектигин айтат. Тамак-аш жасаган үйгө барса: ноопазды тиги жерге сойгула, кана эки кемеге оюп жибер, Жусуп, сен эки чоң казан таап келе кой деп дагы бирин жумшайт.

Мындай кишиликтүү адамдар ар бир айылда бар: жамандыкта болсун, жакшылыкта болсун көзүңө бир көрүнөт. Ал тууганың да эмес, уругуң да эмес, ал мында иш үчүн сенден эч нерсе тилебейт да, аны адамгерчилик милдети, адамдык таза абийири гана түртөт. Ырас, андай айылдын нускасы болгон адамдарсыз той-тамаша

сыяктуу жакшылык иш жакшылык тартибинде, өлүм-өксүк сыяктуу жамандык иш өз салтында өтө алмакпы? Адамдардын адамдык улуулугу, адамгерчилиги ушуларда эмеспи...

Күн көтөрүлө берген ченде артынан жаңы жааган кардын тозоңун учуруп, «ГАЗ-69» машинасы менен Балтабаев келип түштү да, салт боюнча өлүк жаткан үйдү көздөй басып, үнүн акырын бөлүп-бөлүп чыгарды:

– Ой, боорум ой...

Ызасы ичке толуп бук болуп турган эрке бала атасын көрүп бакырып ыйлап кое берген сыңары ташбакадай жалпайган Шалпык а дээрге алы калбай, көз жашын төгө өңгөчүн тартып күркүрөдү:

– Гүлжарымдан айрылдым ой,
– Түгөйүмдөн айрылдым ой...

Балтабаев жүлжүйгөн көп сырлуу көзүн ак дасоромолу менен аарчыган болуп, Шалпыктын колун кармап кайрат айтты:

– Бел байла. Кайрат кыл. Сен минтсең, анан балдарың жашый бербейби? Өлгөндү ый менен ким тирилткен? Кой, жашык болбо. Жеткен ажалга чара жок...

Шалпык бардык сезимин билдиргендей өпкөлөп өзүн токтото албады.

– Кантип атасыңар, Миңбай аке? – деди Балтабаев анан бери кайрылып.

– Сиздин келишиңизди күтүп турабыз.– Балтабаев топтолуп турган адамдар жакка басып унчукту:

– Кем-өксүгү бар бекен, билдиңерби?

– Ээ раис, ушу талаа-түздө жүргөн Шалпыкта эмне бар дейсиз? Эч нерсе жок. Беш метр актык да чыкпады түркөйдүн үйүнөн. Бир ноопазы бар экен, ошону сойдуруп атам. Калганы мына сиз менен чечилет.

Балтабаев унчукпай калып, анан адамдарга угуза сүйлөдү:

– Өлүмдөн катуу нерсе барбы, беребиз баарын.

– Ырас айтат раис, кийин Шалпыктын эмгегинен...– деп кимдир бирөө күбүрөй баштаганда, Балтабаев аны атайылап кесе сүйлөдү:

– Жазылбайт Шалпыкка, балдарын баксын ал. Жамандык, жакшылыкта кол кабыш болбосо, ал колхозбу?

– Бали, атаңа ыракмат. Азамат экенсиң! – деди үксүйгөн тон кийген башка айылдык үзүктөй чоң абышка бак-бак унчугуп.

Анын артынан адамдар да өз ара күңкүлдөштү:

– Ушун үчүн мартабасы көтөрүлүп отурат да. Бекер жеринен Балтабаев болуп отурган жок да!

Балтабаев буларды кулак учу менен илип, бирок байкамаксан болуп, башка буйруктарын айтып жатты:

– Сен, Тагай, – деди араң кыймылдап алдына басып келген башкы инженер Тагайга карап, – тез жетип үч машинаны ар каяктагы тууган уруктарына жибер. Ой, эсиңде болсун, саат төрт-беште көрүстөнгө алып чыгабыз, ошого үлгүрүшсүн.

Балтабаев негедир дагы кошумчалап койду:

– Туугандын туугандыгы ушундайда керек. Айткыла, дагы кайсы жерде бар?

– Калгандарына кабар кеткен, – деди Миңбай.

– Жапак, – деди Балтабаев дөңгөчкө көчүк басып отурган жалпак бет Жапакка карап. – Сен азыр барып мына бу Миңбай аке айткан күрүч, май болобу, ун болобу, кант-чай болобу, иши кылып керегинин баарын кампадан алып бер, жогун дүкөндөн... Жөнө. Кыш күнү кыска, сөөктү убакты чыгарганга үлгүрбөй калабыз...

Эми айрым чал-чабырлар Балтабаевге алкоону ачык айтып, ыракмат жаадырып жатышты.

– Табым жакшы эмес, – деди Балтабаев чайга отурганда.

– А куда, жакшы болуп кетесиз. – деди арык чал. Шалпыкты да киргизишти чай ууртап алууга.

Сөз Шалпыктын аялынын өлүмү жөнүндө кетти. Үч-төрт жылдан бери сүзөктөп жүргөнүн айтты кимдир бирөө. Балтабаев анын сөзүн бөлүп кетти:

– Жеткен ажалга чара барбы?

– Маңдайына жазылганы ошо, бүгүн бар да, эртең жок. Аны эч ким токтото албайт, – деп кошумчалады алиги үзүктөй чоң чал.

Шалпык чайын ууртабай Балтабаевдин оозун тиктейт.

– Көп кейий берчү эмес, Шалпык.

– Кантип кейибейм, аксакал, – деди Шалпык улутунуп, – өз тууганда кудай айткан эмес экен, Бүбүканым бир жагынан бир тууганым болуп калды эле. – Шалпык көз жашын каканактатты.

– Бала болбо, – деди Балтабаев, – мына биз тууганбыз. Тирүү болсоң сыйлашар, өлсөк ыйлашар мына бизбиз...

Шалпык ыраазылыктан каканактап толуп-ташып араң турду.

Садык ичтен суз. Көңүлү чөгүңкү тартты. Бүткүл тулкусу жүк баскандай оорлошконсуду. Эмне үчүн антерин да, балким, ооруп калганын да өзү ажырата албады. Астыртан Балтабаевге көңүл берип, анын кууланганына таң калып үнсүз.

Бешим ченде өлүктү чыгарууга камынышты: жаназага камынган сакалдуулар кыбыланы карап кыркар туруп калышкан. Жууп тайпындалган табытты эшикке алып чыгышмак болгондо, туура эмес таңылып калганбы, эшикке капталып, кайра нары киргизишти, анан дагы күйпөндөп жатышты. Маркум Бүбүкан ар убак тилек менен кыялындагы эң сонун арзуу болгон тамына өлгөндө гана төрүнө суналып бир жатып, азыр болсо чыкпаска аракеттенип каршылык көрсөткөндөй сезилип кетти Садыкка. Ал ошондо эсине кылт этип баягыда бульдозер менен урата койгон айбандын дубалын тиктеди: кимдир бирөө кесек аралаштыра саал өңгүл-дөңгүл уруп, анан үстүнөн ачыбаган ылай менен шыбаган экен, шыбаганда да андава

менен эмес, колу менен шыбагандыктан, салааларынын орду кырбууланып билинип турат. Садык «бул Бүбүкандын колу, анын колунун тагы» деди ичинен. Жүрөгү солк этип кетти. Анын көз алдына чала кийине жүгүрүп чыгып бульдозер алдына жыгылган учуру келе түштү.

Ый, чуу дым боло түштү. Жаназа окулду. Анан күйармандары акыркы жолу табытты тегеректей чуру-чуу түшүп ыйлап калышты. Садык Шалпыктын балдарын көрдү: алардын эң алды он жаштар чамасында, эң кичинеси экиге толуп-толо электей болучу.

– Апа... Апа... апа...– деп чырылдашты, биринен сала бири үн алышып, окшош кара балдар. Апа... апа... апа!..

Садык тике карай албай көзүнө жаш тегеренип, алкымы буулуп чыкты. Өпкөлөп ыйлап жиберүүдөн өзүн араң токтотту.

– Болду! Көтөргүлө! – деди Балтабаевдин үнү бүткүл чуунун үстүнөн чагылгандай кайпып өтүп.

Табытты колмо-кол көтөрүп жөнөштү. Садык бир учун ийнине койду...

* * *

Садык көрүстөнгө коюп кайткан соң туура үйүн көздөй салды. Жолката ал эч нерсеге көңүл бурбай өз ички абалы менен болуп келе берди.

Үйүнө кирип жазуу столуна отурду. Ак карда келгени үчүн үй ичи саал карангыраак сезилди.

Терезе аркылуу тээ алыска созулуп жаткан шейшептей аппак кар талаасын, дал кичирээк дөбөчөдөгү кара чекитти көрдү. Бул азыр эле алар коюп келген Бүбүкандын мүрзөсү болучу. Садыктын көңүлү саал муздаңкы тартып, кулагына сиңип калган ызы-чуу, ый кайра кайталанды.

Ал столуна үңкүйүп чыканактап көпкө чейин отура берди – анын ою тынымсыз иштеп жатты: ал адам жө-

нүндө, анын өмүрү, өлүмү жөнүндө ойлоду. Адамдын жашоосунун маңызы жөнүндө ойлоду... «Ырас, эле адамдын жашоосунун маңызы эмне? – деди өзүнө суроо берип, тигине Бүбүкан өлдү – кең талаанын бетинде болор-болбос көз учу урунган чекит – мүрзөсү калды. Али түндө бороон шыпырып аны да жаап салат. Демек, адам бар эле, мына эми жок... Дүйнөгө түркүк болуп калган эч ким болбоптур го! Мен да, тигил да, Балтабаев да өлөт. Алардын бири-биринен айырмасы эмнеде? Сыртынан карасаң эч кандай айырмасы жоктой: туулду, жашады, өлдү... Мына, Бүбүкан туулду, жетим өстү, анан Шалпыктын жылдызы тартты, баш кошту, бала төрөдү. Анткени, адам тукуму уланышы керек. Ал эми өз өмүрүндө эмне ойлоду? Эмне бүтүрдү? Өзүн адам катары сезип, адамдар арасында адамдык ордун ээлеп, кой артында жүргөн ушул он жылдагы өмүрүндө канчалык кубанычтарды да, кайгыларды да, күтүүлөрдү да, өз баалоосунда жыргалдарды да, азаптарды да өткөрбөдү? Анын баары өз турмушу менен тыгыз байланышкан: ыңаа деп көз жарып баланын үнүн уккан кубанычы, чатырап толгон жайлоо жыргалы, чилденин чыкыроонун алачык ичинде өткөргөн турмуш азабы, кер сары кылып өңүн бузуп сыздаткан оору азабы, мактоо угуп адамдар арасында өзүн адам катары сезген сыймыктуу сезимдер... Мына ушулар менен кошо акыркы жылдардагы тилеги өзүнчө жылуу-жумшак үйгө ээ болуу, аркасынан куушурган кара суукту сезбей, бала-чакасы менен маңдай-тескей отуруу, өзүн адам катары сезүү, бирөө менен бир ооз мамиле кылуу, колдон келсе бир кесе ашын берүү эле...»

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

### VII

Садык аны менен темир жол вокзалында карп-курп бетме-бет келе-түштү: бет алдында уюлгуган кара чачын төбөсүнө түргөн ак жүздүү сулуу аял катып туруп калган эле. Күтүүсүз Садыктын туйлап кеткен жүрөгү оозуна каптала түшүп, тили күрмөөгө келбей таш болуп калды.

Модалуу кийинип, кирпигине кир жукпастай таптаза көрүнгөн сонун аял төгүлгөн кирпигин жай-жай ирмеп, укмуштай сулуу көзүн Садыктын жүзүнөн албай турду.

– Ушул жердесиңби, Садык?.. Аял акырын сурады.

– Ооба, – деди Садык оозун араң кыбыратып. Анан өз кезегинде ал да сурады, – өзүңчү?

– Мен да...

Анан алар дагы унчугушпай калышты.

Вокзалда адамдар уйгу-туйгу жанданып, аларды ары-бери түрткүлөп өтүп жатышты. Бирок бул абал экөөнүн тең көңүлүн алаксыта алган жок.

Садыктын жаагы бек кабыша тиштенип турганын өзү да байкабай калды.

Убакыт өтүп жатты.

– Апа, бас. Поезд жөнөйт азыр, – деди аялдын колунан кармаган кыз шыбырап сүйлөп. Садык ошондо гана 11 –12 жаштар чамасындагы кызга көңүл бурду. Кыз апасына ушунчалык окшош эле.

«Заң» эттире коңгуроо кагылып, поезд жөнөөгө сигнал берилди Кыз менен аял поездди көздөй кол кармаша жүгүрүшүп, козголуп бараткан вагондун тепкичине асылышты.

Садык поездди жандай басып, анан тең жорто жүгүрдү. Бирок аял да, кыз да кайрылган жок. Терезелерден да көрүнүшпөдү.

Садык жүгүрүшүн токтотуп, узап бараткан поезддин артынан тиктеп, шалдайып туруп калды.

Эми Садыктын жүрөгү уйгу-туйгу болуп, башына ушул жолугушуудан башка эч нерсе түшпөй койду.

Үйүнө кеч кайтты.

Аялы отпускага чыгып, уулун алып Фрунзеге учуп кеткенине он күндөй болгон.

Үй ичи ээн, тыптынч эле. Садык сырт кийимдерин гана чечинип, бийик жаздана керебетине чалкасынан түшүп жатты. Бүгүнкү жолугушуу бир туруп түшүнө окшоп кетти.

Садык кийинки жылдарда атайлап көңүл бербей, ар убак дубал боорунда илинип турчу кыпкызыл өрүк комузду колуна алды.

«Дың-дың-дың...» Садык комузду жай күүлөдү. Анан беш манжасы менен шартылдатып чертпей, кылдарды илип тарта, бир созулуңку муңду кайрыды. Садыктын жүрөгү зырп этип, көңүлү алда кандай бир абалга келди. Ар убак бул күүнү черткенде Садыктын жүрөгү муңга толуп, чөгүңкү тартат. Анткени бул зор кайгыга, өчпөс жүрөк күйүтүн айткан күү. Тоо гүлүндөй толукшуп турган кыз өлүмүнө, арналган күү... Зор айрылуунун муңу... Муну черткенде Садык кыйналып кетчү. Ошон үчүн өзүн зордоп комузду колго албай койгон себеби да ушундан...

Садык бара-бара күүнүн ыргагына тазып, санагандай анда-санда бир муунап, муңдуу кайрып, аягын үстүңкү кылдын коңур үнү менен созуп жеткирет. Кайруудан да комуздун көмөкөйүндөгү күңгүрөнгөн басыңкы үн бир муңду дап-даана айтып жаткансыйт. Кимдин болсо да жүрөгү алда кандай кусалыкка жык толгондой, көөдөнү бир паста демделип чыгат.

Садык белгисиз багыттарды бет алып, күүнүн толкуну менен улам алыстап бараткансыды...

Ал азыр өзүнүн өспүрүм чагы менен аралашып жүрдү...

* * *

...Садыктын турмушундагы биринчи чукул бурулуш өзү онунчу класста окуп жаткан мезгилде күтүүсүз жерден башталган. Ага чейин өз кыштагында өсүп, анан жети жылдыкты окуп, сегизинчи класстан тарта портфелин колтырмачтап жонуна таңып, бир нече белес ашып орто мектепте окуп жүргөн. Ошол кездеги миңдеген кыргыз балдарына мүнөздүү адат боюнча, он жылдыкты бүткөн соң кандай окуу жайына баруу, кандай адистикке ээ болуу деген сыяктуу суроолор менен башын ооруткан эмес. Иши кылып, шаарга барып окуу жөнүндөгү бир ой көңүлүндө туруктуу ишеним катары жүрчү. Мында да кандай окуу жайында окуу жөнүндөгү маселе эмес, эң башкысы шаардан окуу деген жери маанилүү өзөгү болучу.

Күз келип, Садык онунчу класска бир нече күн бара баштаган. Дал ошол учурда кандайдыр бир алыс жакта мектеп директору болуп иштеген бир тууган тагасы келип калып:

– Жээним, шаарга окууга киргизип коеюнбу? – деди.

– Кантип? – деди чочуп кеткен Садык эти чымырап.

– Педагогия окуу жайына киргизем.

Садык эмне кыларын билбей көңүлү туйлады.

– Бир жылдан кийин адис болуп каласың. Иштеп айлык аласың. Дагы окуйм десең окуй бересиң.

Жанатан теше менен токулдатып жыгач жонуп, кетменин саптап, буга маани бербей отурган Балбак чалдын кулагына «айлык алат» деген жери шак дей түшүп, ал да ишин токтото кулак түрүп туруп калды. Өмүр бою айлык дегенди билбей, жер тырмап күн көргөн бүл дыйканга а сөздөрдү өз уулуна деги эп келбегендей өөн учуратты:

– Тентектигин токтото элек немеге айлык бермек беле? – деди. Балбак уулу Садыкты али бала эсептеген түшүнүгүнөн кайтпай.

– Жезде, – деди тиги түшүндүрүп,– окуу жайы тарбиялайт.

...Ошентин Садык Жалал-Абад шаарына келди.

Бул согуштан кийинки каатчылык жылдар болучу. Карточка системасы али жоюла элек. Жатаканалар да тынч эмес: күжүрмөндүн күнү тууп, билеги жоондун иши жүрүшүп турган учурлар... Садык жолдош-жоросуна сиңип, бир ууч талканына, бир сындырым нанына өзү ээ болгонго чейин окуу жылы да аяктады.

Тагасы облОНОго кирип сүйлөшүп, өзү директор болуп иштеген тээ Арстанбап багытындагы бир мектепке жол кат алып берип ээрчитип кетти.

Окуу жылы башталды.

Садык канчалык толкунданып, сүрдөнүп жүрсө да биринчи күндөрдөн тарта анча деле кыйналгандай болгон жок. Өз ишин колго алып кетти. Минтиши мектеп директорунан тарта бүт мугалимдер коллективинин берген жардамынан улам беле, же өзүнүн табийгый жөндөмдүүлүгүнөн болдубу, иши кылып, Садык анын себептерине баш ооруткан жок.

Кантсе да шаар тартибин көрүп калган Садык өзүн тыкан, таза алып жүрөт. Анын көңүлү ар убак ачык, эртеңине карата көз карашы көтөрүңкү, кыялдуу. Ошон үчүн ар убак шайыр көрүнөт. Элеттик шарт боюнча көбүнчө кечигип окуп, азыр толукшуп бойго жеткен жогорку класстын кыздары астыртан кыя тиктешет. Ар кандай кыйгап өтө бериште Садык аны далысы менен сезет, кээде сүрдөнөт.

Садыктын комуз чертип созолонто үн кошуп ырдаганын билген мектеп дирекциясы аны окуучулардын көркөм чыгармачылык кружогуна окуу жылы баштала электе эле жетекчи кылып дайындап койду.

Күндөр өтө берди. Күркүрөп күз да жетти. Садыктын өз ишинде аракети зор. Күндүзү башталгыч классын окутат. Кечкисин ыр, бийдин шаңына бөлөнүп кружогун өткөрөт.

Кружокто Тургунай деген кыз бар. Ал кыздын дилгир ачык мүнөзүнө, шаңкылдаган бийик үнүнө Садык абдан маашыр. Тургунай ырдап жатканда обондун кайрууларын так сактоого аракеттенбей, ошол ырды дал азыр жүрөгүнөн кайнатып чыгарып жаткандай терең ички сезим менен эргип ырдайт. Садык кыздын толкуп тургансыган ички эмоциясына суктанат, колунан келер иш болсо, бу кызга бир тууганындай жакын сезим менен үйрөткүсү келет.

Тургунай ак жүздүүдөн эле. Денеси чымыр тартып толуп келаткан учуру. Каш-кирпиги төгүлүп, кара көзү жамгыр чайган карагаттай кылгырып, укмуш бир сулуу. Алда кандай бир сырлар окулуп тургансыйт. Атасы алда качан өлүп, апасы экөө гана экенин Садык бат эле билди.

Садык бара-бара Тургунайдын кирпиктүү кара көздөрүнөн алда кандай сырлар окуй турган болду. Муну эң мурун Тургунайдын ачыктыгына, жаштыгына төңкөп баш чайкады. Тургунайдын көз карашы бара-бара өткүр тарткан сайын өзүнө ээлик бербей көңүл тынчы кете бергендигин байкайт. Эгер ал оюн ачыкка чыгаргысы келсе, ошол саат уяткарайын, «сен окуучусуң» деп катуу айтайын дейт кайраттанып. Бирок, Тургунайдын ички ойлорунун бардыгы сөзү менен эмес, жалт караган көз карашы аркылуу, жүзүнөн тамгасыз окулган сырдуу үрөй аркылуу берилет. Бир кыя тиктеген көз караштан ушунчалык ойду, ушунчалык сезимди дапдаана берүүгө болот деп айтса Садык мурун таптакыр ишенбес эле. Мына азыр күтүүсүз жерден Тургунайдын кара көзүнө көзү тушма-туш келе түшкөндө Садык мына буларды окуйт: «Сен деги менин оюмду түшүнөсүңбү? Сен ойлобо, бул бир ачык кыз экен деп. Жок! Жүрөктү көрүнгөнгө эле ача берчү мен бекем? Бир гана сага, сага гана ушинтем. Сен аны түшүнөсүңбү? Кой, калп эле томсорбо...»

Садык да көзү менен кайдыгер жооп берет: «Кокуй, тентек! Эсиң жок беле? Сен жаштык кылып жатасың,

Али баласың, окуучусуң. Ал эми мен болсо мугалиммин. Бири-бирибизге сый адамдарбыз. Кой, жаштык кылба».

Садык мүмкүн болушунча Тургунайдан алыс болууга аракеттенген менен, негедир, жүрөгү кысылгансып бук болот. Кээде тамагы буулуп, ыйлагысы келет. Алыс-алыс жактарга жүгүрүп кете берүүнү эңсейт. Ошентсе эле көөдөнүндө демделген сезими тарап кете тургансыйт. Бирок кайда кете берет жүгүрүп? Буга жооп таба албайт.

Бир күнү кружоктон кеч тараштты. Садык көптөн кийин эшикке чыкса, коридордо жалгыз Тургунай күтүп турган экен.

– Эмне үчүн кеткениң жок? – деп кооптуу сурады Садык.

– Тим эле...

– Сөзүң бар беле? – деди Садык өктөмүрөөк.

Тургунай кысылып бир ирмем туруп калып, анан ыйлап жиберип, жүгүргөн бойдон сыртка чыгып кетти.

– Тургунай! – деди Садык артынан. Кыз токтобой узай берди.

Садыктын жүрөгү кабын жарып чыгардай туйлап, негедир ыйлагысы келди. Алапайын таппай калды. Өзүн алыстан карап, катуу ырайымсызды көрдү: «Ырас... ырас эле, бул салмактуулукпу? Же кара мүртөздүкпү? Болбосо адам сезимин түшүнө албаган дөдөйлүк эмеспи?..»

Садык ошол түнү уктай алган жок. «Тургунай эмне үчүн ыйлады? Балким, мен болжоп жүргөндөй эмес, анын жүрөгүндө башка бир кайгы бардыр. А мүмкүн, андан да башка себептендир...» Таң аткыча түйшөлүп уктай албай чыкты...

Көп өтпөй токой чарбасына жемиш жыйноого жардам берүүчү күндөр келди. Бир нече күнгө мектеп жабылып, токойдо болуп калышты.

Күздүн кирип келгенине карабастан токой ичи көк жыттанат, ным жыттанат. Жылга сайын көз жаштай тунук булак суулары төмөн көздөй шылдырап, өзүнчө

бир назик музыка болуп угулат. Пыр этип жаныңдан араң учуп, токой канаттуулары да демейкиден баёо, жөнөкөй...

Дүйнөдө теңдеши жок бул аралаш жемиштүү кыргыз токоюнун күрдөөлдүү күзү өзүнчө бир жомоктогу бейиш, өзүнчө бир романтика! Шак-шакта мончоктун сыңары тизилген тоо алчаларынын кээси капкара да, кээси кып-кызыл. Кээ бир түптөгү алчалар сапсары болуп, таамп кетер тамчыдай мөлтүрөшөт. Алчага жол кайда? Чукул кайрылган жоон бутактары арык абышканын ийниндей уркуйган топ алмалардын мөмөсү түбүнө төгүлүп борсуп, кылда учунда бирин-серин калган кеч бышар ак алмалар боорунан күн нурун чагылтып, жылдыздын сыңары бадырайып, үзүп алар адам колун күткөнсүшөт. Бирок анын баарына кол кана?

Садык саал коңур ымдуу токой таңында эрте ойгонот. Салкын шапата урган сай жээгин бойлой басат. Туптунук муздак сууга жүз чайканат. Анан Арстанбаптын тээ бийик чокуларын саргыч күн нуру жалап, бара-бара токой ичине сайылып, найзадай тепчип өтүп, жаратылыш ойгонот.

Дал ушул учурда бай түп жаңактын түбүндөгү отоодон ойгонуп жаткан Тургунайды көрөт. Кыз нары карап отуруп уюлгуган кара чачын булата жазып, сапырылта тарайт. Таракка илинбеген майда чачы жүргөн жел менен уйпалана сеңселип, аппак, сыйда желкеси, саал ничкерээк узун мойну укмуш бир сулуу. Садыктын жүрөгү опколжуп, алкымына каптала түшкөнсүйт.

Он сегиз, он тогузга чыгып, булчуңдары чоюндай чыңалып келаткан жогорку класстын өспүрүмдөрү укуруктай узун, салмактуу каккычтарын сүйрөп, асман тиреп каалгыган бай түп жаңактардын кылда учуна чыгат да, эки бутакты талтая омоктуу тээп, карылуу колдорунун колтугун кере, салпынчак шактарды чапканда тең жарымы көк бойдон үзүлүп, тең жарымы кызылданган жа-

ңактар мөндүр болуп жер сабайт, алты ай бою күн нурун көрбөй, али да көк жалкын болуп үлбүрөп турган токой чөбүн титирете житип, төмөн көздөй кулашат. Кызыл-тазыл кийинген теримчи кыздар чөптөрдү тинтип аңтарып, талаша терип киришет. Алыстан караган кишиге колу жаңак терсе да, үнүн баспай шыңкылдаган кыздар аңызга чогуу конуп, чырылдап кулак курчун алып жер жайнаган бир үйүр пашайы чымчык болуп көрүнүшөт. Алар канчалык көп болбосун, Садык тумшукта туруп, ал жакка жүз бурганда эң биринчи Тургунайдын кызыл ала атлас көйнөгү урунат көз карегине... Курбусуна карап жадырап күлүп токтой калган Тургунайдын тиштери алыстан аппак седептей жаркырап, бир өзгөчө болуп көзүнө түшөт. Садыктын жүрөгү ээ бербей элеп-желеп туйлап чыгат. Өзүн араң токтотот.

Дал ушул учурда күүмөчү шум балдардын бири пашайы чымчык болуп үймөлөктөгөн кыздардын үстүндөгү салпынчак шакты чабат. Кыздар чур-р этип жайыла качып, көктөлбөгөн муштай жанак төбөсүн ысыта койгон кээ бири уятынан көз жашын калкалап, алаканы менен бетин басып, буралган чөпкө оонап жыгылат.

Бадалга башын калкалап далысын салып көпкө туруп калган Тургунайды ийинден алып бери тартты Садык. Кайкы кирпиктерин жаш чайган Тургунай кызарып-татарып өзүн араң токтото ыйын күлкүгө бурду. Садык аны колдон ала күүмөчү өспүрүмдүн олдоксон тамашасын эскерте тилдеди. Тургунай бара-бара кыткылыктап, күмүш шыңгыр күлкүсүн күчөтүп, кызарып томуя чыккан чекесине ак жүзүн ого бетер ачып турган кыпкызыл башбуугучун төмөн тарта салынды. Садык аны эңкейе көрүп жатып, күтүүсүз жерден укмуш бир жагымдуу да, жумшак да жытты сезди. Кыздын керемет жытын сезди...

Садыктын жүрөгү кабында туйлап, кан дүргүткөн күтүүсүз ойлор менен кыял мас жүрдү.

Эртеси күнү Арстанбаптын шаркыратмасына жакын жерден териштн. Тээ бийиктен бой таштаган тоо суусу көгүш-күрөң жалама таштарды жанчыла сүзүп түшүп, таруудай быркыранып, айрандай аппак болуп сапырылат. Эки жүз метрге чейинки аралыкка чейин бири-бирине бириге албай, соктуга жүрүп отуруп түптөгү айлампага урулат. Айлампа шакардай оргуп кайнап, быркырап бөлүнгөн сууну бир тегерете бириктирип, төмөн көздөй узатат. Айлампадан узаган сайын суу бетинде үй тиге теңгеленип аккан көбүктөр шыбырап шоокум чыгара өчүп, көк кашка тунук түскө айланган тунук тоо суусу үзүктөй таштардын биринен сала экинчисине соктугуп, сүрдүгө агылып жөнөйт.

– Наркы өйүзгө өтөбүз,– деди өспүрүмдөрдүн бири.

– Жок, агып кетебиз,– деп эркелеңки угулду кыздын үнү.

Өспүрүмдөр кыздарды бадал айланта чырылдата кубалап, колтуктан ала тунук сууну энтиктире кечирип өтө башташты. Тургунайга кезек жеткенде ал шыңкылыктай күлө Садыкка корголоп айлана качып, аны кучактай калды. Садык да Тургунайды жаш баладай көкүрөгүнө так көтөрүп ала койгондугун билбей калды. Денеси толуп, жетилген кыздын салмагын сезди карылуу колдору менен. Садык Тургунайды ошо бойдон жерге койбой, жоон санынан өйдө келген тунук сууну малтап, наркы өйүздү көздөй сала берди. Төө өркөчтөнгөн жерден өтүп калганда көк балыр жалап жылмаланган жалпак таштан буту булт этип тайып кетип чалкасынан түштү. Шар суу кучагындагы Тургунай менен кошо Садыкты бир көмөлөтүп кетип, кайра тургузду. Төмөн көздөй жулмалаган суу шарынан сенделектеп оңоло албай жатып, жаш баладай аптыга энтиккен Тургунайдын үнүн укту. Бирок Садык аны көкүрөгүнө кыскан бойдон коё берген жок. Жээкке жетип, Тургунайды жүктөй жалпак таштын үстүнө коюп жатып сурады:

– Кечирип кой, Тургунай.

Тургунай уялгандай нары бурулуп, бадалды айлана берди. Анын суу болгон кызылала атлас көйнөгү жумуруланып толуп келаткан тизелерине, көкүрөгүнө жабышып, Тургунайдын мүчөсүн дап даана ачып бараткан эле...

Бир алдын Садыктын ызасы көөдөнүндө толуп, жаман абалга келе түштү. Кыздардын кээ бири күлүп, кээ бири жыгылып түшкөндөн уламбы, же башка себептенби, кубарып сестене түшүшкөн болучу.

Садык өзүн тегерете карады. Суу болгон багалектери ийри такымына шырбыйып жабышып, өзүнө өзү ушунчалык кейпи суук болуп көрүнүп кетти. Бир ирмем сөтөйүп токтой калды. Балдар жүгүрүп келишти жанына.

Садык бадалдын нары жагында этек-жеңин сыгынып жаткан Тургунайды карады. Анын кош бөйрөгү бүлкүлдөп ыйлап жаткансыды. Садык чочуп кетти. Тургунайдын артынан басып барып, үдүнү бош айтты:

– Тургунай, кечирип кой.

Тургунай кылчаң бурулуп, Садыктын жүзүнө тике карады. Ал ыйлабай эле күлүп жаткан экен. Эки ууртунда ушунчалык жарашыктуу күлкү турган эле. Сулуу «кара көзүнүн ичинде от күйгөндөй жылт этип, алда кандай бир көп сырлар, атып чыгардай толкун сезимдер турганын көрдү Садык. Жүрөгү опколжуп, өзүн араң токтотуп турду.

Кечке жуук күндөгү адат боюнча колоттун тамандагы бай түп жаңактын астына куу дөңгөчтөрдөн аркы-терки таштап эр от жагышты. Күндүз терилген жаңактарды эр оттун жарыгында көктөштү. Дөбө-дөбө үйүлгөн көк аралаш-жаңактарды тегерете отурушуп, кызылданганын ортолукка ыргытышып жатышты. Элүү – алтымыш колдон чыккан кызыл жаңак улам боор көптүрө дөмпөйүп көтөрүлө берди.

Колдору иштеп жаткан менен ооздор тынбай күлкү, тамаша төгүлөт. Кыздар үн созуп ырдашат. Балдар жо-

моктор айтышат: жомоктун кээси көңүл эргитип кубаныч берсе, кээси жүрөк солкулдатар коркунуч чакырат. Токой түнүндө отуруп угушкан бул жомоктор демейкисинен алда канча таасирдүү да, элестүү да угулат.

Жер тарабы чирик тарткан куу дөңгөчтөр асманга чок черте мылтыктын сыңары тарс-турс атылып алоолонсо, караңгылык алыстап артка сүрүлүп, жалын басаңдай түшсө түн отоону куушура курчап, бадалдардын караандары коркунучтуу жандыктарга окшоп элес берет. От жарыгы алган көздөргө түн өзгөчө тунжурап сүрдүү тартат. Кыздар сестенгендей бири-бирине ыга отурушат.

Бозой балдардын созолонгон ырлары басылбайт. Ар бир ыр Садыктын көөдөнүн аралап өтүп жаткансыйт. Анын сезүүсү негедир демейкиден өзгөчө таасирлегич, өзгөчө толкундуу... Чертилген комуздун ар бир кайрыгы жүрөгүнүн толгон сырларын айтып жаткансыйт. Апкарыйт. Өзүн-өзү токтото албайт. Көкүрөгүндөгү толкунун батыра албайт. Черткиси келет. Ырдагысы келет...

Садык комузун алды. Назик дыңылдатып, кулагын бурады. Кайра жандырып кайра бурады.

Маңдайда жанган чолпонум,..
Жетеби сунсам оң колум?
Жаркының тийип жүрөккө,
Жарк этти басар жолдорум...
Ээ-э-эй, чолпон...чолпонум...

Садык жүзүн түнкү асманга бура, көзүн саал жуумп, үнүн чексиз-чексиз созуп, эргип ырдап жатты. Чексиз созгон үнүн коштогондой жай термелтип, ак жүзүнө каны дүргүп тээп чыгып, кыпкызыл манат болуп бараткансыды. Анын үнү өтө бийик эмес, бирок нык, уккулуктуу эле. Көөдөнүндө тирелип турган сезимден чыккан үнү канчалык созсо да түгөнө турган эместей сезилет. Садык болсо өз кыялында таптакыр башка дүйнөгө кирип кеткен сыяктуу, толкундар аралында бара жаткан сыяктуу өзүн унутуп калган эле...

Түнкү асман чексиз, сан жылдыз…
Чолпонум, бирок сен жалгыз…
Түнөгү алыс бипбийик,
Сүрдөнөт жүрөк таакатсыз.
Оо-ой, чолпон… чолпонум…

Тургунай колдорундагы көктөп жаткан жаңгагын кармап, кыял мас болуп токтоп калган эле. Кыздар да, уландар да дым болуп калышкан.

Эр от чатырап күйүп, кызыл жалын абаны жалмалап жатты. Токой жаңырыгы Садыктын ырын бир беттен экинчи бетке уруп, улам алыстатып алып кетип баратты. Түн тынчтыгын бузган сүтак да бир азга токтоп калгансыды. Бай түп жаңактар салпынчак шактарын төмөн салбыратып, кыймылсыз тыңшап турушту. Түн тунжурап уюп калган.

Кол сунам чолпон, сүрдөнүп,
Тартып бир алсам эп көрүп…
Айланам тунуп бакытка,
Чолпондой жансак түбөлүк…
Аа-а-а-й, чолпон, чолпонум…

Тургунай эми түк үн катпай, эки колунан көз албай жаңак көктөп жаткан менен колдору гана иштеп кыялында тээ алда кайда кеткен болучу. Бул толкуган жүрөк сырларын кимге арналып жаткандыгына эми кылдай да кадиги болбой калды. Кыздын назик жүрөгү алда неден алдыртан сүрдөнө баштады. Негедир, этияттанып, Садыктын дидарына жүз бага албай, ошондон улам эки көзү өзүнүн жаңак көктөп жаткан эки колуна байланып калды.

Садык токтолгон соң, комузду жаңакка жөлөп койду. Эч ким озунуп сөз кошуп жиберген жок. Бир паска тынчтык бузулбай турду. Чарс-чурс этип от гана чок чертип жатты.

Кеч жатышты.

Көпкө чейин Садыктын кирпиги илинген жок… Анын санаасы сайга, кыялы кырга кетип жатты, бирок эч кандай жыйынтыкка келе албады. Тургунайдын минтип кескин өзгөрө түшкөн жоругун түшүнө албай калды.

Андан кийинки күндөрдө да Тургунайдын Садыкка карата мамилеси ушинтип катуу боло берди. Демейки жылт этип күлкү учкуну атып чыгууга даяр тургандай сырдуу кара көздөрүн Тургунай атайылап Садыктан ала качат. Баягындай ар бир мүнөт сайын кагылыша түшпөйт алардын көздөрү. Садык буулугат. Өзүнчө бук болот. Ыйлагысы келет.

Бир күнү кечте Арстанбаптын айрымач белесинен каалгып чыгып келаткан ай нуру тийип турган токойдун чолоон тектирчеде оюн курушту.

Кол кармаша тегеренип турушуп, токмок ташташып, бирин-бири жаза чаап кубалап, чуру-чууга түшүштү. Анан бадал-бадал артына жашынып, бирин-бири чыңырта кубалашып, бекинмек ойношту.

Оюнда Тургунайдын көздөрү, жүзүнө урган сүттөй ай жарыгында Садыктын көздөрүнө тушма-туш келе түштү. Ал баягы бир кезгисиндей оттуу жылт этти…

Тургунай Садыктын артынан кубалады. Садык алча бадалын айлана качты. Тургунай Садыктын колун чап кармап алды. Садык да аны түк коё бербестей бекем кармап калды. Андан ары эмне болгонун экөө тең билишпейт. Бул мүнөттө алардын бүткүл акыл-эсин көөдөнгө сыйбай аптыктырган ички сезими тепсеп кеткен болчу.

Алар андан ары ылдамдай басышып отоодон узап, анан кол кармашкан бойдон жүгүрүп кете беришти… кете беришти… Каякка барарын да айтышкан жок, кете беришти. Жолдон да чыгып, белге чыккан көк чөптү жапырып, бирде тизелеп, кайра туруп, артынан бүткүл эл-журт, тоо-таш жүгүрүп келаткандай аптыгып баратышты. Алар токтоосуз жүгүрүп отуруп жылгадагы токойго кирип кетишти. Энтигип токтой калышты. Токой

ичи капкараңгы, сүрдүү. Токой ичи тып-тынч. Токой ичи сырдуу... Ай шооласы ар кай жерден тепчип өтөт. Жылдыздар жылт этип кызыккандай шак арасынан карай калышат. Жаңактын желге термелген калдагай жалбырактары бир нерсени шыбырашып шарпа чыгарышат. Төмөнкү сай тараптан сай суусунун басаң шары угулат. Тээ тумшуктагы араң дүңкүйүп көзгө илинген бай түп жаңактан сүтак үн катат. «Сүт-ак, сүт-ак...» Демейки сүтактын майин да, муңдуу да үнү бүгүн укмуштай бир жагым токой тынчтыгынын музыкасы сыяктуу угулат. Токой түнү тыноо какпай, аны тыңшап тургансыйт:

Сүт-ак, сүт-ак...

Садык жаш чагында кары адамдардан: «Жыл сайын орозо айынын бир кечинде кадыр түн өтөт. Анда суулар, көлдөр, айран – сүткө айланып, тоо-таш, чөп-чар нукура алтын болуп, мемиреп уюп туруп калат имиш. Адам колуна эмне кирсе, ошону кармаса, ал алтынга айланып, ушу бойдон кала берер экен. Кадыр түн ар кандай адамга сөзсүз бир жолу учурайт дейт. Бирок адам байкабай калат имиш» деген сөздөрдү укчу. Дал ошол кадыр түндүн болуп, бүткүл айланасы алтын-күмүш болуп уюп турган эле... Садыкты бир айлык курска шаарга жиберишти.

Садык үчүн бир ай түпсүз бир узак мезгил болду. Ал түнкүсүн уктай албайт: таң үрөң-баранда сыртка чыгып, тээ алыста ак кардуу Арстанбап тарапка кусалуу көз таштайт. Арстанбап көк чийгендей шаңдуу каалгыйт: «Окуй бер балам, Тургунайың жакшы жүрөт» дегенсийт. Ал карт тоонун убадасына бел байлайт.

Тургунай окуусун бүтөргө жакын алда кандай кыялдуу, кубанычтуу жүргөнүн апасы байкап, ошондо гана кызынын бойго жеткенин, болгондо да сымбаттуу жетилгенин көңүлүнө алып, «кудайдын кулагы сүйүнсүн, жалгыз кызым, маңдайымдагы чырагым...» деп теңирге жалынып өзүнө күбүрөгөн. Кемпирдин көңүлүндө ак тилек.

Бир күнү Тургунай мектебине акыркы жолу барам деп айтып, ак куудай таранып, таза кийинип кетти. Ал ошол түнү үйүнө кайткан жок. Таң ата кара кемпир намазга турганда сырттан жүгүрүп кирип, жаш баладай экиленип апасынын мойнуна асылды, бетинен өптү:

– Апа, мен эми окуучу эмесмин, жетилдим. Сен билесиңби... – Кызы толкунданып бир нерсени айталбай калды.

– Жетилсең сенден айланайын. Деги бүгүн кайда жаттың?

– Жатканым жок, апа. Билесиңби, бүгүн кандай сонун түн өттү?

– Ооба, айланайын, жатып алып билбейбиз, жай түнү кооз.

– Жок, апа, мындай түн болбойт...

Тургунай бул күндөрдө өзүнө делөөрүп бир башкача болуп жүрдү. Кээде секелек кезиндегидей апасынын мойнуна асылса, кээде үй тиричилиги, өз эртеңи жөнүндө акыл-эстүү сүйлөп, жетилген адам болуп апасына кеңеш салат.

– Апа, – дейт кемпирди кубантып,– мен шаарга барып, мугалимдик кесипке окуйм. Анан сени куштай тарап багып алам...

– Макул, тилегиңден айланайын,– дейт кемпир көзүнөн кубаныч жашы кылайып, теңирине жалынып. Анткени, кызынын кубанычы – кара кемпирдин кубанычы, кызынын бактысы – кара кемпирдин бактысы...

Бир күнү кара кемпирдикине Абдылда кирди. Абдылданын чокчойтуп көк ала сакалын койдурушунан, айрым кыймыл-аракетинен, саал көмөкөйүндө сүйлөгөн басыңкы үнүнөн кара кемпир отуз жыл ашык өмүр-күнүн бир өткөргөн өз чалы Кабылдын жорук-жосунун көрүп, ошондон улам, аны бир тууган кайниси катары гана эмес, андан да жакын кишисинин өзү катары жакшы көрчү. Абдылда да бир тууган жеңесиникине көп кирип, анын

турмуш-тиричилигине акыл-кеңеш, сөз кошуп, эшик-элигинде катуу иши болсо кол кабыш кылып турчу.

Кара кемпир эң жакын кишисине Тургунайынын ойлорун айтууга ашыкты.

– Жакшы... окууга барганы жакшы экен...– деди Абдылда ойлуу жер карап турган калыбында. Анын тиштенип турушунан арык жаак эттеринин кыймылдаганы көк аралаган суюк сакалынын арасынан саал билинип турду, – мен да Тургунай жөнүндө сүйлөшөйүн деп келдим...

Анан ал бир аз унчукпай калды.

– Жеңе? Ушак-айың сөздөрдү угуп атасызбы?

– Кандай сөз?

– Кап, мусурманым, – деди Абдылда кемпирдин карапайымдыгына өкүнүп, – кызың жанагы Садык деген маалим менен сүйлөшүп жүрөт имиш ко? Ал эле болсо экен, токойго түнөп калганын да көрүшүптүр? Энесинин төрүндөгү кыздын кылар жоругубу? Э, бачагар, уксаң азат боюң тик турат.

– Оозуңа карап сүйлөчү, – деди кемпир кызын коргоп,– Тургунай сен ойлогондой жеңил баа кыз эмес, кудага шүгүр, акыл-эси жайында. Өз акылын өзү табат, айткан айта берсин.

Алар бир топ кыжылдашып, анан дагы көпкө чейин үнсүз отуруп калышты.

– Шермамат аскерден келиптир, – деди Абдылда көмөкөйүнө түшүп кеткенсиген басаң үнү менен,– мен кудаларга барып кабар кылайын, алар эмне дешет экен. Кыябы келсе, аманатыңарды алгыла дейин. Жок десе, анысын билейин. Кыз да он сегизге кадам коюп баратат. Анын да убал-сообу бар. Өз түнөгүнө узатып коюш биздин милдет. Ансыз кызыңын кылган-эткени да эми макүрөө болот.

Ошол күнү кечке маал кара кемпир Тургунайды жылдырбай кармап сурады. Тургунай да танган жок, күлүп жиберип апасынын мойнунан кучактап, капкара бырыш жаагынан өпкүлөдү:

– Апа, Садык абдан сонун жигит, ал акылдуу, биз экөөбүз... билесиңби?

Тургунай жарашыктуу жылмайып, сулуу бакыраң көзүн кыбың-кыбың ирмеп, андан ары айталбай жадырап турду.

– Окуу деп алдап, кылар ишиң ушул экен да?

– Апа, сен түк жаман нерсени ойлобо. Мен окууга сөзсүз барам...

Эки күн өтпөй кудалар тараптан сөз алып Абдылда келди.

– А канткениң, ойлонушпай эле? – деди кемпир чочуп кетип энтигип.

– Ойлонушар эмнеси бар? Чекир акем көрүндө тынч жатсынбы, жокпу? Бул иш ал кишинин мойнундагы о дүйнөлүк карызы...

Чекир деп байынын атын атаган соң кара кемпирдин карт жүрөгү солк этип, бет алдынан сакалын жайкалткан жапалдаш бойлуу Чекирдин элеси кетпей, алда качанкылар көз алдына күнү бүгүнкүдөй тартыла берди: анда Тургунай бешикте... Шермамат болсо эки жаштагы наристе. Уул балдары токтобогон ата-эне арзып келип, ырым менен куда түшүп, Тургунайга сөйкө салып отурушкан. Козунун эти желип, ысык шорпого тойгон бир айылдык адамдар манаттай кызарып керегежүккө сүйөнө беришкен ченде, куда менен кудагый эки колун бооруна алышып тура калышып, Чекирдин бутуна жүгүнүп, кулдук урушту. Көк ала сакалын жайкалтып, кубанычтан каны бетине тээп кызарып сүйүнгөн Чекир бир сөздү кайра-кайра айткан:

– «Ыраазымын, куда, ыраазымын кудагый. Кудай алдында силерге карызмын. Балдардын өмүрүн берсин, келиниңерди колуңарга тапшыруу биздин парз. Даргөйү улук куда өзү күбө...»

Чекирдин ушул сөзү кара кемпирдин кулагында азыр да таптак кайталанып жатты. Чалынын жүзү бет

алдынан кетпейт: «Мен кыяматтык карызыман кутула албай кеттим. Эми сен куткара көр. Мен барган дүйнөнү сен да ойло, чыныгы жай мында» – дегенсийт. Кийин да «айттык», «союш» деп көп нерселер өткөнүн эстейт кемпир. Мунун баарын Чекирдин арбагы кайра-кайра эсине салып жаткансыйт...

– Бала үчүн ата-эненин карызынан кутулуудан ыйык нерсе жок...– деди Абдылда эң акыркы сөзүндө...– Кыздын оюна койсоң, куп демек беле? Эл салты ошол: «Кыз тынар жерине ыйлап барат» дейт...

– Коё турчу, ошентсе да ойлонушалы, – деди кара кемпир бошошуп.

Дүйнө ушунчалык сонун, ушунчалык таттуу көрүнүп, башы толо учкул кыялдар менен жашап жүргөн. Тургунайды күтүүсүз бактысыздык желкеден басып жыгылды. Ойдо-түштө жок жерден апасы мүрт өлүп кетти... Башына түн түшкөн Тургунай көз жаш менен...

Абдылда кара кемпирди көргө алып койгон күндөн шашылыш той камына өттү.

...Той кызуу...

Түштөн кийин Арстанбап тараптан аркайган кара булуттар көтөрүлүп, бара-бара түнөрүп, асман бетин жылчыксыз чүмкөдү. Коргошундай салмактанган ным булуттар тоо башын жанып салаңдашат.

Жаратылыш тунжурап, көөдөй түндүн ар кай жеринен оттугун чаккан чагылган жалт этип кайра өчөт.

– Эки агамдан калган карындашымдын ак никесин өз төрүмдө кыйдырып, анан колуңарга салам,– деди Абдылда кудаларына, той шөкөтү бүтүп бараткан ченде.

Тургунай бул сөздү далысы менен укту: мурун апа кайгысынан улам көңүлү эч нерсеге күбөлүк бербей ыйлап отурган кыздын жүрөгү биринчи жолу солк этип, оозуна каптала түшөрдөй туйлап кетти...

Молдо никеге камынды. Никеден соң баш түбөлүк байланат...

Кыз-келиндер тартип боюнча Тургунайды сыртка чыгарып кетишти. Башы бош, кыз кезиндеги акыркы кадамы ошо, анан түбөлүк башка кишинин эркине өтөт. Ушул ой кыздын жүрөгүн мыкчый кармады. Көзү пар ачыла түштү.

Түн кара көө.

– Ай, кокуй, кетти! Качты! – деп кыздар жаң-жүң дегиче, асман бетиндеги чагылгандын агыш жалыны ийрек-буйрак сан түркүн чачырап барып, бир учу маңдайкы дөбөнүн ары жагына малына түшкөнсүдү да, сүрдүү күркүрөк бирден-бирге уланып, чак-чук этип мээни жарып кеткендей болду.

– Токойго кирди, токойго!...

Тойдогулар чуру-чуу түшүп, аттуусу аттуу, жөөсү жөө токой жакка чуу коюшту.

Асман пардасын атайын жара тартып сыйрып алгандай, мөндүр аралаш жамгыр шатырап төгүп, кыбыла жактан ызырынган бороон-чапкын этек-жеңди жулккулап, көз ачырбай беттен алды. Жаңактын калдагай жалбырагын сабаган мөндүр аралаш жамгырдан улам, жылчыксыз караңгылык уялаган түнкү токой ичинен коркунучтуу да, сүрдүү да дуулдаган добуш көтөрүлдү. Кыйырсыз токой ичинде бир кадам алга шилтөө кайда? Чагылган чакмагын тартып чарк этсе, маңдайкы, шиш чокулар асманга тепчилгенсип, дагы укмуш, дагы шумдук элес сызып түнгө сиңет. Жамгыр чайган жаңак жалбырактары чагылган отун жарк эттире өзүндө чагылыштырса, ой-тоону бириктире кубаттуу жалын жалмап өтөт. Суу болгон тал-тал чачы жаагына оролошо, жоолугун колуна кармап, шак аралап чымын-куюн түндү беттеп жүгүрүп бараткан кыздын бетин да жакуттай жарк эттирет... Бүткүл жаратылыш дүрбөп, анын артынан чуу коюп жүгүрүп келаткансыйт... Табийгат буркан-шаркан түшүп, челектеп жашын төгөт.

Алыстан-алыстан капчыгай ичине батпай окторулуп, жар боорун челип кыпкызыл жошолонгон Кара-Үңкүр

суусунун буураркандаган добушу угулат: ал тентек, ал найза бойлобос терең, жүктөй катмарланган жарлардын ташын кемирип эссиз...

– Капырай, коркунучтуу түндү беттеп кантип эле алыс кетер экен?

– Ой шумдугуң кургур десең, болбосо кызга бул түндү беттөөгө кайда?

Куугунчулар эртеси күн көтөрүлгөндө кайтышып, кабак бүркөп, башын төмөн салышты.

– Таң атканда изин таптык. Суу бойлоп жүрүп отуруп, Кара-Үңкүрдүн капчыгайындагы асма кайыкка барган экен. Кайык зымдын дал ортосунда дарыянын өркөчтөнгөн жеринде сууга тийип, токтоп туруптур, кайыкты күч менен жылдырып тартар туткасы да жок. Араң оңдоп, кол менен тартып, наркы өйүзгө өттүк. Жолду кыян жууп, түк из билинбейт...

Садыкты ушул бир ай карытып жибергенсиди.

Кечээ эле төбөсүнөн сылап, зор үмүттүн канатында эркелетип, ушунчалык таттуу, ушунчалык кыялдуу көрүнгөн турмуш боз баш Садыкты күтүүсүз жерден жер боортоктотуп салгандай болду. Ал эми ушуну менен күнү таптакыр батып кеткендей, эртеңи капкараңгы түн болуп отуруп калды. Ал али бала болучу. Баары бир бул окуянын кесепетин өзүнөн издеди – айыпкери мен деп эсептеди. Ал бир айлык курстан соң которулам деп эки күн кечигип калганы үчүн да, баягыда окуу бүтөр замат Тургунайды колдон ала көзү кай жакты көрсө, ошол жакка бет алып кете бербегендиги үчүн да өзүн айыпка такады.

Андан тышкары да өмүр-турмуш, адамгерчилик, адилеттик, адилетсиздик жөнүндөгү эсепсиз көп суроолор биринчи жолу анын алдына келип, анын ар бири жооп күтүп турду. Алардын көпчүлүгү табышмактын сыңары бир ооз акылдуу сөз менен жооп бере коёр нерселер эмес, балким, Садык мындан аркы бүткүл өмүр жолу аркылуу

жооп берер нерселер экендигине күмөнсүнүүгө болбос эле. Ушул бир ай ичинде ал ой-санаасы жагынан болсун, жашы жагынан болсун, өзүн далай жашка чыгып, карып кеткендей сезди.

Бир алдын ал өзүн жаш баланын сыңары кыялдуу алып жүрдү. Болуп өткөн бул окуяга ал таптакыр ишене койгусу келген жок. Токой ичинин бир буйгасынан, же дарыянын боюнан Тургунай кадимкисиндей жарк этип күлүп утур чыга түшө тургансый берди. Ал турсун тамаша кылып бир жерге калкаланып бекине калган Тургунайды таап ала коё тургансып, эки жагына элтең каранып изденип жүрдү. Кырларга чыкты. Токойлорду аралады. Түн түшкөн токойлор ичинде да түнөдү. Бирок эч жерден Тургунайдын шарпасын таба алган жок.

Көп күндөрүн, көп түндөрүн баягы асма кайыктын жанында өткөрдү Садык...

Токойлуу тар капчыгайга жеке бийлик кылып, Кара-Үңкүр дарыясы жаткан эле баягысындай буурakандап жулунуп. Жакынкы мөңгүлөр эрий баштагандан улам, анын суусу кызыл чаптардын кыртышын кошо шыпырып, кан түспөлдөнө кыпкызыл жошолонот. Жарлардын түбүн сүзгүлөп, окторулуп күрөң жалама таштуу кысыктардан тегирмендин ноосунан өткөндөй ничкерип, анан төмөнкү айлампада түбүнөн от жаккандай көбүктөнүп оргуп кайнап, айрандай аппак сапырылып, андан ары токтоосуз сапарын улантууда. Бардык айлана ошо көрүнүшүндө эле: дарыя да, капчыгай да, токой да... Тиги капталдагы түн түшкөн жаңак токоюнан ийри-буйру болуп аралап өткөн сокмок жол менен Тургунай экөө бир нече жолу кубалаша жүгүрүп келишкен. Анан ящиктин сыңарындай асма кайыктын бир башына Тургунай түшүп, экинчи башында Садык камчы саптай жумуру темирден жасалган тарткыч сабын алып, кичинеден жылдырып-жылдырып тарта берип, наркы өйүзгө өтүп кетишчү. Дарыянын өркөчтөп турган жерине жеткенде

Тургунай эки колу менен бетин бекем басып алчу, же бетин чалкалата тээ бийик чоку жакты карап алчу – башым айланып кетет дечү. Кайыктын сабын анда Садык Тургунайга бир жолу да берген эмес, ал өз сүйгөнүнүн алдында азамат болуп көрүнгүсү келип, баарын өзү иштечү. Бир жагынан анын ыкмасын алган киши тартпаса, кайыкты ордунан бир карыш жылдыруу кыйын эле: же колун кыпчытып алчу.

«Ах, – деди Садык терең, купулунда, – эмне үчүн ошондо тарткыч сапты колуна бербедим экен? Айрөк, айрөк деп намыстантпадым экен тарталбаганда? А балким...» Жок, Садык анда наркы өйүзгө ашыкчу. Кайыктан секирип түшүп, кыя менен жүгүрүшчү, тээтиги балаты жаңакка жетип Тургунай энтиге кыткылыктап туруп калчу...

Садык кыймылсыз отура берди касаба жээкте. Анан астындагы айлампада көбүргөн кубаттуу толкундар тынымсыз кармашып, бирин-бири басып жыгылып жатышкан эле.

Мунарык түн тунжурап мисиреет. Капчыгай ичин тилип өткөн суу түнкүсүн кандай сүрдүү, кандай коркунучтуу? Бирде шоокуму кулактын калдырканын жарып шаркырап, жээктегинин баарын шыпырып алып келаткандай болсо, боор тырмышып качып жүрүп бербей араң токтолот адам. Бирде кулакты чып бүтүргөн ачуу шоокумдун арасынан кимдир бирөө суу жээктеп жүгүрүп бараткандай «чалп-чалп, шылп-шылп» этип, алда кандай сырдуу шарпа угула калат. Садык селт этип, жүрөгү оозуна каптала түшөт. Бул коркунучтан эмес, «балким, Тургунай суу жээктеп жүгүрүп бараткандыр. Ал суу перисине айланып кеткендир...» Ошол замат тунжураган караңгы токой тараптан карс этип бутак сынып, анан кандайдыр бир ышкырык сыяктуу ажайып үн угулгансыйт. Садык селт этип моюн буруп тыңшай калат. Тээ тумшуктагы жалгыз жаңактын элеси мунарык

түндө үрүл-бүрүл көзгө араң илинет. «Шуу-шуу» эте аба жирей учуп жүргөн кандайдыр түнкү парендинин канат күүсү угулгансыйт. Садыктын эти дүр этет. Бул – корккондуктан эмес. «Балким, Тургунай канат байлап учуп жүргөндүр... Ал токой перисине айланып кеткендир...»

Ноодой чууруп шар атырылган дарыяны бойлой жарышкан салкын шапата урат бетке. Мунарык караңгыда айлампадагы толкундар тикелене кетип шарп этип кайра жыгылса, кандайдыр жандуу макулуктар соксоң эте баш чыгарып, кайра тереңге сүңгүп жок болгонсуйт. Дал ошол кубаттуу толкундардын арасынан кылаң этип Тургунай көрүнө кала тургандай болот. Ал эскиликтин адилетсиздигинен куткарып калган ошол толкундар менен моюндашып сүзүп жүргөнсүйт.

Күндөр өтө берди.

Күн өткөн сайын Садыктын башы толгон кыялдардан арылып, кашкайган чындык бет алдына жакын келип турду. Тургунайдан сөзсүз ажырап калганын, балким, түбөлүк ажырап калганы кадиксиз эле. Садык көз жашын каканактата, эрдинен кан чыгардай кырча тиштенип отурду...

Ошондо гана анын башына «эмне кылуу керек» деген ой биринчи жолу түштү. Ал үнсүз токтоп турду. Чын эле өзүн тээ ай талаада эч ким менен байланышы жок сороюп турган жалгыз түп арчага окшотуп элестетти. Мектебинеби? Жок! Аны эстегенде жүрөгү ошончолук муздап турган эле. Ата-энесиникинеби? Бакалоору буулгансып кетти. Өмүр бою жамандык дегенди оюна албаган байкуш ал дыйкан адамдар Садыктан ушуну күтүштү беле?..

«Шаарлап кеткен имиш Тургунай» деген бир далилсиз сөздөр да Садыктын бүткүл ишенимин өзүнө тартып тургансыды.

Окуу жылы башталууга жакындап бараткан эле. Бирок Садыктын бул жерде бир пас калууга такааты жок. Ал шарт бурулуп, ылдамдай басты.

Кайда барары өзү үчүн да табышмак эле.

Садык эми бул жерге кайрылып келмек турсун, эсиме түшкөндө өмүрүмдөгү кайгымды эстейм, колдон түшүргөн бактымды эстейм, бул жерге эми эч кайрылып келбейм деп көзүндөгү каканактаган жаш менен бараткан эле… Ырас, ал өз жаштыгын түбөлүк таштап бараткан болучу… Эми черткен комузу көңүлүнө кубаныч эмес, жүрөгүнө чөгүү күүсүнүн кайрыгы шаң эмес, муң тарататарын азыркы кадам таштап баратканда Садык кыялына келтирбегени талашсыз эле… Жүрөгү толгон өчпөс үмүтү да, ар убак жолдош болуп жүрө берерин да ал билген эмес…

* * *

Садык комузун алда качан ордуна илип, уктоого аракет кылган менен кирпиги түк илинбей койду. Ал өзүнүн көп жылдар бою жүрөгү толгон кайгылар менен, күтүүлөр менен жүргөн учурларын эстеди. Бирде Тургунайды жүрөгүндөгү терең кайгы, өкүнүч менен тентек Кара-Үңкүр дарыясынан элестетсе,– анда да негедир ошонун толкундары менен моюндаша тирүү сүзүп жүргөндөй элестетсе, бирде кайдадыр кең дүйнөнүн бир бурчунда үмүттүү кадамдары менен тирүү жашап жүргөнүнө түк күмөнсүбөй, ага көңүлүндө терең ишенип, улам үмүт оту чачырап күйүп, жүрөгүнө алда кандай бир сезимдер толуп чыгар эле. Анын өзү Садыктын, жашоодогу кадамдарын ылдамдатып, эртеңине ишенимин эч бир кадиксиз кылып жибергенсичү.

Садык окуп жүргөн жылдарында, аскерде да, андан кийин да, ал турсун дал ушул чактарында түк бир өчпөс үмүт терең көңүлүндө караңгы үңкүрдүн төрүндө үлпүлдөп жанып турган кара чырактын сыңары жанып тургансыр эле.

Мына, ушунча жылдар бою өзүн өзү алдагансып, жүрөгүндө жүргөн нерсе бекер эмес экен да….

Ал түнү Садык Тургунайдын тагдырын өз кыялында ар кандай жоромолдоолор менен көз алдына келтире берди. Алардын бири да туура эмес экендигинде көңүлүндө миң жолу ишенип турса да, баары бир анан өмүрү укмуш бир сонун, өзүнчө бир жаткан поэзия болуп элестей берди. Анын өзү көңүлүнө бир түрдүү канаттуу таттуу сезим чакырып, тереңинде ага суктана да баштагансыды.

Тургунайдын бүгүнкү кейпин, бүгүнкү абалын көз алдына келтирип, андан улам анын турмушун, негедир, бейиштин гүлбагындай ушунчалык кооз да, ушунчалык бактылуу да элестетти. Ага Садыктын эми катышышынын эч кандай зарылдыгы жок сыяктуу көрүндү. Ал бара-бара суунуп, өзүн колго ала баштады.

Өз оюн эч кандай толкунсуз, эч кандай эмоциясыз реалдуу жүргүзүүгө аракеттенди...

Мунун өзү аны турмуштун катуу чындыгына алып келип такап турду. Ал аргасыздан баарын мойнуна алды: эми экөөнүн турмуштук тагдырлары түбөлүккө эки башка чечилип калгандыгын да, эми экөөн эки башка – бири-бирине түк кошулбас агымда өз жары, өз бала-чакалары менен бара жаткандыктарын да моюнга алды. Эми Тургунай экөөнүн аралыгында асман мейкиндигинин тээ алыстыгында бүлп-бүлп этип түбөлүк өчпөй жанып турган жылдыздын сыңары өткөн укмуш сонун жаштыгы жөнүндөгү гана жарык элестер жашап калышы мүмкүн экендигин жүрөгүн эңшерген зор өкүнүч менен мойнуна алып үшкүрүп отурду...

Азыр бар болгону Тургунайдын үй-бүлөсү, жары жөнүндө, өзүнө белгисиз болгон өмүр жолу жөнүндө гана билгиси келди.

Садыктын ушул чечимдери түбөлүктүү нерселер беле, айтуу кыйын эле... Баары бир анын ичи эңшерилип, жүрөгү тилинип жатты...

Садык ал түнү түк уктаган жок.

## VIII

Жеңил машина дүр этип келип кырманга токтоду. Чачына, кирпиктерине агала болуп пахта жабышкан Садык көмүнүп жаткан үймөктөн чочуп баш көтөрдү.

Балтабаев машинасынан түшүп, пахтаны кырманга жайып жаткан Мамажан-Бувага, анын жанындагы эки адамга кол узатып көрүштү. Балтабаевдин чала уктаган көзү кызарып, кулактарына, эки ийнине бозоруп чаң отурган бойдон жүргөн эле.

Пахта эккен жерлердин кызуу учуру футбол кампаниясынын кызуу учуруна окшойт: бир ноль же ноль-ноль деп тигинде адамдар кулак түрүп очко эсептесе, мында бүгүн бир, эртең бир жарым, бүгүн бул район палан районду басыптыр деп процент эсептешет. Ар бир адам нервинин тартылган кыл чылбырдай тысырайтып, айгышкан катуу мелдештин зарпын сезет.

– Бригадириңер Муса кайда? – деди Балтабаев.

– Үйү таман кеткен эди, – деп жооп берди Мамажан-Бува.

Таң агарып эми атып, тоо башына жакын булуттардын чыгыш жаккы четтери кызыл кыргактанып бараткан эле, бирок пахта шүдүгөрү тараптар али карарып, таң мунарыгы жакшы тарай элек.

– Эй, Балбаков, кана силердин иш уюштурганыңар? Бригадириң үйүнө барып жатса?..

– Ушерде жатчу, кирдеп-куштаса керек, – деди Садык бери басып. Балтабаев ага кулак салбай, өз сөзүн улай берди, – иш уюштурат деп ишенип бекиткен сен минтип уктап жатсаң. Силер эмне ойлоп жүрөсүңөр?

Садык жайма-жай унчукту:

– Иш жаман эмес бизде. Түндөсү уктап албасак болобу.

– Кана жакшы ишиңер? Ушул убакка теримге чыккан адамыңар жок.

Мамажан-Бува шүдүгөр жакка жалт бурула көз жиберип, бөдөнө куйрук чокчо сакалын салаалап тарап туруп унчукту:

– Чыгышты. Таң агаргандан ак...

Садык шүдүгөр жакты теше тиктеп, үрүл-бүрүл мунарыкта гозо ичинде төбөсү агарып кылаңдаган айрым теримчилерди көрдү. Балтабаев да көрдү.

Ушул учурда шүдүгөрдү аралап шыйпаңды көздөй келген буруксуган чаңдуу жол менен эбеңдей басып бригадир Муса келаткан эле.

Балтабаев бригадирди тилдеген жок: ал салам айтып тайсалдап токтоло калды.

– Келиң, раис, келиң. Кирдеп, болбой кеткенимен бүгүн үйгө бара калдым эле, үстүмөн басып уят кылдыңыз, раис,– деди Муса. Ээгин кырланта кыркмалап койдурган кара сакалы шамалга кыймылдап турду.

– Бүгүн канча жөнөтөсүңөр?

– Бүгүн, – деп Балтабаевдин оозунан чыккан сөздү ошол замат кайталап, койнунан сырты кырылган эски дептерчесин ала коюп, кайра жардам күткөндөй таразакеч жакка кылчайды.

– Беш тонна, – деп так айтты таразакеч.

Балтабаев укчукпай калып, анан кайра сүйлөдү.

– Жайыла тургандары да барбы?

– Ооба.

– Алардан тышкары алигиби?

– Ха. – Муса дилгир баладай тез жооп берди.

– Баарын жайып ийбейсиңерби?

– Кырмандын шапалактай жери бошосо жайбай карап турабызбы.

– Тээ асфальт жолго алып чыгып жайгыла. Ал турсун, бүгүн түшкө тергенин да түштөн кийин жайып, кечинде жөнөткүлө.

– Кургап үлгүрбөй калар бекен, – деп кошумчалап койду Муса.

– Мейли, жөнөткүлө. Бүгүн кабыл-пункуту күн-түн иштейт, райкомдон Бозуланов телефон чалды.

– Сортуна зыян тийбес бекен? – Садык сөз кошту.

– Эч нерсе эмес.

– Кантип, аксакал? Жарым күнгө жарым жок дейт, эмгек сая кетпесин?

– Силер түшүнөсүңөрбү, – деди Балтабаев Садык жакка жакындай басып, анын сулууча жүзү куба жүлүн тартып,– бүгүн-эртең жан үрөбөсөк болбойт; экинчи орунга чыгабыз. Обкомдон телефон чалышты, биринчи секретардын өзү: «сага эмне болду?» дейт. Бүгүн-эртең экинчи орунга чыгамын, келерки беш күндүктө анан сүйлөшөм сиз менен деп койдум.

Балтабаев саатын карады да, бригадирге унчукту:

– Алима кандай?

– Жакшы эле. Кечээ бир аз механик келгенче токтоп калды. Балтабаевдин ачуусу келип кетти:

– Кайда механик Калимжан?

– Мастерскаяга чакырышкан экен.

– Акмактар десе, аны мен Алимадан жылбасын, карыш баспасын дебедим беле?

– Билбейм. – Бригадир акырын унчукту.

– Айткын Камилжанга, жылбасын, машина бузулбаса отурсун арыктын кырында. Дагы ушинтсе менден таарынбасын.

Балтабаев ылдам басып машинасына отурду да, эшигин жаба электе айтты:

– Мен жетинчи бригадада болом бүгүн кечке, төмөнтөн телефон чалса айткыла. Далдайган бригадири болбогон неме көрүнөт, өзүм ошонун ишин уюштурбасам... Эмне үчүн анын иши алга жылбайт, билейинчи. Куйругун толгобосоң ушу да...

Машина буркураган чаңды жайната жогору көздөй шүдүгөрдү аралап сызгырылып баратты.

Садык машинанын артынан үнсүз карап турду: анткени менен ал алиги механизатор жылбай жөөк башында

отурсун деп берип кеткен буйругуна байланыштуу айрым нерселерди кыялына келтирип турган эле.

Партия уюму тарабынан ушу бригаданын иши каралып, терим кампаниясын уюштуруу боюнча пахта терими баштала электе эле планы бекитилген.

Садыкты баарыдан мурда ордендүү теримчилердин иш стили, даңктуу звеновойдун эмгекти уюштурушу, механизмди башкаруудагы билгичтиги, эптүүлүгү кызыктырды.

Алима таң куланөөк салгандан тарта терим комбайнынын үстүнөн түшпөйт, мотору түк чаалыкпай улуп, зым тор бункери түтүктөй найдан куюндап үйлөнүп чыккан ак пахта менен көп өтпөй толуп чыгат, агат башында күтүп турган машинага бункердеги пахтасын аңтарып берип, жаңы жөөктү бойлоп улам нарылап кайра жөнөйт.

Садык арык кырында отурган механик Камилжанга салам айтты.

Ал мүнөзү шашмараак, атасы Мамажан-Буванын сыңары узун моюн, кыр мурун, сулуу жигит.

– Ооба, Садык аке, – деди ал тамекисин удаа-удаа соруп алган соң өзбектин баласы экенине карабай, кыргызча таза акцент менен сүйлөп, – күн-түн Алиманын машинасына бекитилгенмин. Бул техника да, кылт этсе бузулат, же бир жерине пахта тыгылса чикастеп калат. Беш мүнөттө оңдойм. Мен моторду үнүнөн эле билем, – деп өзүнүн кыраакылыгына мактана сүйлөдү. – Анан Алима тамакка түшө калганда тазалап, тетиктерге май берип, бензин куюп, кыскасы – тактап турам. Терим кыска сезон, антпесе болобу?

– Тээтиги комбайндардын баарында ушундайбы?

– Балекетинеби, Алимага эле мени бекиткен.

– Эмне үчүн?

– Шарт ушундай да.

– Кандай?

– Кызык, Алима даңктуу теримчи. Облус, борбор байкап турат. Ордени бар. Аз терип калса болобу? Убадасы 200 тонна. Ушинтип жардамдашпасак...– деп Камилжан шашмалап көзүн кысып, тишинин мүлкүн кызарта көрүнтүп, ооз ачып күлүп койду.

– Маяк комсомолканын даңкына кол кабыш кылайын деген экенсиң да, секретарь? – деп Садык көкүтө тамашага чалып койду.

Бул кептин нары жагынан эч кандай башка маңыз барын байкабай маңыроо Камилжан бакылдап сөз кошту:

– Ырас, Алимадан улам биздин уюм комсомолдун пленумдарында, чогулуштарда макталып сөзгө кире берет. Буга жардамдашпай кимге жардамдашабыз? – Камилжан күлүп калды.

* * *

Чак түштө келди Садык колхоз конторасына. Раис жок экен. Колхоз дворецинин маңдайындагы алдынан суу агып турган чарпаяда көйнөгүнүн жакасын бошотуп, кызарып нымыккан моюн-башын, көгүш-күрөң тартып жылтыраган бетин көк шайы дасоромолу менен желпинип, парторг Чокоев олтурган экен. Дарбыздай томолонуп семирген Черик ысыктан улам энтигип ийин кагып араң дем тартат. Ачуу демделген жагым жыттуу көк чайдан ичет. Парторг каадасын билдиргиси келдиби, же чын эле көңүлдөндүбү, Алиманын звеносунун абалы жөнүндө бир-эки ооз сураган болду. Садык абалды кыска айтты. Анан экөө тең унчугушпай калышты.

– Раис келер бекен? – деди Садык чыныны килем үстүнө коюп жатып.

– Келиши керек эле. Түштө ушерден тапмак эле мени.

Раисти издеген киши көбүнчө ушул бактын түбүнөн, ушул чарпаядан, ушул килем үстүнөн табат. Балтабаев мурунку жылдарда конторунда отурчу, азыр антпейт – эртели-кеч колхозду ушул жерде көк чайдан ичип

отуруп башкарат – шоферлорго да, экспедитерлерге да буйрукту ушул жерден берет: анан алар бухгалтерияга кирип путевка, наряд жаздырып чыгышат, Балтабаев ушул жерде кол коёт, печатын ушул жерде басат. Муну бүт эл билет, ушундайча түшүнүшөт. Талаада болсун, түздө болсун колхозчулар арасында Балтабаев жөнүндө сөз болгондо аны дал ушул чарпаянын үстүнөн элестетишет: кызылдуу ак жүзүнө жарашкан жылмаюусун да, бирөөнүн ишине ыраазы болуп, тамаша айтып, көңүлүн көтөрүп жатканын да, айрым бирине өңү кумсара ачуусу келип, ашатып сөгүп жатканын да ушул жерден угушат.

Өзүнчө тартип бар: Балтабаев келатканда бул маaладагылар орундарынан туруп, боюн нары паанек жакка тартышат, же ордунан так туруп былк этпей үнсүз турушат.

Садык болсо бет маңдайындагы колхоз дворецине, анык бүгүнкү заман жана чыгыш стилинен айкалыштыра салынган архитектурасына сарасап салып ойлуу. Дворец эки кабат: жети жүз адам батардай клуб, бир канатында колхоз конторасы, экинчи жагында бөлмөлөрүнүн бөлмөлөрүнүн биринде кызыл бурч деген жазуусу бар эшик, анан калгандарынын бирөө-экөөндө азот төгүлүп, дагы бир бөлмөсүндө дайыма мас болуп жүрчү Салават деген татар жыгач уста жашайт; аялы дворецти шыпырып тазалайт.

Дворецтин алды тарабында зор үч своду, катар-катар колонналары, анан дал төбөсүндө көмкөргөн казандай куполчосу бар. Садык имараттын стилине, курулушунун эстетикалык максаттарына түшүнө албайт. Канча каражат кеткенине кызыкты.

– Канчага бүттү имарат? – деди саал ынтыгып үнсүз болуп калган парторгго кылчайып. Аны желпинген дасоромолунун эпкини менен кычкыл тер жыты Садыкка уруп турду.

Чокоев ойлоно калып анан унчукту:

– Бир миллион эки жүз миңден ашыгыраакка турду окшойт.

Садык бул эсепти өз акылына экономист катары абдан сиңдирип жаткандай кыйладан кийин гана үн чыгарды:

– Качан бүткөн?

– Беш жыл болду, май майрамына карай бүткөн. Оо, анда кандай салтанат болгонун билесиңби, дос?..

Чокоев ийинине моюнсуз жабыштырып койгондой башын чайкап сүйлөдү.

– Жети жүз адамдык залы жыл сайын канча жолу пайдаланылат?

– Жылдык чогулуштар болгондо.

– Канча жолу?

– Бир жолу, албетте. Анан артисттер келип калат. – Черик ушул учурда бир тактаны дубал бооруна илип жаткан жигитти тилдеп туруп унчукту:

– Тигине, көрдүңбү, кино болот.

– Анан жигитке барк этти: – Эй, кандай кино?

– Жакшы кино.

– Урушпу? Андай болсо «уруш кино» деп үстүнө жазып кой. Эл көп келет да, өзүңө пайда. – Анан черик өзүнчө комдонуп койду: «Кино уруш кинодон өтө берсин… Алиги тим эле сүйлөшө берген киного кирсем эле уйкум келет. Эмне чыгарат аны, билбейм?»

– Жөн эле сүйлөшө бербес, турмуштун бир проблемасы болот да сөзсүз,– деди Садык.

– Турмушту кинодон үйрөнмөк белек. Кино кызык болушу керек. Уруш кино болсо башка кеп…

Садык негедир ойлонуп калды. Анан сөз кайрадан дворец жөнүндө кетти.

– Кыштактын өзүнө ылайык кылып салынса эле болбойт беле. Айталык, өзүнө ылайык залы бар – чакан, ыңгайлуу. Сороюп дворец турат, ал эми кыштак үйлөрүн карачы? Саналуу гана жаңы салынгандарын айтпаганда, атам заманында жалпак үйлөр. Көп колхоздор үйлөрдү куруп, ачкычын карматып атпайбы адамдарга…

– Кызык экенсиң, – деди Чокоев томпоюп чыканактап жаткан жеринен өйдө боло калып сүйлөп,– бул бир бүтүп калды да. Кылымдан-кылымга турат. Кайсыл убакта болсо да баягы Балтабаев салдырган дешет.

– Ошол эле үчүнбү. Египеттик фараондордун пирамидаларынын сыңарыбы?

Чокоев ормоюп жооп бербей турду – эмне дээрин билбей калдыбы, же «фараон» деген сөзгө түшүнбөдүбү, айтуу кыйын эле.

– Канча үйлөр бүтөт эле бу каражат менен...

– Ихи, – деди Чокоев Садыктын пикирине канааттанбагандай,– менден мурдагы парторг Сарымсактын оюн айтып жатасың. Ал да ушинтип талашам деп Балтабаев менен мамилесин бузуп алган.

– Анан эмне болду?

– Эмне болмок эле, ыштаны шыпырылды, көчүккө тепти Балтабаев. Ким менен азилдешкенин билген жок ал. Обкомго барыптыр. Обком эмне демек? Балтабаевсиз башка чечим чыгарып бермек беле? О, Балтабаевди обкомдун кадр бөлүмүнүн башчысы деп кээ бирлердин тамашалап жүргөнү бекер эмес. Коём дегенин коёт, алам дегенин алат. Мен айткамын ошондо эле, алиги Сарымсак акмакка. Түшүнбөй койду.

Садык эч сөз кошпой гана Чокоевдин саал киркиреп, абдан берилип сүйлөгөнүн угуп үнсүз отурду.

– Сен байкап жүрөсүңбү, жай күнү ошол обулустун үй-бүлөлөрү да кээде ушерде болот. Көрдүңгө быйыл жайында тээ жогорку биздин токойго эки боз үй тигип, убара болуп чаап жүрдүк...

«Айта бер, айта бер. Мактай бер, Балтабаевдин даңкын, мен да танбайм, бирок минтишиң мени чочутууга кылган аракетиңдир, же дагы бир оюңдун чукул бурумудур, анын себебин билүүгө баш оорутпайм. Менин да башым бар. Мактооң баары бир мени коркутпайт, же менин оюмду буруп, башка жолго салып жибере албайт» – деди Садык өз ичинен.

Чедирейген Чокоевдин эл ичинде сөзгө түшөр өз орду бар; анткени ушул кыштакта туулуп, ушул эл менен иштеген: сельсоветте секретарь, кийин финагент, андан райфого агент болуп өткөн, андан бир мезгилдерде селпонун председатели болуп иштеп жүрүп, бир чоң растратага байланыштуу сот жообуна тартылган. Бирок кесилбей бошонуп кеткен. Кээ бирлердин айтуусуна караганда, Балтабаевдин аркасы тийген дешет, кээси: жок, чын эле анда айыбы жоктугунан бошонгон деп айтышат, иши кылып, ошондон соң колхозго келип полевод болуп иштеп, анан айыл чарба кызматкерлеринин алты айлык курсуна жиберилген. Мына аны бүтүп келгенден кийинки төрт жылдан бери парторг болуп иштейт.

Адамдар аны парторг катары билген менен, негедир артынан арыз-муңун, каалоосун айтып ээрчип жүргөн учурлары болбойт. Эл кылдай нерсе үчүн да Балтабаевге кайрылышат. Черик болсо башы менен сайылып иштеп талаа-түздө…

Ал эми аны Садык таптакыр башкача көз менен көрөт: стол, стул коюлуп, бир аз жасалгаланган кичинекей бөлмөсү ар убак жабылып турганы турган. Черикти ал бөлмөдө үстүнө чаң отурган кичине темир сандыгын ачып, взнос алгандан башка учурларда жолуктура албайт. Партчогулуштар болсо Балтабаевдин кабинетинде өтөт. Балтабаев өз креслосун Чокоевге бирпас бошотуп берип, терезе түбүндө кыйгач тиктеп үнсүз отурат. Черик болсо «Партия… план, процент…» деген сөздөрдү көбүрөөк кошуп сүйлөйт.

Бирок Чокоев тынбайт – дайыма иш менен. Өзүнчө бекитилген эскирээк күрөң «Волга» менен «обсельхозмашинага барам», «межколхозстройго барам, машиналарга паландай запчастар алмай болдум…» деп эле убараланып жүргөнү жүргөн. Колхоздун парторгубу же экспедиторубу, ажырата албай калат Садык.

Муну Чокоевдин дээринде жоктугу, боштугу десе да болот, бирок Балтабаевдин өз активдерине кылган мами-

лесин да унутууга жарабайт. Ал активдеринин көрүнгөн иштерге кийлигише берүүсүн, демилгесин каалабайт. Андай учурларды байкаса каршыга келет. Бир күнү болбосо, экинчи күнү бир немеге шылтоолоп ашата сөгөт.

Бирок минтип ички оюн ачык билдиргени жакты. Ичиндеги буусу чыгып кетет. Баарыдан жаманы анын бушутуп калгандагысы... Мындай учурда ал активине түк сүйлөбөй да, көңүл бурбай да коёт. Иш кылып атасыңбы, жокпу деп сурабайт да. Ушундай учурда апталап, айлап, башы менен башмалдак атып иштеп, баш эңип кечирим сурап, капасын жазып жибербесе иш чатак болот. Ал актив эки-үч ай өтпөй кызматынан сөзсүз учуп түшөт. Ошон үчүн Балтабаевдин бушутмасына калган актив кыргый көргөн бөдөнөдөй жанын коёрго жер таппай калат. Чокоевдин мындай иш стили дал ушул Балтабаевдин мүнөзүнө ыкташып алгандыгынандыр...

Кийимдерине чаң отурган Балтабаев төмөнтөн келип түштү. Анын эриндери кеберсип, кургап калган эле. Көздөрү кызарып уйкудан калган. Кыязы, көптөн уйку көргөн эмес. Конторада иштегендерге тамак жасаган үйдүн ээси анын кийимдеринин чаңын кагышып, анан жылуу сууга колун чайкап болгондо, чарпаянын үстүндө дасторкон жайып, ачуу демделген көк чайды коюуга үлгүрдү. Подноско үймөлөп салынган аппак тандыр нанынан Балтабаев бир да тиштеген жок; ал кайра-кайра дак болгон көк чайдан чыныга толтура-толтура куюп удаа-удаа ичти. Анан кыйналыңкы кейпте, үшкүрүнө шалдайып олтуруп калды.

– Биринчи бригаданын кызыл киресин азыр кабыл алуу пунктуна жеткирип кайттык. Он беш машина менен бардык. Пландан ашып да кетти. Парткомдун секретары Бозуланов да келиптир, куттуктоо сөз сүйлөдү.

Балтабаев чарчаңкы кейпине карабай кубанычтуу эле.

Эми 3-4-бригада чамдашы керек, бүрсүгүнү кызыл кире уюштурабыз. Бардык күчтү ошолорго топтошубуз зарыл.

Балтабаев ордунан туруп конторага карай басты, беркилер анын артынан.

Ал кеңири кабинетине келип отурар менен Садыкка карап унчукту:

– Кандай, Алиманын бригадасы?

Садык саал шашпай жооп берди.

– Дурус.

Балтабаев анын минтишин саал жактырбагандай карады да, башын эшик жакка экчей берип сүйлөдү:

– Бухгалтерлерди чакырып кел.

Садык бир гана жапалдаш Жапакты ээрчитип кирди, – башкалары жок экен.

– Кана, эсептедиңби? – деди Балтабаев Жапакка карап.

– Ооба.

– Апкел, кагазыңды.

Ал кагаздарын жыйнап жатканда Балтабаев унчукту:

– Түндө түн жарымында Жанузаков өзү телефон чалды. Качан дейт. Беш күн ичинде толтуруп иербиз дедим. Жок, артта калып кетесиң, үч күн ичинде бүт дейт. Аракеттенебиз дедим. Аракетиңди өзүң бил, бизге үч күндөн кийин рапорт бергин, мына мен графикте белгилеп койдум дейт. Анан дагы 200 тонна кошумча бер деди. О кокуй, кайдан аксакал деп ыргып кеттим. Болбойт. Жерден чукусаң да дейт. Сен көрбөсөң мен көрүп турам, сенде мүмкүнчүлүгүң бар, көрө турган сендейлерге ишенбесек кимге ишенебиз, областтын даңкын көтөрүшүбүз керекпи, жокпу? Эч кыңкы-мыңкы дешке болбойт дейт. Эми ушу жаңы планы шаштыны алат окшойт.

– Оо, кыйын го дейм...– Чокоев энтигип баш чайкап, топтомолок болуп ары-бери басып койду.

Садык азыр чап жаак, куба жүлүн өңү бир калыпта салкын көрүнгөн Жанузаковду элестетти. Анын туруктуу мүнөзүнө карата өз көңүлүндө кандайдыр бир түрдүү ойлор туулду.

Анан унчукпай калышты.

– Алты күндө бүтүп ие аларбыз дейм?

Балтабаев Чокоевге кылчайып унчукту.

– Ай ким билет, алты-жети күндө бир жагына тууралап жиберебиз го.

Балтабаев ойлонуп калып башын экчеди:

– Үч күндөн кийинкиге рапортту даярдай бергиле. Жазып албадыбы Жанузаков, эми болбойт. Антпесек көп чарбалар бүтүп иет, алга үзүлүп чыга албай калабыз.

Садык түк үн кошпой турду.

– Эч нерсе эмес, – деди Балтабаев кайраттанып,– антип-минтип үч-төрт күн өткөнчө бүтүп койбой жатмак белек. Балтабаев дагы сүйлөдү:

– Айтмакчы, Жанузаков Алиманы сурады. Канча дейт, жүз элүү дедим. Канчага барды азыр? – Ал тургандарга кылчайды.

– Жүз он, – деди Садык токтолбой.

– Жок, кечээ ошондой болучу, бүгүнкүсү менен жүз он беш-жүз жыйырмага барып калар.

Чокоев акырын сөзгө аралашты:

– Демек, бүткөнчө жүз отуз, жүз кыркка барып калат экен да. Садык өз чамасын айткысы келди:

– Жок, аянтта эч нерсе калбай баратат.

Балтабаев ага типтике бир карады да, ишенимдүү унчукту:

– Салуу керек аянттарга кайрадан!

– Салууга болот, башкасын коёлу, жүз элүүгө тырмышып жетүү да кыйын го.

Балтабаев токтоло калып унчукту:

– Бекер айтасың, эки жүз. Сен эсептедиңби, – деди дагы Жапакка карап.

– Ооба, жардамчылардын эсебинен жыйырма тоннадай, анан бригадасынын кол теримчилердикинен бир тонна болот.

– Дагы бир отузду табабыз– деди Балтабаев ишенимдүү да, бир аз кубанычтуу да үн менен, – сен башка

бригадалардан да аз-аздан ал. Эптеп убадасына жетсин, макулбу? Анын убадасы биздин убада...

– Хуп, – деди Жапак саал эңиле берип, анан алиги кагаздарын жыйнаштырып сыртка кетүүгө ашыгып.

* * *

Балтабаев Жапак алып келген дагы бир топ кагаздарга кол коюп, анан айрымдары жөнүндө бир нерселер айтып, буйрук берип жатты.

– Силер,– деди Балтабаев Садыкка карап,– бригаданын ишин жыйынтыкташыңар керек. Алимага жок дегенде 20–30 тонна уюштургула.

– Эмнени уюштурабыз?

– Эсептегиле.

– Жолдош Балтабаев,– деди Садык мурдагы адаты боюнча аксакал дегенди коюп, ал таптакыр шашпай да, камырабай да:

– Эмне кереги бар ошонун? Мен дал ошол жөнүндө сүйлөшмөк болуп келип отурам сизге.

– Эмне жөнүндө?

Балтабаев карап жаткан бухгалтериялык документтерди нары коюп тике карады.

– Алима жөнүндө, анын 200 тоннасы жөнүндө.Минтүүнүн кимге зарылдыгы бар?

– Өзүнө эмес, колхозго. Түшүнөсүңбү? «Элдин даңкын эр көтөрөт» деген кеп бар. Алима – колхоздун даңкы...

– Бирок, ал адилетсиздик, ал – адилетсиз даңк. Элди алдаган даңк, жерди алдаган даңк! Экономикалык, моралдык жактан да зыяндуу даңк.

– Эмнесин айтасың?

– Анын ишин башкалардын эмгегинен көтөрүүнү айтам. Биз ушу айрым адамдардын даңкын көтөрүп, жүздөгөн, миңдеген адамдардын ишенимине, иманына, абийирине доо кетирип атабыз. Жалган цифралардын артында адамдардын таза абийири, иманы кетип жатат.

Биздин милдетибиз – коммунисттердин милдети, ансыз деле жалпы адамгерчиликтин милдети – адамдардын бийик абийири, бийик иманы үчүн күрөшүү болуп саналат. Дүйнө адамдардын таза абийирине, иманына таянып жашап турат. Ансыз...

– Болуптур, – деди Балтабаев ачуусун ичтен араң басып тиштенип. Ал канткен менен да саал апкаарый түштү, – ошол элүү тоннадан сенин зыян тартар жөнүң болсо кошпойлу. Кошпо, Жапак, уктуңбу.– Садыкты кекетип унчукту.

Жапак баш ийкеди.

– Кеп ал элүү тоннадан гана эмес...

– Сен эмне зыян тарттың? Айтчы төлөп берели, – деп кекетти раис.

– Төлөөгө болбой турган зыяндар.

– Айтпайсыңбы ачыгын? – Балтабаев тура калды ордунан.

– Жүздөгөн, миңдеген адамдардын инициативасын басынтып атат, муну эч бир төлөөгө мүмкүн эмес! Бул алтын, күмүштүн ар канчасынан кымбат.

– Кимдер басып атат?

– Алималар, Аттокурлар... Жылуу сөз да, жылтыр эткен бир топчу болсо да ошолордуку. Мен уктум, кошо иштеген жүктүн моюн жоорутар оор жерин көтөргөндөрдөн уктум. Алардын инициативасы алда качан өчүп калган... Биз өз ишибизди иштейбиз, нан табабыз, баланы багабыз, жылуу сөздү, сый-сыпатты ала тургандар башка дешет. Бул ишеним тим эле турмуштук табигый чындык катары жашайт алардын башында. Уктуңбу, бул кандай жаман?! Бул – адилетсиздик.

Балтабаев дароо жооп берген жок, тамеки жандырып терезе жакка басып, кайра артына кайрылды:

– Даңк алса өз эмгегинен алды, комбайнын жакшы башкарып атабы, жакшы башкарып атат, жакшы терип атабы, жакшы терип атат, дагы эмне керек сага?

– Дал ошол жакшы терип атканын караңызчы, жолдош раис, бир механик ошонун машинасы үчүн күнү-түнү отурганы отурганбы? Анын эмгегин Алима өз даңкы үчүн пайдаланып атабы? Бир арабакеч бала артындагы пахтасын кырманга ташып жүрөбү – жүрөт. Бу да Алима үчүнбү? – Алима үчүн. Бригадада эсепке кирбеген, түшүмү ага жазылган 5 гектар жер барбы – бар. Үч-төрт ашыкча адам күчү барбы – бар. Ал жер да, адамдар да Алиманын даңкын түзүү үчүн иштейби, же жалганбы? Мына менин айтайын дегеним ушул. Кандай дейсиз, ушул адилеттикпи?

Балтабаев башка жакка тайыткысы келди:

– Бул жалгыз эле бизде эмес, бардык жерде...

– Мен башка жөнүндө айтпайм, өзүбүздөгүнү сурап жатам сизден.

Балтабаев жооп берген жок. Ал аябай кысталып турдубу, же Садыкка жини келгендиктен беле, кантсе да кумсарып кеткен эле. Садык да андан жооп күткөндөй тике карап тура берди.

– Сен укканың жокпу, – деди көптөн бери делдейип калган Чокоев Садыкты саал жактыра бербей сөз кошуп. Ал бул сөздөрдү кандай мааниде түшүнүп жатты эле, айтуу кыйын болучу.

– Жанузаков өзү сураганын укпай жатасыңбы?

– Ал башка кеп, жолдош Чокоев. Сураса сурагандыр, бирок бирөөгө даңк түзүп келгиле деген эместир. Эгер анткен болсо, туура эмес.

Балтабаев Чокоевдин сөзүн күтпөй, өзү аралашты:

– Ал канча тонна терди деп сурады, мен жүз элүү дедим. «Өткөн жылкыдан аз го, бу кандай? Жакшы эмес –жакшы эмес, уюштургула уюштургула» деп калды кайра-кайра. Анан мен азыр терип атат, эки жүзгө жеткириш керек деп койдум. Сен макул дебесең, кийинки тоннасын жазбайлы, мейли. Бирок обкомго чейин билдирип койгон соң...

– Кеп анда эмес, жазгыла каалашыңарча. Менин оорунарым башка – биздин коомдун кыймылдакыч күчтөрүнүн бири болгон миңдердин, миллиондордун инициативасы жөнүндө…

Балтабаевдин кепти тереңдетпөөгө аракеттенгендиги байкалып турду: ал Чокоевге кайрылып төмөнкү бир бригададагы иштер боюнча тапшырма бере баштады. Өз ички оюна бөлүндү болгон Садык ага көңүл да берген жок, кулак да сезген жок.

Анан Балтабаев Садыкка карап калды: дал ушул карашында, андан күтпөгөн бул суроонун чыгышы көп нерселерди айтып турганын байкагандай коопсунуу бардыктан беле, же башка себептенби акырын унчукту:

– Эмне үчүн булар сенин башыңды оорутат, айтчы?

– Абдан оорутат.

– Сен жокто эле адилетсиздик болуп кетип, эми анын жолун сен тосмок болдуңбу? Сенсиз эле колхоз өскөн-өнүккөн, сен өз ишиңди иштесең жакшы болбойбу? Бир туруп парторгдун ишине киришет экенсиң, бир туруп доктурдун ишине, анан дагы бирине… Чотуңду кагып өз милдетиңди иштебейсиңби?

– Милдетим ошо. Менин милдетиме жансыз эсептер гана кирбейт, адамдардын эмгекке, өндүрүшкө коомдук мамилелери да кирет. Ак эмгегине адилет баа болбогон жерде адамдардын коомго болгон көз карашы кирдейт. Адамдар канчалык аң-сезимдүү болсо, өз ишинин коомдук маанисин канча терең түшүнсө, экономиканын натыйжалуулугуна сөзсүз таасир тийгизет. Үй-турмуш шартынын жакшы болушу, маданий тейлөөнүн жакшылыгы, бирөөдөн ыза көрбөй, көңүлүнүн көтөрүңкү болушу, кыскасы – менин милдетиме кирбей турган нерсе жок. Булардын бардыгына кийлигишүү менин зарыл милдетим. Ушундай өз ишим…

– Биз али көп сүйлөшөт экенбиз. Балтабаев токтоосуз сыртка чыгып, машинасына отурду да, кыштакты тең жарган көчө менен артынан чаң буруксуп жүрүп кетти.

* * *

Садык Балбаков ошондон көп өтпөй райаткомдун председатели Шатман Алдосовго да кирди. Ал баягысындай эле жай сүйлөп, кепти сарасаптуу угуп отуруп аңгемелешишти. Тамекисинин күлүн кагып койгон соң, кичирээк чың денесин жай алып ордунан туруп, өзүнө мүнөздүү токтоо кыймыл менен терезе жакка басып кайра кайрылып, анан Садыкка же кошумча суроо берип, же анын айткандарын өз түшүнүгү менен тактап жатты.

– Шашпаңыз, Шатман Алдосович, – деди Садык отурганы андан чоң тулкусу менен диванга кычырата берип, – он жетинчи жылы жумушчу табы эмне үчүн кан төккөн? Окко көкүрөгүн тосуп чабуулга өткөн? Дал ушул бирөөнүн эмгегинин эсебинен жашоочулукка, бирөөнүн эмгегинин эсебинен даңкталуучулукка каршы эмеспи?

– Албетте, ал – талашсыз, – деди Алдосов шарт бурулуп Садыкты беттей токтоп калып.

– Мынабу мен айткандар ошонун өзү да. Бирок бир аз гана башка формадагы түрү деп ойлойм мен.

– Балбаков, сиздин оюңуздун, балким, бир топ негизи бар экени талашсыз, бирок бир аз ашырып ийип жатасыз го дейм.

– Кантип?

– Андайлар бар, бирок массалык түрдө эмес.

– Аныңызга кошула турайын. Мына дагы бир мисал сизге, биздин колхоздогу чабан Төлбергенов Аттокурду эле алалычы. Ал мал чарбадагы маягыбыз, республикага чейин белгилүү. Эки короо койдун чабаны, бир койчусу Шалпык деген бир жоош иштерман жигит, экинчиси ошо Аттокурдун өз иниси. Андан тышкары түнкү кароолдор бар, сакманчы дегендер бар, кыскасы – бир короо койдо бир топ адам. Койду кайтарган, суукка тоңгондор кимдер – а сый урматты, даңкты алып, республикалык чогулуштарда, областтык, райондук чогулуштарда жүргөн, он-он

беш күндөп өткөрүлүүчү семинарларда жүргөн ким? – Аттокур Төлбергенов! Орденди тагынган ким? – Аттокур Төлбергенов! Короодо болсо анын кылары эмне? Бир күн кой артында болсо да, эртеси күнү жакада – туз апкелишим керек, жем апкелишим керек, жалпы чогулуштар, партчогулуш бар, дагы-дагы толуп жатат. А кой артында ким? Байкуш Шалпыктар... Мына, бул деле жанагынын өзү эмеспи?

– Мен абдан жакшы түшүнөм, Садык, аны. Азыр угуп атат деп ойлобо. Алдосов жай кыймыл менен креслого отурду да, бир нерсени эске түшүргөндөй ойлуу болуп калды.

Садык азыр өзүн райаткомдун конторасында председатель менен сүйлөшүп жатканын унуткандай, көптөн сырдана жолдошуна мамиле кылгандай өз оюн тайманбай айтып, тайманбай жооп күтүп отурат. Ал Алдосов менен иш боюнча мурда бир нече жолу сүйлөшүүгө туура келген. Эң сонун ырдаган ырын да уккан. Айрыкча быйыл жайында карындаш Өзбекстандын Андижан областынын колхоздорунда социалисттик мелдештин милдеттенмелеринин аткарылышын текшерүү боюнча райондо түзүлгөн комиссиянын составында бирге жүрүп келген. Алдосов да Садыктын ар нерсеге карата өзүнчө ою, кызыгуусу бар, түшүнүгү кеңири, токтоо мүнөз жигит экенине көзү жеткен, жолдош катары эле мамиле кылып, көп маселелер боюнча пикирлешип сүйлөшүп жүрүшкөн.

– Бул албетте, өз учурунда зарылдыктан чыккан, жакшы максатта чыккан. Бирок, кийинки учурда карьераны тез куруусуга умтулгандардын куралына айланып кетип бараткан бар...

– Кошулбайм.

– Эмнесине кошулбайсың, согуштан кийин чарбаны көтөрүү керек болгон, ал үчүн элдин активдүүлүгүн көтөрүү чаралары зарыл эле. Бирин макташ керек болгон, калгандарын анын артынан шыктандыруу жолдорун табыш керек болчу.

– Шатман Алдосович, адамдарды жакшы билесиз, ойлоп көрүңүзчү, бир адамды жалган жерден көтөрө берсе эле, башкалар ошого жетебиз деп артынан жүгүрө береби? Тескерисинче, андан адилетсиздикти көрбөйбү? Көңүл калуу, ишенбестик пайда болбойбу? Эмне үчүн биз адамдарды жалган нерсенин үстүндө тарбиялоого барабыз? Советтик түзүлүш жөнүндөгү адамдардын ыйык ишенимин ушинтип бузуу кандай? Муну билип турсак да эмне үчүн иштей берчү болдук? Айтыңызчы?

– Албетте, бул – өтө терең нерсе, мамлекет үчүн, элдин өз эртеңи үчүн эсепсиз кымбатка турар нерсе, бирок ал азыр токтолбой жүрүп жатат. Бул оңой менен оңго сала коёр кичине тетик эмес. Чоң нерсе...

Алдосов ойлуу отуруп калды. Анан саал кыйшык бүткөн сол колу менен күкүрт жандырып тамеки чекти. Анын колу согушта жарадар болуп кыйшык бүткөнүн да, оң жак капталында эки кабыргасы жок экендигин да Садык жакшы билет. Андижан областынын колхоздорунда текшерүүдө жүргөндө ага Алдосов согушта аба салгылаштарынын биринде самолету күйүп токойго түшкөндүгүн, кандайдыр керемет менен өзүнүн өлбөй калгандыгын, бир поляк чалдын малканасында далай күн жатып оңолгон соң, поляк партизандары менен бирдикте согушкандарын да айтып берген. Ал жакшынакай поляк аялын сүйүп калгандыгын да, алар Кыргызстанга келиши жөнүндө кыялданып жүрүшкөндүктөрүн да, бирок анын разведкада өлүп, өлүгүн өз колу менен койгондугун да айткан. Көзүнөн жаш каканактай берип, бирок катуу мүнөздүгүнө салып билгизбей улутунуп, минтип кошумчалаган: «Польшага барсам, ошол токойго коё берсе, жазбай барып анын көмүлгөн жерин табар элем... Балким, анын мүрзөсү жер менен жексен болуп калгандыр, бирок баары бир табар элем. Көз алдыма келип турат» деген. Аскерден соң Алдосов мугалим болуп иштеп жүрүп, кийинки жылдарда партиялык-советтик

кызматтарда. Садык ошолор жөнүндө ойлоду. Ал дароо өз көңүлүн азыркы аңгемесинин аягына бурду.

– Көрдүңүзбү, сиз да билесиз. Ал турсун, обкомдун секретары Жанузаков да билет. Алиманыкы эки жүз болушу керек. Давай, караштыргыла дейт. Билип турат баарын. Эки жүз кылыш үчүн жалганга барарын да билип тургандыгында күмөнүм жок. Мына ушул да коммунисттик этикабы? Ушу жоруктар коммунисттик этиканын табийгатына туура келеби?

– Жок, ал эмес. Садык сен коммунисттик этика деп эмнени түшүнөсүң? Ар бир коммунисттин айланасына болгон мамилесин, жүрүш-турушун, сапатын, дүйнөгө көз карашын коммунисттик этика деп түшүнөсүңбү? Жок! Анда сен жаңыласың. Коммунисттик этика деп айрым коммунисттин турмушка болгон мамилесин түшүнүүгө жарабайт. Чыныгы коммунисттин милдети жана максаты – дал ошо коммунисттик атка жамынып, анын этикасынын баркын төмөн түшүрүүчүлөргө каршы, коммунисттик чыныгы этика үчүн, коммунисттик таза идеал үчүн күрөшүү болуп саналат!..

Анан экөө тең бир далай унчукпай калышты.

– Даңк алуу, мүмкүн болсо эртерээк бүтүү, бүтө элек нерсени үч күн мурда берүү – ушунун баары даңк үчүн. Бизде мындан башка жакшы идеал жокпу деп калып атпайсыңбы? Бул туура эмес Садык. Балким, мунун баарын сен айрым адамдар аркылуу жалпылап жаткандырсың. Маселен, бир дыйканды алалы, айталык, сенин коңшуң Мусаны – ага планды үч күн мурда аткаруу түк кызык эмес, зарылдыгы да жок. Ал эми башка бирөө үчүн зарылдыгы бар. Мусага эмне кызык? Канча иштесе ошончо түшүмүн төкпөй-чачпай жыйнап алуу кызык. Ошо алган түшүмүнөн ашыгыраак жалган кошуп айтуунун ага дагы эч зарылдыгы жок. Баятан кейип айткан коммунисттик этика жөнүндө деле дал ошондой ойлогун. А эми башка бирөө үчүн, айталык, карьерист үчүн үч күн мурда

бүтүүнүн кызыкчылыгы бар... Маселен, үч жыл, төрт жыл удаасы менен планды толтурган секретарь сөзсүз көтөрүлөт. Демек, жеке адамдардын кызыкчылыгын басуу аркылуу болсо да ага жетишүү ал үчүн зарыл,– деп Алдосов сөз аягын тамашага чалып, акырын гана күлүп койду.

Анан ойлуу боло түшүнгөндөй унчукту:

– Да, ойлоно турган көп нерселер бар...

Алдосов саатын каранып Садыкка сүйлөдү:

– Саат жетиде мектеп башчылары менен сүйлөшмөкмүн. Зарыл маселелер бар. Хуп, дагы жолугуп турарбыз.

Алдосов саал ийри колун Садыктын москоол алаканына койду.

Садык Алдосовдун конторасынан кандайдыр кыялы толо ойлор менен сергек чыкты.

## IX

Садык райондун борборундагы ашканага кирди.

– Тургунай?.. Тургунай! – деди Садык энтигип. Тамак ичип отурган аял сулуу көзүн саал күлүңдөтө суз кол узатты. Төбөсүнө түйүлгөн кара чачы уюлгуп, өңү кыйла эле жышылып, көрүнүшү пакиза жана тыкан эле.

– Тургунай! – деп Садык манчаларын бек кармап көрүшүп, анан коё бербей турду. – Кайдасың?

– Ушу райондун «Кара-Суу» мектебинде иштейм.

– Ушу 50 километр аралыкта иштешип, кантип бир жылдан бери билишпейбиз? Айлар... жылдар... өттү го?

– Ырас...

Тургунайдын ак жүзү саал кумсара түштү, үнсүз турду.

– Жамалканды Ташкенге апарып, операция жасатып...– деп алаксытты.

– Катуубу оорусу?

– Катуу деле эмес, бирок...

Ал улутунуп токтоло калды.

– Тамагы ооруп, ошондон барып үнү бүтүп калган. Азырынча жылыш жок. Дагы көп жатат деп атышат.

– Кудай сактасын, жакшы болор. – Садык эми үн кошпой тунжурап үнсүз турду.

Тургунай улутунуп койду да, анан баарын эсинен чыгаргандай саал жылмая берип сүйлөдү:

– Үй-бүлөң дурус жатышабы? Уулуң чоңоюп атабы?

– Сен аны кайдан билесиң?

Тургунай кайра саал оңтойсуздана түшүп, кайра сөз улады:

– Өткөндө вокзалда жолугушуп калганыбыздан соң, сени тааныган бирөө сөз кылып калды.

– Рахмат, дурус.

Алар көчөдөн четтеп нары бурулушуп, аллеяларына сары жалбырак төгүлгөн кичирээк бакта жай басып жүрүштү.

– Ушинтип «Ак-Таш» колхозунда иштеп атам,– деди Садык эмнеден сөз улаарын билбей, эптеп эле сүйлөп коюш үчүн.

– Жакшы билем ал колхозду.

– Кайдан жүрүп?

– Мектебинде бир жылча иштеп кеткемин.

– Эмне үчүн кеттиң? Бирге иштеп калмак экенбиз.

Тургунай саал жылмая берип, бирок ойлуу сүйлөдү:

– Тил табыша албай калдым окшойт чоңуңар менен.

– Ал ким?

– Балтабаев менен.

– И?

– Мен жаңыдан келип, мектепте окуу жылынын башталышына төрт-беш күн эле болгон. Сабак окутуп жатсам, эшикти шарт ачып кирип келди Балтабаев. «Сиз директорсузбу?» – деди. «Ооба» – дедим мен. «Бүгүндөн баштап мектебиңиздерди жаап, бир адам калбай пахтага чыккыла». – Балдардын көзүнчө эмне дешими

билбей калдым. Жүрүңүз деп конторага ээрчитип кирип: «– Канча күнгө?» – деп сурадым. «Канча күнүн эмне кыласыңар? План толгончо. Терим бүткөнчө» дейт, тээ жогортон келип. Мен да кырсыга түштүм. «Кана, Агартуу Министринин буйругу? Мен ошого баш ием» – дедим. «Сен кайдан түшкөн катынсың?» – дейт. «Мен катыныңыз эмесмин!» дедим ызам кычап. Жаппай койдум мектепти үч күнгө чейин. Бозуланов чуу салып мени парткомго чакыртып, тим эле мамлекеттик чыккынчылык иш кылган киши катары жазалап жибере жаздады. Ошентип экөөбүздүн отубуз биринчи күндөн эле күйүшпөй калган.

– Кызык. Анан канттиңер?

– Кийин, кышжарымда эле, көтөрүп атабыз сени интернаттуу чоң мектепке деп азыркы жериме жиберип ийишкен. Кийин уксам, Балтабаев «алып кеткиле биерден» деп талап койгон экен. Көңүлүнө жакпаса ушинтип коёт тура ал.

– Оо, чоң казанда кайнашып кала жаздаган экенсиңер.

– Кайнабаганда, андайларды эми көрүп жүрүптүрмүнбү?..

Анан экөө тең тунжурап үнсүз болуп калышты. Көпкө бирге басып жүрүшкөн менен да түк кеп от албай койду...

* * *

Тургунай мейманканадагы бөлмөсүнө эрте кирип жатты. Көңүлү улам чөгүңкү тартты.

Башын чүмкөндү. Көзүн жумду...

Алда качанкы сонун учурлары келди көз алдына...

Садыктын бүгүнкү абалынан улам, анын мамилесинен улам, көп жылдар бою жүрөгүндө жүргөн жыйынтыктардын далайы туура эмес экендигине кадиксиз ишенип, андан улам алда-качанкылар бет алдына жаңырып тартылып турду.

Биринчи учурларда Тургунай Садыктан терең көңүлү калып жүргөн кездерин эстеди... Апасы өлүп жаткан күйүттүү күндөрүндө мектеп директоруна барып Садыкты сураса, «Кетти, бизге экинчи кайрылып келбейт» деди. «Силер кетирдиңерби, же өзү ошенттиби?» деди Тургунай тактап сурап. «Сен мектепти бүткөнүңө эки күн болбой өз агайыңа ишенбей калдыңбы?» деди директор ызалуу...

Тургунай кеңгиреп көпкө туруп калып, анан чыгып кетти. Ал кош күйүттөн өзүн таптакыр жоготуп койгон эле... Өлүм да коркунучтуу эмес эле ага бул күндөрдө...

Ошол шартта өз тоюн таштап качып кеткен соң, жакшы адамдардын аркасы тийип Оштогу педагогдорду даярдоонун бир жылдык курсуна кирип калган учурларын эстеди...

Ырас, ал жаш эле. Баарына дал ошондойчо ишенди. Садык жөнүндө да. Анын атын эстесе өзүнүн тебеленген адамдык баасын эстечү. Ызаланчу. Ошон үчүн анын атын мүмкүн болушунча эрте унутууга аракеттенди...

...Ал шаардан педагогия курсун бүтүп, бир айылда мугалим болуп иштей баштаган учурун эстеди. Кубанчы койнуна батпайт. Мындан бир эле жыл мурда өзү мектептин окуучусу эле, эми болсо мугалим... «Байкуш апам тирүү болсо; кандай гана болор эле?» деп арман кылат ичинен.

Дал ушундай шартта ал Садыкты эстей турган болду. Аны түк унута албастыгын мойнуна алды. Аны сурамжылады... Аны издей баштады. Бирок анын эч бир дарегин таба алган жок. Анткен менен жүрөгүндөгү зор үмүт көпкө чейин өчпөй жашап жүрө берди...

Аны бат эле мугалимдер комсомол уюмуна секретарь кылып шайлап коюшту. Иштеп жүрдү. Окуп келгенине карабай карапайым эле анда. Бир күнү эртең менен директор: сабагыңды бүткөн соң районго жөнөгүн деп, анда кандайдыр бир чогулуш болорун эскертти. Көп өтпөй колхоз конторасы тараптан директор шашып келип,

мугалимдерге бир немени айтып, тополоңго түшүп калышты. «Райком, райком келет экен...» Райком дегенди Тургунай мурун угуп жүрсө да, бирок ал киши кандай неме экенин көргөн эмес эле.

Көп өтпөй жеңил машина келип токтоп, эки адам кирип келишти. Бири колхоз раиси, экинчиси шыңга, кара тору жигит болучу. Жашы отуз, отуз үч чамасында. Жаштыгына карабай токтоо, бир аз салыңкы кабагы аны ойлуу кылып көрсөтөт. Тегерете ага-буга көз таштап, директордон иш боюнча аны-муну сурап жүрдү.

Дароо мугалимдерди чогултуп, мектеп абалы боюнча пикирлешип, аягында ишти жакшыртуу боюнча, окуу-тарбия иштеринин сапатын көтөрүү боюнча айрым кеңештер айтты.

Анан алар эшикке чыгып, директор менен сүйлөшүп турушканда, тушка араба келип токтоп, Тургунайды тез чыгууга шаштырып чакырып калды. Ал арабага жакындаганда директор үн салып кол булгады:

– Эй, Чекирова! Чекирова, бери кел!

Тургунай келди.

– Агай районго кетет экен азыр. Булардын машинасына түшүп ал,– деди.

Ошентип райкомдун машинасында чымырап кетип баратты. Райком жигит суз. Колхоз конторасына жеткенде алар түшүп кетишти.

– Карындаш, сиз кечирип коюңуз, бир аз күтө турушунузга туура келет. Зеригип кетсеңиз мына бул китепти...– райком жигит (аны дайым эл райком дешчү) машинасынын тарткычындагы эки-үч китептин бирин берип, анан салмактуу басып конторага кетти.

Ал кыйладан соң өзү жалгыз чыкты да, өз ордуна отуруп, зымырап учуп жөнөп баратышты. Райком жигит башкармадан ажыраган соң таптакыр башкача киши болуп калгансыды. Бая түйүлгөн кабагы жайнап, кезеги менен каткырып күлүп, тамаша сөздөрдү коё берет.

Тургунайды териштире сурап билди. Шоферу дудук жан-дай сөзгө түк аралашкан жок. Машина жазгы дарыядан кече албай, тээ шаар аркылуу кетмек болуп узак жолго салышты.

Шаарга барганда тамак ичүүгө түшүп, Тургунайды да зордоп ээрчитип алышты. Ресторанга кириштi. Шаарда окуган бир жылдын жазында ресторанга бир гана жолу кокустан кирип калып, ошондон соң түк эсинен кетпей, эртедир-кечтир жайма-жай кирип отуруу дайыма кыя-лында максаты сыяктуу жүрөр эле. Тургунай тартынчык-тай кысынып отурду. Райком жигит болсо кичи пейил неме экен, аны эски таанышындай сөзгө тартты. Ал да ага, негедир, өз көңүлүндө кадиксиз ишенип калды. Ошон үчүн өзүнө да куйган бир стакан шампанскийди көп тырандай бербей ичип жиберүүгө аргасыз болду. Өтө эле тырыша бериши орунсуз эле.

Ресторандан караңгы киргенде чыгышып, жолго түшүштү. Эми райком жигит да арткы орундукка – Тургунайдын катарына отуруп алды. Ал баягысынан да ачык мүнөздүү болуп, куйкум сүйлөп, курч сүйлөп кулак тындырбай күлкү чыгарат. Жанагы бир стакан немени жутуп койгонунанбы, же чын эле акылынын бийлегени ошол беле, өзүнчө көтөрүлө түшөт. Ырас, Тургунай бу райком жигит жөнүндө көп уккан. Жашы элүүдөн ашып, турмушка көзү каныккан, айтканынан кайтпас катуу, ачуулуу да жан элестетүүчү. Аны менен бир ооз сүйлө-шүүнүн өзү да катаалдай көрүнөр эле. Дал ошол райком жигит менен мына азыр жанаша отуруп, кысылбай кошо күлүшүп бараткaнына көтөрүлөт. Тургунай элестеткен-дей эмес, ал кичи пейил, жөнөкөй жан тура.

Ал конторуна Тургунайды ээрчите кирди. Эшик карс этип кайра бекем жабылганда карапайымдыгынан бир жеңил ой башынан кылт этип, жүрөгү опколжуй түштү. Ал телефон чалып кимдидир чакырды эле, беш мүнөт өтпөй бир адам кирип келди. Анын дайындоосу боюнча

ал киши Тургунайды алып барып, мейманкананын ыңгайлуу бөлмөсүнө жайгаштырып кайтты. Тургунай бул адамгерчиликке ыраазы болуп, көпкө чейин уктабай ойлуу жатты.

Андан кийин да ар кандай шартта жолугуша калганда баш ийкеше саламдашып жүрүштү.

Кышка таяган кеч күздө Тургунай районго келип, кайра кетүүгө шашып жүрсө, бейтааныш киши ага келип, сизди райкомго чакырып жатышат, биринчи секретардын өзүнө деди. Тургунай түшүнө албай, бирок аргасыз кирди. Райком жигит өзгөчө ачык көңүл кабыл алды: ордунан туруп мандайына жакын отургузду да, мектептин абалынан, өз иштеринен сурап өттү. Кеп кыюусуна байланыштуу студент кездеги бир окуясын айтып күлдүрдү.

Тургунайдын жолоочу машина менен азыр кетерин уккан соң:

– Шашылбай эле коюңуз, кечирээк машина менен жеткиздирип коём, – деди.

– Жок, рахмат.

– Рахматыңызды анан айтарсыз, уялбаңыз, – деп жатып аны көнүүгө аргасыз кылды.

...Алар күн батканда жөнөштү. Райком жигит дагы арткы орундукка Тургунай менен катар отуруп алды. «Победа» жогору көздөй учуп баратат. «Шофер эле жеткизип келбес беле, эмне үчүн өзү баратат» деп Тургунай ичинен ойлоп, жыйынтыкка келе албайт.

Райондун борборунан беш-алты километр алыстыкта жаткан кыштакты аралоого аз калганда райком жигит шоферго айтып, машинаны токтоттурду да, жарым сааттай дем алабыз деп эскертти. Шофер айттырбай сыртка чыгып, элүү метрдей узап барып, ары-бери басып жүргөнсүдү. Анын караанын үрүл-бүрүл көзгө араң илинет.

– Тургунай, – деди райком жигит тике сөз баштап, – эң алдын эскертерим, мени Токтор деп эле өз атымдан

жакын киши катары айта беришиңизди суранам.

Анын үнү мурдагысынан өзгөрүлүп чыкты. Ал жай сүйлөп, өзү жөнүндө, өз үй турмушу жөнүндө айта баштады. Анын сөздөрү ушунчалык таасирдүү, ушунчалык ишенимдүү болучу. Тургунайды бир паста бүтүндөй өз турмушунун арасына тартып, аны менен дайыма бирге болуп, өз көзү менен көрүп жүргөндөй ишенимге жеткирип салды. А дегенде Тургунайдын башына ойдо жок нерселер келип, тынчсызданганы бекер болду: Токтор бир ооз да ашык сөз аралаштырбай, чын көңүлдөн акылдуу, жүрөктөгү гана өз ойлорун айтып жатты. Ошондо гана Тургунай анын бойдок экенин, аялы менен көңүлү келишпей ажырашып кеткен соң үч жылдан бери бой жүргөнүн биринчи жолу укту. Эч нерседен сөз кошкону жок. «...Мен бул үчүн аял жылдызын эмес, өзүмдүн... өзүмдүн азоо жүрөгүмдү, эч бир жанга жибибей жүргөн таш боор жүрөгүмдү тилдечүмүн. Кээде үй-бүлөөлүк бактымды эстеп, мен андан кур кол калсам керек деп ага күмөнсүнүп каңырыгым түтөп кетер эле. Жок, анда мен жаңылган экемин. Менин бактым бар экен, анын жаркырап күйүп турганын көрүп турам – ал сенсиң! Сен мени бактылуу кыл, Тургунай. Биз түбөлүккө бактылуу болобуз. Мен бул сөздөрдү сага бир күндүк көңүл ачуу үчүн айтып жаткан жерим жок. Бул жүрөк сөздөрү... Сенин биринчи жалт тиктеген көз карашыңдан укмуш өткүр, укмуш сулуу көзүңдү көрдүм, анын тереңинен түгөнбөс жанган бактымды көрдүм...»

Тургунай кирпигин төгүлтүп унчукпай турду.

Мына Тургунайдын алдында оп-оңой да, татаал да эки чечим турган болучу: оп-оңойлугу – ал бир ооз гана сөзү менен толук баалуу турмушка ээ болуп калар эле, ал эми татаалдыгы ал буга терс жооп берип, белгисиз тагдырынын жолу менен – балким, бактылуу, балким, бактысыз жолу менен кетүүгө тобокел кылышы керек эле.

Кыз ойго чөмүлө берди...

Канча ойлогону менен да баарын турмуш чындыгы жеңди. Алар жазга жакын баш кошуп алышты...

Тургунай жаңы үйүндө бакыттан башка эч нерсени сезген жок. Жаңы окуу жылы башталгандан тарта райондун борборундагы чоң мектептен азыраак гана сабак алып иштей баштады. Биринчи күндөн тарта ал кандайдыр өзгөчөлүктү байкады: коллективдин, дагы башка кызматкерлердин ага карата мамилеси мурда өзү иштеген мектепте сезип жүргөндөй эмес, бардык иште аны көз жаздымда калтырышпай, топтун дал ортосуна тартышат: Токтонгон окуу бөлүмүнүн башчысы Акимов ар бир кыябы келе түшкөн учурда мектеп турмушунун орчундуу маселелерин, ийгиликтерин бөжүрөп айтып калат. Ал эбиреп сүйлөгөн, аял мүнөздүү, дөң далы, кашка баш киши эле. Биринчи мезгилдерде: «Мени жаш мугалим деп көңүл буруп, үйрөнсүн деп жаткан го. Жаш мугалимдерди жетекке алуу анын милдети эмеспи» деп жүрдү Тургунай. Бирок бара-бара андай максатта экенине күмөнсүй баштады. Деги ачык түшүнө албайт. Токторду, анын саламаттыгын көп сурап калат. Бир-эки жолу эртең менен аны өзү көрүп келип, ага карабай андан көрбөгөндөй кайра сурайт. «Мени ичтен сынап жүрөбү», деп бир аз тартынып, ар кандай ойлоп да калчу болду Тургунай.

Андан башка мектепте жакын болуп жүргөн кишиси мектеп директору Сатымкул. Ал жаш, абдан принципиалдуу, өз айтканынан кайтпаган тырышчаак жигит эле. Баарынан анын көп окуп, көптү билгенине, газета бетине кээде чыгып калчу окутуу-тарбиялоо иштери боюнча жазылган педагогикалык макалаларын көрүп Тургунай суктанып жүрдү.

Үйдө Тургунайдын кылар иши аз. Баары жетишет, баары белен. Сабагынан соң жылуу сууга кол салат дегенди унуткан: үйдө кызматчы аял бар. Токтор болсо ар убак иш менен. Кээде күндөп-түндөп конторасынан, же колхоздордон кайтпай калат. Андан бошосо областка,

кала берсе, борборго чогулуш, кеңешмелерге катышып, апталап, он күндөп үйдө болбой калган учурлары көп.

Бирок, Тургунай ага капаланбайт. Анткени, көрүп турбайбы, баары анын жетекчилигине байланышкан. Ал турсун, кээде ансыз райондун иши ыдырап, баш-аламан болуп, а мүмкүн, бузулуп кетердей көрүнөт. Ырас, ал өзү антип айтпайт, бирок тажрыйбасыздыгынанбы, же жаштыгынанбы Тургунайга дал ошондой көрүнөт. Анткени сутканын кайсы мезгилинде болсун ага карай зыңгырап чалынган телефондун коңгуроосу тынбайт. Үйгө келип бир аз дем ала калган учурда да, же кызмат бүткөн түнкү учурларда болсун, тык-тык эшик кагылып, анан эңиле салам айтып, кол куушура басыңкы кирип, маанилүү иштер боюнча кээде ачык, кээде жашырын акылдашкан адамдарды көрүп турат. Үйдө болсун, көчөдө болсун: «Токтор, Токтор...» деген сөздөрдү угат. Мындай шартта күмөнсүнүүгө кандай акысы бар?

Алар кыздуу болуп калышты. Үйү толуп, дагы кубаныч киргенсиди.

Бир жолу кандайдыр кеңешмелерге байланыштуу Токтор он беш күнгө жакын убакыттан кийин үйүнө келди. Анын жүзүндөгү баягы киргил тарткан чарчаңкылык өчүп, кана уктаган уйкудан ойгонгондой өңү тазаланып, сөөктүү кара жүзү сулуу тартып калган. Анын үрөйүнөн ыраазылыктын, кубанычтын тамгасы окулат. Анткени район негизги чарба болгон пахтачылыктын планын бир нече жылдык төмөндөөлөрдөн кийин быйыл толтурган. Ал эми мал чарбачылыкта негизги тармактары да жаман эмес: Ошондон улам кеңешмеде анын атына, анын жетекчилигине жакшы сөздөр жамгырдай жааган болучу...

Ал Тургунайды маңдайынан, эки бетинен өөп, анан тамтуң баскан Жамалканды көтөрүп, үй ичинде аркытерки басып жүрдү. Көптөн бери үй-бүлөөсү менен бирге отуруп тамак ичти. Анан ал кимгедир телефон чалып, далайга чейин сүйлөшүп, «рахмат, рахмат...» деп анын

куттуктоолорун кабыл алып жатты. Алар бир сааттан кем эмес сүйлөштү. Анан үйдүн адреси боюнча өзүнө келген каттарды ачып, бир-бирден окуй баштады. Ушул саатта дагы телефон чалынып, кимдир бирөө менен кызуу аңгемеге өттү. Сөз арасында кыткылыктап күлүшүп, кээ бир жерлеринде Тургунайга түшүнүксүз туюк-туюк унчугушат. Токторго карата Тургунайдын биринчи жолу аялдык бир жактуу кербезденүүсү, кыжырдануусу, бир жагы ардануусу туулду. «Мен анын жооптуу ишин сезем, ошон үчүн баарын кечирем. Анын каалоосун айттырбай түшүнүүгө аракет кылам. Ал эми Токторчу? Эмне үчүн ал менин көңүлүмдө эмне бар экендигин, оюмда эмнелер болуп жаткандыгына кызыкпайт? Он беш күндөн бери бүгүн келди, бирок аял, бала ал үчүн көңүл буруууга арзыбайбы? Ал үчүн экинчи катардагы нерсеби? Үйдө баары жетишет. Ошон үчүн баары бүттү дейби?.. Аялга ошол гана жетишет дейби?..»

Бул оюн Тургунай Токторго билдирген жок. Анткени ачуу менен катуу кетип калышы мүмкүн эле. Өзүн токтотту.

Кийинки күнү кечинде тамактан соң, Токтор адатынча жаңы газетанын номерин алып, эми бетине жайганда:

– Токтор, мен бир нерсени сенден сурагым келет, – деди Тургунай.

– Сура.

– Ал Сатымкул жөнүндө. Сен адилет эмессиң...

Токтор сөз айта албай буула түштү.

Мектептеги окуу бөлүмүнүн башчысы Акимов менен мектеп директору Парманов Сатымкулдун ортосундагы талаш-тартыш татаалдашкан. Албетте, анын бир танабы Токтордун колунда болучу. Анткени, ансыз райондун бир да иши бүтмөк эмес, экинчиден, Акимов жебиреп сүйлөп анын колтугунда. Ал Сатымкулдун өз иштерин өзүнө Токтор аркылуу курал кылып пайдалана алды. Анткени, Сатымкул жалпыга милдеттүү окуу законун

турмушка ашыруу боюнча райондук активде, чогулуштарда райондогу абалды айтып, анан конкреттүү сунуштар берүү менен бирдикте, райкомдун атына адилеттүү сындарын тайманбай айтты. Зал дым боло түштү. Өзүнөн төмөнкүлөрдөн сын сөз угуудан жат боло түшкөн Токтор араң отурду, жыйынтыктоодо рахмат билдирди.

Бирок... бирок ал моюнга алуунун, рахматтын натыйжасы башкача бүттү. Ички кыжырына аптыккан Токтор уктай алган жок.

...Окуу-тарбия ишине текшерилбеген методдорду өз бийлигине таянып киргизе бергендиги үчүн, жанаататегине байланыштуу маселелер каралып, райкомдун бюросу Парманов Сатымкулга партиялык жаза берип, мектеп директордугунан бошотуп, жана аны мындан чакыртып алуу жагы областтык ОНОдон суранып чечим чыгарылды.

Мунун баарын Тургунай билип турган. Баарыдан көп күйүттү, баарыдан көп ички күрөштү ал баштан кечирген.

Токтор ачуусун күч менен токтотуп унчукту.

– Сенин кандай жумушуң бар анда?..

– Сен райондун жылтыр эткен топчусуна чейин өз көкүрөгүңө кадап алуу үчүн, ошону менен өз абалыңды бекемдөөгө, ар кандай курмандыкка барууга, керек болсо, үй-бүлөңдү, мени да чалууга даяр экенсиң!

– Тургунай эмне сүйлөп жатканыңды билесиңби?

– Билем.

– Сен үй-бүлөнүн ээсисиң. Анчалык курулай чарпылуу сага жарашпайт, пайдасыз да. Сен өз турмушуңа жакын, өз алдыңдан туш келише турган нерселер жөнүндө ойлонгонуң оң деп кеңеш берем.

– Сенин оюңча мен универмагдардын витриналарындагы манекен болушум керек тура?

Тургунай менен Токтордун ортосундагы жарака ушинтип башталды. Бул түк бүтпөс жарака эле. Токтор

болсо бул жаракага кызы Жамалды данакер кылууга аракеттенип көрдү. Балким, ал өз авторитетинен чочулап ошентти беле, аны ким билет? Бул жарака кеңейип отуруп, экөбүн ажыраштырууга апкелди. Бир күнү Тургунай кызын жетелеп үйдөн чыгып кетти…

Тургунай азыр мейманканада ушуларды эстеди. Бул – Токторго… Токторлорго, ал аркылуу өз айланасынан сезген айрым адилетсиздиктерге карата жүрөгүнүн бунту болучу…

## X

Областтын борборунан бери көздөй чыккан тасмадай созулган асфальт жолдо «Волга» жеп-жеңил учуп келатты. Балтабаев шофердон арткы жакка өзү жалгыз отуруп, учуп келаткан машинанын дөңсөөлөрдө жеңил серпип таштаганда жүрөгү саал куушурула түшкөнсүп, аны капарына албай, көңүлүн кыскан бир уйгу-туйгу сезим менен баратты. Жеңил машинанын ачык терезесинен урган шамал ыркырап кулакты жанып өтөт.

Жол боюндагы кыркалай салааланган мырза теректер жалбырактары шапыйып суз тартышат, баягыдай каракочкулданып ары-бери болор-болбос оолжушпайт. Аба коңур. Жерден да коңур салкын дем сезилет. Бардык нерсе сергек тартат. Бирок коңур күздүн бул көрүнүшү Балтабаевдин көңүлүнө көтөрүңкү сезим чакырган жок. Ал үнсүз. Анын мындай абалын айттырбай бир караш менен биле коюуга үйрөнгөн жоон шоферу да, бирдеме демек турсун, жөтөлүп да койбойт, тикирейип асфальт жолду тиктеп 80 километр ылдамдыгынан жазбады.

Балтабаев үч күндөн бери областта – көп мекемелерде болду: областтык айыл чарба бөлүмүндө да, облаткомдо да, обкомдун биринчи секретары Жанузаковдун өзүндө да. Ал, негедир, көп нерселер сурады. Өзүн бүркөө алып отургансыды… Балтабаев өзүнүн аброюна да ишенет,

мына ушул уюмдардын баарында аны кандай урмат менен, кандай жылуу мамиле менен кабыл алышкан жок.

Азыр ал Садык Балбаковго аябай кыжырданды: «Ошол бир нерсени билсечи. Жок, бул туура, бул туура эмес» деп ар убак ишке аралашып, жолтоо гана болуп жаткандыгын жок дегенде түшүнүп койсочу. Деги ал түшүнөбү? Эгер түшүнбөсө түшүнтүү керекпи, жокпу? Бул эмне? Ак куу көккө, чаян кургакка, балык суугa тартаттын өзү да. Жок!.. Антип отурууга болбойт. Мен ар убак башкарып келемин өзүм. Мага эч ким жолтоо болушу керек эмес. Мен жооп берем баарына башым менен... Жаман болсо эч ким эмес, мен жооп берем...»

Анын кыжыры канчалык ташыган сайын ою ушунчалык күчөнүп иштеп баратты.

«Дал бүгүн... Мен эмне үчүн кыңкы-мыңкы деп, энең байтал айтышып отурам? Мен адамдарды башкарып келгеним жок беле? Тартипке чакырган эмес белем? Эми ушуну эптей албай калдыбы? Бир сөзүнө кулак берсең, экини сүйлөйт. Экөөнө көңүл бурсаң төртөөнү айтат. Бул мен үчүн жаңы нерсеби? Анда эмне үчүн? Эмне үчүн мен аны эркелетем?...»

Балтабаев жаагын кабыштыра тиштенди... «Волга» дагы эле бир калыптан жазбай учуп келатат. Балтабаевдин жүрөгүн өйүп, аябай тынчын алган нерсе – мындан он үч-он төрт жыл илгери пахтанын түшүмү жөнүндөгү – Балтабаев Баатыр болуп Алтын Жылдыз алгандагы маселе. Бул нерсе анын боорун жеп баратат. Садык Балбаков облархивди казып жүрөт имиш. Көп документтерди нотариуска копиялатып алып жатат деп укту. Ошондон бери жүрөгүнө бир нерсе тепчилгендей өйүп, уктаса түшүнөн кетпейт...

Ошол жылы колхоз 1200 гектар жерге пахта айдап, ар бир гектарынан 12 центнерден түшүм алыптыр да, ал эми андагы контора кызматынан атайын чыгып, звенобой болуп 13 гектар жерге пахта эккен Балтабаев ар бир

гектарынан 84 центнерден түшүм жыйнап алыптыр... Эң жогорку сыйлыкка татыктуу болгон экен. Садык колхоздун экономикалык өнүгүш жолу боюнча диссертация жазыш үчүн аракеттенип жүргөн иштеринде мына ушунун шарттарына аябай кызыгып, документтерди изилдейт.

Ошол кезде бирге иштешкендерден кызыгып сурайт: анын жер шартын, эмгек шартын, ошол жылкы жаратылыш шартын тактайт. Бул Садык үчүн абдан кызык эле...

Байдылланын жүрөгүнүн дал үстүнөн бир нерсе түк кетпей өйүп тура берчү болду.

Азыр Балтабаевдин кыялы тээ алда кайда кетти.

...Эмгектин оорчулугу жаш балдардын, кемпир-чалдын ийнине түшкөн кыйын жылдар эле.

Байдылла анда арыкчырай ак жүздүү, эми көкүрөк көтөрүп, өзүн адам катары сезип жүргөн жылдары... Жетинчи классты бүткөн соң бригадирге табелчи болуп иштеп, өзүнүн чыйрактыгы, аны муну тез түшүнө койгон тетиктиги менен бат эле өз айланасындагылардын, анан колхоз активдеринин көзүнө түшө баштады. Эң мурун колхоз бухгалтери байкаган баланын жөндөмүн, анткени – бир-эки жолку көрсөтүүдөн кийин эле колхозчулардын эмгек күндөрүнүн табелин түзүп, аны бухгалтерияга өткөрүүдө өз алдынча болуп кетти.

Согуш бүтүп тынччылык күндөр башталды...

Көп өтпөй эле башкы бухгалтер эмгек күндөр боюнча Байдылланы эсепчи кылып алуу жөнүндө раиске айтты, ал макул дейби, же дебей коебу деген кош ой астында эмес, тим эле бир ооз айтып коюш үчүн ошенткен. Анткени, эки муруту, эки уурту ылдый салаңдаган, өзү олпойгон сөөксаактуу раис Жаңыбай Байдылланын аталаш тууганы, экинчиден, бул бухгалтеринин тилинен чыкпаган жоош жан эле, чынында иштин баарын ушу жоонойп семирип кеткен кыйрактаган аксак бухгалтер башкарчу.

Байдылла колхозго эмгек күн боюнча эсепчи болуп өтүү менен токтолбой өз чыйрактыгынын пайдасын бат

эле көрдү, колхоздогу комсомол уюмуна секретарь болуп да калды.

Ар убак кечинде өткөрүп жүрчү комсомолдук чогулуштарында шыңга бойлуу, ушунчалык майин сүйлөгөн Дилара аттуу кызды жакшы көрүп, тоюн берип үйлөнгөн. Ошентип анын ынтымактуу үй-бүлө турмушу башталды. Кара каш, кара көздүү апасынын сыңары өңү кагаздай жука чырайлуу уул-кыз төрөлдү...

Байдылла үч айлык эсепчилердин курсун өтүп келген соң, ишине ого бетер тасып, семиз төкөр бухгалтердин ишин колдон алып калган. Дал ушундай шартта айыл чарбаны көтөрүү максатында «Социалисттик Эмгектин Баатыры» деген наам берүү жөнүндө өкмөттүк токтом жарыяланды.

Байдылла уктай албай, жүрөгүн алда кандай бир нерсе калкытып тургандай, алдынан алда бир нерселерди күткөн зор үмүт пайда болду. Ал макоо эмес болучу. Ошон үчүн өкмөттүк мындай чаранын маанисин терең түшүндү. Эртеси эле келип, чолок бухгалтерге өз сырын айтты: «Сен акылыңан адашкан немесиңби дейм а?– деди кичинекей кызыл кабактагы наспайынан бир чымчымды тилинин астына басып коюп, саал сакоолоно сүйлөп,– мына, бухгалтерияны үйрөндүң, жашсың. Ушул быйыл жылдык отчетту биз менен кошо отуруп түзүшсөң, чоң бухгалтер болосуң да каласың. Мени бу жерге байлап коюптурбу, кетем. Бир жагынан, билесиңби, башым жетпей бaрaтат. Карылык. Инвалидмин, алым жеткен ишти кылайын. Баш бухгалтердик сеники. Жаңыбай раис жок дебейт. Тууғандын топурагы алтын дейт, таштап иет беле, антип эси жоктук кылбай, демиңи ичиңе алып иштей бер. Мен Жаңыбайды ынатам... »

Бирок Байдылла алиги оюнан айрыла албай койду.

Ал чыдай алган жок, Жаңыбайга айтты: «Мени пахтага иштөөгө өткөрүңүз. Звеновой кылып 14-15 гектар жер берип көрүңүз, өзүм менен кепке келише ала турган

адамдардан бериңиз. Иштейин – маңдайымдан көрөйүн» деди.

Муруттарын уурту ылдый салаңдаткан давердес раис Жаңыбай кичирээк көзүн ирмеп-ирмеп, Байдылланын кара жумушка түк ылайык келбестей жукараак сулуу жүзүнө, ичке манжалуу ак колдоруна, бирок ишеним кайнап тургансыган жүлжүгөй көзүнө тиктеп турду да, уч жагы кызарып кеткен кызыл мурдун шыр тартып алды. Дароо жооп бере койгон жок.

– Контордон жададыңбы? – деди көптөн кийин.

– Жок. Өкмөттүн ушу токтомунан соң иштегим келди пахтада.

– Кара жумуш деген эмне экенин билесиңби?

– Билем. Бешиктен белим чыккандан эле пахтанын арасында өскөм.

– Ко-ош, кандай экен ал токтомдун шарттары? – деди чала сабат Жаңыбай раис өзү ушул убакка чейин анчалык баа бербегенине, маңызына жете түшүнүп койбогонуна өкүнүп да калбай.

Байдылла газетаны алып окуп да, түшүндүрүп да берди. Ал дагы көп нерселерди кошумчалады.

Раис Жаңыбай мурутун салаңдатып көпкө чейин үнсүз отургандан кийин баш ийкеди:

– Өзүң бил, үкөм. Мен макулмун, качып бербесең болду.

Байдылла 13 гектар жер бөлдүрүп кетмен кармап талаага чыккан бул мезгил 1947-жылдын эрте жазы болучу. Дал ошол учурду азыр Балтабаев «Волгада» баратып көз алдына дапдаана келтирди. Бир алдын өзүн дал ошондогудай жалындаган зор үмүттүү, кайраттуу жигит сезип кетти.

Ырас, Байдылла мектепте окуган чагынан эле максаттуу, өз ойлогонуна кандай болбосун жетүүгө умтулган бир мүнөз, көк, чаар баш, өжөр бала болуп өскөн. Мунусу бүткүл адамдык мүнөзүнүн негизин түздү.

Дал ошол кетмен кармап шүдүгөр башына чыккан жылы да ал ошондой иштеди: алыш башында түнөдү, гозонун ар бир түбү үчүн күрөштү. Дүңгүл тору ат минген раис Жаңыбай, ар убак арык кырлап жай бастырып келип, аттын тизесине чейин салаңдаган үзөңгүсүн колтойгон керзовый өтүгү менен чирене тээп, Байдылланын өзүн, анын ишин байкап туруп калар эле. Ал мыкты дыйкан тигинин аракетине ыраазы болгон менен көңүлүнүн тереңинде эмне бар экенин акылына түк келтирүүчү эмес... Бул зардалуу инисинин алдыга койгон максатына жетиш үчүн эч нерсени аягысы келбейт эле өз көңүлүндө...

Балтабаев азыр шамалдай учуп келаткан «Волганын» сыңары оюн учуруп андан аркыларды: күзгү түшүмүн... Анан баатыр болгонун дап даана эстеди. Көз алдынан баары тез-тез өтүп кетти.

Баатыр... баатыр... Алтын жылдыз... Анан газетадагы сүрөттөр... Радио... Баатырга куттуктоолор..: Баатырга арналган концерттер... чогулуштар... дагы дагы...

Балтабаев бир жылдан соң чала сабат Жаңыбайдын ордуна раис болуп шайланган учурун эстеди: анда тиги эки колхоз кошула элек кичинекей, кубатсыз колхоз болучу – эки автомашина, ат-араба. Тракторлор болсо МТСте. Азырчы? Башканы коёлу – кырктан ашуун автомашина, ондогон тракторлор, айыл чарба машиналары – баары өздөрүнүкү – өздөрүнүн мастерскаясы... Мунун баары жеке билек күчүнүн, жеке аракетинин натыйжасы сыяктуу ийне-жибине чейин көз алдына келип турду.

Балтабаевдин көөдөнүндө алда кандай күч жык толуп, өзүн не бир кубаттуу да, жетик да сезди.

Ал дагы өз оюн улантты: «бул секирикке бирөөнүн бир акылы жетекчилик кылдыбы, же баары эле асмандан түшө калдыбы?» Ал кимгедир суроо берди. Бирок ага эч ким жооп берген жок.

Ал азыр эсепсиз көп чогулуштарды, анын атын ардак

менен атаган салтанаттуу митингдерди, айрыкча миң-деген кишилер келип ал үчүн бюллетень таштап добуш берген унутулгус шайлоо урнасын эстеди. Ким аны жаман деген? Ким анын ишин туура эмес деген? Ким анын мышыгын «пышт» деген?

Бүгүн эле Балбаков Садык деген неменин «Экономикалык закондуулук бузулуп атат… Колхоз демократиясы басылып атат, адилетсиздик…» деп чуу салышы эмнеси?.. Сары изине чөп салып, өткөндөрүнө чейин казып отурушу эмнеси? «Менин буга үнсүз кала бергеним канткеним?..»

Анын көөдөнү кайнап кетти. Бекем тишине жаагын кысып, лентадай сыдырылып артка өтүп кетип жаткан асфальт жолдон көз албай тикирейди. Балтабаев конторага келип өз ордуна отурду. Анан ачуу көк чай демдетип ичти: баятан курушкансып турган денеси жазылып, акыл-эси да жайына келе түшкөнсүдү. Ордунан туруп ары-бери басты – анын жаагы түйүлүп, көөдөнүндө кыжыр дагы эле кайнап турду.

* * *

Садык үй кийимин кийинип, колуна бүгүнкү газеталардын номерин алып диванга отурганда сырттан добуш угулду. Ал тез чыкты эшикке.

– Сизди тез келсин деп чакырып жатышат,– деди колхоздун күн-түн дебей телефондун жанында отуруучу, бир колу сенек, узун бойлуу чабарманы.

– Кимдер?

– Раис бар. Дагы башкалары болсо керек, баары раистин өзүндө. Садык тез кийинип, алда качан караңгы түшүп калса да ылдам басып жетти.

– Ассалом алекум…

Раис бир нерсеге алаксыган болуп унчуккан жок. Бухгалтер Жапак бетин жалпайтып оозу бош алик алды.

Андан башка да дуңкуюп көп сүйлөбөген башкарманын жоон шоферу отурат.

Раис өз столунун алдына орун көрсөттү.

Эч ким озунуп сүйлөгөн жок, бир паска дым боло түштү.

– Областтан келдиңизби? – деп сөз койду Садык.

– Келдим, – деп раис ишенимдүү унчукту. Анан дагы унчукпай калышты.

– Мен чакырттым сени, – деди Балтабаев демейки кызылдуу сулуу жүзүнөн каны качкандай саал куба жүлүн тартып.

Садык сөз ордуна үнсүз анын оозун тиктеди.

– Мына, сенин материалыңдын чатагындабыз.

– Эмне үчүн меники?

– Боткону кайнатып коёсуң да, эми меники эмес дейсиңби?

Садык акырын унчукту.

– Эч кандай ботко жок. Мен аны туура эмес иш деп партчогулушта эле алдын ала койбодум беле. Керек болсо дагы эле ачык коём. Шибегени капка катпайт. Бири болбосо бири айткандыр.

– Биз жыл сайын кара жолсуз эле касса толо акча тапканбыз. Элдин кызыкчылыгы үчүн, колхоз үчүн иштегенбиз мунун баарын.

– Баары бир ал ак жол эмес, аны акыйкаттоочу закон бар. Изилдеп көрсүн, мейли. Балким, ошондо ишенерсиз.

Садык алиги алыска жиберилип сатылган жашылчалар жөнүндө эми эстеди.

– Албетте, акыйкаттайт.

Алар дагы унчугушпай калышты. Жалпак бет Жапак менен лукуйган дудук сымал шофер шырп чыгарбай тыңшап отурушту.

– Сөз мына бул: сен эмне үчүн эми архивдерди казып, биздин өткөнүбүздү чукуп жүрөсүң?

– Кызык, – деди Садык күрөктөй москоол колдорун алдына кайчылаштыра өбөктөп,– антпесем болбойт, ан-

сыз мен колхоз экономикасынын өнүгүш жолун үйрөнө албайм. Жашыра турган эч нерсеси жок, ал турсун, сиздин өзүңүздөн сурай турган көп түшүнүксүз нерселер бар, сурайм.

– Эмнени сурамаксың?

– Колхоз сиз баатыр болгон жылы 1200 гектар жерге пахта эккен экен, туурабы?

– Ооба.

– Гектарынан 12 центнерден түшүм алыптыр. Ал эми сиз 13 гектар жерден 84 центнерден түшүм өстүрүпсүз. Ушундай эмеспи? – Садык жай гана сурады.

– Ооба. Бирок айтып коеюн, эч нерсе чыкпайт.

– Жо-ок, бул мага абдан кызык. Бир аянттын жери, бирдей шарт, бирок мынчалык кескин айырмачылыктын себеби эмнеден болгондугу мени экономист катары кызыктырат. Мен мунун далилине жетишим керек. Азыр экинчи катардагы гана документтерди изилдедим. Мен жумшалган эмгек, иштетүү шарттары, эмгектин уюштурулушу, берилген угуттун өлчөмдөрү сыяктуу документтерге кызыгам. Балким, башка рычагдар да болгондур. Сиз жардам бересиз го деп ойлойм.

– Аны таппасаңчы?

– Кантип? Табуубуз зарыл. Сөзсүз табамын.

– Айтчы, максатың эмне?

– Бардык нерсенин акыйкатына, чындыгына жетүү керек. Ансыз илимде...

– Чындыкты көрсөтөм мен сага, энеңди...

«Тарс» дей түшкөндө байкоосуз Садыктын көзүнөн жылт этип учкун учуп, жаагын жалын жанып өткөндөй болду. Эмне болуп кетти дегенче экинчи жаагына тийди шапалак.

Садык шарт ыргып туруп, эңиле барып Балтабаевди карыдан чапчып бери көздөй силккенде, стол тоңколок ашып, ага чалынган Балтабаев жер боортоктоп пол таяна түштү. Садык кайра оңдонгончо алиги үнсүз отурган экөө

эки колдон алып кетишти. Эки колдон алган экөөнү эки жакка бургады. Экөө эки бурчка тийди.

– Болду! – деген үнү чыкты Балтабаевдин. Тигил экөө токтоп калышты.

– Кеткин! Жоголгун...– деди Балтабаев энтигип, – Жоготомун!.. Садык артына шарт бурулуп чыгып кетти.

* * *

Балтабаев Байдылла машинада абдан ачуулуу келатты. Садыктын мындай жан аянбас каршылыгын таптакыр эске албаганына кыжырданды: кимдидир жекиргиси, ички буусун чыгаргысы келди, бирок мындай орунсуз ишинин себепкери өзүнөн башка эч ким эмес экендигин аргасыз мойнуна алып, ичтен сызып баратты. Эч качан, эч ким мындай кыла алган эмес, «кечириң, мен акмакмын...» деп, экинчи кың этпеске макул болуп, «сиздики туура, аке» деп, эптеп ачуусу төбөсүнө чыккан Балтабаевден кутулууга аракеттенүүчү эмес беле?

Ишти чийки уюштуруп алып, моралдык жактан биртке болсо да уттуруп койгонуна ичи күйдү. Ал эми уюштурулган бул иштин өзү жөнүндө болсо сөз башка: аны бул эл үчүн, коомчулуктун пайдасы үчүн, колхоздун чыңалышы үчүн... Мына ушул раис болуп иштеген жылдарда ондогон кераяктардын тамырын астыртан тартып, ага болбосо, эки азаматтын этият шарт үчүн билмексен кылып, жер каратып отургузуп коюп, анан терс баскандын көзүн маштай ачып туруп, «мындай кылбайсыңбы мындан ары?», «кылбайм...» «Айтканды угуп жүрөсүңбү», «угам...» дедиртип «молдо кылып» туруп жолго салчу эле го. «Жалпы агымга», «элдин кызыкчылыгына» бурчу эмес беле алардын терс кадамын?

Балтабаев үйүнө суз кирди, кара каш, кара көздүү сулуу балдарынын кичиректери:

– Атам... атам,– деп алдынан утурлады. Бирок Балтабаев адатынча алардын бирин бир колунун карысына

кыса, экинчисин экинчи колуна мингизе көтөрүп ала койгон жок. Эң кичине уулуна гана эңкее берип маңдайынан сылап, анан бала-чакасына аралаша отурчу бөлмөсүнө токтолбой, ичкерки жата турган бөлмөсүнө кирип кетти. Кийимдерин чечине баштады. Кырдач мурун сулуу Дилара күйөөсүнүн кабагы менен тең айланып, кийимдерин илишүүгө аралашты.

– Бийик жаздачы керебетке,– деди Диларанын жүзүнө эми биринчи жолу карап.

Дилара төрт баланын энеси болуп калгандыгына карабастан, бою дагы эле шыңга, денесинин сымбаты бузула элек. Жүзүндө болсо эч кандай карылыктын белгиси жок. Кесеси чуңкуруураак көзүнүн астына гана саал көгүш тартып чыбырчыктап билинип бараткан майда тыныштарды айтпаганда, кара кашына дайым осмо коюнуп жүргөндүктөнбү, жылтырап өскүлөң да, капкара болуп чырайын ачып да тургансыйт.

– Бир жериңиз ооруп турабы?– деди колдорун желкесине ала, шып тиктеп чалкасынан жатып калган Балтабаевге карап, кандайдыр үнүнүн тонунан сезилип турган мээр менен.

– Тим эле.

Балтабаев дайым ага өз сырларын айтпайт, аны Дилара билсе да ызаланбайт. Ал «бу эркектин иши. Катындын иши үй ичи» дейт. Бирок Байдыллганын кандайдыр тынчсыз жүзүн көргөн соң эмне деп сурап коюуну өз милдети катары түшүнгөндүктөн сурады.

– Кел,– деди Балтабаев керебетте чалкасынан жаткан боюнча башка эч нерсе айтпай, бар болгону бутун кыймыл эттирип. Өз милдетине далай жылдар адаттанган Дилара Байдылланын саал тарыраак, бирок кайышы жумшак, жылтыраган хром өтүгүн буттарынан эч кандай күч коротпой жумшак-жумшак гана сууруп алды.

– Мага ачуу көк чай,– деди Балтабаев дубал жакка беттей кырланып.

Дилара полдон үн чыгарбай жумшак басып, сырткы үйгө келди.

Балтабаев көзүн жумду, бирок ал уктап кеткен жок.

Балтабаев чай ичти, бирок көңүлүндө дүмпүйгөнсүп турган кыжалатчылыгы тарап кеткен жок.

Ал телефон чалып конторадагы дежур чалды таап, «кандай болбосун Жапакты тапкын, тез келсин мага. Тапсаң да, таппасаң да кайра тез кабарла» деп буюрду.

– Жатып уктаң,– деп Дилара кирди, бир аз пардазданып, жумшак, бирок өтө жагымдуу атырдан саал себинген эле. Ал күйөөсү менен бүгүнкү бейшембинин кечин илгертен калган милдеттүү ыйык салт боюнча жакшы, көңүлдүү өткөрүүнү каалап турган эле. Кантип болсо да бир мүнөз жагымын көрсөтүү аркылуу Байдылласынын көңүлүн алаксытып жиберүүнүн жолун изденди.

– Жата бер сен. Азыр киши келет,– деди Балтабаев.

Таттуу үмүтү жүрөгүнө байкоосуз гана бир урунуп, улам нарылап сиңип бараткансыган Дилара суз тартып жатар үйүнө кирип кетти.

Көптөн кийин көчөгө дүр деп жеңил машина токтогондой болду.

Жапак терезенин түбү жакка өтүп дубалга сүйөнө отурду да, демин да акырын тартып Балтабаевден сөз күтүп турду.

– Келдиңби?–деди Балтабаев кыйлага чейин бушутуп үнсүз отурган соң. Анан алар күңкүлдөп акырын-акырын сүйлөшүштү. Бир алдын Балтабаев ушул иштин айыпкери Жапаксынтып аны тилдеди. Тиги эч бир актанып, мен кылдымбы, өзүңүз баштаган иш деп айтуунун ордуна үнсүз жер тиктөө менен кутулду.

Кыйлага унчугушпай калышты.

– Сездирбей эртең байкап туруш керек: Эмне кылар экен. Алдын алгандай болуубуз зарыл. Черикти коюш керек, ошол түк билбемиш болуп, баштагысындай мамиле кылып, байкап жүрсүн. Эгер район жакка жөнөсө,

анда анын максаты башка. Ошондо да Черик артынан калбасын, бир нерсе шылтоо кылып кошо барсын.

Дагы дым боло түшүштү.

– Кантсе да доктордон справка алып коюшубуз керек.

– Эмне үчүн? –деди Балтабаев, сыйрылып кеткен оң тизесин эстеп.

– Этият шарт. Тынч болсо тынч чөнтөктө калып калат да.

Балтабаев көпкө чейин ойлонгон соң, анын айтканын макул тапты.

Жапак кеткенден кийин да Балтабаев тез жата койгон жок. Ал да качанкы өткөндөрүн ойлоду. Ушул колхозго башкарма болгон жылдарындагы суу тартыш учурларын, эл үчүн, колхоз үчүн өзү жылуу төшөгүн таштап, түн ичинде мурапка арык бойлотуп, Муса, Кулу, Султан дагы башка суучулар гозо сугарып жаткан талааларга суу сүрдүрүп, өзү алыш башында уктаган түндөрүн, иш үчүн бардык кан-жанын берген учурларын, карапайым колхозчулар, активдер менен коюн-колтук алышып иштеген учурларын эстеди. Анын ишинен эч бир активи кынтык таппай, кыңкы-мыңкы дегенин көчүккө тээп кууп таштап, кыскасы – колхоз деп жанын күйгүзгөндөрүн ойлой берди. Эми бүгүн кандайдыр «келе калган бирөө» ишине аралашып, тынчын алганына кыжырданды. Биринчи күндөн аны адамсынтпай эле, сөзүн сүйлөтүп, кеңешип угумуш болбой четке кагып салбаганына өкүндү.

«Эмне үчүн алдым мен аны? Экономиссиз эле жашап келбедим беле? Мага мынчалык зарылдык туулду экен? Акмак!...» деди угуза сөгүнүп. Мында ал өзүн сөктү беле, же башка бирөөнү сөктү беле ажыратуу кыйын эле.

## XI

Миңбай менен Мамажан-бувалардын колунан чыккан буркураган коон жыты бүткүл кыштакты, ал турсун,

бүткүл өрөөндү каптагансыйт. Ананчы, сарала коон, ала дарбыздарды жүктөгөн колхоз машиналары Фергана өрөөнүнүн кайсы гана шаарын карай жөнөп жатпайт.

Садык жөөктөргө дөбө-дөбө үйүлгөн коон-дарбыздарды көңүлү толо канааттануу менен карап турду: алар ушунчалык буркурап жыттуу болучу. Ал ар убак башын көк жоолук менен таңынып, кайнаган аптапта чыкпай жүргөн Мамажан-буваны, кетменин ийнинен түшүрбөй суу буруп, арык кырлап баскан Миңбайды көрчү.

– Кел, Садык,– деди Миңбай жөөктөн бери чыгып. Суук түшүп баратат. Акыркы кыркма коондорду аңыздан жыйнап алып жатабыз.

– Кырманыңыздар толсун, аксакалдар.

– А жолуң болсун, балам,– дешти.

Миңбай шашпай, бычагын жез пайнептүү кынынан сууруп, субагай тордомону тилип-тилип Садыктын алдына койду. Садык ширелүү кыркманы эзилте оозуна салды.

Ушул учурда Мамажан-бува да бир боз тордомону колтуктай чыгып, жарты бетин тегеретип кесе жасап Садыкка жылдырды:

– Мына, Садык оглум, йеп бакың, Миңбай тоң кыргыз коунни яхшисини биладими…

– А акис сарт,– деди Миңбай да тигинин тамашасына жооп берип.

– Кел, Миңбай, тилиң аркаңга тартмаса йема.

– Арт жактан алыс кетпейсиң, сарт.

– А, билар экенсан у өзиң…

Тургандар күлүп калышты.

Бул эки дос ар убак аския менен бири-бирин кажып жүрөрүн Садык жакшы билет.

Чалдар бирин-бири капыялашып жатып, кезектеги коон жүктөлгөн машинаны жөнөтүштү. Анан коон пайкелдин ортосундагы кепеге кирип чайга отурушту. Кеч кирип баратты.

Чайдан соң Мамажан-бува үйүнө кетти.

Садык сөзүн эмнеден башташын билбей ойлуу отурду: Миңбай да алда нени эстегенсип кержейип көпкө чейин үнсүз болуп калды.

– Миңбай ата, коонуңуз абдан ширелүү экен,– деди Садык.

–А, аш болсун, балам. Ырас келипсиң. Бала-чакаңа да алып кетип турсаң.

– Ыракмат, ата. Коон татайын деп келдим, анан башка сөздөрүм да бар, сиз менен акылдашайын деген.

– Э, айт, балам. Калыс сөзгө калыс сөзүн кошпогон адам адамбы? Мен өмүр-бат кепке кеп кайрыгамын.

Садык бир пас токтоп калды. Анан ал кечээ күнү Балтабаев экөөнүн ортосундагы бири-бирине кол көтөрүүгө чейин жеткен чатагын айтты. Миңбай тарамыштуу желкесин кержейте тартып, таң калып тиктеп турду.

Садык Байдылла экөөнүн чатагынын түпкү себебин айтты.

Миңбай чыдай албай кетти:

– Э, уулум, ошолорго көзүң жетет экен, эмне үчүн токтолуп турасың?

– Токтолгонум жок, Миңбай ата. Ошон үчүн Балтабаев экөөбүз ушуга чейин жетишип отурабыз.

– Көзүм жетпейт,– деди Миңбай,– көзүм жетсе мен адилетсиздикке эч качан чыдап тура алган эмесмин. Адилеттикке ар убак үн кошконмун. Адилеттик кай жакта болсо, мен ошол жакта болгомун…

Миңбай тиштенгендей токтоло калды.

– Билем, аксакал,–деди Садык анын оюн кубаттагандай.

– Жок, балам, сен менин өмүрүмдү аз билесиң… Эми көрүп отурсаң мени… Адилет издеген менин жолум тээ алыстан башталган…

Миңбай кандайдыр буулуккандай токтоло калды. Элдин кубаныч кайгысы менен ар убак эриш-аркак өт-

көн, шар суунун айлампасындай тынчсыз өмүрүнүн бир учурларын аптыгып сүйлөй баштады...

...Миңбай анда билеги сом темирдей күчтүү болучу. Ак жоолук менен башын бек байлап, кайнаган аптапта талыкпай кетмен шилтеп гозо чапчу. Анын көңүлү толо күтүүсүз ажыраган Сатиканын күйүтү. Эч кандай чарчаганды билчү эмес. Кырмандар толо ак пахта жыйначу. Али-Хажи Байбатчанын ыракматын алат. Бул кудуреттүү адамдын аркасы менен дагы кайра адам катарына кошулуп кетсем дейт.

Жыйнаган пахтасын кош дөңгөлөгүнүн ар бири төө бою келген кокон арабага зыңгырата таңып, байбатчанын өзүнүн лата заводуна апарат. Андан анча-мынча тааныштар да арттырып калган. Алар да өзүнө окшоп өз бактысын издеген жаш жигиттер, орто жаш адамдар... көзүнөн үмүт оту өчүп, эптеп күн өткөрүүнүн жолуна түшүп калган сакалы текенин чабышындай уйпаланган чалдар...

Өзүн Миңбай алардан тың, өз башы бир аз эркин адам сезет. Кудайга шүгүрчүлүк келтирип, Али-Хажи байбатчага ак иштөөнү максат кылат.

Бирок кийин Али-Хажи байбатчадан көңүлү кандай калып кеткенин билбей калды. Баары бир жылдык аласасына байланыштуу болду. Миңбай таптакыр куру кыял менен жашап жүргөндүгүн аргасыз мойнуна алды, анткени, Али-Хажи сүткор ак селдесин силкилдете ачуудан өңү кызарып эсептеше келгенде, Миңбайга акы бермек турсун, мойнуна карыз илип койду. Анткени, анча-мынча алгандарын жеген-ичкенин эселентип, сүт кылып эсептеди. Казыга барып башыңды байлап, карал салып аламын деп коркутту. Миңбай кара башын араң куткарып, тоо кайдасың деп, өз кыштагына кайра келди.

Дал ушундай үмүтсүз күндөрдө «Ак падыша тактан түшүптүр»... деген кабар айылдардын, кыштактардын баш-аягын аралай чаап өтүп кетти. Миңбай бир алдын

дал болуп калды. Бул жакшылыкпы, жамандыкпы, түк ажырата алган жок. Ал бийликти, турмушту мурда бир пас да ак падышасыз элестетип көргөн эмес.

Миңбай көөдөнү толгон зор күтүүлөр менен жүрдү. Бирок күн өттү, ай өтүү менен эч нерсе болгон жок. Бар болгону, алык-салык көбөйдү. Болуштар, эл башылар: «Жаңы падыша уруш кылып атат. Ошон үчүн алык-салыкты көп талап кылмакта. Төлөгүлө. Керек болсо кийип отурган чапаныңды да чечип бересиң. Жаңы падышанын амири ушундай...» дешти.

Жаз чыгары менен эл бириндеп өрөөнгө түшүп, кақырдагы анча-мынча жерин чиймелеп айдай башташты. Миңбай да бирөө менен алгоолошуп кош өгүздү жай жылдырып, буурсундун сабын бек кармап,тиричиликке өттү.

Миңбай кошко чыккандын үчүнчү күнү түшкө жакын орус кыштагы тараптан аңыздарды как жарып, эки атчан немени жандаша чаап келатканын көрдү. Миңбайдын жүрөгү болк этип, кооптоно түштү. Бирок, эч нерсе кылууга болбой калды. «Жөгөр Бопбоп менен Матвей Крылов окшойт» деп тааныды. Егор Попов солдат шапке кийип, кылыч тагынган эле. Матвей Крылов болсо, жөн эле кийинип, бешатар мылтык асыныптыр.

– А, Миңбай,– деди Егор Попов күлгөн болуп.

– Кел, кожайын,– деди Миңбай эңкейип.

– Жер айдайсың?

– Ооба, кичине айдап койсомбу дедим эле,– деди Миңбай тайсалдап.

– Якши... Якши... – Егор Попов жылтырак айбандуу шапкесин желкесине түртө, куйкалак сары мурутун чыйратып койду. Анан аттан түшүп, Миңбайдын жерде турган буурсунун сууруп алып, тегерете карады да, кайра таштап койду. Ошондо Егордун он жамбашында тапанчасы да бар экенин көрдү Миңбай.

– Ушу силердики кыштакта канча буурсун бар?

– Жыйырма-отузга жакын бар,– деди Миңбай бир аз ойлоно калган соң.

– Ушулар амузун чыгып, биздин жерди айдаш керек.

Миңбай эмне үчүн деп сурай албай токтолуп калды.

– Хоп кожайын, чыгабыз. Чыгышат баары...

– Биздики мужиктер амузун солдатка кетти,– деди Егор Попов өзү түшүндүрүп,– И мен болдум аскерде, сен билесиң?

Миңбай башын ийкеди.

– Азыр Германия и биздики урушат. Уже төрт жыл. Миңбай дагы башын ийкегиледи.

– Вот биздики жерди айдаш керек. Солдатка нан керек. Нан көп болот – Германия жеңебиз. Значит, жерди ким айдаш керек?

– Биз айдайбыз, биз...

– Туура айтасың. Кыргыздар айдаш керек. Ким айдабайт, майли...– деп Егор Попов оң жамбашындагы тапанчасын кагып койду. Анан күлгөн болуп тамеки жандырды.

– Жок, чатак кереги жок. Баары чыгат, айдайт.

Егор Попов Матвей Крыловду ээрчитип кыштак жакка кетти чаап. Көчүктөрүн опоң-опоң көтөрө чаап бараткан тигилердин артынан Миңбай ойлуу тиктеп турду. Кандайдыр бир чөгүңкү сезим анын көөдөнүн тиреп калгансыды...

Кечке жуук Егор Попов кыштак жактан келатып Миңбайды буурсунун сүйрөттүрүп, өзү менен кошо ала кетти: – сен биздики дос,– деди Миңбайды далыга таптап,– арак ичесиң?

– Жок. Мен ичпейин. Эртең менен барайын,– дегенине көнбөдү.

Миңбай аргасыз кошо жөнөдү. Орус кыштагына кире бериште баягы курмушу сакал Петрону жолуктурду. Ал бир кезде өзү менен кошо кош айдашып жүргөндөгүдөн таптакыр башкача болуп өзгөрүп кетиптир. Курмушудай

уйпаланган, бүт жаагын, тамагын баскан сары сакалын туш-тушунан кырып, ээгине чокчолоп койдуруптур. Өңү да куба жүлүн тартып арык. Кийими болсо солдатча: узун боз шинель, айбаны жылтырак шапке. Ал Миңбайды көрө көк көзүн жүлжүйтө күлүп, жай кыймыл менен учурашты.

Мен да төрт жылдан бери аскердемин. Жарадар болуп айыгып, бала чакамды көргөнү келдим, жакында кетем деп түшүндүрдү ал.

– Өзгөрүп кетипсиң, Петро.

– А сен?

Петро жылмайып күлүп кыска-кыска сүйлөйт.

– Каериңен жарадар болдуң?

– Кабыргадан...

Егор Попов, Матвей Крылов, Петро – төртөө Андрей Попов чалдын ортоңку үйүндө отурушту. Чал өзү жок экен. Үй ичи ачыган карем жыттанып турду.

Андрей Поповдун Дунька, Данька, Манька деген кыздары дагы эле үйүндө экен. «Ой, булар качан эрге тийишет» деп ойлоду Миңбай өз купулунда. Булардын эң кичүүсү, эң арыгы Манька баягы ак чачтуу Гриша деген үкеси экөө ар убак эле китеп окуп отурганын көрчү. Гриша болсо, үч жылдан бери аскерде экен.

Егор Попов текчедеги чыртпыртты (четверть дегенден алынган) алып, графинди толтуруп арак куйду. Анан стакандарга толтурду.

– Биздин жеңиш үчүн?– деди Егор Попов стакандарды шыңгырата кагыштырып,– за Россию!

Жутуп жиберишти.

Миңбай азыраак ичти.

– Ич,– деди карчылдатып туздалган бадыраңды чайнап жаткан Егор Попов.

– Жок, мен көп иче албайм,– деди Миңбай тайсалдап.

– Ич. За русских...

– Жок. Ыракмат.

– Ыракмат анан.

– Ну пусть,– деди Петро Миңбайды колдой жай сүйлөп. Егор Попов үмүт үзгөндөй колун терс шилтеп койду.

Анан өздөрү иче баштаашты. Егор менен Матвей тез эле кызып, кажылдашып сөз тизгинин бербей калышты.

– Биздин Гришка кудайсыз болуп кеткен имиш дешет, туурабы, Петро?– деди үлдүрөй түшкөн Егор Попов.

– Кайдан билем,– деди жоош отурган Петро ийнин кагып.

– Эгер ал байланышкан болсо революционерлер менен... Көрсөтөм акмакка...Таарынбасын. Мен эмне үчүн минтип канымды төгүп жүрөм,– деди Егор жакасын жакжайта тартып, сол жак мүрүсүндөгү тыртык болуп айыккан жаратынын ордун көрсөтүп,– Русь үчүн? Энебиз Россия үчүн!.. А Гриша акмакчы? Падышага каршы, өз ата-энесине каршы! Эгер ал чын болсо биз аны кечирбейбиз.

Егор колун серелеп, стаканды столго тарс эттире койду. Миңбай түшүнө бербей, оозу ачылып аңкайып калды. Ушул учурда Петро бутунун учун акырын басып «себеби бар, сен чочуба» дегендей көзүн кысып койду.

– Кантип эле ал падышага каршы кол көтөрдү экен? Орус падышасына! Ушул туурабы, Петро?

– Ким билет? Мен аны көргөнүм жок.

– «Ким билет, ким билет» дейсиң дайыма, ким билиши керек,– деп Егор кекете столду бир муштады.

Петро аны үнсүз тиктеп турду.

Егор Попов эки стаканга толтура арак куюп, мас отурган Матвей экөө жутуп жиберишти. Анан экөө моюндаша үнүн бардыгынча бакырып ырдай беришти.

– Эртең канча кош келет,– деп сурады мас Егор. Эми ошо эсине түшө калгансып.

– Билбейм,– деди Миңбай чын пейилден.

– Эмне үчүн билбейм? Сен да Петродон үйрөндү, что ли? А Петро, чамамда, революционерлерге жан тартат, туура эмеспи, Петро а? – Егор үнүн кекерлүү чыгарды.

– Көрүп турбайсыңбы,– деп Петро ийнин кысып койду.

– Ну, хорошо,– деди да Егор анан кайра Миңбайга карады, – Кандай билбейсиң?

– Келет, баары келет.– Миңбай сестене түштү.

– Ким билбесе, сразу атып таштаймын. Сен билесиң, мен канча адам атты?

Миңбай чечкиндүү жооп бере албай калды.

– Элүү кыргыз атып койдум мен, ишенесиң?

– Ишенем.

– Жүз кыргыз аттым, ишенесиң?

– Ишенем.

– Көрдү? Мен амузун атып таштайм. Его Величество царь Николай өзү ушундай айткан. Меники виноват болбойт...

Егор тамтаңдап тура калып, мыкка илинген тапанчасын ала койду. Жүрөгү солк дей түшкөн Миңбай колун столдун алдынан акырын жылдырып барып, кончундагы сайма саптуу чус бычагын оңтойлоштуруп, саал өйдөрөөк копшутуп тартып койду. Эгер атып жибермек болсо, жан талаша Егорду жара тартып таштоону болжоп турду. Бирок Егор тапанчасын кабынан сууруган жок. Бир нерселерди айтып, тапанчасын салмактагандай көрсөтүп жатты. Канткен менен Миңбай ошо сөздөрдүн бирин да укпай калды. Ичтен тиштенип түйүлүүдөн кулагы чып бүтүп калган эле. Егор тапанчасын копшосо эле озунуп туруп жара тартмак. Егор тапанчасын төркү кроваттын үстүнө ыргытып ийди да, арактан дагы ичти. Анан шылк этип кроваттын үстүндөгү тапанчасын баса өзү жыгылды. Матвей Крылов болсо столду кучактап, баш көтөрбөй калган.

Ошондо гана Петро Миңбайды ээрчитип сыртка чыкты. Миңбай көкүрөгүн кере дем тартып, дүйнөгө кайра жаңыдан келгендей сезди өзүн.

Ай нур төгүп, жазгы түн бир сонун болуп мемиреп турган эле. Эл аягы тыйылып, кыштак тынч уйкуда.

Петро Миңбайды ээрчитип, арык кырлай сай жакты көздөй басышты. Бир топко чейин экөө тең унчугушпай кете беришти. Петро адатынча акырын унчукту.

– Уктуңбу, Миңбай. Атып таштаймын дейт го баарыңды.

Миңбай Петронун сыр тартканын түшүнө албай калып, анан унчукту:

– Атса атып жүргөн Жөгөр, Матвайлар да. Ажалы жеткенин атат, ажалы жогу калат.

– Бир-экөөнү атса атар, үйрөнүп калган немелер. Бирок алардын колунун байланганын билесиңби?

– Жок. Мен кайдан билейин, Петро.

– Ак падыша тактан кулаган – колу байланганы ошо.

– Айланайын Петро, ким кулатты аны, мен түшүнбөйм?

– Пролетариат!... Анын революциясы кулатты.– Петронун үнү сыймыктуу чыкты.

– Пролетариатың ким? Оруспу, кыргызбы?

– Пролетариат деген шаардык завод, фабрикада жалданып иштеген эмгекчилер. Орусу да, украиналыктары да, башка улуттары да бар. Алар улуту боюнча эмес, максаты боюнча биригишкен – адилеттик үчүн, эркиндик үчүн, жакшы турмуш үчүн күрөшүшөт... Сени менен мендей эзилген байкуштар.

«Сени менен мендей» деп өзүн кошуп айтканга Миңбайдын каны дүргүй түштү.

– Большевиктер аларды падышага каршы уюштурду, элди революцияга көтөрдү.

– Мен большевикмин,–деди Петро сыймыктуу жылмая,– эми мени баягыда Андрей Попов помещиктин кошун айдап жүргөн Петро дебей, Петро Буланов деген большевик деп да билгин. Эсиңде болсун, Миңбай ал жөнүндө Егор Попов билбесин.

– Сени солдатка кетти дебеди беле?

– Большевиктер бардык жерде бар. Солдатта да, заводдо да, кыштактарда да.

– Ушундайбы?– Миңбайдын оозу ачылып калды.

– Көрдүңбү, Егор менден күмөнсүп жатканын? Гриша Попов да революциялык ишке өткөн. Биз байланыштабыз.

– Ой, ал бай орустун баласы го?

– Андай большевиктер толуп жатат. Алар адилеттиктин кай тарапта экенин көрүп турушат. Гриша көп окуган, көптү көргөн бала болучу.

...Күндөр демейкисинен жай өтүп жатты. Мындай алда нелерди, зор нерселерди күтөт. Ошолордун эртерээк болушун эңсейт. Бирок ал эмне экенин өзү да даана айта албайт, көз алдына келтире да албайт.

Күз келип, жыйым-терим башталды.

Андрей Попов менен анын уулу Егор Попов чексиз көп аянттарга эгилген эгин талааларынын четинде бир аз гана мужиктери менен калышкан. Егор кылыч байланып айыл аралап чыкты. «Жазда силер айдады, септи. Эми оруп-жыйып бересиңер. Абдан шашылыш» деди.

Кыргыздар да өздөрүнчө: «Эми ушул кызыталак чүрчүттүкүн жыйып бербесек, өзүбүздүкүн кыла албайбыз. Жерге да кирсин, кана...» деп баары билек түрүнө орокко түшүштү. Бир бөлүгү күн-түн тынбай кырманга иштешти.

Кыпкызыл болуп семирген Андрей Попов извошун ылдамдап айдап, кырмандан-кырманга барып, араба-араба кызылдарды тунуке менен жабылган узун кампасынын сүкөндөрүнө жаймалап куюп жатты.

Миңбайлар башын жоолук менен бек бууп, кечке тынбай Андрей Поповдун орогун тартышат. Кечке жуук, түнкүсүн как бышып күбүлүп бараткан өз эгиндерине кол кабыш кылып жыйнаштыруу аракетинде.

Миңбай эшик алдына бир аз наспай тамеки да эккен эле. Тамекинин аларманы көп – наспуруштар Наманган-дан, Анжиядан кыдырып чыгып, нак пулга да, чыт-чыбырга да алмаштырып кетип турушат. Жакшы болумдуу ошол тамекиси сары гүл ачып, жалбырактары бузулуп

бараткнын көрүп, бир күнү орокко чыкпай, өлө-тала бутап жатты. Түш оой бергенде баккан көк атын минген Егор Попов Миңбайды ишке барбагандыгы үчүн алыстан ашатып сөгүп, чапкан бойдон тамекисин аралатып кирип барды. Оолугуп калган семиз ат туйлап тегеренип-тегеренип жеткенде бышып турган тамекинин этектей-этектей төө карын жалбырактары быртылдап үзүлүп, түбү менен омкорулуп-омкорулуп да кетти. Ичи күйүп, ызасы төбөсүнө чыга түшкөн Миңбай жер сыйпаганда, азыр эле жалгыз улакчы атын шакка аркандап, атынан шыпырып түрө келген өрмө жүгөнү колуна урунду. Егор Поповдун көк атын шарт жылоодон алып, жүгөн менен баштан ары тартып-тартып ийди. Аттын жылоосу колунан чыгып, нары карай бой таштап жибергенде шилтеген темир суулуктуу жүгөндүн учу Егордун куркуйган тизесине тийип, көзү караңгылана түшкөн неме аттан ооп түшүп кала жаздап, араң-араң түздөнүп кетти.

– Мен сени азыр атамын, сволочь!

Егор Попов чапкан бойдон орус кыштагын көздөй кетти. Эми ачуусун жуткан Миңбай өзүнчө өкүнүчтүү кобурады.

– Оббо, кызыталак ай, эми эмне болот? Алда менин ачуум ай...

Шалдайып калган соң өзүнчө жыйынтыкка келди. «Кой, эми...Балаадан качып кутулуш илазым...» Ал атын минип адырга чыгып кетти. Эки-үч күн түшпөй талаадагы буудайын орду. Кокус бир кырдан сорок деп чыга түшпөсүн деп, атын токулуу бойдон жанында кармады. Бирок Егор издеп келген жок. Үч күндөн кийин кечке жуук түшүп келип элден укса, Егор бир нече жолу издеп келиптир. Ушунун ичине бекинип калбасын деп дүмбүл болгон макесин кылычтап чаап салыптыр. Миңбайды таап берсеңер деп катын-калачтарды кыйнаптыр.

Миңбай бекинип жүрүп эккен-тиккенин жыйнады да, улакчы тору атын жакын тууганына таштап, кеч күз

Анжиянга кирип кетти. Эмне кеп, эмне сөз болуп жаткандыгын уккусу келди. Баш калкалап бир аз жүрүүнү да максат кылды.

Кыжылдаган Анжияндын базарындагы чайканада бир чайнек көк чайды эрмек кылып, айланасына сарасап сала ойлуу отурду: мантысын мактап кыйкырган уйгурдун үнү да, кызыл-тазыл матасын мактаган өзбектин кыйкырыгы да, койлорун аркы-терки тизип, соодасы жүрүшпөй күңкүлдөгөн кыргыздын наалышы да кулагына анчалык түшкөн жок. Анын тыңшаганы башка кабарлар эле.

Ар кандай сөз көп экен. Бирок эч кимисинен көңүл жылытар тыңгылыктуу ачык нерсе уга албады.

Анан баягы Али-Хажи байбатчанин лата заводуна барды. Лата заводу азан-казан экен. Тополоң. Чогулуштар өтүп атат. «Революция», «Ленин», «Большевик» деген сөздөр. Лениндин заманы... Лениндин заманы... Жер... Мына жерди элге бериптир... Ар жерге кагаз жабыштырып, аны орусча, татарча, өзбекче, кыргызча кыйкырып окушат... Чечендер бийик арабалардын үстүнө чыгып бакылдап сүйлөшөт: «Жашасын революция! Жашасын Ленин! Жашасын Советтер!...»

Миңбай жаңы дүйнөгө кирип кеткендей аптыгып, күн-түн уктай албай калды.

Укмуш күндөр өтүп жатты.

Лата заводунда отряд түзүлүп, жигиттерди отрядга ала баштады. Сап-сап болуп тизилип, маш кылып, мылтык атканга үйрөтүлүп жатты. Миңбай да кирди жазылууга. Бирок аны «Кайдан-жайдан жүргөн немесиң?» деп, кайра-кайра суракка алып, жазбай коюшту. Айласы кетти. Акырында мурдатан тааныган үч-төрт жолдошун ортого салып кирди. Көкүрөгүн ачып муштап жиберди. «Мен Лениндин иши үчүн өлүп кетүүгө даярмын...»

Кайдан-жайдандыр кыргыз жигит пайда боло калып, Миңбайдын ал-жайын уккан соң, каттап жаткан орус жигиттерди көндүрдү.

– Айланып кетейин, атың ким!– деди Миңбай кызыл жүздүү кыргыз жигитке.

– Бакай Байзак уулу.

– Ушерде иштейсиңби?

– Ооба.

– Эмне иш кыласың?

– Штабда иштейм. Командирдин тилмечимин.

– Жакшылыгыңды унутпайын, айланайын, ушерде болсоң көз сала жүр.

Миңбай да отрядда машыга баштады. Бир айдан кийин берилди ага мылтык.

– Чилденин суук күндөрүндө белин ак жоолук менен кындай кылып бек байлап, эски түлкү тебетейин баса кийип постто турат. Бул өтө оор, жооптуу иш. Көзү ирмелсе өлтүрүп жетет. Андай кокустуктар күн сайын... Тап душманы...

Миңбай колу бошой калса штабдагы алиги Бакай Байзак уулуна кирет. Андан көп нерселерди сурай берет. Бакайдын билбегени жок баарын айтат. Ар убак анын китеп окуп отурганын көрөт Миңбай. Түндөсү чырак менен китеп окуп отурганына таң калды. Болгондо да орусча жазылган китеп... «Сабатыңы ачышың керек, Миңбай» деген ал биринчи күндөрдө эле. «Молдого бир аз окугамын» деди Миңбай саал сыймыктуу. «Аның аз. Биз үчүн чоң билим зарыл» деди Бакай.

Бороон боздоп, көз ачырбай турган катаал күндөрдүн биринде отряддарды бүт чогултуп, ревкомдун мүчөсү чогулуш өткөрөт деп тополоңго түшүп калышты.

Түлкү тебетей, ала чапан, дагы эмнелерди кийбеген отряд бороонго желкесин тосушуп, короо ичинде сапка тизилип турушту.

– Ревкомдун мүчөсүнө сөз берилет,– деди командир. Фамилиясын угалбай калды Миңбай. Көз ачырбай турган бороондо узун, боз шинелчен адам бир-эки кадам алга басып, чарпаянын үстүнө чыгып сүйлөй баштады. Анын чокчо сакалы урунду Миңбайдын көзүнө.

– Ой, Петро!– деп кыйкырып жиберди Миңбай.

Петро жалт жүз буруп, Миңбайды тааный койдубу, колун бир аз көтөрө берип, анан сөзүн токтоо улай берди.

Ал эң мурун Германия империализмине каршы революциянын жеңишин сактап калыш үчүн жүргүзүлүп жаткан катуу согушта жумушчу-дыйкандардан түзүлгөн отряддар Нарва, Псковдун алдында зор жеңиштерге ээ болгондугун, ушул жеңиш менен бирге, Кызыл Армия төрөлгөндүгүнө Ленин декрет чыгаргандыгын айтты.

– Ураа! Ура! Ураа! Миңбай да кыйкырды.

– Бүгүндөн баштап,– деди Петр Буланов үнүн токтоо да, эргүү менен да чыгарып,– силердин отрядыңар да регулярдуу Жумушчу-Дыйкан Кызыл Армиясы – РККА деп аталат.

– Ураа! Ура! Ураа!

Чогулуштан соң Петро Буланов Миңбайды чыкыртты. Миңбай аны баягыдай эле жулкулдатып колдон алды.

– Мына, азаматсың, Миңбай. Сен азаматсың...

Петро Буланов Миңбайды өз кыштагыңа кетишиң керек деди.

– Эмне үчүн?

– Сенин кыштагыңда революциялык иштерди ким жүргүзөт?

Миңбай жооп бералбай, аңкайып туруп калды.

– Менин колумдан эмне иш келет анда?

– Көп иш келет. Сага адам кошобуз. Балким, отряд беребиз.

Миңбайдын жүрөгүнө сыймыктуу сезим жык толуп, Петро Булановдун жүзүнө жигерлүү тигилип турду.

– Мен азыр Жалал-Абадга барып революциячыл отряддар менен чогулуш өткөрөм. Сен кошо кетесиң. Иштин жайын ошол жерде сүйлөшөбүз. Даярдан.

Миңбай артына шарт бурулду да, дарбазаны карс ура ачып, жатаканасына жүгүрдү...

...Миңбай Петр Буланов Анжияндагы отряддан Жалал-Абадга баштап келип:

– Миңбай, сен өз кыштагыңа бар. Анда кеңеш өкмөтүнүн бийлигин орнотууга, адилеттик орнотууга катыш. Эсиңде болсун, бул жеңил иштер эмес, керек болсо сенин каныңды талап кылат, керек болсо башыңды талап кылат...

Миңбай кысталбай жооп берди:

– Мен баарына даярмын, Петро!...

Ошондо Миңбай октон да, чоктон да кайра тартпай иштегендигин күнү бүгүнкүдөй көз алдына келтирет. Жүрөгү жалбырттап күйүп тургансыр эле. Ал кем уктачу.

Эң алды айыл кеңешин түздү. Алты канат ак үйдү айылдын четиндети дөбөгө тиктирип, эң биринчи өз колу менен кызыл тууну желбиретип сайды. Там үйлөр деле бар эле, бирок Миңбай дал ушул бийик дөбөгө үй тиктирди. Кыштактын кай жеринен карабагын, ак үй заңкайып, үстүндө кызыл туу желбиреп турганы турган. Ушул үй айыл кеңешинин кеңсеси болду – Кеңеш өкмөтүнүн Миңбайдын кыштагындагы очогу болду.

Андан кийин кедейлер комитетин түзүштү. Булардын башына мыкты кедейлерден коюп, Миңбай өзү болсо ревкомдон келген өкүл катары аларга жетекчилик кылды.

Анын эң биринчи күрөшү аялдар теңдиги, анан байлардын эшигиндеги малайлар эркиндиги болду. Дөбөдөгү ак үйдүн керегесине Лениндин сүрөтүн баш кылып, кызыл-ала плакаттарды илдирип, айылдагылардын оозун ачырып койду. Эки күндүн биринде туштушка тополоңдотуп ат чаптырып, биринде аялдарды чогулттурса, экинчисинде эзилген байкуштарды топтоп чогулуштар өткөрөт. Совет бийлиги, Ленин, эркиндик жөнүндө түшүндүрөт. Эмнени билсе ошонун баарын айтат. Айрым оозун ачып тиктеп отурган жыртык чапандар күтпөгөн суроолорду таштап, Миңбайдан сөз күтүп тиктеп турушат:

– Ко-ош. Кеңеш өкмөтүнүн маанисин айттың. Балчайбекти айттың. Бирок ошол балчайбектериң диназар, кудайсыз дейт го? Бу кандай?

Миңбай ынтыга түшүп жооп табат:

– Балчайбектердики да бар, бирок башка кудай...– дейт сыр бербей...

Келиндер астыртан көз кыйыгы менен карашып, сырдуу көрүнгөн, узун бойлуу, сулуу Миңбайга суктанып, ар кимиси өз ичинен алда кандай ойлорго кетип кымылдап калышат.

Ошол жылдын күзү тынч болбой калды. Ар кандай аңырт сөздөр көбөйүп кетти: «Мусулман балдары баш көтөрүп чыгыптыр, динислам өкүмдарлыгы жүргүзүлөт экен...» «Жок, бүт орус көтөрүлүп, ак падышанын бийлиги кайра келгени атыптыр...»

Эл ичи дүң-дүң. Дуу-дуу...

Петр Булановго бир жолугуп калганында Миңбай ушунун баарын айтты. Анан сыр күтүп, анын жүзүнөн көз албай тиктеп турду.

– Миңбай,– деди Петро чокчо сары сакалын кашылап ойлуу туруп,– булардын көбү жалган, бирок негизи бар нерселер...

Миңбай үрпөйүп калды.

– Дүйнөдөгү биринчи социалисттик мамлекетти капиталисттик дүйнө көрө алмак беле? Бийлик, эркиндик эмгекчи элдин колунда турушун байлар, капиталисттер кааламак беле? Бизге кол сала башташты?

– Кантип?

– Ооба. Жаш Совет бийлигин жок кылып салмак болушту. Ленин революцияны коргоп калууга, Ата Мекенди коргоп калууга чакырды?

– Кимди?

– Бүт эзилген элди. Революциянын жеңишине кубанган ар бир жанды – мени да, сени да!..

– Мени дагыбы?

– Да, Миңбай, сени да.

Миңбайдын жүрөгү оолугуп туйлап кетти. Ал обдулуп ордунан тура калды. Бакалоору буулгандай, ийин кагып араң дем алып турду.

Үйүнө ойлуу келген Миңбай атына жем илип, эми чайга отурганда дүбүрөтүп үч атчан эшигине жете келди. Миңбай шашып эшикке чыкканда мылтыкчан жигиттердин экөө ыргып түшүп, колун артына байлады. Кыштак ичинде ызы-чуу чыгып, тарсылдап мылтык атылганын укту Миңбай.

Алиги жигиттердин биринин жүзүн ажырата калган Миңбай энтигип унчукту.

– Ой Тургунбай, бул эмне?

– Ажалың жетти, балчайбектин адамы. Унчукпа. Айылды дин мусулмандын адамы Калыбай корбашы ээледи. Сенин бир кашык каның керек бизге...

Миңбай дагы бир нерсе айтты эле, алиги жигит камчы менен башка-башка салды. Ат менен бир койдуруп унчукту:

– Бас ылдам!

Аны айылдын ортосундагы мечитке алып барышты. Колу-буту таңылган он-чакты адам жаткан эле чаңга оонап. Экөө-үчөөнү көз көрүнөө атып жиберишти, катуу айткан сөзү үчүн...

Миңбайды кыл чылбыр менен бекемдеп таңып, чаңга булата башка тээп таштап коюшту.

Бирөө келип анын төшүнөн тээп, шамаланын жарыгында эңилип жүзүнө карады. Кээде эсин жоготуп турган Миңбай кара сакал кишинин отко чагылышып жалт эткен көзүн, ак селдесин көрдү.

– Ушу тигилерди дүрбөткөн башчысы, паңсат,– деди бирөө.

– Башчысы болсо азыр өлтүрбөгүлө, дин бузарды эл алдында асабыз...

Миңбай түн жарымына жакын эсине келди: оозу

кургап, кан даамданып, ичи от болуп күйүп жатканын сезди. Айыл али уктаган эмес эле. Басмачылар тойлоп жатышкан болучу. Үйлөрдөн от жылтылдап, жаңы шорпо жыты буркурап уруп турду. Даңкылдата комуз чертип, ырдап жаткан ырчынын үнү угулат.

Эртеси күнү эл алдында бир нече адамды чаптырды корбашы. Миңбай баш болгон үч адамды колун артына ок байлап, мойнуна талпак илдирип, айыл-майыл кыдыртып айдап жүрүштү. Демигип калганда мыскылдап ат омуроолотот...

– Жүгүр. Баары бир өлөсүңөр. Жүгүрүп калгыла.

– Мечитке камап бек карагыла. Качырсаңар өзүңөрдү да асабыз,– деди корбашы айдагандарды эскертип.

Мечитке айдап, суу жеген ганде[1] арыктын көпүрөсүнөн өтүп бараткандa Миңбайдын башына бир ой кылт этип, кылт этkenде эле арыкка боюн таштап жиберди. Чалп этти. Ноодой шар арыктагы суу зыркыратып ылдый алып жөнөдү. Каш карарып кеткен учур эле. Ганде арыкты бойлой жүгүрүштү. Тарс-тарс этип мылтык атылды. Мелжеп атты беле, же сүр көрсөткөнү беле, Миңбай ажырата алган жок. Бутуна урунган таштарды тээп алга бой таштай берди. Бак-шактуу, чытырмандуу жээктерде да токтолгон жок.

Ал кыштактан чыгып кеттиби, дым болуп адам үнү да, ит шарпасы да түк угулбай калды. Суу жеген кебер жээкке узатасынан сойлоп көпкө чейин жата берди. Эч нерсенин дареги жок.

Сууга чыйрыккан кыл чылбыр, артына байланган колдорун кыйып баратты.

Түн жарымында суудан чыгып айылын көздөй салды. Жолсуз талаалар менен кетти ал.

Таң ата тууганыныкына жетип жыгылды. Бул учурда анын колдору шишип, манжаларынан жан кете баштаган эле. Чылбырды парчалап кесип жиберген соң ал эс-учун

[1] Ганде-Суусу көп, арыгын суу жеген зор арык же канал.

билбей жыгылды. Аны аткананын башына жыйылган чөптүн түбүнө бекитишти.

Эки күн удаа Миңбай эсине келип кыймылдай алган жок.

Миңбай үчүнчү күнү таң ата тарсылдап атылган мылтык үнүнөн, кыйкырык-сүрөөндөн чочуп ойгонду. Кыштак өрдөп чаап өтүп бараткан атчандарды көрдү. Миңбай өз ордунан чөп таяна сенделектеп тура калды. Анын көзү кээде тунара түшүп, таңга маалкы үрүл-бүрүлдө атчандарды ажырата албай калды. Андан кийин гана качкан басмачылардын артынан түшкөн отряддын аскерлери экенин билди.

Миңбай улакчы атын токуп минип артынан жетип аларга кошулар эле, басмачылардын кордугунун өчүн алар эле. Бирок баягы күнү эле аны бир басмачы өзүмдүк кылып минген... Атын эстегенде Миңбайдын көзүнөн жаш каканактап, кайра колго тийгизерине акылы жетпей дал болуп турду.

Басмачылардын артынан түшкөн отрядды издеп элүү атчандай солдаты бар жаңы отряд Жалал-Абаддан күн көтөрүлө айылга жете келди. Аттар терге бышылып, омуроо-сооруларынан көбүк тамчылайт. Эң алдыда кыска тон кийип, кылыч, тапанча асынган куйкалак сары муруттуу баягы Егор Попов бар эле. Мурдагыдан өңү сулуу тарткансып, кичирээк көк көзү жалтылдап ойноктойт. Ал тору кашка атын типтик секирте солдаттарына карай кыйкырды:

– Тинтигиле басмачылардын айылын. Аларга аёо жок, революциянын атынан уруксат беремин.

Атчандар дуу көтөрүлө кыштакты аралай чаап жөнөштү.

– Жегер Бопбоп! – деди Миңбай кыйкырып, Егор Попов командасын берип бүтө электе.– Мен Миңбаймын, Миңбаймын! Сенин кызыл командир болуп келгениң жакшы болбодубу. Басмачылар бизди талап, кетти! Чаап алып кетти!

– Ага, – деди Попов Миңбай тарапка жалт карап,– Миңбай?... Колго түштүңбү? Вот сволочь, басмачы! Тирүү кетпессиң эми?

– Жегер, басмачы үйүбүздү талап, катын-кызыбызды олжолоп кетти. Мен аттан ажырадым, алып кетишти зордоп. Өлүмдөн качып кутулдум.

– Ага, басмачылар келди, силер той кылды. Бээ сойду, кыздар-берди. Сен жакшы ат берди. Бу кыштак – басмачы кыштак. Мен азыр амузун атып таштаймын! Революциянын атынан...

– Жегер! – деди Миңбай жакындай басып.

– Кармагыла!– деди Егор тапанчасын сууруп. Эки жоокер Миңбайды кармап тартып кетишти.

– Басмачы эмесмин мен! Кое бергиле!

Эки солдат жулкунтуп колун артына байлап таштады.

– Мен ревкомго даттанам, Жегер. Мени ревком жиберген.

– Мен сени атып таштаймын, басмачыларды биздики эч аябайт.

– Сен кызыл командирсиң, кеңеш өкмөтүнүн адамын кантип атасың?

– Сен басмачысың.

Тарс-тарс... Миңбай жалт караганда тээ боордогу жалгыз үйдөн капталдап качып жүрүп берген эки адам тырак-тырак этип жыгылып түшүштү.

Егор тиктеп туруп кыжырданды:

– Всех расстрелять! Басмачы амузун...

Баятан Егордун опузасына ишене бербей эреркип турган Миңбайдын жүрөгү солк этип, башына бир түрдүү ойлор түшө калды. Өлүм башына түшүп турганына күмөнсүбөй ичтен үрөйү уча берди. Ал Петрону эстеди. Көзүнө жаш каканактай түштү. Бирок Петро кайда?

Кыштактын калган-каткан адамдарын чогултуп Егор Попов кысмактап жатты.

– Кана, ким басмачы? Ким үйүнө жаткырды? Ким кой сойду?

– Биз сойгонубуз жок, өздөрү,– деди кимдир бирөө.

– Жалган, амузун силер басмачы. Айткыла, болбосо, аттырамын.

– Жөгөр, сен бизди мынча кысмактайсың? – деди боз таар чепкенчен кара мурут жигит, жыртык тебетейинен агарып пахтасы көрүнө, бери ынтылып чыгып,– сен кызыл командир болсоң, басмачыларды карма. Талап кетти бизди. Катынымды олжолоп кетти. Алып бер ошону адилет болсоң. Алып бер!..

Көзүнө кан уюп кызууланган жигит жакадан алам дедиби, же өзүн унута түштү беле, эми жете бергенде, Егор тарс эттире басып жиберди колундагы тапанчасын.

Жигит кыйган талдай шылк деп көмкөрөсүнөн кетип, буту-колун бир чирене тынып калды. Эл бири-бирине ыгып бир ууч болуп турду...

– Дагы ким басмачы?

Егор Попов кумсарып нары-бери басты.

Колу артына бек байланган он беш чакты адамды Жалал-Абаддагы горнизонго айдап жеткиришти. Алардын ичинде Миңбай менен Мамажан да бар эле.

Горнизонго күн бата жеткиришип, кызыл туникелүү ак үйгө киргизишти. Үч-төрт куралдуу солдат кайтарып турду.

Камалгандардын арасынан сөз чыкты: «Эртең менен ушул коргондун ичинде атылат экенбиз. Өлүгүбүз тээтиги бурчтагы орустун эски кудугуна ташталат имиш. Жакында эле Мамат корбашыны 30 жигити менен ушерде атышыптыр. Басмачыларды эч аёо болбойт экен... Пешенебизге жазганы ушул окшойт...»

Ар киминде өз жанынын кайгысы: бири кайраттуу сурданымыш болуп, миң кайталап иман айтса, бири шолоктоп ыйлады, дагы бири башын мыкчып бурчка тыгылды.

Миңбай терезенин түбүнө турган калыбында сыртты тиктеп былк этпейт – анын ою ушунчалык катуу күч

менен иштеп жаткан эле. Өлүмгө көңүлү түк макулдук бербей, ар кандай тобокелдиктерди, өлүүнүн жөн эле окко көкүрөк тосуп туруп берген жолун эмес, башка жолдорун, балким, жүздөн токсон тогуз бөлүгү өлүм болуп, бирден бир өлбөй калууга мүмкүнчүлүгү болор жолдорду болсо да ойлоп жатты. Ошолордун бирин мына мындайча ойлонду. Эшик алдында басып турган үч аскердин экөө бирине бири жөлөнүшө, мылтыктарын кучакташып уктап калышты. Бирөө гана улам тегеренип, кайра отургучка көчүк басып, тамеки чегип, оозун чоң ача эсинеп, уйкусурап жүрөт. Миңбай азыр терезеге чыга калып, айнекти сындыра коюп бой урат; он беш кадамга үлгүрсө коргон, коргондун кырына беш манжасынын бир тырмагы илинсе болду – Миңбай сыртта болот. Бирок ага чейин тарс эткен мылтыктын үнү үлгүрүп калсачы? Миңбайдын эт жүрөгү саал куушурула түштү. Минтип өлгүсү келбеди. Ал башкача ойлоду: терезеден шарт бой уруу менен там айлана качсачы? Тамды кылаң эте айланса эле болду – арты бак. Бакка илешкен соң мылтык эмес, пулеметтун огу да тийбейт. Бирок, тамдын ошол жак бурчунда да кароол турган болсочу? Анда дал маңдайынан жебейби окту. Жок, ал минтип да өлгүсү келбеди. А балким, ыргып түшүп тиги уктап жаткандардын мылтыгын сууруп алып, отургучтагыны кундак менен бир уруп калууга умтулуп, «ах-ух» деп көз ачкыча тигилерин жайласачы?... Жүрөгү дик-дик согуп Миңбай ушуга кызып калды, негедир көөдөнү кысылып, дем алуусу тездей түштү. Ал терезеге ыргып чыга калды. Көз ирмемде бой уруп жибererде орундуктагы солдат шарт тура калып, аны беттеген калыбында токтоло түштү. Ал кантер экен деп Миңбайдын секиришине камынып калгансыды. Миңбай акырын түшүп, дубалга сүйөнгөн бойдон солдатты карап турду. Ал тамеки жандырып кайра отурду. Дагы оозун чоң ачып эсинеди.

Качып кетерине эми ишенич жык толо түшкөнсүдү: андан аркы кылар ишин ойлоду, көз алдына келтирди.

Петрону табаарын эстеди. Бирок ал деле басмачы катары эсептеп кайра каматсачы? А балким, аны табалбай калсачы? Миңбайдын ою андан ары жылбагандай бир аз токтолуп калды. Кантсе да ал эркин, кайда кадам шилтесе өз эрки... Муну эстөө менен ал, негедир, өзүн асмандагы бүркүттөй шаңдуу да, кубаттуу да сезе түштү. Бирок эмне кылат анан? Үч солдаттын куну үчүн Петро да кечпейт аны... Басмачыларгабы?... Мындан үч эле күн мурдагы өз көзү менен көргөн алардын кылган иштерин келтирди көз алдына. «Айылдарды басып-талап, катын-кыздарды олжолоппу?... Тфу!.. Бул адилетсиздик, өлсөм да барбайм андайга. Баарын таштайм – үй-жайымды да, жеримди да, тиричилигимди да... Тоо аралап кирип кетем... Башым эркин... Кайберен атып жесем да оокатым өтөт. Бир курсактын кайгысы эмне?... Эркин болом. Куштай эркин...» Миңбай эргип кетти. Анан ал Мамажанды түрттү акырын шыбырап.

– Мамажан, качабыз...

– Нима?

– Качып кетебиз.

– Каякка барамиз?

– Тоо аралап кирип кетебиз, башыбыз эркин болот.

Ал унчукпай калды: ошол замат Мамажандын көз алдына алты пакса коргону, жүзүм зары, пешайбанын панжиралатып, дубалын сынчтап салдырган там-ташы кире түштү. Кашына ар убак осмо коюп, паранжи жамынган узун бойлуу аялын эстеп ичи эзилип турду. Негедир, аны суракка алып жаткан командирди элестетип жиберди: «Кайда Мамажан, кайда?» Аялы көз жашын кылгыртып жооп таба албайт. Мамажан энтигип кетти. Бул иш кыялы экенине ичтен келме келтирди. «Башыбыз эркин болот» деген Миңбайдын сөзүн түк көз алдына элестете алган жок. «Кандай эркин?» Өзү жок ыдырап бүлүнүп кетер үй-жайынын, бала-чакасынын бактысыздыгынан башка эч нерсени келтире албады. Анын жашагысы кел-

ди. Өмүр ушунчалык ширин көрүнүп турду. Ушунчалык ширин өмүрүн ал ушул там-ташысыз, үй-жайысыз көрө албады. Жети атасынын бактысы да дал ошондой болгон.

– Йок Миңбай. Мен өлсөм хам ушеттаман.

Миңбайдын кулагына бир кездеги Петронун жай үнү угулуп турду. «Оор күрөштөр алдыда. Адилеттик үчүн кан төгүлөт. Биз ошого даярданышыбыз керек. Сенин туруктуулугуң ага жетеби?...»

Миңбайдын көөдөнүнө алда кандай бир сезим толуп чыгып тамагын буултуп турду. Ал терезенин алдында мунарык түндү тиктеген калыбында катып калды. Алиги отургучтагы солдат мылтыгын кучактап түркүккө сүйөнө алда качан коңурук тартып калган эле.

Миңбай таң аткыча кирпиктүү көзүн какпай ошол абалында тура берди.

Эртең менен Миңбайларды коргондун орто жерине катар тизип тургузушту. Тигиндейирээкте кандайдыр сапка тизилген куралдуу отряд турган эле. Эми атат экен деп үрөйү учуп калды баарынын... Ошол учурда кайдандыр үч командир келе беришти. Тургандардын бет-маңдайына келип токтошту алар.

Миңбайдын жүрөгү солк эте түштү: бет алдында жылдыздуу шапке кийген баягы ак чач Гриша Попов турган эле. Ак кирпик, ак кашы баягыдан өскүлөңдөй. Чап жаак тартып, арык да, узун бойлуу да көрүндү.

– Миңбай,– деди ал озунуп айтып.

– Гриша...– Миңбайдын оозу араң эп келди. Григорий Попов дагы эки-үч кишини тааныды. .

– Эй, жердештер, эмне болду силерге?

Бир алдын эч ким үн кошпой дым боло түштү. Анан дүүлдөп кетишти.

– Биздин айылды басмачылар басып, айланайын Гриша Бопбов...

...Миңбай баштаган беш-алты жигит отрядга алынып, ошол эле күнү курал-жарак, ат берилди.

Миңбай болсо, жаңыдан горнизонго комиссар болуп келген Григорий Поповдун жанында иштеп калды.

Башкалар Григорийди алкап, үйүн көздөй салышты.

Миңбай бир кезде өзү ыйлатып уруп койчу, ак чач, арык Гришаны элестетет көз алдына. Ал бүгүнкү башкалар «Григорий Андреевич» деп мамиле кылган комиссар Гриша Попов түк андагыга окшобойт. Дал ошондо анын атасы жөнүндө, агасы Егор Попов жөнүндө ойлойт. Анын жоруктары, андан көргөн кордуктары түшөт эсине. Жүрөгү зырп этет, көз алдына капталынан ириң агып, катуу кыйналып өлгөн атасынын арык жүзү тартылат... Көөдөнүнө алда кандай бир сезим – кайнаган кектин сезими толуп чыгат.

Ата канын уулу кубат. Бул ак иш. Ансыз уулга наалат. Ансыз атасына о дүйнөдө эмне деп барат? Ансыз өзүнө адамдык баасы кайсы?.. Ата канынан ыйык эмне бар?..

Миңбайды ар убак ушундай эки сезим кысып келет.

Бир күнү Егор Поповду штабга айдап келишти. Анын уйпаланган сары чачы маңдайына түшүп, куйкалак сары муруту оозун жаап өскөн. Өңү купкуу.

Көк көздөрүнөн заары чыгып, Егор Попов көкүрөгүн жагжайтып топчуланбаган абалда бөлмөнүн ортосуна келип, талтайып токтоп калды. Григорийге кадалып марап турду.

– Отур,– деди Григорий Попов, «Т» формасында коюлган столунан өзүнө бет мандайдагы орундукту көрсөтө.

– Ну, анан?– деди Егор Попов инисине карай кекерлүү.

Астананын эки жагында катып туруп калышкан эки конвойго карай «чыга тургула» дегендей баш экчеди Григорий Попов.

Бөлмөнүн тиги бурчундагы диванда Миңбай гана калды.

– Отур!– деди Григорий зекип унчугуп.

Егор орундукту булка тартып, шарт отурду да, өктөм сүйлөдү

– Бер папиросуңдан?

Григорий Попов папиросун кутусу менен Егордун алдындагы стол бетине ыргытып таштады.

Егор папиросту оозу мурдунан түтүн буркурата удаа-удаа сорду:

– Ну?..– деп, папиросун ыргытып жиберип кекетти. Унчукпай, ойлуу тиктеп Григорий Попов акырын сүйлөдү:

– Сенин чыккынчылыгың кымбатка түштү: горнизон басмачылардын колуна өттү, Буланов отряды менен талкаланды. Бирок биз кайра келдик.

– Андан башка айыбымды да айта бер!..

– Революциянын атынан кыргыздардын бейпил кыштактарын талапсың! Кандай акың бар революциянын атынан дешке?

– Маскара,– деди Егор тиштерин кычырата кыжырлуу унчугуп,– Родинасын саткан маскара. Орусту саткан маскара!.. Сен мынабу сасык кулдар үчүн иштеп жүрөсүң! – деди Миңбайды сайып көрсөтүп.

– Орусту саткан сенби? Менби? – деди Григорий да катуу унчугуп.

– Сен! Орусту саткан сен! Өз атаңды, энеңди саткан сен! Эгер менин колума сен түшкөн болсоң, кескилеп ыргытар элем, этиңди ит да жебес эле, сволочь, маскара!..

– Ошон үчүн сен менин колума түшүп отурасың.

– Антихрист!.. Большевик... Тфу!.. Егор иниси Григорийдин бетине жаба түкүрдү.

Таноолору кыпчыла түшкөн Григорий дасоромолун алып жүзүн аарчыды. Өзүн күчтөп токтоо кармады.

– Шашпа, күнүңөр да бүтөт жакында,– деди Егор аптыгып, келет сволочь большевиктер менен сүйлөшүүчү күндөр!..

Егор жинди болгондой обдулуп тура, конторалык салмактуу сыя челекти чапчыды:

– Убью антихриста большевика!..

Ал шилтеп жибергенде эңкее берген Григорийдин башынан аша сыя челек күп этип дубалга тийип, көчүрүп кетти.

Григорий тапанчасын сууруп алып, сурданып туруп унчукту:

– Сен өлүп гана тынчыйсың...

Тапанча тарс этти. Егордун көкүрөгү карарып суулана түштү. Ал сенделе берип, Григорийди көздөй умтула басты. Дагы тарс этти тапанча. Егор солк этип токтой калып, анан артына шарт бурулуп, эшикти көздөй качып жүрүп берди. Эшиктен чыга берерде дагы чыкты тапанчанын үнү. Эшикти ачкан бойдон көмкөрөсүнөн кетти Егор...

Эки бир туугандын чекке жеткен трагедиясына күбө болуп отурган Миңбай өзүн таптакыр унутуп, таш болуп катып калган эле. Анын көзү тунарып, эч нерсени көрбөй жаткан сыяктуу болду.

Григорий Попов болсо ошол күнү кечинде конторасынан түн жарымы ооп кеткенге чейин чыкпай отурду.

Миңбай Григорий Поповду үйүнө узатып келген соң түк уктай алган жок. Анын башына ар кандай ойлор түшө берди. Мурда башында жүргөн ойлор, жыйынтыктар, түшүнүктөр мурда өзү көрбөй калган, же көзү жетпей калган жактары менен бет алдына келип отургансыды.

Көп жылдар бою Миңбайдын жүрөгүндө түйүн болуп жүргөн Поповдордогу ата кеги, ата каны түштү эсине, ал канды эртеби, кечпи, кыябы келгенде Поповдордун биринен алуу – о дүйнө, бу дүйнөлүк ыйык милдети, тиги дүйнөгө атасына ала барар белеги экендиги жөнүндөгү жыйынтыгы түштү эсине...

Бул окуя эки бир туугандын тим эле тууган таарынычы эмес, эски дүйнө менен жаңы дүйнөнүн, түбөлүк өлүм, же түбөлүк өмүр үчүн болгон жан аяшпас кагылыштардын жеке адамдар арасындагы көрүнүштөрүнөн эле...

Дал ушул кагылыштарда чечилип жаткан эле түбөлүк адилеттиктин жолу – Миңбайлардын түбөлүк тагдыры, жер-суу жөнүндөгү арзуулары... Дал ушул кагылыштарда чечилип жаткан эле. Егорлордун колониалдык максаттарынын өлүмү же өмүрү...

Миңбай аңгемесинин ушул жерине жеткенде тамагын жасап токтоло калды. Миңбайдан кем эмес эмоциялык абал тулкусун бийлеп, алда кандай сыймыктуу сезим көөдөнүн тиреп чыккан Садык өзүн тиштенип араң токтотуп турду. Алкымынан бир күчтүү кол буугансып, энтигип араң дем алып жатты. Өзүн ушунчалык карылуу, кубаттуу сезди...

– Мына, бали, балам. Акыйкат өзү эле чакырып алат калыстарын.

Алар көпкө тынып калышты. Түн жай узап баратты.

Садык көптөн кийин коштошту. Ал өзү жалгыз жолго чыкканда түн бышып, түпсүз асман бетинде сан-миң жылдыздар жыбырашып турушкан эле. Күздүн түнү коңур.

## XII

Садык эми чечинип отурганда сыртта машинанын мотору дүр деп өчүп, эшикти шарт ачып Балтабаев тиштерин жаркыратып күлүп:

– Ассаломалейкум, кечки конокко келдик, жай барбы? – деп тамашалап токтой калды.

– Келиңиз, келиңиз. Төргө,– деп Айнура жүгүрүп келип, анын жука пальтосун чечип иле баштаганда парторг Черик, анан Байдылланын жоон шофери кирди.

Садык туруп кол узатты. Балтабаев аны катуу кармап:

– Кана, күч сынашалыбы,– деп Садыктын колун катуу-катуу силкти.

– Мен өз үйүмдө күч сынаша албайм,– деди Садык.

Каткырып күлүп калышты.

Мүнөттүк кажы-кужудан соң Черик тура калып, бурчка коё койгон чети кырылган эски корзинадан эки шише коньякты, бир шише винону жана тартайтып бүтүн бышырылган чоң айгыр индюктун этин столдун үстүнө койду.

– Айнура,– деди Балтабаев билгизбей баарын жайкап (ал көзгө илинбес куулук менен Айнурага Садык эч нерсе айтпаганын биле койду), Айнуранын жумшак колунан кармап бери тартып, бир колу менен Садыктын карылуулугу сезилген барбагай манчаларын кысып,– биз кече кыжы-кужу дешип, жашырган менен не, энең байтал айтыша да кеткенбиз. Баары иш үчүн, баары жалпы кызыкчылык үчүн. Ошентсе да адамгерчилик үчүн «сен кечир, мен кечир» дешип коёлу деп, улуу башымы кичүү кылып келип отурам. Садык эстүү жигит, түшүнөт,– деп ойлойм. Жашыбызга караганда Садык барыш керек эле менин алдыма, мейли, таарыныч Садыкта калбасын дедим. Мен келдим.

– Ой, боже мой,– деди Айнура тегерек ак жүзүнө жарашкан жылмаюу менен каштарын кере, адатынча орус сөздөрүн аралаштыра сүйлөп,– мага ал эч нерсе айткан жок. Ух ты, идиот,– деди Садыкка карай эркелей баш экчеп, узун мойнун жарашыктуу саал кыйшайта, ак сөөмөйүн кылычтап,– маңдайың эмне чийинди десем, ойноп жатып Жапактын тырмагы тийип кетти дебедиңби? Вот, не верю сага...

– Ырас эле биз тамашалашканбыз? Күч сынашып көргөнбүз,– деди Садык, сөзүнө саал какшык кошуп. Муну Балтабаев да куулук менен дилгир иле калды.

– Ырас,–деди ал Садыктын көзүнөн жалтана берип,– эр чекишпей бекишпейт деген кеп бар. Качышып кетет, анан кепке өтөт, бири биринин сырын, кимдигин билет. Ошондон барып адамдар достошот, жакын болуп кетет. Эч нерсе эмес, кандай дейсиң, Садык?

– Андай болсо,– деди Садык албырып сүйүнүп кеткендей же жек көрүп тургандай сезими да байкалбай,

токтоо гана,– эч нерсе эмес.

Айнура конфет, куурулган картошка коюп, Жапак болсо айгыр индюкту бузуп стол үстү даамга жайнап кетти.

Эсенчилик үчүн коньяктан бир жүздөн алып жиберишти. Экинчи тостту Балтабаев чыныгы келген себебине багыштады:

– Биздин эч кимибиздин ичибизде таарыныч болбосун,– деди Садыктын стаканына өз стаканын такап турган калыбында, анын көзүнө тике карап отуруп,– Дос болуп бир иштейли, ичи бузуктун иши алга кетпесин, кана кеттик.

Баары тең стакандарды кагып жиберишти.

Вино ичпей жүз граммдай коньяк ичкен Айнуранын тегерек ак жүзү албырып, баягыдан сулуу болуп чыкты,– чакылдап көп да сүйлөй баштады. Кызыганда көп сүйлөп кетерин Садык да эң жакшы билет, бирок түк кийлигишпейт. Анткени, Айнуранын намысчыл чатак мүнөзү бар: «Мени кемсинткиң келеби, мени аялсынткың бар го, нет, я хочу быть самостоятельной!» деп күчөй кетет.

Чети кырылган корзинканын бурчуна этияттыктан деп запаска койгон бир шишени Черик алып чыгып ичишкен соң кызып калышты: радиолго пластинка коюп, шыңга боюна жарашкан кыймыл менен Айнура бийлеп келип, Балтабаевди колдон алды – экөө тегеренип вальска бийлөөгө аракеттенген менен тигинин буттары эпке келбей койду. Ошондо Балтабаев Айнуранын маңдайында өз алдынча бийлеп кетти: жаман эмес эле, өзбек, кыргыз бийлеринин кыймылдарынан турган кандайдыр ритм көрүнүп турду. Тарсылдатып жер тепкилеп Айнура да андан калган жок. Баары каткырып күлүп жиберишти – ыраазы болушту.

Бара-бара эки-экиден асиреттешүүгө өтүштү.

Кылжыңдап саал мас болуп калган семиз Черик колдорун каршы-терши кылычтап Садыкка карай түгөнбөс

бир нерселерди түшүндүрүп жатты. Садык болсо кыпкызыл болгон бетин албыртып, ого бетер таштай зыңгырап оор тартып, башын саал кынжайткан калыбында анын айткандарына көңүл берип, бирок эч бир кошулуп талашпай же жок деп каршы чыкпай, кээде гана башын билинер-билинбес ийкеп коюп үнсүз.

Айнура болсо Балтабаевдин сөздөрүн угуп жатат, бирок анын логикасы кай багытка баратканы менен түк иши болбой, ар бир сөзүнө өз сөзүн же өз жообун кошуп, тең жарыша сүйлөйт. Анын минтиши кызуу көрүнгөн, бирок акылын али тунук бойдон сактап турган Балтабаевди жүдөтүп жатты.

– Ырас,– деди Айнура бир алдын Садыктын жоругуна өтүп кетип,– кара мүртөз. Айтканынан кайтпай эле көшөрө берет. Аныңыз ырас.

– Албетте биздин кыжы-кужубуз болуп өттү.

Балтабаев бир нерсе айтмак болду эле, Айнура дагы жырып кетти.

– Ырас, ал улууну улуу, кичүүнү-кичүү дегенди билбейт. Биз Кушкада иштеп турганда бир майор менен,– деп бир тарыхты айтып кетти. Балтабаев көңүлдөгүсүн билдире албай, жүдөп аргасыз угуп турду.

Ырас, Айнура Балтабаевди жакшы көрөт, жакшы киши катары урматтачу – өз көңүлүндө да, сөзүндө да. Себеби, ушул жерге келген эки жылга жакын убакыттан бери өз иши үчүн да, жеке өз башы үчүн да жамандыгын көргөн жок. Айрыкча баягыда бир тууган агасы келип, анан больницанын «Москвичи» күтүүсүз жерден бузулуп калып, агасы самолеттон кечигип калмак болуп безилдеп турганда, Балтабаев бир дары алганы келе калып, өз машинасын түшүп бере койгон. Айнура агасын самолетко араң үлгүртүп жеткирген. Ошондон Балтабаевди оозунан түшүрбөйт: – умный человек,– деп келет.

– Сиз шашпаңыз, менин сөзүмдү угуп туруңузчу, мен суранам. Анан мен сиздин сөзүңүздү угайын,– деп Бал-

табаев аргасыз кылып Айнураны токтотту, кыябы келип турганда кантип болсо да, өз оюн айтып коюу ага зарыл эле.– Кеп ошо баары биздин ынтымак иштешибизде. Мен азыр айтпадымбы сизге: бул бир байкуш кембагал, кампасында жалам талканы жок, ынтымаксыз колхоз болучу. Мына он беш жылдык өмүрүм ушуга кетип, азыр көрүп турасыз, жылдызга да колубуз жетет,– ал күлүп коюп сөз улады.– Сиз айтыңызчы, эмне керек Садыкка? Кызматпы? Парторг кылып коем!..

Бу сөз Садыкка түгөнбөс насаат айтып жаткан Чериктин кулагына шак дей түштү. Оозунан сөзү ыргып, жыгжыйган мойну ого бетер кынына кире түшкөнсүдү.

Балтабаев болсо токтолбой сөзүн улап жатты:

– Акчабы? Бир күндө тээтиги чемоданыңарды толтуруп коем!– деди Балтабаев бурчтагы жүктү көрсөтүп.– Мени уккан, куп деп менин сөзүмдү күткөндөр жаман болгон жок. Сиз Садыктын аялысыз, айтышыңыз керек. Турмушта ким жаман жашагысы келсин, туурабы?

– Конечно, ошон үчүн ушинтип шаарды таштап иштегени келип отурбайбызбы.– деди Айнура ак дилиндегини айтып.

– Шашпай туруңуз,– деди Балтабаев алаканын кылыч кылып өйдө көтөрө калып Айнураны токтотуп,– мен баарын жакшы түшүнөм. Сизге мактанып коёюнбу, мен бирөөнүн алдына оңой менен келе коер жан эмесмин. Кечээки чатактан соң Садык районго кетти. Кантер экен деп артынан киши койдум. Арызданган жок. Азамат экен. Мен ошон үчүн алдына келип отурам. Жердин алдындагы жыландын сойлогонун билем. Сиздин максатыңыз да туура. Ушу үч-төрт жыл жакшы иштеп, адамча кийип-ичип, анан бир жеңил машина арттырып минип кетсеңер, тууган сүйүнүп, душман күйүнүп, жакшы болгону турбайбы?

– А как же,– деп Айнура энтигип кетти,–максатта ал жок дейсизби, бирок кайдан. Оо, машина...– деп Айнура

токтой калды да сөз улады,– эртедир-кечтир болоруна ишенебиз. Садык кандидаттыгын коргосо... Шаарга барып бир жерде иштесек...

– Ээ, Айнура аяш, эмне үчүн шаарга барганда алыш керек, бул жердечи?

– Ой, если бы. Бирок бул жерде кайда? Тиричилигибизден артканы жарытылуу деле эмес. Мына эки жыл болуп баратат, чогултканыбыз үйгө бир гарнитурга жетпейт.

Балтабаев:

– Машина эч нерсе эмес. Мага ишенесизби? Бир жыл ашып-ашпай силерди машиналуу кылайынбы?...– Ал бир нерсе деп айтып жибере жаздап барып токтоду да, минтип улады,– дагы айтам, Айнур, баары ынтымактуу иштешибизде. Мен сизге убада берем, бер колуңузду...

Айнура шакылыктап күлүп кол узатты.

* * *

Айнура биринчи келгенде ушул колхоздогу амбулаторияда иштеген. Анан алты-жети ай өтпөстөн жогорку кыштактагы беш-алты кишилик койкасы бар ооруканага өткөн. Садыктын ушул амбулаторияда эле иштей тур, Саматты балдар бакчасына убактында берип, убактында алып туруууга шарт болгондой болсун дегенине көнгөн жок.

– Биз эмне сейилге келдик беле, иштегени келгенбиз,– деди тегерек бетине чыныгы каалоосун сездирип,– иштейм эле.

Айнураны алыстыгына карабай кызыктырганынын бир себеби, биердегидей эмес, ставкасы анда бир жарым – иши да көп: терапевт да өзү, гинеколог да, акушери да, кыскасы – кичинекей оорукананын бүткүл жоопкерчилиги өз мойнунда. Эки медсестрасы, дагы бир нече

кызматчысы бар. Баарыдан да кичинекей тез жардам машинасы. Айнурага жол алыстыгын билгизбейт. Ошону менен бирге бул, машина күн-түн Айнуранын жанын да тыңызбайт; түн жарымында келип, «пууп» деп сигнал берип үйүнүн түбүндө турганы турган. Айнура пальтосун жамынып уйкулуу көзү менен саал ыргала басып жанына келет. Жапжаш шофер сары бала болор-болбос ырсайып күлөт да, бул ишке өзү айыптуу кишидей акырын айта баштайт:

– Эжеке, бир оору кыйналып аласалып атат, сестралар эки сааттан бери убара – дары да беришти, укол да беришти, болбой атат, анан сизге жиберишти.

Айнура эч сөз айтпай үйүнө кирет да, тез кийинип, анан пар жаздыкты сүзүп, терең уйкуда жаткан Садыктын москоол ийинен тарткылап ойготот. Ал тишин кычыратып, кыңырылып оңой менен ойгоно койбойт – ошондо анын кулагына жакын эңилип катуу айтат:

– Мен кеттим, кайра келбей калсам, Саматты бакчага эртерээк жеткирип коюп, анан кет ишиңе, уктуңбу?

Садык оозун чылп-чылп тамшанып, каргыл үн менен:

– Макул, макул,– деп араң айтат.

Же болбосо алиги шофер сары бала энтигип шашып унчугат:

– Эжеке, бир аялды алып келдик, азыр барып, төрөй албай кыйналып калыптыр. Өңү бүтүндөй көгөрүп, көзү чанагынан чыгып кеткен. Сестралар төрөтүштү, бирок... бирок эс-үчүн билбей жаман болул баратат дешти. Сизге жиберишти.

Баары бир кандай болсо да Айнура жөнөй берет. Бели узун Айнуранын төбөсү кичине эле солк этсе «Москвичтин» шыбына тиет. Ага карабай Айнура уйкусураган абалда башкарган кичинекей ооруканага жетет – ак халатын жамынып, оорунун тамырын кармап, маңдайынан алаканы менен басып көрөт, анан берер жардамын күтүп турган сестрага түшүндүрө баштайт.

Садык буга кейийт. Тынч эле ушу амбулаторияда иштесең деле өз врачтык милдетиңди аткармаксың дейт. Өзү жалгыз иштеген үчүн ордун алмаштырар эч ким жоктуктан быйыл отпускага чыгып дем ала албай калгандыгын да айтат. Бирок Айнура булардын баарына ыраазы – ал өзү кызматчынын үй-бүлөсүндө туулуп, эч кандай турмуштан азар тартпай, эч кандай жан кыйналып иштеп көнбөгөндүгүнөн уламбы, өзүнүн мындай берилип да, аргасыздан күчөнүп иштеп жүргөндүгүн, бир башкача зор ишеничти аткарып жүргөнүндөй сезет. Түк чарчабайт да, чарчаганын сезбейт да. Бүгүн үлдүрөп араң жетип жаздыгына баш койтондугуна карабай, эки-үч саат ызгыган соң, өзүн баягыдай да, кайраттуу да сезип калат.

Минтишинин бардык себеби Айнуранын кыялында өзүн бул жерде убактынча гана сезгендигинде – кандай гана кыйынчылыктар болбосун, оорчулуктар болбосун анын ушул ишеними жеңет. Ушундан уламбы, бул турмуш, бул шарт аны толук канааттандырат. «Москвичке» отуруп бир алыстагы ооруга бара жатканында болсун же үйүн көздөй келатканда болсун, анын башында кандайдыр бир таттуу кыял – эртеңи жөнүндөгү романтикалуу көтөрүңкү ойлор болот. Ал өзүн Фрунзенин Дзержинский көчөсүндө шыңга боюна эң сонун жарашыктуу модада кийинип, тык-тык басып бараткан учурун элестетет. Жашы отуздан ашып, аял баркын, аял сулуулугун, аялдын таттуулугун сезген эркектер жандап өтө бергенде бир кылчайып карабай өтө алышпайт. Ал эми Айнура болсо аларга көңүл бөлбөйт. Түк билмексен, байкамаксан болот. Мунун өзү аялдар үчүн чоң ийгилик, чоң жеңиш. Бир жагынан аларга Айнура таңсык эмес – Садыгы бар. Аны ал эч бир эркектен кем койгусу жок, анткени – ал бакыбат, давердес–бой сымбаты да бар, ал эми мурдунун барбагайлыгы, эрдинин калыңдыгы, кабагынын саал бийиктиги кайра Айнуранын эркектин кандай болушу керектиги жөнүндөгү кыз чагынан берки самоосуна туура

келет. Азыркы аялдар эркектердин жылма сулуулугун эмес, бүкүлү сулуулугун жактырат – андай өзгөчөлүк дал ушу өзүнүн Садыгында бар. Анын кыз жүрөгүн сестентип тез багындырышына да дал белгилер себеп болгон. Ошол үчүн Дзержинский көчөсүндөгү эркектердин ага кылчая бурулган көздөрүн кантсе да, аялдык сергектик менен эсепке сөзсүз алып бараткан менен да, алардын бирине да солк этип көңүлү бурулмак эмес. Садыгы сырткы көрүнүшү менен гана кымбат эмес, ал илимдин кандидаты болот. Балким, белгилүү бир орунду ээлер, кудай билет, жеке машина минип калар. Антпесе Айнура эмне үчүн күндү күн, түндү түн дебей, кабак-кашын бүркөбөй иштеп жүрөт? Садыктын көп жылдык аракетинен соң, арызданууларда соң, армиялык кызматтан бошонуп, мында келип иштеп отурушучу? Ал илимге кызыгат, ал илим изилдөө иштери үчүн материалдар топтойт. Өндүрүштүн табийгатын жакшылап өздөштүрөт. Ал келечектеги илимий ишинин терең ийгиликтүү болушу үчүн келип иштеп отурат. Ийгиликтин болоруна Айнура түк күмөнсүнбөйт, анткени – Садык ар нерсеге жөндөмдүү, мындайча айтканда, «башы иштейт», баарыдан ишенимдүүсү – анын мүнөзүндөгү максаттуулук, өз максатына тынымсыз умтулуучулук... Муну Айнура Садыкка баш кошо электе да, баш кошкондон кийин Түркводa – Фрунзеде, Мариде, Кушкада иштеп жүргөндө – кээде оор, кээде жеңил өткөн жылдарында көргөн, ишенген. Бул жагынан эч качан күмөнсүбөйт. Ошон үчүн дал Дзержинский көчөсүнөн эң ыңгайлуу үйдү, адам катарына кошулган турмушту элестетет.

* * *

Балтабаев өз кабинетине Садыкты жалгыз чакыртты. Анын көңүлү бир ишенимге жык толо сыяктуу эле. Ошон үчүн сөзүн колхоздун экономикалык бир маселелерине

жылуу отуруп талкуулашуу менен баштады. Азыр ал Садыктын ойлоруна баш ийкеп макул болду. Кол алдында Садыктын партуюмга жазган каты бар эле. Бул бир нече маселе болучу. Алардын бири мына бул эле:

...Колхоз үч гектардан ашуун жерге пияз эккен. Балтабаев ал ишинин кийинки жолдорун, каерлерге барарын, кайра кандай болуп колхоз кирешесине да, колхоз үчүн эле эмес, өздөрүнүн маңдай терлери кандай даражада кайтарын да кыялында иштеп чыгып койгон. Кийинки бир айда кайра-кайра убараланып жүрүп, областтык айыл чарба башкармасына чейин билдирип макулдашып, уруксат алып келди. Кечке жуук колхоздун айрым белдүү активдери менен сүйлөштү: аларга колхоздун 30 тоннадай пиязын Советтер Союзунун чыгыш шаарларына сатып келүүгө жооп алып келгендигин билдирди.

Эртең менен колхоздун отузга жакын машинасын ар бир колхоз активи экиден-үчтөн ээрчитип, Кыргызстандын, Өзбекстандын, Тажикстандын түрдүү шаарларына, райондоруна шашылыш жөнөп кетишти.

Эки-үч күн өтпөй шаарлардагы, совхоздордогу, колхоздордогу пияздарды жергиликтүү наркта, ал турсун, саал көтөрүңкү ала беришип, станциядан алган 5 вагонду жык толтуруп жиберишти. «60 тоннадан болгондо» деди Балтабаев станциянын боюндагы чайканада ачуу демдеткен кекире даам көк чайды жай чайкап отуруп. Анын көңүлү алда кандай ишенимге, бир түрдүү кубанычты күтүүлөргө жык толуп турган болучу. «Жакшы... жакшы...» деди өз акылын өзү кубаттап. Ошол күнү-түнү вагондор шалдырт-шалдырт кылдырап чиркелишти да, станциянын дежурныйынын «шаңгыр» коңгуроо уруп, «чыр-р» эттире ышкырган ышкырыгынан кийин, состав жай жылып узап кетти. Ошондо гана Балтабаевдин көңүлү жык толуп, машинасына отуруп үйүн көздөй бет алган.

Вагондордун айрымдары Новосибирск, Омскиге токтоп, алды Владивостокко чейин жетип барды.

Он беш күнгө жетпей кеткен кишилер келди. Балтабаев ошол түнү активдерден белгилүү гана адамдар менен бирге, таң жакынга чейин акылдашып, сатылып келген пияздын миң-миңдеген сом өлчөмүн жайгаштырды, анткени, бул өтө оор иш эле, бардык жагын: бул жерде сатылып алынган наркын да, кирепе жеткен каражаттар да, барып иштеп келген кишилердин сарпы да, андан кийин муну уюштуруп, убаракерчилигин тарткандардын эмгеги да эске алынып, андан калганы колхоз фондуна киреше болуп кириши керек эле.

Иштин бардыгы жакшы өткөн – баары ыраазы болучу, бир да күңкүлдөп эрдин тиштеген киши болгон эмес. Бирок мына эми мына минтип Балтабаевди ушул авторитеттүү башы менен областтык прокурорго чейин чакырганы олтурат.

Баары экономист Садыктан көрөт. Бул ишке ал түк макул болгон эмес. «Бул колхозго кокус кирген киреше юридикалык жактан да, экономика закондору боюнча да туура эмес...» Садык муну колхоз башкармасынын чогулушунда айтты. Кийинки баштапкы партиялык уюмдун чогулушуна да кат менен кайрылды.

Балтабаев ага жай түшүндүрдү:

– Сен билесиңби, Садык, бул көпчүлүктүн кызыкчылыгы үчүн, колхозду жогору көтөрүү үчүн... Көрдүңбү, жок жерден колхозго канча миңдеген сом киреше кирип келгенин? Эгер ошол пияз кампада турган болсо, ага он кило, буга беш кило деп жүрүп түгөнөт эле. Анан көрчү,– деди ал эңиле берип чын жүрөктөн, бирок күч менен ныктай сүйлөдү,– биз отуз тоннага жетпеген пиязды канча эселенттик? Бул биринчи таба койгон ачылыш эмес, жыл сайын ушинтип жүрөбүз. Колхоздун баары эле анте алат дейсиңби? Мен бу колхозду көтөрөм деп, мынабу чачыма ак кирип баратат, уктуңбу?

– Баары бир,– деди Садык өз оюн дагы бекемдеп,– кай жагынан болсо да туура эмес: экономикалык закон боюнча да, юридикалык жактан да, моралдык жактан да. Ал турсун, колхоздун өнүгүү тарыхы жагынан алып карасак да туура эмес.

– Эмне үчүн?

– Бул ак жол, таза жол эмес. Кандайдыр даражада башканын эмгегин пайдалануу, аны спекуляциялоо болуп эсептелет.

– Кантип? Пиязды биз өзүбүз эктирдикпи?

– Аксакал,– деди Садык кагаздарын шкафтан алып столдун үстүнө коюп,– мына, биз, ал пиязга канча жер бөлгөнбүз, канча күч жумшаганбыз.– Мурда эле экономикалык эсептер түзүлүп коюлган. Ал эми мына мында болсо канча күч жумшалганы, 30 тонна түшүм алынганы жазылган. Ал эми сиз шаарга канча тонна пияз жөнөттүңүз?

Балтабаевдин ачуусу келип каны ичине тартып кетти да, кекердүүрөөк унчукту:

– Эки жүз.

– Көрдүңүзбү? Садык андан жооп күткөндөй Балтабаевдин тереңинде канчалык куулук жаткан жүлжүйгөн көзүнө тике карап сүйлөдү:

– Аксакал, сиз мени туура эмес түшүнүп атасыз.

Менин айтарым таптакыр башка: социалисттик принциптин бузулуп жатышы, чарбадагы экономикалык закондуулуктун бузулуп жатышы... Мында биздин колхоз үчүн акчанын өлчөмү өстү, ал эми мамлекетибиз үчүн продукциянын өлчөмү өстүбү? Жок!.. Көрдүңүзбү? Сиздин колхозду өз башыңызга эмне келсе дал ошондой өңгө да, дөңгө да уруп башкарышыңыз бир жагынан пайдага түшкөнү менен бир жагынан зыянга түшөт.

– Эмне?

– Башканы коюп, ушу сиз айтып жаткан фактынын эле табыйгатын карап көрөлү. Эгер ар бир колхоз, ар бир

совхоз продукцияны аз өндүрүп, кымбатка сатып, сатып алуучулардын акчасынан баюунун гана жолуна түшүп кетсе эмне болот? Макул колхозчуларыңыз чайкоодон түшкөн «пайдадан» бирдеме алды дейли? А пияз экпеген жумушчулар жарым айлыгына сиздин пиязыңыздан бир пуд пияз алып жеп отуруп калса мейлиби? Мындай жол биздин түзүлүштүн духуна туура келбейт. Биз продукцияны көп өндүрүп, мамлекетке өткөрүшүбүз керек...

– Сен эстүүсүнбө. Ал акыл көп жыл мурда түшкөн башыма. Закондуу гана өткөрүп беребиз деп жүрүп, апарсак албай, жашылча конторасы да сактар жайыбыз жок деп кол шилтеп, 200–300 тонна помидор, карем, коон, дарбызды чиритип алганбыз. Азыр да толуп атат. Мына, сенин акылыңдын аягы!..

– Ал такыр башка кеп. Кабыл алуучулардын ишти туура уюштура албагандыгы. Сиз ошолорго каршы күрөшпөйсүзбү?

– Күрөшүп болгомун мен... Башымды ооруттуң. Сенсиз эле мен колхоздун экономикасын көтөрүп, аягы менен тик тургузгамын, билдиңби?

Балтабаевдин ачуусу ташып турду.

– Талашсыз, анда сиздин эмгегиңиз бар: бирок ал учурлар өттү. Бүгүнкү күндөгү биздин чарбанын өнүгүү логикасы башканы талап кылат.

Балтабаев не дээрге сөз таппай кыжырданып токтоп калды:

– Сенин экономика дегениңди түшүнүп турам, ачык айтпайсыңбы? Сага канча акча керек?

Садык күлүп жиберди.

– Ыракмат камкордугуңуз үчүн.

– Сыпайыгерчиликти кой. Ачык айт, биз бирге иштешкен адамбыз? Бала-чакаң бар. Аялың деле жок дебейт, мен айткамын...

Садык дагы күлдү. Балтабаев жумшара түштү.

– Аксакал, экөөбүздүн максатыбыз да, түшүнүгүбүз

да бул маселеде эки башка жакта жүрөт. Сиз мага кам көрөм деп абдан жаңылып жатасыз. Кадырыңыз жан болсун... Менин максатым эптеп өзүмө бир сындырым нан өндүрүп алууда турган жок...

Балтабаев сыр алдырып койгонуна ичтен тунжурап тиштенди. Ал күтүүсүз жерден калчылдап кетти. Өзүн араң токтотту. Сыр билдирмексен болууга аракеттенди.

Экөө тең көпкө чейин үнсүз отуруп калышты, анан акырын сыртты көздөй басышты.

* * *

– Райондук партия комитетине чакыртты сени. Биринчи секретарь Бозуланов өзү кабыл алат экен сени, кечикпей эрте баргын, айткан саатында кир,– деп кечке маал парторг Чокоев билдирди Садыкка.

Садык себебин сурады эле, ал далысын күүшөп, ким билет дегенсиди. Садык ар кандай нерсеге бир жоруп, өз убагында келип кирди.

– А, кел,– деди бет сөөгүн калдайтып Бозуланов. Барбайган мурдунун үстүндөгү кээде тагына койчу сары жээк көз айнеги кара жүзүнө жарашпай турду. Ал ордунан козголгон жок. Садык кол узатып көрүштү да, бет маңдайынан жаңсап көрсөткөн орундукка отурду.

– Ко-ош, жолдош Балбаков, жакшы иштеп жатасыз, жакшы. Жакшы нерсе көзгө көрүнбөй койбойт.

– Ким билет, милдетимди аткарууга аракеттенип жатам.

– Жок, сиз антпеңиз,– деди Бозуланов отургучка чалкалай берип,– партком райондогу кыбыр эткенди сезип турат: жакшы нерсени колдойт, туура эмеске жол көрсөтөт, эскертет, партком райондун көзү, мээси...

Садык унчукпай турду.

– Менин чакырткандагы максатым – сени «Алга» совхозуна экономист кылып жиберүүнү партком макул тапты. Чоң совхоз, келечеги кеңири, турмуш шарты колхоздон жакшы. Өзүң үчүн пайда. Ишти уюштурасың.

– Эмне үчүн?

– Айтпадымбы, ким жакшы иштесе, партия аны көрөт, көтөрөт.

– Мен бул жерде деле али эч нерсенин өтөсүнөн чыга элекмин го?

– Сен билбесең биз билебиз,– деди Бозуланов папирос жандырып.

– Жок, мен барбайм. Колхозду эми араң өздөштүрүп келатам.

– Сен угуп жатасыңбы, көтөрүп жатабыз.

– Көтөргүдөй эч нерсе иштей элекмин.

Бозуланов тамекисин удаа-удаа соруп сөз улады:

– Материалдык жактан чоң утуш табасың – айлыгың жакшы азык-түлүк арзан – өкмөттүк наркта.

– Токтор Бозуланович, кеп анда эмес. Бир сындырым нанды ашык табалы деген гана максат менен иштеп жүргөнүбүз жок. Эгер анткен болсом...

– Сен коммунистсиңби? Партиянын солдатысыңбы?

– Ооба.

– Демек, барасың. Партком жиберет. Барасың!

– А мен барбайм. – Тигинин опузасына Садыктын атайын желкеси кыжыя түштү.

– Оо, түшүнүктүү. Сен эч нерседен корпойт турбайсыңбы, тартипке баш ийбейт турбайсыңбы?

– Ием мен.

– Анда эмне үчүн барбайсың?

– Ачык айтайын, зордосоңор да кетпейм. Анткени, колхоздогу көп законсуздуктарды, туура эместиктерди көрүп жатам, ага каршы күрөшүп да жатам. Менин максатым – аларга жардам берүү, түшүндүрүү.

– Сенин үйрөтүшүңө эле башкалар муктаж деп жүрөсүңбү?

– Жок. Бирок...

– Демек, оозуңду жаап жүргүн. Балтабаев ким? Сен ким? Өкмөт ага Алтын Жылдызды бекер тагып, эл беке-

ринен кайра-кайра депутаттыкка шайлаган жок. Бейбаш неме көрүнөсүң?

– Ушакчылык кылганым жок. Жолдош секретарь, анын баарын мен партиялык чогулушта да айткам, жылдык чогулушта да эл алдында ортого салдым, өзүнө айттым. «Бул туура, бул туура эмес» деп айттым, ал түшүнсүн деп айттым. Коммунистмин, ачык айтуу милдетим.

– Уктум. Баарын уктум. Баатырдыгына шек келтирипсиң. Ушак үчүн кылмышкер катары айыпталат, аны билесиңби?

– Билем.

– Бирөөнүн эмгегин пайдаланып атат көп адамдар депсиң.

– Айттым.

– Түшүнбөйм, эмне максатың бар,– деди Бозуланов кыжырдуу ордунан туруп, стулунун артын кармап токтой калды,– Балтабаев мыкты жетекчи, колхозду чыңап жатат...

– Бирок кандай жол менен, жолдош секретарь? Өз оюна эмне түшсө, анын баарын иштөө менен... Экономиканын объективдүү закондору бар, ага зомбулук кылууга болбойт... Антүү менен Балтабаев бүгүн план толтуруп ыракмат алат, бирок чарба ыдырайт, элдин чөнтөгү тешилет, ырысы кыйылат...

– Административдик бийлик болбосо өкмөт тарап кетпейби? Коммунизм убагында да мамлекет сакталат.

– Бирок, жолдош Бозуланов, жетекчиликтеги айрым адамдардын эркин, буйруктарын, мамлекеттин административдик функциясы менен бирдей короого, бири-бирине алмаштырып жиберүүгө жарабайт... Экөө асман жердей эки башка нерсе...

– Демек, Балтабаев туура эмес башкарып жатат демексиңби?

– Туура эмес, эң зыяндуу жол менен. Айыл чарба артелинин уставы, колхоз демократиясы деген алда качан

басылып бүткөн. Коллективдүү жетекчилик – колхоз башкармасы, анын мүчөлөрүнүн пикири деген нерсе иш жүзүндө жашабайт. Партуюм да жашабайт. Адамдарды кыңк эткис мышык кылып алган… Өзүнчө хан, өзүнчө бек… Кыңк эткендин мойнун кайырса, адамдардын эркин басса… Советтик закон закон эмес, Балтабаевдин сөзү, анын пикири закон. Мына Балтабаевдин методу, анын иш ыкмасы… «Бука болсун – сүт берсин, план толсо болду», ушундайбы? Кайда советтик демократия?.. Кайда ар бир адамдын эрки? Кайда граждандык укук? Ар бир адам өндүрүшкө чындап катышканда социализмден коммунизмге өтүү башталат деп айткан улуу Ленин. Ал эми адамдардын өндүрүшкө болгон мамилесине бүгүн эч ким кызыкпайт. Иши кылып эле, план толтурса ошону мактайбыз…

Бозуланов килем үстүндө кыска-кыска бурулуп, ары-бери басып өз кыжырын араң токтотуп турду.

Садык да унчукпай үнсүз отуруп калды. Бозуланов кекетип унчукту:

– Анда Балтабаев Совет бийлигинин душманы тура?

– Жок,– деди өз ички оюна алаксый түшкөн Садык Балбаков башын өйдө көтөрүп, – Совет бийлигинин эмес, советтик закондуулуктун, колхоздук демократиянын душманы… Граждандык укуктун душманы…

– Уят сөз – деп токтой калды Бозуланов, – ал бир кезде кандай начар колхоз эле, аны Балтабаев ушул деңгээлге көтөргөнү менен, ушул даңкка жеткиргени менен ишиң барбы?

– Ишим бар. Бирок Балтабаевдин эмгегине да, мезгилге да өз баасын туура берүүбүз керек. Согуш бүткөндөн бери жыйырма жылга жакындап келе жатат. Азыр алтымышынчы жылдар…

– Андагы коммунисттер, активисттер баары сокур, мунун баарын мен гана көрөм деп турасынбы?

– Жок, жолдош секретарь, туура түшүнүңүз мени, эң жаман нерсе Балтабаевдин административдик сөзүн андагылардын демократия катары түшүнүп калгандыгында!..

Башканын пикири деген болбойт. Пассивдүүлүк... Ар бир коммунисттин, ар бир активисттин инициативасы алда качан өлүп калган... Аны өздөрү да билбейт. Ак дили менен буйрук күтүү...

– Эмне демексиң эми?– деди Бозуланов да өзгөчө тон менен, бул анын кубаттагандыгы беле же кекете күткөн суроосу беле Садык ажыратып биле албай калды.

– Эмне демекмин? Колдон келсе жардам берсем дейм, бул мыкты чарбачыл адамга. Партиянын, өкмөттүн жардамы керек ага...

Бозуланов Садыктын бул сөзүн кандай түшүндү ким билет, бир топко оюу бөлүндү болуп калгансыды.

– Сен баары бир барышың керек партия жиберген жакка,– деди ал кайра чыйралып,– ойлонуп бир нече күндөн кийин жообуңду бергин.

Садык чыйралып кесе айтты:

– Эч кандай жооп да бербейм, эч кайда барбайм да. Бозуланов ормоюп туруп акырын сүйлөдү:

– Макул, анда убадаңды бергин мага, тынч иштейсиңби?

– Мен тартип бузганым жок...

Бозуланов бир нерсе эсине түшө калгандай саатын каранып жатып, Садыктын акыркы сөздөрүнө көңүл бургандай да болбоду.

– Макул, сүйлөштүк,– деди ал Садыкка уруксат берип,– жакшы иштегин. Сүйлөшөбүз дагы...

Райкомдон чыккан соң тротуарда баратып Садык Бозуланов жөнүндө ойлоду. Анын ким экендигин түшүнө албады: «Бул кууланганыбы, же болгон эле мамилеси ушубу?..» деди өз ичинен.

* * *

Садык Бозуланов менен колхоздо болсун, райондук ар кандай чогулуштарда болсун эсепсиз көп жолугушкан.

Чогулуштарда сүйлөгөн сөздөрүн да көп жолу угууга туура келген.

Иш үчүн, райондун даңкы үчүн жан аябай күрөшкөн адам деп кеп кылышкандарын көп угат. «О, кокуй, Бозулановдун колуна бир түшпө. Өмүр бою унутпайт. Желкелегени желкелеген, ныктаганы ныктаган. Түк баш көтөртпөйт. Бул эми өз катасын түшүндү, эми кичине мүмкүндүк бериш керек дегенди билбейт. Качып кетип кутулбасаң, бул райондун территориясында сага күн болбойт деп калышат көп адамдар. Бирок Садык азырынча анын колуна түшүп көрө элек, бул айткандарынын канча чындыгы, канча төгүнү барын билбейт.

Ал иш үчүн жан ачпай аракеттенген адам экендигин, ал үчүн кимди болсо да курмандыкка чалуудан кайра тартпай тургандыгын көп айтышкан менен, анын иш билгилиги жөнүндө сөз аз. Тетирисинче, башка сөздөр бар: ал районго биринчи секретарь болуп келери менен бир колхозго чыгат. Пахта тегиз ачыла баштап, эртең-бүрсүгүнү теримге чыгабыз деп турган учур эле. Кочкулданган пахта талааларына карап туруп, канааттануу менен сүйлөйт. Анан раиске карап бир топ суроолор бере баштайт.

– Канча кырманыңар даяр болгон?

– Жигирма чакты.

– Дурус,– дейт да кайра сурайт Бозуланов,– канча молоташ, канча орок камдадыңар? – Раис өз жообу менен секретарды уялтып аламбы деп дагы чочулап туруп, анан:

– Даярданганыбыз жок,– дейт.

– Мына, собатаж,– дейт Бозуланов колхоз раисине сөөмөйүн кылычтап,– пахтаңар бышып турса, оруп бастырып алууга даярдыгыңар жок. Колго түшүрөм мен силерди собатажчылар. Ойлобогула парткомдун кыраакы көзүнүн жаздымында калабыз деп. Бюродо караймын ишиңерди…

Раис унчукпай коёт. Бозуланов чын эле бюрого даярдатып жатканында билет өз жаңылыштыгын. Уяты ичи-

не чөгүп ызалуу калган Бозуланов алиги раистин артынан түшүп, ар кандай «кынтык» издерин таап, жыл айланбай катуу партиялык жаза берип, кийин ишинен алган дешет. Бирок ал окуянын изи эл оозунда кала берет.

Кийинки жылы Бозуланов чарба жылына эрте камынат. Өз оюнда пахтанын ичине ат кирип кетсе көрүнгүс болушуна жетишип, өзү баштап бүт районду ордендүү кылууга кыялданат. Ал үчүн азот, фосфорду аябай септирип, агеттерди кургатпай сууну бергизип турууну болжоду. Дал ошондой иштетти жай бою. «Жок» дегендерди бюродо саботаж деп куйругун толгоду. Кыңк этпей баары макул болушту. Ырас эле пахта коолап болуп, шагалактап косек алган менен кеч күзгө чейин жашаңдап жакшы ачылбай койду. Кийин суук уруп, косектер чирип кетти. Ошондон кийин гана Бозуланов табийгатты эшектин сыңары ноктолоп каалаган эле киши минип алууга болбостугун ичтен аргасыз мойнуна алып, жалпы агымга көнгөн дешет... Бул сөздөрдүн канчасы тамаша да, канчасы чын экендигин Садык ажырата албайт. Тамаша да бир негизсиз чыкпай тургандыгын эсине салат...

Ырас, иш үчүн күйүү бир башка нерсе да. Иштин көзүн билүү экинчи нерсе эмеспи. Иш үчүн күйгөн болуп демигип чапкылап жүргөнүн ишти кыйратып бүтүрүп жаткандыгы катары, ак иштеп жаткандыгы катары эсептеген жетекчилер азбы?..

Бозулановдун жүрүш-турушунан, сөздөрүнөн, манерасынан, ал турсун, ой жүргүзүүсүнүн түзүлүшүнөн да Садык зоотехника илиминин элементтерин окуйт. «Ананчы... дейт ал ар убак өз ичинен,– азыркы талап ушундай... Партиялык жетекчилер адистерден болуш керек...»

Азыр Садык мал кыштатууну көрүүгө барган Бозуланов менен биринчи жолугушкан учурун эстеди. Анда Садык жаңыдан келип, иштеп жүргөн. Аны партиялык саясы окууга пропагандист да кылып шайлап коюшкан эле. Ошондо план боюнча бир күнкү саясы окууну парт-

комдун секретары Бозуланов өткөрмөк. Кийинчерээк дагы бир сабакты райаткомдун председатели Шатман Алдосов өткөрмөк. Садык анын себебине кызыккан эмес. Бозуланов өткөрө турган сабактын темасы: «Коммунизмге өтүүдө адамдарды идеологиялык тарбиялоонун мааниси жөнүндө» болучу.

Бозуланов кара жүзүнүн ар кай жерин былк-былк эттирип, адегенде аңгемесин пафостуу баштады. Бирде илим жана техниканын жетишкендигин айтып, анан өзүнүн Чехословакияга барганын, андагы машина куруучу заводду эске алып өттү. Бозулановдун лекциясынын кеңири бир сааты зоотехникага байланыштуу болду. Уйлардын желини жөнүндө, кандай желинди кантип сааш жөнүндө, аны кантип ийдирүү жолдорун ушунчалык берилип, кичинекей деталдарына чейин коммунисттерге түшүндүрүүгө аракеттенди. Анан уйлардын түрлөрүн айтты. Өзү зоотехник болуп жүргөн учурлардагы айрым кыйынчылыктарды эсине салып, анын жолун тапкандыктарын келтирди мисалга.

Садык анан аны укпай койду. Ал өз ички ою менен болуп, муну түшүнө албай отура берди.

– Рахмат, Токтор Бозуланович, ангемеңиз абдан кызыктуу өттү,– деп Балтабаев Бозулановду колдон алды. Бозуланов да ордунан туруп, сыртка карай жөнөй бергенде, баятан өз ички ою менен болуп калган Садык Балбаков чочуп кетти:

– Ой, бүттүбү? – деп жибергенин өзү да билбей калды. Сыртка карай кадам таштаган Бозуланов тык токтоду.

– Сен уктап калдың беле? – деди Балтабаев күлүп

– Темабыз адамды тарбиялоо жөнүндө эмес беле дейм да.

– Эмне керек сага? – деди Балтабаев зекий.

Ошондо өз оюн бекемдөөгө кайрылды Бозуланов:

– Сен али бала окшойсуң, жигит. Баары ошо материалдык байлыктан башталат. Коммунизмге өтүш үчүн эң мурун кардың ток болушу керек...

Балтабаев каткырып күлүп жиберди. Аны үчөө-төртөө коштоп кетти.

Оозунда сөзү турса да, али элге батына элек Садык үнсүз туруп кала берди...

Эртеси уйчулардан аттанып, кой короого барышкан.

Алда качан кабарланса керек, койчулардын короосунан далай беритен утурлап келип чабан Аттокур Төлбергенов тосуп алды. Ал эки уурту эки кулагына жеткен жылмаюусу менен аттан топ этип ыргып түшүп учурашты. Бозуланов да алда качантан тааныш экен, чабандан тамашалуу сөздөрүн аяган жок. Атчандарды эшик алдына жакын түшүрүп, жылуу үйгө киргизишти.

Бул кезде кеч кирип келаткан эле.

Кой союлуп, түн жарымына чейин кажылдашып отурушту. Бозуланов менен Балтабаев кызыган соң алда качанкыларын айтышты.

Саал кызып алган Садык да анча-мынча сөзгө аралашты эле, кээсин угушса, кээсин угушкан жок. Бир-эки жолу Балтабаев силкип эскертип да койду. Садык эсин жыйып, кызарып уялып калды. Ошондон соң тынч отурду, ойлуу отурду.

Эртең менен алар сыртка чыгышканда асман чайыттай ачылып, катмарданган адырларды чекитсиз аппак кар чүмкөп, жумурткадай жумаланып, жаратылыш өзүнчө бир кайталангыс сулуулукка келип турган эле. Тоо-тоонун башын саргыч күн нуру жалап, кирсиз көгүш асман казандай көмкөрүлөт. Таптаза муздак шамал беттен уруп энтиктирет, көп өтпөй ийне менен сайгандай тызылдатат.

Келген төрт атчан меймандар жана Аттокур баштаган эки койчу болуп, алты атчан адам эки ит ээрчитип, тээ жоон белге бет алышты. Аттардын колоңсосуна чалган сонор карды чачырата жая басып, таң ашкан аттар ээлигишет.

Уу кылып, көңүл ачууга чыгышты.

Кичине жоносту аша бергенде эле күтүүсүз жерден кызыл түлкү булак дей түштү.

– Айдак,– деди Аттокур сапсайган жүндүү ала мойнок үй ити менен шыпшагандай шамдагай сары канчык тайганды түлкү жакка шилтеп. Кара ит түптүз түлкүнүн артынан бой урду. Сары тайган болсо жаңылыш терс кетти, негедир, чакырганга болбой, артуума-артуу жогору салды. Садык аттын оозун кара ит кеткен жакка капталдантып койду. Түлкүгө тээ кашатка жеткенде кара ит жакындады. Эми алганы калганда түлкү топ камыштагы ийнине кире ачты. Уучул кара ит намызы кеткендей кыңшылап, ийинди алда канча казып, улуп-уңшуп жатты.

Аттокур келип ийинге ыш койду. Түлкү булт этип ийиндин түндүгүнөн чыга качканда бук болгон кара ит түзгө жеткирбей бургап басты.

Аттокур түлкүнү алып Бозулановду көздөй чаап, «соога эле соога, аксакал» деп анын канжыгасына байлап салды.

Кайдан-жайдандыр «ку-р» этип учкан кекиликтин үнү жалт каратты мындагыларды. Тээ жогорку кереге таштан жаман сары кууган топ кекилик эңкейлеп барып топ караганга урду. Атчандар кекиликти көздөй чуу коюшту. Эң мурун жеткен Аттокурдан дуу үркүп, өйдөлөй барып, тумшуктагы карга башы менен сайылып-сайылып тоңкоюп калган кекиликтерди талап теришти.

Бозуланов да аттан түшүп бирди кармады эле, бирок кол-колуна жукпаган Аттокур өз койнундагы кекиликтен:

– Ой, аксакал кармады! Ой, аксакал кармады! – деп, Бозулановдун койнуна тыгып-тыгып ийди...

Уу ушунчалык кызык болду.

Балтабаев баарынан көп кармаганына тамашалуу мактанды.

Бир гана парторг Черик куру кол калган экен. Аттокур өзүндө калган эки кекиликтин бирин кармата койду. Баары ошого күлүштү. Ал болсо атынын начардыгына шылтоолоп, алдындагы ак жал жээрдени моюн талаштыра салып-салып жиберди.

Кекиликти куурутуп жешип, кызымтал кайтышты.

Садык ушуну эстеди. Көөдөнүнө кандайдыр сезим толуп, көңүлү чөгүңкү баратты. «Менин коммунист катары азыр жүргүзүп жаткан аракетиме партиялык жетекчи эмне үчүн түз мамиле кылбайт? Анын оюнча, мен Балтабаевдин даңгыр жолунда жолтоо болуп жаткан таш болуп калган экемин го?... Ал ташты алдын ала камкордук менен жолдон алып коеюн деген тура... Азыр каалабаган кишисин жоготуунун чатаксыз жолу ушундай... Кантип эле мен ошончолук жаңылыштыктарга чейин барып калдым? Кантип эле, менин парткомдон, анын жетекчилеринен күткөн мамилем ушундай болсун?»

## XIII

Август айынын орто чени эле. Чексиз пахта гозолору адамдын белкырчоосуна чаба берип кара кочкулданат. Пахталар тегиз косектеп, таштак сайдагы айрым аянттардын косектери чарт жарыла, пахта булалары булайып көрүнө баштаган.

Дал ушундай сонун мезгилге туура келди Жыпар менен Камилжандын үйлөнүү тою. Тойго баштапкы партия уюму да, комсомол уюму да, ал турсун райондук комсомол комитети да катышып, «комсомолдук той» деп өткөрүшмөк болушту.

Эки-үч күндөн бери кара сакал Мусанын үйүндө тыным жок – алыскы карындаш-уруктары бириндепсериндеп келип, тигүү машиналар зырылдап иштеп, Жыпардын себин даярдоодо. Мусанын чоң үйүнүн төрт дубалынын бетин бербей, Жыпарга даярдалган көйнөктүн өзүнөн жыйырмадайы; анан башка кийим-кече, Камилжанга жана анын ата-энесине даярдалган сарпайлар кыркар илинген. Килем, ала кийиз, баркыт көрпөлөр шыпка жеткире санжаптап жыйылган...

Кечинде той башталды.

Колхоз двореци жактан жүктөп келген бир машина стол, стулдарды Мусанын багынын ичинде узатасынан коюп, анын үстүн дандырга жабылган ак нандар, Миңбай өстүргөн өрүк, алма, жүзүм, коон менен толтуруп жиберишкен эле. Ар кандай ичимдиктер… Боорсок, самсалар. Бейиштин жайыл дасторкону сыяктуу буркураган жыт өрдөйт.

Күн али бата электе эле чакырылган коноктор, келген меймандар болуп жүз элүүгө жакын адам казганактап орунга отуруп калышты. Столго батпагандар бак ичиндеги супа үстүнө салынган кийизге жайланышты.

Столдун бир башында аппак кийинген Жыпар менен, кара костюм ак көйнөк кийген Камилжан. Жыпар анча тике карай албай, бирок анын кагаздай жука жүзүнө каны тээп албырып, ого бетер сулуу тарта түшкөн. Камилжан өзүнөн өзү жылмаюусун жыя албай, ак дасоромолу менен улам-улам батташып кеткен эриндерин аарчыйт, маңдайынан терин сүртүнөт. Ал экөөнөн улай кыз жандаган курбулары, анан күйөө жандаган жаштар эле. Андан бери эки беттей кыз менен жигиттин туугандары болуп, бара-бара келген меймандар жана чакырылгандар отурушкан. Садык болсо комсомолдук тойду уюштуруучулардан болуп, жаштарга баш боло жайгашты.

Тойду ачууга парторг Черик Чокоев турду ордунан. Ал орто ченде болучу – дарбыздай томолонгон неменин башы тике турганында стулда отургандар менен барабар болуп калды. Муну өткөрүүгө ал маданий чара катары даярданып, айтар сөзүн да күн мурун камдап алган эле, жазганын стол үстүнө таштап коюп, көз кыйыгы менен улам карап көпкө окуду. Ал бу салтты элге кирип келген бир зор маданий окуя катары белгилеп, анын саясий мааниси аябай зор экендигин айрыкча баса белгиледи.

Миңбай да, аялдарын жанына алып катар отурушкан Муса менен Мамажан-бува да түк былк этишпейт.

Миңбайдын жанында өзү атайы барып ээрчитип келген өскүлөң ак каш, ак кирпиктүү пенсионер курбусу

Григорий Попов отурат. Ал улам буркуратып тамеки чегет.

Черик эки жашка бактылуу турмуш тилеп, анын урматы үчүн ушул куюлган ичкиликтерди алып жиберүүнү сунуш этти.

Стакандар шыңгырап кагышып калды.

– Эки жаштын бактысы үчүн!

Баары алып жиберишти. Жыпар эрдине тийгизип кайра койду. Ичпегендер нан, жемишке кол созушту. Миңбай да, Муса да, Мамажан-бува да эч нерсе ичишкен жок.

Григорий Попов өскүлөң ак кашын керип коюп, жутуп ийип, Миңбайды тамашалап ичүүгө кыстады:

– Небереңдин тоюнда ичесиң…

Анан райондук комсомол комитетинин биринчи секретары турду ордунан, ал чакылдап тың сүйлөгөн, бойлураак, арык, жаш жигит эле.

– Жолдоштор!–деп баштады ал,– мен баш кошкон эки жашты – биздин райондун белгилүү жибекчиси Мусаева Жыпарды жана райондогу мыкты комсомолдук вожактардын бири Мамажанов Камилжанды райондук комсомол комитетинин атынан жана райондун бүткүл комсомолдорунун атынан закондуу брагы менен кызуу куттуктайм.

Баары шатыратып кол чабышты. Элге кошулуп Миңбай да мүйүздөй жылтыраган катуу алаканын тарсылдатты.

Анан секретарь жигит өз сөзүн тээ нарытан, комсомолдун айрым тарыхынан баштап, улам берилеп биздин күндөргө жакындады. Бара-бара азыркы кездеги оор эл аралык абалды айтып, бүгүнкү күндөгү комсомолдун ролуна токтолду.

Эң акырында ал райондук комсомол комитети тарабынан эмгектеги ийгиликтери үчүн эки жашка ардак грамота жана белек катары портативдүү радиоприемник тапшырды.

Дагы кол чабышты.

Шаңгырап стакандар кагышып жатты.

– Горько!

– Горько!

Миңбай түшүнө бербей элейип эки жагын карап калды. Ушул учурда жылмая күлүп Камилжан ордунан турду да, Жыпарды карады. Ал жер тиктеп үнсүз болуп, бирок тиги жактан адеп кыйкырыша берген соң, Камилжанга беттеше түшүп, эрдин тосту. Камилжан аны өптү. Дагы кыйкыра беришти – тиги экөө дагы өбүштү. Муса да, Мамажан-бува да бирин бири кыйгач тиктешип тим болушту. Мусанын аялы маңдайында отурган кайнатасы Миңбайдан уялганынан жети өмүрү жерге кирип, ичинен: «Өлүңдү көрөйүн тастаңдаган шайтан кыздын бул эмне кылганы? Чоң атасы менен атасынын, кайната-кайненесинин көзүнчө не деп суу ичкени? Кыз болбой куруп кет дебегей эле, элди кантем?» деп өзүнчө кымсынып калды. Эти чымырап күйөөсү Мусаны кыйгач тиктеди. Ал кыркмалап койгон кара сакалын жылтыратып үнсүз отурган эле.

Миңбай кежигесин кежейте тартып, жемиштен бирбирден оозго салган болуп ойлуу эле, анын кыялы кылт коюп тээ капкайдагыларга кеткен болучу.

Мамажан-бува бөдөнө куйрук сакалын сылап, кыялында алда качанкы өз жаштыгына кеткен. Мамажан өзбектик салт-санаа менен үйлөнгөн.

**Кыздар:**

Йыглама кыз, йыглама,
Той саники яр, яр…
Астанаси тилладан,
Үй саники яр, яр…

**Жигиттер:**

Узун, узун аргамжы,
Каинчакка яр, яр…

Аллас көйнөк ярашади
Келинчекке яр, яр...

Таң атканча яр-яр айтып чыгышкан.

Аялын арабадан жаш баладай көтөрүп алган. Анан Мамажан 40 күнгө чейин үйүнөн чыккан эмес. 40 күнгө чейин төшөгү да жыйылган эмес. Кыздын туугандары күн сайын короз союп же койдун төшүн басып палоо демдеп келип турушкан...

Азыр өз көз алдында өбүшүп жаткан келинин, уулу Камилжан жөнүндө эмне айтышын билбей үнсүз болду...

Анан Балтабаев ордунан туруп, сулуу жүзүнөн жылмаюу кетпей, эң алдын отургандарды күлдүрүп тамаша айтып, анан кыска сөз сүйлөдү. Эки жашка бакыт каалады, жана колхоз башкармасы атынан жаңы үй-бүлөгө телевизор белек кыла тургандыгын билдирди. Ошону менен бирге ар ким колундагы бокалды ак ичип жиберүүсүн сунуш кылды.

Анан Мусага, анын артынан Мамажан-бувага бактылуу болгула дегендей сөздөрүн айттырышты. Алардын сөз урматы үчүн да стакан көтөрүштү.

Садыктын баш ийкөөсү менен четки жигит аккордионду баркырата тартып четке чыкты. Аны ээрчип кыздар, жигиттер чыгып өзбекче, кыргызча бийлер бийлешти. Дагы бир жигит комуз чертип, эки кыз созолонтуп ырдап жатты.

– Ырдагыла! Ырдагыла! – деди Садык аларды шыктандырып,– силердин да тоюңар болот.

Жаштар ырдап да, бийлеп да жатышты. Отургандардын көбү оюнга да, бийге да көңүл бербей, дуулдап кызып калышкан эле.

– Менде эки ооз сөз бар,– деп тура калды кызыган соң намысы ойгонуп, көк аралаган мурутун чычайткан сельсоветтин председатели. Ал колун өйдө көтөрүп ырдап жаткан кыздарды да, комуз черткен жигитти да токтотту. Баары дым болуп аны карап калышты.

– Мен райондо да, башка жерде да иштедим. Көптү көрдүм,– деди ал,– бирок мындай салттар түк болгон эмес. Кыздарды карышкырдай бөктөрө качып алчы элек, биз ким болчубуз?...

Миңбай чал аны ормоё тиктеп туруп, кайра үнсүз жер карап калды.

– Мына,– деди сельсоветтин председатели обдулуп күчөп сүйлөп,– коммунисттик партия бар үчүн ушинтип эки жаш баш кошуп отурат.

Садык анын келжиреген сөздөрүн айласы жок угуп отурса да, эми ичи кайнап кетти. «Бул эмне деген келжиректик? Партиясыз кишилер катын албай жүргөнбү? Муну менен ал сөзүн саясы кылам дейби? Же партиянын даңкын көтөрмөкпү өз жаман оюнда? Ушул келжиректер партияга ар нерсесин бир таңуулагандан көрө, партия элге эмне бергендигин туура түшүнүп алышсачы... Бул эмне? Тойбу же саясы семинарбы?...» Садык дагы көпкө тыңшап жадап кеткенде алиги кишиге кайрылды:

– Жыйынтыктаңыз эми!

– Эй жигит,– деди кызып калган председатель,– пар тиштеген таранчыдай мурутун чычайтып,– менин сүйлөшкө укугум бар. Ал укугум конституцияда жазылган, аны мен эч кимден сурабайм, мен жаштарга насаат айтып атам, азыр сен жым отургун. А бали! – Эми алиги сөзүн дагы улады ал.

Председателдин сөзү жыйырма мүнөткө созулуп бараткан соң, элдин чыдамы кетип, эки-экиден күбүр-күбүргө өтүп баратышкан эле, бирок «шалдыр» дей түшкөн добуш баарын жалт каратты. Бая эле кылжылдап калган Ысабек алдындагы столду аңтара тээп, кара чачын кырктырган алиги катынын бургап басып, шише менен дал ортого дүпүлдөтүп сала баштаганда, аны колдон алып кетишти. Катыны тура калып, кыркар отурган элди чаңырып айлана качты.

– Жалап, мен сени соёмун!– деп Ысабек артынан түштү узун чачын саксаңдата кубалап.

Аны кармап булкунтуп бир жакка алып кеткенче орундарынан туруп шамалдай түшкөн эл тегиз кызып калышкан эле. Эми эч кимдин колукту-күйөө менен да иши болбой, экиден-үчтөн бөлүнө сөз талашып, дагы бирлери баш аламан ырдап, дуу-дуу күчөп баратты.

Баягы орундарында Миңбай да, Муса да, Мамажан-бувалар да жок болучу. Аларды Муса акенин төрүнө өздөрүнчө жайгаштырышты.

Бак ичиндеги кыйкырык-сүрөөн тээ түн жарымына чейин созулду, анан бара-бара суюлуп отуруп тарап кетишкендей болушту.

Мусанын үйүндө куда-кудагыйлардын арасындагы той, сый-сыпат уланып жатты…

Миңбай уулу Ысабектин жоругуна кейип, андан улам көңүлү түпөйүлдөнүп ачылбай көпкө басып жүрдү… Тээ түн жарымы ооп кеткен ченде өз үйүнө келип, бийик жазданып кырланды. Ал Ысабектен ушуну күттү беле? Эң акыркы көкүрөк баласы болуп калган неверсине өзүнүн бүткүл ишенимин, бүткүл жакшы тилектерин байланыштырып, ошондон улам бүткүл эртеңин кыялдай таттуу элестетүү менен өстүрбөдү беле?… Эмне үчүн мындай болуп кетти?… Эмне үчүн?…»

Далай убакыт өтүп кеткен менен да Миңбайдын кирпиктүү көзү ирмелген жок.

Анан невереси Жыпардын тоюн эстеди. Шыбырап шүгүрчүлүк келтирди: небересинин өз учурунда эсен-соо конор түнөгүнө учуруп алышкандыктарына ичтен шыбыранды,– бул шарият боюнча да, адамгерчилик боюнча да парз эле.

«…Мындай салттар түк болгон эмес. Кыздарды карышкырдай бөктөрө качып алчы элек. Биз ким болчубуз?…» – деген сельсоветтин председателинин ыйынгандай үнү кайталанды кулак учунда. Миңбай чалдын көөдөнү кысылгандай кыжыры пайда болду. «Акмак,– деди ал жанында киши болсо даана угулардай үн чыгарып,– эл

атынан, журт атынан сүйлөмүш болот. Оозунан эмне чыгып, эмне койгонуна эсеп берсечи? Билбеген киши укса, ырас экен дейт да. Салт-санаасы деле, үрп-адаты деле жок, эки колун мурдуна каткан бир жапайы жандар болуп көрүнөбүз да… Кыз тоюндай салттуу, кыз тоюндай шаттуу эмне бар эле? Ырас эле жаштыкта андан көңүлгө жакын эмне болор эле?.. Миңбай дем тартпай кысталгансып көпкө чейин туруп калды. Негедир, анын жүрөгүн бир нерсе өйүп, алда кимдин алдында өзүн айыптуудай, күнөөлүүдөй сезгенсиди. Алда кандай бир адамдык өз күчтүү абийири ойгонуп, көкүрөгүндө калдайып, муз сыяктуу тиреп тургансыды… Ал эрдин тиштенип үнсүз жата берди.

…Миңбайдын кулагына коштогон комузу да, кыягы да жок, бир гана жагым үндүн ыргагы менен бирде бийик көтөрүп, бирде ички сезимге, ырдын мазмунуна карата төмөндөтүп, улам эргип, сыдыргандай күчөп ырдаган үн дапдаана угула баштады:

Ысфайрам көздөй көч көчсөң,
Ырасул эгем колдосун.
Ыйлай-сыктай кеп ырдап,
Эч пенде биздей болбосун,
Жокчулук кесип демимди,
«Жакшылар» алды теңимди.
Жаркыным кетти жаш төгүп.
Жүрөккө калды муң чөгүп.
Короомдо малым жогунан,
Коомутта калдым соңуңдан,
Айдаган малым жогунан,
Арманда калдым соңуңдан,
Асылкеч сенин дартыңдан,
Ат көтөрүп алармын.
Ат суу кылып базарлап,
Анжиянга барармын.
Алтын сыргак, жез шакек,

Алып ичке катармын.
Алты ай жөө жол жүрүп.
Аттерчи болуп барармын.
Күмүш сыргак, жез шакек,
Кымбат наркын алармын,
Канча күн-түн жол жүрүп,
Календер болуп барармын.
Алып келген ак белек,
Ак кагазга орормун
Аңдабаган жан болуп
Алдыңдан жолуң торормун.
Сүйлөшкөн сөзүң бир болсо,
Саргайып көңүл кир болсо,
Сабалап учуп кайрылбай
Сапарга кетсек күн жүрүш...
Айтылган сөзүң бир болсо,
Арманга ичиң кир болсо,
Абалап учуп кайрылбай,
Алыска кетсек күн чыгыш.

Тээ адилетсиз бир замандагы байкуштун арман оту, жүрөгү кебеп болгон күйүүсү коңур тартып угулуп жатты. Муну Миңбай бирөөдөн уккан эмес, өз кулагы менен угуп, өпкө кагып өксөп ырдап турган жигитти өз көзү менен көргөн. Бул ыр эмес эле өзүнүн жүрөк сырын, башынан өткөн бактысыздыгын айтып жаткан чындык экенине Миңбай кылдай күмөнсүгөн эмес, бу сөздөр жүрөгүнө бекем батып калган. Муну Миңбай ар бир кыз тоюнда – кыз оюнда уккан.

Анда Миңбай муруту эми үлбүрөп карарган жаш бозой болучу. Турмуш азап-тозогуна али кагылып мизи кайта элек, жалындаган бозой учуру эле.

Көктөм. Эл кыштоодон өрүш таянып, жайлоого көчүүнүн камында. Минбай атасы экөө өз жерин өгүз мойнун жоорута буурсун менен айдап бышытып, кетмендеп жөөк тартышып, чигитти капкүрлөп эгип бүтүшкөн.

Анын алаканы сары жездей болуп катып чор болгон менен, сом темирдей – булчуңдарында уюган күч кайра чыңалгансыйт, кайра салмактангансыйт. Ага эмгек эмне? Анын курушун жазат, анын черин жазат.

Эми Миңбай атасынын ар кандай оор жүгүн мойнунан алууга, ага келер ар кандай кыйынчылыкка көкүрөк тосуп чыгууга даяр – кабыргасы катып, эр жеткен кези. Быйыл бир нече жолку улакта тай торпокту булкуп көп жолу ат жалына салып кеткен соң, «Миңбай, Миңбай... жалгыз аттуу кедейдин уулунан өнөр чыгат бейм» деп анын аты эл оозунда да бар.

Дал ушундай шартта, дал ошол жазда уккан Миңбай алиги жигиттин ырын. Миңбай өмүрүндө эң эле көп кыз оюндарында, кыз тойлорунда болгон, эң эле көп ырдаган. Эсепсиз көп сулууларга токмок салып, жар көрүшкөн, бирок бул тойду ал түк унута албайт. Анын биринчи себеби: Миңбай дал ошол тойдо жогорку айылдан кыз оюнга келген кыздардын ичинен Сатикан деген шыңга бойлуу, эрингендей жай сүйлөгөн, ак жүздүү кыздын жумшак жылуу колун биринчи жолу кармаган. Кызды башта бир-эки жолу көргөн, бирок мынчалык жакындыкка барууну көз алдыга келтирүүгө жүрөгү даай алган эмес. Миңбайдын өмүрүндө биринчи жолу кызга карай жадырап тигилип, батынып сөз айтканы ушу болучу. Ошондо бир шер байлап кеткенин өмүр бою таң калгандай тамшанып эске түшүрөт. Болбосо ошо Сатикан менен мурда бир нече жолу бетме-бет келгенде да эти чымырап, муундары калчылдап кеткен. Ал эми бул жолу таптакыр күтүүсүз болду. Сатикан менен жоош сүйлөштү, жумшак колун алаканына салып отурду. Кийин «кара коюм дүпүлдөктө» токмоктон коргоп колтугуна катып калкалап отурду. Сатикандын жылуу тыноосу кулак түбүнө уруп, жүрөгүнүн дик-дик сокконун капталы менен даана туюп турду.

Ыйлап-сыктай көп ырдап,
Эч пенде биздей болбосун.

Жокчулук басып белимди,
«Жакшылар» алды теңимди…
Жаркыным кетти жаш төгүп,
Жүрөктө калды муң чөгүп.

Андан кийин кыз-жигиттер тең бөлүнүп сабак… Анан шайыр жеңе баштаган ар кандай оюндар… шаңкылдаган күмүш шыңгыр күлкүлөр жазгы жашаң шибер үстүндө төгүлүп жатты…

Ошондо түн кандай бир кыска болду? Миңбай Сатикандын жанында дагы бир пас болууну ушунчалык каалабады беле? Ал ага көп нерселер айткысы келбеди беле? Бирок ал эмне үчүн айталбай калды? Түн ушундай да кыска болорбу?…

Эртең менен тай ноопаз союп көкбөрү берди кыздын атасы. Жаргак шым кийип, кызыл жоолук менен баш бууган алиги жигиттер күрөө тамыры үзүлөрдөй кыйкырып, ноопазды бир булкуп атка салып, кээсинин кабыргасы сөгүлүп кайра таштап, кара тер басып булкулдашып жүрүштү. Ошолордун көзгө тиер азаматтардын бири Миңбай болду. Торпок же ноопаз тартканды жактырат Миңбай. «Кана, чабандес болсоң элүү, жүз аттын ичинен бөлүп салып кет ошону!» дейт. Кыргыздын кээ бир жеринде кичинекей улак союп, бири ала качканда экинчиси жандап, жетсе тебетейдин сынары кол учу менен тиякка ала качып, тиягына келсе жеп-жеңил бу колуна алып, эки топко бөлүнүп алып сыраңдатып чаап жүргөн улакка Миңбай алымсынбайт. Мында ат күчү, адам күчү сыналбаса, чабандестик сыналбаса, ар ким кол учунда тебетейдей иле качып чаап жүргөнү кеппи дейт.

Ошондо түшкө жакын зор килемди сүйрөп жапкан төөнү жетелеп чыгып ортого байлап, анан патта тээтиги бадал деп көрсөткөн той башы. Жигиттер бадыр-бадыр камчы басып, келеде жаткан ноопазга умтулушкан. Тээ бир сааттай убакыт өтүп, топ үстүнөн көк буу көтөрүлөт. Миңбай эңилип жетип, ноопазды эки колтуктан ала

үч-төрт силкип жалга чыгарып, үзөңгү боодон өткөрүп такымга баскан соң, балбан жигиттер аны жылдырбай туш-тушунан басышты. Аны ат-маты менен оңколотуп жыкмак болушту. Миңбай этияттанды, бирок атка ишенди. Эң мурун ал кыйкырып чыңк ылдый салып, шыпырылып баарыдан бошонду. Ат соорулап өйдө-төмөн кайрып, анан типтике бадалды көздөй бой урду. Жаныбар тору кашка кайык болуп кетти.

– Миңбай! Миңбай!– деген үндар гана жаңырып жатып калды..

Миңбай ноопазды оодарып таштап, каңгытып кайра салганда аттар жарым жолго араң жеткен эле.

Миңбайдын көзүнө үйлөргө жакын жерде кызыл ала жайнап турган кыз-келиндер түштү. Ал куюндатып чаап аларга жакын өттү. Кандайдыр кубаныч менен жаркырап күлүп турган Сатикандын көзү чалып, зырп этип көпкө чейин жалындаган жүрөгүн баса албады.

Ошондо Миңбайга келген кандай күч эле? Азыр да ойлоп түк акылга келтире албайт өзү... Жүрөгү опколжуп, ордунан ыргып тура кала жаздайт.

Көз ирмебей бийик жаздыкка ыктап жаткан Миңбай чалдын бет алдынан ушулардын баары өзүнчө бир романтика, өзүнчө бир жомок болуп өтүп жатты. Экинчиден, ушул тойдо алиги ырдан Миңбай өзүнүн тагдыр жолун көрдү. Ошон үчүн ал ырды атайылап жаттабаса да тил учуна келип аны ырдатты. Аны көп жолу какшап ырдады: бирөөдөн үйрөнүп алган ыр катары эмес, өз жүрөгүнөн азыр оргуп чыгып жаткандай күйүп-жанып чыгарды.

Миңбай ошо жүрөгүнө бекем батып калган биринчи жолугушту ошол тойду түшүрөт эсине...

...Кыздын айылы сайдын нары өйүзүндөгү тектирде эле. Миңбай кыз ала турган жигиттин күйөө жолдошу, андан аркы он беш чакты жигит күйөө кошчулар. Кыркар тартып атчан бастырышып, келатышып тойго камынып котологон кыз айылы көрүнгөндө жабыла аттан түшүп,

аттарын көккө тушап, шиберге жамбаштаашты. Көп өтпөй кыздын айылынан кызыл-тазыл кийинген кыз-келиндердин тобу чыкты утурлап. Алар кыргоолдой кулпуруп, бирин-бири кубалап, кол тийбестен чыңырышып, жигиттер жаткан жерге жетишти. Кыз-келиндер арасында ак элечек салынган тасыган, сөзмөр келиндер да бар эле.

Жигиттер ордунан турушуп, жүгүнүшүп салам беришти. Кылт этип сыр көрсөткөн кыздар бири-бирине шыбыштап, бир нерсе билдиришип, шыңк этип күлүп алышат.

– Мына, күйөө, күйөө жанчылар– деди элечек салынган ак келин,– жеңелериңер, балдыздарыңар келди. Буларга арнаган белек-бечкегиңер болсо чыгаргыла.

Кыз-келиндер жардап турушту. Күйөө жандоочулардан бир жигит эки башы чың толо кызыл ала килем куржунду жерден араң үзүп көтөрүп барып, элечектүү келиндин алдына койду. Келин аттын көрпөчөсүн жаза салып, куржундун эки башын бүт чубап, арак самын, атыр, темир комуз, дагы-дагы түркүндөрдү жайната таштап, анан аны кыз-келиндерге үлөштүрдү.

– Кана эми, күйөөлөр, айтар сөзүңөр, ырдар ырыңар, чертер комузуңар болсо, өнөрүңөр болсо көрсөткүлө. Айылга шашпагыла. Биздин бийкеч али өргөдө. Анын башына ата-энеси батасын бере элек.

Жигиттер ыр ырдашты. Комуз чертишти. Кыздар комуз кагышты.

Дал ушул шартта чалынды Миңбайдын көзү Сатикандын жоош, сырдуу көзүнө, алардын көзү улам-улам кагышып, анткен сайын Сатикандын ууздай ууртунда жакшынакай жарашыктуу жылмаюу турду.

Анан жигит, кыздар аралашып тең бөлүнө оюн куруштү. Көк шибер үстүндө эки-экиден сүйлөшүштү, каткыра күлүп кубалашты. Миңбай Сатикандын колун кармады, Сатикан саал уялыңкы жакшынакай-жылмая берди. Экөөнүн тең жүрөк табы колу аркылуу бири-бирине урганы даана сезилер эле. Бири-биринин атын атап, бир

ооз, эки ооздон сөз сүйлөштү; жылмая тиктешип, шыңк эте күлүштү; кайра суроолуу момоюшту.

Күн бата кыз-келиндер жигиттерди айылга ээрчитишти.

Айылга жакындагандан баштап күйөөгө жандап каз-катар турган күйөө жолдоштор улам биринен сала бири кардыкпай үн салып өксөп ырдап басышты алга карай.

Кыз-келиндер улам алардын алдын тосуп жай жүргүзүп, тындырбай жүгүнтүп салам кылдырышат. Жигиттер биринен сала бири ыр төгөт:

Богогуңдан сагагың,
Боз улан өпкөн тамагың.

Анын үнүн үзүлтпөй коңур үндүү экинчи жигит жай созот. Жигиттер эми кыз отурган үйдүн эшигине такап барып калышкан: бүт тойго чогулган эл жардап жигиттердин жүзүн көрүп, ырын тыңшашат.

Ыр үстүнө ыр. Ар биринде ар кандай сезим, ар кандай тагдыр элеси... Ар кимдин кайнаган жүрөк сыры...

Жигит-кызды жүз көрүштүрүп, улактын ысык өпкөсүнөн садага чаап... анан үйгө алып киришти.

Элечекчен келиндер чакылдап сүйлөп, күйөөлөрдөн жеңгетай доолап, дагы бири тамаша сөз чыгарып, чай узатып, кулак тындырышпайт. Миңбайдын кулагы аларды араң-араң эле чалат. Ал бүтүндөй бир башка жаңы дүйнөгө кирип кеткендей.

Чайдан соң сыртка чыгышып, эми көкөлөп келаткан айдын сүттөй шооласы астында кыз оюн башташты. Тилдүү келин топ башкарып, кыздарды көк шиберге кыркар жайгаштырып, анан жигиттерге токмок берди. Миңбайдын өпкөсү толот. Тоо жаңыртып ырдагысы келет. Эмне айтса, эмне десе анын баары Сатиканга гана тиешелүү болмок.

Үнү коңур шыңга жигит термелип ырдап төгүп турду. Анын ыры алдында күйөө кызды көрүштүрүштү. Жигит анан отурган кыздардын ичинен тандап туруп

токмок салып, ал токмок салганды топ башкарган келин ортого чакырып, экөөнү колун кере беттештирип, анан чыгырык кылып айландырып, бири-биринин көкүрөгүн сылаштыра жар көрүштүрүп жатты.

Анан дагы жигит. Анан дагы...

Кыялдуу отурган Миңбайдын кулагына баягы жигиттин ыры түштү. Ал жигиттин ыры Миңбайдын жүрөгүнөн туулуп жаткансыды. Миңбай өзүн ал армандуу жигиттин ордуна коюп көрүүгө ыраа этпеди. Ал эч качан бу дүйнөдө Сатикандан ажырашууга, бул жигиттей какшап калууну көз алдына келтирип көргүсү келбеди.

Жигит саал эңиш тарта оолжуй берип, ак дасоромолу менен чекесин сүртө улам шаңшып күчөйт.

Ысфайрам көздөй көч көчсөң,
Ырасул эгем колдосун.

**XIV**

Садык Балбаков областтык айыл чарба башкармасында өткөрүлгөн колхоз-совхоз экономисттеринин беш күндүк семинарында болуп кайтты. Шаардан келатканда ал түз эле талаа шыйпаңын көздөй салды. Анткени – быйыл да терим кампаниясын уюштурууга жардамдашуу үчүн партия уюму тарабынан Мусанын бригадасына бекитилген.

Талаа шыйпаңына жакын аянтта эки көгүлтүр терим комбайны каалгып жай жылып пахта терип жүрүшкөн эле. Садык ылдамдай басып аларга жетти: биринде Алима экендигин алыстан эле тааныды, ал да жалт бурула жарашыктуу жылмайып Садыкка баш ийкеди.

Кара сакал бригадир Муса да ушунда экен. Андан аркы талаада кызыл-тазыл болуп жайылып теримчилер жүрүшөт.

Садык Муса менен кол алыша саламдашып, энтиге токтоп калды.

Аянттын пахтасы он беш проценттей ачылып, көк жаңактын сыңары шагалактап турган эле.

– Э, Муса аке, кандай болуп кетти бу? Комбайнды салып жиберипсиңер го?

– Ээ,– деди Муса каканактап араң сүйлөп,– ой-боюбузга койбоду го Бозуланов. Өзү уполномочун экен, чогулуш кылып жаныбызды сууруп алды.

– Ой, элдин оозуна тийген ырыскысын төгүп ийгенибиз кандай? Караңызчы мына, көк косектер төгүлүп калыптыр го. – Садык агетке төгүлгөн косектерин бир колуна жыйнап бери басты.

– Э айланайын, ал үзүлүп түшүп ысырап болгону бир деп кой, анан мына бу үзүлүп түшпөгөн косектерди деле карачы. Муса биринчи косекти үзүп алып алаканына салды.– Баарын машина чайнап жарып кетти. Булар эми мезгилинен алда качан мурда ачылат. Бирок буласы жетилбейт. Нипничке болуп калат. Салмагын тез жоготуп, жеңил болот, сорту төмөндөйт. Пахтасындай эле кымбат чигити жетилбей калат. Андай болгон соң тээтиги май заводу да иштебей калат. Ушунун баарын айттым алиги Бозулановуңа. Болбойт. Башта дедимби баштагын деп буйрук берди.

Ушул учурда ак жегдесине чаң отуруп кирдеген Миңбай да келип токтоп калды.

– Ой, Бозуланов дедим,– деп Муса дагы сөзүн улады,– менин оюма койгун, планды толтуруш менден дедим. Анан баягы жылкыны айттым: мен аянттардын пахтасын сексен процент ачылтып туруп он-он беш машинаны бир салып, үч күндө толтургамын жылдык планымды дедим. Ага да көнбөйт. Районду кармайсың, графикти бузасың дейт. Анан прогноз жаман, аба бузулушу мүмкүн, башың кетип калат деп эскертти, айланайын...

Мусанын эки көзүнүн кычыгынан жаш мөлтүрөп агып кетти. Анан ал тетири бурула берди.

Садыктын жүрөгү опколжуп чыдай албай баратты.

– Токтотуңуз комбайндарды, Муса аке,– деди ал.

– Ой, менин башым экөөбү, айланып кетейин?!

– Мен жооп берем корксоңуз. Карар чындыкты алар да.

Муса кашыланып туруп бошоң сүйлөдү:

– Кой, Садык, эл эмне болсо ошо бололу биз деле.

Тиштенип үнсүз турган аппак кыркма сакал Миңбай күрп этти туурап жактан:

– А сенин өзүңдүн башың кайда?! Э атаңдын арбайы... уулуң улан, кызың жубан болгончо өз башыңдын баркын билбей өтүп кете турган болдуң. Жок дегенде, жерге ак болбойсуңбу? Токтот комбайндарды!

Миңбай чоң-чоң арымдап, козону аралап, Алиманын комбайнынын алдынан утур чыгып колун көтөрдү:

– Токтот, Алима балам!..

Садык ошол замат контораны көздөй жөнөдү. Эч ким жок экен. Балтабаевдин областка жөнөп кеткенин укту. Эмне кыларын билбей калды. Анан башына бир ой кылт этип түшө калды. Ал токтоосуз колхоз радио түйүнүнө барды да, микрофондун алдына отуруп, колхоз бригадирлеринин, механизатор айдоочуларынын аттарын атап, көңүл буруууга чакырды. Анан ал пахта теруүчү комбайндардын теруүсүн бир апта, же он күнгө токтото турууга буйрук берди. Жана анын экономикалык себептерин кыскача түшүндүрдү.

Он беш-жыйырма мүнөттөн соң экинчи жолу кайталады. Үчүнчү жолу да ошентти.

Денеси бүтүндөй жыйрылуудан чекесинен тер кетип, бир аз энтигип калган Садык сыртка чыкты!

Тээ төмөнкү бригаданын терим кампаниясына бекитилген парторг Черик күрөң «Волгасы» менен чымынкуюн болуп келип токтоду. Ал машинасынан ынтылып жатып араң чыгып, эки ийнине башын моюнсуз жабыштыргандай жыкжыйып, энтиге сүйлөдү:

– Эмне болуп кетти? Неге токтоттуң баарын?

– Эч нерсе,– деди Садык атайлап камырабай.

– Райондон айтыштыбы? Комбайндарды токтоткула деп?

– Жок. Мен буйрук бердим.

– Эмне? Кутуруп кеттиңби?

– Сен кутуруп кеттиңби ачыла элек пахтага комбайн салып?

– Бозуланов өзү келип чыгартты.

– Чыгар десе чыгарттыра беришибиз керекпи? Өл десе өлө беришибиз керекпи? Биз – сен, мен – дагы башкалар эмне кылып олтурабыз анда бул жерде.

– Оо, сен ошондой сээр байлап калгансыңбы? Жөн жүрсөңчү.

– Эмне үчүн жөн жүрөм?

– Мойнуңду кайрып сындырып коёт. Бозуланов дейт аны!

– Мойнумду сындыргыдай мен Бозулановдун кайышын кам ийлептирминби? Бозуланов жооп бербейт колхоздун экономикасы үчүн. Мен жооп берем!

– Хи, алыңа карап иш кылсаңчы!

– Алым ушундай. Жогортон шамал жүрсө жогору, төмөнтөн шамал жүрсө төмөн сүрүлө бергендей суу үстүнө үй тиккен көбүк эмесмин мен. Уктуңбу?

Ошол күнү кечке маал талаа шыйпаңынын алдында даяр болгон пахталарды акыркы машинага жүктөп жатышканда үч жеңил машина зуулдап ээрчише төмөнтөн келип токтоду: Эң алдыңкысынан Байдылла Балтабаев, экинчисинен Бозуланов, үчүнчүсүнөн Черик Чокоев чыга келишти.

Балтабаевдин сулуу жүзү кумсарып, кичирээк жүлжүгүй көзүнөн заары байкалат эле. Ал оозу бошураак салам айтып, анан кара сакал Мусаны жакындап беттей басты:

– Эй, Муса! – деди ал демейдегидей «аке» дегенди да кошо айтпастан. – Эмне үчүн токтоттуң комбайндарды?

Муса негедир мукактанып сөз айталбай, көйнөгүнүн топчуларын салууга аракеттенгенде чор колдорунун титирей түшкөнү байкалып турду.

– Мен токтоттурдум эле, аксакал,– деди бет маңдайдан Садык сөзгө аралашып.

Балтабаев жалт бир карады:

– Мен сенден сураганым жок.

– Токтоттук. Мына эми сүйлөшүп көрөбүз го,– деп Муса жүүнү бош жалтайлай берди.

Балтабаевдин наштардын учундай курч көзү Алимага сайылды:

– Сен эмне үчүн токтоттуң комбайныңды?

– Токтотушту... Менин сезондо 200 тонна терүүгө милдеттенмем бар. Ар бир саат мага кымбат. Мына кечке бош турдум...– деп Алима көзүнүн жашын сүртүнүп ыйлай баштады.

– Алима,– деди чыдай албай кеткен Садык үнүн катуу чыгарып,– сен долуланба! Сен эки жүз тонна тере албай калсаң да, 200 тонна болорун жакшы билесиң. Бул жерде маанилүү маселе жөнүндө сөз болуп жатат. Сен элди калп эле алаксытпа!

Бозулановдун кара жүзү түнөрө түшүп сөз кошту:

– Бул ишиң да, сөзүң да саботаждык, Балбаков!

– Саботаждыкты ким жасап жаткандыгын ажыратышыбыз керек.

– Мына, дагы башканы айыптагың барбы?

– Ким айыптуу болсо ошону,– деди Садык жооп берип.

– Ким? Ким!– деди Балтабаев кыжырдуу кекетип.

Садык ага жооп берген жок, ал Бозулановду беттеп турган эле.

– Башың менен жооп бересиң, Балбаков, мамлекеттик саясы кампанияга атайылап саботаждык кылгандыгың үчүн! Ар бир мүнөт кымбатка түшүп жаткан шартта жыйырма комбайндын бир күн токтоп турушу биз үчүн оюн эмес...

– Ой, Бозуланов,– деди баятан калчылдап араң турган Миңбай, ак жегдесинен түктүү көкүрөгүн жагжайта, бери умтула басып,– сага план толтурууда ар бир мүнөт кымбат экен, а бизге план толтурууда ар бир чымчым

пахта кымбат. Комбайндарды беш же он күндөн кийин салсак, эмне, анда өкмөткө пахта керек болбой калабы?

– Жыйырма бешинчи октябрда район толтуруш керек планды!

– Макул, жакшы. Бирок пахтанын таза ачылышына карап, пайдалуу болушуна карап, бешинчи же онунчу ноябрда толтурса өкмөт албай коёбу?

– Ал өкмөттүн иши. Сен түшүнбөйсүң,– деди Бозуланов сырдуу.

– Макул, мен түшүнбөйм. Бирок, Бозуланов, мен бир нерсени түшүнөм,– деди Миңбай эңиле барып топурактан бир кошчуштап алып Бозулановдун тумшугун көздөй сунуп,– мына бу топурактан адам жанынан башканы өндүрүп алууну түшүнөм...

– Болду! – деди Балтабаев катуу унчугуп.

– Болбойт! – деди Миңбай ак сакалдуу ээгин көтөрө тайманбай.– Сен дыйкансыңбы? Анда айтчы, эмне үчүн көрүнгөн эле адамдын бизге акыл боло беришке акысы бар? Өкмөткө ыракмат, бизге жер берди, бизге техника берди. Эми бизге түшүм бер деп, түшүмдү талап кылып албайбы? Андан калса, бир күнү бири зуулдап келип, пахтаны токтот, жүгөрү эк дейт. Жыл өтпөй дагы бири канеп айда деп чуу салат. Анысын түшүнүп аягына чыга элегибизде атам атын укпаган турпенс эгип бересиң деп тополоң салышат. Дыйкандын пикирин уккан эч ким жок. Ким амалдар болсо эле болду. «Аяка тарт, быяка тарт» деп дыйкандын ишине кожоюн. «Эк үстүнө эк, сеп үстүнө сеп». Тээтиги ак тектирдин талаасы үч жылдан бери түшүм берип жарытпайт, козосу ак палек болуп калат. «Ой, ошо жерге үч жыл беде эгип, дем алтып алалы» дегенге уруксат жок. Андай деген кишини саясы айыпкер кылышат экен. Жер да куду жандуу адам сыяктуу, анын да тилин билсең, таптап мамиле кылсаң, анан түшүм берет. Болбой эле башка, көзгө чапкылап зордой берсең, бир күнү ал да сени башка-көзгө чаап кетет...

– Болду, Миңбай аке,– деди Балтабаев саал басыңкы үн менен.

– Э, айланайын, болсо болду. Бирок ушу бригаданын адамдары быйыл 40 центнерден түшүм жыйнап, түшүмдүн баасын да арзан түшүрөбүз деген аракетте. Планы толбой калса, ким жооп берер экен? Алиги «карма, ал, бол» дегендер мен айыптуумун дээр бекен? Жок! Ошондо да дыйкан айыптуу. «Эмне үчүн толтурбадың? Эмне үчүн жакшы иштебедиң?» Же жалганбы?

Эч ким жооп берген жок.

– Эй чал, сен мында ким болуп иштейсиң, айтчы?– деди Бозуланов Миңбайдын көңүлүн таптакыр башка жакка бөлүп.

– Ким болгонум керек, балам?

Бозуланов кара жүзүнө анчалык жарашпаган сары кыргак көз айнегин кийип, Миңбайдын жүзүнө үңүлө тиктеп туруп, күрп этти:

– Кылган ишиңен сүйлөгөн сөзүң көп неме окшойсуң? Сөзүң тууштуу экен. Сендейлерди мына бу жерди бастырып, коллективге кошуунун кереги жок. Эски көз караштарың менен баарын чиритесиң!

– Макул. Бастырбасаң бастырбай коёрсуң. Бирок, сен бастырбайм деген жердин топурагын мыжыга чеңгелдеп, боор этим менен кошо жууруп жүргөнүмдө, сен али туула элек болчусуң, балам. Тээтиги көз айнегиңди кие элек болчусуң балам...

Чалдын терең ызасын алдын ала сезе койгон Балтабаев куулана сүйлөдү:

– Сизди эркелетип атат, аксакал. Болду, биз шашылышпыз.

– А, мен да эркелетип атам...– деди Миңбай кабарчыктап.

Бозуланов болсо андан ары уккусу келбей терс бурулуп кетти.

– Муса,– деди Балтабаев басмырлап унчугуп,– Садык экөөңөр Чериктин машинасына отургула. Конторго барасыңар. Ошерде чечишебиз.

Балтабаев өзү Алиманы алып эң алдында зуулдатып төмөн көздөй салды. Анын артынан Бозулановдун жалтылдаган кара «Волгасы» учуп баратты.

Миңбайдын ызасы кечке чейин тарабай койду. Көөдөнүн калдайган бир нерсе тиреп тургансыды. «Чын эле мен элдин эркинен чыккан, топко кошулбас адам болуп калдымбы? Ушул жерди басып жүрбөс адам болуп калдымбы?» Ал ичтен ызалуу наалып жүрдү.

Эртеси эрте Алиманын комбайны кырмандын жанына келип, пахта терүүгө түштү.

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

### XV

Сыртта суук. Раистин кабинетинен бакылдап сүйлөп жаткан кимдиндир үнү күңүрт буулуңку угулат. Мында колхоз коммунисттери менен активдери бүт катышкан партиялык ачык чогулуш өтүп жаткан болучу.

Раистин кабинети кең, жарык. Кызыл сукно жабылып, «Т» формасында узата столдорго эки беттеп, калгандар дубал түбүнө катар коюлган орундуктарга жайгашкан. Элүүдөн ашуун адам бар эле.

Ар убак раис отуруучу орундукта жумуруланып семирген Черик Чокоев. Ал мойну бөлүнбөй жыкжыйып тура калып, кезектеги сүйлөөчүгө сөз берген соң, столго өбөктөй калып, ар убак канталап жүрчү көзүнүн төбөсү менен адамдарды теше тиктеп түк кыймылсыз отурат.

Анын оң жагында парткомдун секретары Токтор Бозуланов. Ал алтындын буусун жалаткан сары кыргак көз айнегин мурдунун үстүнө илип коюп, сүйлөп жаткандардын ойлорунбу, иши кылып, ак кагазга бир немелерди тынымсыз жазууда. Анын жанындагы райондук милициянын начальниги майор Акунжанов. Ал

болсо жылтыраган капкара мурутун жанып коюп сырдуу отурат. Кырдач мурун сулуу жүзү тамылжыйт. Андан ары президиумга шайланган теримчи Өктөм, дагы башкалары. Эң четте столго жапырыла өбөктөп, такыр көзгө түшпөстөй комсоо кейипте Балтабаев.

Чогулушта коммунист Балбаков Садыктын иши каралууда. Ал узата коюлган столдун президиумга теке маңдай учунда үнсүз жер тиктейт. Ичине жык толгон күчтүү сезимден кан тамырлары чатырап, жүрөгү соккон сайын канынын жүрүшү кулагына «шуу-шуу» этип угулуп жатты. Дал ушунун шуу-шуу этиши адамдардын дуулдаган үнүнө окшоп кетти. Ооба Садык аны дал ушундайча уккан – колхоздун жылдык отчёттук шайлоо чогулушунда уккан. Өзүнүн бир саатка созулган жарыш сөзүнөн кийин ошондой болгон. Садык экинчи жолу чыгып сүйлөгөн...

Дал ошол учур келди көз алдына.

Садык өзү колхоздо иштеген биринчи чарба жылынын жылдык чогулушуна эч кандай айтайын деген ойсуз да, эч кандай даярдыксыз да келип отурган. Андан эмнелер угарын, эмнелер билерин өзү да ажырата алган эмес. Экинчи жылкыда ал бир нерселер айтууну, чарба боюнча өз көз караштарын колхозчулар менен бөлүшкүсү келген эле, бирок ооруканада бир айга жакын жатып калып, атайын даярдана албады. Ал эми чогулушка болсо үлгүрүп катышып отурду. Бул да дал өткөн жылкы сыяктуу бир тартипте өттү: раис Байдылла Балтабаевдин бир жарым, эки саатка созулуп, эсепсиз көп цифралар менен толгон отчёттук доклады; анан ушул эле мүнөздөгү ревизиялык комиссиясынын председателинин доклады; анын артынан колхоздун талаачылык, мал чарбачылык боюнча орун басарларынын сөзү; акырында бир-эки бригадир өз бригадасынын өткөн чарба жылы боюнча иштеген иштерин айтат. Ошону менен жылдык чогулуш бүтөт. Эл негизинен кайдигер угуп отурат. Эч ким сүйлөбөйт

да, өз ойлорун айтпайт да. Антиши эч кимге керек эмес, антүүгө эч бир зарылдык да жок сыяктуу...

Садык болсо муну өзүнчө түшүнчү; раистин жылдык отчётунда өткөн чарба жылынын цифралык отчёту гана эмес, колхоздун өнүгүшүнүн алдыңкы жылдарында турган проблемалары коюлуп, аны чечүүнүн перспективалары жөнүндө сөз болушу керек. Ал проблемалар ар бир колхозчуну кайдигер калтырбай, анын активдүүлүгүн чакырышы зарыл – өзүнүн бир сындырым нанынын тагдыры чечилип жаткандыгы үчүн күйүшү зарыл... Өткөн чарба жылынын да туура, туура эмес жактары үчүн күйүшү керек. Анын туура, туура эмес болгондугу үчүн кимдир бирөөнү айыпташы керек. Анткени ал өз нанынын проблемасын талкуулап жатат. Акыл-эси жайында болгон адам эч качан буга кайдигер калышы түк мүмкүн эмес. Айыл чарба артелинин уставы да дал ушуну айтат, анда дал ушундайча жазылган да... Ал турсун, азыркы колхоз башкармасы, анын раиси мындан ары иштей алабы, жокпу? Аны сындоого, болбосо алып таштоого чейин сунуш киргизүүгө акылуу эмеспи алар...

Ал эми мына бул «Ак-Таш» колхозунун колхозчулары неге өз нанына кайдигер? Эмне үчүн өзү жеп турган, балдары жей турган нанынын маселесине мындай кайдигер? Докладды оозун ачып чарчаңкы угуп отуруп, анан кантип үнсүз тарап кете беришет? Эмне себеп буга?..»

Садыктын башын ушул маселелер оорутту. Анын себебин издеди.

Бул суроолордун жообун Садык өзү билбегендиктен алдына коюп отурган жок, Аны ал эң жакшы билет: кептин баары раис Байдылла Балтабаевдин башынын өтө эле «ыйык» болуп кетишинен, аны бүт колхозчулар, ал турсун, райондун, областтын жетекчилерине чейин «ыйык» сезип калышкандыгынан... Анын айткандары баарыга тиешелүү акыл катары угулуп кетишинен. Аны Балтабаев Байдылланын өзү да күмөнсүз ошондой сезип

калгандыгынан... Андыктан иштер адамдардын пикирлери менен эмес, Балтабаевдин акылы менен гана чечилет...

Ошон үчүн ар ким өз оюн, сунушун айтуу, кээде сын айтуу маселеси бүт унут болуп кеткен. Ар бир адамдын орду нольго чейин түшүп калган... Бул ишти Садык өз оюнда болжогон бир жагы... Экинчи жагы – жогортон болуучу буйруктардын ар убак демократияны тепсеп турушунан деп ойлойт. Айталык, колхоз раисин эң мурун райком тандайт, анан обком макулдугун берет, ошондон кийин колхозго чогулушка коюлуп, мактап өткөрүлөт. Андан элдин белгилүү бир катмары бул иш өз милдети эмес катары кайдигер карап калгандыгы талашсыз...

Колхозчулар ал адам менен иштин натыйжасы эмне болорун болжоп турушса да, кол көтөрө беришет, анткени – жогорку бийликте отургандардын көзү өз буйругун баары бир өткөрүшөт... Садык өз турмушунда андай учурларды көп кездештирген. Азыр ал мындан бир нече жыл илгери өйүздөгү бир колхоздо болуп өткөн окуяны эстейт: обком тарабынан раистикке сунуш кылынган шаардык жигитти колхоз чогулушу таптакыр четке каккан. Кол көтөрбөй коюшкан. Ошондо обкомдун секретары Жанузаков өзү келип, «колхозчулар го түшүнбөгөндүгүнөн ошентип жатышат. Силер эмне үчүн элди үгүттөбөйсүңөр? Же обкомдун авторитетин төмөндөтөсүңөрбү?» деп коммунисттердин, активдердин айрымдарын жазалап, анан «элди үгүттөп» өткөрүп кеткен... Иши кылып өткөрүшү аштан бышык эле.

Мына, Садык адамдардын кайдигердигинин, пассивдүүлүгүнүн айрым тамырларын ушул таптардан да көрөт.

Ошон үчүн ал үчүнчү жылкы жылдык отчёттук чогулушка атайын даярданды. Колхозчулар алдында өз ойлорун бүт айткысы келди. Балким, алар ачык колдошор, колдобосо, кайдигер болушса, жок дегенде айрымдардын көңүлүнө чындык кирип калар деп ойлоду өзүнчө жыйынтыкка келип.

Отчёттук чогулушта дал ошентти ал.

Садык колхоздун бүгүнкү, эртеңи жөнүндө сүйлөдү. Мамлекеттин кызыкчылыгы жөнүндө... жана ар бир адамдын кызыкчылыгы жөнүндө айтты. Адамдар дым болуп угуп турушту. Анан ал чарбадагы кемчиликтерди, ага башчылык кылууда Байдылла Балтабаевдин жетекчилик стилиндеги зыяндуу көрүнүштөрдү сынга алды. Айрымдар оозун ачып таң калып, айрымдар кабарчыктап турду. Бирок Садык жалтанган жок, ал – ар бир өз дооматын так фактылар, эсептер менен ташка тамга баскандай далилдеп айтуу аракетинде болду.

Садык эл алдында койгон көп дооматтарынын бирин мына мындай далилдер менен ишендирүүгө аракеттенди:

– Маселен, колхоз,– деди Садык толкундана түшүндүрүп,–мындан беш жыл илгери:

1 центнер сүт өндүрүү үчүн 12 сом жумшаса, азыр 17 сом;

1 центнер жүн «– –» «– –» 199 «– –» «– –» 272 сом;

1 центнер пахта өндүрүү үчүн 18 сом жумшаса, азыр 25 сом жумшайт. Бул зыяндар кимдин эсебинен?– Садык суроо таштады. Эч ким үн катпай дым турушкан эле. Ал өзү улады,– колхоздун эсебинен! Колхозчулардын чөнтөгүнүн эсебинен!..

– Ой, эмне дейт?

– Эмне үчүн андай?

– Кантип?

Эл дуулдай түштү. Бир адам ордунан тура да калды.

– Чарбанын экономикалык өнүгүшүнүн өз ыйык закондору бар. Аны ойго келгендей башкара берүүгө болбойт, анда чарбанын темпи бузулат. Кээде адамдардын эмгегинин көбү талаага кетет.

– Ой эмне үчүн антишет?

– Ким анткен?

– Айтсын чыгып айыптуулар!..

Садык дагы көп маселелер жөнүндө сүйлөдү. Элдин делебеси көтөрүлүп кетти.

Анан комсомол вожагы, механик Мамажанов Камилжан чыкты сөзгө. Ал узун мойнун куркуйта күйүп-жанып сүйлөдү: бирөөнүн эмгегин экинчи бирөө пайдаланып жаткандыгын – кошуп жазуунун моралдык, материалдык зыянын айтууга аракеттенди...

Жоон Тагай да сүйлөп, сын айтты. Дагы бир топтору чыкты сөзгө: айрымдары билип айтса, айрымдары билбей айтты.

Чогулуш түн жарымына чейин узап кетти.

Анан Жапак чыгып, бухгалтердик эсептери менен Садык Балбаковдун сөздөрүн жокко чыгарууга аракеттенди. Жүздөгөн эсептерди келтирди элдин көбүнүн оозун ачырып...

Садык экинчи жолу сөзгө чыкмак болду жулунуп. Ага сөз бербей коймок болду Черик Чокоев. Элдин бир бөлүгү чуулдап кыйкырышты:

– Берилсин!

– Сөз бергиле?

– Чыкпасын.

– Чыгат! Чыксын!..

Садык дагы чыкты сөзгө...

Мына ушул чогулуштан кийин Балтабаев Садыкты конторуна чакырып кирип, кумсарып туруп маселени ачык койду:

– Же сен иштейсин, же мен...

Бул чогулуш эки ай мурда өткөн. Андагы уу-чуу кулагына азыр да угулуп тургансыды...

Бирок азыркы уу-чуу кан тамырынын күчөнүп согушунан угулган шоокум эле...

Садыктын ушунчалык күчөнүп оор абалда экенин тээ жогорку бурчтан Алима даана байкап, түк көз албай өзү кандайдыр тунжураган абалда отурду.

Ал азыр өз даңкына, өз атына шек келтирип, жаман ишенимдер айтып жүргөн Садыкты жеп жибере тургандай жек көрүп, ичинен кыжырданып, тилденип отурга-

нын да, же болбосо анын атына үстөккө-босток айтылып жаткан «Садык бузуку... Садык ушакчы... Эл бузар... Коммунистке татыксыз» деген сөздөрдөн улам аны аяп отурганын да ажыратуу кыйын эле.

Сөз арасында зал ичи тунжурап тыптынч. Анда-санда угулган кыска жөтөл, орундуктун кылдырт эткени болбосо баары ыгып калгандай.

Садык Балбаков «Терим кампаниясына саботаж кылгандыгы үчүн» деген кине менен өзүнө берилген партиялык жазага ыкрар эмес экендигин билдирип, анан айыл чарба артелинин уставынын принциптеринин, экономиканын закондорунун бузулуп жаткан фактыларын көрсөтүп, райондук партия комитетине кайрылган. Андан бери төрт айдан ашып баратат. Бул мезгилде комиссия иштеди: ондогон адамдар түшүнүк каттар жазды, ондогон адамдар суракка алынды... Ал иштердин жыйынтыгы бүгүнкү ачык чогулушта чыгарылып отурат.

Эң биринчи сөздү Черик Чокоев баштады. Ал Садыктын райкомго жазган каты боюнча райкомдун өкүлү менен бирдикте баштапкы партия уюму текшергенде, айткандары ушак болуп чыкты. Жазгандарынын бири да такталган жок. Балтабаев аксакалдан тарта биздин колхоздун сыймыгы болгон адамдарга көө сүйкөөнү максат кылып койгон деп жалпылап билдирди.

– Жолдош парторг, туура информация кылыңыз,– деди Садык өз ордунан былк этпей туруп унчугуп,– менин максатым аларга көө сүртүү эмес, даңктуулардын даңкын түзүүдөгү айрым адилетсиздиктер, алардын масса үчүн моралдык, экономикалык, социалдык зыянын туура түшүнүүнү сунуш кылгамын.

– Бузбаңыз. Сөз алып сүйлөйсүз,–деди Бозуланов катуу унчугуп. Черик Чокоев ынтыгып дагы көпкө сүйлөдү. Эң аягында Балтабаевди эл көзүнчө маскаралоого аракеттенген – муш көтөрүүгө чейин барган, өз ажалы менен өлгөн аялдын өлүмүнө моралдык жоопкерчили-

гиң бар деген жалааны жапкан...– деп, кара көк тартып токтоло калды Черик.

– Туурабы, Шалпык. Айтпайсыңбы!– деди каргыл үн менен. Колунда кармаган кагазы да титиреп кетти.

– Ооба. Аялым ооруп жүрүп өзүнүн ажалынан өлгөн. Кудайдын ажалынан...– деди Шалпык ташбакадай жалпайып отурган калыбында, президиумга, анан Балтабаевге алма-тилме шыкырайып карап.

Чабан Аттокур сүйлөдү. Ал ар сөзүн адатынча онтолоп араң таап, араң айтып жатты. Ал бирде залга, бирде президиумга бурулганда сөзүнөн адашып, «ошентип... ошентип» деген сөздү эсепсиз кайталайт. Сөз аягында ал Балтабаевге кылчайып алып сүйлөп атканын унутуп калды:

– Сизге, мен, жолдош Балтабаев,– деди Аттокур кылчая калып,– бул экономист биздин короого барып келгенден кийин эле айттым, Шалпыктын башын айлантып кетиптир деп. Шалпык жолунан адашып кайда кетти? Койдон качты. Сен деген сөздү айтпаган неме урушчаак болуп кетти? Дагы жакшы, сиз Балтабаев, үгүттөп койго кайра апардыңыз. Туурабы. Шалпык? Сен жаш коммунистсиң, чынын айткын.

Шалпык жүзүн төр жакка бурду. Балтабаев столго өбөктөгөн калыбында аны тиктеп турган эле. Шалпыктын көзү анын көзүнө чагылыша түштү.

Ал күңкүлдөп унчукту:

– Туура... Туура...

– Көргүлөчү, жолдоштор,– деди Төлбергенов Аттокур онтоп сүйлөп,– ушундай да комунус болобу? Комунус деген раистин сөзүн кың этпей угуш керек, мойнундагы өз милдетин өл-тирил аткарыш керек. Комунус деп ошону айт. Ансыз комунустугу кайсы? Андай болбосо комунустун колхозго тиер пайдасы барбы? Жок!

– Отко айдаса да, кыкка айдаса да кете берер сокур деп түшүнбөймүн коммунистти! – деди Садык.

– Мына бузуктугуңу өзүң да билет экенсиң. Бузуксуң сен?

– Туура, айланайын Аттокур, мен партия болбосом да сага кошулам,– деди кире бериштеги дарбазанын артында кыркма кара сакал өңү кумсарып отурган Муса колун сунуп, ордунан умтулуп тура калды.– Ушу кызыталак мени да Байдылланын алдында жүзүмдү кара кылды. Илгери Байдылла Баатыр болгондо сиз да звеновой экенсиз, канчадан түшүм алгансыз дегенинен, он эки деп чынын айткамын. Кийин муну Байдылланын үстүнөн материал кылыптыр. Мына эми Байдылла да кыжалат, мен да кыжалат. Токтот комбайнды дегенинен токтотуп коюп, жолдош Бозулановго да уят болдум. Кызыталак болбосоң...– деп Муса бери обдулуп сөөмөйүн Садыктын көзүнө кылычтай бергенде, барк дей түштү Миңбайдын үнү төр жактан:

– Тарт колуңду, арам сасыткы! О, кылганың менен куруп кал. Атаңдын арбайына наалат, сасыткы!

Кызып кеткен Муса башына карс этип таяк тийгендей кетенчиктеп барып ордуна отуруп калды да, атасына каралаш отурган Байдылланын түйүлүңкү кабагына көзүн бир чалынта жер карады.

Миңбай көзүн чанагынан чыгардай чачырата уулу Мусага тигилип, аппак кыркма сакалдуу ээгин өйдө көтөргөн калыбында не кыларын билбей калчылдап туруп калган эле.

– Отуруң, отуруң,– деп Балтабаев анын кабыма чапанынын этегинен акырын тарткылады. Бирок ал дароо отура койгон жок.

Денелери жыйрылып, көңүлү опколжуп, дагы кандай сөздөр чыгып кетерин чыдамсыз күтүп турган адамдарга башкы инженер жоон Тагайдын чыгышы таптакыр тетири ой туудурду. Ал ар бир сөзүн ойлонуп тапкандай жай сүйлөдү. Кызууланган да жок, үнүн көтөргөн да жок, кээде анын сөзү бөлүнүп да калып жатты.

– Байкаштырыш керек, шашылыш жыйынтык чыгаруунун кереги жок. Мен катты текшерүүгө да катышканым жок, канчасы жалган экенин билбейм. Айтарым бул: менин оюмча, Садык балким, азыр жаңылышып жаткандыр, бирок мунун ниети ак, аракети ак. Садыктын аракети колхоз пайдасы, элдин пайдасы экени анык. Ушул жагын эске алыш керек, түшүнбөй атканы болсо түшүндүрүш милдет. Тарбиялоо деген ошо болот. Жыгачты кармаган эле жерден сындырганыбыз жарабас. Ойлонушалы. Чычалап эле беттен ала бербейли. Кантип эле көптү билген адис адам жок чуу чыгара берсин?– Ал оюн далилдеш үчүн бир топ аракеттенген соң минтип жыйынтыктады: – Менин оюмча Балбаковго эскертилсин. Өз катасын өзү ойлоп көрсүн. Башкалар да желкелеп демите бербей өз баш-аягына караганы оң.

– Туура ушу,– деди баятан тиштенип отурган Миңбай.

– Туура,– деди үн наркы бурчтан.

Балтабаев көз кыйыгын таштап, андагы үч-төрт кишинин биринен сала биринин жүзүнө тигилди, бирок алар үнсүз жер тиктешти, кимиси экенин ажырата албай калды.

Бул кубаттоого кыжыры келип кеттиби, кантсе да парткомдун секретары Бозуланов ордунан шарт тура калып, сөз албай эле сүйлөй баштады:

– Силер эмне үчүн күмөнсүйсүңөр?– деди ал каргыл үн менен Тагай жакка тигиле зекип. Анан өз катарындагы майор Акунжановду көрсөтө берип сөз улады:– Райком тарабынан жиберилген мынабу майордун жетекчилиги астында да ушак кат текшерилди. Бул силерге жөнөкөй киши эмес, парткомдун бюро мүчөсү, райондук милиса бөлүмүнүн башчысы, районго өзүңөр шайлаган депутат. Дагы эмне керек силерге?

Бозуланов залдагыларды карап бир кыйла туруп калды. Эч ким үн кошподу.

– Партия,– деди ал сүрдүү баштап,– өз ичиндеги бузук элементтер менен эч качан келише алган эмес. Алардан ар убак тазаланып турган. Андайлар партиянын ичин

чиритет. Партияда бирдик болушу керек. Партия бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарат. Владимир Ильич Ленин ушинтип үйрөткөн.

– Партиянын бирдиги жөнүндөгү Лениндин оюн мен башкача түшүнөм! – Садык муну Бозуланов дем тарткыча айтып таштады.

– Мына, көрдүңөрбү, башкача деп атат,– деди Бозуланов Садыкты сөөмөйү менен сайып көрсөтүп,– бул бузук элемент. Бир кезде мага эч нерсе жазбайм деп убада берген, бирок...

– Берген эмесмин, бербейм да...

– Балбаков, сөз алып сүйлөйсүң,– деди Чокоев кара көк тартып тура калып.

– Сүйлөбөйм. Текшерүүчүлөр, ал турсун, менин катымдын логикасын түшүнгөн эмес.

– Анда дагы жаз! – деди Бозуланов кекетип.

– Ал өз ишим.

Бозулановдун жаны чыгып кеткендей ачуусу келди:

– Миң жазсаң да, мына колубузга кайра келет!

– Сабатсыздыгыңызды дагы көрсөттүңүз.

– Сабатсызбы?! – Бозуланов ого бетер бууркандады.– Жалганыңды чыгарып, энеңдин үйүн үч коргондун кайкысынан көрсөтөм. Чыккан жериңе киргизем! – Бозуланов калчылдап кетти. Анткени, райондо ага эч ким минтип сөз кайрыган эмес.

Садык жийиркенич менен отурду өз ичинен. Ал секретардан мынчалык мококтукту, мынчалык эски көз караште, мынчалык рухи тайкылыкты түк күткөн эмес эле. «Мен адилеттикти издеген жерим ушубу? Атын атасаң бир район солкулдайт. Мына анын көз карашы, мына анын деңгээли...»

Садык эми жаагын бекем тиштенди да, түк үнсүз отура берди. Анын бүткүл көңүлү өзүнүн ички абалына бурулуп кеткендиктен, Бозулановдун андан аркы сөздөрүнүн бирин укса, бирин укпай тунжурады.

Дагы бир тобу сүйлөдү. Чокоев жупжумуру болуп эки сунушту колго сала баштады.

– Балбаков партиядан чыгарылсын.

Ал семиз кыска колун өзү баштап көтөрдү.

Балтабаев өбөктөгөн калыбынан өйдө болуп, колун көтөрө берди. Кол бирин-серин эле.

Балтабаев чалкалай берип бет маңдайындагы топ кишиге тигиле берди эле, бири, анан экинчиси, үчүнчүсү колдорун кулагына жакындатып көтөрө беришти. Анан раис мойнун кооптуу жогору көтөрүп, эшиктин кире беришиндегилерге карады. Үнсүз жалтанып колдорун серейтишти.

– Шалпык,– деди Чокоев. Мында адам тагдыры, колхоз үчүн чоң нерселер чечилип жатканына деле Шалпыктын акылы анчалык жете бербей, кыялында кечээ жакында эле ээрчиткен бир баласы менен жаңы алган аялынын жылуу койнун эске түшүрүп, ошондон уламбы,кайра-кайра оозун чоң ачып эсинеп шалдырап отурган. Шалпык чочуп кетти. Ал элейип эки жагын карана, башкаларды көрүп колун көтөрдү. Эмне үчүн колун көтөрүп жаткандыгын да ажырата албай калды.

Тарс эттире столду алаканы менен бир чаап тура калды жоон Тагай төшүн дагдайтып. Эл жалт аны караšты.

– Бул эмне деген зомбулук!

Дым боло түштү. Тагайдын Кызыл бетинин бир жагы ачуусунан кыймылдап кетти:

– Ар ким өзү билип көтөрбөйбү колун? Же ой-боюна койбой көтөртөсүңөрбү?..

Балтабаев болсо түк үн кошподу. Ал Тагайдан муну күткөн эмес эле. Бул жорук анын эзелки мүнөзүнө да түк шай келбестей көрүндү.

Кыжы-кужу кайра күчөдү. Кайрадан сунуштар... Түн жарымына такай барганда гана жайынтыкка келишти: «Садык Балбаковго партиялык катуу сөгүш берилип, кызматынан бошотулсун» деген сунушка отуздай ком-

мунисттин он беши кол көтөрүп, араң көпчүлүк добушка жетишти. Беш-алты киши калыс кала беришти – алардын бири Алима эле...

* * *

Садык үйүнө бошоң басып киргенде кичинекей сары баш Самат алда качан уктап, Айнура идиш-аягын жыйнаштырып жүргөн эле. Айнура узун мойнун койкойтуп Садыктын суз жүзүнө тике карай турду. Бирок тегерек ак жүзүндө баягыдай наар, ууртунда ар убак кетпес болор-болбос жылмаюу жок болучу.

– Эмне болду?– деди акырын унчугуп.

– Уккандырсың.

– Неге айтпадың түндө?

– Саат үчтөбү? Эртең менен ишке кетип калыпсын.

Айнура башка эч нерсе сураган жок. Печтин жанында бир далай катып турду да, анан демделүү чайды столго койду. Өзү маңдай-тескей үнсүз отурду. Садык тамагынан бир тиштебей, удаа-удаа бир нече чыны чай ичти.

– Жөн эле жүрсөңчү, сенин ишиң эмне деп канча жолу айтпадым беле сага?

Айнура улутунуп акырын унчукту.

– Менден гана көрөсүңбү? Менден башка бирөө болсо да ушинтет эле да, туурабы?

– Антпей-этпей эле жүрүшпөйбү?

Садык туруп калып унчукту:

– Мен анте албайм.

Айнура дагы бир аз үнсүз турду да, ичкерки үйгө кирип кетти.

Көптөн кийин Садык да кирди. Айнура төшөктө бөйрөгүн бүлкүлдөтүп ыйлап жаткан эле. Үй ичи күндөгүдөй эмес, салкын да, томсоргонсуп да учурады Садыкка. Ал диванга оор чөгүп отурду. Көөдөнүн бир нерсе өйүгөнсүп салмактанып турду. Көңүлү ушунчалык чөгүңкү тартып, ба-

калоорун улам бир нерсе бува калгандай туюлуп, Айнурага кошулуп ыйлагысы келгенин араң токтотуп тиштенди. Ал башка убактарда да кээ-кээде ушинтчү. Жаңыдан үйлөнүп аскерде иштеп жүргөн жылдарында да эрке өскөн Айнура эки күндүн биринде «сагындым мамамды» деп көмкөрөсүнөн түшө бөйрөк кагып ыйлап жатып алганда, көзүнө жаш каканактап кетип, аны так көтөрүп ала койчу. Жалбарчу. Айнура чала ыйлап, чала күлүп басылчу, эркелечү. Ушинтип эркелегиси келчү. Азыр антип жеңил максатта ыйлап жатпагандыгын билип тургандыктанбы, аны эркелеткиси да, көз жашын тыйгысы да келген жок. Анын ыйына өзүн айыпкер киши катары сезип, өзүнчө сынып, ичтен чөгүп отурду. Жүрөгү тилинип жараланып жатты.

...Эбегейсиз зор люстранын хрусталдарынын бири-бирине чагылышкан ак, саргыч, жашылсымак жарыктары жылтылдап көздүн курчун алат. Москвалык көрүүчүлөр зор театр залынын бир да орундугун бош калтырбай жык толушкан. Кыргыз искусство чеберлеринин концерти. Денеси али толуңку эмес шыңга бойлуу лейтенант Садык экинчи яруста. Ал өзү жалгыз эле. Биринчи антрактта ордунан түз козголбой, айланасындагы адамдарга көз чаптырып, үнсүз отурду. Москвада окуган кыргыз улан-кыздарынын көп келгендигин байкады. Эл кайра кире баштаганда өзүнөн алыс эмес жердеги орундуктарга эки кыздын отуруп жатканына көзү чалдыга түштү. Анын бири күмүш чачтуу орус кызы, экинчиси уюлгуган кара чачын төбөсүнө мунар кылып түйгөн азиялык кыз эле. «Кыргыз» – деди Садык өз ичинен. Эми андан көз албай карап турду. Кыз курбусуна бир нерсени айтып күлгөндө кичирээк көзү жумула, ак тиштери кашкайып сүйкүм болуп кетти. Жакасы кең оюлган кара көйнөгүнөн мойну койкоюп узун да көрүндү. Анан жарыктар өчүп кетти – кыздар көрүнбөй калышты.

Концертте тынымсыз кол чабышты. Эл сыртка көздөй сүрүлгөндө, ал улам умтулуп отуруп алиги кыздарга жандашып, катардаш кезекке турду кийим алууга.

– Сиз Фрунзеден болосузбу? – деди Садык убакытты өткөрбөс үчүн дароо эле кыргызча сурап.

– Нет,– деди кыз, бирок ууртунан жарашыктуу жылмаюу кетпей туруп алды.

– Мага бериңиздер, алып чыгам,– деди орусча айтып алардын номерлерин алды.

Кыз ошондон кийин гана кыргызча сүйлөп, Фрунзенин өзүнөн экендигин, Москвада Экинчи медициналык институтта окуп жаткандыгын айтты. Атын айтты.

Садык алардын кийимдерин кийинтишти.

Телефон номерин сурады шашып.

– Жок,– деди кыз жылмайып.

Жанатан ак жүздүү, шыңга бойлуу лейтенантка астыртан суктана көз кыйыгын берип турган али күмүш чач орус кыз айта салды.

Сыртка чыгышты. Садык узатайын деди эле, болбостон кыткылыктап чуркап кетип калышты.

Кийин Садык кызга тынчтык берген жок. Көп жолу телефон чалды. Маяковский метросунун кире беришинде жолугушту. Анан Горький көчөсү менен Кремль тарапты көздөй жай басышты.

Он бешинчи кабаттагы «Москва» ресторанынын балконунда жай тамактанып отурушту. Баары алакандын отунда тургандай. Ээк алдында Манеж аянты: эсепсиз көп жеңил машиналар, автобустар иретсиз чачып ташталган күкүрттүн кабыгын эске салат. Сол тарапта Кызыл Аянт; кылымдардын күбөсү болгон Кремлдин кызыл дубалы; анын артында асман челген жез куполдор; тээ бет маңдайдагы мунарыктан университеттин имараты бөлүнүп көзгө илинет. Бүткүл дүйнө бир көрүүгө арзыган бул көрүнүш тигил отурган экөөнүн көңүлүн бөлө алган жок. Алардын көңүлүндө бир башка дүйнө – укмуш бир башка дүйнө жашап турган эле...

Алар ар убак Маяковский метросунун кире беришинде жолугушчу. Анан киного киришчү же кафеде отурушчу.

Москванын кээ бир жаандуу кечтеринде жөн гана сүйлөшүп басып жүрүшчү. Театрды ар убак Садык каалап турса да, Айнура болчу эмес:

– Три часа, даже больше. С ума сойти можно. Нет, нет...

Садык азыр ошондогу жазды эстеди: ал өмүрүндөгү бир сонун учур катарында ар убак кыялында. Ал дайыма жолугушар күндүн кечин эңсечү. Көңүлү делөрүп, өзүн ошончолук бактылуу да, бакыбат да сезет. Кубаты өзгөчө ташкындап тургансыйт.

Дем алыш күндөрү электричкага отуруп, Москва алдындагы токойлордун бирине кетишчү. Көк жыттанган жагым аба жутушуп, ным тарткан токой ичинде басышчу. Ак кайыңдын биринен экинчисине айлана качып кубалашып ойношту. Бир жолу бадалга чалынып жыгылганын таптакыр унутпайт... Ага чалынган Айнура баса түштү, Садык анын белинен кучактап калды. Айнура да... Кайыңдын шактары беш көкүл кыз чачындай төмөн көздөй төгүлүп салбырап, түк кыймылсыз. Карагайдын бутактарында секирген көк белка машыркангандай улам берилеп түшүп, мурдун кыймылдатып, сапсагай куйругун булаңдата кыймылсыз турду.

Кийин алар Ленинграддын буурул түнүн күзөтүшкөн. Мындай романтикалуу укмуш түндү биринчи көрүшкөн. Жез атчан чабандестин алдында турушкан. Карт Неваны бойлоп басышкан. Жумуру шарды тоголотуп «ар-р» деп асылып кетүүгө даяр турган таш арстандын алдындагы тепкичтерге көчүк басып, бири-бирине ыктап электрди чагылта миң-сан жылтылдап, турмуштун өзү сыңары жай, кубаттуу жылган Неванын жоош жүзүнө карап ойлуу отурушкан.

– Садык,– деген ошондо Айнура, Садыктын алда кайда чабыттап кеткен кыялын бузуп,– мен турмушта бактылуу гана болгум келет.

– Сөзсүз бактылуу болосуң,– деди Садык аны колтугуна бир аз кысып,– ким эле бактылуу болгусу келбесин?...

Анан экөө тең өз ички ойлору менен алек болуп унчугушпай калышты.

– Ырас да,– деди дагы Айнура кандайдыр толкундуу ички сезим менен,– адам турмушта бир гана жолу жашайт. Бирок кандай гана кыска анын өмүрү?..

– Да...– Садык созуп унчукту.

– Жакшы ичип, жакшы кийип өтпөгөн соң...

Садык саал туруп үн кошту.

– Бакыт, албетте, жеке эле кийип-ичүү эмес дечи.

– Сени ачка, самсыратып көчөгө коё берсинчи,– деди Айнура Садыктан сөздү жыра тартып,– бактылуу болгонуңду көрөйүн.

– Мен...

– Койчу-койчу, дагы философияга түшкөнү турасыңбы? Баары бир, мен бакытты аларсыз көрө албайм.

Экөө дагы көпкө чейин сүйлөбөй калышты...

Садык ушуну эстегенде селт көңүл жыйып, өзүнө келди. Диванга чөгүп отурган бойдон түк козголгон жок. Ал азыр дал ушул кыялдын айланасында ой жүргүздү: «Ырас эле, Айнура бүгүнкү өз турмушу жөнүндө эмне ойлойт?..»

Садык көпкө тунжурап отура берди. «Эмне үчүн ыйлайт Айнура? Менин абалымабы? Аны ал туура түшүнөбү, же жокпу?... А башкаларчы?...»

Айрым жакын санашкан адамдарын эстеди. Алардын арасында Тургунай келди көз алдына. «Тургунай эмне ойлор экен? Анын көңүлү чөгүп, көөдөнү кысылып турду.

Садык ошол отурган калыбында уктап калды.

* * *

Түштөн кийин Тумалай менен Садык конторадан бирге чыгышып, көчө менен жогору көздөй жай басышты.

Үйүнүн тушуна барганда Тумалай чайга киргизди. Анын жоош аялы кайнатып кирген чайдан ичишти.

Тумалай сандыгынан бир шише сууруп чыгып, алдыга коюп, эки чоң стакандын жоон белинен өткөрө-өткөрө куйду.

– Садык үка,– деди Тумалай башындагы тумагын эми жерге алып коюп, соксойтуп, боз чалган көзүн кыбында-та,– сенин саламатчылыгың үчүн. – Тумалай, ичип иерде бир ооз кошумчалап койду, – иштериң оңолуп кетсин.

Бир аз дым болуп сөз буула түштү. Тумалай алиги арак ичине кандай таасир берип жатканын аңдыгансып көзүн бир чекиттен албай, өз ички ою менен болуп калды. Ал сөздү кайсы учугунан баштарын кыялына келтирип, акылын пештеп жаткан эле.

– Эми, Садык үка, мындай болуп калганы жуда жаман болду.

Тумалайдын туюк сөзүнүн маңызы түшүнүктүү эле.

– Мейли эми, өткөн ишке өкүнүч жок дейт. Быягын ондоп кетсең болгону.

– Каягын дейсиз?– деди Садык биринчи жолу суроо берип.

– Кетирген катачылыктарды мындан ары...

– Кетирген катамды ага катары жашырбай айтыңызчы, Тумалай аке? Угайын, ойлоноюн.

Садык абдан кунт коюп калды.

– Ката болуп деле, эмне дейсиң, жаштыгың, мастыгың,– деди Тумалай кайра жалтайлап.

– Ушинткениңиз болбойт. Ачык айтпайсызбы?

Тумалай бир ирмем үнсүз токтоло калып, анан кобурады:

– Мен сага, үкем, башта эле айтпадым беле. Раистин сексен просант айлыгын аласың. Үй-жайың, бала-чакаң бар. Тынч иштей бербейсиңби? Айтмакчы, алиги диссертацияңы жазамын дейсиң, тынч жаза бербейсиңби, эмне кереги бар эле сага ушу кооганын?..

Тумалайдын оюн бузбайын деп Садык үнсүз угуп отурду.

– Дагы эле кеч эмес,– деди Тумалай арык колун Садыктын мурдуна жакындата шилтеп,– сен койдум десең, кутуруп кетиптирби Балтабаев, ал деле коёт. Кыжы-кужунун эмне кереги бар, үкем? Жөн жүргөндөн жакшысы жок. Элдин сөзү бар: «Элиң бөрү болсо бөрү бол да, түлкү болсо түлкү бол»,– дейт үкем.

– Тумалай аке,– деди Садык чыдай албай, бирок өзүн басып акырын,– биз чөнтөгүбүзгө кызыл билет салып жүрөбүз... Коммунизм деп жатабыз. Миллиондогон элдин ишеними ошондо турат. Миллиондогон акылдуу, карапайым адамдар ошо деп канын төккөн. Эгер биз ишке сиз айткандай мамиле кыла берсек, эмне болор эле?

– Э, койсоңчу,– деди Тумалай колун силкип,– шарттын агымынан калбай, эптеп кардың токпу – коммунизм деген ошо.

– Коюңуз, Тумалай аке, мен ал сөзүңүздү уккум келбейт. Мен коммунистмин.

– Э айланайын, мени коммунистмин дегениң, таң калтырбайт. Куулук, шумдук ошо коммунистмин деп жүргөндөрдөн чыкканын көрүп жүрүп чачым агарып баратат, үкем,– деди Тумалай соку башын экчеп.

Садык тиштенип сөз айта албай туруп калды.

– Мына,– деди Тумалай токтолбой сөз улап,– эң кыйын болуп райондо эл башкарып жүргөндөрдү эле ала коёлу: бирөөнү кызматка көтөрүш үчүн же сөзсүз тааныша, же досу, болбосо, досу телефон шыңгыратып дайындаган киши болуш керек, же болбосо эртең өзү түшүп калса, пайдасы тиер жагын эсепке алат.

– Тумалай аке,– деп Садык анын оюн бузуп жиберди,– баары ушундай десеңиз кудайга жагабы?

Тумалай ойлоно калып, анан колун шилтеди:

– А, эсиңде барбы баягы?

– Кайсы?

– 24-формачы?

Садык унчукпай калды. Жаңыдан эле келгенде мал чарба бухгалтери ооруп калып, анын ордуна барып, мал

чарбачылыгынын үч айлык абалы боюнча райкомго отчёт тапшырып келишкен.

– Ошондо өзүң да бар элең э? Парткомдун секретары Бозуланов баш болуп, беш-алты райондук белдүү кызматчылар отурду. Отчётубузду кабыл албай, бир саат аягыбыз менен тик тургузду. Өлүп-житип кемип калган 2–3 уйду, жылкыны, он-он беш койду жерден чукуп болсо да, азыр табасыңар деп айдап чыктыбы? Эсиңде э?

Садык унчукпай калды.

– Өзүң айтчы. Эмне болду анан? И? Чайканада отура калып кайра толтуруп жаздык. Оңдоп келгенибизде билип турушса да, ыраазы болуп кабыл алыштыбы? Мен ошондо эле каткырып күлүп, таң калба, көптү көрөсүң дегемин э?

– Ал – Бозуланов! Коммунисттердин баарын сөгүп салганыңыз болобу?

Тумалай да боз чалгансыган кичине көздөрүн кыбың-кыбың ирмеп, алда нени ойлонгонсуп калды. Анан акырын сүйлөдү:

– Үкем, мен да сендей жаш болгонмун. Менин да оозуман жалын чыккан. Комсомолдун райондук комитетинин секретары болгомун. Райкомдун секретары болгомун... Адилеттикке ишенгемин. Ал үчүн күрөшкөмүн. Бирок баарын кийин түшүндүм...

Садыктын Тумалайга боору ачыган жок, кайра кандайдыр кыжыры келе баштады.

– Сен ошого татыктуу адам турбайсыңбы?

– Эмне үчүн?

– Айкын идеалың жок...

– Эй айланайын, аны кайдан көрдүң сен?

– Айткан сөзүңдөн.

Тумалай башын мыскылдуу ийкеңдетип унчукту:

– Сен баатырлык кылып кыйраттың го?!

– Мен сенден жийиркене баштадым.

– Ал эмне дегениң?– Тумалай сестене түштү. Садык ордунан тура калды.

– Мен нанды ак иштеп таап жеп жатам. Балдарымы багып жөн жүрөйүн деп нээт кылгамын. Аялым болсо пахтада иштейт. Менден чочуба.

Садык эшикти шарт ачып сыртка чыкты. Ачык турган эшиктен Тумалай унчукту:

– Капа болсоң мен айтпай эле коём, пейлим ушундай, үкем... Мейлиң..

* * *

Садыктын иши парткомдо али каралбай кечиге берди. Өтүп кеткен бир ай ал үчүн ушунчалык азаптуу болгондугун, ичтен мүлжүнүп жаткандыгын өзүнөн башка эч ким сезген жок. Жаз-жарыш, талаада эмгек кайнап кетип баратат. Солдоюп көчөдө басып жүрүү түк жарашпайт.

Бир жагынан үй ичинде да тынчтык болбой, күн сайын чокулашып, кыжы-кужу чыгат. Кеч жакындап келаткан сайын Садык өзүнчө ичтен жүрөкзаада болот.

Кечке жуук дарбаза кагып, Балтабаевдин жоон шоферу кирип-барды.

– Сени раис чакырып жатат, Садык,– деди ал башка сөзгө өтпөй.

Садык Балтабаевдин машинасына отуруп, конторага барды. Балтабаев жарык, кең бөлмөсүндө өзү жалгыз отурган экен. Кабагы бүркөө.

– Сен эмне үчүн мага жалаа жапкан сөздөр таратып жүрөсүң?

– Кандай? – деди Садык түшүнбөй.

– Өзүң билесиң аны.

– Мен билгеними ачык айткамын. Дагы кандайы болмок?

Балтабаев үнсүз болуп калып, анан тиштене сүйлөдү:

– Ак төшөгүмдү тепсеп...деген сөздөр чыгарыпсың. Балким, сен ушундан улам мага ызаланып жүргөндүрсүң? Чынбы айтканың?

– Мен чыгарган эмесмин, бирок башкалар мага айткан...

– Кимдер? Айт мага азыр. Бул жерде менин башым же ошонун башы турат.

Эгер Черикти ушинтип сөккөндүгүн айтып койсо, көчүгүнөн сыгып сары суусун чыгарарын билип турса да, Садык айткысы келбеди. Арыздангансып отурууну өз адамдык баасынан төмөн нерсе катары эсептеди.

– Мен бирөөгө арыздандымбы ал тууралуу? – деп кайра суроо берди.

– Макул,– деди Балтабаевдин ызасы ого бетер ташып,– бирок мен андайга барбайм. Кааласам, балким, башын айланткан болор элем аялыңдын. Ал – пастык! Аны менен сүйлөшүп жүргөндөгү максатым – ал аркылуу сага таасир этүү болгон. Бирок өз оюңдан кайтпадың. Мен да эми өзүң менен сүйлөшөм. Азыр сен азуума түшкөн жаңаксың. Кычыратып чагарымды билесиңби?

Садык ордунан туруп, сыртка көздөй басты. Тиги да токтоткон жок.

* * *

Жаз жумуштары аяктап баратты. Адам мээнет менен... Көчөдө колоюп басып жүрүүгө болбойт. Садык майдай сызгырылып, убакыттын өтүшүн, ишинин чечилишин күтөт.

Айнура кабагын чытат. Ар бир сөзүндө эстүүсүнөт.

Садык районго барып Бозулановго кирди. Өзүнүн жеке иштеринин эртерээк каралышын өтүндү. Бозуланов абдан официалдуу, ушунчалык маанилүү жана көп иштерден баш көтөрүүгө болбой тургандай түрү менен сүйлөштү:

– Чыдай тургун. Азыр баш кашырга чоло жок. Чигит эгүү кампаниясы кандай саясы кампания экендигин билесиңби? Бюро мүчөлөрүнүн баары колхоздорго упол-

номочен болуп бекиген. Мен да. Өтө зарыл иш менен бир паска гана келе калдым. Азыр конторада отуруу кайда?..

Бозулановдун калдайган сөөктүү кара жүзүн карай туруп, ичиндеги эч кандай сырын окуй алган жок.

Парткомдон чыккан соң Садык көчөнүн боюнда шалдайып туруп калды: обкомго баргысы келди арызданып, бирок мында бир жаңсыл болмоюн кандай натыйжа? Ал азыр карыган апасын, атасын эстеди. Аларга анча-мынча тыйын-тыпыр, чыт-чыбыр алып жөнөтүп койгонун айтпаганда, көп жылдан бери иш деп карбаластап жүрүп, кээ-кээде гана жүз көрүшүп калгандарын эстеди. Ал бир ирмемге да ыргылжың болбой, ошол жакка жүрүп кетти.

Өрөөндүн түштүгүндөгү посёлкага чейин автобуста, анан кээде жөө, кээде учураган машиналарга кол көтөрүп, Садык күн бата өзү туулуп-өсүп, мындан көп жылдар илгери балапандын сыңары канаты жетилип, учуп кеткен кыштагына кайра келди. Паныз чырактан үй ичи күңүрт жарык болуп, дубалдар бери кысып тургансып тар көрүнсө да, оокаттын буусу аралаш жылуу жыт алда качан унутулган эски ырдын кайрыгындай көңүлүнө кандайдыр жагымдуулук туудуруп турду. Саал эңиш тарта баштаган куба жүлүн арык кемпир тээ баягы адатын дагы эле кое бербей, уулунун башынан бир аяк суу айлантып чачып, жалынып-жалбарып өпкө-жүрөгү менен чабылды.

– Айланып кетейин. Садагаң кетейин... Өпкөмү чабайын...– деп жалбарды. Апасынын бул сөздөрүнөн улам Садык өзүн бала – бир кездегисиндей сезип кетти бир алдын.

– Тентегиң, зайыбың жакшыбы?

– Түзүк.

– Ошону ала келсең боло? Бизден таптакыр жат өсүп калды.

Атасы эсен-соолуктан башка кеп-сөзгө өтпөй, кемпирине кезек берип үнсүз отурду. Балбак чалдын, негедир,

Садыктын ар убак көңүлүндө жүрчү, быжыгыр кара сакалдуу иштерман учуру алыс калып, мүнөзүнөн уламбы, кеч агарган сакалы уйпаланып, баш сөөгүнүн кежигеси кержейип, шили тамырлары даана тартылып билинип турган эле. Кылдары жоонобюп өсүп кеткен кашынын алдындагы эзелтен саргыч кичине көздөрү соолуп бараткан чөлмөктөгү суудай араң эле үлпүлдөп боз чалып турду. Эти шылынган кичирээк бет сөөгү кылычтай кырдуу тартат.

Атасы менен энесинин чындап карыгандыгын Садык астыртан тиктеп, өзүнчө кабыргасы сөгүлүп аяп отурду. Көр оокат, милдет деп жүгүрүп жүрүп, ушуларды көңүлүнө аз алгандыгын эстеди. «Ырас, кээде анча-мынча тыйын-тыпыр жөнөтүп коём. Ушу кары адамдарга ошол эле жетишеби? Балалык урматчы? Жылуу сөз, кайратчы? Көңүлүн көтөрүү, дагы-дагы толуп атпайбы? Ата-эненин баладан көрөрү тыйын элеби? Жок. Жок, алардын күтөрү ушунчалык көп...» Садык бул ойлорун эч айтар жообу жок, ичтен тынып үнсүз эле.

Андан-мындан сөз козгоп отурушту. Атасынын мүнөзүндөгү жаңы өзгөчөлүктү байкады: дыйканчылык жөнүндө же жерге, малга байланышкан бир нерселер жөнүндө бериле сүйлөп, өзүнүн саал жукарак кызуу мүнөзү менен же кыжырданып, же аябай жыргап канааттанып, болбосо, ага кошуп өз ойлорун айта берчү адаты түк өчүп кеткенсип, ал жоош тартып, бул иштерге такыр кайдыгер болуп калган сыяктуу көрүндү. «Карылыкка моюн бере баштаган го» деди өзүнчө купуя жыйынтыкка келип. Атасынын кызуу мүнөзүн Садык көп жылдар кайрыла албай жүрүп, мындан үч жыл илгери келгенинде айрыкча көзгө түшүрүп байкаган. Андан мурунку жылдарда Садык бала эле, байкаса да ага баа бере алар беле, бардык эле чоң адамдар ошондой болсо керек деп жүргөндүр, балким.

Ырас, ал үч жыл илгери карылыкка моюн бербегендей тетик болучу. Карыдым деп карап отурбай, мурап болуп

совхоздун тамекисине суу сүрүп жүргөнүн көргөн. Күнтүн талаада эле.

Садык азыр экономист болуп иштеп жаткан өрөөндөгү «Ак-Таш» колхозу менен бул жердин аралыгы 50–60 гана километр жол болгондугу менен турмуш шарты бири-биринен кыйла айырмаланат. Бул жерде пахта эгилбейт, жери адыр, түздүү, тоолуу... Адамдардын эмгекке болгон мамилеси да бир топ айырмалангансыйт. Садык муну үч жыл илгери келгенинде эле байкаган. Анда кеч күз болучу. Парманды ээрчитип бир кезде жаштыгын өткөрүшкөн кыр-кырларда басып жүрүшкөн. Ормон, Дарман, Парман дегендер Балбак чалдын аталашынын балдары. Ормону устаканада, Дарманы тракторго өтүп алыптыр. Бир гана Парман аламан жумушта экен.

Садык жай уктап тургуча Парман төрт үйдүн жүзгө жакын индюктарын алдына салып, койчо чуурутуп айдап, тээ узун жондогу орулган буудайга жеткирип кайтчу. Анан бир жолу экөө басып жүргөндө Садык сурады:

– Ой, Парман, кокуй жеп кетти деп кыйкыргандын ордуна жүз үндүгүңдү буудайга жайып коюп баса бергениң кандай?

– Совхоздуку да.

– Совхоз болгондо өзүңүн совхозуң го акыры?

– А,– деп койду Парман камырабай кол шилтеп,– аны жеп кеткенде менин айлыгым азайып калат беле?– кайра өзү кошумчалап койду,– баары бир эртең кардын алдында калып калат, мүмкүн.

– А сен иш жок деп басып жүрөсүң го. Ал иш эмеспи? Карда калып каларын билет турбайсыңбы?

– Бригадир түзүк иш бербейт. Мындай иштен совхоздо айлык чыгып жарыбайт.– Ал унчукпай калып анан сүйлөдү.– Ормон устаканага өтүп алды – дайыма бир калыптагы айлыкты алып турганы турган. Дарман болсо, окубай эле жардамчы болуп жүрүп тракторго өтүп кетти. Өзүң билесиң, тракторго кышын-жайын иш болот

экен – айлыгы да жакшы… Мен да эптеп бир кесипке жармашпасам боло турган эмес. Топурак чеңгелдеп иштегендер алаканы толо акча албайт азыр…

Парман топойгон мурдунун таноосун дердеңдетип күлүп койду.

Буга маани береби же жокпу, атасынан сурады кечки чайга отурганда.

Ал унчукпай калып анан сүйлөдү:

– Э, совхоз дегениң өзүнчө бир неме экен да. Ар ким өзүнүн айлыгына иштейт экен, тиягы эмне болуп атканы менен иши жок.

– А колхозуңар дурус беле?

– Кайдан билем?

– Анан эмне?

– Ким билет, балам. Бир жердин айдалбай калганы менен, бир жердин себилбей калганы менен, бир жердин кысыр калганы менен эч кимдин иши болбойт экен. Эч ким жүгүрбөйт экен. Ар ким жүгүрбөгөн соң бригадириң чапкылап, деректирин коркутуп кайсынын өтөсүнөн чыкмак эле.

Экөө тең унчукпай чай уурташты.

– Улуу сөзгө уят жок дейт, балам, жер жесир болуп калды. Катынды да эри сүйүп, белинен бекем кучактап жатса, эркелетсе, уул тууп берет, кыз тууп берет. Жер да ошондой. Дыйкан жер сүйүшү керек. Биз жерге эр болбой, ойношу болуп калдыкпы дейм. План толтур дегенде сүр-сүр менен чиймелеп, эки норма-үч нормадан аткарып сээп салабыз. Бизге нормасы кызык. Анан бүттү. Эми ушунун акыбети кандай болор экен деп сак-сактап жүгүргөн жан жок.

Садык таң калды. Адам болгондон бери атасы менен маанилүү нерселер жөнүндө пикирдешип отурганы ушул. Болбосо ал атасы жөнүндө ойлогондо бир караңгы, иште деп койсо, анын эмне экенин ойлобой иштеп жүрө берер, бир бечара момун катары көрчү. Ал адамдын билими

жөнүндө ойлосо, китепти окугандыкты көз алдына тутуп, али да кээ бир маселелерге бир жактуу пикирде жүргөндүгүн ичтен мойнуна ала отурду.

Ошолордун биринде ал мына мындай ойго келди: «Адам тарыхын окуп отурсаң дыйкан кылымдан кылым жер үчүн күрөшкөн. Керек болсо сел кылып агызып жүрөк канын да төккөн. Бирок төгүлгөн кан алардын эңсөөсүн токтотуп коё алганбы? Жарым кылымга жакын убакыт өттү. Совет бийлиги дыйкандарды кубаттуу айыл чарба техникасы менен камсыз кылды. Ушуну менен баары жайында болуп калдыбы? Жок... жок. Бул маселеде көп нерсе түшүнүксүз. Айталык, тээ узун жондун буудайы быйыл жакшы түшүм бербей калса, мындагы дыйкан, маселен Парман, же Ормон, болбосо атасы Балбак боор этин тилип туз салып койгондой ачынып, «аттиң» деп кетирген катасын мойнуна алып, бармагын тиштенип «шашпа» деп келерки жылкысын ойлонуп, быйылкы катасын кайталабоонун жолун таап, «тигиндей кылбасам карап тур, мындай кылбасам, сениби» деп колуна түкүрүнүп, эртеңинин камын көрбөйт? Эмне үчүн дыйкандык жер киндиктүүлүк жок? Дыйкандын канынан бөлүп алууга болбос ыйык сезимди ким уурдап алып койгон?.. Эмне үчүн дыйкан бүгүн топуракка кайдыгер? Жерге болгон мамилеси салкын?..»

Бул суроолор Садыктын жүрөгүн бүгүн да солкулдатат, бирок жооп таба албайт.

Карылыкка моюн сунуп, шайдан тайый баштаган атасынын жүзүнө астыртан карап отуруп ушуларды дагы эске түшүрдү. Азыр атасы да андагыдай обдулуп кыжырдуу жер муштай албай, жүрөгүнүн оту өчүңкү тартып бараткан сыяктуу эле.

Аңгыча бакылдап учурашып, бири-бирине окшош таңыракай мурун Ормон да, Дарман да, Парман да кирди. Арсылдап күлүшүп алардын мүнөздөрү да бир өзүнчө. Үчөө тең ар убак сары тамекиден жоон ороп буркурата тартышат.

Садыктын кой дегенине көнбөй Балбак чал ак эчкисинин күздө тууган күрпөң улагын сойгула деп ишарат кылган соң, Ормон, Дарман көтөрүп чаап, карышкырча талап бирпаста казанга салышты. Жаңы кан шорпонун буусунан улам үй ичинде жагымдуу жыт уюп турду.

Алар эт бышкыча бу кыштакка чейин таш жол салына баштагандыгын, таш жол келсе автобус каттап, Жалал-Абад эшик-төрүбүз болуп калат экен деп сүйүнүп отурушту.

Электр линиясы да тартылып бүткөндүгүн айтышты. Анын башталганына экинчи жыл болуп, алигече ушул 30 километр жерге жетпей турганына өкүнүштү.

– Эч нерсе эмес,– деди Ормон ачуу тамекинин түтүнүн мурдунан буркуратып,– бир жыл кечигип болсо да келсе болду. Шаардыктардай болуп биздин да маңдайыбыз жаркырай түшсүн.– Анан Балбак чалга карай бакылдады.– Аба, электр келери менен кызыл уйду жетелеттиң мага. Бир телевизор сатып алып келип берейин, үйдөн жылбай көрүп отурасыз.

– Ий, ошонуң темиреӊ калсын,– деди эңиш тарткан арык кемпир. Ормондун тамашасына чычалап,– кызыл уйдан ажырап, тамагыбызды талга асабызбы? Бизди баккан ошол эмей ким, катыгүн?

Балбак чал ага камыкпай акырын кобурады:

– Эми кызыл уйдан ажырасак күнүбүз өтпөй калбайбы. Тору бээден ажырагандан кийин минтип томолонуп жылбай калдык. «Ат – аттан кийин жат» деген ушулар тура...– чал унчукпай калып анан улады:– Кайран гана жылкылар. Коондун сыңары союлуп кырылып кетти. «Жок кыл, жок кыл» деп кырдырып ийди, чоңдорго кандай пайдасы тийди экен ошентүүнүн? Эсил гана жылкылар. Ушу биздин айылдын өзүнөн канчасы жок болуп кетти я? Кайран жылкынын наркы улактын баасына түшүп кетпедиби? Адыр-түзүңө тийбей эле коёт элек, мынабу булуң-бурчтун чөптөрү төрт-беш жылдан бери тим

эле калып атпайбы. Мына эми же өкмөткө жок, же элге жок. Ушуну бир түшүнгөн киши болбоду бекен ошоерде?

– Кеп чөптө эмес да ата,– деди Садык кепке аралашып.

– Анан эмне?

– Жылкы азык-түлүк бербесе, эти желбесе, балким ошондон уламдыр.

– Айланып кетейин, балам, чоңдоруң жебесе, бизге уруксат берип койбойбу! Кырып ийгенден эмне таптык эми? Биз минсек ат, жесек эт экен.

– Эл ток болсо, улук ток дейт. Бизде болсо өкмөттөн качар беле?... Дыйкан жерди сүйбөсө, малды сүйбөсө, анын дыйкандыгы кайсы?..

Садык эми кызуулап бараткан чалдын сөзүнө жооп таба албай, бир жагынан кеп ырбатпас үчүн үнсүз отурду.

Эт жеген соң баары тарап кетишти. Садык тээ баягы бала кезинде жатчу бурчка жатты. Бозомук жарык түшкөн кичирээк терезени тиктеп көз ирмебей көңүлү чөгүңкү жата берди. Көөдөнүнө тирелгенсип турган кандайдыр сезимден улам уйкусу таптакыр качып кеткен эле.

Садык атасынан эми ат бастырып суу сүрүп, мураптыкты да кыла албай үйдө отуруп калганын көргөн соң көңүлү жай кала алган жок. Эми ага баштакыдан демдүүрөөк жардам берип туруу зарылдыгы туулуп олтурат. Бирок ал азыркы абалында жардам эмес, өзүнүн керт башын багып алуу милдети да ойлонтпой койбой турган нерсе болуп отурбайбы.

* * *

Садык бир нече күндөн кийин кайтты ата-энесиникинен.

Ал кыштакка жакындаганда жайыраак басып, үйүнө атайылап караңгы түшкөндө келди негедир, бирөөлөрдүн көзүнө түшүүдөн корунуп жалтактады.

Айнура кичинекей Саматты киринтип уктатып жаткан эле, бир топко унчукпады. Садык Саматтын маңдайынан жыттап өөп, анан диванга үнсүз отурду.

– Кайда жүрөсүң? – деди Айнура Саматты уктаткан соң.

– Тоодогулардын алынан кабар алып келдим. Саламдубай айтышты сага.

Айнура депшисиндеги кир сууну куюштуруп жатып үн чыгарды:

– Подумаешь, өзү өлалбай жатып бирөөдөн кабар алат имиш. Өз счастьеңди ойлонсоңчу, несчастный.

– Эмне болду, Айнура?

– «Эмне болду, эмне болду»... Азбы бул абалың, сага?

Садык унчукпай калды.

Айнура да көпкө сүйлөгөн жок.

– Сенин башың иштебейт,– деди Айнура идиш-аяктарын өз ордуна коюштуруп жатып,– болбосо ал чатак эми башталганда эле Балтабаев өзү келди го. «Жөн жүрөлү. Эмне керек сага?» деди го. Ал акылсыздыгынан же корккосунан келдиби сага? Жок. Ал сени аяды. Тынч жашасын деди. Мен ага чейин эле анын умный киши экендигин байкаганмын. Ал – умный...

– Ким акылсыз деп атат аны, Айнура?

– Сен, сен,– Айнуранын кичирээк кара көздөрү теп-тегерек болуп кетти.

– Биздин чатак анын акылсыздыгы жөнүндө эмес да.

– Да, не притворяйся.

Садык айласы түгөнгөндөй аялынын айтегерек сулуу жүзүнө карап отурду.

– Не думай, сен эми востановить этемин деп.

– Көрөбүз. Акыйкатташабыз. Кызыл билет али чөнтөгүмдө, район укпаса, область бар. Партия бар, өкмөт бар.

– Дал ошонуң окончательно башыңа жетип жатат сенин. Угуптур ал да, сенин арызданганы жүргөнүңдү Эми не просто сага выбратся.

Садык үнсүз отурду. Айнура жөнүндө кандай ойлошун билбей калды.

Айнура ыйлай баштады.

– Я хотела только быть счастливой, кереги жок мага сенин кыжы-кужуңдуң,– ал солкулдап өпкө кагып койду,– прекрасно иштеп жаткан службадан ар убак кетебиз дедиң да жүрдүң. А эмдигиче капитан, а возможно майор болуп калат элең.

Өз ою менен алек болгон Садык анын дагы бир топ сөздөрүн аңдабай калды.

– Ну ал өттү. А бул жердечи? Ишиң жүрүп жатса, баары жайында. Будь добро, диссертацияңды жазбайсыңбы. Обещал мне – сделай.

Садык күйүп кетип столду бир муштады.

– Убада берген эмесмин эч кимге, ал менин максатым – азыр да.

– Не стучи, мен сенден коркпойм,– Айнура тике унчугуп, сөзүн улай берди,– айлыгың не плохой. Эгер жетпесе пожалуйста деди го. Только мы дураки. Дураки только не могут жить счастливыми.

– Только не я,– деди Садык биринчи жолу орусча.

– Несчастный ты, несчастный!..

– Бактылуумун мен.

– Ушулбу? Ишиңден выгнали. Смотри, как живешь?– деди Айнура колдорун үй ичине тегерете шилтеп кыйкырып, – сенин курагыңдагы кишилер кандай шикарно жашап жаткандыгын знаешь?

– Сенин оюң эле ошол. Мен өз идеалымдын жолу менен баратам.

– Вот как, подлец, ты меня обманул. Мен сени адам деп ойлогон элем. Оказывается, ты дурак, больше ничего!... – Айнура бетин эки колу менен басып буркурап ыйлап жиберди. Ал стол үстүнө өбөктөдү. Анан көзүндөгү салааланган жаш менен өйдө боло калып алкынды.

– Я дура, верила тебе. Ты обманул меня. Я хотела быть только счастливой. Испортил ты всю мою жизнь...Ты под-

лец...Ты негодяй. Я уйду. Не останусь ни одной минуты с негодяем. Тфу!..– Айнура Садыктын бетине түкүрүп жиберди. Садыктын маңдайына ок тийгендей көзүнөн от жалт этип, колунун арты менен бир шилтеп, Айнураны жаактан ары тартып жибергенин билбей калды.

– Феодал!– деп бир чар этип, Айнура керебетине көмкөрөсүнөн кулады.

Садык эшикти карс жаап түндү беттеп чыгып кетти...

Ал токтоосуз жүрүп кете берди. Май түнү тыптынч эле. Кээ-кээде гана беймаалга калган шофёрлор асфальт жолдо газды аябай берип, моторун улутуп учуп өтүшөт. Садык алардын бирине да кол көтөргөн жок. Ички ою тунжуратып башынан басып, тынымсыз аяк шилтеп кете берди.

Азыр районго барып, парткомго кирип, ишин же нары, же бери кылып бүтүрмөк болду. Ал азыр жанынан тоюп, эмне кыларын билбей баратты. Жол ката миң түргө салып ойлоп көргөн менен иштин аягын көрө албады.

Атып келаткан жайдын сулуу таңы да анын көңүлүн бөлгөн жок. Дагы үч кыштакты басып өтсө, райондун борборуна кирет.

Биринчи кыштакты аралай бергенинде тээ алдындагы кичине дөбөчөдө ичке мойнун куркуйтуп кыймылсыз турган Тумалайды көрдү. «Азан менен бөтөн айылда кароолго тургансып эмнеге сороюп турат» деп ойлоду да, ушундай шартта, ушул жерде анын жолугуп калганына кыжыры келип баратты. Көрмөксөн болуп өтө бергиси келди. Бирок Тумалай жөн коёт дейсиңби, кыйкырат. Балким кыйкырбас. Баягы күнкү сөз сөөгүнө жетип калса, тултуюп жер карар...»

– Эй, Садык үкем,– деди Тумалай Садык оюн жыйгыча болбой алыстан эле кыйкырып.– Саарын кайсы шамал айдады сени? Тынччылыкпы?

Тумалайдын кыялында өткөн жолку кыжы-кужудан кылдай дайын жок сыяктуу эле.

– Төмөн баратам. Өзүңчү?

– Ээ бери кел, үкем. Бекер жүрөмбү мен!

– И, эмне?

– Э үкем. Американы кубалап жүрөм.

– Эмне дейт! – деди Садык токтоп калып.

– Бери бассаң, бери.

Садык да дөбөчөгө чыгып барды. Тумалай кол алышып, куланча кишидей кыткылыктап күлүп сүйлөдү:

– Американы кууп жүрөбүз. Ал кудай урганың бир күлүк экен, тоого кууп чыгабыз, ойго кууп түшөбүз, эч жеткирбейт. Мына азыр Черик экөөбүз эки жагынан тосуп имерип, тетиги тамга киргиздик,–деди Тумалай эскирээк жалпак ак тамды көрсөтө ыкшыңдап күлүп.– Келе тамекиңден.

Садык сигарет берип, бир аз кыжыры келсе да, Тумалайдын ырайын күтүп бир топко үнсүз турду.

– Ушу дүкөнгө бир тонна сары май келди,– деди Тумалай тамекисин бир нече жолу соргондон кийин үнүн басаңдата берип кубанып,– түндө жылбай баса жаттык дүкөндү.

– И?– деди Садык.

– Черик ушуерде азыр, эсептешип квитанциясын жаздырып жатат. Коёнду өз майы менен өзүн майла! Магазинден майды үргүлжү сатып алдык кылып пулун төлөдүк да, майды кайра магазиндин өзүнө өткөрдүк. Мына ушуну менен майдын кварталдык планынан кутулуп кетебиз, биздин да жүзүбүз жарык, өкмөт да ыраазы.

– Төккөн майыбыз үчүн кайра пул берди. Айланайын, мындан оңою болобу? Бар болгону, пулунан бирге кемирээк түшөт экен. Ие, мейли, тыртаңдап уй саап жүргөндүн кireси эмес!

Садык тиштенип үнсүз туруп, анан сурады:

– Акчаны канттиңер?

– Э, анын жарасы жеңил эмеспи. Үч миң сомго активдерди аванса берилди кылып ведомость түзө койдук. Кол

коюп беришти. Бүгүн дүкөндөн алган акчаны таратып бере коёбуз. Бир-эки күндүк убактына гана күйүштү, болбосо эч нерсе жоготушкан жок.

Садык:

– Ким тапты бул акылды?

– Йе Чериктен сура, мындай баатырлык кылышты мага ким койду. Садык дүкөндү көздөй жулуна басты. Селдее түшкөн Тумалай да туяктап артынан калбай кошо жөнөдү.

Алар дүкөнгө жетишкенде Черик Чокоев да кара көк тартып дарбыздай томолонуп, эшик алдына чыгып калган эле.

– Бер квитанцияны,–деди Садык барганча бою менен. Анын өңүнө каны тээп кыпкызыл болуп кетти.

– Эмне үчүн берем?– Черик ормоё түштү.

– Бер!

– Жок. Сен бизден айдалып кеткен кишисиң. Партиядан да эми айдаласың. Бузуксуң. Мени колхоз, партия уюму ишенип жиберип олтурат. Билесиңби, менин кызыл билетим чөнтөгүмдө али!...– деп төш чөнтөгүн каккылап, көтөрүлө күрпүлдөдү.

Садык өз эркин өзү башкара албай калды. Көкүрөгүнөн араң келип дарбыздай тоголонуп ынтыгып турган Черикти алка-жакадан алып бургап жерге бир чапты. Көкүрөгүнөн тизелеп басып туруп:

– Кызыл билеттен айлан! Ме сага!– деп жаакка бир, бир чаап, артына шарт бурулуп жүрүп кетти. Тумалай чоң каналдан кандайдыр секирип өтүп, үрккөн тайлактай наркы өйүздө туруп калган эле. Эгер Садык ага карай бир ынтылса, тамды айлана качар беле, кудай билет?

Садыктын көөдөнү күйүп, не кыларын билбей калчылдап баратты.

Садык Балбаков өз ичинде от болуп күйүп-жанып келди районго. Ал ичиндеги ойлорунун баарын биринчи секретардын өзү Бозулановго айтмак болгон эле, бирок ал

жок экен. Анын келишин күтүп райондо жүрүп калды.

Кайнап турган ичиндеги сырларын райаткомдун председатели Алдосовго айтты.

Аны бир жагы райондун жооптуу кызматкери эсептесе, бир жагы сөзүн уккан жакын адамы катары да ишенимдүү сезим менен эреркеп сүйлөдү.

Алдосов кирпигине кир жугузбай таза, жука кийинген эле, кара чачын жылтырата тарап, кичине тулкусун бир калыптан былк эттирбей кармап, токтоо көзү менен Садыктын жүзүн тиктеп турган калыбында укту.

Мындан бир нече ай мурда болуп өткөн жылдык отчёттук чогулуштун картинасын, бир жолу атайылап чакыртып сурап, кызыгып уккан эле. Ошонун айрым деталдары боюнча дагы кайра-кайра сурады. Садык өз ойлорун айтканда, кандайдыр эмоционалдуу толкунданууларга жеңдирип ийип жатты. Мындай учурда Алдосов жука жүзүн жыйра жер карап туруп, Садыкты бир аз басыңкы абалга келтирип алып, анан жаңы суроолор берди.

Черик Чокоевдин кечээ май тапшырышы жөнүндөгү окуясын укканда Алдосов өтө салкын тартып, алда кимге кыжырдангандай да кейипке келип калды. «Менин айтканыма ишенбей тырчып жатабы» деп коопсуду Садык өз ичинен.

– Ишениңиз мага, Шатман Алдосович,– деди Садык алдын алып.

– Айта бер, айта бер. Мен үчүн ал жаңылык эмес,– деди ал Садыкты коштоп. Садык бир жагы жандана түшүп, бир жагы анын оюнун түбүн түшүнө албай калды.

– Жаңы окуя бул. Кечээ кармадым Чокоевди мен.

– А мен болсо андан мурдатан эле билем.

Алдосов жука кабагын жыйра стол үстүн тиктеп калды.

Садык аң-маң болуп, жыйынтыкка келе албай турду.

– Сүйлө-сүйлө. Кулак сенде.

– Ушинтип кээде өз көзүң менен көргөндү бирөөгө ишендириш кыйын,– деди Садык күрсүнө тайсалдап.

– Ой, жолдош Балбаков, сен эмне үчүн менин сөзүмө ишенбегенсийсиң? Ырас, мурдатан эле билем мен аны. Жогорулатылган пландар бергенибизди да билем. Айрым тармактар боюнча эки эседен аткарууга милдеттендиргенибизди да билем. Аны катырып талап кылганыбызды да билем... Эптеп кутулуу керек да Чокоевдер? Этегин кесип бермек беле?..

– Бу кандай? – деди Садык Алдосовдун жүзүнөн тамашанын белгисин да, чындык экенин да кармай албай маң болуп.

– Несине түшүнбөйсүң? Экономиканын диалектикасын жакшы билсең керек э?

– Албетте,– деди Алдосовдун оюнун кайда кетип баратканын билбей Садык саал тайсалдады.

– Ашырып жиберебиз деп кыйкырыкты күчөтсө, ашып кетпесин да жакшы билсең керек. Эки эсе толтурабыз деп убада бере салса эле, эки эсе толуп кетпесин да жакшы билсең керек. Экономикалык реалдуу логикасы ушундай го.

– Ананчы!.. Менин оюмун негизи ошол жөнүндө болуп жатпайбы, Шатман Алдосович.

– Мен да сага аны жакшы билем деп атпайымбы...

– Ой, билсеңиз анан бу кандай акыры? Мен бул маселелерден түк бейкапарсыз го деген элем, көрсө сиз...

Алдосов буга жооп бербей, сигарет жандырды да, ордунан туруп, терезенин түбүнө барды. Сыртка беттеп, тамекисин чеккен калыбында бир аз токтоп калды. Анан бери бурулган калыбында сүйлөдү:

– Айыл чарба планын эки эселеп эптеп толтур деп Борбордук Комитет кыйнап жатат деп ойлойсуңбу сен?

Садык жооп бере албай мукактана түшкөндө Алдосов өзү жай сөз улады:

– Жок. Борбордук Комитет эч качан андай негизи жок нерсеге барган эмес! Барбайт да. Бул ортодогу кыйкырыкчылардын иши...

Карьеристтердин чыгара койгону. Аны үлгү катары экинчи карьеристтердин колдоого алып кыйкырык-сүрөөгө айландырып кеткендиктери...

Алдосов кайра өз ордуна келип отуруп, тамекисин тарта берди.

Балбаков Садык түк күтүүсүз шалдайып калды. Көзүнө курч жарык урунган адамдын сыңары болду бир алдын. Бийик дөбөчөгө чыга калгандай сезди өзүн. Горизонту кеңий түшкөнсүдү... Бул башына күтүүсүз ойлордун, жаңы жыйынтыктардын түшө башташынан улам беле же ушундай жогорку жайдан да кандайдыр даражада бирдей көз караштын, жакын пикирдеги адамдын табылып калышынан, ага ушунчалык ачыктыкка жетип алышынан улам беле, айтуу кыйын эле. Садык заматта Алдосовду өзү баягы билгенинен таптакыр башкача адам көрдү. Анын адамдык диагнозунун дагы бир бийик толкунуна күтүүсүз урунган Садык бир жагы таңданып, бир жагы суктана баштады...

Алар көпкө отурушту. Эми кем сүйлөштү.

* * *

Садык кара брезент капталган эшикти шарт жаап парткомдун бюросунан чыкканда кечки саат он чен болучу. Көзүнө кан уюгандай тунжурап, кабыл алуучу бөлмөдө саал сендиректей түшүп токтоп калды да, анан илгичте турган капрон шляпасын силкип алып, сыртка көздөй ылдам кадам шилтеди. Ар кандай өз иштери боюнча бюрого чакырылып күтүп отурушкан адамдардын айрымдары иштин маңызын билген-билбегенине карабай адамдык адат боюнча эмне болду деп кызыгып сурай калгандарын да Садык уккан жок. Анын кулагы да бүтүп, сезими да токтоло түшкөндөй бир оор абалга келе калган болучу. «Партиянын катарынан чыгарылсын» деген бир кичинекей ой мээсине мык болуп кагылып турду.

Райондун борбору электр нурунан жапжарык болуп, аркы-терки кыймыл али сээлдей элек эле, бирок Садыктын көзүнө эч нерсе илинбей, аалам дымып уюп калгансыды. Ал жол жээктей тынымсыз басып кете берди. Үйүн көздөй бет алды. Алдыда он беш километрден ашыгыраак жол жаткан эле. Кыймыл эткен жел да жок. Бүркөө түн тунжурап тынч да, үп да...

Садык буттарын бир калыпта шилтеп жолду бойлоп бараткан менен ал кыялында дагы эле партбюронун заседаниесинде болуп, андагылар көз алдына дапдаана келип, алар дагы эле биринен экинчиси сөз алып, талашып-тартышып жатышкансыды. Ничкерип суюлуп кеткен кара чачын жалтырата тараган, кичирээк жука жүздүү Шатман Алдосовдун таза кийинип, чыкчыйган кичирээк тулкусу, ал кичинекейлигине карабай таштай оор салмактуулук менен сүйлөгөнү, нык үнү, жай кыймылы көз алдында турду. Ал сөз алып сүйлөдү, жана бир нерселерди тактап суроолор берди. Сөз аягын «Бул ишке шашылыш жыйынтык чыгаруунун зарылдыгы жок. Кээ бир маселелер түшүнүксүз бойдон калып олтурат. Буларга терең партиялык мамиле керек» деп бүтүрдү.

– Жолдош Алдосов,– деди Бозулановдун кара жүзү ого бетер түнөрө түшкөнсүп, кантсе да ичиндеги кыжырдуу ачуусун билдирбөөгө аракеттенип,– сиз менен биз мамлекеттик планды аткарабызбы же бир хулиган бузукунун ушак сөздөрүнүн артынан айлап, жылдап убараланып жүрө беребизби?

– Милдеттүүбүз көңүл буруута, реалдуу мамиле кылууга...

– Сиз өзүңүздүн либералдык мамилеңиз менен аны көптүрүп жибердиңиз, жолдош Алдосов. Болбосо Балбаков терим кампаниясына атайылап саботаж кылган. Бюро мүчөсү катары ал иш сизге тапшырылса, жеңил жазалап, Балбаковду ого бетер эркетип баса бергенсиз. Либерализм менен партия келише албайт, жолдош Ал-

досов. Ал биздин партиялык стилге жат нерсе!

Бозуланов ачуудан саал кылчылдап, мурдунун үстүндөгү сары кыргак көз айнегин колуна ала койду.

– Жолдош Бозуланов,– деди Алдосов да өчөшкөндөй ныктап сүйлөп.– Сиз аскер генералы эмессиз, партиялык жетекчисиз. Ар убак эле өз субъективдүү пикирлериңизди закон катары эсептей бербестен, башкалардын пикирлери менен эсептешкенге үйрөнүүгө милдеттүүсүз. Пикириңизге каршы пикир айткан кишинин баарын эле саботаж деп тамга басып, душман деп сары изине чөп сала бербеңиз.

– Акыл айтпаңыз, жолдош Алдосов. Бул жерде Бозулановду талкуулап жатканыңыз жок. Өзүңүзгө тиешелүү нерсени сүйлөңүз.

– Мен өзүмө тиешелүү гана сүйлөйм.

– Жок, сиз көп нерселерге чарпылып жүрөсүз.

– Чарпылсам, демек, ошолор өзүмө тиешелүү нерселер.

– Жок. Эсиңизде болсун, райондо партком бар, райондук айыл чарба бөлүмү бар. Районду башкарууга жетишет экөө. Сиз өз ишиңизди иштеңиз: мончо-калажайларды оңдотуңуз, чачтарачканаларды тартипке келтириңиз, көчөлөрдү шыпыртыңыз.

Алдосов көңүл бурбай койду. Отургандар дым боло түштү.

– Куру сөздүн кереги не? – деди сулуу кара мурутун жылтыратып баятан үнсүз отурган милициянын майору Акунжанов.– Балбаковду актап жатасыз, комиссия текшерди. Мен да болдум. Мен парткомдун бюро мүчөсүмүн, мага ишенишиңиз керек, жолдош Алдосов.

Анын док урганын Алдосов анча жактыра бербей, «кереги жок» дегендей колун акырын шилтеп койду.

– Комиссияга ишениңиз анда,– деди Акунжанов.

Ага кулак да бербей, Алдосов өз ордуна отурду.

Алдосов бул маселеде өзүнүн катуу турушу менен иштин натыйжасын өзгөртүп жиберем го деген максатта

эмес болучу. Анткени – буга карата Бозулановдун позициясы бекем, бир жактуу экендигин билген. Демек, андай болгон соң, Бозуланов өз каалаганындай жыйынтыкка келерин да билген. Бул жаңылык эмес. Бюродо болсун, районду башкаруу ишинде болсун Бозулановдун субъективдүү пикири гана биринчи, чечүүчү ролду ойнойт. Мунун өзүн Бозуланов жетекчиликтеги партиялык активдүүлүгү, өзүнчө эффективдүү иш стили катары эсептейт. Алдосов муну жакшы билсе да, катуу туруп өз көз карашын тике айтып, анан отуруп алды.

Алдосовдун позициясынан улам эреркий түшкөн Садык Акунжановдун «ишениңиз» деген сөзүнө шак этип жооп берип таштады:

– Ишенбейм, сиз адилеттикти табыш үчүн эмес, шилекей досуңуз Балтабаевди коргош үчүн, анын оппоненттерин жалаага жыгыш үчүн иштедиңиз...

– Отур! – деди Бозуланов катуу унчугуп, Алдосовдун бек мүнөз көрсөтүшүнө тырчып отурган неме.– Отур, сенден эч ким сурап аткан жок.

– Сурай турган жер табылар! – Көктүгүнө таянган Садык тез жооп берди.

– Жаз! Баары бир бизге келет. Мына! – деди ал Садыктын жазган катын столдон шарт алып силкилдете,– мойнуңа тумар кылып тагып, анан сенин отурар ордуң каерде экенин көрсөтөм!..

Садык жооп берген жок. Жүзүндөгү кандайдыр айтып берүүгө болбой турган сарказм менен тиктеп турду.

Бозуланов күрп этип токтой калганда, бөлмө ичинде жалгыз ошол гана көзгө урунуп, бир пас дым боло түштү.

– Кана конкреттүү сунушуңузду айтыңыз, жолдош Алдосов.

– Эч кандай башка сунушум жок,– деди Алдосов камырабай. Бул иште шаша Бозуланов калдайган сөөктүү жүзүн ал жакка буруп бир ирмем кекетип токтоп калды. Кыжыры көөдөнүнө ташып чыкты. Кыялына бир нерсе

кылт эткенде ичтен саал эреркий түштү: өзүнчө позиция кармаган Алдосовго өзүнүн биринчи секретарь экендигин атайылап дагы бир көрсөтүп койгусу келди.

– Партиянын баштапкы уюму Балбаковго сөгүш берүү, кызматтан алуу жөнүндө чечимге келген. Андан кийин да партиялык уюмдун секретары Чокоевди урган. Бул – партияга шек келтиргендик!

– Партиялык билетти жамынып, партиянын атын булгап жүргөндөргө каршы күрөшкө чакырамын,– деди Садык...

– Мына, саясы душман! Ак ниет адамдардын жүзүнө кара сүртүүгө аракеттенген ушакчы катары жана айыпсыз граждандарга муш көтөргөн хулиган катары белгиленип, партиянын катарынан чыгарылсын жана кылмыш иштери тергөө органдарына өткөрүлүп берилсин. Колго саламын!...

– Бюронун жети мүчөсүнүн алтоо шарт кол көтөрдү. Бир гана Алдосов столдон баш көтөрбөй, ак кагаз бетине бир нерселер жазып үнсүз отурду. Бозуланов колун көтөргөн абалда Алдосовго бир жүз буруп карап алды да, анан катуураак унчукту:

– Негизинен бир добуштан. Түшүргүлө... Бүттү биринчи маселе. Садык ордунан туруп сыртка карай камынды.

– Токто,– деди Акунжанов капкара мурутун жанып,– билетти таштап кет.

– Садыктын башына карс этип таяк тийгендей көзүнөн от чагыла эндирей түштү ошондо гана. Ал бир ирмем кыймылсыз селдее калып, анан төш чөнтөгүнөн билетин алып, кызыл сукно жабылган узун столдун учуна таштады да, сыртка карай умтулду...

Тынымсыз басып келаткан түнкү жолдо көз алдынан ушул абал бир паска да кетпей койду. Ал дагы эле өзүн бүткүл денеси жыйрылып, үстүнөн оор жүк басып тургандай сезип келатты.

Түн жарымынан ооган ченде жетти Садык үйүнө. Эшик алдына бир аз токтой калды да, анан дарбаза-

ны каккылады – эч кандай жооп болгон жок. Ал дагы көпкө каккылады, түк жоопсуз. Кулагын тосуп бир аз тыңшады, бирок эч кандай адам шарпасын ала албады. Ошондо гана форточкадан колун салып, терезенин ички илгичин чыгарып, сыртка карай ачып үйгө секирип түштү. Электрди жагып жиберди.

Үй ичи аңгырап ээн турган эле: төр жакта бир төшөк шаба салынган жалгыз кровать, бурчта китеп коюлган этажерка... Полдо чачылып жаткан кагаз, газеталардын айрыктары, айрым бир чүпүрөк-чапырак опурулуп иретсиз...

– Садык бөлмөнүн ортосунда нес болуп шалдайып туруп калды. Анын көөдөнү да дал ушул бөлмөнүн сыңары аңгырап бош – эч нерсе жок эле. Тунжурап электенген анын көзүнө көптөн кийин гана тээ бурчта жаткан кыйшык така бытыкый чыпта ботинка урунду. Садык эңилип барып аярлап колуна алды. Бул уулунун жыртып таштаган эски ботинкасы эле. Күндө саар менен аңдып жатып, апасы туруп сыртка жөнөгөндө кроватынан оонап түшүп, мышыкча жылып койнуна кирип келип, кыжырап бир нерселерди сүйлөп, Садыкты уйкудан ойготчу кичинекей сары баш Саматы келди көз алдына. Анын тааныш жагым балапан жытын эстеди. Аны жыттагысы келип эңсеп турду. Ал ошол бойдон жылып барып, кроватына көмкөрөсүнөн жыгылып калды.

...Садык кирпик каккан жок. Буурул караңгы тарткан бөлмөнүн ичинде чакчайып шып тиктеген бойдон жатты.

Кандайдыр пайда болуп, бурчтан бурчка кубалашып, алда неге келише албай, чый-чый эте алыша кетип жаткан эки чычкан Айнуранын кеткенине эки-үч күн болуп калганын кабарлагансыйт.

Майы какшып түгөнгөн чырактын сыңары бүткүл ички дүйнөсүнүн кубаты таптакыр бүтүп калгандай көңдөй сезилип, эч бир кыларга арга таба албай, кыймылсыз жата берди. Эртеңинен эч бир көзгө илинер жакшылык

караан болжой албады. Азыр өзүнүн көндөйлөнгөн көөдөнү сымал көңүл жылытар эч нерсе жок сыяктуу эле алдында…

## XVI

Таң чыгыштан эми куланөөк салып, эрте ойгонгондор өзүн көрүп коер боло электе Садык ылдам басып кыштактан чыгып кетти.

Садык күн бата жетти эңсеген Арстанбапка – Кара-Үңкүр дарыясынын жээгине: жол ката кандайдыр жалган ишенич көңүлүн бийлеп, анда баягы сонун жаштыгы күтүп тургандай, алдынан утур чыга калардай, саал делөөрүңкү сезим көөдөнүн мыжыга кармап энтиктирип келди. Түк андай болбосуна акылы жүз жолу жетип турса да өзүн сөгүп көңүлүн суутуп койбой, бир пас болсо да кандайдыр жомоктун сыңарындай бир таттуу абалды аралап, өзүн ошол дүйнөнүн арасынан элестетип, тынымсыз басып келе берди.

Баарынан мурда ал баягы асма кайык курулган жерди тапты: бирок, өркөчтөнгөн дарыя суусуна тиер тиймексен болуп, эки-үч кишини көтөрүп өтүүчү – анда мындагылардын бирден бир ишеничи болгон асма кайыктан да, асма кайык илинип туруучу зымдардан да, жоон билектей эшилип аркы өйүз менен берки өйүзгө тартылып туруучу зым аркандан да дайын жок, жыпжылма болуп турган эле.

Тигине…тигине…баары ошол бойдон. Бир гана асма кайык жок. Асма кайык… Ансыз мындагылар кантип тиричилик кылышат? Аркы өйүз менен берки өйүз кантип байланышат? Садык үйдөй зонкол таштын үстүнө чыгып, бел таяна көпкө туруп, анан төмөн жакка жүз бурду. Күүгүмдөнө чүмкөнүп келаткан караңгылыкта аркы өйүздөгү салынган чоң көпүрө урунду көзүнө. Ал ушунчалык аңкайып бийик эле. Көпүрөдөн өйдө көздөй да уланып асканы кесип кең салынган шоссе жаткан

эле. Анын аягы Фергана өрөөнүндөгү шаарларды аралап кирип кетсе, ал эми жогору көздөгөнү бир айрылып Арстанбапка, дагы бири Кызыл-Үңкүр, Кең-Кол, андан нары Үч-Терек, Кетмен-Төбө... «Бул тоолор арасында укмуш байлык, укмуш сонун адамдар жашайт э...» – деди Садык өз ичинен.

Зоңкол таштын үстүнөн туруп оргуп кайнап, кайра жыгылып жаткан айлампанын суусуна көпкө тиктеп турду. Дал ошол оргуган жерден сонун сүйүүсү менен кол кармашкан укмуш сонун жаштыгы кылаң этип баш көтөрө кала тургансыйт.

Бара-бара Садыктын буулуккан көңүлү суунуп отурду. Бир кезде кол кармаша жүгүрүп келчү жолду, кубалашып тегерене кашчу балака жаңгакты карап турду... Улам ичтен сызылып, өзүнчө чөгүп ойлуу отурду.

Ушул мүнөттө ал тээ кара таштуу тумшукту кесип өткөн жаңы жолдо түнгө калган шофер газды аябай берип, капталды билбей жогору көздөй катуу кетип баратканын көрдү. «Каптал жолдо мынча айдайт? – деди өзүнчө. – Себеби бардыр,– деди кайра ичтен жооп берип.– Сүйгөнү күтүп турган бозойдур...а балким, максатына ишеним менен умтулган азаматтыр...»

Садык өзүн кандайдыр жеңил ойго бир күн бийлетип койгонун мойнуна алды. Өзүндө да ушундай бошоңдук жашап жүргөнүнө эч бир ишенбес эле буга чейин. Ал абдан таң калды: адам башка бирөөнү эмес өзүн да жакшы биле албайт турбайбы... Ар бир адамдын өзүндө азаматтык менен акмактык да, баатырдык менен коркоктук да, боорукердик менен мыкаачылык да, актык менен абийирсиздик да, кыскасы адамкерчиликтин маңызын түзгөн мүмкүнчүлүктөрдүн ар кандай башталмасы бар экенин, аны маселен, жерде жаткан таяктын жоон башынан алып шилтейсиңби, же ничке башынан алып шилтейсиңби, анын натыйжасы ошого байланыштуу боло тургандай адамгерчиликте да сен.

Садык Арстанбаптан үйүнө караңгы түшкөндө келди. Бөлмө ичи айрылган кагаздар, эски-уску буюмдар менен апырык-сапырык бойдон иретсиз жаткан эле. Жол ката өз оюна алаксып, жаңы болжоолор, жаңы пландар менен келген Садыктын көңүлү чөгүңкү тарта түштү. Бара-бара көөдөнү демделип чыкты. Бала-чакасын эстеди. Алар менен аз эле мезгил ичинде ушунчалык алыстыкка чейин жетип калгандыгына акылы карал таппай, таң болуп отурду. Уйку соонун аралыгында өзүн жаман абалда элестетти – эски журтта калган эски буюмга окшотту... Эми эч кимге тиер пайдасы жок, андай мүмкүнчүлүгүнүн баары кайрылбас болуп өтүп кеткендей ишеним ийнинен бекем басып турду...

Эшик тык-тык кагылганда Садык чочуп ойгонуп кетти. Таң атып үй ичи жап-жарык болуп калган эле. Кийим кечеси менен жатып уктаган Садык шашып кетип, кечеки терден улам уйгу-туйгу болуп саксайган чачын беш манчасы менен салаалап артына бир тароого үлгүрдү, эшикти ачып жиберди. Бет мандайында майда көк гүлдүү көйнөк костюм кийген Тургунай турган эле. Уюлгуган кара чачын төбөсүнө түрүп, кирпигине кир жукпастай акактай таза, пакиза көрүнүштө болучу. Садык ишенбегендей шалдая түшүп, көзүн ирмап-ирмеп алды. Тургунай демейкисиндей жарашыктуу жылмайып жадырабай, жука кабагын саал булут чала, төгүлгөн кирпигин кыбың-кыбың ирмеп, Садыктын жүдөө жүзүнө тигилип турган эле.

– Саламатсыңбы, Садык,– деди Тургунай акырын.

– Саламат...– деди Садык эриндери араң кыймылдап. Тургунай босогону аттап кирип келди.

Экөө бир ирмем тиктешип калышты. Садыктын көзү саал жалтайлай берип, төмөн жылмышып түшүп, полдогу ак-ала кагаздарга, иретсиз буюмдарга урунду. Намысы башына тээп, не кыларын билалбай, жети өмүрү жерге кирип бараткансыды. Тургунай үй ичине түк серп салбай, терезенин түбүндө турган орундукка коомай отурду.

Кичирээк капкара редикулин этегинен чыгып турган аппак жумур тизелеринин үстүнө койду. Анан экөө тең негедир үнсүз болуп калышты бир пас.

– Садык, кечирип кой, оюңда жок кирип келгеними...

Садык эч нерсени түшүнбөй да, эч нерсе деп жооп бербей да үнсүз жер тиктеп турду.

– Башыңа катуу күндөр түшүп атканын угуп, чыдай албадым. Кечирип кой.

Садык дагы эле эч нерсе деген жок. Тунжурап үнсүз отура беришти. Көп өттү...

– Мага капа болбо, Садык,– деди тамагы оорута буулуп чыккан Тургунай өзүн токтото араң жутунуп,– чыдай албадым...– Менин келишим жакшы сезимден...– Тургунай аягын араң кошумчалады,– сен ойлобо...

– Жок-жок,– деди Садык эми эсин жыйгандай,– рахмат, Тургунай, рахмат...

Алардын сөзү дагы эле тутанган жок. Үнсүз болуп калышты. Садык тамеки жандырып, керебетин ийилте көчүк баскан калыбында чегип отурду.

– Садык,– деди Тургунай көптөн кийин,– оюңда эмне бар?

– Эч нерсе жок.

Тургунай үнсүз туруп анан сөз улады:

– Жата бересиңби?

– Анан эмне кылмак элем? Күтөм обкомду... Тургунай Садыктын жүзүнө ойлуу тиктеп турду:

– Сен адилеттикти каерден табарыңа ишенесиңби?

– Ананчы...

Анан Тургунай да, Садык да ойлуу болуп калышты.

– Акыйкат күтөрүм Жанузаков дечи...– деди Тургунай шектүү.

– Эмне антесиң, Тургунай.

– Сен андан Бозулановго айтар адилет сөз күтпө!... Бозулановду бир районго жетекчи кылып, калкалап жүргөн ошо.

– Эмне үчүн антет?

– Экөө бир айылдан, бир уруудан болушат... Ошон үчүн.

– Сен аны кайдан билесиң, Тургунай?

Тургунай бир аз үнсүз туруп анан сүйлөдү:

– Мен эми ачык айтайын сага: Токтор Бозуланов менин эрим болгон да!..

Садык жүлүнгө сайгандай дирт эте баш көтөрүп, Тургунайга тигилип туруп калды.

– Ушундайбы, Тургунай?.. Ыраспы?!

– Ырас, Садык...

Экөө тең бирин-бири тиктешип үнсүз тунжурап туруп калышты.

– Билбейм, ал эримдин кайда экенин билбейм дебедиң беле?

– Антпегенде эми анын кол алдында иштеп жатам демек белем...

Садык ойлуу турган соң кайра сурап койду:

– Кантип аны менен тил таап директор болуп кеттиң, Тургунай?

– Мени районубуз кошула электе эле Алдосов көтөргөн директорлукка... Эми даай албайт, мага анын төрт сыры белгилүү...

Экөө дагы унчукпай калышты.

– Ушундай, Садык, мен Жанузаковдун да, Бозулановдун да самынына кир жуугамын. Билем...

– Мен Жанузаков жөнүндө да жаңылыш ойдо жүргөн экенмин да, Тургунай...– деди Садык Жанузаковдун чап жаак, куба жүлүн жүзүн көз алдына элестетип.

– Сенин ал жөнүндөгү ойлоруңду ар убак укканда араң тиштенип чыдачумун. Билесиңби, Садык, ошолор ушул Жанузаковдор да. Кафедрага чыгып алса, кыйкырып адилеттик жөнүндө, коммунисттик этика жөнүндө сүйлөйт. Иш жүзүндө жердешин колдогондор, тууганын жактагандар ошолор. Адилет сөзүңдү адилет дебей, акты

кара деп, белиңди сындыргандар да ошолор... флюгер... шамал кайдан соксо, жүзүн ошол жакка бурат. Шартка ыңгайлашып алып жашай берет. Күткөнү жогортон болуучу буйрук... Ал акпы, көкпү, максаты аны аткаруу... Чуу салат, кыйкырык-сүрөөн... Бир эсе десе, эки эсе аткарабыз дейт. Эки эсе аткаруу үчүн кандай жолго барары түшүнүктүү. Алардын турмуштагы идеалы бирөө гана. Ал – карьера. Ал үчүн жалганга да, адилетсиздиктерге да, баарына барууга даяр. Мындайлар азбы...

– Садык,– деди Тургунай Садыктан тунжурап түк сөз чыкпаган соң,– сен жөн жата бербесең... Акыйкат асмандан түшө калбайт. Аракет керек...

Садык бир чекитти тиктеген калыбында жөн отурду. Эми анын кыялы бирде өз абалына бурулса, бирде тээ башка жактарга кетип жаткан эле. Оюнун бир учу кандайдыр тунжураган түшүнүксүз оор тереңдикке малынса, бир жагынан кандайдыр бир жаркын нерселерди сезгенсип турду. Бир туруп өзүн түк эч нерседен капарсыз жалындаган учурунда элестетип да жиберди.

– Мен кетейин...– деди Тургунай.

Садык заматта акылын жыйып, Тургунайдын көзүнө тиктеп турду:

– Тургунай, отур бир аз. Кетип каласыңбы, дароо эле?..

– Мен такси менен келгемин. Күтүп турат, кетейин...– Тургунай сулуу көзүн Садыктын көзүнөн төмөн түшүрүп, ойлуу боло түштү, аракеттен... жатпа...

– Рахмат, Тургунай. Рахмат кеңешиңе...

Тургунай чыгып кетти.

Садык үйүнөн узаткан жок. Анын көөдөнү бир түрдүү сезимге тирелип толуп чыгып, алда кандай абалда турду. Ыйлагысы келди. Эки көзүнө жаш каканактап толуп чыкты. Ал өзүн араң колго алып, бөлмө ичинде алды-артына басып жүрдү...

Көптөн кийин Садык жүрөгүн үзө тартып карды ачуудан улам акыл жыйып эсине келди. Кечээ эртең

мененден бери наар тата электигин эстеди. Үйүндө татар даам кайда? Ал турсун кыйладан бери чөнтөгүндө сары чака тыйыны да жок эле... Шалдайып турду.

Садык Тагайды мастерскаядан тапты.

– Ой, сен кайда жүрөсүң?– деди бети-башы чамбыл-ала кара май болгон Тагай чалкасынан жатып машинанын курсагын чукулап жаткан жеринен өйдө туруп. Ал эки жагын жалт-жалт каранды. Кең мастерскаянын ичинде эч ким жок эле. Тээ төр жактагы станокто гана бир адам эч ким менен иши болбой иштеп жатат.

– Жүрөм,– деди Садык акырын.

– Ой, сени Алдосов кечетен бери издеп таппай жүрөт го. Кечээ жогору өтүп баратып да, кечирээк кайра кетип баратып да бурулду.

– Эмне кылат экен?

– Сенин ишиң боюнча оозмо-ооз сүйлөшөйүн деген экен. Сени таппай мага айтып кетти. Аракеттенсин деди. Ал киши да өз ишин иштеймин деди... Көп нерселер айтты. Жүр үйгө баралы..:

Экөө каналды бойлогон жалгыз аяк жол менен кетишти.

* * *

Садык самолетто жүз түрдүү ойлонуп көрдү: жыйынтыгында, ал кантип болсо да, Кыргызстан Борбордук партия комитетинин секретарына кирүүгө аракеттенмек болду. Ошон үчүн борборго келер менен өкмөт үйүнө кирүүгө пропуска жаздырып алды. Борбордук партия комитетинин секретары Кубатов бул кездерде борбордо жок экен – анын Москвада экендигин айтышты.

Күндөр абдан кашаң өтүп жатты. Садык күнүгө эки жолу Кубатовдун келген-келбегенинен кабар алат да, анан көчөмө-көчө кыдырып, бир кезде студенттик жылдарын өткөргөн издери менен басып жүрө берди. Бирок

ал айланасына аңкайып көз жиберип, андан бери болуп өткөн өзгөрүштөрдү эсепке алып, жаштыктагы айрым окуяларын эске түшүрүп жүргөн жок. Башы толо ойлорго, жүрөгү толгон алда кандай сезимдерге бийлетип, өз ички абалы менен алек болуп жүрдү.

Кубатов менен болор жолугушуудагы сүйлөр сөздөрүн, айтар ойлорун жүз варианттап кайталап, кыска, бирок бардык маселени жеткирүүнүн аракетин ойлоду өз ичинен. Бул биринчиден болсо, экинчиден, анын көңүлүн мычкып, ыйлагысын келтирген нерсе – кичинекей сары баш уулу Саматтын сагынычы... Тиги жакта ойго алганда улутунуп, ойго албаса жүрө берсе да, бул жерге келгенден бери анын элеси көңүлүнөн бир пас да нарылабайт. Минткен себеби, албетте, уулунун жүргөн жерине келип, ага колу жетип тургансыгандан. Кантип кирип барыштын жолун таппайт. Сүзүп эле кирип барса, анги кайненеси эмне дейт, ыкчынып кем сүйлөөчү кайнатасы кандай мамиле кылат? Кудай билет, Айнуранын эмне деп келгенин...Эгер алар эле болгон болсо, Садык жүз жолу маакул деп, көрбөй гана коюп кутулар эле, ансыз да минтип жүргөнүндө бейкоого кетер эле, бирок сары башы бар. Ал кантип анысын бир көрбөй, сары башынын тамагынан бир жыттабай кете алат? Анда жүрөгү жарылып кетпейби?

Бардык коркунучту, ар кандай жаман күтүүлөрдү да анын сары башына болгон сагынычы жеңип кетти. Бир күнү алардын үйүнө (кайнатасынын) сугулуп кирип барды. Бирок үйдө эч ким жок экен.

Тестиер болуп калган балдызы гана бар экен. Ал баягысындай жезде деп шыйпаңдаган жок. Чикчийип коопсуна тиктеп турду:

– Они на джайлоо уехали.

– Качан?

– Уже недели.

– Самат дагыбы?

– Ооба, и папа, и мама, и сестра.

– Качан келишет?

– Не знаю. Папамын машинасына түшүп кетишкен.

Садык терезе түбүндөгү отургучка көзү караңгылаша түшкөндөй таянып барып отурду.

– Айнура как? – деди Садык.

– Хорошо. Но только Вас уже не любит она. Садык кыздын жүзүнө тиктеп нес болуп турду.

–И папа, и мама...

Бир аз унчугушпай калган соң чекилдеген кыз сүйлөдү:

– Зачем вы приехали. Все равно она с вами не поедет. Папа и мама сказали так.

Бир далайдан кийин Садык ордунан турду да, сыртка чыгып кетип баратып, коридордо илинип турган Саматтын кийимин көрдү. Жүрөгү зырп этип, көзү караңгылаша түшкөнсүдү.

Эртеси күнү Садык Кубатовдун келгендигин укту, бирок төрт күн удаасы менен сагалап кире алган жок: биринчи күнү Борбордук Комитеттин бюросу өттү; экинчи күнү горком, райкомдордун секретарлары жана райаткомдун председателдери менен өткөрүлүүчү чогулушта Кубатов доклад жасап, ага жетекчилик кылды; үчүнчү күнү кандайдыр чет өлкөлүк делегацияны кабыл алды; төртүнчү күнү дагы бир кандайдыр маанилүү чарага байланыштуу эч кандай кабыл алууну жүргүзө алган жок.

Бешинчи күнү Кубатовдун Ысык-Көлгө жөнөп кеткенин укту. «Эртең Пржевальск шаарында эки-үч райондун бириккен чоң партиялык активине катышат имиш. Андан соң Соң-Көлгө малчылардын слётуна кетет» деп айтышты. Кыскасы, бир нече күнгө чейин болбойт экен.

«Эмне кылышым керек» деди Садык аргасы түгөнүп.

Эртеси таң жара Садык автостанцияга барып, Пржевальскиге жөнөгөн адамдарга кошулуп таксиге отуруп жүрүп кетти.

Саат он экиде Пржевальскиге барып түшөр менен Садык чогулушту издеп тапты.

Чоң зал ичи жык толгон чарбалык, партиялык активдер эле. Үп. Бүт терезелер, эшиктер ачык болсо да дем кайтарып тер жыттанып, аба оор. Чогулуш жүрүп жатат. Ораторлор биринин артынан экинчиси трибунага көтөрүлүүдө.

Садыктын көзү эң биринчи эле президиумдагы Кубатовго урунду. Саал арыгыраак, чачы көк ала болуп бараткан Кубатов сүйлөп жаткан ораторлун сөзүн тыңшап отурган эле. Кээ-кээде гана алдындагы ак кагазга бирдемелерди жазып белгилеп койгонсуйт. Көк чачына сөлү качкан, куба жүлүн тарткансып бараткан жүзүнө салыштырганда олуттуу да, өткүр учураган алагар көзүнөн Садык түк көз албады.

Бул кишинин сүрөтүн газета-журналдардан көрүп жүргөндүгүн айтпаганда биринчи жолу бетме-бет келиши. Көкүрөктөгү зор үмүт менен Садыктын эки көзү анын токтоо жүзүндө.

Ал жанындагылардан сурап, Кубатовдун сүйлөп бүткөндүгүн да укту. Эми ичтен чый-пыйы чыгып, кандай кылышын билбей тынчы кетип жатты. Ал ар кандай ойлойт. Бир туруп көңүлүнө жаман немелер да, күтүүсүз жакшы мамилелер да түшө калат: «Өзүң сабаттуу эле жигит көрүнөсүң, тартип дегенди билиш керек да. Талаада жүрүп сенин арызыңды угамынбы? Мен кабинетте – өз жайымда кабыл алам» деп койсо эмне болот абалым? Садыктын жүрөгү куушурула түшөт. Ал кайра Кубатовдун жүзүнө тигилет: «Абдан убара болупсуң. Мейли эми, кана айтчы. Кош деп кулак төшөп, анан аки-чүкүсүн сурап, ал турсун, бул ишке абдан маани берип, оорунуу менен карай тургансып кетет...

Жарым саат дем алыш жарыялады.

Садык жүгүрүп президиум мүчөлөрү чыга турган жакка өттү.

Узун бойлуу, далысы алга саал эңиширээк, көк чачтуу Кубатовду ээрчиген он чакты адам короодогу бактын көлөкөсүн аралай басышты. Аларга жакын турган милиционерлер да бар эле, Садык аларга өзүнүн жат киши экендигин сездирбөөгө аракеттенди.

Кубатов жанындагы бир адам менен нарылап катар баса сүйлөшүп, кайра бери тартканда Садык тез-тез басып, алардын алдынан чыкты.

– Ассалому алейкум!.. Мен сизге келдим эле… Түштүктөн…– деп Садык саал аптыгып калды.

– Алейкума ассалом,– деди Кубатов, бир аз токтоло, ынтаа коюп, алдында не кыларын билбей toктой калган Садыктын абалын илгир түшүнө коюп.

– Кош?– деди Кубатов алагар өткүр көзүн Садыктын кан тээп саал кызара түшкөн жүзүнөн албай.

Садыктын бир нече күн даярдаган сөздөрү жадынан кача түшкөнсүп, оюн эң мурун чачкын баштап, анан оңоп кетти.

– Мен үстүртөн эле айтайын,– деди Садык шашып, анан койнунан кагаз сууруп сөз улады.– Баары мына мында так жазылган. Керек нерселерин кеңири түшүндүрүп берем.

Кубатов Садыктан алган кагазды барактап-барактап, бирок окуган жок. Колундагы бош сыяктуу жупуну көрүнгөн кызыл кайыш папкасынын бүктөмөсүнүн ортосуна салып алды.

– Мен өз ызам үчүн, же партиядан чыгарылгандыгым үчүн келип отурганым жок. Таптакыр башка нерсе үчүн… – Садык эреркеп кызып кетти.

Кубатов акырын сөз баштап Садыктын оюн таптакыр башка жакка бурду. Ал эң мурун Садыктын буга чейин кайда иштеп, кайда тургандыгын, үй-жайын сурады. Садык кыска-кыска жооп берди.

Кубатов жүзүн саал тырыштыра берип, кол саатын каранып,ошондон кийин акырын сүйлөдү:

– Жолдош Балбаков, сиз азыр бир жерден жай таап алып жакшы дем алыңыз. Бул шаарга мурда келгенсизби? – деп кайра суроо берди.

– Жок.

– Анда шаарды көрүңүз, жакшы дем алыныз,– анан ал дагы абдан тактагандай ойлоно калып сөз улады,– эртең саат тогузда горкомго кириңиз. Мен ошерде болом. Анан сүйлөшөлү. Макулбу?

– Рахмат...рахмат....

– Түз эле кире бериңиз,– деди Кубатов атайылап баса эскертип. Анан колун коштошууга узата берди. Садык анын сөөктүү колун дагы кыса кармап, токтоосуз артына бурулду.

Көңүлү элеп-желеп болуп толуп, ишинин жарымы оңунан бүтүп калгандай ишенич менен сүйүнүп баратты. Ал Кубатовдун карапайым, жайма жай мамилесин, өзүнүн жөнөкөйлүгүнө, кең пейил көрүнүшү жөнүндө ар кандай ойлорго келип, кечке чейин кыялдуу басып жүрдү. Ал ар убак жетекчилер дале жөнөкөй адам экенине жүз ишенип билип турса да, кандайдыр өзгөчө кейп, өзгөчө интонация, кыскасы, сөз менен айтып берүүгө болбой турган, бирок сөзсүз көзгө урунар бир өзгөчөлүк бар экендиги мүнөздүү сыяктуу ойлочу. Бирок Садык азыр андай сырдуу эч нерсени ажырата алган жок – жөнөкөй, токтоо, акыл-эстүү кишини көрдү.

Садык эртең менен шаардык партия комитетинин конторасына кирди. Көп күттүрбөй кабыл алды Кубатов.

Шаардык партия комитетинин секретары үчөө гана болушту.

Кубатов Садыктын кагазын алдына жазды: анын ар кай жери кызыл калем менен бир, кээде эки сызык менен белгиленип, айрым абзацтардын башталышына квач коюлган эле.

Кубатов көк ала чачын акырын сылаганча, кагаздын айрым жерлерин дагы көздөн өткөргөнсүдү. Анан кээ бир

маселелер боюнча да, же биери түшүнүксүз деп да бир ооз сураган жок, дароо эле иштин жыйынтыгын айтты:

– Жолдош Балбаков, катыңызда бир топ маанилүү маселелер бар экен. Муну бизге билдиргениңиз абдан жакшы. Бирок азыр бул жерде эч нерсе дей албайбыз.– Ал терезе аркылуу сыртка бир аз тиктеп туруп калды да, анан ишешимдүү улады: – Жыйырманчы июнь күнү саат он чендерде райкомдун конторасында күтүңүз. Мен сизди ошол жерден жолуктурайын.– Ал дагы бир нерсе айтууга камынгандай болуп, кайра токтолуп калды да, акырын кошумчалады, – Макулсузбу?

– Макулмун.

Кубатов Садыктын баш аягына бир аз көз жиберип туруп сүйлөдү:

– Качан кайтасыз бул жактан?

– Менин башка ишим жок, Кайып Кубатович, азыр кайтам.

– Макул, анда жолуңуз ачылсын.

– Рахмат агай,– деп Садык эски таанышындай «агайды» кошо айтып ордунан тура калды.

Кубатов да тике туруп колун узатты.

Көөдөнүнө ишеним жык толгон Садык көңүлү жык-жыйма болуп, ылдам басып баратты.

* * *

Түн. Саманчынын жолу түндүктөн түштүктү көздөй ак темгил тартып кашкайып, чексиз жылдыз деңизине туура ташталган устун сыңары жатат. Эл текши жатып, кыштак тынoo какпай тыптынч мемирегенсийт. Болорболбос жорткон коңур жел менен бак-дарактардын жалбырактары шуудурашат.

Алиманын эшиги алдындагы бак түбүндө Садык пиджагын көк шиберге жая салып, эки колун кайчылаштыра жазданып чалкасынан жатат. Асман түпкүрүнө көз

жиберип, кыял канатында үнсүз. Анын жанында жүйүртө басып, бир колу менен жер таяна Алима олтурду. Шамалдын октоосундагы ал тараптан жеңил атыр, упа жытына жуурулушкан жагымдуу, тааныш ис урат.

Көптөн кийин унчукту Алима, үнүнүн тонунан алда кандай коопсунуунун да, ошондой эле зор ишенимдин да илеби сезилип:

– Мен сен үчүн арабыздан эмне өтсө баарын кечирүүгө, эмне болбосун кечип жиберүүгө да даярмын. Менин атым, менин даңкым жөнүндөгү далай сөздөрүңдү чогулуштарда да, жөнүнчө да уктум, бирок менин көңүлүмө кылдай да көлөкө түшкөн жок. Анын баарын эмне үчүн көтөрөм? Сен үчүн, Садык. Мага башка эч нерсе керек эмес.

– Сен эмне үчүн антесиң?

– Мен айтып жатсам, сен эмне үчүн аңкоосуп кайра сурайсың, Садык? Менин чыныгы көңүл сөздөрүм сага ушунчалык өгөй учурап атабы? Же мени сынап үлгүрө элексиңби? Же мени келекелеп ойноп отургуң келеби?

Алиманын көңүлүндө кандайдыр бир ызаалуу сезим пайда болуп, каканактай баштады.

– Алима, сен ызаланууга шашылба. Сен кептин ток этер жерин айтып, иштин түндүгүнөн түшүп атасың. Балким, бул жөнүндө сен көп ойлонсоң керек, акыр аягында келген чечимиң ушулдур. А мен болсо такыр ойлогон эмесмин, себеби – ойлонуу эч кандай пайдасыз. Бу эч кандай мүмкүндүгү жок нерсе да...

– Эмне үчүн?

Садык унчукпай калып анан улады:

– Өзүң эстүү жансың, аралыкта көп-көп тосмолор жатат.

– Кандай? Аны эсептөөнүн эмне кереги бар? Өзүң билесиң го.

– Эмне, аялым, балдарым демексиңби? Аны айттың го өзүң, биздин турмуш эми эч качан уланбайт деп.

– Кызыксың, Алима. Бүгүн аялыман кутулсам, эртең үйлөнүшүм шарт беле? Антүүгө деле болор эле, бирок кеп анда эмес да.

– Анда кандай тосмону айтасың? Менин билимсиздигимби?

– Ошол да кеппи, Алима. Биринчиден, сен балким, быйыл диплом аласың, орто квалификациядагы агроном болосуң. Экинчиден, сен абдан зирек, идректүү адамсың, андан калса көптү көрдүң. Ал жөнүндө көңүлгө алганың бекер.

– Айтпайсыңбы анда?

– Айтар деле эч нерсе жок...

Экөө тең бир дым унчукпай калышты.

Алима акырын ыйлай баштады. Садык анын мойнунан бери тартып, башын көкүрөгүнө койду да, чачынан акырын-акырын сылады. Бир пас тымтырстык өкүм сүрдү.

– Сең алдыңдагы иштериңин чечилишинен чочулайсыңбы? – деди Алима акырын.

– Албетте. Чынында партиядан чыгып отурам да азыр.

Алима үнсүз туруп анан сүйлөдү:

– Сен үчүн эч нерседен аянбайм. Эгер макул десең мен сени куткарып алам... Обкомдун секретары Жанузаковго кирем, бир жолку өтүнүчүмдү таштабас. Бозуланов деле ошондой. Балтабаев жөнүндө өзүң жакшы билесиң. Эгер жок дей турган болсо, мен аны менен башкача сүйлөшөм. Сенин бул ишиңен мен коркпойм. Ал үчүн бирөө зыян тартмак беле, бири-бирине телефон чалып макулдашат да коюшат...

Алима Садыктын ачык көкүрөгүнө жаагын сүртүп, жумуру ээгинен өптү.

Садык өйдө болуп, буттарын учкаштыра сунган калыбында отурду.

Үн жок.

– Алима,– деди Садык акырын сүйлөп,– мен баятан кысталып айталбай отурган нерсени өзүң ырас айттың.

Өз сунушун Садык кабыл алгандыгына кубангандай, Алима анын ийнине жөлөнө эркелей өбөктөдү.

– Мына, биздин арабызда жаткан тосмонун өзү ушул.

– Кайсыл?

– Ушул.

Алима түшүнө бербей түнкү мунарыкта Садыктын жүзүнө тигилди. Бирок анын жүзүнөн эч кандай үрөй окуй алган жок.

– Сен турмуштун бардык маселелерине кадыр салышуу, келишүү, жокту бар мамиле жасоого үйрөнүп кеткенсиң. Сага үйрөтүп салышкан. Ал табыйгый нерсе катары көрүнөт сага. Мен турмушта мындай ак эмес жолдор менен жогорулап кете берүүнү каалабайм.

Алима нестейип тиктеп калды.

– Мен ушул чатакты оюм туура эмес болуп чыккан болсо, талкаланып кетсем мейли дейм. Күрөшүүдө мүмкүнчүлүктөн ажыраган болсом, өз жүрөгүмдө ошол ишенимде калам, ошол бойдон, мейли, өлөм. Акыйкатка жетпей жарым жолдо эч качан келишип кете албайм... Ал эми сен болсо мага эмнени сунуш кылып отурганыңды билесиңби? Ал эми бу сенин турмушка болгон чыныгы мамилең. Мурункусун билбейм, мен келгенден берки мезгилдерде өз даңкыңа, өз эмгегиңе жасаган мамилең да дал ушундай.

– Мага саясатыңдын кереги жок. Мага үй-бүлөлүк турмуш, үй бүлөлүк бакыт керек,– деди Алима акырында.

– Көрдүңбү, сен бул маселеге ушунчалык үстүртөн, кайдигер карайсың? Үй-бүлөлүк бакыт дал алиги маселелерге байланышары менен түк ишиң жок. Балким, сенин ушунчалык даңкың, атың, эң сонун чырайың, акыл-эсиң боло туруп, үй-бүлөлүк бактыңдын оңунан чыкпай жаткандыгы ушундандыр... Сен өзүңчө бул саясат дегениң менен, адамдардын баары эле турмушту сен ойлогондой ойлобойт. Айрым адамдар сага бактысын кошууга ниеттенип, кийин чегинип кеткен себептери да, балким, сенин

турмушка болгон ушундай мамилеңе байланышаар. Өз даңкың, өз эмгегиң жөнүндөгү маселелерди адамдардын баары эле сен ойлогондой, сен сөзсүз туура ушу дегендей ойлобос. Тил учунда сага «бали» деген сөздөрүн айтышкан менен терең адамдык иманында өз даңкың үчүн ар кандай жолго бара беришиңди жактаар бекен…

– Деги менин өз эмгегиме болгон мамилемди алдамчылык демексиңби?

– Түк андай деп ойлобойм.

– Анда эмне, өзүм жулунуп жатамбы? Сурап алып жатамбы?

– Бир жагынан туура, сен айыптуудай көрүнбөй да каласың…

– Неге мени айыптайсың анда?

– Айыптабайм! Сени карьеристтер турмуштан бөлүп көтөрүп алып, ураан кылып кыйкырып жүргөнүн түшүнбөй, түшүнсөң да өз керт башыңдын кичине пайдасы үчүн унчукпай кошулуп кеткениң үчүн айыптуусуң. Муну адамгерчиликтин атынан туруп да бир терең үңүлүп карап көрүшүң керек болучу… Аңкоолонсоң, былтыркы эле бир ишиңди эсиңе салайынчы. Сен терим убадаңды толтура электе биздин пахта түгөнүп калды ээ? «Достук» совхозунан терип 200 гө толтурганы кеттиң. Алардын комбайыны өзүнөн бошобой, беш-алты күн мейманканасында жаттың. Анан 40 тонна терди деп справка жазып беришти жадаганынан. Ушул кадамыңдын колхозго берер пайдасы кайсы?

– Бозуланов жөнөткөн мени…

– Ал жибердиби, Балтабаев сүйлөшүп справка алып бердиби, кеп анда эмес. Кеп сен ишенимиңди, өз иманыңды тебелеп, же Бозулановдорго тебелетип ушул иштерге бардыңбы? Демек, сен керек болсо адамдык абийириңди, аялдык жүзүңдү…– деп Садык аптыга түштү. Анан оюн аттатып улантты.– Адамгерчиликтин кагазга жазылбаган бирок ыйык улуу закону бар: адам өз абийиринин

алдында өзүн өзү соттойт – ар бир кадам үчүн... бул ак, бул кара деп!.. Биз ошол үчүн адамбыз!!!

Алима бир топко үнсүз турду да, анан өпкө кагып ыйлай баштады.

Садык ордунан турду.

Алима үн каткан жок, карааны улам түнгө кирип жоголуп бараткан Садыктын артынан көз жаш менен узатып кала берди. Анан үйүнө кирип, төшөгүнө көмкөрөсүнөн кулады...

* * *

Садык бийик дөбөдө турду. Астында көк асмандай мелтиреп көл жатат. Ал тынч. Туптунук. Көлдүн тээ асман менен катталышкан наркы четинен кыпкызыл жалын болуп күн чыгып келатты. Ал заматта тептегерек мис табактын түспөлүнө келип, суу бетинде кырланып, көз илешпей чимирилди да, бери көздөй ушунчалык ылдамдык менен зымырап учуп жөнөдү. Ошол келатышында кыпкызыл, кооз бир ажайып парендеге айланып, куйругу артынан үзүлбөй жер чийип чубала, жандап өтө берерде, Садык жан үрөп артынан жүгүрүп, эңиле кол сермей куйруктан ирмеди. Куйрук колуна кирди. Ажайып паренде чимирилип келип бет алдына топ этип түштү. Анын ордунан каткырып күлүп Тургунай тура калды. Ал ого бетер кыткылыктап, туптунук көлдү жээктей жогору көздөй жүгүрдү. Садык артынан түштү: эми ирмеп этектен аларда балыктай булт этип колунан чыгып, булуңда сүзгөн көп аккууну көздөй урду боюн. Акуулар канаты менен суу чапкылап уча качышты. Алар менен кошо Тургунай да көтөрүлдү көккө карай. Ал типтике күндүн көзүн көздөй учту.

Анын чубалган куйругунун учу дагы эле Садыктын колунда жүргөн. Садык кош колдоп түк коё бербей, бир дөңдөн, экинчи дөңгө согончогу бир тийип, желдей ылдам

жүгүрүп кетип баратты. Бир убак жардан алыс кетти аласалып... Зымырап төмөн түшүп баратып дүп этип бир нерсеге урунду. Бирок ак боз аттын ээрине мине түшүп, аргымак жел менен кошо жарыша жүгүрүп бараткан эле.

Кучагында ат жалына туура өңөргөн Тургунай бараткан болучу. Алдыда түбү көрүнбөгөн чексиз талаа... Боз аргымак жалы сапырыла учуп баратты. Тургунайдын күмүш шыңгыр каткырыгы күчөйт. Ал ушунчалык сулуу пери болуп кеткен эле.

Садык ойгонуп кетти. Ыргып тура калды аптыгып.

Баягы жалгыз керебетинде жаткан эле ал.

Үй ичи жымжырт. Терезеден бозомук жарык кирип турат. Садык кадимкидей энтиккенин баса албай, керебетинде бир кыйлага чейин соксоюп отурду. Тамеки жандырып удаа-удаа сорду.

Көп өттү. Ээлигип калган Садыктын көңүлү түк суунбай койду. Азыр эле көргөндөрүнүн түш экендигине өкүнүч менен тиштенип отурса да көңүлү эргип көтөрүлө берди. Кыялы чабыттап алда каяктарга кетет, алда неге чалкыйт. Өз бактысына өзү миң мертебе ыраазы болгонсуйт, алда неге суктангансыйт.

Садык көптөн мындай чалкыган көтөрүңкү абалга келе элек эмес беле. Алда качантан мындай түш да көргөн жок болучу. Көңүлүн көтөрүп экиленткен, жүрөгүн куушуруп коркунуч алып келген түштөрдү Садык бала кезинде көрчү. Жардан уччу... Зуулдап төмөн түшүп баратып жерге күп этип соктугарда жүрөгүнүн куушурулуусунан ойгонуп кетчү. Кээде кирген төө, же кутурган ит кууп берчү. Чымын куюн жүгүрө качып кутулуп кетейин десе, бутундагы өтүгү кудай ургандай чоң келип, же таш салгандай оор болуп жолу арбыбай, айбанат оозун ача тиш саларда бакырып ойгонуп кетер эле. Кээде кубанычтуу да түштөр көрчү...

Садык аргасыз мыйыгынан жылмайып койду. Ырас, кыштакта калган уздай сонун жаштыгынан соң, ал жан кубанткан таттуу түштөрдү көрө алчу эмес. Кийинки көп

окуй баштагандан тарта түштү ал үзүндүлөп-үзүндүлөп көрчү. Же көргөнүнүн айрым бир учурлары эле эсинде калбаса, эртең менен таптакыр унутуп кала берет. Ушунчалык кызык нерселер экенине ишенип турса да, кайра акылына түшүрө албайт эле.

Бүгүнкү түшү качан жоготкон эң кымбат нерсесин таап алгандай чексиз кубантып, иман-жанын түк кемтиксиз толтуруп салгандай кубанычка алып келип койду. Андан калса түштөн көргөнү да алда качан жоготкон эч бир баа жеткис нерсеси эле...

Садык мунун өз купулунда кымбат белги катары, зор жакшылыктын жышааны катары санады.

Андан улам кубанычы көңүлүн көтөрүп эргите берди.

Тургунайдын элеси ар бир мүнөт сайын көз алдында турду. Ал азыр, негедир, демейки абалында эмес, жана эле түшүнө киргендей куулуп, пери болуп, бет алдынан ар кандай абалда өтүп жатты.

Ал азыр баягы күнү Тургунайдын кирип келгенин эстеди. Терезенин түбүндөгү ал отурган отургучту туруп барып карады. Кайра келип ордуна отурду... «Чыдай албадым... келип калдым... кечирип кой...» Тургунайдын үнү басаң кайталанды. Ошондо жөн гана кулагын жанып өтүп кеткен сөздөргө бүгүн жүрөгү солкулдады. Ордунан тура калды.

Азыр Тургунайды көргүсү келди. Сүйлөшкүсү келди. Уюлгуган сезим көөдөнүнө толуп аптыктырып турду.

Ал кийим-кечесин кийинип, али таң аппак ата электе жолго чыкты.

Садык Тургунайдын үйүнө түш оой келди.

Тургунай жука кийинип, көгүчкөндөй таранып бир жакка жөнөп жаткан экен. Ууртундагы жарашыктуу болор-болбос жылмаюу менен Садыктын көзүнө бир суроолуу да, бир аз кооптуу да жоодурап тиктеп турду. Өмүрүндө бир жолу да жүдөп-какоо дегенди баштан кечирбегендей акактай таза, пакиза көрүнүшүнүн алдын-

да Садык бир алдын тээ бозой чагындагыдай саал эти чымырап сүрдөп кетти. Бирок анысын түк билдирбөөгө аракеттенди. Салмактуу сүйлөп, ал-жай сурады.

Садык өз иштери жөнүндө айтты, борборго барып келгенин айтты, иши оң жолго нышаптап калгандыгын айтты. Тургунайдын сулуу көзүнө, негедир жаш кылгыра каканактап кетти. Төгүлгөн кирпигин тез-тез ирмеп, өзүн бийлеп бараткан бул абалынан араң токтонуп турду.

Анан столдо маңдай-тескей отурушкан калыбында үнсүз болуп калышты.

– Бир жакка жөнөп аткан окшойсун, Тургунай,– деди Садык көптөн кийин, буулган тынчтыкты бузуп.

– Тим эле. Гөр оокаттын айы... Тээ дарыянын наркы өйүзүндөгү кыштактын дүкөнүнө барып келейин деген элем.

Тургунай үйүн кулптады. Анан экөө жолго салбай, сайды беттей жүрүштү.

Көп узабай чоң каналга туш келишти. Каналдын кырындагы бир араба батардай кара жол менен жай катар басып кете беришти.

Чексиз пахта талаалары туш-тушка карай кулач керип, саратан аптабы боорун каптап тыноо каккандай чалкып жаткан эле. Талаа бетинин кай жагына көз таштабагын, эмгектенген дыйкандар көрүнөт: тээ нарыда эки трактор тизеге чаба берген көк жашыл гозолорду жиреп, бири узатасынан, экинчиси туурасынан чийип жүрүшөт. Андан жогорку кыркалакей тизилген катар тыттарга жакын жерде кызыл-тазыл кийинген жыйырма-отуздай аял кетмендерин жарк-жарк эттире күн чагылыштыра шилтешип, гозонун түбүн жумшатып жүрүшөт. Алардын ичинен бирөөнүн ырдаган үнү төмөндөн соккон керимсел айдарымдан улам бирде көтөрүлө, бирде үзүндүлөнө араң-араң угулат. Каналдын батыш тарабындагы палы өзүнчө такта-такта болуп, кара кочкулданып, көгү палдын кырын жаба берген шалы талааларынан чардаган бакалардын үнү

кулактын курчун алат. Бака аңдыган кашка баш кара суу бүркүттөр көктө калдайып илкип жай айланышат. Шалы палынын кырына уялаган кызыл ала канаттуу, торгойдукундай жарашыктуу сопусу бар ала канат сулуу ызгыттар уккулуктуу ышкырыктын сыңары, бирок кооптуу сайрап, уясын коруп, башыңа тийип кетердей чабуулга өтүшүп, кайра так төбөдөн кетпей айланышат... Кетменин ийнине салган суучулар көрүнүшөт ар кай жерден. Баш көтөрө алыска көз таштасаң бак чүмкөнө дүңкүйгөн кыштактар... Андан нары көк жашыл сеңир адырлар, анан ак чачтуу кыргыз тоолору... Көк жиреп жай каалгыган ак булуттар... Ушулардын баары бүгүн негедир Садыктын көзүнө ажайып бир куулуп көрүнүп, жүрөгүн аралап өтөт. Анын көңүлү бүгүн ушул туптунук канал суусундай таза сыяктуу. Бардык нерсе ага поэзия болуп таасир этет, бардык нерсе көңүлүн кытыгылап жылытып өткөнсүйт. Дүйнө ушунчалык бир сулуу, ушунчалык бир сонун... Көөдөнү укмуш толкундарга жык толот...

Тургунай Садыктын апкарып айтып берген түшүн уккан соң өзүн бир сөз менен сүйлөп бере албастай абалда... Көзү электенет. Өзүн бул жерден эмес, ажайып бир дүйнөнүн ичинен элестетет. Кыялында Садыктын түшүн өзү аралашып кайрадан баштан кечирет... Бүткүл көңүлү өзүнүн ички абалына бурулат.

Садык канча күткөн менен да Тургунай тамаша-чынга салып анын түшүн бир ооз да жоруган жок. Көп өттү. Жөн гана басып келатышты.

Тиги өйүздөгү кыштакка өтүү да алардын эсинен чыгып, абдан жогорулап кетишкен эле.

– Алыс кетип калдык,– деди Тургунай акырын.

Садык токтоло калды. Баш-аягы көрүнбөстөй созулуп жаткан бакка жакын калышкан эле. Үнсүз турушту.

– Бак. Жемиш багы экен,– деди Садык. Тургунай үнсүз гана бадырайган ак алмаларды, сапсары болуп бышкан болумдуу өрүктөрдү карап турду.

– Жүр, киребиз. Багбан менен учурашабыз. Көз акыбызды бер дейбиз.

Тургунай жарашыктуу жылмая берип, алга карай басты.

Бакты аралап кирип баратышты. Бир сыйра чөбүн оруп алып кайрадан тушарга чыга көк килем болуп жаткан эле. Сапсары какумдар, топчу баш көк гүлдөр ачылып, бак ичи салкын. Нымдуу топурак жыты күңкүп уруп турду. Эч ким көрүнбөйт.

Садык өрүктүн шагын ийип, бышкан өрүктөн бир нечени үзүп, Тургунайга узатты. Тургунай эки жагын сестене карап,– ууру кылып кармап албасын,– деди оозун бир колу менен тосо акырын кыткылыктап.

– Байлап алып сабабаса болду. Жашымда бир багбан кармап алып урганы эсимде. Жүрөгүм түшүп турат.

Тургунай дагы күлдү. Тээ жогорутан адам шарпасы сезилди. Ошол жакка көздөй басышты.

Бактын созулуп жаткан бир тилкеси шабдаалы эле. Бирок анын түктүү мөмөсү али катуу, көк бойдон. Андан нары адам боюндан жогору көтөрүлбөгөн бадалдар – анар. Кичинелигине карабай шагын басып аябай болгон экен. Анардын эми кызыл каптал болуп келаткан мөмөлөрүн карап Садык анын кычкылын далысы менен сезгендей, тилинин астынан шилекейи чууруп, кайра-кайра жутунду.

Аппак узун сакалдуу багбан абышканы жүзүмзардын башынан табышты. Жылуу саламдашып, көпкө божурап сүйлөшүп отурушту. Ал он беш жылдан бери ушул бакты өз колу менен көгөртүп, анын арасында өмүрүн өтөп жүргөнүн, ага чейин өз ырыскысын топурак тырмап жерден тапкан дыйкан экенин айтты.

Март колдуу дыйкан абышка чилги жүзүмдөн бир себет алып келип койду. «Жегиле, балдарым» – деди өтүнүп. Анан чай кайнатып дасторкон жазды.

Садык менен Тургунайдын бу дүйнөнү жаңыдан таптакыр көтөрүлтүп, кечке бак ичинде жүрүштү. Ар

кимисинин өз кыялы боюнча бейиштин гүл багында жүрүштү...

...Айдын сүттөй жарыгында мелтиреп жай жылган туптунук канал суусу чалкасынан ташталган күзгү болуп, бүт кең асманды, анын ар кай жеринде каалгыган ак булуттарды, бүт дүйнөнү өз ичинде чагылдырат. Суу жээгиндеги талдар каналдын түбүн көздөй моюн созуп да, тал болуп турушат.

Жел да жүрбөй дымып калган. Жээкти кыркалай созулган мажрум талдардын жибектей солкулдаган көк чыбыктары төмөн көздөй салбырап, канал суусунун бетин чийишип, беш көкүл кыздын төгүлгөн чачын элестетишет. Бутактар арасында Тургунай менен Садык да түк кыймылсыз... Садык өзүнүн дал кулак түбүнөн Тургунайдын жылуу тыноосун сезип турду. Ал дал ушул тыноону мындан көп жылдар илгери Арстанбаптын укмуш кооз токойлорунун ичиндеги укмуш түндөрүндө да сезген эле. Мына, ал ошол кадыр түнүн эсепсиз узак, азап-тозоктуу жолдор аркылуу өтүп келип кайра тапты. Бул сөзсүз ошол кадыр түнүнүн уланышы эле. Бирок ал жөнүндө Тургунайга айта албады. Айтмак турсун, шыбыр этип үнүн кошкон да жок. Анткени, ал учурун бир аз эске сала коём деп Тургунайдын кескин өзгөрүп кеткенин көргөн. Заматта боюн оолактата тартып алган. «Суранарым, экинчи оозуңа албачы...» деген. Кетип кала жаздаган. Ошон үчүн ал жөнүндө Садык оозуна сөз алмак эмес. Алардын кадыр түнү жай жылып баратты.

Садыктын кучагына терең кире, анын москоол көкүрөгүнө жөлөнүп, жүзүн кулак түбүнө каткан Тургунай өпкө кагып ыйлай баштады. Анын бүткүл денеси солкулдап, өпкөсү өпкөсүнө батпай бараткан эле. Садык анын көкүрөгүнө таамп жаткан көз жашын да сезип турду. Бирок ал бир ооз да «Кой, Тургунай. Эмнеге ыйлайсың?» деп сураган жок. Тургунайдын эми толуп келаткан жумшак, сыйда денесин көкүрөгүнө толтура кучактап үнсүз тура берди.

Тургунай алда жоготкон укмуш сонун бактысына ыйлап жаткан эле.

Тургунай толгон өпкөсү бөксөргөнчө, буулган тамагынын буусу чыкканча ыйлады.

Садык да бир ооз кой деп сөз кошкон жок. Бирок экөө бири-бирин ушунчалык так жана терең түшүнүштү.

Көптөн кийин Тургунай акырын унчукту:

– Садык, жүр үйгө кетели... Алар жолго түшүштү.

* * *

Бозуланов сары кыргак көз айнегин өйдөрөөк жылдыра берип сүйлөдү, азыр эле кирип, эсен-соолук сурашып бүткөн Балтабаевге карап:

– Шашылыш чакырткан себебим, жолдош Балтабаев, кечээ Кубатов телефон чалды. Баягы кудай урган Балбаковду сурайт. Оозмо ооз сүйлөшөм дейт. Кайдан болбосун таптырып келип тургула деди. Эртең саат ондо келет. Катуу айтты!..

Балтабаевдин сулуу жүзүнө дүргүп каны тээп кызарып чыкты. Ал бир ирмем тунжурап токтолуп калды.

– Кубатовго кире алган жок деп келишпеди беле?

– Кимдер айтты эле?

Балтабаев шашып кетип сырын жашыра албай мукактана түштү.

–Кимдер? – деп Бозуланов такып сурады.

– Мен артына адам койгон элем,– деди Балтабаев бошошо түшүп.

– Эмне үчүн?

– Сактыкка кордук жок дейт... Экөө бир аз үнсүз туруп калышты.

– Пржевальскиге барып жолугуптур Кубатовго,– деди Бозуланов акырын айтты.

Балтабаев чыдай албай кыжырланып кетти:

– Он беш жылдан мурункубузду чукулайт ко бу? «Балтабаев 84 центнерден алыптыр, сен канчадан түшүм

алгансың ошондо» деп элдин башын ачытып жазып алат дейт. Архивдерди казып жүрөт имиш. Бу кандай? Жүзүбүздү бир акмак көөлөй береби? Буга эмне райкомдун бийлиги жетпейби?

– Эмне үчүн? Чыгарбадыкпы партиядан, айдабадыкпы ишинен?

– Чыгарбадыкпы дейсизби? Мунуңуз, Токтор, карышкырдын азуусун бүлөгөнүңүз. Эми бир качырып сала берсе барбы, сиздин да кардыңыз жарылып калат... Ойлобоңуз! Эртең Кубатовго жолукса... жаман! Иш чатагына айланышы мүмкүн!..

Балтабаев ныктай сүйлөп, Бозулановдун саал бозумтул курч көзүнө тигилди. Бозуланов эмне дээрин билбей бир ирмем токтолуп калды. Анан кайра сурады:

– Эмне кылыш керек?

– Жолуктурбас керек Кубатовго! Кандай гана болбосун алып коюш керек жолдон...

Бозуланов ойлонуп туруп калды.

– Эмне ойлоносуз, сиз аны партиядан чыгардыңыз, өз чечимиңизди аягына чейин чыгарышыңыз керек. Ансыз...

Бозуланов дагы эле үнсүз турду. Балтабаев сөзүн улады:

– Кийинки кездерде абдан кубанычтуу жүрөт дейт. Көрсө Кубатовго жолуккан экен да. Балким, Кубатовдун колдогон пикирин уккандыр?.. Кубатовдун өзү келем дегени да бекер эместир?..

Бир азга бөлмө ичи дым болуп турду.

– Кайда ал азыр? – деди Бозуланов.

– Сейил кылып жүрөт ал. Кечээ тээ саймалы ташка кетип, ошондогу сулуусунган директор аял менен бак аралап сейилдеп, түн ичинде да кучакташып ошол жакта калды дейт.

– Кайсы аял?

– Унутуп каласызбы? Чекирова Тургунай...

Бозуланов жүлүнгө сайгандай дирт этип, бирок өзүн кайра дароо басып, үнсүз тиштенип калды. Балтабаев да башка сөз кошкон жок. Бозуланов көптөн кийин телефонду алды:

– Мага Акунжановду… Акунжановбу? Тез кел мага.

Бозуланов телефонду карс эттирип рычагына таштады. Анан экөө тең үнсүз отурушту. Акунжанов келгенче арадан бир да сөз өткөн жок.

Жылтыраган кара мурутун бурап сулуу Акунжанов кирип келди.

Бозуланов өз каршысынан орун көрсөтүп, отура электе унчукту:

– Сен Балбаковдун ишин эмне үчүн созуп жүрөсүң? Эмне үчүн камабайсың ушул убакка чейин?

– Кантип камайм мен?

– Азбы сага ушунча кылмыштары?

– Кылмыштары боюнча прокуратурада иш жүргүзүлүп атат. Аялынын арызы бар. Чокоевдин арызы бар.

Бозуланов аны күтпөй күүлөндү:

– Бүгүн камайсың?

Акунжанов унчукпай турду. Бозуланов аптыга күчөп кетти:

– Бир адам экинчисинин башын жара чапкан болсо алда качан отургузат элең. Сага ошо гана керек болсо жасагын аны… Башын жара койгон деп справка ал. Врач керекпи сага! Мен айтып коёмун… Чакырт сен Чокоевди. Бүгүндөн калбагын…

Бозуланов күкүрттү чарт жандырып, тамеки күйгүздү да, удаа-удаа буркуратып соро берди.

Бир топко чейин үчөө үч жерде үн катпай тунжурап отуруп калышты.

Кубатов парткомдун эшигине саат ондо келип жеңил машинадан түштү. Аны коштогон экинчи машинада Кубатовду узатып жүргөн областтык жооптуу кызматкер бар болучу. Ал машинанын эшигин акырын жаап, москоол

ийиндерин саал төмкөрүлтө эңиш тартып, тепкичтер менен жай көтөрүлдү. Ал секретарь кызга баш ийкеп салам айтып, анан шарт эшик ачып кирип барганда, азыр кирип келет деп күтпөгөн Токтор Бозуланов креслосунан ыргып туруп, эшиктин алдына учуп жетип Кубатовго кол узатты. Анан Кубатовго төр жакты жаңсай берди эле, ал төргө баспай, туура жактагы дивандын үстүнө шляпасын таштап, терезенин кош рамкасын сыртка карай ачты.

– Кандай иштериңиз? –деди Кубатов Бозуланов жакка али бурула элек жатып.

– Жакшы, Кайып Кубатович,– деди Бозуланов саал апкарый түшүп.

Ал баягы Бозуланов эмес, жупуну, алсыз сыяктуу сезилер эле.

Калдайган бет сөөктүү кара жүзү саал кумсарып, калың эриндери көгүш тартып жабылбай турду.

Кубатов ак дасоромолун алып, чаң отурдубу дегендей, көк чачтуу желкесин, жүзүн сүртүнүп, анан Бозулановдун каршысына отурду да, Бозулановго «отур» дегендей акырын кол жаңсай берди. Бозуланов өз креслосуна отурду. Кубатов ичинде кагазы жоктой жалпак көрүнгөн кызыл папкасын жазып жатып сүйлөдү:

–Кана, тоют кантип атат?

–Жакшы. Бизде бул иш бир топ уюшкандык менен баратат. Кайып Кубатович.

Кубатов папкасынан кагаздарын жайып сүйлөдү:

– Макул, алар жөнүндө, анан алиги суу чатагыңар боюнча атайын сүйлөшөбүз. Бүгүн саат 3 кө башкармалар, директорлор чогулабы?

– Чогулат, Кайып Кубатович.

– Ошондо сүйлөшөбүз.

Кубатов бир кагазды бетине тутуп туруп, анан сурады:

– Кана, алиги Балбаков деген кайда? «Ак-Таш» колхозунун экономисти?

– Жок. Күтүп отурам.

– Мен үч күн мурда өзүңүзгө айтпадым беле, сөзсүз кабарлап коюңуз деп?

– Кайып Кубатович, мен айттыргамын атайын.

– Кана айттырсаңыз?

– Өзү ошондой бир кудай урган неме.

– Кандай?

– Деги жоопкерчиликти сезбеген, өз билгениндей тетири баскан бир кераяк.

Кубатов көк ала чачын сеңселте жалт бурулуп, Бозулановдун кара жүзүнө алагер көзүн кадай берип сурады:

– Кандай кылабыз? Ага сөзсүз жолугушум керек.

– Ким билет кудай урганды...– деди Бозуланов далысын куушуруп,– колхозго болсо көптөн бери барбайт экен. Анан бекер жүрүп, көрүнгөн жакка чуу сала берет окшойт.

– Анын дооматтарын сиз кандай карайсыз?

– Жакшы эле карайм. Бирок, Кайып Кубатович, негизсиз. Тим эле ушак. Өзү кудай урган бир беймаза адам экен. Деги былтыртан бери ошонун арызы менен жүрүп иштей албас болдук.

– Көп жаздыбы?

– Ооба, тим эле жадатты,– деди Бозуланов жандана. Кубатов токтоп калды да, анан кайра сүйлөдү:

– Анын койгон айрым кинелери бир топ негиздүү. Менин оюмча, өзү да аркы-беркини ажырата ала турган тың неме көрүндү эле. Туурабы?

– Ырас, ал өзү бул маселеде бышкан неме. Аңдыганы ошо болгон соң...

Кубатов ойлонуп туруп кошумчалады:

– Сизге тапшырма, жолдош Бозуланов, кайдан болсо да ал жигитти таптырып келиңиз. Өтө зарыл. Анан мына бул кагаздагы кызыл калем менен сызылгандарга көңүл буруңузчу. Мен сизден бул маселелер боюнча түшүнүктөр алайын.

Кубатов Бозулановго берди Садыктын баягы күнкү арызын. Бозуланов тез-тез көз жүгүртүп тез сүйлөдү:

– Атайын өзүбүз текшергенбиз, анан обкомдун өкүлү менен бирдикте да текшергенбиз бул маселелерди. Баары курулай сөздөр.

– Жолдош Бозуланов,– деп катуураак унчукту Кубатов. Анын негедир, кыжыры келе түшкөнсүдү.– Сиз оозеки жооп бербеңиз мага. Терең ойлонуп, ошолорду жокко чыгарар далилдер менен айтып бериңиз, макулбу?

– Куп.

Кубатов ордунан туруп, терезе жакка беттей басып сөз сурады:

– Алдосов барбы?

– Жок эле.

– Экинчи секретарчы?

– Бар.

– Бизге кошуп бериңиз. Азыр тээ дарыянын башы тарапка барабыз. Плотина куруучу жайга. Москвадан комиссия келген. Биз кайтканча алигилердин баарын өз колуңуз менен тактап туруңуз. Таптырыңыз Балбаковду кайдан болбосун.

Кубатов эңилип шляпасын алды да, сыртка карай басты. Бозуланов кошо чыкты эшикке чейин узатып.

Кубатовдун машинасы алдыга түшүп, аны коштогон, эки жеңил машина чимирилип, сай бойлогон жол менен учуп жөнөдү. Кубатовдун көңүлүндө жаңы плотина, анын эл чарбасындагы ролу, жаңы түшүм, какыр жерлерде пайда болор жашыл кыштактар жөнүндөгү ойлор түрмөктөлүп, ошондон уламбы, иши кылып, анын көңүлү көтөрүңкү баратты.

Кубатов саат үчтө кайтып, райондун чарба жетекчилери менен эки саатка жакын сүйлөштү. Анан Бозулановдун кабинетине кирип, Балбаковдун ишине бурду көңүлүн.

– Балбаковду таптырдыңызбы, жолдош Бозуланов?

– Жок. Анын дайнын эч кайдан таппадык.

Бозуланов баягысындай аптыкпай, Кубатовдун өткүр алагар көзүнө тике бет багып туруп жооп берди.

– Кайда жоголот ал? Өз убадасы боюнча да мага ушул жерде жолукмак эле да.

– Сизге учурады беле мурда?

– Учураган.

Бозуланов сестене түштү саал, бирок үнүн ишенимдүү чыгарууга аракеттенди.

– Ал ошондой. Бизге деле көп жолу убадалар берди, бирок эртеси эле унутуп калмай адаты бар.

– Кана, тиги катты жакшылап карап чыктыңызбы?

– Карадым, Кайып Кубатович! Мындагы дооматтардын бардыгы текшерилген бизде. Мына, комиссиянын түшүнүк каты, мына күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү, түшүнүк каттары, коммунисттердин арыздары...

Бозуланов эсепсиз көп документтерди таштады Кубатовдун алдына. Кубатов алардын айрымдарын көз жүгүртүп, анан баарын нараак жылдырып ойлуу токтоло калды. Балбаковдун катын кайра алып өзүнүн кызыл папкасына салды.

– Бул катты мен обкомдо калтырам. Келсе айтыңыз Балбаковго,– Дагы токтоло калып кошумчалады: – Сиз издетиңиз, эртең тапсаңыз, обкомго жөнөтүңүз. Мен кеткенче өз оозунан угушум керек пикирин.

– Балким, ал жалтайлап жүргөндүр.

– Эмне үчүн?

– Өз башынан кылмыш иштери боюнча иш козголуп жатат.

– Кандайча?

– Хулигандык. Айрым адамдарга кол тийгизген. Өз аялынан да арыз бар. Прокуратура отургузуп коюшу ыктымал.– Кубатов ойлуу токтоло калды да, анан чечкиндүү буйрук берди:

– Жок, жолдош Бозуланов, аны отургузбаңыздар.

– Макул,– деди Бозуланов кара жүзүнөн эч кандай ички сезими окулбай жооп берип.

Кубатов кеч бешимде жөнөдү областтын борборун көздөй. Аны узаткан жеңил машиналар да биринин

артынан экинчиси зуулдап учуп, райондук милиция бөлүмүнүн имаратынан өтө беришкен ченде, кичинекей бийик терезелүү полу асфальтталган караңгыраак бөлмөнүн ичинде жансыздай сулап жаткан Садык Балбаков көз ачып, өйдө болуп, эсин жыйып жаткан эле. Анын көздөрү электенип туруп, анан айланасын араң ажырата көрдү. Жаагын жууган кан алда качан тоңуп, дордоюп шишиген эриндерин араң кымтып турду. Жаак сөөгү зыркырап ооруп, оозун ачууга мүмкүндүк берген жок. Ал жер таяна өйдө болуп, анан дубалга сүйөнө отурду да, башын өйдө көтөрө, темир тордуу кичинекей терезени тиктеди. Анан ал баарын бир баштан эсине түшүрдү...

Садыктын камакка алынгандыгын уккан Миңбай түнү бою уктай албай чыкты. Жүрөгүн алда кандай бир сезим кысып, аппак кыркма сакалдуу арык жаагын бүлк-бүлк эттире катуу тиштенди.

Миңбай эрте туруп, эрте жөнөп, райондун борборуна келип түштү. Ал эч жакка бурулбай милиция бөлүмүнө барып, Садыкка учуроого руксат сурады. Бирок болбой коюшту.

– Ой, эмне үчүн? – деп Миңбай энтиге сурады.

– Ошондой буйрук берилген.

– Айтчы, балам,– деди Миңбай жаш дежур милиционерге кайра суроо берип,– кимге кайрылам? Эң чоңуңар ким?

– Майор Акунжанов.

– Кайда?

– Өзүндө.

Миңбай Акунжановдун кабинетине кирип барды. Акунжанов сулуу кара мурутунун астынан аппак тиштерин саал көрсөтө жылмайып, Миңбай менен көрүшүп, ага сылык жаңсап орундук көрсөттү.

– Ой балам,– деди Миңбай аптыгып,– алиги биздин экономист баланы камакка алыпсыңар, бу кандай кеп?

– Айыбы бар.– Акунжанов камырабай жооп берди.

– Кандай айыбы бар?

– Анын сизге кереги жок. Сот болгондо угасыз.

Миңбайдын оозуна кеп кирбей, Акунжановдун сулуу жүзүнө тигиле туруп калды.

– Болуптур... Анда мага руксат бергиле, алын сурап кетейин.

– Жок. Соту болгонго чейин эч ким менен учураштырылбайт.

– Ушунчалык айыбы оорбу?

– Оор. Дезорганизатор... саботажник, хулиган...

Миңбай эмне кыларын билбей, өзүн араң токтотуп:

– Айыбы – тике сөздүүлүгү. Муну өкүмөт акыйкаттайт. Айтабыз.

Акунжановдун сулуу жүзү кызарып кетти:

– Сиз эмне бизди коркутканы келдиңизби?

– Колуңа минтип укук берип койсо, жаныңа тапанчаны байлап койсо, коркот белең? Бирок, эсиңде болсун, балам, өкмөт акыйкат сактасын деп байлаган ошо тапанчаны... Айтабыз айтчу жерге.

Миңбай ордунан туруп баратканда кыжырдана сүйлөдү Акунжанов:

– Каякта өскөн немесиң? Сакалыңды сыйласа эреркейсиң. Закон сенин сакалыңа карабайт. Советтик милициянын ишине шек келтиргиң барбы? Мойнуңду кайрып коёт.

Миңбайдын ызасы жүрөгүн жарып кете жаздап, астананы аттабай кайрылып токтой калды:

– Кайры мына!

– Кайрыйбыз керек болсо. Кеткин чыгып көп сүйлөбөй. Миңбай аппак кырма сакалдуу ээгин көтөрүп токтой калып, анан ылдам басып чыгып баратып айтты:

– Отуруп калармын сенин жаныңда! Кетем.

Ал эч жакка кылчайбай райкомдун имаратына барып, экинчи этажга көтөрүлдү. Бозулановдун үстүнө кирип барды.

Бозуланов кара жүзүнө анча жараша бербеген көз айнегин тагынып, телефондун капкара трубкасына бакылдап, кимгедир буйруктар берип сүйлөп жаткан эле. Миңбай зордоп өз демин басып үнсүз угуп турду. Бозуланов көптө барып бүттү сөзүн.

Миңбай өз кебин Акунжановго бергендей суроо менен баштады. Бозулановдун жооптору да жаттап алгандай, Акунжановдуку менен тушма-туш чыкты.

– Бул калыстык эмес, бул адилеттик эмес,– деди Миңбай аптыгып,– партия муну акыйкатташы керек да.

– Сиз кай жерде отурасыз азыр? – деп сурады Бозуланов.

– Парткомдо.

– Демек, күмөнүңүз барбы, анын ишине?..

Миңбай бир ирмем токтоп калды да:

– Бар күмөнүм. Туура сөз үчүн эмнеге камалат адам?!

Бозуланов калчылдап кетти:

– Анын ишин партия айыптайт.

– Анда мени да айыптагыла. Садыктын жер жөнүндөгү, нан жөнүндөгү ойлоруна ортокмун!

– Теримге каршы саботажды бирге уюштургансың аны менен!

Миңбай сестенбей:

– Канча жылдан бери иштейсиң кызматта? – деп сурады.

– Анын кереги жок, бул жерде.

– Жок. Кереги бар.

– Жыйырма жылдан бери.

– Оо, жакшы. Ушунун канча жылын айлык албай иштедиң?

– Бизде андай жок. Ким канча иштесе, ошончо алат деген социалисттик принцип бар.

– А-а, мен колхоздо отуз жылдан ашык иштеп келатам. Он беш, жигирма жылдап айлык албай, бир тоголок дан албай иштеген жылдарым болгон. Колхозубуз отуруп калган жылдар өткөн. Мен ошондо эмне үчүн сабаташ-

тык кылбайм да, эми кылам? Айтып берчи, сен андай билгичил кыраакы болсоң?..

Бозуланов көгүш калың эрдин былк-былк эттире сөзгө какай түштү да, анан сыр алдырбас үчүн күрпүлдөп катуу чыгарды:

– Бул башка маселе. Балбаковдуку башка.

– Жок, менимче анын маселеси топурактын маселеси. Менини да.

– Ал дезорганизатор... саботажник... хулиган...

– Бул кимдин сөзү, балам,– деди Миңбай тиштенип өзүн араң токтотуп,– өзүңдүн сөзүңбү, же райкомдун, бүтүн партиянын сөзүбү?

Миңбай сакалын титирете Бозулановдун жүзүнө тигилип турду.

– Бул партиянын сөзү! – деди Бозуланов күрп этип.

– Бүткүл партия биз деп ойлойсуңарбы өзүңөрдү Балтабаев экөөңөр? – деп Миңбай шалдайып туруп калды:– Эгер силер бүткүл партия болсоңор анда партияга айтарым башка...

– Оо, сен партияны айыптаганы жүргөн немесиңби? Бул үчүн жооп бересиң! Миңбай колун кезеди:

– Мен партия деп адилеттикти түшүнгөмүн. Ошон үчүн ага өткөмүн. А сен мени коркутпа! Адилеттик үчүн мен бир эмес, бир нече жолу өлүмдү беттеп баргамын. Мына, билгениңди кыл, мен кеттим...

Миңбай көчөгө чыкканда тамагын бууган күчтүү сезимден улам ийин кагып, энтигип калган эле. Көкүрөгү жагжайып ачылган ак жегдесин кымтыланып алуу да эсинен чыгып, чоң көчөнүн ортосу менен басып бара жатты. Тротуардагы адамдар да көзүнө илинген жок.

– Миңбай! – деп оң жагынан чыккан үндөн улам, кылчайып токтоло калды.– Сага эмне болду? Адам жүрөр жол кайсы, машина жүрөр жол кайсы, карыгыча ажырата албас болдуң,– деп тамашалап, аппак каш кирпиктүү курбусу Григорий Попов турган эле.

– Ой,– деди Миңбай эми эсин жыя бери басып,– ой, алиги Садык баланы камап таштаптыр го. Анын аракети ак эмес беле? Ушу да адилеттикпи? Же экөөбүз ушул үчүн күрөшүп, ушул үчүн каныбызды төктүк беле? Кайда адилеттик деген өзү?

– Миңбай, бакер күйүкпө, анткенден пайда жок. Мен да уктум:

– Ой, сен да ошону угуп келдиң беле?

– Жок, биерден уктум. Пенсия книжкамды алмаштырганы келген элем.

–А, сен өз шүгүрчүлүгүң мененсиң да эми…

– Демиңди бас. Акыйкатталат али.

– Гриша, сен мени сооротпо! А Бозуланов болсо өз оюна бек. Партия камап атат дейт. Айлыкты чоң алат экен, иши болгудай эмес башка менен… А сен дагы 120 сом пенсия алат эмессиңби, кой, жөн жүр деп акылдуусунасың да эми…

– Ой, Миңбай, мени да кошо айыптабачы!

– Сен чычалабай угуп турсаң. Мен да карый баштагандан бери бир нерсени көп ойлоно турган болуп кеттим. Алиги өзүң билген Турдубай экөөбүз теңбиз. Колхозго да бирге кирип, бирге иштегенбиз. Кечээ согуш жылында аны шахтыга алып кетип, көмүр каздырган. Кийин ошерде кала бергенде наалат кылганбыз: баягы Турдубай чоң сакалын кырктырып, шахтыда кала бериптир. Ушерге келип жер тырмаса оокаты өтпөй калат беле, атаңа наалатың деп. Азыр 70 сом пенсия жазып берип, бошотуп ийиптир. Мына эми сакалын бир боо шалы бакалдай кылып койдуруп алып, кемпири экөө той уулап, эч неменин камын ойлобой басып жүрөт. Же болбосо тиги менин шаардагы досум Сарымсак устаны жакшы билесиң го. Илгертен кесиби кайышчы. Кийин фабрикада иштөчү өтүкчү болуп, 50 сом пул менен пенсияга чыгыптыр. Көрдүңбү, Гриша, сен өмүр бою тапанча тагынып жүрүпсүң – жакшы, Турдубай чоң сакал көмүр казыптыр – жакшы, Сарымсак өтүк

тигиптир – жакшы. Баарыңардын пенсияңар бар экен – жакшы! А меники эмне үчүн жок? Мен өмүр бою топурак чеңгелдеп жүргөндүгүм үчүн айыптуумунбу? Адамдарга нан таап бергендигим ага арзыбайбы. Ушу кандай? Кана айтчы, Гриша? Же дагы соороткуң барбы мени?

– Акырын, Миңбай. Өзүңдү карма,– деди Попов дагы...

– Кармаганда кармабаганда Бозуланов айтпадыбы айтарын. Ушуну айтсам айыпкер кылып мени коркутуп атпайбы. Дагы кайсы акылыңа чакырмаксың мени?

Попов ойлуу туруп калып анан сүйлөдү:

– Бозуланов көптү билер, балким. Бирок, Миңбай, ар бир адамдын сөзүн партиянын сөзү деп түшүнсөк кандай болор эле? Ушул жагын ойго алдыңбы?

Миңбай күйүп кетти:

– Партиянын сөзү деп айтпадыбы! Партиянын атынан кыйратып атпайбы, ой!

Экөө тең үнсүз болуп калышты. Экөөнүн тең учкул кыялы жарышып бир учурга кеткен эле...

* * *

Кийинки күндөрдө Садык тынымсыз жол басты. Анын жолу жалгыз камалган камеранын ичиндеги беш метр аралык эле... Бул тынымсыз узак жолдо анын ойлонгону жалгыз Кубатов болду. Жүрөгүнүн ар бир согушу да «Кубатов... Кубатов... Кубатов...» деп жаткансыды.

«...Мына, ушул жалгыз караңгы бөлмөдө отурганыма бир далай болду,– деди Садык төрт кана кадам асты муздак бөлмөнүн ичинде бурчтан бурчка басып, туруп, оюн ичтен жай улантып,– эмне үчүн түштүм мен бул бөлмөгө? Мага азыр жаап жаткан жалалар чыныгы адамдык абийириме бетме бет келип баа берсем кандай?..»

Азыр анын ичинде бир нече адам, бир нече түшүнүк күрөшүп жаткансыды. Белгисиз бир үн минтип айтты:

«Ырас, сен кара иштерден жүз үйрүп гана тим болбой, аны жектеп, ар убак адилеттиктин артынан ээрчип, аны издеп таап, ак жашап өтүү дедиң өз жашооңдун маңызын. А дүйнө болсо кең. Ал өз агымы менен жылып алга барат. Агым менен калкый берсең, улам алга, улам жаңыга көздөй жыласың. Ал эми анын агымына каршы турсаң, кубаттуу шар сени тоголото коюп жыгып кетет, же кумга ыргытылган балыктай шарпынды менен четке серпип таштайт. Эрте камынсаң, аракетиң болсо ыргып туйлап кайра сууга түшсөң эстүү болосуң, тынч ага берүүнүн тууралыгына күмөнсүнбөй каласың. Жок, туйлоого кубатың калбаса, тез камынып алдын албасаң, дал ошол ысык кумда акактап жок болосуң. Дал ошол кубаттуу шар менен четке ыргытылган сен болгонуң жокпу? Ойлочу, сен бул күрөшүң менен турмуштун кубаттуу агымынан эмнени өзгөрттүң?.. Айнура айткандай сенин бардык мүмкүнчүлүккө колуң жетип турган жок беле? Балтабаев каалооңо баруuга да убада бербеди беле? Чын эле ал жашоо сырын билген, жер менен, эл менен тамыры тартышкан адам эле го. Ал да бир нерсени билген үчүн, сени адам деп жан тарткандыгы үчүн айткандыр эле го ошону. Бул татаал, өз өнөгүн бербеген өжөр турмушту бир силкип өзгөртүп коё албаганың соң, эмне үчүн өзүңдүн кыска өмүрүңдү адамча жашап өтүүнүн жолун билбейсиң? Сага өмүр эки жолу берилбейт го?.. Эмне үчүн сен жок дегенде ушу жалпак бет Жапакча жакшынакай турмуш куруп алалбадың? Үй жайы, алдына минген «Волга»... Сен эмне үчүн анте албайсың? Сен үчүн бул «оюн» оңойго түшүп отурабы? Кана сенин бала-чакаң? Кана сенин зор ишенимиңе байланышкан кызыл билетиң? Кана сенин эң эле көп жолдош-жороң? Ал эми бу кымбат курбандыктар менен сенин жеткениң эмне болду?..»

Садыктын көөдөнүндөгү экинчи бир үн мына мындай унчукту: «Адам суу бетинде эч бир аракетсиз калкып агып бараткан чамынды эмес да. Адам адамдыгы үчүн

адам. Анын адамдыгы жеп-ичип, уктап-туруп басып жүргөндүгү эмес, анын айланасына болгон активдүү мамилеси – бу жаман, бу жакшы деп билгендиги. Бул адилет, бул адилетсиздик деп көрө билгендиги... ага карата өз мамилесин белгилей алгандыгы... Ошондон адамдардын ар биринин дүйнөгө көз карашын түзөт. Ага ар кандай аспектиден, ар кандай тармактардан келтирилген миңдеген мисалдардын кереги жок. Өз ишеними үчүн отко жакканда да эң мыкты адамдар андан кайтпай кете беришкен. Бири адамдардын узак жашаган, экинчиси кыска жашаган. Бири бай жашап өткөн, экинчиси жарды болгон, бири зор болгон, экинчиси көз каранды... бирок ушулар белгилегенби адамдардын турмуштагы ордун?.. Ушулар белгилегенби адамдар коомунун жылышын?.. Жок. Албетте, жок... Аны белгилеген нерсе адамдардын ишеними, ал ишеним үчүн болгон күрөштөр белгилеген... Ырас, Садык, сен деле азыр эч нерсесин өзгөртүп жибере алганың жок, анткени – дүйнө зор. Бирок: сен анын бир кыпыны болсоң да өз ишениминде олтурасың. Бул сенин адамдык милдетиң...»

Аралыкта анын башына мына мындай ойлор келе калат: «Кантип эле мен адилеттикти таба албай калам? Жүрөгүм ишенип турган адилеттикке колум жетпей калабы? Эгер Кубатов да менин акыйкатымды көрбөй калсачы?..» Жүрөгү солк дей түшөт Садыктын. Ал токтой калат. «Жок! – дейт кобурап угуза айтып,– адилеттикти Кубатов көрүшү керек. Кубатов аны көрөт...»

Садыктын жүрөгү зор ишеним менен дикилдеп сого баштайт: «Кубатов... Кубатов... Кубатов...»

* * *

Жаңы погону жаркыраган майор Акунжанов сулуу кара мурутун чыйратып, кабинетинде өзү жалгыз эле. Милиционер Садыкты анын үстүнө айдап кирди.

Садык мандайына отурган соң:

– Сиз эмне үчүн тергөөчүлөргө сурак бербей жатасыз? – деп сылык сурады Акунжанов.

– Бербейм! – деди Садык токтолбой.

– Эмне үчүн?

– Менин Кубатовго жазган арызым бар. Өз колуна тапшыргамын. Өз оозунан сөз угамын. Анан сурак беремин.

– Ушундай де! – деди Акунжанов саал кекетип.– Күнөөңдү Кубатов кечип жиберерине ишенесиңби?

– Күнөөм жок.

– А Кубатов күнөөң бар деп тапсачы?

– Антпейт!

Акунжанов тартмасынан кагаз алып столдун үстүнө таштады. Садыктын денеси дирт этип, көзү караңгылаша отуруп калды.

Ал кагаз Садыктын Кубатовго жазган арызы эле. Арыздын бетинде эки виза бар болучу, бирок от учуп электенген Садыктын көзүнө тамгалар түк илинген жок.

Акунжанов мыйыгынан жылмайып:

– Тааныдыңбы арызыңды? – деди, анан милиционерге ишарат кылды. Милиционер Садыкты камерага кайра алып жөнөдү.

* * *

Тургунай чай кайнатып ичип, демин басууга аракеттенди. Чайдан соң көптөн бош турчу кроватына Жамалканды жаткырды. Бирок алкымын бува толуп турган кандайдыр сезим ага тынчтык бербей койду. Алда качан өткөндөрү түштү эсине... Бир туруп бетин баса эчкирип ыйлагысы келди. Бир туруп маңдай жарыла каткырып күлгүсү келет. Кимгедир жүрөк сырын бөлүшкүсү келди. Кимдиндир кучагына жыгылгысы келди. Эркелегиси келди...

Тургунай канчалык токтоолук кылууга аракеттенгени менен да чыдай албады. Кат жазууга отурду:

«Султаным Садык!

Сенден мурда озунуп кат жибербеске кубатым жетпес... Бул кат менен сага билдирерим: Кубатовго кирдим. Ал киши ЦКнын жана обкомдун өкүлдөрүнөн түзүлгөн комиссия жиберди... Мен өзүмдү ушунчалык бактылуу сезгенимди сен билесиңби? Биз жоготкон акыйкаттын изилденип отурушу мени чексиз бактылуу кылып койду. Мен сыймыктандым!.. Таза адилеттиктин жашап тургандыгына сен да бир ирмем күмөнсүбөссүң... Комиссия ишин бүтүп кетиптир... Чыдай тур. Сенин акыйкатың, балким, тез эле жарк этер, жаным...

Чыда, экөөбүздүн төгүлгөн бактыбыз кайрадан мелт-калт толуп алдыбызда турат. Сен менин жанымда болгонуңда гана мага турмуш канчалык кызык, канчалык терең, маңыздуу боло тургандыгын мен өз башымдан өткөрүп ишендим... Менин турмушумда мага сен бергендей кымбат сезимдерди, сен бергендей сонундарды эч ким бере албастыгын мен кадиксиз түшүндүм...

Кымбатым Садык, бул сөздөрдү сен жазышың керек эле мага. Бирок мен озунуп отурам. Анткени, бир кезде сен мындай кымбат сөздөрүңдү мага тартуулагансың... Ошон үчүн менин бул жоругумду айып көрбөссүң.

Тез көрүшкөнгө чейин кош, султаным!..

Тургунайың».

* * *

Эртең менен башталган обкомдун бюросу бешимге таяп баратты.

...Бюро катуу өттү. Партиялык турмушка жана чарбалык турмушка карата болгон эки түрдүү көз караштын жан аяшпай карсылдашып салгылашуусунда өттү...

«Н» районунун партиялык жана чарбалык турмушун текшерүү боюнча иштеген атайын комиссиянын иши жөнүндө кыскача информация болуп өттү. Анда парткомн-

дун ишине анализ берилип, жана айрым чоң социалдык айыптоолор коюлган эле...

Комиссиянын ишинен мынчалык терeңдикти күтпөй, өтүп кетүүчү текшерүүлөрдүн бири катары санап, саал гана коопсунуп отурган Бозулановдун жүрөгү алкымына каптала түшкөнсүдү. Көөдөнүндө алда кандай бир сезимдер уйгу-туйгу түшүп, тынчы кете баштады.

Бозуланов обдулуп сөз сүйлөөгө өтүндү. Комиссиянын ишине озуна баа берип, квалификациялап салмак болду.

Кубатов көк чачын салаалап артына тарап коюп тыңшап турду.

Бозуланов адегенде эле комиссиянын айрым жыйынтыктарына, жалпылоолоруна макул эмес экендигин кескин билдирди. Кээ бир айыптоолорду обкомдун адресине жаба салды. Мындан бир нерселер күтүп турган Жанузаковдун жаагы жаагына бек кабышып, тулкусу жыгачтай катып калды. Ал өз ичинде башка позицияда турган болучу.– Бозулановдон ийкемдүү бир нерсени күткөн эле. Бирок Бозуланов таптакыр башка жол менен кетти...

Комиссиянын ишине катышуусунан пайдаланып, айрым иштерге туура эмес багыт, туура эмес информациялар берген деп Шатман Алдосовду бекем кармады. Партиялык иштерге мамилесинде мурдатан күмөндүү учурлар бар экендигин айтып, ага партиялык саясы айыптар койду. Парткомдун бюросунун чечимдерине атайын салкын мамиле кылган учурлары, ал турсун душмандык менен жолтоо болгон фактылары мына деп далилдер келтирүүгө аракеттенди...

Кубатов алгырдын көзүндөй алагар көзүн Бозулановдун жүзүнөн албай, ага каалашынча эрк бергизип, айрым нерселерди кагазга жазып отурду.

Анан обкомдун биринчи секретары Жанузаков сүйлөдү. Анын ою Бозулановдун оюна карама-каршы кетти. Ал атмосфераны кайра кайтаргысы келди. Эң мурун комис-

сиянын ишин туура деп белгиледи. Бул сын областтын партиялык уюмдарынын ишиндеги айрым кемчиликтерди тез оңдоп кетүүдө зор жардам болот деп айтты. Ал турсун, комиссиянын мүчөлөрүнө рахмат билдирип жиберди. Анан Жанузаков өзүнө мүнөздүү таланттуу ораторлугу менен зал ичин чымын учса угулардай тыптынч тыңшаган абалга келтирип, областтын быйылкы чарба жылындагы ийгиликтерин да эсепсиз көп цифралар менен дааналап айтып өттү.

Алдосов сүйлөдү. Анын кичинекей тулкусу, шапалактай көрүнгөн кичинекей жүзү турду адамдардын көз карегинде. Анын нык, бийик үнү, таамай ойлору карагайга каккан мыктын сыңары түк олку-солкусуз адамдардын мээсине кирип жаткансыды.

Анан Бозулановдун партиялык жетекчилигиндеги субъективизмди айтты... Андан чыккан адилетсиздиктер жөнүндө айтты...

Алдасов токтолбой сүйлөп жатты.

Сулуу жүзүнөн каны качып терезе түбүндө отурган Балтабаевдин кулагына эми эч нерсе түшпөй, бүткүл сезими өз ички оюна түшүп кетти. Өзү жөнүндө Алдосовдун айткан сөзү гана кулак учунда дапдаана кайталанып турду:

– Балтабаев чарбачыл адам экендиги талашсыз. Балтабаев чарбанын таланттуу жетекчиси болгондугу талашсыз... Бирок анын иш методу советтик түзүлүштүн духуна туура келбейт... Демек, анын келтирген экономикалык пайдаларынан, советтик закондуулукка, колхоздук демократияга адамдардын граждандык укуктуулугуна тийгизген зыяндары көбүрөөк. Ошон үчүн аны чарбалык жетекчиликтен биротоло четтетүү керек... Ал эми Черик Чокоев жөнүндө болсо, айтылар сөз таптакыр башка.

Чокоевде эч кандай партиялык бийик идеал, принципиалдуулук жок. Суу үстүнө түшкөн чамындыдай болуп,

агым кайда сүрсө, ошол жакка агып, партиянын атын булгап жүргөн, партиянын тазалыгына шек туудуруп жүргөн бир неме… Андайларга партиянын катарында орун болушу мүмкүн эмес…»

– Туруңуз, Балтабаев эмне дейсиз? – деп шак эткен Кубатовдун үнүнөн улам Балтабаев акылын жыйды. Ал оор козголуп, тунжурап ордунан турду. Бир алдын сулуу жүзүнө каны дүргүп тээп чыкты. Анын бүткүл денеси өрттөнүп күйүп бараткансыды, тили күрмөөгө келбей, бир топко чейин апкаарып калды.

– Мен… Мен…– деди Балтабаев кыпкызыл жүзү заматта кара көк тартып,– мен ушунун баарын эл үчүн, колхоз үчүн деп иштеген элем… жаман оюм болгон эмес… Ак ниетим менен иштечи элем… Менин көңүлүмдө жогортон берилген пландын аткарылышы, ашыра аткарылышы гана турчу. Ашыра аткарылган пландардын жакшылыгы менен бирге, Алдосов айткандай, материалдык, юридикалык, моралдык зыянга турар жактары да бар экендигин мен эч качан оюма алган эмесмин… Ырас, бүгүн мен муну тана албайм…

Балтабаевдин демейки чечен тилине сөз илинбей, апкаарып, түтөп турду…

…Кубатов шадылуу колу менен калың көк чачын салаалап тарап коюп, жай сүйлөй баштады:

– Партиябыздын Борбордук Комитети, анын кечээ болуп өткөн Октябрь пленуму – биздин партиялык жана чарбалык турмушубуздун жаңы доорун баштады. Биздин жалпы өнүгүшүбүздүн туура тенденциясын белгилөө менен Ленин партиясы, биздин түзүлүштүн табигаты башкарууда администрированиеге берилүүчүлүккө келише албастыгын көрсөттү… Илим, практика иштеген тажрыйбаларды көзгө илбөөчүлүктүн, жеке бийлөөгө берилип кетүүчүлүктүн душманы экендигин көрсөттү. Пленум кыйкырык-сүрөөндү, штурмовщинаны айыптады, партиялык иштеги ханжествону айыптады… Волюн-

таризмди айыптады... Жетекчиликтеги субъективизмди айыптады...

Баары дым болуп угуп турушту.

– Коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүнүн ийгиликтери – адамдарды коммунисттик духта тарбиялоо менен тыгыз байланышарын баса белгиледи пленум. Бийик, таза мораль үчүн күрөшүүнү коюп отурат. Адам өндүрүштө эң алдыңкылардан болуп, ал эми маданиятта, тиричиликте, этикада артта калган болушу тийиш эмес...

Кубатов кызуулап кетти.

– Мына, биз бир райондун партиялык жана чарбалык турмушунун абалын карап, партиябыздын Борбордук Комитетинин Октябрь пленуму белгилеген жана айыптаган көрүнүштөрдүн көбүнүн күбөсү болуп отурабыз... Обком жана анын биринчи секретары Жанузаков жетекчиликте өзүнүн мурдунун учунан ары жактагыны көрө албай калган. Партиялык кызматкерлердин ишмердүүлүгү аткарылган план менен гана белгилене баштаган... Ал эми партиялык жетекчилердин милдетине андан да татаал, андан да оор нерселер кирери түшүнүктүү. Адамдардын көңүлүнө терең кире алуу... Анда кандай арзуу, кандай максаттар жатат? Алар адамдын жүрөгүн кай жакка баштап барат? Ал туура жолбу, же жокпу? Эгер туура эмес болсо, ага таасир этүүнүн жолу кандай болот? Дал ошо жеке адамдардан куралган адамдар тобунун, адамдар коллективинин идеалы эмнеде турат? Аларды жалпы партиялык идеалга, мамлекеттик идеалга багындыруунун жолдору кандай?.. Мына бул эң маанилүү, эң татаал маселелер экинчи планга калып кеткен. Жетекчи кызматтарга туугандыгына, достугуна карап, талантсыз адамдар көтөрүлгөн.

Кошоматчылар көтөрүлгөн. Алар адамдардын иманын жеңип алуу, алардын ишеними менен иш алып баруу сыяктуу партиялык эң жоопту иштерге маани бербеген.

Пландардын гана аткарылышы менен мактанып, өзүнө өзү ыраазы болуп жүрө беришкен.– Кубатов кыжырдуу токтоло калып, анан улады сөзүн.– Ошондой эле, ачык сөздүү, чындыкты сүйлөгөн адамдар ушакчы катары кысымга алынган, куугунтукталган. Ага мисал катары эң мыкты коммунист Садык Балбаковдун ишин көрсөтүүгө болот.

– Жолдош Жанузаков,– деди Кубатов кылчая,– мен Балбаковду күтүп жолуга албаган соң, арызын сизге бербедим беле? Өз көзүңүз менен текшериңиз деп... Сиз аны кайра жергиликтүү бийликке жибергенсиз. Алар камакка алышкан... Бул үчүн жооп берүүчү адамдар сөзсүз жооп беришет... Ал эми чыныгы коммунист жолдош Садык Балбаковдун партиялыгын бүгүн калыбына келтирип, аны чарбалык жана партиялык жетекчи кызматтарга пайдаланууга сунуш кыламын!..

Отургандар шатырата кол чаап жиберишти.

– Жолдош Балбаковду азыр ушул жерге алып келдириңиз!– деди Кубатов куба жүлүн Жанузаковго карай жүз буруп токтой калып. Анан өз сөзүн андан ары улай берди.

Бюро бул маселе боюнча өз финалына жетти: раис Балтабаев, парткомдун секретары Бозуланов, райондук милиция бөлүмүнүн башчысы Акунжанов катуу партиялык жазалар менен кызматтарынан алынсын деген чечимге келинди. Парторг Черик Чокоев партиянын катарынан чыгарылды...

Он минуталык дем алуудан соң, бюро экинчи маселени талкуулоого өттү.

Бул учурда ак чачтуу, картаң полковник энтигип кирип келди. Анын тердеген тырыш чекесине, ак чачтары уйпалана жабышып турган эле.

Ал саал апкарып сүйлөй албай калды.

– Кана? Алып келдиңизби?–деди Жанузаков.

– Жок... Өлүп калыптыр...

– Эмне?! – деп Балтабаев ордунан ыргып кетти. Баары «дуу» этип тура калышты...

* * *

Келгендерди ээрчитип арык милиционер темир дарбазаны шылдырт эттире ачып жиберди. Төрт чарчы тар терезеси бийик орнотулган буурул жарык кичинекей камеранын цемент полундагы замбилде Садык чалкасынан сулап жаткан эле...

Таш тиштегендей эч ким үн катпай, бир нече мүнөт жардап туруп калышты. Эки жаагынан кирпиленип өсүп келаткан кайраттуу карамжыл сакалы гана көрүнүп, көңүлгө башка адамга окшоп сезүү берип турган Садыктын эми жумулбай калган көзү, ээги жарым ачылган жүзү, баарынын көз алдында турган эле.

Тургунайдын эки тамчы тунук жашы сулуу ак жүзү ылдый жылмышып баратты. Бирок каны качкан түк кыймылсыз жүзү байыркы гректик мрамор аялдардын сүлпөтүндөй катып турду...

Миңбай белиндеги ак жоолугун чечип, Садыктын ымдашып калган оозу-мурдун аарчыды да, анан ошол жоолук менен жаагын кымтый таңып, төбөсүнө түйүп койду. Ошондон соң көздөрүн акырын-акырын ушалап саал жумултуп жатып, бир сөздү эки жолу кобурап айтты:

– Жолборсум... жолборсум...

Ак халат кийген көз айнекчен доктур:

– Мен жанында болдум. Жүрөккө байланыштуу,– деди. – Эмне үчүндүр бир нерсени шыбырады. Тыңшасам «Кубатов» дегени гана билинет. Кубатов кимиси эле? Бир тууганы беле?..

– Эч ким жооп бербеди. Анан медкомиссия өлүктү санитардык бөлмөгө алып кетти.

Санитардык бөлмөнүн эшик алдында эч ким бир ооз сөз кошпой, катып-катып үнсүз турушту. Садыктын анча-мынча кийим-кечесин алып чыгып стол үстүнө коюп жаткан алиги арык милиционер төрт бурчтуу көк конвертти алып чыгып:

– Мына бул кат өлгөндөн кийин келди...– деп буюмдардын жанына таштады.

Тургунай өзүнүн мындан үч күн мурда бүткүл өмүр үмүтүн кошуп жазган катын коомай кармап, өз бактысынын эртеңи жөнүндөгү укмуштай кыялдары ташка чапкан айнектей быркыраныптп, денеси, акыл эси, шал болуп катып турду...

Көз айнекчен доктур баштаган медкомиссия көптөн кийин чыкты:

– Нервинин катуу күчөнүшүнөн жүрөгү айрылып кеткен... Башка эч кандай белги жок,– дешти.

Эми сөөктү алып кетүүгө камынышып, замбили менен алып чыгып, эшик алдындагы бийик тапчанга коюшту.

Садыктын жаагын кырлай өскөн мурда коюп көрө эле каралжын сакал-муруту азыр каны качкан ак жүзүнө ушунчалык бир жарашык берип, кер мурут болуп, keриле суналып жатты. Мурду да коңкоюп демейкисинен бийик учурайт. Бир аз бүркөлүңкү кабагынын астындагы кичирээк көзү саал ачылып, ууртунда билинер-билинбес күлкү турган сыяктуу эле. Сапырылган коңур чачы акырын жүргөн жел менен кыймылдап, жүзүнө жан кирип келаткандай элес берип турду.

Кыштактын баш жагындагы көрүстөндүн четинде пайда болгон жаңы мүрзөнүн ным топурагын үйүп эл көп. Эч ким тынчтык бузуп сөз кошпойт.

Мүрзөнүн үстүн эми жумурулап бүтөрдө Миңбай сакалын жаш жууп:

– О, эл! Биздин Садык кандай адам эле?– деп кайрылды элге, кыргыздын салтын айтты.

– Жакшы адам эле! – деди райкомдун биринчи секретары болуп жаңы шайланган Алдосов.

– Жакшы адам эле! – деди, сулуу жузүнүн нары соолуган гүлдөй өчкөн Тургунай...

Эл дуулдап бир ооздон коштоп кетишти:

– Жакшы адам эле!..

– Жакшы адам эле!..

# АЙДАНА

*(повесть)*

Түн буурул тартат. Түн бышты. Палатадагылар текши жатышкан. А менин болсо жаткым келбейт. Көл түнү укмуш. Майда толкундар шырп унчугуп, бир нерсе айтышат да, таптаза кумду чайып, кайра тартышат. Толкундар бир нерсе айтып жатышат. Аны түшүнүү керек. Менин көңүлүмдө алда кандай назик ишенич турат – мен ал сырды түшүнөм. Сөзсүз түшүнөм. Жүрөгүм астыртан күүгө келип, бир нерсе сезгендей болот. Бирок эмнени? Мен аны айталбайм. Түн укмуш кооз – менин делебем ошондон улам көтөрүлөт. Мунарык түндү көзөп тээ алыскы жээкте кызарган точка – маяк көз учуна илинет. Көлдү айлана бөгөп жаткан тоолор дүм түшүм былк этпей, асман менен анын кыркаларын билинер-билинбес толкун сызыктар бөлүп турат. Курорттун калың багы сырдуу дүңкүйүп, жалбырактары акырын шыбырашат. Алар сөзсүз бир нерсе айтып жатышат. Сыр айтып жатышат. Менин көңүлүмдө алда кандай назик ишенич турат – мен ал сырды сөзсүз түшүнөм...

Мен көл жээктеп жай баратам. Таман астымдагы борпуган сары кум менин бутумдун шилтениши менен козголот, мага сезилерлик күңүрт кытыраган добуш чыгарат. Аба укмуш таза – көөдөнүм демейкисинен кеңий түшкөндөй, дем тартканым сайын, бир кап абаны сыйдырып, кандайдыр назик туюуларым жыргалды сезет. Көңүлүм көтөрүлөт. Бүгүн өзгөчө. Мен эмне үчүн мындан мурунку өткөн үч-төрт күндө мынчалык жыргалды сезе алганым жок? Анда мен азыр сезгендердин баары башкача беле? Же менин делебемин өзгөрүшү жанагы жолугуштан уламбы?

Ырас, бул кызык жолугуш, балким, менин өмүрүмдөгү… Жок, аша чабуунун эмне кереги бар, анын кандайлыгын кийин көрө жатарбыз. Биз тим эле капыстан жолугуштук. Мен кезектеги процедурамды кабыл алып, физиотерапиялык кабинеттен чыккамын. Биз бурулушта карп-күрп чыктык. Алар экөө экен, жанындагы шыңга бойлуу күмүш чачтуу орус аял бир нерсе айтып келатыптыр, кыязы, анекдотпу, же андай болбосо, сөзсүз өздөрү жакшы көргөн эркектин бир жоругу жөнүндө го. Анткени, ал күлкү эч кирсиз жүрөктөн атылып чыккан таза күлкү болучу, андай күлкү жакшылыкка гана арналат. Айдананын ачык күлкүсү укмуш таза угулду. Апей, мен анын атын кепке-сөзгө келбей эле Айдана деп алдым да. Балким, мен жаңылып жаткандырмын турмушта окшош адамдар азбы? Бир жагынан анын атын Аля деп айтып жатпайбы-жанындагы аял. Мен бекер эле… Жок, жок!.. Мен жаңылганым жок. Бул сөзсүз Айдана орусчага буруп эркелете айтканда Аля болот да. Ансыз деле анын саал тегерек келген ак жүзү (баягысынан бир топ эткел тартып), айрыкча көздөрү менмин деп айтып турбайбы. Бул укмуштай сулуу көз Айдананыкы гана: карачы, жамгыр чайган карагаттай мөлтүр да, өткүр да, баарыдан да анын көзүнүн агычы, чынынын капталындай аппак болуп, көзүнүн сырдуулугун, сулуулугун ого бетер ачып турбайбы. Айдананы ушунчалык көзгө жакын кылып, кимдин болсо да жүрөгүн тарттырып турганы ошо эки көзү гана. Болбосо анын бет түзүлүшү, бой сымбаты да анча эмес… Ырас, адам өзгөрөт, ал эткел тартып ошондон улам жапалдаш көрүнгөнсүп калыптыр. Адам өзгөрөт, адам баарын жаштыгын да жоготот, сулуу сымбатын да жоготот. Адам бир гана нерсени жоготпойт – көңүлдө жаштыгын жоготпойт. Аны адам эч качан эскиртпейт…

* * *

...Шамал жүрбөй үп. Күн төбөдөн каптап турат. Жаным жер тартып уйкум келет. Кырмандын төмөнкү четиндеги жыйылган самандын көлөкөсү көзүмдөн учат, бирок жатып алуу кайда. Бир центнерден буудай тирелип, бири-бирине жөлөштүрө катар коюлган таар каптардын оозун жоон темене менен тигип жатам. Каптарды эшек-өгүздөргө жапмалап кечикпей жөнөп кетишибиз керек. Кечээ да кеч жөнөп, түн жарымы ооганда араң кайра келгенбиз.

Ысыкта кажыган, бир жагынан көптөн бери май көрбөгөн такта араба арыз-муңун айткандай кычырап келип, кырманды аралап токтоду. Кулак түптөрүнөн, моюнча кийген омуроолорунан тер чыгып көбүргөн эки тору ат чымын үйүлүп үргүлөгөн көздөрүн ачышкан жок. Эски калпагынын кайрыктарын төмөн түшүрө кийген олбурлуу арабакеч эч нерсеге карабай калбык эрдин киберсите бочкадагы суудан кара кесе менен толо чөмөрдү. Арабанын артында этек-жеңин кагынган бирөөнүн шарпасынан улам кылчайып карап, жылаңач балтырларды, анан чач-кирпигине чаң отуруп бопбоз көрүнгөн кызды көрдүм. Анын ичке манчалуу колдору чып-чып эпке келип, жоолугу менен өзүнүн мойнун, бети-башын аарчынып жатты.

– Угу,– деп жибердим негедир, кыздан көзүмү албай. Кыз да аарчынып болуп бери карап, биринчи жолу мени көрдү да, кайдыгер гана кейилте жүзүн башкаларга бурду. Ырас, ал анда, балким, мени капарына да илген жок. Анан кичирээк такта чемоданын көтөрүп, буттарын ооруксунта кырмандын тигил жагын көздөй басты. Жалгыз өрүп далы ортосуна таштаган, анча узун эмес, бирок токмоктой жоон чачы жарымына чейин жазылып, бош бойдон эле.

Наркы четте бригадир атына бир аз жем салып, өзү ар убак жанына барсаң кычкыл тер жыттанып турчу

жай-кышы киер тебетейин жанына таштап, бир кагаздарын, кыязы, жөнөтүлгөн эгиндердин кагаздары беле, аңтарыштырып жаткан. Кыз аны менен көпкө чейин сүйлөшүп отурду. Эмне деп жатышканын укканым жок, мен улам карайм, кыз дагы эле мени көзгө илбейт, антишинин жөнү бар, он төрттөн он бешке кадам койгон, бирок оор эмгек ийнимден басып, тырбыйып арык, өз жашыман кичине да көрүнгөн бала элем. Ал эми кыз болсо өзүн чоң адам катары сезип, боюн токтоо да, ишенимдүү да кармайт. Жүрүш-турушу да биздин кыздардай эмес, жаңыча, тетик.

Көптөн кийин бригадир кызды кырман аралата ээрчитип келди да, менин жаныма жеткенде, арабакечке бир немелер айтып, анан бизди да пунктка тез жөнөгүлө деп буйруктарын берди. Кыз болсо өз ички абалы менен болгондой мындагыларга кайдыгер карап, кээде кырмандан жогорку биздин бирин-серин ирээтсиз кыштакка көңүлсүз гана көз таштап, алда кандай ойлуу турат.

– Аттар баспай калды, – деди москоол арабакеч көңүлсүз.

– Жемдеп ал, айла жок. – Бригадир мен тигил бүтүп калган жыйырмадай капты айландыра карап туруп унчукту, – уйларды болсо да чогултуп жүктөгүлө деп атат. Мен жогору бастырайын. Сапарбек, силер жөнөй бергиле – бригадир акыркы сөзүн мага кайрылып айтты.

Ошондо гана кыз мага сарасаптуу тиктеди. Мен да улам-улам карадым. Кыз менден жалтанган жок. Анын сөздөрү ошончолук өткүр да, кандайдыр, мен айтып бере алгыс чөгүңкүлүктү, балким, чарчагандыгыбы, иши кылып, алда кандай ички абалын билдирип, ал абалы кимдин болсо да көңүлүнө чөгүңкүлүк чакырып тургансыды. Мен кайра карай алганым жок. Антсе да ал көздөр тамга сымак басылып унутулбай менин көңүлүмдө калган.

– Биздин айылга бала окутканы келиптир, мугалим экен, – деди олбурлуу арабакеч бригадир алиги кызды

ээрчитип жогору жөнөп бараткада алардын артынан узата карап туруп. Дагы бир нерсе айтайын деп келип, кайра ооруксуна чекесин тырыштырып, тизесин укалай каптын үстүнө отуруп калды.

Мен кыздын артынан дагы карап өзгөчө көзүн эстедим.

* * *

Дал ошол менин көңүлүмдө калган көздөр – ушул көздөр... Аларды мен кайра көрүп отурам...

Түндө кеч жатканыма карабай, эрте ойгонуп сыртка чыктым. Негедир делебем козголуп, көңүлүм көтөрүңкү эле. Асман да, көл да көпкөк – тээ төмөндө экөө беттеше тийишип турат. Бак аралап көл жакка бет алдым. Кыргыз көлүн тегерете курчаган кырка тоолордун кылка учтарын үлбүрөгөн саргыч күн нурлары жалай баштады. Көл шапатасын беттеп жогору көздөй бастым. Жүрөгүм селт этип токтой калдым. Айдана менден да эрте турган экен, көл суусуна жакшынакай балтырларын жууп, аны ак чүпүрөк менен сүрүп жатыптыр. «Карачы, Айдана кандай жакшы сакталган? Бир аз гана эткел тарта түшкөнү болбосо...

– Саламатсызбы? – дедим токтой калып. Аля өйдө боло ийнинен ашыра кылчайып жалт карады да, акырын унчукту:

– Саламатсызбы?

Аля кайра эңилди. Андан ары оозума эч нерсе кирбей кеңкелес тартып туруп калдым. (Эзелтен аялга жугумум жок жоош жагым бар). Анан этим чымырап кетти.

– Бүгүн күн ысыйт окшойт, – дедим оозума эч нерсе кирбей.

Аля туфлисин кийди да, нары бурулуп палатасы жакка кетип калды. Анын толо соорусу жарашыктуу кыймылдап, сымбаты баягысындай... Мен ордумда со-

роюп туруп кала бердим, негедир өзүмө кыжырым келди, өзүмдүн жооштугумду тилдедим.

Бир аздан соң тамакка киргенимде дем алуучулар бакылдап зал толо отурушса да, эң биринчи болуп Аляны көзүм чалды. Кечээ күнкү алтын чач шыңга аял менен терезенин түбүнө жакын отурат. Аля мени көрдү, бирок көрмөксөн болду. Тамак ичип жатканыбызда да анын көзүнө көздөрүм эки курдай чагылыша түштү. Жок, ал да мени байкап калды. «Сөзсүз тааныды. Тигине, тунжурай түштү. Же эсине келтире албай жатабы? Жок, жок. Кантип келтире албайт? Биз турмушта бир кыйгап кайдыгер өтүп кетишкен адамдар белек?..».

* * *

– Кыржыйган айланайын арыгым, келдиңби? – деди мага апам кара көк болуп жүзү албырып. Ал кайнаган ысыкта чокко какталып, бир нече тандыр нанын эми эле жаап болуп, дализге киргизген экен. Апам анда бригадага ашмачы.

– Ооба! – дедим өгүз айдаган узун камчымды капшытка таштап. Биз эгин тапшыруудан кайттык. Апамын жалбара сүйлөгөнү мени демейдегидей эрерките алган жок. Анткени төрдө баягы мугалим болуп келген кыз отурган экен. Кыз ал күнкүсүнөн бөлөкчө – жеңи кыска чыт көйнөк кийип таза жуунуп, көзгө жакын болуп алыптыр. Мен негедир анын жүзүнө тике карай албай, өскөлөң чачымын арасынан жылмышкан ылай терими аарчынып күрсүгө көчүк койдум.

– Эң кичүүм ушу, Талып экөөнүн ортосунан кыз өткөн... – деди апам Талып акемин илинүү сүрөтү жакка жаңсап. Кыязы, алар Талып акем жөнүндө сөз кылып отурушканбы, ким билет. Талыптан дал ошол учурда Орел шаарын душманга убактысынча таштадык деп кат келген, – ал кызым болгондо туура он жетиге чыкмак. Сен канчадасың, айланайын?

– Он сегиздемин.

– Атаганат, өлбөсө менин кызым да...

Мен унчукпай гана ысык нанды айранга малып жей бердим. Апам кыздан ар нерсе сурайт, эки колу камырда.

Кыздын сөзүнөн анын шаардагы окуусун бүтпөй иштөөгө келгенин билдим.

– Уулуңуз абдан сулуу жигит экен – деди кыз апамы сынагандай жылмайып, Талып акемин аскерче кийинген сүрөтүнө баш экчеп.

– Аны айтасыңбы, кызым. Эстүүлүгүчү... Кудайым өзү сактап эсен кайтса... – деп апам өтө ашыра мактап жиберди. Мен кээ жеринде уялып кетип жаттым. Анткени кыз бирде жылмайган күлкүсүн жашырууга аракет кылса, бирде сустайып сүрөттөн көз албай, кыязы, бир жакынына окшоштурабы, өзүн унуткандай тунжурайт.

– Эжеңди иттен чыгар, – деди апам мага.

– Ачык-айрым жакшы кыз экенсиң, нары-бери өткөндө кирип тур, айланайын Айдана.

«Айдана, – дедим ичтен, – Айдай даана. Кызык. Бети да айдын сыңары тегерегирээк экен...». Мен жылмайып өзүмчө күлдүм аны узатып баратып.

– Атың ким деди кыз мени өтө эле кичине баласынтып. Мен ичтен каршыктым.

– Сен канчанчы классты окутасың? – дедим чоң кишилерче атайын текеберленип, кебелбей «сен» деп башташым аны таң калтырган жок.

– Башталгыч классты. А сен канчанчы класста окуйсуң?

– Алтыны бүттүм, – жетиге барам...

– Оо, ошондойбу? А өзүң го?

Айдана көөдөндөн атылып чыккан ачык күлкү менен менен шыңкылдап күлдү. Мен ызаланганым жок, кошо күлдүм.

Ал менин арык ийнимен кармады:

– Атыңды айтпайсыңбы?

– Эмне үчүн? Айтам!

– А ким?

– Сапарбек.

Ал мени беттеп тике карады да, текебер жүзүмө машырландыбы, дагы шаңкылдап ачык күлүп, анан ылдыйышта этегин аккуунун канатындай делбиретип жеңил жүгүрүп узап кетти…

* * *

Катердин мотору дүкүлдөп буулуңку угулат. Көгөрүп улам тереңи карарыңкы тарткан көл суусун катердин тумшугу бычактай кесип, жепжеңил жиреп баратат. Көл бетинде калкыган сары моюн чүрөк сайылып сууга кирип жок болот да, алда кайдан булт этип көзөп, ылдам сүзүп бизден алыстайт. Жээктер жай жылып артка сүрүлүүдө. Сергилең шамал бет жалмалайт. Палубанын эң уч жагында Аля туура тоскучка сүйөнүп, тээ алда кайда алыска көз жиберип ойлуу кетип баратат. Аны кандайдыр бир токтоо ички сезим бийлеп алгандай. Кийинки эки күндө кыябын келтирип сүйлөшө алганым жок.

Бүгүн дем алуучулардан бир тобун Пржевальскийдин эстелигине экскурсияга алып баратышат. Балким, ушул жакта ыгы келип калар.

Мына, Аля кара көз айнегин тартынып алды. Ал балким байкатпай мени кыңгап карап бараткандыр. Азыркы ойлуу абалында менден улам тээ баягы учурларын эске түшүрүп жатабы, ким билет. Ичтен кейип, мүмкүн өкүнүп бараткандыр… А балким мени менен бирге дем алып калганына кыжалаттыр… Ырас эле, Аля ал учурун эстегиси келбес, ал анын көңүлүнө катуу тиер...

– Тээтиги тоолордун атын билбейсизби?

Анын көңүлүн алаксытайын деген ойдо ушинтип жибердим.

– Мен бул жактарды жакшы билбейм, деп Аля нары кыйгач карап, анан такыр далысын салып алды. Жаман

абалда калдым. Өзүмүн кополдугумду тилдейм. «Эмне үчүн бирөөнүн ички сезимине аралашам? Ага мүмкүн эч нерсе кызык көрүнбөй тургандыр азыр...».

Катерден түшүп, эстеликке чыгып бараткан өйдөлүштө аялдар чарчап калышты.

– Жардам бергиле, – деди анын жанындагы алтын чач шыңга аял. Мен колумду узаттым. Анын колун Аля кармады. Мен аларды өйдөдө күч менен тартып чыгып бараттым. Алар аябай күлүштү. Мен ого бетер күчтөп кеттим. Эстеликтин айланасында көпкө болгон соң баарыбыз сүрөткө түшүүгө топтолдук. Мен дал Алянын артына келип калдым. «Жакын тургула», – дейт сүрөтчү. Алянын жумшак далысына көкүрөгүм тийип турду. Алда кандай жагымдуу аял жыты урат. Жагымдуу аял жытын мен качан сезгенмин? Эң биринчи жолу качан! Жүрөгүм зырп этет. Кыялым жылт коюп алда кайда кетет.

– Ха, ха-ха!

Чочуп кетип өзүмө келсем, мага күлүп жатышат. Сүрөтчү тартып алыптыр, мен болсо козголбой туруп калыпмын. Мен уялганым жок, тамашага чалып жибердим, бирок көңүлүм кескин бөлүндү болуп калды. «Мен мындай аял жытын качан сезгемин?.. Мен азыр андан жаңылганым жокпу? Жок, жаңылганым жок...»

* * *

Ай жамбашка ооп бешим болуп баратат. Түн сергилең. Биз чөп жыйып жаткан жайпаңдын жарымын дүңкүйгөн жоон кара дөбөнүн көлөкөсү басып, тескей тарап тунжурап караңгы тартат. Өгүзгө кошкон төрт чийне, эки сүйрөтмө менен чөмөлө чөптөрдү жүктөп түзгө жеткиребиз. Анда чалдар жыйып жатышат. Мен, Айдана, дагы бир аял үчөөбүз эки өгүз кошулган жалпак сүйрөтмөгө чөп үйөбүз, боз үй барандуу болгондо аркан менен бир гана таңып беребиз, өгүздөр жеңил тартып каптал ылдый алып жөнөшөт.

Өгүздөр жөнөр менен берки аял башын жерге коюп уйкуга кетет. Бир пас болсо да жаным арам алат деп калат. Ырас, күндүзү кечке орок тартат. Биз деле күндүзү тынып отурганыбыз жок – Айдана болсо кечке колхоз конторасында чот кагып эмгек күндөрдү тактайт, анткени башкарма аны окуу башталгыча ошол ишти жүргүзүп тур деп отургузуп койгон.

Айдана аны-муну сүйлөй берет. Мен да сүйлөйм. Ал менин шок ооздугуму аябай жакшы көрөт, кээде айта салган сөздөрүмө ички сезимден атып чыккан ачык күлкү менен каткырып коё берет.

– Сапарбек, Сапарбек... Сен шумдук баласың.

Мен ого бетер ичтен эреркип калам

– Ырдачы – дейт.

Мен бирдемени ырдап жиберем. Чынында жакшы ырдай да алчу эмесмин, үнүм да жакшы эмес. Ырдаганда мени кандайдыр кайнаган кыжыр, ички сезим жетекке албай, Айдананы күлдүрүү максаты гана жетекке алат. Мен бир топ тамашалуу ырларды, апендилерди билчүмүн. Анан айылдагы бир келинге арнап тапан балдар чыгарган беш-алты куплет мыскылдоо жагы бар ырды да билчүмүн.

Кырга чыккан шыралжын,
Кыймылсыз кантип туралсын.

деп башталып, анан келин жөнүндө, кандайдыр уполномочен, жөнүндө сөз кетип, аягы мыскыл, маскара сөздөр менен бүтчү. Айдана буга күлгөн жок. Бешиликке сүйөнгөн бойдон жүзүн өйдө көтөрүп, сүттөй жарык айга көпкө чейин көз ирмебей тиктеп турду. Ал жанындагы мени унутуп, алда кайда, көз жеткис алыс жактаргабы, балким, андан да башка анын көңүлүн бурар нерсенин арасына терең кирип кеткендей болду. Мен да унчукпай, бир жагы ызалуу, бир жагы Айдана эмне үчүн бул кызык ырды коштобой койгонун түшүнө албай үнсүз тура бердим.

– Сапарбек, – деди Айдана акырын унчугуп, ушул ырыңы экинчи түк ырдабачы, – макулбу?

– Эмне үчүн?

Айдана бир нерсе айтайын деп келип токтолуп, анан кыйлага үнсүз болгон соң, дагы унчукту.

– Сен кийин билесиң. Булар татаал нерселер...

– Эмнеси татаал? Сен эмнелер жөнүндө айтып жатасың?

– Сен ырдаган ыр жөнүндө.

– Анын эмнеси татаал?

– Ай, Сапарбек... Сапарбек... Баласың. Дал ошол сага опоңой көрүнгөн адамдардын бири-бирине мамилеси – сүйүүсү, жек көрүүсү, адамдын өмүрү, өлүмү жөнүндөгү маселелер өтө татаал немелер. Аны дароо эле кокуй, ушундай болду дей салууга жарабайт... Ал бир эле адамдын ойлоп жыйынтыктай коёр нерселери эмес, аны ар ким өз акыл-эсине жараша ар кандай түшүнөт...

Мен бул сөздөрдүн маңызына анча түшүнө бербей, бир аз үнсүз болуп калдым да, «сүйүү» деген сөзүн гана илип алып, Айдананы дагы күлдүрүп жибермек болуп, минттим:

– Сен да сүйөсүңбү?

– Ооба, – деди токтолбой, Ал өзгөрүлө түштү...

– Кимди?

– Сонун жигитти! Сен эң жакшы көргөн жигитти...

Айдана адатынча ички күчтүү сезим менен каткырып күлдү. Мен унчукпай гана жылмайдым. Мени аралаштыргандан улам мыскылдап жаткан жокпу деген ой башымдан өтүп кетти. Кайра мен ага кайдыгер болдум. Дагы бир жолку чөп жыюудан түн жарымы оогондо кайттык. Бешилигин тике сайып чөмөлө түбүндө уктап кала бергендер да көп.

– Басарга шайым жок, силердикинде эле жатып калайын,– деди Айдана.

– Мейлиң.

Биздин үй кырманга жакын. Үйгө кирсек баары уктап жатышат, эки-үч аял, кызы, кырманчылар го. Апам

менин төшөгүмдү төрт бүктөп таштап коюптур. Жүктө колго илинер башка эч нерсе жок экен.

– Мейли, мен сенин жаныңа эле, – деп Айдана эски жаздыкты улай койду. Төшөктүн жарымын төшөп, жарымын үстүбүзгө кайра таштадык Бир аз кысылышып калдык. Мен жыйрылып бурч жакка ыктай бердим. Төшөктүн туюк жагында дубалга такалдым.

– Сен эмне кыласың? – деди Айдана мени бери тартып. Мен анын көкүрөгүн беттеп калдым. Анда кандай жагымдуу, жумшак да, назик да жытты сездим. Укмуш жыт сездим... Ал ушунчалык табигый да, ушунчалык жагымдуу да болчу. Бул кыз жыты болучу. Аны мен ушунчалык сүрдөнүп сездим. Анткени менен кайра терең көөдөнүмдө алда кандай жаңы сезимди, каалоону пайда кылды... Мен унчукпай жата бердим. Былк эткеним жок. Жанагы карашалаган уйкум алда кайда кетти. Мен бир жагы саал жыйрылыңкы, бир жагы болор-болбос сыймыктуу сезим кучагында элем. Айдана уктап калган. Салмактуу билеги көкүрөгүндө жатат. Анын денеси ысык эле, буулугуп кеткенимде жогору ыкшалдым. Айдана уйкусурап мени көкүрөгүнө саал кысып койду. Анан эсине келе түштүбү, нары карай кырланып кетти.

Андан кийин да биз бир нече жолу жанаша жатып жүрдүк. Айдана болсо мени дагы эле баласынтат. Бул күндөрдө менин башыма ар кандай ойлор түшүп, анын жоопторун өз алдымча издеп, ичтен ойчул болуп кеткенимди билбейт. Анын жагым жытына менин ушунчалык ыраазылыгымды, ага мен ушунчалык кумар болуп калганымды байкабайт. Мына, ал жытты мен бүгүн дагы сезип, кайра эске түшүрүп отурамын...

* * *

Санаторияда мен башкалардай жыргап дем ала албай дагы эле ичтен түйшүк тартып жүрөм. Баары Аляга

байланыштуу. Кыязы, ал да эми атайылап сыр бербеске аракет кылып калдыбы, же тим эле түлкү куумай ойнотоюн дейби, иши кылып сыр берер эмес. Ал мени туура түшүнсө боло. Дем алуучулардын жоругу боюнча, кантсе да беш-алты күндүк убакытты көңүлдүү өткөрөйүн деп анын артынан түшүп жатканым жокко. Аны Аля да билет, менин максатым баягыдай эле жакын болуп сүйлөшүп, өткөндөрдү эске алып, анан өзүбүздүн кийинки тагдырыбыз жөнүндө бири-бирибизге айтып берип, адамча жакшы мамиледе болсок дейм. Бирок Аля… Билбейм, эмне үчүн антет?

Аля мурдагы тааныштык жөнүндө билмексен болуп сыртын салса да, бир жакшы нерсе – кайдыгер гана дем алуучулар катарында таанышып алдык. Жанындагы алтын чачтуу шыңга аял Оля экөө Фрунзе атындагы айыл чарба машиналарын куруучу заводдо иштешкенин билдим. Кыязы, өз тобунда өз орду, өз баркы бар экендиктери жүрүш-туруштарынан, ишенимдүү кеп-сөздөрүнөн байкалып турат.

– Көптөн бери иштейсизби анда? – дедим кыйытып.

– Ошерде карып баратабыз, – деди Оля токтоо.

Анан бири-бирине карай кубаттап баш ийкеп коюшту. «Кызык, Аля эмне үчүн мугалимдигин таштап… Кантип эле ал… же шарт аны аргасыз кылдыбы? Ырас, аны ал ошондо эле таштап кетпеди беле?… Согуш… ор жылдар...

Мугалимдин бир айлыгы эки кило унга жетпес учурлар да өтпөдүбү… Балким, башка себептен аргасыз болгондур… Турмуш таштай тоголотуп алып келип ушул жерге токтоткондур. А балким, Алянын сыр бербегенинин себеби башкадыр…»

– Сиздин кесибиңиз? – деди Аля баягы укмуштай сулуу көздөрү менен мени саал кыйык тиктеп.

– Мугалим, – дедим. «Директор» дегенди кошконум жок.

– Оо анда сизге ишене берсе болот экен, – деди Оля.

– Эмне үчүн?

– Мугалим жалган айтпайт.

– Башкаларчы?

Эркектер карыш чыкса, бойдокмун деп жалган айтышат.

Үчөөбүз тең күлдүк.

– Сиз да бойдоксузбу?

– Ооба, – дедим бошоң.

– Мейли, сизге ишенели. Турмушта чын сүйлөгөн кишилер да болот.

Эртели-кеч көл жээктей, кээде жаш карагайларды аралай басчу болдук.

Сууга түшүп борпуган сары кумда жатабыз. Бет маңдайымда Оля. Ал аппак тизелерин жарашыктуу бүгүп, бир колу менен кум таяна сигарет чегип олтурат. Анын денесинде ашыкча эти жок, шыңга кыздын сымбатындай тулкусу жарашыктуу майышат. Аля болсо отурбастан ары-бери басып биздин жаныбызда. Анын капкара көкүрөк тарткычы али күнгө күйө элек аппак толуңку денесин ого бетер ачып, жумуру ийиндери, жумуру алкымы айрыкча көзгө түшөт. Нары көздөй басып баратса кумгандай көтөрүңкү соорусу жарашыктуу кыймылдайт. «Алянын жаштык ажары али качпаптыр. Жаңылбасам ал азыр отуз сегизде, бирок көрчү, отуз жаштан ашыкты азыркы көрүнүшүнө эч ким бербес...».

Алар бүгүн эртең менен телефон аркылуу Фрунзе менен сүйлөшкөндөрүн эске алышып, ага байланыштуу бир нерсени талкуулап жатышты. Мен аралашканым жок ага. Аля баятан бери кумга үстөмөнүнөн түшүп жатат.

– Аля, сиз кай жерде туулуп, кай жерде өскөнсүз?

– Азыр кай жерде болсом, ошол жерде.

– Ал эми көп жерди көргөндүрсүз?

– Эмне үчүн?

– Деги айтам да.

– Жок.

– Коюңуз, чын айтыңызчы. Жалал-Абаддын…

– Жок, жок. Жалал-Абаддын атын угам, өзүн...– деп менин сөзүмдү баштатпай бүтүрттү.

– Тээ бир кезде… согуш жылдарында...

– Жок, жок… Башка убакта десеңиз да бекер оозго аласыз. Менин өзүмөн уксаңыз, таңуулай бербей…– Анын үнү бир аз ызалуу чыккансыды.

Анан Аля кумдан туруп, күүлөнүп жүгүрүп барып сууга кирип кетти.

Саал ыңгайсыз абалда калганымды байкай койгон Оля мени бир аз жубатып сөз улады, анын ою эмнеде эле билбейм:

– Аля жалгыз бой. Он үч жашар уулу мектеп-интернатта.

Мен эмне үчүн тамтаңдап бирөөнүн көзүнчө аны кыстайм? Алар бирге иштешет. Мындан ары да бирге жашашат, балким, ал өткөнүн аларга билдиргиси келбес… Антпегенде деле биз жактан ар убак эске алып тамшана жүрөрдөй болуп кайтты беле? Ырас эле мен эмне үчүн ал жагын ойлобойм? Чынында аялча сезгич, аялча намысчыл, аларча ички сезими курч ким бар?.. Балким, анын өткүр намысы, анда ошончолук катуу маскараланган чыгар… Чын эле анда эмнелер өтпөдү эле?..

* * *

Окуу жылы башталгандан тарта Айдана биздин үйдө туруп калды. Негедир, ага чейин эле үйүр алышып кеткен. Анын көңүлүндөгү бир себептен улам биздикине жан тартып жүрдүбү, же апамын калдактап кимди болсо да иймере тарткан ак көңүл мүнөзү болдубу, билбейм. Апам тим эле өзгөчө өз кызындай мамиле жасап калды. Минтишине колунан ишин, оозунан ашын алып кетердей Алянын жорук-жосуну себеп болду го дегидей деле болгон жок. Тескерисинче, апам Айдананы өз түйшүгүнөн

алыс кармап, «кой айланайын, өзүм деле үлгүрөм, сен бала окутканыңды бил» деп эртели-кеч эскертип калат, Айданага суук шамалды ыраа көрбөйт.

Мен жетинчи класска барып жүрөм. Бирок бир күнү окууга барсам, үч күнү бригадир жибербейт, – эч ким эч нерсе дей албайт, шарт ошондой. «Жыйым-терим бүткүчө колхозго аябай жардам беребиз» деп директор окуу башталган күнү эле эскерткен. Айдана да күн сайын сабактан соң мектеп балдарын буудай аңызга алып чыгып, кырманга машак тердирет. Айдана Талып акемин аскерче кийинип түшкөн сүрөтүн өзү жаткан чарпаянын аяк жагындагы дубалга илип койгон. Ал дайым ошол сүрөт менен убара боло берер эле – кээде гүл кыстарып, кээде талдын көк бутактарын сындырып келип илет. Анан ошол сүрөттүн дал астына илинген кичине картаны ар убак үңүлүп карай берчү. Мектептен газета ала келгенде да аны окуп, анан кызыл калем менен картанын кээ бир жерлерин чекиттеп коёт. Бир күнү ошенткен соң дубалдын бурчун кыймылсыз тиктеп көпкө чейин тунжурап отура берди. Мен анын жумшак тизесине башымы коюп эркелеп жаткан калыбымда астыртан байкап турдум.

– Эмне үчүн чекит койдуң? – дедим карта жакка баш ийкеп. Айдана дароо жооп берген жок.

– Тим эле, – деди да бир топ үнсүз боло калып кайра менден сурады, – Сапарбек, сен согушту билесиңби?

– Билем, – дедим токтолбой.

Ал алда неге сөз табалбай кыйналыңкы тарта түштү да, чекесин жыйра жарактуу сөз келе калбаганына өкүнгөндөй унчукту. – Албетте, билесиң... бирок, анын эмне экенин жакшы түшүнөсүңбү? Мындай, неме... Ал жеткире ачык айталбаса да, анын мукактана түшүшүнүн тереңинде алда кандай бир маанилүү нерсе бар экендигин жаным сезгендей үнсүз болуп калдым. Айдана да ошо бойдон сүйлөбөй көпкө чейин отуруп калды.

Күндөр кашаң жылып өтүп жатат. Бир күнү кечке маал иштен кайтып үйгө келсем, Айдана чарпаясында көмкөрөсүнөн жаздык кучактап ыйлап жатат. Китептери стол үстүндө иретсиз, Талып акемдин сүрөтү да ошол жерде. Айдананын чачы саксайып, көзү кызарганча ыйлаптыр. Табым жок деди мага жөн гана. Кечки тамагын да ичкен жок.

Үч күн удаасы менен мектепке да барбады. Апам канчалык үйрүлүп түшсө да, табым жок деп шылтоолоду.

Үчүнчү күнү мектептин төкөр директору Садыбакас келди. Ал эки жыл мурда биздин мектепке район жактан дайындалып келген. Эл арасында кадыр-баркы күчтүү. Ага да Айдана оорумун деди. Директор доктурга барууну айтты. Айдана болгон жок. Садыбакас ачууланды:

– Жыйырма мүнөт жумуштан кечиккендик үчүн соттоорун билесиңби? А сен болсо үч күндөн бери...

– Антип коркутпаңыз, – деди Айдана чечкиндүү.

– Закон ушундай!

– Билем, мен андан коркпойм.

– Эмне үчүн? Макул, билдирем!

– Мейли. Адам механизм эмес... жыйырма мүнөт түгүл... Айдана буулуга өзүн токтотту, – түрмө эмес, адам кээде өлүмдөн да коркпой турган абалдарга келет... Аны билүү баарыдан кыйын... Адам – ал адам...

– Айтпайсыңбы андай болсо?

– Болбойт... Бардык нерсени эле айта берүүгө болбойт. Жүрөк менен сезүү керек...

Бир кыйла унчугушпай калды да, Садыбакас кайра күчөдү.

– Сен ойнотпогун. Прогул кылдыңбы, кылдың. Аны билдириш менин милдетим. Жообуңду ошолорго айтып ал!

– Макул, билдиргиле... Айдана дубалды карап кырданып кетти.

Садыбакас кеткен соң, Айдана буулугуп унчукту:

– Сен коркутканды билесиң. Адам менен… адам тагдыры менен сенин ишиң барбы… Аны ойлонорго сен али чабалсың. Минтип согуш жүрүп жатканына, андан улам колуна иш тийгенине, балким, кубанып жүрөсүңбү, ким билет?..

Анан Айдана унчукпай калды.

– Мурда да директор беле? – дедим балалык жеңил ой менен кызыгып сурап.

– Кайдан… Финагент, дагы дүкөнчү… Анан дагы эмне дейт…

Эртеси Айдана мектепке эрте кетти. Дал ошол күндө мени таң калтырар, бир жагы, алда-кандай абалга келтирер сөз уктум. Айдана менин Талып акемин шаарда окуп жүргөндө таанышып, анын убадалашкан колуктусу экенин, окуусун бүтүртпөй иштөөгө айдаган соң, Талыптын катка жазган кеңеши боюнча биздин айылга келгенин айтты. Мен жүгүрүп апама барып, энтигип укканымды билдирдим. Апам болсо толуп-ташып жадырап, жылмайып баш ийкеди. Кубанычыбы, же андан башка себептенби, көзүнө жаш каканактап толо түштү.

– Акең аман-эсен кайтып калса… Бактылуу болуп… – Апам толук сүйлөй алган жок. Көрсө, ал муну алда качан эле билет тура. Айданага мурдатан эле көкүрөк ачып, имере тартып жүрүшү бекер эмес экен да… Башына кылт этип баягыда, айлуу түндө чөп жыйып жүргөнүбүздө «Сен да сүйөсүңбү? Кимди?» деп сурасам:

«Сонун жигитти. Сен эң жакшы көргөн жигитти…» деп айткан сөзүн, ички сезимден чыккан ачык күлкүсүн эстедим. Мен кызык абалга келе түштүм: көөдөнүмдү алда кандай бир күч куушура кармап, анда алсыз бир ток коё бергендей жымыратып бараткансыды, саал энтигип дем алып жаткандай болдум. Бул мени бүтүн колуна алган күтүүсүз кубанычтан беле, же андан башка бир нерсе беле, билбейм. Мен шашып калдым… Ошол сааттан тарта менин Айданага карата оюм да, мамилем

да башкача боло баштады. Кез-кезде анын жанында жатып алып, бир жагы эркелеп, бир жагы өз ичимде эрдемсип, жибек ич көйнөгүнөн сыйда сезилген денесин бекем кучактап, анын назик да, жумшак да жагым жытын сезип магдырап уктап калчу адатымды да койдум. Эми баягыдай өз ичимде Айданага байланыштыра чоң адамдар ойлой турган мамилелерди ойлой беришимди да койдум... Мындан ары ага кандай мамиле жасашымды биле албай, ошондон улам, анын жанында өзүмдү башка нерсеге алаксыган киши катарында көрсөтүп, ыңгайсыз абалга кабыла берчү болдум. Бирок мунумду ага түк билгизбейм.

Кийинки кездерде Айдана да менин бул абалымды байкай алардай болбой жүрөт. Баягыда оорумун деп үч күн жатып калгандан бери дайыма түндөсү ыйлаганын сезгенсийм. Мен аны уктамыш болуп жатып байкайм. Өңү да шапайыңкы. Кыязы, бир сыздаткан оору менен кыйналып жүрөбү, мен өзүмчө ушинтип ойлойм. А мүмкүн такыр андай эмеспи, ким билет? Иши кылып, мен аны жакшы түшүнө албайм. Ошол үчүн ага сарасап салып жүрө турган болуп кеттим.

Бир күнү Айдана үйгө келбей калды. Үч күн удаасы менен келбей калды.

– Ал эмнеси, сурачы! – деди апам мен мектепке жөнөп жатканда.

Мен сабактан соң сурадым. Айдана дароо жооп айта койбой, мени узатып кыйлага чейин баса берди. Жанаша баратып менин арык ийнимден кармады. Өскүлөң чачымы уйпалай сылады. Анан экөөбүз маңдай-тескей туруп калдык. Айдана ичтен бир нерсени чечалбай турабы, билбейм, ал тээ мунарык тарткан алыска көз каалгыта көпкө чейин көңүлү чөгүңкү карап турган соң, акырын унчукту:

– Эми менин силердикине жүрүшүм кыйын...

– Эмне үчүн?

– Сапарбек… бир жолку өтүнөрүм – анын себептерин сурабай эле койчу, кудай жалгагыр.

Мен унчукпай калдым.

– Таарындыңбы?

– Ушинтесиң да. Мен эжеме, – (апамы эже дечү) – сага ыраазымын, өмүр бою… Ошентип ойлобогулачы.. Балким, баарын анан айтып да берермин…

Апама баарын айттым, ал да эч нерсе түшүнбөй кала берди. Бир күнү тегирменге биртике талкан тартып, каш карайган ченде мектеп алдынан өтүп баратып, беш-алты түп өрүктүн астынан кобурап чыккан үндү угуп токтой калдым. Эки адамдын карааны көзүмө дапдаана билинип турду… Анын бири Айдана, экинчиси кынтыңдап аксап басканынан Садыбакас экенин жазбай тааныдым.

Айдана эки колун көкүрөгүнө кайчылаштыра тутуп, бүкүр өрүккө ийнин сүйөп ойлуу турат. Садыбакас күңк-мүңк бирдеме деп сүйлөдү. Кандай болду билбей калдым, Айдана Садыбакасты жаакка чак эттире бир чапты да, жүгүргөн бойдон мектептен нараактагы кароолчу аялдыкына кирип кетти. Ал ошол жерде жашаган аялдыкында турчу. Садыбакас сороюп үрүл-бүрүлдө кыймылсыз туруп кала берди.

Мен эч нерсе түшүнгөнүм жок. Ал жөнүндө ар убак ойлоно берчү болдум. Ошондон бир айча убакыт өткөн. Садыбакас Айданага үйлөндү дешти. Мен адегенде ишене койгонум жок, бирок чындык-чындык болуп чыкты. Мен өзүмчө жаман болдум. Же Айдананын артынан тукуруп аны күмөнсүз жеңил ойлукка өкүм кылып коё албайм, анткени – Айдананын Садыбакаска карата чыныгы мамилесин билчүмүн. Же мунун баарын Садыбакастын жүзү каралыгына, алдамчылыгына шылтап, көңүлүмдү бир жактуу кылып алышка эч бир карманар негизим жок, балким, Садыбакас аны бир законго илинтип аргасыз кылгандыр дейин десем, Айдананын андан коркуп калар түрү жок болучу. Нес болуп шалдайып калдым. Апам болсо, негедир анчалык күйүккөн жок. «Талыбымын башын таштан

жаратсын, эсен келип калса, теңин таап алар. Ар кимдин башы өз ийнинде. Кантмек элек, балам»,– деп койду мага.

Аң-таңмын, «Кантип эле?.. Кантип эле?..» Мен адам жөнүндө, турмуш жөнүндө киши катары терең, татаал ойлорго мурда али түк бетме-бет келе элек суроолорго кабыла бердим. Адам, адам жараткан турмуш ошончолук көп кырдуу да, татаал да болуп менин бет алдымда турат. Турмуштун кубаттуу колдору мени өз кучагына сезилерлик да, ырайымсыз да түрдө тартып баратты...

Мен түшкө жакын иштен мектепке деп шашып келсем, төркү бөлмөдө Айдана буюмдарын жыйнаштырып жатыптыр. Апам мурда эле кетип калганбы, иши кылыш, үйдө жок экен. Айдананын маанайы аябай төмөн түшүп, көрүнүшү аянычтуу. Буюмдарын чогултуп жатып алып койгонбу, Талыптын сүрөтү да столдо жатат. Жолтоо болбосун деген ой менен аны наркы текчеге алып койдум.

– Эх, сен...– деди Айдана терең ызалуу да, терең кайгылуу да. Сен эми ошентесиң да...

– Айдана... – дедим мен күтүүсүз жерден ыңгайсыз абалда калып, – мен тим эле... мына...

Мен сүрөттү кайра үстөл үстүнө койдум. Сандыкчасына бирдемелер салып жаткан Айдананын төгүлүңкү кара кирпиктери жашка чыланып кеткен эле.

– Сен ойлобо... – деди Айдана, – сен мени туура түшүнсөң кана... Балким, анан түшүнөөрсүң. Сен ойлобо керт башынын эле тапишинен улам деп... – Айдана жаш балача улутуна өпкө кагып койду, – ушунун баары коркунучтуу түшкө гана окшойт. Кандай коркунучтуу...

Сага эч нерсе сезилбейби?..

Айдананын табышмак сыяктуу айткандарын эмнеге жоруп түшүнөрүмдү билбедим да, терезе аркылуу бүркөө абада үнсүз карап тура бердим.

– Ошентесиң... Билем, сенин эмне ойлооруңду да. Ошол акмак менен бактылуу болуп калайын дегендир дейсиң го. Албетте, ойлойсуң да... Бирок кудай жалгагыр...

Айдана саал мукактана түштү да, анан түшүндүрүүнүн пайдасы жок дегендей күрсүнүп койду, – эгер сен кыз болсоң, балким… Көпкө чейин эч кимибиз тынчтык бузуп сүйлөгөнүбүз жок. Айдана столдо кыймылсыз отура берди. Мен мектепке жөнөп кеттим.

Биз эки сабак окуп танаписке чыкканыбызда чөп жүктөгөн араба келип мектептин алдына токтоду. Бийик тирелген чөптүн үстүндө чоңкоюп Айдана отурат – баягы жыгач сандыкчасы жанында. Төмөнтөн ызгаар жүрүп, какшаткан суукта күрөң жоолугун ээгинен алынган Айдананын элеси статуядай көрүнүп, жука боз пальтосу денесине чыпталышып, анын тулкусу ого бетер шыңга тартат. «Районго барып келбейм». Анын жанына кыргыз тил окуткан Шайыр эжеке, дагы бир-эки мугалим барышты. Садыбакас агай конторунан негедир чыккан жок. Айдана Шайыр эже менен бир-эки ооз сүйлөшкөндөй болду. Айдана аны менен баш ийкешип жүзүн бир жакка бурганда, анын сулуу алагар көзү менин көзүмө чагылыша түштү. Бир нече секунд токтоло калдык. Айдана бир нерсе дейин деди беле, мен көзүмдү төмөн түшүрдүм. Кайра караганымда араба узап бараткан экен.

Ошол түнү тынымсыз кар жаады.

Айдана кайра биздин айылга кайткан жок. Ошондон көп өтпөй Талып акемин Сталинград алдындагы согуштарда курман болгондугун угузушту… Бул терең кайгыны апам экөөбүз кандай көтөргөнүбүздү айтып отуруунун кереги не? Байкуш апам… кайрат кылгансыйт, бирок мен андан корко баштадым… Бирок бул жөнүндө Уралда эмгек армиясында жүргөн атама жазганыбыз жок. Оор кайгыны апам экөөбүз астыртан бөлүштүрө бердик – бул кайгынын салмагын бизден кем эмес үчүнчү бир адам – Айдана бөлүшкөнүн анын үч күн мектепке барбай төшөктө сулк жаткан себептерин, күн сайын түндөсү төшөктө ыйлап, акыры биздикине туруш мүмкүн болбой чыгып кеткен себептерин кийин билдик…

– Көрсө, ошондой экен да... – деди апам там бергендей акырын шыпшынып. Ак жүн жоолугунун учу менен жылмышып бараткан бир тоголок жашын сүртүндү – ошол үчүн жанагы директоруңардын этегин кармоого ашыккан тура...

– Эже... – деди апама Шайыр эжеке, кандайдыр ички буулуккан бир сезимин араң басып. Ал мектепке өткөндө апама кире калып көңүлүн көтөрмөлөп жүрөт, – кудай жалгагыр эже, сиз Айдана жөнүндө антип ойлобоңузчу, мени калыс десеңиз... Баскан изимди Садыбакаска бастырам деп үч уктаса түшүнө кирген эмес анын... Жанагы биздин бир мугалим аскерден жараланып келбедиби. Аны жоктоп алалычы деп отуруш кылганбыз. Тээ көпкө туруп абдан кызуу тараганбыз. Жанагы намыссыз Садыбакас ушул шартты пайдаланыптыр... Ал мурда кеп салган менен Айдана бир сөзүн да өзүнө жолотпогонун билчүмүн, бирок кийин баш кошуша турган болуп калган соң, ар кимдин өз иши да деп калгамын ичимен. Көрсө, Айдана Садыбакастын жүзүкаралыгын ушунчалык терең намыс менен кабыл алган тура. Булганган кыз абийирин жаман сөздөрдөн коргош үчүн гана ага турмушка чыгып, бирок Садыбакас менен бир күн да бирге жашабай, аны эл алдында тирүүлөй өлтүрүп жөнөп кете бербедиби. Көрдүңүзбү? Ал кандай кыйын кыз. Адамкерчилик арнамысын кандай жогору сактай алган кыз! Ал өз баасын, кимге татыктуу экендигин да жакшы билген.

Шайыр эже күчтүү ички сезимден андан ары сүйлөй албай аптыга түштү, ал бир аз токтолуп калды. Апам болсо буга таң калган жок. Көзүнөн жаш кылайып ыйлап олтурду. Анда ал үч күн мурда уккан Талып акемин өлүмүнө ыйладыбы, же Айдананын белгисиз тагдырына ыйладыбы, билбейм.

– Анан кайда кетти эми? – Апам буулугуп унчукту.

– Ким билет, кайда кеткенин... – Шайыр эже бир чекитти тунжурап кыймылсыз тиктеп турган калыбында акырын сүйлөдү.

– Каатчылык күндөр болсо, бир жагынан кыш-күрөө... кандай күнгө туш болор экен?...

Анан эч кимибиз сүйлөгөнүбүз жок. Күн өткөн сайын көөдөнүмдү сыздаткан алда кандай бир сезимди сезе турган болдум: ал коркунучтуу жараттын башталмасындай бүткүл көөдөнүмдү мыкчып түптөнүп баратккансыйт. Астыртан бир аз буулугам. Боз чалган кышкы суукта мектепке келатып тээ төмөн жакка көз чаптырам. Тунжурап эч нерсе көрүнбөйт, ыйлагым келет. Ал кайсы себептен экенин билбейм. Керели кечке эсимден Айдана кетпейт, улам эсиме кылт эткен сайын көңүлүм чөгүңкү тартып, кыялыма ар нерсе келе берет. Айрыкча анын эң акыркы чөп тиреген арабадагы статуядай элеси, саал сурданыңкы да кейпи дайыма көз алдымда турат. Түнкүсүн төшөккө жатып көзүмдү жумам, анда да Айдананын ошол кейпи... Мен эмне үчүн эң акыркы жолу аны менен ошончолук суз коштоштум? Эмне үчүн ага мен бир ооз кайдыгер сөзүмдү, акыркы жылуу сөзүмдү айтууга жараганым жок? Ал турсун эң акыркы секундада анын көзүнө тике карап тура алганым жок, балким, ал бир сөз айтышы мүмкүн эмес беле? Мен эмне үчүн мынчалык салкын коштоштум? Ушул да адамкерчиликпи?

Биз кандай гана мамилелерде эмес элек? Буга ким айыптуу? Мен эмесминби? А балким...

Мени бара-бара адамдык абийирим астыртан эзе берди... Бирок баары кеч болду.

Мына, Айдана ушинтип көөдөнү толо оор кайгылар алып кайткан... Ырас, анын баарын бүгүн жаңыртып эске салуу ал үчүн канчалык оор экендигин айтып отуруунун кереги барбы?..

* * *

Аля экөөбүз дурус болуп калдык. Эртели-кеч көл жээктеп басып калабыз. Бирок кийинки учурларда мен

өткөндөн бир ооз да сөз козгобоого аракет кылдым. Минтишим, кыязы, Аляга да жагат. Анткеним сайын ал мени менен ачык сүйлөшүп, көпкө чейин басып жүрө бергиси келет. Көмөкөйүндө кыңылдап, алда неге кумарлана ырдайт. Мен анын оюн бузбай үнсүз басып угам. Бир аз муңканган, алда неге тынчсызданганда, балким, өтүп бараткан жаштыгынабы, а мүмкүн, өкүнүч менен из калтырган өткөнүнөбү, – үнүндө сөзсүз эңсөө да, умтулуу да бар сыяктуу эле. Ал гана эмес, кечигип келаткан бактысына ишенич да, ошондон кем эмес коопсунууну да туюуга мүмкүн болучу. Анан унчукпай баса берди да, түк мен күтпөгөн бир ойду айтып койду:

– Сиз айтыңызчы, Сапарбек, жалгыздык кандай жаман? Эгер аны сиз баштан кечирген болсоңуз…

– Албетте, жаман… Турмуш бүтүн болушу керек.

– Ырас, турмуш бүтүн болбосо, жетим бала сыяктуу экен да.

Бир аз унчугушпай баса бердик.

– Иши кылып, турмушта кем болгон курусун – дедим биздин бул темадагы кебибиз үзүлүп кетпесин деп чочулап.

– Менин турмушта өткөн жолум шыдыр болгон жок. Жамандык-жакшылык да ийнимен бир басып өттү, акыры баары да болду. Азыр эч нерседен кемим жоктой, үйүмдө да, ишимде да баары жакшы. Бир кезде азыркы турмушумдун жарымын элестеткен болсом, мага бир укмуш болуп көрүнөр эле. Деги адам эч нерсеге ыраазы болбойт тура.

– Ырас, – деди Аля бир аз үнсүз болгон соң – муну ар ким өз тажрыйбасынан эле көрсө болгудай… Маселен мен…

Ал сөзүнүн аягын бүткөн жок.

Дагы унчугушпай калдык.

– Биздин курбалдын башына түшкөн оор күндөр эч кимибизди аяган жокко. Сизге да өз үлүшүн берген чыгар?

– Албетте,.. балким, башкалардан оорураак шыбагасын мага бердиби дейм...

«Мына, эми мен Айданамын» деп баарын мойнуна алмак болду. Мен өзүмчө сүйүнүп кеттим.

– Эми аларды бүгүн жомоктоонун эч кимге кереги жок. Бир мактанар нерсебиз – биз анын баарын жеңип өттүк...

– Жок, антпей бир баштан айтып бериңиз, ал жагын, балким, өзүм улап берермин.

Аля мени баш-аягыма кайгып тиктеди да:

– Макул, – деп койду. Анан ал негедир, мыйыгынан жылмайып, кайра кара көздөрү өткүр тартып, сурдана түшкөнсүдү.

Аля бир нерсеге шылтоолоп дагы кетип калды.

Эртеси менин табым айнып, үч күн сыртка чыкпоого буюрду доктур, тамакты да алып келип бере башташты. Аля менден бат-бат кабар алып турчу болду. Палатада башкалар да бар үчүн ал-жайымды кыска сурагандан нары өтө албайт. Үчүнчү күнү Аля кирди да, мага минтип эскертти:

– Сапарбек, биз эртең кетебиз.

– Эмне үчүн?!

– Мөөнөтүбүз бүттү.

Менин ичим өзгөчө катуу тыталап кетти. Анан минтип-жибердим:

– Мага адресиңизди калтырыңыз. Кетип баратканымда Фрунзеде атайы токтолом, сиздикинде сөзсүз болом.

Алянын ак жүздүү тегерек бети саал албырып чыгып, кейпине кандайдыр үмүттүү ишенич жык толо, укмуш сулуу көздөрү жадырап, бир жагы мага ушунчалык ишеним менен саал жалооруңку коюла түштү. Ошону менен ал көздөрдө артта калып бараткан жаштык эркөөнүн учкундары жылт этип, кечигип кайра беттешкен бактысына кубаныч да, кантсе да чын төгүнүнө анча-мынча коопсунуу да окулуп турду.

– Күтүп алам, – деди Аля адресин узатканда көзүмө тике карай албай, саал кызарып кетип.

– Биз бири-бирибизди аңдышып сыр чечише албадык, – негедир. Анда сыр жашырышпасбыз?.. – дедим.

Биз күлдүк. Мен адресинин тактыгын карап жатып сынамакка минтип коштум:

– Атыңыз Айдана эмеспи?

Аля жарашыктуу жылмайды.

– Эмне үчүн андай деп айтасыз?

– Коюнузчу эми, сиз мени кантип эле таанабай турасыз? Оор шартта – кырк экинчи жылы Көк-Арт өрөөнүндөгү бир кыштакта биз биринчи жолу жолугушуп, сиз биздин мектепте иштеп... анан...

– Жок Сапарбек, сиз жаңылышып атпаңыз. Менин атым Алмагүл, согуш жылдарын ушул Чүй боорунда өткөргөм. Кандай гана күндөрдү баштан кечиргенибиз жок дейсиз. Менин өмүр баяныма кызыгып калдыңыз көрүнөт, ушул барышыңызда түк калтырбай айтып берейин. Убадам ушу...

Менин ичимде кыл-чылбыр сыңары чың тартылып турган нерсе күрт этип үзүлүп кеткендей болду да, өзүмдү колдон чыгарып шалдайып туруп калдым.

– Кошуңуз эмесе, Сапарбек. Тез жолугушканга чейин...

Алянын сунулган аппак колун шап кармадым да, акыркы жолу анын көзүнө тигилдим. Бул укмуш сулуу көздөр болучу. Бул алда качантан бери мага сөзсүз тааныш көздөр болучу.

Мен кала бердим.

«Ырас эле мен жаңылып калдымбы? Мен чын эле ошончолук жаш бала белем? Жок! Мен адамды ылгап ажыратар курагымда болучумун. Ырас, мен кырк алтынчы жылы бир жарым ай эс-учумду билбей ооруп жаттым, андан кийин да көп оорудум. Элүү жетинчи жылы саламаттыгымдын абдан начар болгуп турганына

карабай наркоз алып, боорума, ашказаныма операциялар жасаттым, бир нече күн эсиме келе алганым жок, мына ушул себептерден, балким, Айдананын жүзүнүн чыныгы белгилерин жадымдан чыгарып жибердим беле? Жок, андай эмес, ага көңүлүм күбөлүк бербейт... «Бул сөзсүз Айдананын көздөрү. Анын моюнга албаганынын, балким, терең себептери бардыр...».

Адамдык абийирим мени түнү бою уктатпай кыйнай берди. «Эмне үчүн мен ушул убакка чейин Айдананын кийинки тагдырын билүүгө кызыкканым жок? Анда бала болсом, кийинки учурларымдачы? Менин бул жоругумду адамгерчилик кандай баалайт?..».

Эми санаторияда дем ала албасыма көзүм жеткен соң, мөөнөтүмдүн бүтүшүнө бир нече күн бар экендигине карабай, жөнөп кеттим. Мен Фрунзеге да токтолгонум жок. Аляга да бурулганым жок... Мен ага анан келем. Сөзсүз келем... Анын өмүр жолунун изи менен келем, анын бардык жашырын сырларынын түйүнүн ага айттырбай өзүм биле келем...

...Райондун борборун как жарып өткөн кең көчө бүгүн аңгырап ээн сыяктанат. Демейки кым-куут машиналар да, аркы-терки калдастап баскан адамдар да бир жакка сиңип кетишкендей, тунжурай түшкөн көзүмө түк илине бербейт. Айлана бут серппей талып калгансыйт. Мен көчө жээктей шылдыраган сууну бойлоп араң басып баратам. Желкемден эбегейсиз оор жүк түшүп бүткүл булчуңдарым жыйылып, таштай катып калгансыйт.

Мындан бир ай мурда курорттон кайтарым менен райондук архивдин документтерин каздырып, Айдананын мындан көп жыл мурда сууган изин таап, андан военкомат аркылуу медсестралардын ылдамдатылган курсуна жиберилгендигин билип, кандай гана сүйүнгөнүм жок... «Аля, сен канчалык жашырынсаң да менден из буруп кутула алганың жок» деп жибердим. Ал турсун Аляга кантип жолугарымды, кантип аны таң калтырарымды да

болжоп алганымчы. А бүгүн мына бу колумда мыжыга кармап бараткан кичинекей кагаз башымдагы иллюзияларды куюн соккондой учуруп таштабадыбы?.. – «Медициналык сестра Садыкова Айдана 1943-жылы 7-март күнү Полтаванын алдында немецтик-фашисттерге каршы жүргүзүлгөн согушта өз Родинасы үчүн алдыңкы чекте баатырларча курман болгон...». Менин көзүмө эч нерсе көрүнбөй мунарып, кулагым эч нерсе укпастай тунжурап, муундарым шалактап бошошконсуп, үнсүз гана бет алды кете бердим... Азыр эле сабап жаап өткөн жайкы өткүнгө жуунган тал-теректер шак бутагын салбырата төмөн сунушуп, терең аза күткөнсүшөт. Коргошундай салмактанган кара булуттар каканактап жаш төгүп, тоо баштарын жанып, жай удургушат. Булут жарып чагылган учат...

Бул күндөрдө көөдөнүмө жык толуп буулуп турган бир күч мени бийлеп жүрө берди. Ушунча күндөн бери өзүмдү-өзүм куру кыялдар менен алдаганыма өкүнөм... Бирок көңүлүм дагы эле жамандыкка күбөлүк бербей кетет. Айдананын жароокер жаркын жүзүн көз алдыма келтирип, аны түк кыялбайм. Аны кантип кыям? Кечээ жакында эле көрүп келбедимби... Ушул учурда Шайыр эжеден баягы кезде кошо түшкөн Айдананын сүрөтүн да таптым. Бул кандай оор!.. Ырас, мен жаңылган экемин... Айдананын айрым өзгөчөлүктөрүн мезгил, жылдар менен эсимден жууп кеткендигин күмөнсүнбөй моюнга алдым... Мен шалдайып отура бердим. Бул оор эле... Адам болгондугум үчүн оор эле...

...Окуу жылынын башталыш күндөрү жакындап келатат. Бул учур жазгы айдай жай алалбас мезгили. Ага карабай менин көңүлүм чөгүңкү... Кечке иш менен алек болуп басып жүрөм да, кыялымда оор бир нерсе турганы турган. Андан мен өмүр бою кутула алар эместеймин. Бул Айдананын оор тагдырына карата өкүнүч беле, же башка себептенби, билбейм...

Мектептен чыгып бак түбүндөгү скамейкага эми отурганымда, кара чачын дал чокусуна мунарадай соксойтуп түйүп, жаңы стилде кийинген ак жүздүү кыз автобустан түшүп, мени беттеп келатты. Анын бир колунда капкара кайыш чемодан, экинчи колунда тулуптун сыңары түптөгөн модалуу кызыл торбо бар эле. Кыз мага жакындап келип кайдигер унчукту:

– Мектеп директору кайда?

– Ушул жерде, келиңиз, отуруңуз.

– Жок, директордун өзү керек.

– Мен, – дедим ага карай басып.

Кыз менин чарба жумушунда кийинген кийимдериме, анан баш-аягыма, негедир, көз кыйыгы менен ишене бербегендей карап алды.

– Мен агроном болуп келдим. Атым – Сабира. Соня десеңиз болот.

– Абдан жакшы. Отуруңуз, Соня, отуруңуз...

Мен Сабира менен сүйлөшүп отурдум, институтту жакшы бүтүптүр. Биздин кыштак, кыязы, ага анча жага берген жок. Сабира бирде саал кабак бүркөп, бирде анымуну сурап, кээде мүчөсү келишкен денесине жарашкан мышыкча жумшак кыймыл менен ары-бери басып турду. Кээ бир нерселерге дароо эле кол шилтеди. Турмуш прозасына чындап белчесинен бата элек бүгүнкү айрым жаштар бир жагы эрке, бир жагы саал скептик келишет, ошон үчүн анын жоруктарына терикkеним жок. Турмуш аларды бат эле окутуп аларын мен жакшы билем...

Завхоз келген соң адистерге даярдалган үйлөрдөн жакшы бөлмөсүн беришин буюрдум. Ал Сабираны ээрчитип узай берди. Мен алардын артынан кош көңүл карап турдум. Көптөн оор тарткан чөгүңкү көңүлүм, негедир, туйлап кетти. Эсиме алда бир нерсе кылт эте түштү: ал мындан жыйырма беш жылга жакын илгери дал ошентип бригадирди ээрчий басып бараткан Айдананын элесин көз алдыма жылт эттирген эле. Мына азыр Сабира дал

ошондогу Айданага окшоп кетти. Ырас, дал ошого окшоп кетти... Ооба... анткени Сабира Айдананын жаштыгын улантууда... Анын эрте токтолгон жаштыгын... Ата-Журт үчүн... Сабиралардын бүгүнкү жаркын бактысы үчүн токтолгон жаштыгын улантат...

Көөдөнүмө алда кандай кубанычтуу да, ишенимдүү да сезим жык толот. Көңүлүм эргийт. Баары сонун көрүнөт. Кылт этип Алянын укмуш сулуу көздөрү түшөт эсиме... Ырас... ал көздөр эсимден эми түк кетпесине ишенем. Менин көөдөнүмө терең уялаган кусалыктын тамыры да дал ошол көздөрдө. Мен ал көздөрдү көп жылдар бою, балким, өмүр бою издеп жүргөмүн. Анын тереңинен өзүмдүн түгөнбөс бактымды көрүп турганыма күмөнсүнбөйм. Ишенем. Бул жаңылыштык эмес. Мен өмүр бою издеп жүргөн кымбат нерсемди таптым... Жүрөгүм астыртан ээлигет: «Мен ага барам... Сөзсүз барам».

Үйгө шашылыш келип, Аляга кат жазууга отурдум...

*Январь, 1965-жыл, Ош.*

## ӨКҮМ

*(повесть)*

Артык «Кум-Арык» башталгыч мектебине башчы болуп дайындалып келди. Шаардан алыс элет жер. Мектептин имараты төш жактагы тектирчеге салынган эски үй экен. Пешайбанынын алдына коюлган каарысы төрт кырланта жылмалап чабылып, салаа-салаа панжираланып түрдүүчө оймо-чиймелер менен коолдолгон. Жакын-жаркын ташталган торсундарынын аралары жаңгак жыгачынан чабылып, беш колдун салаасындай тизилген увасажуп менен кыналыптыр. Кичирээк дарчалары шыпка жакындата бийик орнотулуп, дубалынын

ички беттери төрт бурчтуу текчелер менен толтурулган. Сырткы дубалынын кээ бир жерлерине жамгыр тийип жууп кеткен болсо да, сарап тартып жабылган үчүн сынын бузбай зыңкыйган бойдон турат. Бир кезде селдесин кыяван жылып чалынган эшен-калпалар күрпүлдөп доорон сүргөн болсо керек.

Окуунун башталышына али бир айга жакын убакыт бар. Артык күн сайын айылды аралап, эл ичи, жер шарты, эл менен таанышты. Ийри-буйру кеткен чоң жолдун боюна иретсиз орношкон кыштактын көрүнүшү биринчи күндөрдө көңүлүнө анчалык жага берген жок. Жепирейте жалпак жабылган боз тамдар бир беткей көрүнүш берип, карап турган кишинин көңүлүнө кандайдыр көңүлсүз кусалык чакыргансыйт. Артыктын ичи демделип өзүн өзү буулуккан абалда сезет. Бир жакшы жери бак-дарак мол экен.

Мектепте эки-үч мугалим бар экен. Булардын ичинен бирөөнүн гана сабаты түзүгүрөөк эле. Калгандарыныкы болсо эптеп-септеп... ал турсун, бирөө эжелеп окуп, онтолоп жазып, төрт амалды араң уруштурган жан болчу. Мындай жерде иштөөнү өзүн кемсинткендик катары ойлоду Артык. Анткени, атайын адистикке ээ болгон билимдүү жигиттер шаар мектептери үчүн да, башка уюмдар үчүн да таңсык эмеспи анда. Бир нече күндөр иренжип кош көңүл болуп жүрдү да, кайра: «Кой, кыштакта эле өскөн жан эмес белем. Али кызматтын эмне экенин биле элек туруп, кызмат тандаганым эч кимге жакпас. Ушул жерде эле иштейин, анан бара-бара көрө жатармын» деген бекем чечимге келди да, чыгынып ишке кирише баштады.

Артык жигиттикке бой тартып, бир жагынан билими бар адис болду. Бул анын мурдагы чогоол мүнөзүн ого бетер чыңдады. Өз оюна келгенин «мындай» деп бир айткан соң кайра түк кайтчу эмес. Анткенинин себеби, албетте, турмуш чындыгына үстүртөн көз карашынан,

турмуштун татаал агымына карата өз алдынча кадам шилтей электигинен го! Бир жагынан өмүрү азар көрбөй эркин өстү, эрке өстү.

Артыктын атасы Бакай бирөөнүн колун карабаган орто чарба киши болуп өткөн. Минерине ат, саарына уй, бир кош өгүз илгертен өксү болгон эмес. Чарчабаган эмгекчил, бүйрө киши эле.

Атасы өлгөндө Артык он эки жашка келип калса керек эле, жетим калды деген аты болгон менен Артык жетимчиликтин дагын тарткан жок. Атасынын жоктугун гана айтпасак, он эки жаштагы эрке бала үчүн эч кандай өзгөрүү болбогондой эле сезилген. Анткени, оокатка чыйрак апасы үй-тиричилигин былк эттирбей колго алып кеткен.

Арадан эки-үч жыл өтпөй Артык айылдык кээ бир балдарга кошулуп, шаарга кетет. Жалал-Абад шаары атчан кишиге түшкүлүк жол эмеспи. Антсе да апасы буга чын дили менен каршы туруп көрдү.

«Айланайын балам, – деди айласы кеткенде, – ата-бабаң окубай эле келген. Адам маңдайына жазганын көрөт. «Аккан арыктан суу агат» деген, сенин уругунда чоң болуп, эл башкарып келгени деле жок. Кудайга кулдук уруп, маңдайымда отурчу. Атаң ыраматылык болгондо сени окууга жибермек турсун, үйдөн карыш чыгарбайт болчу. Койчу, айланайын».

Артык апасынын сөзүнө боло койбоду.

«Барам дедим барам. Мен окушум керек...»

Бул сөздөрдү ал акылында санаган жыйынтык катары айтат дейсиңби. Жок. Бар болгону өзүнө теңтуш балдар кетип жатышпайбы, бир жагынан шаарда жүрүү ал үчүн кызыктуу да... Мына, беш жыл учуп өткөндөй сезилет. Артык педагогика окуу жайын бүтүп, бир кесиптин түбөлүктүү ээси болду, өз тизгини өз колунда – баары алдында.

Ал эми канатын тарап, учу-түбү чексиз турмуш мейкиндигине карай учуп чыккан жаш барчын.

Артык окууну бүткөн соң өз айлына барууну эңсеп жүргөн эле, бирок областтык ОНО жүргүзгөн бөлүштүрүүдө, ушул «Кум-Арык» мектебине мектеп башчысы кылып дайындашты.

Жаңы окуу жылынын биринчи күнүнөн тартып, тизмеге катталган окуучуларды мектепке толук тартып алышты. Балдарын мектепке жиберүүгө каршы турган бир да ата-эне болгон жок. Өспүрүмдөрүнөн тарта кичинекей бөбөктөрүнө чейин окууга жапатырмак дилгир экен. Артык мындай жөрөлгөгө абдан кубанып калды. Күн өткөн сайын кагаз, калем кемчиликтери толукталып, иштер жөнгө салына берди.

...Артык комсомол уюмуна секретарь болуп шайлангандан кийин жаштар арасына тез эле сиңип кетти. Жыйырма жаштагы нооча бойлуу, карасур келген сулуу жигиттин сезгич, шамдагай жүрүш-турушу, шакылдаган ачык мүнөзү кимди болсо да өзүнө тартпай койчу эмес. Айрыкча анын демилгелүү аракети жаштарды өз айланасына тез топтоочу. Эскиликтин ар кандай калдыктарына каршы катуу күрөштөр жүрүп жаткан ал шартта комсомол уюму кыштактын бардык турмушуна катышпай коё алуучу эмес. Сабактан кийинки бардык бош убагын пахта талаасында иштеген элдин арасында өткөрөт.

Кары-жаш дебей болгон күч пахтанын асылын жыйнап алууга жапырт багытталган. Бардык иш кол эмгегине тиешелүү.

Комсомолецтердин саны көп эмес болучу, антсе да башка жаштарды кошуп алып, эки бөлүнүшүп өздөрүнчө иштешүүчү. Ортодо чоң жарыш.

Артык бүгүнкү эки саат сабагын окутуп коюп, те алыскы алтынчы бригаданын аянтында теримде жүргөн жаштарга барып келмек болуп жөнөдү. Ал кыштактан чыгып, арык бойлото тигилген тыттын түбүндөгү жалгыз аяк жолдо узун буттарын чоң-чоң арыштап, шамдагай басып баратат. Мелтиреп жаткан пахта аянттарынын

наркы чети чексиз созула берип, тээ-тетиги бозоргон адырлардын түбүнө барып такалат. Бир кездеги кара кочкулданып дүгдүрүм тартып жаткан өскүлөң гозолор четинен жайнап ачылган. Кайсы жагына жүз буруп карабагын, ак этегин алдына байланган кызыл-тазыл кыз-келиндер, жигиттер көлдө сүзгөн аккуудай пахта деңизинин бетинде калкыгансыйт. Кээ бирлери тергенин кырманга төгүп кайра келатса, дагы бири тээп салып, чымчып араң бууган кепе барандуу пахтасын төбөсүнө кондуруп, колун өйдө көтөрүп, бир жеринен жөлөбөстөн арыктын кыры менен дилгир басып шүдүгөрдүн орто чениндеги кырман жакка бет алат. Баарынан да кырманда жандуу кыймыл. Дугдуңдаган эки жигиттин бири асылып коюлган канар каптын ичине түшүп алып, сызгырылып маңдайынан аккан терин калкандай чоң колунун арты менен сүртүп коюп, экинчиси сузуп салган пахтаны бардык салмагын аябай, каптын бурч-бурчуна жеткире тээп, тигини шаштырат. Улам толгон каптын оозун бууп, четки каптарга жеткирип, тике жөлөп коюшат да, кайра экинчисине киришет. Бешилигин колуна кармаган ээгинде беш-алты кыл сакалы бар киши жайылган пахта буласына тынчтык бербегенсийт, бул тарабынан тигил четин көздөй бир баштан кырчып аралаштырып чыгат да, наспайынан эрдине кысып коюп, чүрмүйүп бир аз турган соң, туурасынан ал жагын көздөй кайра аңтарып кирет. Кырманга сыйбаган ак пахталар булуттай булайт.

Артык чоң арыктын кыры менен теребелге көз чаптырып кете берди. Тээ наркы четте терип жүргөн калпакчан жигиттин коңур үнү түк тыйылбайт.

Сабакта кош алмадай,
Төш канаңдан кетейин.
Сабап койгон пахтадай,
Көш канаңдан кетейин.
Чилги кара жүзүмдөй,
Көз канаңдан кетейин.

Шарабы жок мас кылган
Сөз канандан кетейин.
Өлсөм – өлдүм, кетейин,
Өлбөсөм сага жетейин.

Артык издегендерин тапты. Алар бир четинен экиден агет алып катар түшүшкөн болсо да, ар кимиси ар жерде баш көтөрбөй иш менен алек.

Күн көкөлөп баратат. Иш кызуу, ар кай жерден созолонгон ыр угулат. Ал теримчилерге кол-кабыш кылды. Түштө баары кырманга келип, бардандай самоорго кайнаткан ысык чайдан күнгө кактала олтуруп, кангыча ичишти. Тамашалуу сөздөр айтылып, шайыр күлкүлөр төгүлдү.

Артык ала келген газетасынан кээ бир кабарларды окуп берди. Айрымдары өзү түшүнбөгөн бир нерселерди сураган болушат. Газета окуунун аягы аскиелүү тамашага айланды.

Аркы четте отурган ак жүздүү, кагелес бойлуу чибек кыздын сырткы көрүнүшү Артыктын жүрөгүнө ток тийгендей таасир берди. Жигит арык кырына көчүк баса отурган калыбында чыканагын тизесине таяп, колу менен бети-башын, саал кочкор тумшуктанган кырдач мурдун сыйпаламыш болуп, байкатпай астыртан кыздын тунук жүзүнө суктана тигилет. Кыз да жигиттин бул абалын байкап калды көрүнөт, бир-эки жолу экөөнүн көзү чагылыша түштү. Бир мүнөт да тиктеше албай, көздөрү төмөн карай жылмышат. Кыздын көк чыбыктай солкулдаган чибек бою, кара көздөрү, кырдач мурду кемтиксиз кылып атайы жасагандай учурады Артыкка. Анчалык узун эмес коңур чачтарын чымындыктай майда кылып өрүп, баш-аламан болбосун үчүн ичке кара жип менен тизип койгондуктан, далысын сылагандай тегиз жаап, үстүнөн баса кийген зар топу кандай сонун жарашат. Бутундагы саймалуу жалтыраган намеркен өтүгү, кызыл-ала атлас көйнөгү, атайы ушул кыздын жарашыгы үчүн гана жаралгандай. Жашыл кыжымдан тигилген тар кемзири

чыбыктай денесине чыпталышып, бөдөнө тумшуктанган кош көкүрөгүн даана билгизип турат. Сатаң жүрүш-турушундагы кыймыл аракетин, азыраак уяң, көз карашын, бир түрдүү жылуу сезим менен учуратты Артык. Жүрөгүндө кандайдыр сөз менен айта алгыс бир нерсе пайда болгонсуп, денеси астыртан билинер-билинбес чымырагансыйт. Ал өзүнүн бул абалын эмне деп айтарын билбей, муңайым гана отура берди. Артык бир кыйладан кийин мурда бир эки жолу бирге болуп сүйлөшүп калган Алима деген келинден кыздын жайын сурады. Келин болсо кыз жөнүндө толук айтып берди. Кыздын аты – Айдай. Ата-энеси ушул айылдык кишилер...

Түштөн кийин Артык Айдайга жам тарта, ага маалалаш түшүп пахта териштп. Тергендерин анын этегине кошот. Ыгы келе калганда андан-мындан акырын сүйлөп, кепке алаксытат.

– Сиз менден алысыраак териңизчи. Элдер карап турушат. Жакшы болбойт, уят, – деди кыз уяң тарткынчыктап. Үнү калтыраңкы чыкты.

– Макул, макул, – деди да бир аз четтеп сөзүн улантты Артык, – Комсомолго эмне үчүн өтпөдүңүз ушул убакка чейин?

– Уруксат беришпейт, – деди кыз чанакка карай эңилип жатып.

– Эмне үчүн? – Артыктын калың кабагы эки көзүнүн ортосуна чогула түшүп, кыздын жүзүнө суроолуу карады.

– Кызыксыз-а, билип туруп айтасыз да...

– Коюңуз, карындаш, ал мезгил өтпөдүбү. Азыр ар ким өз тагдырын өзү... – Артык капкайдагы үгүт-насаатын айтып, туш-туш жагынан торгоду. Сызга түшкөн как кесек нымды өз боюна кандай байкалгыс сиңирип жаткан сыяктуу жигит менен кыз да бир-биринин сырын астыртан тартып жатышты.

Дем алыш күнү эртең менен Артык бир мугалимди ээрчитип, айылдын төмөнкү мааласына карай бет алды.

Алардагы максат – сабатсыз адамдардын тизмесин алып чыгуу. Элүү жаштан төмөнкүлөрдү кечки ликбез мектебинде окутуп, сабатын ачуу маселеси абдан катуу коюлуп жаткан.

Эки мугалим үйдөн-үйгө киришип алардын сабаты менен таанышып жатышты.

– Аттаганат, айланайындар, бизди молдо кылып койсоңор кана, – деди бир бутунан сылтып аксап баскан сары сакалдуу киши мыскылдагандай, бирок анын чын пикиринде мыскылдоо жок болучу.

– Биз молдо кылбайбыз, сабатыңарды ачабыз, аксакал, – деди Артык ал кишинин аты-жөнүн кагазга жазып жатып.

– Ээ айланайын, иши кылып, китеп ачып, кат тааныса молдо деген ошо да!

Артыктар үй ээси менен коштошуп, төмөнкү үйгө бет алышты. Алты паксалуу чакан гана коргон. Коргондун эшигин ачып баш багышканда эшик алдында токулдатып жыгач жонуп жаткан суйдаң кара сакал киши отурган жеринен мойнун буруп, бүшүркөп карады. Ал киши сол бутун астына бүктөп коюп, оң бутун сунуп отурган калыбынан козголгон жок. Мугалим жигиттер салам берип, анан келген себептерин айтып түшүндүргөндөн кийин гана теше-балтасын жанына таштап, жер таяна өйдө турду да:

– Өзүбүздүн балдар тура. Ээ, катын, чык быякка, балдарга төшөк салывер. – деди.

Колдун учу менен чымчып койгондой кичине мурундуу көк көз, сары аял үй ичинен чыгып, пешайвандын кыбыла жаккы бурчундагы чарпаяга постек төшөп орун салды.

– Бол, чай кайнат, катын, – деди аялын шаштырып. Анын «К, Г» тыбыштарын атайылагандай такалап сүйлөшү Артыкка кызык угулду.

– Жок, тим эле койгула, – деген жигиттердин сөзүнө үй ээси көнгөн жок.

Коргондун ичи анчалык чоң эмес, бирок өтө тартиптүү. Анын ичинде торпоктуу уй, ат байланып турат. Коргондун төр жагы жык толо жемиш багы. Өрүктөрдүн кызгылт сары жалбырактары элпек желге туруштук бербей, анда-санда үзүлүп түшөт, супалар жалбыракка опурулат.

Бул кишини уста Нышан деп коюшат. Анын илгеритен бери кылган кесиби жыгач усталык. Жыгач уста болуп деле анжияндык усталардай панжиралап үй салып, оймо-чиймелеп жабан жасаган эмес. Сайталдын ноодаларынан кыйып келип, ныптасына тердикти таңып алып кыйкаңдатып жамбашы менен тал бутагын тезге басып, боз үйдүн сөөгүн жасайт. Нышандын кылган кереге-уугу деп тарпи кылып аваз көргөн кардалдар алыстан келчү.

Нышан акыркы учурларда бул өнөрүн колунан чыгарып койду.

– Кана, балдар, дасторконго карагыла, – деди жантая отурган калыбында чай куюп узатып жатып. Анын суйдаң сакалы сербейип бириндеп, кара сатинден кебез салдырбай делбиретип жука тиктирген желеги арык денесине жабышып, тулкусун жаш баладан айрып алгыс чакан кылып көрсөтөт.

Нышандын быртыйган манчаларын, чүкөдөй болгон кичинекей тулкусун өзүнүн бакыбат денесине салыштыра карап, бир алдын Артыктын күлкүсү келди.

Чай ичилип бүттү. Мугалимдер келген себебин айтышып, түшүндүрүштү эле, Нышан этибарсыз гана мамиле кылды. Чынында да Нышандын жашы элүү бешке таяп калган.

– Эмесе аялыңыз барып турсун, аксакал, – деди Артык аны тизмеге каттап.

– Эми менин катыным мудаарыс болбойт, жазбай эле койгула, балдар, – Нышан быртыгый чор колдору менен бириндеген кара сакалын кашылап жаткан калыбында ичкиликче чалып сүйлөдү. Алакандай болгон кичниекей

бетинен жактырбагандыктын жышаанасы байкалып турду.

– Кеп мудаарыс болууда эмес, аксакал. Сабатын ачыш керек болуп жатпайбы.

– Менин катыныман башкасынын эле сабатын чыгаргылачы.

– Жок, – деди Артык кычаштанып, – сиздин аялыңыздан баштайбыз.

– Ии, менин катыным мине экен?

– Сиздин аялыңыздын сабаты жок.

–Кимдин сабаты чыгып, менин катыным калыптыр?

Нышан титиреңдеп, көзүнөн чаары чыга түштү.

– Элдин көбүнүн сабаты жок. Алардын сабатын ачышыбыз керек.

– Кой, сен кер аяк бала көрүнөсүң, менин катыным барбайт, – деп шарт бурулуп, текчедеги керкисин алып, чаап жаткан жыгачын кармады.

Артык да бир нече сөз айтып, экөө кыйла тартыша түшүшкөндө, коргондун эшиги «кыйк» этип ачылып, бир аялды баштап, баягы күнү пахта териминде таанышкан Айдай деген кыз кирип келди. Ал уяң гана жер тиктей басып баратып:

– Келиңиздер, – деди да үйгө кирип кетти.

Кызаңдап калган Артык кызды көрөр замат басаңдай түштү.

Жолдо баратып Айдай ушул Нышандын кызы экенин укканда, Артыктын жүрөгү тыз этип, ичинен катуу өкүнүп калды. «Кап, – деди жанындагы мугалимге билгизбей, – кызуулугум калбай турган болду. Эми кызына да айтат, мүмкүн, сөгөр, – үнсүз гана басып кете берди, – менин бул жоругум такыр туура келбейт. Караңгы кишилерге ушинтип мамиле кылганым болобу? Ай менин мүнөзүм, кап!..»

Күн өтүп жатат. Айдайдын элеси Артыктын сезимине терең ойной берди. Ал эртели кеч таттуу кыялдардын толкуну менен кошо алдас урат. Сабак окутуп жатканда

да оюна кылт этет. Анткени кызга даап барып бир ооз да сөз айта элек. Бирок жакшылап таанышып алды, кыздын да Артыкка болгон мамилеси өзгөрүлгөндөй, пайдалуу жакка бурулуп баратканы байкалгансыйт. Бир жакшы нерсе – Айдай эми комсомолдун мүчөсү. Артыктын жандуу үгүтү текке кеткен эмес көрүнөт.

...Комсомол чогулушу кеч тарады. Толгонай мелтиреген чексиз асман деңизинин бетинде каалгып сүзүп баратат. Кеч күздүн коңур жели муздак алаканы менен эркелеткендей бети-башыңдан сылап өтөт. Үйлөрдүн дарчаларынан шыкаалаган бирин-серин гана жарыктар көрүнгөнү болбосо, кыштак тунжураган тынчтыкта. Аңкаңк этип түндү бузган иттердин да жаагы жап болгондой.

Алима, Артык, Айдай – үчөө аны-муну сүйлөп жай басып келатышат. Жалаң көйнөкчөн Айдай сууктан ичиркенип койду эле, Артык пиджагын чечип, бирок ага жабышка батына албай, Алимага жапмак болду. Кексе келин тигинин ички сырын байкап коюп:

– Кой кокуй, кокус, күйөөм утурлап чыгып калса, ар убак коопсуп жүргөн бечара корсулдап жүрбөсүн. Кой дээрге кожосу жок Айдайга жапсаң, – деди куйкумдуу сүйлөп.

Алима кош айтышып үйүнө бурулду. Алардын короосунун артындагы үй Айдайлардыкы. Тигил бурулуп кетери менен Артык көпкө токтолбой:

– Айдайжан, – деди мукактана. Анын оркойгон чоң ийиндери караңгы түндө алп элестүү болуп көрүнөт. – Айдайжан, капа этпесең... ...Артыктын сөзү-үзүлүп кетти. Ал азыр канчалык баатырлык кылганы менен андан ары сөзүн улай албайт эле.

Айдай жооп кайтарбастан, эки жагын элтең-элтең карады да, арыктын тигил өйүзүндөгү ай нурун жашырган талдын көлөкөсүнө өттү.

Артыктын калбыгыйыраак эриндери кургап, уламулам шилекейин жутат. Ал тамекисин аптыга-аптыга соруп ыктытып кетти.

– Айдайжан, менин жакшы тилегим бар эле... Сени мен... – Артыктын кубаты «сүйөм» деген сөздү айтууга жетпеди, – сенден ажырагым келбейт. – Ал боюн жакындата кыздын карысынан кармап, кучактоого батына албады. Башын төмөн салып, бутунун учу менен жер чиймелеп турган Айдайдын бою анын көкүрөгүнөн гана келет. Айдай да Артыктын колун бошоң кармады. Тилдер буула түшкөн...

Айдайдын үнү каргылдана кыйладан кийин сүйлөдү:
– Менин башым бош эмес, өзүңүз деле уккандырсыз.

– Эмне үчүн?!

– Жакында кайындап коюшту.

– Ушундайбы?

– Ооба.

– Өзүң маакул болдуңбу?

– Кайдан дейсиз. Менден сурар беле? – Айдайдын үнү акырын чыккан менен өзүнүн оор күрсүнүүсү, жалпы эле кыргыз кыздарынын кылымдык тагдыры байкалгансыды. Бир колу менен талдын баригин анда-санда максатсыз үзүп таштап жатты:

– Жок, – деди Артык чечкиндүү, анын шадылуу манчалары титиреп кеткенсиди. – Мен сенсиз... түшүнөсүңбү? Азыр кыздар өз башына ээ го?

Жигит кайдагы үгүттөрдү айтып, күйкөлөктөнүп жатат. Талдын түнкү жел менен түртүшүп, шоодураган добуш чыгарып турган жашыл шактарынын арасынан шыкаалаган айдын шooласы, бири-бириндеги чыныгы ыкласты мойнуна алган жаштардын таза сезимине күбөө болуп, сүттүү нуру менен бүткүл ааламды жарык кылып турду.

* * *

Жаз чыгып келатат.

Чындык жерде жатмак беле? Артык менен Айдайдын ортосундагы мамиле айыл арасында дүң болуп кеткен.

Эл оозуна элек коё албайсың да, бул сөз кыздын ата-энесине да жетти.

Айдай иштен кеч кайткан. Атасы менен энеси экөө эки жерде кабарчыктап отурушуптур. Нышандын көзүнөн чаары чыгып, шапалактай болгон кичинекей бети кубарыңкы, суйдаң кара сакалы бириндейт. Кирип келген кызын көздөрүн жүлжүйтүп зекий карады.

– Отур, – деди атасы ызырынып, – сен мине кылып жүрөсүң!

– Эмне кылыпмын? – Айдай жалтана сүйлөдү.

– Сен Артык деген маалим бала менен мине деп сүйлөшүп жүрөсүң?

Айдай дарча жакка бурулуп үн катпай телмирди. Майдалап өрүлүп жаагы ылдый төгүлүп турган коңур чачын кармалаган болуп, кабак бүркөп гана турат. Шиширээк ээгинин астынан ак тамагы бүлк эткенсийт.

– Эгари ошондой кыла турган болсоң, – деди Нышан жаак эттери титиреп. Кичинекей беттеринен каны качып, жүлжүгүй көздөрүнөн от чыккансыйт. – Менин сендей кызым жок. Өлгөн балдарымдын бири катары сенден кечем. О дүйнө, бу дүйнө жүзүңдү карабайм. Уктуңбу? Мен дос-душмандын алдында бетимди кара кылып жүрө албайм. Тирүүңдө кечем! – Ачуусуна чыдабай арык денеси диртилдейт, – жамандын тапканы жапалак дейт. Доңуздун мурдунан түшө калгандай неме экен. Бир жолу ушерге келе калып, бир паста дилиме азар берди. Мени коркута сүйлөгөн алакөөдөндөргө бере коёр кызым жок, уктуңбу?!

Нышан ачуусуна чыдабай зиркилдеп катынын сөгүп ыйлатты.

Анткени Айдайды аттуу-баштуу кишинин уулуна кудалап, өзү каалагандай мал-пул салган, аябай боёсу каныпкалган да. Нышан да бекеринен зиркилдеп жаткан эместир.

Айдай ызасына чыдай албай, түнү бою уктабастан көздөрү эки муштумдай болгончо ыйлады. Ошондон кийин көп ойлончу болду.

«Ооба, – деди ал акырында чечкиндүү жыйынтыкка келип, ата-энемди дос-душмандын алдында жер каратып эрге чыкпай куруюн. Алардан башка кымбат кимим бар? Эр деген – эр, кандай болорун ким билди? Качан да болсо баш калкалар бутам ата-энем го. Бир жагынан атамдын да пейли жаман, айтканын кылбай койбойт. Шулардын каргышына калсам, агарып-көгөрүп кетишим деле кыйындыр. Көңүлүнө азар бербей ата-энемдин сөзүн угайын...»

Артыктын болсо ар убак баш көтөрөргө чолосу жок. Мектептин кыбыр эткен ишинин баары анын мойнунда. Мугалимдери аны чыныгы жетекчиси катарында сезишип, мектептин гана иши эмес, өздөрүнүн жеке ойлорун да жашырбай айтышып, кеңешин угушат, бардыгын жашырбай ортого салышат. Алардын арасында, «өз билгенимди башкага берейинби, атасынын көрү...» дечүүлөрү жок эле. Артыкты мектептен бошонууга убактысы аз болсо да, Айдай жөнүндөгү ой баарын жеңип кете турган сыяктанат. Айрыкча, Айдай кийинки жолу өз пикирин айтып, баш чайкап терс баскандан бери жанын коёрго жай таппай, өз ичинен сызылып азаптанып жүрөт. Айдайга кошулбай калууну ойлосо, башына кара булут топтолуп, келечек үмүтү майсыз өчкөн чыракка окшоп күңүрттөнөт, өмүрү кызыксыз элестейт. Келечек жарык турмушунун, бактысынын ачкычы жалгыз гана Айдайдын колунда сыяктанат.

Кийинки бир нече жолку жолугушууда Артык чечкиндүү туруп, чын сырын айтты.

«Айдай,– деди ал, күчтүү ички сезимден муундары калчылдап, – Айдай, мен сенсиз жүрө албайм. Ар бир адам өз сүйгөнүнө кошулуу керек. Ансыз турмуш кызыксыз. Түшүндүңбү? Өз башыңды сүйбөс жанга байлагың келеби?..» Айдай болсо ак-көк дебей телмирип жер карайт. Чынында «Жок» деп айтайын десе да, көөдөнүн кыскан бир күч бийлик кылып, тилин күрмөөгө келтирбейт.

Жаңы окуу жылынын башталышында шарт такыр башкача болду. Артыктын демилгелүү аракети, жакшы жүрүш-турушу районго да белгилүү болду.

Окуу башталардан бир ай мурда аны райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы чакырды.

– Жолдош Бакаев,– деди ал кадагандай кесе сүйлөп. – Сени райондун борборундагы «Ак-Терек» орто мектебине директор кылып алып келсек деп макулдаштык.

– Кандайча себеп?

– Себеп ошо, иштейсиң. Жаңы уюшулган орто мектеп. Быйыл биринчи жолу сегизинчи классы болот.

– Бул иште менин эч кандай тажрыйбам...

– Эч нерсе эмес, тажрыйба иш менен кошо келет.

Албетте, абал начар, көп иштөө талап кылынат. Артык «макул» дей албай, ойлонуп башын кашылады.

– Чочулаба, жардамыбызды аябайбыз.

– Макул!

* * *

«Ак-Терек» орто мектебин Артык мурда көргөн эмес. Ишти өткөрүп алыш үчүн райондук эл агартуу бөлүмүнүн инспектору экөө мектепке барышты. Мектептин имараты ремонттон өткөрүлгөн экен. Бирок, ремонт кезинде эшикке чыгарылган мебелдер ичкери киргизилбей орду-ордунда тартайып, күнгө какшып жатат. Жамгырларда да калса керек, жаңыдан сырдалган парталардын беттери кайра жарылып, коңторулуп кетиптир.

Артык жанындагы инспектор жигитке кайрылып жай гана сурады.

– Бу кандай кеп? Мектептин ремонтун аяктай элегинде директорду бошотуп жибергениңер?

Инспектор жигит кайдыгер гана ийинин кысып койду:

– Мен отпускадан жакында кайттым. Чондор өздөрү билет да!

Артык мугалимдерге бала жиберип, кечке маалкыга чакыртты да, өзү ошол жерде басып жүрдү. Мектептин жанынан жайы-кышы өксү болбос чоң арык суу өтөт. Ошого карабастан, беш-алты түп эски талдарды айтпаганда, кийинки жылдарда кастарлап сайган бир түп да бак көчөтү көрүнбөйт.

Узун бойлуу, арыкчырай жигит келип учурашты да, ал ушул мектепте мугалим экенин айтты. Жаагында бармак басым калы бар, чүйлү мурун, шиш ээктүү бул жигитти Артык мурда да көрүп жүрүүчү.

– Сиздин фамилияңыз... – деп Артык сөзүн бүтпөй суроолуу тиктеди.

– Абдрашитов.

– Кана, жолдош Абдрашитов, август айы минтип кирип келди. Жакында окуу башталат. Биздин азыркы даярдыгыбызды кандай деп ойлойсуз?

– Кандай дейт элем, жаман. Күндө-күн алыс мектепке келем да кайра кетем. Мындай кылалы деген башчы болбогондон кийин ушул экен. – Ал көңүлсүз абалда каалгыта те алыска карады. – Общум, кийинки жылдарда окуу-тарбия иши начар. Бул өзүбүздөнбү, же жетекчибизденби, билбейм, өзүбүз да андай абалга көнүп калгандай болдук – деп жай кыймыл менен папиросун жандырып, жер карады.

Кечке маал он чакты мугалим чогулду. Артык алар менен жай отуруп сүйлөшкөндө кээ бири дулдуюп мойнун терс бурду.

«Булар менен көп иштөөгө туура келет окшойт...» деген ой башынан өтүп кетти.

* * *

Артык мектептин кем-өксүгүн толуктайм деп, чарбачылык менен алек болуп калды. Биринчи сентябрь жакындап келатат, шашылуу керек эле. Ушул өтүп кеткен

он күндөй убакыттын ичинде ал өз боюна кароого чамасы келбей жүдөй түштү, бир эле сыйра кийими менен келгендиктен, тердеп-кирдеп да кетти.

Бир күнү эртең менен кийим-кече, буюм-теримдерин алып келип алыш үчүн Кум-Арык айылын көздөй жөнөдү. Ал кыштак жакшы жүргөн кишиге төрт-беш сааттык жол.

Артык кара жолду жээктей басып шамдагай келатат. Кээ бир жерлери эгинден бошонуп ак пая болуп жаткан күзгү талаааларга да анчалык назар салбады. Түрдүү ойлордун туманында. Ал ойлор – Айдай жөнүндөгү чечилбес түйүн.

Мына, Артык эми анын жанынан алыстап кетип баратат. Ушинтип бара-бара сундагып отуруп, аралык үзүлөбү? «Жок, мүмкүн эмес. Бүгүн колдон келсе Айдай менен сүйлөшөйүн. Окууну баштап алсам, анан көрөм...»

Артык түшкө калбай эле Кум-Арыкка жете келди.

– Ой, жашаң, курбум, – деди тракторчу Муса жакындап келаткан Артыкты көрүп, – сени бүгүн мында кудай жеткирди.

– Капырай, түшүнбөдүм. – Артык күлүп келип курбусунун колдорун кыса кармады. Кадыр көңүлү жагышуудан адамдар дос-жар болушат. Бир жыл бою коңшу турушканда алар далай түндөрдү сонун аңгемелер, сырдашуулар, үй-жай куруу сыяктуу сонун кыялдар менен өткөрүшкөн. Муса дайыма «Жарды сүйүп албаган сон...» деп чамынчу.

Күтпөгөн жерден Мусанын тагдырына коңшулаш айылдагы бир кыздын тагдыры кошулмак болуптур. Быйыл жазда эле Мусанын атасы кыздын эне-атасына барып, сый-сыпат менен баталашып кайткан экен. Муса ошондон кийин гана барып кызды көрүп келиптир. Бу жөнүндө Артык уккан эмес.

– Ушинтип бүгүн той. Бирге барып келели, дос, – деп Муса жылмайганда көк көздөрү жүлжүйө түштү.

– Чын жүрөктөн... – деди Артык Мусанын колун бек кысып.

Кечке маал Мусанын үйүнө курбу-курдаштары чогула баштады. Он бештей жигит болушту, булардын ичинде Артык да бар. Мусанын ата-энеси бир аксакал кишини куда башы кылып алдына салып, дагы бир топ катындар менен тойго соёр эки коюн, садага чабар улагын жетелеп бая эле кетишиптир.

Жигиттер бака-шака сүйлөшүп, коңшу кыштакка тез эле жетип барышты. Түн кирип калган.

– Тетиги чырак чыккан үй – биздин барар үйүбүз. Ушундай тура туралы, – деп Сабыр баштаган жигиттер арыктын кырына кынтайып жата кетишти. Жашы отуздардан ашып калган жапалдаш бойлуу, жарашыктуу кара муруттуу тракторчу Сабыр да арада бар. Ал күйөө башчыга бекер тандалган эмес: чукугандай сөз тапкан тилдүү, элдин жорук-жосунун ажырата билген эпчил жан.

Көп болду.

– Кайнатаң дагы калың салып бата бербей жатат окшойт, – деди Сабыр Мусага карап. Анын жарашыктуу кара муруту иңирде үрүл-бүрүл билинип турат. Ошондон көп өтпөй эле паныз чырак көтөрүп, бир топ караан чыкты үйдөн.

– Келатышат, – деди Сабыр.

Жигиттер жабыла туруп, сапка турган окуучулардай тизиле пастек бойлуу Мусанын эки жагына жарданышты. Артык жанындагылардан ийинче ашып турат. Ал кыштактагы жорук-жосундарды билбейт. Кыз оюнду, жигиттердин жүгүнүп ырдап келгенин билсе да, өзү күйөө жолдош болуп көргөн эмес.

Паныз көтөргөндөр жалаң кыз-келиндер экен. Алар токтой калганда, катар тизилип турган жигиттер колдорун бутунун учун көздөй сунушуп, белдерин ийилте, баштарын төмөн созуп жүгүнүштү.

– Кудай жалгасын, келгиле, күйөөлөр, – деди паныз чырак кармаган шыңга бойлуу келин. Анын жылаажын шыңгыр таза үнү майин жана кубанычтуу чыкты.

Анан күйөөлөрдүн бетине чырагын жагып карап, бир сыйра көрүп өттү. Кыздар өз ара шыбырашып, жигиттер жөнүндө сөз айткандай шыңкылдай түшүшөт.

– Отургула эми, күйөөлөр, балдыздарыңар менен боор батырышып алгыла, – деди алиги келин. Жигиттер да, кыздар да тулаң үстүнө жантайып отура кетишти. Бир азга үн-сөз тыйылып калгансыды.

– Кана, күйөөлөр, балдыздарыңар белек-бечкек күтөт. Комуз кагып, нават, кант жегилери келип турат. – Келиндин үнү бийик чыкты.

Бая Сабыр колтуктап келген ак түйүнчөктү келинге узатты. Келин белекти кыздарга үлөштүрдү. Кыздар комуздарын ызгыртышып, жарыштыра кагып киришти. Комуз кагуунун кезеги жигиттерге да өттү. Тамашалуу сөз, күлкү көбөйдү. Күйөөлөр менен кыздар боорлошуп алгандан кийин «токмок таштамай» баштап, бирин-бири кубалап ойношту...

– Кана эмесе, ыр баштагыла, – деди алиги келин.

– Жеңе ырга шашпаң, – деди Сабыр шак-шак сүйлөп, – эшик-төрүңүзгө жакын барып алалы, ыр бизден качпас.

– Кызыбыз төрүбүздө, кылыгыбыз өзүбүздө. Айтканыбыз менен болосуңар, айдаганыбыз менен коносуңар, ырдагыла, – деди зардалуу келин дүлөй жан бардай шакылдап.

– Макул, макул. – Сабыр башка айла калбагандай эки жагындагыларга карады. Жигиттер өзүңдөн башка айла жок дегендей үн катышпайт. Сабыр какырынып тамагын ырастады:

Ээ, десем тилим дал беле,
Эзилип сүйгөн жар беле.
Элиңе ырдап берем деп,
Эч көөнүмдө бар беле!

деп үнүн созгондо, тыптынч жаткан кыштакка жан кире түшкөнсүдү.

Анын коңур үнү түнкү таза абаны как жарып, кең талаалардын үстү менен учуп, алыска-алыска кетип жаткансыйт. Көп ырдап жүрүп тасыккан жигиттин үнү бир калыпта созулуп, кээде басаң тартып эркин чыгат. Тили да түк чалдыгып койбостон ар бир сөзү таптак:

Түн күзөтүп сайраган,
Таңда тилим кайраган.
Булбул да тең, мен да тең,
Мустарып калдың мынча сен...

Артык бул жигиттен мынчалык кымбат өнөрдү күткөн эмес. Кулагынын учунан өткөн жагымдуу авазга бүткөн бою чымырап, жүрөгү козголуп элжиреп баратат. Ыр улам жаңы күч менен жигиттин жүрөгүн жарып чыгып жаткансыйт.

Жигиттер Сабырдын ыры астында, жолсуз аңыз менен үйдү көздөй кол кармашкандай катар басып илкишет. Кыз-келиндер болсо:

– Шашпай баскыла! Үйгө жеткен менен эле кызыбызды колуңарга кармата койбойбуз, – деп улам алдын тороп, муунап токтотушат.

Ырды экинчи бир жигит узатты. Бирок анын ыры Сабырдын үнүнө мээнип калган эл үчүн, эчкинин маараганынындай эле таасир берди окшойт...

Акыры алар эшик алдына такай барып токтошот. Эңилип салам берүү ушул жерге жеткенде күчөдү.

– Белиңер катып калганбы, жүгүнгүлө, – деди баягы келин заңкылдап, Сабырдын ыры кайрадан уланып кетти:

Дилбар, Дилбар деп жүрүп,
Даргөйүңдө көп күйүп,
Дарыя болуп көз жашым,
Дарт чалдырды жаш башым...

Далайдан кийин бир тобу тегеректеше колтуктап, кызды алып чыгышты. Кыз бечара чоң жоолукту чүм-

көнө чалынып, бетин-башын бүтүндөй чулгап алыптыр. Бир-эки аял мурдунун алдында күңкүлдөп, «ак элечектин алды бол, эңкейгенде эгиз, тоңкойгондо тогуз...» деп бир немелерди сүйлөнүп, узун жип менен кыз-күйөөнү беттештирип чырмап таңып салды. Баятан союп даярдап турган улактын ысык өпкөсүн колуна алып, орто жаштагы аял таңылуу турган кыз-күйөөнү чапылдатып төбөгө чапкылап, садага кылып ыргытып жатты. Кыз-күйөөнү чече баштаганда, күйөө жолдош жигиттер да, тигил тараптагы кыз-келиндер да үймөлөктөп, чуру-чуу түшүп кетишти. Ушул кезде күйөө менен кызды талашып жаткан болчу. Анткени кайсы тарап сууруп алып кетсе, уткан болот да, жеңилген тарап бир нерсе берип ажыратып алат эмеспи. Ушул чуру-чууда күйөөлөр тарапка кыздар да аралаша түшкөнсүдү. Артык күтпөгөн жерден ага жардамдашып жаткан Айдайды көрүп чочуп кетти. Көрсө, Мусанын айлынан тойго келген кыздар намыс талашып, өз айылынын жигиттерине жардамдашып кетишкен экен. Бул жолу күйөө жолдош жигиттер мөөрөй алышты. Баягы шыңга бойлуу келин шак-шак сүйлөп беш-алты дасоромол, бир белге курчай турган жоолук апкелип, кызды жигиттерден бошотуп алды.

– Күйөө жанчыларды бекем болгула, зыян тартып калбайлы деп үйрөткөн экенсиз. Кызыбыздын буту-колун жулуп ала жаздашты, – деди келин заңкылдап, Сабырга карай кашын серпе сүйлөп.

– Кыз үчүн жанын да берет биздин жигиттер, – Сабыр ого бетер келиндин жанына тийип, жылмайып күлгөндө, жарашыктуу кара мурутунун астынан аппак тиштери паныз чырактын жарыгында жаркырап көрүндү.

Ошондон кийин бат эле кеңири үйгө киргизишти. Күйөө менен кыз төргө жайланышкан соң, жигиттер менен келин-кыздар бирме-бир болуп аралашып отурушту.

– Кыздар, – деди баягы топ башкарган шыңга келин, – машкичир болуп отурасыңар.

Бурч жакка тыгылышып отуруп алган кыздарды колунан ала дегдеңдетип сүйрөп, жигиттердин арасына жайгаштырды. Артык тополоңдо Айдайдан алыс отуруп калды. Анын эмки максаты кантип болсо да, сүйгөн кызы менен жанаша отуруу.

Дасторкон жайылып чай ичилди. Топ башкарган келиндин үнүнөн башка эч кимдин үнү чыкпайт. Чайдан кийин үй ичиндегилер өз ара таанышып, эки-экиден сүйлөшүп жатышкан. Эшиктен катын-калачтар сүрүлүп кирип келишти. Алдындагы ак жоолукчан катын:

– Ордуңардан тургула, күйөөлөр, кийит кийгизебиз, – деди.

Мусаны чечиндирип үстүнө костюм, бутуна өтүк, башына суусар тебетей кийгизип, белине атлас жоолук курчашты. Кыдыйган сары Муса сулкулдөгөн мырза болуп калса болобу. Андан кийин күйөө жанчылардын бирине жоолук, экинчисине допу, дагы бирине дасоромол берип жатышты. Ошолордун катарында Артыкка чекесине назик өткөрүлүп тигилген кооз дасоромол тийиптир.

– Мынаке, бүчү бооңор, – деп Сабыр алиги катынга бир тутам акча узатты.

– Эми, – деди элечекчен катын, – кыз силердики болот. Акыркы жолу ак сүтүн берген апасын, чачын сылаган эжесин, тарак-күзгүсүн ташып берген сиңдисин эске алгыла. Табагын жасап күтүп турушат.

Дасторкон жайылып, үч табак жасалып келинди.

– Кайнененер бир баш козу союп, табак жасатыптыр. Силер да марттыгыңарды көрсөткүлө – деди баягы шыңкылдаган шыңга келин ак чайнекти дасторконго эңкейип коюп жатып.

Тамак желгенден соң Муса чукуланып чөнтөгүнөн акча алып, кайненесиники деген дасторконго салды. Анан экинчи табакка бир нерсе салмак болду эле, Сабыр кой дегендей анын акчасын кайра чөнтөгүнө салдырды да, өз жанынан бир тутам акча алып экинчи дасторконго

таштады. «Ооба, – деди Артык ичинен, – бул табактардын чыгымын күйөөнүн жолдоштору төлөйт дечү.

Мына бу бир табагына мен акча таштайын».

Бата тартылды. Келин табактарды жыйнаштырып жатып кашын серпе сүйлөдү:

– Кайненеңер нааразы болсо, табагыңарды кайра ап-келип берем, угуп койгула, күйөөлөр.

Табактарды эшикти көздөй алып жөнөгөндө үй ичине батпай топурап турган катын-кыздардын көбү сүрүлүп кошо кетишти. Ушул учурда Артык ордунан шарт туруп, Айдайдын жанына которулду. Айдай жанындагылардан батына албай, ары карай кымсынып, боюн жыйырды.

Арадан көп убакыт өткөн жок.

– Кана, эми эшикке чыгып кыз оюн баштайбыз, – деди шыңга келин.

Чыгыш тараптагы бөксө тоонун үстүнөн көтөрүлгөн ай адыр-түздү сүттөй жарык кылып турат.

– Шамалга жакпай эле коёлу, айдын жарыгы жакшы турбайбы – деди кимдир бирөө.

Короонун четирээк жагындагы тулаңдуу жерге барып отурушту баары. Шакылдаган шыңга келин жоолуктан эшилген колундагы токмогу менен кээ бир кылыксынган кыздарды жон талаштыра бир чаап отургузгандан кийин, токмокту, табылгы саптуу камчыны Сабырдын алдына таштады. Ал камчы сапты бек кармап бир учун жерге сайды да, башын салаңдата бел ийип чалкалап барып, камчысап кармаган колунун астынан жыландай толгонуп өтүп, жыгылбай тик туруп кетти. Бул кыз-келин менен көрүшүүгө укук алганы.

Сабыр жагымдуу үнүн созуп, тынч түндү теңге жаргандай шаңшып кирди:

Анжиянга салдырган,
Караса көздү талдырган.
Мунар деймин келинжан,
Ашыглыктан сөз урсам,

Ынар деймин келинжан.
Каз-өрдөктүн паашасы,
Сонор белең, келинжан,
Кайра айланып колума,
Конор белең, келинжан.

Сабырдын коңур үнүнүн астында, кыз менен күйөөнү көрүштүрдү. Кыз бир аз уялыңкырап колдорун жаза бербегендиктен, көрүшүү анчалык тартиби менен өткөн жок.

– Мейли, мейли, – дешти отургандар.

Сабыр ырын андан ары токтотпостон улантып, топ башкарган жаңкы келинге эңилип өзү токмогун салды. Шыңга келин:

– Э кокуй, тигинде кыздар, жаш келиндер турса, токмогуңузду мага саласыз да? – деп кашын серпип кербездене Сабырдын маңдайына келип токтоду. Сабыр анын колдорун кармап, кучагын жазганда, экөөнүн көкүрөгү тийишип, кыналыша түшүштү. Андан кийин келиндин көкүрөгүн оң колу менен төмөн карай сылап, сол колтугун кере келиндин башынан ашырып барып, артына бурулду. Ошол кезде келин да дал ушундай кыймылын жасап, арка жакка айланганда, алардын көкүрөктөрү сол кол менен сылашууга оң келип калды. Экөө тең сол колдору менен көкүрөктөрүн сылашты. Карап турган адамга бийдин ритмдүү кыймылы сыяктуу эң эле сонун кыймыл аткарылды. Сабырдын ыры эч токтолбой уланып жатат. Сабыр болсо дагы үчөө менен көрүшүп, анан токмокту топ башкарган келинге берди. Эми токмок семизирээк келген калпакчан жигиттин колуна өттү.

Калпакчан жигит камчы саптын учун жерге сайып айланмак болгондо, топ башкарган келин жапылдап сүйлөп, колун жерге жакын шыкай карматып койду.

– Мунун астынан башым батпайт, – деди жигит айланып.

– Жигиттердин баары эле ошондой айланат. Оро албаган орок таңдайт имиш...

Жигит калпагын алып коюп, чалкалап барып башын колунун алдынан өткөрүп кетерде маңдайы колуна такалып калды. Ал кайра артына туруп жетмек болуп күчөнгөндө, такасы жокпу, ким билет, буту тайып кетип чалкасынан күп деп жыгылып түшсө болобу. Кыраан-каткы күлкү кыштакты жарып кеткенсийт. Бир-эки келин тура калып, жигитти колтуктап тургузуп жиберишти. Бирок ушул учурдан пайдаланып токмокту уурдап алышыптыр. Албетте, бул иш кыз-келиндердин колунан келди, анткени жоголгон токмокту шаңшыган обон, куюлуштуруп кошкон ыр менен араң табат.

Ушул тополоңдо Артык Айдайды колунан тартып тамдын бурчуна карай бурулду.

– Айдайжан, – деди Артык энтиге сүйлөп, – айтканыма бир жолу макул болчу...

Айдай аркасын жалт карап, шыбыш чыгарды:

– Эмне дейсиз?

– Жүр азыр кетебиз.

– Кайда?

– Үйүбүзгө... Өзүбүздүн үйүбүзгө.

– Коюңузчу...

– Айдайжан, азыр качып кетебиз. Ук мени, Айыке....

– Атамдар келишкен. Азыр эле кармашып алышып тикебизден соёт.

– Бизди эч качан кармай албайт. Союлсак бирге союлабыз, жүр...

Артык Айдайдын колунан кармап, арыктан секирди да, кызды көпөлөктөй жеңил тартып алды. Коондун пайкелин аралап жогору көздөй жүгүрүштү. Аркан бою узай электе, бутуна дарбыздын палеги оролушуп, Айдай эки жолу мүдүрүлүп тизеледи. Артык эми кызды колтугунан алып, бутун жерге анда-санда бир тийгизип зымырады. Көөдөнүнө дем тарталбай кыстыгып, бутун тушагандай жолу арбыбагансыйт. Тике маңдайынан качырып келаткан эки атчан карп-курп чыга түшкөндө, Артыктын жүрөгү оозуна каптала

түшүп, тык токтой калды. Айдай «Ай!» деп бакырып ийип Артыкты кучактады. Заматта карантүн көз алдынан жарк этип өтүп кеткен Артык тигил карайыңкылар бадал экенин ажыратканда, сүйүнгөнүнөн энтиге «өх» деп жиберди. Алар дагы жүгүрүштү. Чоң арыктын боюндагы катар тытка жеткенде гана токтой калышып, демиккен абалда кыштак жакты моюн буруп тыңшап калышты. Созолонуп чыккан ыр шамалдын толкуну менен бирде коңгуроодой бийик көтөрүлүп, бирде тетигиндей алыс кетип басаңдай угула берди:

Тору атым чөпкө калтырдым,
Тойдо да токмок алдырдым.
Токмогумду ким алды?
Түн каткандын бири алды.
Алыстан тооруп аңдышып,
Энелер алып жүрбөсүн.
Ак элечек, кара көз,
Жеңелер алып жүрбөсүн.
Санаасына кыз кирбес,
Чалдар алган эместир.
Санатка кирип кыз сүйбөс,
Балдар алган эместир.
Токмогумду ким алды?
Топ кыздардын бири алды,
Кыздар алса ойлосун,
Дааки болчу токмогум,
Желиндетип койбосун…

Алар Сабырдын үнүн жазбай таанышты. Той уланып жатат. Эки ашык жар кол кармашкан бойдон ылдамдап узай беришти. Алардын эрбеңдеген карааны улам күңүрттөнүп, буурул түндүн кучагына сиңип бараткан эле…

* * *

…Артык жаңы кызматына биринчи күндөрдөн тарта белсенип киришкен. Мектеп директорлугу ал үчүн жаңы

иш – оор. Антсе да өз үйү, өлөң төшөгү. Жанындай сүйгөн Айдайы жаркылдап күлүп жанында. Ишинен арыпчарчап кайтканда да, анын булутсуз ачык жүзүн көрүп, жүрөгү жибишип, бүткөн бою жайылат, жайлоонун шапатасында дем алгансып сергектенет. Солкулдаган көк чыбыктай денесин кучагына кыса саамай чачынан сылап эркелетет, сүйөт. Айдайдын жаш да болсо, үй ичин бири-бирине кураштыра тың кармап кетиши, турмушка күйүмдүү көз карашы күндөн-күнгө Артыктын ичин жылытат. Андагы мурдатан болгон назик сүйүү тереңдеди, бир жагынан жаш жарынын адамгерчилигине ишенич терең урматтоого жык толуп, тунук сезимине ширеше берди.

Айдай болсо үй тиричиликтин ышкысына жетеленип, баарын унуткан. Тигини кылсам, муну бүтүрсөм деп отуруп, биринен экинчисине чарпылып, ай-күндүн өткөнүн да сезбей калат. Ал өз турмушунун азыркы агымына наараазы эмес. Тагдырына шүгүрчүлүк келтиргендей канааттануу менен келечеги жөнүндө сөзсүз жакшы жыйынтыкка келет. Ооба, антишине негиз бар. Артык экөө кокусунан баш кошушкан жок, сүйүштү, күйүштү, бирин-бири терең түшүндү. Анын үстүнө Артыгы колунан да, тилинен да келген жигит, кимдин ким экендигин туура түшүнүп, туура баалай алат…

Айдай Артык менен кошо качып баса бергенден кийин бир-эки ай катуу капалуу болуп жүрдү. Ал мындайча болгон: Нышан кызын каалаган жерине кудалап, жакын арада аны шаан-шөкөттөп өз колу менен узатмак болуп турган эле да…

Кара мүртөз киши намысына чыдабай, артынан киши жиберип, каргыш наалатын айтып, тескери батасын тартат, «Айдайдай кызым жок, караанын көрсөтпөсүн, жүзүн карасам каапыр болоюн» деп оозуна каргыш алат. Муну уккан соң Айдай кара көзүнөн жашын эриксиз салааалантты. Өзүн-өзү эл алдында кечиримсиз күнөө кы-

лып, бети кара болгон кишидей сезди. Чиеленген сансыз ойлор менен алек. «Таянар тоом, көлөкөлөөр саям болгон ата-энемден түбөлүккө ажырап... Эми эмне болот?»

Муну сезген Артык кызматтан кайтып келери менен Айдайын бооруна бекем кыса жалбарат акыл-насаат айтат:

– Сен түшүнсөң, – дейт ал, күрөктөй алаканы менен Айдайынын көз жашын сылап, – капалыгы тараганча ошентери шексиз. Бир аз убакыт өткөндөн кийин капаларын жазып алабыз. Балам деп эле өздөрү чаап келип турушар. Сен түбөлүк ата-энеңдин төрүндө отурмак белең? Сенин бактың мени менен, биз түбөлүккө баш коштук. Сыйлашып өтүүчүлөр – биз...

Эрдин күнү аял менен, аялдын күнү эр менен экенин Айдай да жакшы билет. Турмуш чындыгын ойлоп, жалбарып отурган Артыкка албырган эрдин жигерлене тосот.

* * *

Жай күздү кууп, күз кышты желкелейт. Артык мектепке директор болуп келгенден бери, эки жылга аяк басып келатат. Далай кыйынчылыктар менен да бет келишти. Мына, жаңы окуунун башталганына бир айча убакыт өткөндөн кийин Артык райаткомдун председатели Калматовго кирди. Председатель албардай жоон, калың беттүү, балжагай сары киши. Шишимек тарткан көздөрү кызарып, өңүнөн каны качкансып, көрүнүшү чарчаңкы. Кара кителинин топчуларын бошотуп жиберип, столунун үстүндө турган газетанын беттерин карап жаткан Калматов Артык эшикти ачып салам айтканда, ордунан козголбой гана башын ийкеди.

Артык Калматовдун теке маңдайына отурду да, бөлмөнүн ичин айландыра карады. Калматов үнүн араң гана чыгарып:

– Кош, кулак сизде? – деди.

Артык мектептеги ал-абал жөнүндө бир баштан түшүндүрүүгө аракеттенди. Ал окуу-тарбия ишинде болуп жаткан кемчиликтердин себеби мектеп имаратынын жетишпегенинде экенин көрсөтүп, сөзүнүн аягында:

– Бул маселени тезирээк чечпей туруп, райондогу жалгыз орто мектептин абалын жакшыртууга мүмкүн эмес, – деди.

Калматов алдына жайылган газетанын бетине көз жүгүртүп отуруп, тигинин сөздөрүн укту да, бирок эч кандай жооп айткан жок. Тез мүнөздүү Артык Калматовдон сөз чыга электе эле эч болбосо үч-төрт комната үй тургузууга каражат бөлүп берсеңиздер деген пикирин айтып жиберди.

– Сиз шашылбаңыз, жолдош Бакаев, мен азыр мынча каражат бере алабыз дебейм – анын, мен деген сөзү басымдуу угулду, – андай каражат берилгенде да, канча жамаганыңыз менен азыркы имаратыңыз орто мектепке ылайыксыз. Быйылкы жыл өтөт. Жаңы жылда ойлонуп көрөйүн. Сиз кийинчерээк бир кайрылып эске салыңыз.

– Макул – деп Артык баш ийкеди.

Кыш. Ак кар бүткүл ааламды дым чыгарбай тумчуктура басып жатат. Жаратылыштын жая салган ак шейшеби асманга кол сермеген атактуу Арстанбаптын катаал касабаларын гана далдалап, моюн сундура албаптыр. Сай-сайдагы суулар көз айнек тартынып, чилденин теминип турган кези. Артык эртең мененки нанүштөдөн кийин колхоздун конторасын көздөй басты. Жаңы жааган кардын эрий элек кыпындары чыгып келаткан күндүн нуруна чагылышып, айланага алтындын сан-миң күкүмүн чачып койгондой, көздүн курчун алып жылтылдайт. Чыйыр жолдогу карарып жаткан кыктарды чокуп коюп, тайтаң-тайтаң баскан кара карга адам жакындаса көтөрүлүп учуп, канатын сермебей сызып барып кайра конот. Контора алдын күрөп жаткан саңсаң тебетейчен киши күрөгүнө таянып, таза абага мурдун тосо, белге көз

чаптырып турат. Жогортон соккон чыкыроондуу муздак шамал анын кубарган бетин жалап, бириндеген суюк сакалынын учун ийнин көздөй жапырып өтөт.

Артык конторага киргенде колхоз башкармасынын председатели бухгалтерине бир нерселерди эсептетип жаткан эле. Алар менен кол алышып көрүштү да, жолтоо болбой тура турайын дегендей, үстөл үстүндөгү газетаны алып, четтеги отургучка көчүк басты.

Башкарма чарчы бойлуу, семизинен келген быгжыгый киши, учтарын кырктырып, жаагына кырланта өзбекче коюлган кара сакал-муруту кызыл чийкил бетине жарашып турат. Адегенде чыртылдап катуу тийчү адатын элдин баары беш колундай жат билет. Ошон үчүн мындай учурларда «Жумаштын адаты да» дегенсип эч ким капа болуп койбойт. Ичине кир сактап, бирин кекетип, дагы бирине кыр көрсөтүп, же жамандык ойлогон учурлары болбойт. Элдин көңүлүнө туура келер башкармадан...

Ал бухгалтер менен ишин бүткөндөн кийин ыгын келтирип, Артык мектептин азыркы кездеги абалы жөнүндө толук айтып өттү. Башкарма тыңшап отурду да:

– Ээ, үка, бардык жерде ушундай. Биз быйыл...– деп өзүнүн кемчиликтерин айтып кирди.

Анан бара-бара сөз ырбатып отуруп:

– Жумаш аке, эми жаздан ары мектепке үч бөлмөлүү бир неме куруп алалабызбы? – деди шадылуу манчаларын кырсылдатып.

– Ээ! – деп, башкарма ыргыштап кетти. Кызыл беттери ого бетер татара түшкөнсүйт. – Жаштар, ушу жай куруш, үй курушту асмандан эле түшө калгандай көрөсүңөр. 3-4 бөлмөлүү үй үчүн канча каражат, канча материал керек. Акча болгон ченде да, курулуш материалы оңой табыла коёт дейсиңби. Чарба дегениң бу силер отура калып жаза салган кагаз, калемиңер эмес. Ал жактырбагандай быгжыйган мойнун нары бурганда, бакалоорундагы күрөө тамыры көөп чыгып, былк-былк этип турду.

– Шашпасаңыз, Жумаш аке, – деди Артык ал эшикке жөнөй бергенде – сиздин колуңуздан акчаны сууруп алганы жаткан эч ким жокко. Макул келбесе, сизди эч ким зордобойт, ушул жерде кала турган сөз. Эсиңиз чыгып кетти бейм?

Өзүнүн жеңил мүнөзүнөн бир аз жеңиле түшкөн башкарма жалтайлай түштү.

– Каражат жагынан райАТКОМ, ОБЛОНО кол кабыш кылмак болду. Мектеп коллективи бул ишке белсенсек деп жатабыз. Сельсоветте да болдум... Сиз четте калсаңыз зордой албайбыз...

Сөзгө какап калган башкарма ичинен азыраак уяла түштү.

– Силер баштагылачы, анан көрөрбүз.

– Биз, албетте, киришебиз. Бирок, сиз өз ордуңузду түшүнөрсүз. Кийиз кимдики болсо билек ошонуку дейт. Бүтүп кетсе, баары колхоздуку. Мугалимдер бир жакка көчүрүп кетпейт.

– Мен айтпадымбы, – деди башкарма шашкандай түшүп, – четте калбайбыз...

– Жок, – деди Артык кайра бекем кармап, – сиз бир ачык пикир айтсаныз, жыйынтыкка келалбайбыз. Анткени ошого карай багыт түзөбүз да!

– Макул мен башкарманын мүчөлөрү менен сүйлөшөйүн, анан айтармын.

Артык басса-турса, ушул иш жөнүндө ойлонот...

* * *

Июнь айынын ысык аптабы табылгынын чогуна,547 кактагандай ачык денеңди күйгүзүп турат. Жел жүрбөй үп. Мектептин айланасы азан-казан астанга толуп кызуу эмгек кайнайт. Окуучулардын жаз алдынан бери даярдаган кыштары менен төрт бөлмөлүү үйдүн курулушунун дубалын тургузуу иши жүрүп жатат. Окуучулар жана

мугалимдер ылай кармап, суу кечип иштеп жатышканы үчүн кайнаган күндүн ысыгын да анча сезишпейт. Бака-шака сөз көп, дубалдын төрт тарабында төрт киши кыш коюп баратат. Анын экөө колхоздун дубалчы усталары. Беркилери – мугалимдер. Окуучулардын көпчүлүгү кумурскадай аркы-терки кыймыл менен жыйылган кыштарды сындырбай этияттап кармап, урулуп жаткан дубалдын түбүнө ташып жатышат...

– Артык балам, – деп сөз баштайт шыпылдатып кыш коюп жаткан орсок тиш Мадраим карыя, – сен өзүң кайсы жерлик болосуң?

Артык анын суроосуна жооп берет.

Уста Мадраим карыя дагы бир нерселерди сүйлөйт. Бирок оозу сүйлөп жаткан менен колу иштеп, алаксыбайт.

Артык күн мурун алдырып келип койгон көлөкөдөгү айрандын чалабынан бир пияла жутуп жиберди.

– Кана, ким суусады. Чаңкаганың жутуп алгыла.

Ушул кезде анын жанынан үч кышты катарынан курсагына жөлөй кучактап, чекесинен нымшыган тери чыгып өтүп бараткан кичинекей кара тоголок баланы колундагы чыбыгы менен узун денесин эңилте берип чаап койду да:

– Тез-тез бас, жалкоо! – деди. Ал бул сөздү жөн эле эркелетип айткан болучу.

Иш кызып жатты.

– Иш илгери... адегенде! – деп семиз тору кашка атынын оозун тартып токтой калган башкарманы Артык жалт карады.

– Жумаш аке, келиңиз. Жолуңуз болсун! – деп жабышкан ылайлары кургап калган узун колунун учун этияттык менен башкармага берди.

Башкарма курулушту айландыра бастырып көрдү да:

– Дурус – дурус, азаматтар!.. О-о мына бу кичинеси менен төрт бөлмө турбайбы, – деди.

Сөздөн сөз уланып жатты.

– Ай, митайым жигит экенсин, да!..– деп күлүп жиберип, Жумаш быгжыйган кыска мойнун нары бурду. Артык да күлдү. Анын себеби, курулуш материалдарын ташуу учурунда, Жумаш ана-мына деп жардам бербегендиктен, Артык аны Калматовдун алдында азыраак уяткарып койгон болучу. Жумаш ошого саал тарынып жүргөн.

* * *

Күндөр теспедей алмашылып, жылдар жыла берди. Артык ушул мектептин босогосун аттагандан бери бир нече жолу жаркыраган жаз койнун ачты. Эл да, жер да көрктөнүүдө. Эл ичиндеги Айдай менен Артыктын турмушунда да жаңылыктар бар: ал – Айдайдын эсен-аман көз жарып, жаш үй-бүлөнүн уулдуу болушу.

Артыктын иштери да жаман эмес. Мектеп кийинки жылдарда оозго кирип келатат. Айрыкча, быйыл жазда областтык ОНОдо болгон эл агартуу кызматкерлеринин чогулушунан соң Артык өз көкүрөгүн басып калды. Анда областтык ОНОнун башчысы Дулатов доклад жасап, агартуу ишинин абалын айткан. Докладында «Ак-Терек» орто мектебин мактап мисалга келтирди. Артыктын көзү ымыр-чымыр болуп өзүн адаттан тыш бакыбаттай элестетти. Бардык көздөр суктана аны карап тургансыды.

Артык эми өз ишине ишенимдүү карайт. Бул жердеги эл да аны баягы биринчи жылдардагыдай жаңы келген жаш мугалимдердей мамиле кылышпастан, аркы-беркини түшүнгөн, жетик кишилердин бириндей санашат. Ал айылдык турмушка терең катышты. Кайсы гана жерде болбосун улуу-кичүү дебестен калыс сөзүн тайманбай айтуу менен «Кел, Артык» дедиртип, айылдын ачуу-таттуусуна шыбагалаш, сый-сыпатына шериктеш.

Уулдуу болгон соң көйнөгүнө батпай – кубанды, өз бактысына өзү ыракмат айтты ичинен. Жандай сүйгөн

Айдайына карата болгон анын ички сезимине эми өлчөм жок эле…

Уулдун урматына жоро-жолдошторун чакырып, кой союп, аш-тамагын жайнатты. Өзү да тартынбай ичип, жолдош-жоросу менен көңүл ачты.

* * *

…Артык райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы. Бул кызматка көтөрүлгөнүнө ал кубанган жок, биринчиден, бул иши күтүүсүз болду, экинчиден, ушул кездеги катаал шарт аны ойлондурбай койбойт эле. Бир жагынан ошондогу Калматовдун айткан кээ бир сөздөрү Артыкка дагы эле ачык түшүнүктүү эмес – анда «ооба» деп баш ийкемиш болгонунда өзүнүн тайкылыгын ачкысы келбей көңүлүнө түйө берген. Алар канчалык ачык түшүнүктүү болбогон сайын сырдуу, табышмактуу болуп сезилген. Калматовдун басаң үнү, жай сүйлөгөн сөздөрү өтө оор, өтө коркунучуу тармакты берип жаткансып турган. Андан калса Артык мугалим болуп келген биринчи күнүнөн тарта жакшы билген, ал турсун суктана караган Шадыкановдун минтип эл душманы болуп камалып кетишин, анын ордуна райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы болуп баратышы Артыкты кантип ойлондурбайт? Шадыканов райондо Калматовдун даражасындагы кадыр-барктуу адам болучу. Анын – бир артыкчылыгы билимдүү эле. Азыр ал жөнүндө ар кандай сөздөр көп: бири «көптөн бери эл душманы болуп жүргөн экен» десе, дагы бири «суракта эч нерсе айтпай коюптур» дешет. Ушундай шартта Калматов Артыкты чакырып, Шадыкановдун ордуна иштей тургандыгын айткан. «Кыраакы болуу керек, – деген ал, адатынча жай, ойлоп сүйлөп, – биз социализмдин толук жеңиштерине улам жакындаганыбыз сайын тап душмандардын каршылыгы ошончолук курчуйт. Бул теориялык маселе. Муну интеллигенттер

жат билиши керек...» Мындай сөздөр Артыкты ого бетер кооптондурат. Анын кыялына ойдо жок нерселер да келе калат. РайОНОнун постуна отурган соң, эртедир-кечтир эл душмандарынын өкүлдөрү ар кандай жолдор менен – балким, сатып алуу, балким, коркутуу, алдоо жолу менен өздөрүнө сөзсүз тартууга аракет кыла тургандай көрүнөт.

...Артык ишти өткөрүп алган күндүн эртеси жаңы кийим-кечелерин кийди да, колундагы саатты улам-улам карап, убакытты күтүп турду. Ал бүгүн райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы катары контoранын эшигин биринчи жолу аттайт. Жигиттин тула боюн байкоосуз бир нерсе бийлегенсип турду.

Ал райондук эл агартуу бөлүмүнүн конторасынын эшигине жеткенде үч-төрт адам бар экен: Артык озунуп колун созуп, баары менен учурашты. Тургандар мурдагы учурлардагыдан айырмаланып, ашык сөз сүйлөшкөн жок, болбосо бакылдашаары бышык эле. Тигилер бир нерсе айтып сөз козгоп жибергенде да кантер эле, не кыларын билбей калган Артыктын эти байкоосуз чымырап кеткенсиди. Эки жакка кайсаңдай каранып, жасалма жөтөлүп, контoранын эшигин ачып кирди. Эки столду кайчылаштыра «Т» формасында койгон кичирээк бөлмө. Мурда өзү көрүп жүргөн учурдагыдан чоң да, аңгырап ээн да көрүндү. Шадыкановдун ордуна отурду. Баары бир бөлмө баягысындай толо, сүрдүү учурабай, өз кыялында камсоо тартып тургансыды. Ал заматта Шадыканов жөнүндө ойлоду. Анын жүрүш-турушун, сүйлөө манерасын, эл арасындагы кадыр-баркын, чечкиндүүлүгүн эстеди. Бул орунда андай касиеттерсиз иштөөгө мүмкүн эместигин түк элестете албады. Ал эми өзүнөн болсо андай өзгөчөлүктөрдүн бирин да таба албай мукурагансып турду. Аны кантип табуу керек эле? Бир минут өзүн колдон чыгарып жиберген Артыктын оюн биринчи болуп эшик ачып кирип келген секретарь кыздын саламы бузуп жиберди.

Артыктын адегенде жүдөй түшкөнүнө дагы бир себеп: жаңы окуу жылынын башталыш мезгили эмес беле – иш чачтан көп – ар бир мектептин жаңы окуу жылына даярдыгын өз көзү менен текшерип көрүүгө туура келди; анан кийин кадрларды бекитүү ишин баштады; контора алдында сагалап кезек күткөн эл өксү болбойт; ар бир адамдын мүмкүнчүлүгүнө, турмуш шартына, иш жагдайына карап, туура жайгаштыруу керек. Чынында ийгилик ушундан башталат.

Бири кирип мектепте түзүлгөн татаал шартты айтып, андан кантип кутулуунун жолун кеңеш иретинде сурап отурса, дагы бири өзүнүн турмуш абалын түшүндүрүп, мени балан жерге которуп койсоңуз же тигиндей кылып жардам берсеңиз дейт. Үчүнчү бирөө арадан өткөн өз ара келише албоочулук жөнүндө, же бири-бирине болгон тарынычын айтат. Мына булардын барына Артык жетекчи катары мамиле кылып, адилеттүү пикирин кошуу керек.

Канчалык этибарсыз деген менен булар маанилүү милдет.

Артыктын ойлонору башка. Бир райондун агартуу иши өкмөт тарабынан ишенич менен ага тапшырылган. Демек, окуу тарбия ишинин жаңы деңгээлге көтөрүлүшү үчүн, мектептердин маданий материалдык жактан чыңдалышы үчүн көбүрөөк ойлонуу керек...

Артык кеч кайтат үйүнө. «Ырп» этерге алы калбай, тамак бышканча керебетке узун буттарын кайчылаштыра чалкасынан жатып көзүн жумат. Денеси бошонуп жаны жай алып барат. Эшик – тык-тык. Артык селт этип ордунан турат.

– Келиңиз, – Артык үлдүрөгөн чарчаңкы көздөрүнүн уйкусун сиңире тигинин жүзүнө тигилет.

– Төргө өтүңүз.

Алиги киши тарткынчыктай басып төргө өтүп, дубалга сүйөнө отурган соң, бала-чака, үй-жайдан кошуп ал

сурайт. Артык рахмат айтып башын ийкейт да, андан сөз күткөндөй суроолуу карайт.

– Менин сизге келгеним... – деп тиги киши башын кашылай сөз баштайт. Анын сөзүндө кандай жаңылык бар дейсиң? Бая күндүзү конторада болуп жаткан эле сөздөрдүн бири. Артык булардын кээсине өз пикирин айтып жолго чыгарат. Айласы кеткенде ичинен кейип, бирок, сыртынан билгизбей:

– Макул, капа болбоссуз, эртең контордо чечели. Конторго кириңиз, деп жубатат.

* * *

Жылдар жай өтүп жатты.

Эми Артыкка өз ишинде түшүнүксүз нерселер жок...

Артык үч күндөн бери «Чоң-Күңгөй» жети жылдык мектебинде болду. Башка мектептерден тажрыйбалуу бир нече мугалимди чакыртып алып, окуу-тарбия жана чарбалык иштерине текшерүү жүргүзүүгө келди... «Чоң Күнгөй» мектебинин директорунан тарта мугалимдерине чейин кооптоно тополоңго түшүп калганы көрүнүп турду. Текшерүү бардык тармак боюнча жүргүзүлөт. Мугалимдердин кээ бири окуу-тарбия иштериндеги кемчиликтеринен чочуласа, кээ бири өзүнүн жетишсиз билиминен чочулайт. Мунун баарын Артык сезмексен болот, анын максаты кемчиликтерин чукуп бирөөлөрдү жазалоо эмес, кемчиликтерин ачып, аны оңдоого жардам берүү. Бирок пастек бойлуу, чугу чак, сулууча келген математика мугалиминин жоругу аны көңүл буруууга аргасыз кылды. Мектепке келип текшерүүгө ага тиешеси түк жоктой өзгөчө мамиледе болду.

– Жолдош директор,– деди мектептен кетүүгө камынып – мен эртең сабакта боло албайм. Ордуму башкалар алмаштырып турушсун.

– Ал канткениң, Жолдош Акматов? Сабакка жакшы даярданып көрүнүүнүн ордуна... Сенин сабагыңа да киришет да булар.

Узун бойлуу арык директор ага тике карады. Бул учурда Артык мектептин пландоо иштерин байкамаксан болуп отурду.

– Андан кийин да текшере беришет. Мен бир гана күнгө кетем.

– Садык, сен аны-мунуну коюп, сабагыңа даярданып кел.

– Кызык, жолдош директор, кандай өзгөчө даярдык болушу мүмкүн? Кандай окутуп жүрсөм, дал ошондой гана окутам. Бир сабакты атайы жасалмалап жакшы көрүшүм керекпи? – Садыктын сулуу жүзү кыпкызыл болуп чыкты.

Ыңгайсыз абалда калган директор Артык тарапка кыйгач тиктеди.

– Жок, текшерүүдөн соң жооп берем.

– Жолдош директор, мен сизге түшүндүрүп айтпадымбы. Созууга болбойт.

– Уруксат жок.

– Ушундайбы?

– Ушундай.

– Анда не десеңер ошо. Мен да кеттим. – Садык чакан денесин чукул буруп шарт жөнөп берди.

Сулуу математик жигиттин чукул мүнөзүнө кызыккан Артык ал жөнүндө директордон сурады. Узун бойлуу директор маңдайын тырыштыра шадылуу колун терс шилтеп коюп, анча жактыра бербей сүйлөдү.

– Мен аны сизге жамандайын дебейм, бирок өзүнчө бир кер аяк, такымчыл неме. Мурда башка эле, диплом алгандан бери ошентип калды.

– Эмнени бүткөн?.

– Эки жылдык мугалимдер институтуна экстерно тапшырган.

– Демек, дипломдон соң, пейил күтүп калды дечи, – Артык жасалма күлдү. Терең көңүлүндө кандайдыр кыжыр пайда болду. Бул тигинин өзүмчүл мүнөзүнө

ызырынганы беле, же институтту экстерно бүттү дегенине көралбастык сезими беле, өзү да ажырата албады. Азыр гана эмес, Артык дайыма өзүмчүл кишилерди жек көрө турган.

– Сабактарды кандай өткөрөт бу экстернат? – деп кызыгып сурады.

– Ашып кеткен жери жок. Начар десе начар.

– Азыр кайда кетем дейт?

– Түшүнүп болбойт, – директор жактырбай кол шилтеп койду, – жогорку айылдан бир кыз бир ай мурда күйөөгө чыккан эле. Ошого кейиген болуп эле, ата-энеси зордоп берди деп кейип жүрдү. Он күндөн кийин ал кыз атасыныкына качып келиптир.

Артык башын чайкап күлдү.

– Аларга анын кандай тиешеси бар?

– Ким билет, мурда тууганчылыгы бар дегенсичү. Жакындан бери менин сүйгөнүм болучу деп билдирет. Мен эми кеч, ал аял болуп калды, дүйнөдө кыз көп, убараланба дедим.

– Кызык.

– Эч кандай кызыгы деле жок, Артык Бакаевич. Тим эле өзүнүн бир кежирлигинен. Бир жагынан саал эркелеп жүрөт.

Артык бул узун, арык директордун сөзүнө кадиксиз ишенди. Анткени ал райондогу мыкты директорлордун бири деп эсептелет. Бул мектепке да ишти оңдосун деп өткөн жылы которуп келишкен. Ага чейин башка мектепте иштеп таанылган, жаңы мектептин курулушун бүтүргөн, уюштуруучу.

Артык эми түк сүйлөбөй отурду да, бу математика мугалими Садык жөнүндө ойлоду. Ал өзүнчө анын ишин катуу текшерүүнү окутуу методун, билимин байкаштырууну, ал турсун «эркелеп» жүргөн жүрүш-турушун байкаштырууну болжоду. Иш чын эле ошондой болсо иштин пайдасы үчүн мектептен айдоо жагын ойлонуштурмак болду.

Биринчи күнү Садык сабакка келген жок, текшерүүнүн экинчи күнү келди. Анын сулуу жүзү ойлуу, капалуу сыяктуу көрүнөт. Артык анын сабагына терең жүрөгүндөгү кекенүү менен кирди.

Артык менен эки тажрыйбалуу мугалим эң арткы партага отурушту да, блокнотторун сууруп алдыларына коюшту.

Садык болсо арткы партадагы тешкерүүчүлөрдү түк оюна да алып койбостон, сабагын жай жана ишенимдүү баштады. Бул жетинчи класста – алгебра сабагы болучу. Садык класска киргенде анын жүзү баягыдай эмес дароо жайнап, жагымдуу үн менен учурашып, эч байкатпай балдардын көңүлүн сабакка тартып баратты. Балдардын ар бир мамилесинен мугалимин кандай сүйүшкөндүгү көрүнүп турат...

Бул жөнөкөй мугалимдин чыныгы керемети сыйкырдап кеткен Артык блокнотуна да жазууну унутуп, анын ар бир кыймылынан, ар бир сөзүнөн көңүл албай отуруп, убакытты да түк эсинен чыгарып жиберген болучу.

Звонок. Артык чочуп эсине келип саатын карады. Ооба.

Ал өзүнө өзү ишенбегендей бошоң басып класстан чыкты. Кийинки күндөрдө да Садыктын сабактарына көп кирди. Ошондон кийин гана кечээ Садык жөнүндө уккандарын эске түшүрүп, таң калды. Эч кандай жыйынтыкка келе алган жок.

Сабактан соң Артык Садыкты өзүнө чакырып:

– Садык, сен азыр бошсуңбу? – деди.

– Ооба, агай.

– Мындай басып келели.

– Мейли.

Алар мектептен ары эки чакырымдай алыс кетишти. Бул мезгилде Артык кыжырдуу, ар нерсеге карата өз көз карашы бар жаш мугалимди сөзгө салды. Анын ар тараптан кең түшүнүгүнө, билимдүүлүгүнө ыраазы болду, ал турсун, терең көңүлүндө суктанды.

Акырындап отуруп Садык ички сырын жашырбай айтты. Бул учурда ал оор абалдарды баштан кечирип жаткан болучу. Садык менен жогорку айылдык бир кыз бирин бири чын жүрөктөн берилип сүйүп жүрүшкөн. Баш кошуу жөнүндө али сөзгө келишкен эмес. Бир күнү буга чейин эле кыздын артынан калбай сөз салып жүргөн башка жигит аны ала качып кетет да, үйдөн чыгарбай он күн кармайт. Ушинтсем аргасыз калып калар деп зордоп турмушун бузат. Бул мезгилде Садык өзүн кыз маскаралап чанып таштап кеткен жан катары сезип, оор абалдарды баштан кечирет.

Он күндөн соң кыз качып чыгып милицияга арызданып, жигитти каматат да, атасыныкына келип өзүн өзү өлтүрүүгө аракет кылат. Антүү акмакчылык экендигин түшүндүрүшүп, антсе да азыр артынан калбай аңдып жүрүшөт экен. Кыз дагы эле өз бактысын бүттү деп эсептейт. Чынында Садык аны мурдагыдан да катуу сүйөт, бирок кыз ишенбейт.

– Билесизби, агай, – деди күчтүү сезимден калчылдап кеткен Садык, – ишенбей жатат, кыз мага такыр. Мен тим эле көңүл көтөргөнү барып жүргөндөй, алиги оор чечимден кайра тарттыруу үчүн аракеттенип жүргөндөй көрөт. Жыйырма күндөн бери канча жолу барбадым дейсиз. Акыры тийсем да сага тийбейм, башкага тием дейт. Сүйбөйсүңбү мени, алдап жүргөнсүңбү дедим. Жок! Мен сени сүйгөмүн, ошол таза сезимимди көрсөтүш үчүн, тигил акмакка дал ушундай мамиле кылып отурам. Эми баары кеч. Өмүр бою сенин алдыңда да жер каранды болгум келбейт дейт. Эч ишендире албадым, агай. Мага анын адамгерчилиги, таза жүрөгү керек. Кантип ишендирем? Жүрөгүмдү жарып көрсөтүшүм керекпи? Акыл айтыңызчы, агай, эмне кылышым керек? Ал абдан намысчыл, кеч болуп калбасын?...

– Эгер сен чындап сүйгөн болсоң, кыз да сүйөт.

– Ансыз келечек бактымды көрө албайм агай.

Артык жөнөкөй мугалимдин мына мындай терең сезимине, адамгерчилик зор жүрөгүнө катуу таасирленди, суктанды. Көөдөнүнө кандайдыр зор кубаныч, шык толду. Ушундай адамдар менен иштеп жатканына сыймыктанды.

Артык директордун Садык жөнүндө айткандарын эстеди. Таанылган уюштуруучу, чарбачыл адам боло туруп, Садыктын ички кең дүйнөсүн көрө албаганына айран болуп, эч бир жыйынтыкка келе албай ойлуу басып жүрдү.

Артык мына бу чындыкты – уюштуруучулук жөндөмдүүлүк өзүнчө бир артыкчылык, чарбачыл болуу дагы бир артыкчылык, ал эми адамдын рухи дүйнөсүн, анын кимдигин көрө билүү алда канча татаал, алда канча баалуу, ардактуу артыкчылык экенин түшүнө алган эмес...

Текшерүүнүн жыйынтыгын чыгарууга башка мектептерди да чакырткан. Алар келгенге чейин көңүлү көтөрүңкү Артык мектептен аркы дөбөгө чыкты.

Күн кечтеп баратат. Катмарланып жаткан адырлар, терең-терең жылгалар аралаш жемиштүү түнт токойлор менен чулганып жатат. Бул токойлордо эмнелер гана жок? Алма, жаңгак, алча, сарайван деген – дагы түркүн жемиштер мончоктой мөлтүрөп, «ал мени» дегендей зарыгып күтүп турушат. Миңдеген гектар жерлерди ээлеп, дүгдүрүм тарткан көк-жашыл токойлорго салыштырар тең кай жерде бар экен? Бул кыргыз токою! Берегиде кубаттуу бутактарын туш-туш жакка чексиз керип, асман тиреп каалгып турган бай түп жаңгактын алп кубатына Артык суктана карады. «Атаңдын көрү ай, – деди ал өз ичинен, – жарым тонна... Ар бир түбү жарым тоннага жеткире асыл берет. Пай-пай... Кубатыңа бали!»

Ал тизеге чейин сеңселген көк чөпкө жамбаштаган калыбында көпкө чейин жата берди.

– Атсаломалейкум, – деген чаңкылдак үндү уга шарт артына бурула караганда, тердеп-тепчип дөбөгө чыгып келип калган дүмүрдөй кара пастек бойлуу жигитти көрдү.

–Ээ, Оке, – деди Артык күрөктөй колдорун ага суна, – саламатсызбы?

–И, Артыкжан, биздин маалага келип калганың абдан жакшы, – деди Орунтай, анын кичинекей беттеринен кубанычтын учкундары тыйылбай.

– Өз иштериң дуруспу?

– Алынча. Кыбыр-сыбыр менен.

– Эмне үчүн!? – Орунтай чекесин тырыштыра берип, тез жооп күткөндөй Артыкка тигилди.

– Тим эле, жайчылык...

– Ой Артык, сен кызык жигитсин. Иштер жүрүп жаткандан кийин дурус деш керек. Душманга сыр алдырбас үчүн жакшы дей бериш керек.

– Сиз душман эмесиз да... Артык бул сөздү күлүп туруп айтты.

– Аның туура. Бирок сен дайым ошентип сүйлөйсүң.

Орунтай Артыктын жакын санашып жүргөн кишилеринин бири. Муну менен райОНОнун башчысы болгондон кийин таанышкан. Орунтайдын өз айтуусуна караганда, ал далайдан бери көп кызматтарда иштеп келиптир. Кийинки жылдарда болсо, жок жерден (жаманаттуу болуп» кызматтан бошонуп калат да, ошондон кийин ушул районго келип, мектептерде мугалимдик кесипте иштеп жүрөт. Артык бир алдын этибарга албай гана угуп отурганда ал дагы бир топ кептерди кошуп, башын мыкчый кармап каңырыгы түтөп кеткен.

– Эч нерсе эмес, Оке, адам бирде түзгө түшсө, бирде кырга чыгат дейт. Өткөндү эске түшүрүүнүн кереги жок.

– Аның туура, айланайын иним Артык, бирок мен ак жерден согулганыма чычалайм, – деп Орунтай муңайыңкы түргө келип, чөнтөгүнөн папирос алып аптыгааптыга соргон.

Алардын достугу убакыт өткөн сайын бекемдешип, чепеңдеген кичи пейил Орунтай Артыктын үйүнө көп барып, бала чакасына да жагып кеткен.

– Артык иним, – деди Орунтай бир жолку келгенинде, төрдө нымыта тердеген калыбында. Тыш-кийимдерин чечип отурушкандыктан такырайта кырдырган башы соксоюп, Артыктын жанында жаш баладай эле болуп көрүнөт. Орунтай ала келген бир шишени бөлүп ичишип, экөөнүн тең денелери жайылып калган болчу.

– Артык иним, «Адам болор кишинин адам менен иши бар, адам болбос жигиттин адам менен неси бар» дейт. Билсең, бир тууғандай болуп калдык. Мына мен сеникине корккомумдан келип жатамбы?

– Жок, жок.

– А бали, адам ачтан өлбөйт, ардан өлөт, билсең. Бирөөнүн күнү башкага түшүп калган жок. Дос-жарың болсо жерде жатпайсың. «Куш канаты менен учуп, куйругу менен конот».

– Албетте, Оке, – Артык башын чулгуп, бир башка өзгөрүлө сүйлөдү.

– Билсең, иним, мен да иттен туулган эмесмин... Мен... Орунтай дагы бир нерсени айтмак болуп мукактана түштү. Анан дасторкондогу өзүнүн стаканын чепең этип ала койду да:

– Кана, Артык, ушуну алып жиберели, – деп Артыкты шаштырды.

– Жок, Оке, мага болду.

– Эң акыркысы болсун. Кана, сенин эсенчилигиң үчүн!

Алар андан кийин көпкө чейин сүйлөшүп отурушту. Айдай болсо Зулпукарын эмизген бойдон төшөгүндө жамбаштап жатат.

– Артык, – деди Орунтай Айдай жакка жылт карап, үнүн басаңдатып, – мен көптөн бери сага айтып жүрбөдүмбү, өзүң баш, өзүң төш болуп калган киши жаман үйрөнүп калат экенсиң. Алиги менин директорум териси тар чызеки жигит, өзүңдөй ак-караны ажырата түшүнгөн жетик жигит болсо мейли го. Кылганыңды жактырбайт да турат. Иним, мени ошондон эптеп куткарбасаң болбойт.

– Биз аны райондогу ишкер директордун бири катары эсептейбиз го.

– А-ай, – деди Орунтай шапалактай бетин тырыштыра, колун чепең эттире терс силкип, – абдан начар, текебер жигит.... – Артыктын кирпиктери араң кибиреп, угуп отурат.

– Оке, мен муну ойлонуштурайын...

Ошондон көп өтпөй, Орунтай ушул мааладагы мектептин бирине директор болуп дайындалган...

* * *

Кийинки күндөрдө райондук аткаруу комитети жана партиялык комитет чарбанын кайсы гана тармагында оор кампаниялар болбосун Артыкты беделдүү кызматкер катарында тапшырмалар менен командировкаларга көп жиберишет. Анын зерикпеген туруктуу аракетчилдиги бардык иштин өтөсүнө чыгууга мүмкүндүк берет. Кай учурда болсо да тапшырмасын аткаруу менен бирге, мектептердеги өз иштерин кошо бүтүрүп, аны туруктуу милдетим деп эсептейт.

Артык оруп-жыюу кампаниясы боюнча уполномочен болуп «Кызыл-Кыя» колхозунда он күндөй жүрүп кайтты. Бул мезгилде ал өзүн көңүлдүү жана жеңил сезди. Эч качан айтканы эки болгону жок. Колхозчулар да, колхоз активдери да эмнени айтпасын «куп, агай!» – деп элпек мамиле кылышты.

Бүгүн башкарма үйүндө аны урматтуу конок катары сыйлап, кампанияга берген жардамына рахмат айтып, эртең менен узатып койду. Төмөн тараптан керимсел жүрүп, күн кайнап турат.

Артык мелтиреген мейкин талаадагы кара жол менен өзү жалгыз атчан кетип баратат. Айланадан кыбыр эткен жан көрүнбөйт, эгиндерден бошонгон күзгү талаа бетинин ар кай жеринен чаң менен чөп-чарды оролто

көтөрүп, асманга бүрккөн тентек куюндар гана созолонот. Чаалыккан ат чаңды борп-борп жайната басып, бир калыбын жазбай, кээ-кээде чымындап бышкырып коёт. Артык шапкесин маңдайына кийип, коржойгон тизелерин аттын капталында шалактата эркин таштаган калыбында, эргиген ойлордун арасында келатты. Ал өзүнүн бул кызматка келген учурун, Шадыкановду, дагы өзү билген эл душмандарын эстеди... Негедир, жылмайып койду. Анда Шадыкановдой боло аларын көз алдына келтире алган эмес эле... А бүгүн болсо өзүндөгү андан чоң авторитетти, аныкынан өзгөчө мүмкүнчүлүктөрдү көз алдына кадиксиз элестетти...

Адам баласы өз өмүрүндө кандай гана татаал жолдорду баспайт. Бирде шилтенген кадамын оорлонткон турмуш сазына батса, коңур жел сылап жан сергиткен белесин да ашат. Бирде өйдө болсо, бирде ылдый болот. Мына, мунун баарына кайдыгер гана кол шилтебей, же жерди карап мөгдөп калбай, бара жаткан жолуна тике кароо керек. Көл үстүндө кылкылдаган кеме оор жүгү менен жолго чыгат. Күн батат. Түн кирет. Асман бетин чулгаган сур булут кабагын түйүп кара жамгыр нөшөрлөп куюп, кыбыладан толкундарды жаратат. Сапар тарткан түнкү кеме катмарланган толкундун бирде үстүнө чыгып, бирде чуңкуруна түшүп, далбасалуу аласалып тилсиз жоо менен кармашат. Ызырынган өжөр толкун күүлөнүп бортко урат да, шарпылдаган коркунучтуу добуш менен тепкичти жууп кайра тартат. Бирок, штурвалчы толкундун сүрүн карап алагды болбойт. Ал тететиги көөдөй түндү тешип, көз учунда кылкылдаган кызыл точканы – маякты карайт, андан көзүн албайт, ал анын үмүтүн жандырган максаты, дал ошол маяк жолдон адаштырбайт... Турмуш да мына ушунун өзү. Ар бир адамда алыста-алыста дал түнкү маяктай жаркыраган турмуштук айкын максаты болуу керек. Элпек көтөрүп жеңил таштаган толкундун терметүүсүнө манчыркап кет-

сең, же үрөйүң учуп калтырап калсаң, анда сени турмуш толкуну жууп кетет. Ошон үчүн алыска, алыска, айкын максатка умтулуу керек…

Артык кийинки жылдарда эл аралап көп жүрүп жатат. Кайсы жерде болбосун «агай, агай, келиң-келиң…», – муну эстеп, негедир, анын көңүлү эргигендей денеси чымырай түштү. Өзүнө-өзү бакыбат, сүрдүү сезиле түшкөнсүдү… Алиги «агай, агай» дегендерден көбүрөөк билерине күмөнсүбөй кетти…

Артык контора эшигине келип түштү да, чаң болгон кийим-кечесин күүнүп, өзүнүн кичинекей бөлмөсүнө кирип отурду. Жогорку органдардан келген кагаздарды секретарь кыз алдына жаза таштады. Кагаздарды бирден карап, көз жүгүртүп жатат. Кол коюуга тийиш болгондоруна кызыл калем менен өзүнүн жупуну колун чиймелеген болду. Коюлган колдору өзүнө өтө көрксүз учурады. Башкача түрдө койсомбу деп ойлоду эле, бирок болбойт. Банкка жана башка жерлерде белгиленип калган…

Эки-үч жолу телефон чалынды. Трубканы колуна алып көңүлсүз гана: «Алло!» – деп сүйлөдү. Эң акыркы жолу телефон чалынганда, адатындай эле жай кыймыл менен шадылуу колун сунуп трубканы кармады.

– Алло! Эмне?… газетагабы? О-о, албетте жакшы! Макул-макул… рахмат…. чоң, рахмат деп жатпаймынбы…

Артык трубканы ордуна койгондо, баятан ойлуу турган кабагы жазылып, бетинин отторуна кызыл жүгүрө түшкөнсүдү. Не кыларын биле албай ордунан тура калып, узун манчаларын кырсылдатып кайра отурду. Дарчанын пардасын ачып, кимдиндир келишин чыдамсыз күткөндөй шашылды. Ичинде кандайдыр күч пайда болгонсуп, тыбырчылап эзип жатат. Заматта өзүнө-өзү башка кишидей учурап кетти. Стулуна чалкалай отуруп шыпты карады. Күлүк кыялы алда кайда учуп жөнөдү… Азыр эле сандаган көп эл: «Артык, Артык Бакаевич! деп жаткандай, кимдиндир басыңкы үнү: «Өтө татаал иш менен

келдим, муну сиз гана чечесиз, сиздин гана колуңуздан келет» дегенсийт....

Шарт эттире эшикти ачып жиберген почтальон аял Артыктын оюн күтпөгөн жерден бузду. Аял бир тутам газета, журналдарды столдун үстүнө койду. Артык кербездүү үн менен рахмат айтып, тапка келген барчындай газета-журналга кол койду. Оролгон газеталардын ичинен областтык газетаны сууруп алып бетине жайганда, газетанын экинчи бетинин этегирек жагындагы макалага көздөрү желимдей жармаша түштү. Макаланын эки-үч эле сүйлөмүн окуганда өзүнүн фамилиясы көзүнө илине калды эле, денеси чымырап кетти. Анда райондогу агартуу ишинин өткөн жылдагы жакшы ийгиликтери келтирилип, абал макталган эле. Макаланын аягыраак жагында мектептердин жаңы окуу жылына карата дурус даярдыгы айтылган. Мындай ийгиликтерге себеп катары райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы Бакаевдин кээ бир туура иштери жана чаралары белгилениптир.

Артык кубанычын бөлүштүрүүгө киши таппагандай жүрөгү түрсүлдөп сокту. Райаткомдун председатели Калматовго азыр эле телефон чалайын деп барып араң токтолду. Быйыл жазда Калматов семиз колдору менен жонунан таптап, борс-борс күлгөн учурун элестетти көзүнө. Калматов... Ал мындай болучу.

Түштүк Кыргызстандын колхоздорундагы жазгы кампания кандай курч өтөт. Чигит эгүүнү бир-эки жуманын ичинде тез бүтүү керек. Керилип жаткан пахта талааларын жан алып жан бере ыкчамдаган эмгек азаматтарын, күнү-түнү үнүн баспаган моторлордун гана добушун угасың.

Быйыл жаздагы ушундай кампаниянын биринде Артыкты райондук аткаруу комитети «Бирлик» колхозуна уполномочен кылып жиберген. Иш кызуу. Артык бирде чигит эгип жаткан агрегаттын жанына барса, бирде кетмендерин колго алып, азыр чигит эгиле турган аянттын

өңгүл-дөңгүл жерлерин түзөп жүргөн аялдардын жаныда. Эртең менен алтынчы бригаданын жеринен көрүнсө, үч-төрт саат өтпөй эле үчүнчү бригаданын бригадири менен шүдүгөрдү аралап баратканы көзгө түшөт.

Бирдиктүү эмгек натыйжасын берди. «Бирлик» колхозу чигит эгүүнү бир он күндүктө аяктагандыгы жөнүндө районго рапорт жазды. Арадан эки күн өтпөй райондук аткаруу комитетинде чигит эгүү боюнча социалисттик мелдештин жыйынтыгын чыгарууга арналган активи болгон. Мелдешке коюлган чоң сыйлыктар бар эле. Райондук Аткаруу Комитетинин председатели Калматов өтмө Кызыл Тууну «Бирлик» колхозунун председателине тапшырып, анан мотоцикл, эки патефон, дагы далай суммадагы акчаны окуп, кээ бирлерин ага өткөрүп берди. Башкарма ордунан тура калып, президиумда отурган Артыкка патефондун бирин кучактата салды. Отургандар кол чапты. Калматов өзү да кол чаап:

– Азаматсың, жеңиш сеники! – деп далысынан таптап, борс-борс күлдү. Ырас эле ал жеңишти Артык өзүнүн жетекчилигисиз элестете алган жок…

Ал патефонду колуна алып, бүткөн боюн эркин кармап кербездене зал ичине көз таштады… Адамдар анын көзүнө майдараак көрүндү…

* * *

Кыш. Артык РайОНОнун инспекторун, методистин алып, Калмак-Кырчын тараптагы, бир мектепте фронталдык текшерүү жүргүзүүгө кеткен. Андан бери алты-жети күн болуп калды. Бирок, алар али кайтыша элек.

Айдай эки жашар уулу менен үйүндө. Чилденин ызырынып жаткан учуру. Эшик кичине гана кыңкайса, суук шамал төрдү көздөй теминет. Отун-суу деп эшик-эликке чыга калса да «суукта такыр адебин жеди го» деп Артыгынан кам санайт, анын келер тарабын тиктеп, эки көзү төрт болот.

Бүгүн күн күпсөр. Жер бетин кара туман жойлоп, кар мезгил-мезгили менен акшактап жаап турат. Эл жатар болуп калганда эшик алдынан аттын дүбүртү угулуп, «Айдай» деген Артыктын тааныш добушу угулду. Жатууга кам урунган Айдай көйнөкчөн бойдон эшикке жүгүрө жөнөдү. Артык минген атын кекчейте тартып, узун буттарындагы үзөңгүлөрүн аттын колтугунан ашыра тээп, ээрге чалкалаган бойдон туруп калган экен. Айдай аны көрөр замат кээ-кээде иче койчу адаты боюнча кызымтал экенин дароо байкады. Артык ушинтип келгенде, арсактап күлүп, жаш бала кылбас жоруктарды кылып эркелейт, бирок, жаман айтпайт.

Айдай атын жылоодон алып, колтуктап түшүрмөк болду эле, колтойгон чоң камчысын шилтеп жиберди.

– Ал эмнеси, бала болуп калганбы? – деп ачуу үнүн чыгара жамбашын сыйпады.

– А? – деди Артык үзөңгүгө салмагын салып. Үшүгөндүктөнбү, анын тиштери «кырч» дей түштү.

– Зулпукар, Зупай! – деп уулун эркелеткен болду. Анан пальтосун чечпей эле керебетке көмкөрөсүнөн кулады.

Аяк жакка сүрүлүп калган жамынчыны Айдай жаап жатканда Артык шыргыйдай узун бутун шилтеп жиберди. Байкоосуз коомай турган Айдай бөрктөй учуп, чоюн печкеге артыла жыгылды. Печка оонап түшүп жаңыдан өчүп келаткан чок жайнай түшүп, үй ичи чаңга толуп кетти.

Көзүнөн от чагыла түшкөн Айдай:

– Артык, ушундайың да бар беле? – деп ыйлап жиберди.

Артык күткөн мүдөөсүнө жеткендитенби, же биринчи жолу байкоосуз ушундай ишти кылып койгондугуна өкүндүбү, ошол бойдон былк эткен жок.

Айдай өпкөсү көөдөнүнө батпай сулкулдап ыйлады. Катуу жараланып жана күйүп калган колдору, жерге койдурбай ачыштырат.

Түн жарымы ооп баратат. Айдай дубалга отурду да, тумандуу ойго чөмүлдү. Үй ичиндеги кулак-мурун кескидей тынчтыкты көмкөрөсүнөн жатып калган Артыктын коңуругу бузуп жатты. Анын кылык-жоругун өмүрүндө биринчи жолу жек көрдү Айдай.

Кыял деген күлүк. Анын башына эмнелер келип кеткен жок. «Чын эле Артык ушинттиби? – деди ал ооз учунда шыбырап. Буга кантип колу барды? Же мастыгынан байкоосуз ушинттиби? Эгер антсе “кечирип кой Айыкем” деп адатындай жалбарып айтпайт?...

Көпкө отурду. Канткен менен мурда суук сөзүн укпаган Айдайдын жүрөгү жамандыкка күбөлүк бербеди. – Жок, – деди ал ишеничтүү түрдө, бул мастыктан. «Койлуу катын куйрук жейт, эрлүү катын таяк жейт» дейт. Эр болгон соң таягы тиет да, бырбыйып ыйлап отурайынбы? Кой, сыр алдырбайм. Эртең менен өзү жалынып-жалбарып кечирим сурайт. Бул мастыктан болду...

Ооба, кызматта тургандан кийин жолдош-жоросу болбой коёбу? Бир жолу кичине домдоп койду деп бей жайлык кылганым болбос. Кой сыр алдырбайм...»

* * *

Өтүп жаткан күндөрдүн бири. Артык эрте аттанды. Ал поселканын калың кыштагынан чыкканда түз талаанын бети жазгы күндүн мээримине жадырап жаткан. Тээтигинде кең аянтты айдап бүткөн трактор аркы бозоргон шүдүгөрдүн ортосун как жарып, артына кара лента чубалгансып, жаңы бороз салып баратат.

Төмөн жакта аркы-терки түшүп арык чаап жаткандардын кетмендери жаңы чыгып келаткан күнгө чагылышып жарк-журк этет.

Жаркыраган жаз күнүнүн илеби Артыктын жука пальтосунан өтүп, денеси жайыла сергектенип, көңүлү көтөрүлдү. Ал Кыз-Көл тараптагы мектептердин абалын

текшерип келмек болуп бaратат. Мектеп турмушунун согуп турган майда тамырларына чейин ажырата билет. Мектептерге барганда түк зерикпес мүнөзү менен бардык тармак боюнча карап чыгып, болгон кемчилик, ийгиликтүү жактарын алдыга бадырайтып коёт. Өздөрү үчүн көрүнбөгөн жактарын тактап алышып, кайсы коллектив болсо да көзү ачылгандай ыраазы болуп калышат.

Бир жагынан өзү да билгенин башкаларга айтып берүүнү жакшы көрө турган. Ошон үчүн көп мектеп башчылары, анын келишин чын пейили менен күтүшөт. Ал эми кээ бир иши начар башчылар «Бул коржойгон эмең жер каймактаганда кошо жаралганбы, билбеген, таппаган балеси жок» деп чочулашып калышат.

Артык минген атын камчыланып катуу келатты. Көңүлү негедир көтөрүңкү. Үзөнгүлөрүн учкай тээп, бүткүл денесин шалактата бош коё берип, тору аттын желдей жүрүшүнө эрип баратат. Өзү жөнүндө, иш абалы жөнүндө кыялданып, алда нелерди оюна түшүрөт.

Мына, ал райондук эл агартуу бөлүмүнө башчы болуп иштегенден бери үч жылдан ашып кетти. Кыркка жакын мектеп, үч жүздөн ашык мугалим кол алдында. Анын иши жөнүндө жаман деген киши жок. Кызмат деген ушул экен да... Бул жагынан алганда чын эле абал жакшы. Бар болгону үй-бүлө жөнүндө убайым бар. Эптеп ыгы табылып калса, бул маселе жөнүндө ойлонушуп көрсө болбос беле? Албетте... Канча сонун, билимдүү кыздар мектептерде иштеп жүрүшөт. Баары кол алдында. Бир нерсе деп сөз кошсо, кимиси болсо да жок дей койбос эле. Ушуну ойлогондо Артыктын жүрөгү ылдамдап сокту. Бир кыйлага чейин унчукпай бастыра берди. «Чын» деди өз ичинен күрсүнүп, бул бир дабасы табылбас түпөйүл жарадай болду го. Үч жашар баласын эстеди. Баланын бөйтөйгөн элеси жүрөгүн туйлатып жиберди. Алар жөнүндө жыйынтыкка келбей эле көңүлүн башка жакка бурду.

Артык институттан сырттан окуучу, экинчи курсун бүткөн. Эми үчүнчү курсуна барыш керек эле, ана-мына деп жүрүп барбай калганын эсине түшүрдү. Даярданган да жок. Былтыртан бери китеп окууга убакыты болбой эми түк көңүлү чаппайт...

Кыялы жогорулап талпына берди. «Да, мени райаткомдун орун басарлыгына көтөрөбүз деген сөз бар экен...» Тору атка камчы басып жибергенин өзү да сезбей калды. Атып кеткен курч торунун оозун тарта акырындатты да, эңкее берип эки жагын каранды. Өзүнүн ушул жүрүшүн, кээ бир кыймыл-аракетин райаткомдун председатели Калматовго окшоштурду...

Сайга жетти.

Көк-Арттын сайы али оролуна келелек экен, анткени, капчыгай жылга толуп уюган мөңгүлөр эрий элек. Антсе да күркүрөгөн сүрдүү добуш чыгарып, жаш жолборстой чамынууда. Таштан-ташка сүрдүгүп, ак көбүк чачып, жээктеги жарлардын түбүн сүзгүлөп окторулуп кайра түшөт да төмөн карай ийрилет.

Артык мектепке жеткенде күн али түш бололек болчу. Мектеп директору элпектик менен каршы алды. Артык мугалимдердин ал-ахвалы менен таанышты. Жакында орус тилинен окутуучу кылып жиберилген кызды чакырып, жайланышып алдыңбы, эл-жери жактыбы деп бир топ суроолорду берди. Ал баары жайында экенин айтты.

Мектеп директорунун конторасына кирип, абал жөнүндө ооз эки сураган болду.

Мектеп директору Эшанов орто бойлуу, толмоч келген кызыл жүздүү жигит. Мүнөзү оор, жоош жан. Күлгөндө, оозу бир жагына болор-болбос кыйшайып калчу. Башка убакта ал табигый кемчилигин дайыма жабууга аракеттенет. Азыр да оозу азыраак кыйшайып турду. Анын башында дагы кайсы кемчиликти чубап чыгар экен деген чочуңку ой бар эле. Эшанов Артыктын мектепке келишин анчалык каалоочу эмес. Анын билими

да орто педагогикалык бойдон. Билимин көтөрүүгө түк аракет кылбайт, китептин, газета-журналдын бетин ачып койчу эмес. Андай жоорду көрсө атайлап чукулай берчү Артыктын адатын билчү.

– Кана эмесе, жолдош Эшанов, текшерүүнү башынан, сизден баштайлы. Ал акыл уурдагандай Эшановго астыртан карады. Эшановдун кубарыңкы тарткан жүзүнөн үрөйү учуп турганын дароо сезди.

– Мага биринчи жолу мектептин планын бериңизчи?

– Кандай план?

– Мектептин планы, башкача айтканда, директордун планы, – Эшанов калдастап шкафтарын ачып карамыш болуп, бир нерсе жазган кагаздарын стол үстүнө койду. Артык аны көпкө барактады да:

– Мен мунуңуздан көп нерселерди түшүнө албадым. Кана, кээ бир нерселерди оозэки эле билеличи. Жаңы иштеген жаш мугалимдерди тарбиялоо боюнча кандай методикалык иш жүргүздүңөр? – деди.

– Методикалык иштердин баарын окуу бөлүмүнүн башчысы жүргүзөт. Эшанов оозу бош айтты.

– Ал туура, бирок баары сиз тарабынан пландаштарылып, сиздин жардамыңыз менен завуч аткарабы?

– Албетте, пландаштырганбыз.

Артык дароо чыйрала түштү.

– Сиз планыңызды мага алып келиңиз. Биз анан чындап киришели.

– Макул.

Эшанов ирени кубулуп эшикке чыкты. «Муну дагы балекет басты. Былтыркыдан да жаман абалга туш болдум. Былтыр го катуу эскертти эле. Эми... эми..» – деп жүрөгү дикилдеп үйүнө жөнөдү.

Артык бир-эки мугалимдин сабагына катышты.

Эшанов эки сааттай жоголуп кетип келди да, сабактан эми чыккан Артыкка карап:

– Чай ичип келип, анан отурунуз, – деди.

Артыктар чайга киришти. Сабиз туурап, сүрсүгөн эт басылган палоо келди. Сөзгө алаксып жаткан тигил экөө Эшанов көк моюн шишени «лык» эттире көчүккө бир муштаганда гана билишти.

Кеч курун кара козу союлуп, отуруш эң көңүлдүү болду. Артык кайсы сөз болсо да үстүнөн чыгып, узун манчаларын серелеп эч кимге сөз берген жок. Маңдайынан чыпылдата тер чыгарып, бүткүл денеси менен ары-бери ооп-төгүлүп узак-узак ырдады.

«Айнегиң боосу парпаша...» – деген ырын эки-үч жолу кайталап айтты окшойт...

* * *

Зулпукар төрт жашка кадам коюп, темтеңдеп өзү менен өзү алек. Буга Айдайдын кубанычы ичине батпайт. Ал эми Артыктын мамилеси такыр башкача көрүндү. Эртели-кеч башына чечилбес чиеленген оор иштер түшкөн кишидей калың кабагын бүркөп келип, бүркөп кетет.

Бир жылга жакын мезгилден бери Айдайдын жаркырап кабагы ачылбай жүргөн күндөрү көп. Анткени, Артыктын жүрүш-турушу кескин өзгөрбөдүбү. Кызматында да ишинин таасири жок, күндөн-күнгө артынан сөз көбөйүүдө. Айласы качкан Айдай Артыктын алыстагы туугандарын чакыртты. Апасы болсо качан эле өлгөн, жалгыз карындашы менен тууганы кошо келди. Алиги тууганы акыл-наасат айтты.

Айдай эртең менен үйүн жыйнаштыргандан кийин уулун жетелеп, көчө бойлоп төмөн көздөй басты. Салыңкы башында сан түркүн ойлор ойноп баратат. «Кирсемби, кирбей эле койсомбу? Менин ага киришим менен пайда чыгар бекен? Эгер андай болсо жакшы го. А кокустан, антишимин зыяны катуу тийип жүрсөчү? Мен барып Калматовго айтсам, закон деген катуу, балекет болуп... же жөн койсомбу?...»

Айдай баласын көкүрөгүнө көтөргөн калыбында жол боюндагы зараңдын түбүндө кыймылсыз туруп калды. Ошол арада Артыктын кийинки мезгилдеги кылык-жоруктары көз алдынан чубап өтүп жатты. Үйдөгү супсак турмушун эстегенде ал чыйрала түштү. «Оңолор, эсине келер деп жүрүп, ушул убакка келдим го. Кана оңолгону?»

Айдай жолдун сол жак тарабындагы түнүке менен жабылган чоң үйдүн эшигине бурулду.

– Калматовго кирүүгө болобу?

– Эмне жумуш менен?

– Айдай бир аз мукактанып туруп калды:

– Анын өзүнө айта турган...

Секретарь кыз ордунан туруп жатып сурады:

– Кайдан келдиңиз?

– Ушерден элемин.

Айдай балжагай жүздүү, семиз Калматовду көргөндө аптыга түштү. Анткени анын аты райондун кудайы сымал угулар эле кулагына. Эшик жактагы орундукка отура калмак болду эле, тиги кол учу менен жаңсап, өзүнө жакын бет маңдайындагы орундукту көрсөттү. Айдай коомай отурду. Колундагы уулу эч нерсе менен иши болбой, дубал бооруна илинип, кызыл ала көрүнгөн портретке тигилет.

– Келген экенсиз? – деди райаткомдун председатели Калматов.

– Менин... менин сизге келгеним, – деп Айдай жүнү бош сүйлөй баштады. Анын мындай сүрдөп жатканын байкап турган председатель сөзгө аралашты.

– Сиздин күйөөңүз ким?

– Артык Бакаев...

– Заврайоно Бакаевдин аялысызбы?

– Ооба.

– Дурус, дурус. Тартынбай айта бериңиз. Мында кысыла туртан эч нерсе жок. – Айдай эми көкүрөгүн басты.

Жанатан бери тамагын кысып жаткан неме жоголуп кеткенсиди. Калматов сүрдөбөсүн дегендей, кээ-кээде гана анын жүзүнө карап койбосо, көзүн стол бетинен албай угуп жатты. Айдай ыйлап да жиберди. Бир түрдүү өкүм сүргөн тынчтыктан жадай түшкөн кичинекей Зулпукар энесин тытмалап чатактанды эле, Калматов маңдайында турган кызыл калемди анын колуна карматып койду. Айдай оюндагысын айтып бүткөндө Калматов болтойгон эткел бетин бир аз өзгөртө стол үстүндөгү папиросунан бирди жандырып, жай кыймыл менен ордунан турду. Тамекисин улам-улам соро сөзүн улады.

– Ушундай экен да?. Бул абалды бизге айтканыңыз абдан жакшы. Анын кийинки кездеги өзгөрүлгөн жүрүш-турушу үй-бүлөдөн да көрүнгөн тура...

Калматов кең галифе шымынын чөнтөгүнө бир колун сала, экинчи колундагы папиросун бармак учу менен кармап, дарчанын алдына барып, сырт жакка көз чаптыра кайра тартты.

– Карындаш, – деди Калматов балбырап шишимек тарткан кабак-кашын жыйрып, – Артык кийинки күндөрдө кызматында тартиптен тышкары көп иштерди иштеп жүрөт. Сиз аны байкагандырсыз?

– Ооба.

– Биз анын маселесин Аткаруу комитетинин заседаниесине коюуга даярдап жатабыз. Жакын арада ал иш каралат.

Айдай өз ичинен чочуп кетти. «Өлгөндүн үстүнө көмгөн болгон тура».

– Макул, – деди Калматов, – биз бул айткандарыңызды анын иши каралганда сөзсүз эске алабыз. Ага чейин да мен аны кабыл алып эскертейин.

Сиз көп ойлонбой тиричилигиңизди кыла бериңиз. Балдарыңызды багыңыз...

* * *

Күн кечтеп баратат. Көк жашыл баригин чыгарып көрктөнүп келаткан көчө боюндагы дарактар кечки жорткон желге ыргалып турат. Жаз дегендин жыты кандай! Дем тартсаң жаның сергектенип, көкүрөгүң толо түшкөнсүйт.

Артык көчө боюндагы дарактардын түбү менен акырын басып баратат. Колундагы кармаган шапкасында анча-мынча эле кагазы болбосо, бошпу, ким билет? Көкүрөгү топчуланбай жагжайып, жука пальтосунан москоол ийни, сөөктөрү билинет. Ал райондук Аткаруу комитетинин конторуна жеткенде, эшик алдында райондук кызматкерлердин кээ бирлери турушкан.

Көп өтпөй секретарь кыз чыгып, күтүп тургандарды кирүүгө өтүндү. Артык баарынын артынан ыңгайсызданып эшикти аттап, бурчураак тарапка отурду. Билектери жеңинен эпсиз коркоюп чыгып, топчулары эпсиз салынгансып, кандайдыр өзүн чектен тыш копол сезди. Бар болгону он чакты киши экен. Булардын жети-сегизи райондук. Аткаруу комитетнин мүчөлөрү.

«Т» формасында коюлган столдун баш жагында отурган райаткомдун председатели Калматов заседаниени ачык деп билдирди. Биринчи маселе «Райондогу эл агартуу ишинин абалы жөнүндө болду. Иштин жайын баяндоо үчүн Артыкка сөз берилди. Ал колундагы папкасынын ичинен жазылган кагаздарды алып, отургандардын теке маңдайына чыкты. Жазып алгандарынын аягына чыккан соң, бүттүм деп шарт айта албай, жалтаң көз караш менен Калматовдун жүзүнө карады.

– Бүттүңбү? – деди Калматов ордунан козголбостон гана.

– Ооба.

Райаткомдун мүчөлөрү биринин артынан бири суроолор жаадырып жатты. Артыктын тилинен оргуп чык-

чу баягы сөздөрү качып, оозу кургап, желимди чайнап алгандай илептери батташат.

Айрыкча Райаткомдун председателинин орун басары Чалбаевдин кайра-кайра удургутуп берген суроолору Артыктын шаштысын аябай кетирди. Анткенинин жөнү бар, Чалбаевге агартуу иши тиет, Калматовго жалпы жетекчилик жана чарбачылык.

Суроо бүткөн соң Артыкка отурууга уруксат берилди.

Андан кийин Чалбаев турду ордунан. Ал жапалдаш бойлуу, чурмуйган кара жигит. Үнү ничкерээк келип, бирок деле бийик. Нымдап туруп кайра тараган чачы, кичинекей бети, тез кыймыл-аракети кимдин болсо да көңүлүн өзүнө тарткандай.

Ал райондук агартуу ишинин абалын ийнесинен жибине чейин айтып жатты.

Артык отурган жеринде таш болуп калган. Коркойгон узун мойну кынына кирип кеткендей башы төмөн түшүп, иреңи кубулуп, бүткүл денеси чымырап баратат. Бара-бара Чалбаевдин сөзү ачуу боло баштаган сайын Артыктын булуттай кечкен кыялы өзгөрүлөт. «Акмак, – деди кыялында, – өчү бардай ушинтип да жамандайбы?.. Жолдошчулукту билбеген жүзү кара десе, бир тиштем нанды бөлүп жеп, бирге окуп, бирге чоңойбодук беле? Андан калса, үч-төрт жылдан бери кызматташ болуп... Ооба, бул көрө албайт. Мени райаткомдун председателинин орун басары болот деген сөз болуп жүрбөйбү. Ооба, ооба, баары түшүнүктүү...» Артык ушул мезгилде өзүнүн кайда отурганын таптакыр унутуп калган.

Артык орун басар... Кабинетинде отурса эшик такылдайт. «Да» деп үнүн бийик чыгарганда, жупуну кийинген жүдөңкү Чалбаев кирет. Колго түшкөн экенсиң го, баатыр. Азыр эмне кылам десем колумдан келет.

Артыктын таттуу оюн:

– Кана, биринчи маселе боюнча сүйлөөчүлөр барбы? – деген Калматовдун жоон үнү бузуп жиберди.

Дагы эки-үч киши сүйлөдү.

...Калматов басаң үнү менен жай сүйлөп жатат.

– Сиз, жолдош Бакаев Артык, – деди Калматов сөзүн аяктай берип, Артык отурган жакка жүзүн буруп, – кесибиңиз боюнча мугалимсиз, тарбиячысыз. Мораль-мораль деп мораль жөнүндө көп сүйлөйсүз, ал эми азыркы кезде өзүңүз моралдык жактан ыдырап баратка용ыңызды түшүнөсүзбү?!

Калматов айтып бүттү. Ал отурган соң бир мүнөтчө кулак кескендей тынчтык өкүм сүрдү. Жооптуу секретарь заседаниенин токтомунун алдын ала даярдалган проектисин Калматовго узатты. Анын пункттарынын биринде «Райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы Бакаев... ишинен бошотулсун» деп көрсөтүлгөн.

Калматов проектинин чечүүчү жерине көз жүгүртө карады да, каштарын бири-бирине жакындатып, маңдайын тырыштырды.

– Жолдоштор, – деди ал чоң тулкусун көтөрүп ордунан туруп,– биз бул маселе боюнча иштин маңызына түшүндүк. Жогоруда сүйлөгөн райаткомдун мүчөлөрү Бакаев бул кызматта мындан ары иштөөгө мүмкүнчүлүгү жок, ишинен бошотулсун деген сунуштар киргизишти. Ооба, мен да азырынча макул деп коёюн. Көңүл берсеңиздер беш-алты ооз кошо турган сөзүм бар. – Ал көп нерселерди айтып, минтип жыйынтыктады, бүгүнкү жолдоштук пикир алмашуу, же айтылган сын ага сабак болор. Ошондуктан кетирген каталыктары үчүн катуу сөгүш берип, өз ишин тез аранын ичинде кайра куруусун тапшырсак деймин. Кандай дейсиздер, жолдоштор?

Баятан үнсүз отургандардын эки-үчөө дароо эле.

– Туура – деп баш ийкешти.

Артык эшикке чыкканда жаратылыш көөдөй түндүн кучагында экен. Жылдыз бетин чүмкөгөн жазгы булуттар жерге жакын самсаалап элп эткен жел жок нымдашып турат. «Акмак, чын эле мени көрө албайт...

Анчалык деле иш эмес эле, ушунча бакырганын карабайсыңбы. Чалбаевдин оюна койсо мени чайнап жок кылат эле. Көралбастык... Оо, Калматов мени билет... Шадыкановдор эл душманы болгон оор шартта да ал мага ишенген. «Бакаев жаман кызматкер эмес...» дебедиби... Азыр тынчтык кез. Бирөөнүн арак ичип койгону да саясы айыппы?... Жаман катындын Калматовго келгенин карасаң. Ошол баарын кесип кетти. Болбосо, Калматов мага сөз тийгизбейт эле. «...Койнуңда жатып билинбейт, катындан жаман душман жок» деген ушул турбайбы. – Анын кыялдары жакшылыктуу жакка учкан жок. Азыр эле заседаниеде айтылган өз кемчиликтери күңүрттөнүп билинбей баратты... «Атасынын көрү, кан артында каяша» деген ушул. Баары көралбастык... Айдай өзү барбайт эле, бирөөнүн сөзүнө кирди. Ай капыр, Чалбаевдин колунан келди дейм?».

Адам баласынын алдына койгон турмуштук максаты болуу керек. Ошого жетүү үчүн талпынат, ал бүткүл жашоосунун отун жандырып, жүрөктүн мотору сыяктуу демилге берет.

Артыкта мындай максат бар беле? Бар болучу. Айлар өттү, жылдар өттү, өзүнүн ушул тунук сезимин кир жугузбай сактай алдыбы? Жок!.. Алдыга койгон асыл максатын убактынча курсантчылыкка жеңдирди. Рухи жактан жакырланды. Күнүмдүк жыргалчылыгын ойлоодон чыга албай калды. Анча-мынча ийгиликке магдырап көптү, демилге өчтү...

...Мына, Артык райондук эл агартуу бөлүмүнүн башчылыгынан бошогонуна эки айга жакындап баратат. Райондун борборундагы бир мектепке мугалим болуп иштеп калды. Ал өзүн өтө маскараланган, төмөн чөккөн киши катары эсептеп, ичине кан уюгандай сыздап жүрдү.

«– Баары бүттү,– деди ал кызымтал абалда жалгыз тунжурап ойлонуп жатып,– баары бүттү... – Мен бир топ кемчиликтер кетиргендирмин, бирок, мынчалык жазага

татыктуу эмес элем го?». Калматовдун акыркы ачуулуу элеси улам эсине түшөт.

«Мына бардык ишти чече турган Калматов да мени жактырбай калды. Эми ал мени кайра жогорулатпайт. «Сен өз айыбыңды эмгек менен акташың керек. Сен үчүн бул – сабак, чыныгы сабак, тарбия» – дейт. Ушинтип да тарбиялайбы?»

Артык аны тарбия катарында сезбей, өзүн маскаралан-ган жан катары эсептеп, жолдошторунан, жакындарынан алыстап жекелене берди. Эч кимге сыр айтпайт. Өз оюн, өз жыйынтыгын гана ичтен бекемдейт...

* * *

Бир күнү Артык көздөрү канталап үйгө кирип кабар-чыктап, үнсүз отурду. Анын жаак эттери түйүлүп буулугуп турганын көргөн Айдай сөз чыгарбаска тырышып, тамак ашын алдына коё салды. Үй ичинде кулак-мурун кескендей тынчтык, экөө эки жерде мүрзө болуп, дем чыгарбай үнсүз. Артык көзүнүн чаарын чыгара Айдайды зекий карады:

– Эми мүдөөңө жеттиңби? – деди курс этип кабышкан тиштери «кырч» дей түшкөн эле.

Айдай жооп берген жок.

– Мына Чалбайдын баласы экөөңөр тилегиңерге жет-тиңер.

– Ал эмне дегениң.

– И-и, – деди Артык кекерлеп, – эми билбей калды-ңызбы?!

– Түшүнтө айтпайсыңбы?

– Түшүнтө айтсам ошол, бар эми Чалбайдын баласына тийип ал.

– Айта бер, оозуңа келгенди.

– Сөзүм – сөз, койнумда жатып кара санагандан кийин сендей катыным жок, үч талак эмес, миң талак койдум. – Айдай сумсайып тиктеп калды.

– Бар, – деди Артык шилекейин чачыратып, – кете бергин, жол тигине. – Коркойгон сөөмөйү менен эшик жакты көрсөттү.

– Каякка барам?

– Атаңкына барасыңбы. Чалбаевдикинеби – ишим жок.

– Сен деп жүрүп ата-энемден эрте күндө кол үзгөнмүн. Менин барар жерим жок, баш калкалар карааным – ушул үй.

– Үйдөн азыр чыгып кет.

– Мен бул үйдөн чыга албайм.

Артык ордунан Айдайга карай камандай атырылып турду…

Айдай менен Артыктын уулу Зулпукар төрт жашка кадам коюп, бөйтөңдөп жүгүрүп жүрөт. Борсойгон тоголок беттери, кыткылыктап күлгөндө жумула калчу карагаттай сүйкүмдүү көздөрү кичинекей наристенин ыманын ысык кылып көрсөтөт.

Бүгүн Зулпукардын табы айнып калыптыр. Эти ысып, тамакты көргүсү келбей, аянычтуу добуш чыгарып ынтыгып онтойт. Артык шаарга барып келем деп кечээ кеткен боюнча жок. Адатындай буттары чалыштап басып жүргөндүр деп ойлоду Айдай.

– Доктурга… – деди кирген коңшулардын бири.

– Артык келатат! – деп экинчи аял кирди эшиктен.

Артык кара муруттуу жоон адам менен кошо келди. Азыраак кызымталдай. Айдай аны көрөр замат ыйлап жиберди. Тиги болсо коркойгон тизелерин бүгүп, баланын жанына отурду да, узун мурдун салаңдатып анын үстүнө үңүлдү.

– Зулпукар, Зупунтай…

– Бол, отурба,– дешти үйдөгүлөр, – доктурду чакырып келе гой…

Артык менен кошо келген алиги кара муруттуу жоон киши балага бир аз башын чайкап кейиген болду да, үй ичин, тамдын шыптарын тегерете карады.

Үй бир далис, ичкерки үйдөн турат. Ичкеркисинин асты такта, үстү болсо камыш менен жабылган.

– Бул ким? – деп сурады тургандардын бири тиги кара муруттууну көрсөтүп.

Артык ушул замат:

– Бул – уста. Үйдү ремонттоюн дедим эле,– деди кара муруттууга жакындай түшүп.

– Бол, Артык, докторго жөнө. Ремонтуңду анан сүйлөшөрсүң?

Артык селолук советтин конторасынан шашылыш чыгып, жолго түшкөндө күн батып бараткан эле. Газетага оролгон бир нерсени мыкчый кармап кабагын тырыштыра ойлуу. Ары-бери өткөндөргө да көңүл бөлбөй, тунжураган абалда жол жээктеп баратты.

Калың бактын шактары төмөн көздөй салбырап, иңир караңгы түшүп келатат. Артык колундагы оролгон газетадагы чоң тутам отуз сомдук кызыл кагаздарды мыкчый кармап, папиросун аптыга-аптыга соруп тунжурайт.

Мындан үч күн мурда Артык мектепти көздөй бараткан болчу. Алдынан мектеп директору учурай калып:

– Артык,– деди ал шашылыш түр менен,– сиз азыр мектепке барасызбы?

– Ооба.

– Анда мынабул акчаны завучка берип коюңуз. Мен шашылыш жумуш менен Облоного барып келмек болуп калдым.

– Макул.

Артык директордон ажырап, арыраак басканда, кыдыңдап келаткан баягы Орунтайга учурады, Артык досун көргөндө кубанып кетип;

– Ээ Окем,– деп баштагадай жылуу учурашмак болду. Бирок, Орунтай кайдыгер гана кол берип, оолак мамиле кылды. Адатындай Артыктын бала-чакасын да сураган жок. Чепең этип бурулуп, жанындагы киши менен жогорураактагы ашкана жакка бет алып кетти.

Бир орунда мустарап болуп туруп калган Артыктын ичи тыталанып, жаны күйүп кетти. Анткени заврайоно кезинде жок жерден «бир tууган» болуп жүргөн Орунтайды эч качан мындай кылат деп ойлогон эмес.

Артыктын ичи тыталанды.

Ал ызасына чыдабай Орунтайдын артынан ашканага кирди да, обочороок жердеги столго отуруп, бир стакан арак чакырды. Көз кыйыгы менен Орунтайды зекий тиктеп, кекенич менен көңтөрө согуп жиберди. Анан...

Эртеси Артык паанайы пас салбырап, мектеп директорунун конторасына кирип барган.

– Сен кайдан... – деп мектеп директору чекесин тырыштыра тиктеп калды.

Артык калтыраган колу менен отургучтун артын таяна, багыныңкы мүнөздө бошоң сүйлөдү.

– Мени... балекет басып...

– Эмне болду?

Артык сүйлөй албай төш чөнтөгүн көрсөтө:

– Акча мобу чөнтөгүмдө болчу.

– Анан?

– Бир сволочь... – Артык сөзүнүн аягын бүтө албай дудалактанып калды.

– Алып кетиптирби?

– Ооба.

– Муну сволочь дейт. Сен түн ичинде жол боюнда жатсаң...

Артык кабагын тырыштырып, коңкойгон мурдун салаңдата жер карады. Директор кызууланып жатат.

– Ал мугалимдердин айлыгы эмес беле?

– Эми үч-төрт күн чыдап бергиле. Кандай болбосун тикелеп берейин....

– Кайдан тикелейсиң?

– Тамымды болсо да....

Мына, Артык ал айтканын азыр орундаткан. Баятан бери анын башында дагы бир ой бийлик кылат. Отуз

сомдук кызыл кагаздарды тутамдап, тунжурап отурган калыбында колун терс силкти. «Атасынын көрү... Мен бул жерде баары бир көктөй албайм. Катындан болсо эрте күндө көргөнүм бу болду. Талагы колунда... Иши кылып кайрылгысмын. Балдарым?.. балдарым бир күнүн көрөр... Как атасынын көрү... Эми мен бул жерде көктөй албайм. Жаңы кадыр-баркты, жаңы карьераны башка жерден табышым керек...» Ал ордунан ыргып туруп, жол боюндагы бактардын ай нурунан жол талашкан таргыл ала көлөкөсү менен ылдамдай басып, төмөн көздөй жөнөдү...

* * *

Зулпукар онтоп чабалактайт. Анын оорусу аябай катуу. Коңшу-колоңдор чогулуп жатышты. Бирок, Артык жок. Акыр аягында кимдир бирөө доктур чакырып келди.

Күн түш ооп бараткан мезгилде көчө менен майпаңдап басып, кечээ күнкү кара муруттуу жоон киши келди. Жабыла Артыкты кайда деп сураштты:

– Жок,– деди ал чочуп, – мен бүгүн аны эч көргөнүм жок, биз кечке маал сельсоветте болуп, мына бул договорду жазып, – ал чөнтөгүнөн селолук советтин печаты басылган, бир нече кишинин колу коюлган кагазды көрсөттү, – акчасын санап председатель сельсоветтин алдында колуна бергемин.

– Ал кандай келишим? – деди кимдир бирөө.

– Артык бул тамын мага саткан.

– Ушул тамдыбы? – Айдай чочуп кетти.

– Ооба, биз кечээ көрүп кетпедикпи.

Иш жайына түшүнгөн Айдай үнсүз туруп калды... Кечке маал Зулпукардын оорусу жеңилдеп айыл коңшулар үйлөрүнө кетишти. Артык али кайткан жок. Анын эмне болгону Айдай үчүн ачык болуп калды.

Айдай үйгө чырак жакты да, Зулпукарды уктатып коюп өзү төшөк үстүнө жамбаштады. Билиги аз чыгарылып үлпүлдөгөн чырактан үй ичи көлөкөлөнүп күңүрттөнөт. Дың эткен добуш угулбай тунжурайт. Айдайдын көзү кирпик ирмебей бир чекитке тигилүүдө. Эки күндөн бери кем уйку болгон көздөрүнүн агы кызарып, кирпик асты балбырап шишиген. Шамал жалаган бети билинер-билинбес туурулуп, ажары качып кубарыңкы. Ушул жатышында анын башында эмнелер гана келип, эмнелер гана кеткен жок дейсиң?

Кыялдын жеңил канатында делдектеп, түпсүз санаалардын арасында учуп баратат... Жок дегенде там-ташы өз колунда калса, Зулпукарынын колунан жетелеп, эптеп-септеп оокат кылбайт беле? Эми айласы не болот? Эки-үч күндөн ашырбай сатып алган кишиге бошотуп берүү керек. Анткени ал законду түрдө сатып алды. Корголоп барарга Артыктын жакын туугандары да жок. Андай болсо деле алты саны аманында бирөөнүн үйүнө киренди кирип, оозун ачып анын колун караганда кайсы күн болмок? Ал эми, өз ата-энеси жөнүндө ойлонгондо да иштин жайы начар. Артык үчүн аларды дос-душмандын алдында уятка калтырган. Ар-намыстын уусуна чыдай албаган каардуу атасы тескери батасын тартып, «сендей кызым жок, өлгөн балдарымдын бирисиң» деп кечип жиберген. Жылдар өткөн соң, Айдай кечирим сурап ыйлап-сыктап барганда да, заардуу жыландын башын көргөндөй каарын чачып, «ичкен касамымды кайра кусуп, кудай алдында күнөкөр боло албайм, найсап...» деп үйүнө киргизбей кайра кууган. Бирок, тууган-урук, эл-журт Нышанды жемелеп-жукалагандан кийин араң элдешишкен. Ошондон кийин Айдай алардыкына барып жүрөт. Айдайдын апасы да тез-тез келип, небересин сүйүп кетип турчу. Бирок, Нышан Айдайга баштагыдай мээрин салбайт, Айдайдын үйүнө бир жолу да келген жок. Эми анын чырагына май таамп, табасы канар бекен, ким билет?

Айдай ич күйүткө чыдай албай ачуу үшкүрүнөт. Коржойгон узун бойлуу Артыктын үлдүрөгөн мас элеси бет алдынан жакындайт, өңүнүн заардуу түгү чыгып, көздөрү коркунучтуу айбандардыкындай жылтырап баратат. Андан чочуп кеткен кичинекей Зулпукар чыңырып келип «апакелеп» көкүрөгүнө боюн таштайт. Айдай селт этип көзүн ачат. Жанында эч ким көрүнбөйт. Үлпүлдөп күйгөн чырактан үйдүн ичи күңүрттөнүп кана турат.

Айдай кайрадан жаздыкка башын койгондо, күлүк санаасы ойт берип, алда качан өткөн элестерге чарпылат...

...Күз. Пахтанын алды ачылып, талаа бети жайнап келатат. Теримдин башталышына эки-үч эле күн калган. Теримчилердин делебеси көтөрүлүп, мелтиреп жаткан талаага көз чаптырышат. Айдай өткөн жылы адегенде жакшы арбыталбай жүрүп, кийинчерээк тасыккан. Үч-төрт гана темирчини кууп жете албады. «Шашпа, – дейт колуна түкүрүп, – шашпа, ошол алдыңкылар менен быйыл бир өлбөгөн жерде калышпасам арманым арылбас...» Майда өрүлгөн чачтарын серпип аркага таштап, зар допусун оңдоп баса кийет. Дал ошондой зор максат, ишенимдүү ички сезим менен убакытты гана күтүп турган шартта айлуу түндөгү той, андагы шарт эки жаштын тагдырын бирге чечпедиби...

* * *

Үлпүлдөп күйгөн чырак түнү бою өчкөн жок...

Түн терметип түпсүз санаалар менен алпурушуп, ойго келбес карантүн башына түшкөн Айдай үчүн уйку-соонун арасында аалам астын-үстүн түшүп кеткен сыяктуу сезилген. Ал эртең менен эрте туруп, эшикке чыкты эле, бардык көрүнүш өз жайында. Сур булуттар самсаалап кабагын түйүп, күн бүркөлүп калган экен. Көчөгө чыккан бирин-серин эл көрүнүп, ар ким эшик-элегинде өз тиричилиги менен алек. Айдайдын эч нерсе кылууга

көңүлү барбады. Негедир, бир белгисиз күч жүрөгүнүн тынчын алып мыжыгып-мыжыгып төмөн карай тартып жаткансыйт.

«Ээси келсе бээсин бер» дейт, үйдү сатып алган ээсине бошотуп берип, айдың-талаада калууну эсине түшүргөндө, көзүнө жылуу жаш толуп кылгырды. Келечек күнүн ойлогондо, көздөрүн таңып койгондой тунжурап, эч нерсени болжой албады.

Бир кыйла убакыт өткөн, дүп-дүп этер менен Айдай эшикке чыгайын дегенде, дарбазаны шарт ачып, Бекмамат кирип келди. Ал сербейген сары муруттарын чыйратып коюп, таңдана сүйлөдү.

– Артыкка эмне болду, ботом?

– Ким билет.

– Аныңыз соо эмеско. Азыр конторага келип угуп, таң калсам болобу. Баласынын катуу оорусуна да карабай, бу эмне деген акмакчылыгы?

– Аны бир айтасызбы.

– Ботом, конторада жоон кара муруттуу киши отуруптур. «Ушинтип, мен Артыктын тамын сатып алдым эле, өзү бала-чакасын таштап качып кетиртир. «Биздин чатагыбызды чечип бер», – деп суранат. Анан аки-чүкүсүн толук угайын деп сага бастырып келгеним.

– Ушундай болду, аке,– деп Айдай Зулпукарын алдына алып отуруп, болгон ишти толуктап түшүндүрдү.

– Ботом, мындайды ким уккан? – деди Бекмамат сары мурутун сербейтип. Ал дагы бир кыйлага аны-муну сурады:

– Жүр, эми карындаш, конторго барып, бул чатакты чечели.

Айдай Зулпукарын жетелеп конторага барганда баягы кара муруттуу киши башын ийкеп ырайымдуу учурашты Айдай менен.

Бекмамат өзүнүн стулуна отуруп алгандан кийин сөз баштады.

– Кана айткылачы, кимиң там сатып, кимиң алдың?

Кара муруттуу жоон киши чын дили менен айта баштады.

– Жолдош председатель, мен мындай болорун түк билгеним жок. Артыгыңарды, мен качырып жибергенсип уят болдум. Мен там сатып алышым керек болчу. Сиз өзүңүз бар элеңиз, договор жазып, ачкасын санап бербедимби.

– Ооба, ал келип, үйүм мектептен алыс болгону үчүн мектеп жанынан башка там сатып алдым дебедиби.

– Ооба, ооба... деп кара мурут кубаттады.

Сөз көпкө чейин созулду. Бекмамат акыры чечкиндүү айтты.

– Үй сизге берилбейт, акчаңызды кайтарып аласыз.

Кара муруттуу киши ийнин кысып, башын бир жагына кылжың эттирди да: – Эмне үчүн? Мен толук законду у сатып алдым, – деди чыйралып.

– Албетте туура. Бирок, баласы менен бул бечараны жолго чыгарып коймок белек? Кайда барып арыздансаңыз да мейли, үй берилбейт. – Кара муруттуу киши кайдагы закондорду айтып талашып көрдү.

– Акчаныздты, – деди Бекмамат сары мурутун чыйратып, – он күндөн кийин менден аласыз.

Тиги кыйла кабагын бүркөп, таягынын учу менен жер сайгылады да:

– Жолдош председатель,– деди ал, – аргасыздан көнүүгө туура келет. Бирок, андан кечиктирбегиле,– ал таягын таянып, майпаңдап чыгып кетти.

Айдай үйүнүн өзүндө калганы үчүн конторадан сүйүнүп чыкты. Айласы кетип, канаты менен жер чапкылап калган учурда, бул да болсо чоң жеңиш болбодубу. Өз ичинен Бекмаматты алкап-алкап ыракмат айтты. Жолдо баратып тамдын акчасын кантип таап берүүнү ойлоп башы катат. Атасыныкындагы кунаажынын базарга апарып сатууну чечти өз ичинен. Мындан эки жыл мурда Айдайдын апасы келип, зарыл болуп калды деп, акча

карыз алып кеткен. Кийин кайтарып беришпей эле «бир торпогубузду силерге атап байлап койдук, кызматчыга мал керек эмес бекен. Биздикинде жүрө берсин, эми эле уй болуп калат» деп коюшкан. Айдай ошону сатып берүүнү ойлоду. Жетпесе үйдөгү килемди кошо сатармын. Дагы көрөрмүн... Тамдын өз колумда калганына сүйүнөйүнчү» – деди басып баратып...

Күндөр жылып өтүп жатат. Айдайдын башында тунжураган ойлор көп. Эккен эгини, сайган көчөтү болбосо, күн өткөрүүнүн айласы не болот?

Бужер кыштак деп айтарлык кыштак эмес, же бир жолу шаар эмес, орто заар жер.

Арадан үч-төрт айга жакын мезгил өттү. Айдай акыры жөн жата албай, колунан келер иш табылса, иштеп көрөйүн деген жыйынтыкка келип, бир күнү райаткомдун курулуш-ремонттук конторасына кирди.

Контораныи башчысы кара сакалын Пугачёвчо тегерек кылып койдурган орто жаш, улуту боюнча украинец киши экен. Ал жазып жаткан калемин стол үстүнө коюп, кирген аялга көңүл бергендей болду.

– Келиңиз,– деди башын ийкеп.

Айдай коомай отурду да: – Мен иштөөгө иш табылар бекен деп кирдим эле,– деди. Сүйлөп жатып, кандайдыр ыңгайсызданып, тула бою калтырап кеткенсийт.

Кыштактык бычымда тигилген кең көйнөк, маасы-галош кийген бул аялдан андай талап күтпөгөн начальник кайра суроо берди.

– Өзүңүзгөбү?

– Ооба, өзүмө.

Начальник ойлоно калды.

– Эмне кесибиңиз бар?

– Менде кесип кайдан. Колумдан келер иш бар бекен дедим эле. – Начальник ал-жайын, кимдигин сураган соң башын кармап бир нерсесин эске түшүрүп жаткандай

болуп калды да, кайра аягандай Айдайдын баш-аягына көз жүгүртү:

– Бизге жумушчу керек. Бардыгы курулуш үчүн. Шыбак шыбап, таш көтөрүп, кыш кармап иштөө керек.

– Жумуш болгондон кийин жеңили болор беле, албетте, оор болот да, – деди Айдай барын мойнуна алгандай.

– Макул эмесе, – ал абалдын ийне-жибине чейин түшүндүрүп айтты.

– Эртең мененден баштап ишке киришиңиз.

– Рахмат! – Айдай өзүнө мүжүмал болгон жерлерин дагы толуктап сурап алып, үйүнө кайтты.

Ал эртеси курулуш үстүндө болду. Дөбө-дөбө болуп жыйылып, кээси чачылып жаткан кызыл кыштар, тактайлар, жумуру жоон жыгачтар аркы-терки үйүлүп жатат. Он чакты эркек, беш-алты аял иштейт экен. Узунунан кеткен чоң имараттын курулушу жүрүп жатыптыр. Кыштак аялдарынча кийинген Айдай алардын жанына келгенде, баары суроолуу көз менен карап калышты.

Айдай урулуп жаткан дубалдын үстүндө кыш коюп бараткан бир аял менен эки кишиге көңүл бөлдү. Тиги аялды карасаң, кол-колуна жукпай кыштарды эпилдетип коюп жатканын. Колуна алган соң аялдабай, шып коё койгон кыштары бир эли кынтык чыкпай, чып эле жабыша калат.

Айдай бир орус аял менен замбар колдошуп, кыштарды дубал түбүнө жакындатып жатты. Тигил аял кыргыз тилин түзүк эле билет экен, маектешип сүйлөшүп жүрүшөт. Күйөөсүн сураганда, качып кетти дештен уялып, аскерге кеткен деди. Анда ошондой учур эмеспи, аял күмөнсүз ишенди.

Айдай өзүнүн далбыраган кең көйнөгүнөн бир паста эле жүдөдү. Жанындагы аялдын көйнөк-шым кылып туюк тигилген комбинезонун көрүп кызыгып калды. «Карасаң,– деди өз ичинен,– ишке эптүүлүгүн. Баарынан да туптуюк келип, чаң-чуң кирбейт тура. Үйдөгү беш метр немени мен да ушундай тиктирип албасам...»

* * *

Ата Мекендик согуштун оор жылдары өтүп жатты. Элден үрөй учуп, жер сууңун кадыры арткан чак. Эр жигиттер бирин-серин. Курулуштабы, көз жетпеген эгин талааларындабы, күнөстүү бетке мал жайган жайыттабы, кыскасы, кай жерди карабагын шымаланып билегин түрүнгөн аялдар.

Баягыда кең көйнөк, галош-маасы кийген Айдай кызыл кыштарды коомай кармап замбарга салган учурлар алыс калган. Ошондогу махорканы жоон ороп оозуна салып, бети-башы чаң болгон, кара муруттуу, сөгүнүп сүйлөгөн ачуулу кишилер азыр жок. Алар эр милдетин аткарып, кан төгүлгөн майданда. Ремонт-курулуштук конторада иштеген жумушчулардын арасында бирин-экин эле эркектер болбосо, баары аялдар. Ошондо жатыркап келип, элге кошула албай, замдардын бир учун учкай кармап, оорсуна майышып араң баскан Айдай кол-колуна жукпай кызыл кыштарды кынаштырып, курулуп жаткан үйдүн дубалынын үстүндө жүрөт. Ал азыр аламан жумушчулардын бири эмес – ташчы. Өз ишине аябай тазыккан. Шак-шак сүйлөп, кээде уят сөздөрдү да аралаштырып айтуудан кайра тартпай, бир жолу башкача кулк-мүнөзгө ээ болгондой. Баягы кичинекей Зулпукар болсо мектепке барат, биринчи класста окуйт бирок, чынын айтуу керек, үйдө турмуш кубанарлык эмес. Анткени тапкан акчасы күндөлүк оокатты камсыз кыла албайт. Себеби бир килограмм ундун баасы канчага чыгып кеткенин көрүп отурбайсыздарбы. Ошондо да табыла койсо экен. Эки кишинин ичүүгө тамагы гана болсо жакшы болбойт беле, кыш-күрөө деген болот экен, кийим-кечени эмне кыласың?

Күн тызылдап кайнап баратат. Мурдунун бир таноосуна ылай жабышып, бети-башы чаң болгон Айдай бир колуна ылай сүзгүч калагын кармап, тигилер алып берип

жаткан кыштарын бери жакындатып алганча, урган дубалынын үстүндө ойлуу отурду. Анын эсине кылт этип үй оокаты түшкөн болчу. Мына, дагы айлык тийгенче он күндөй убакыт бар. Ал эми үйдө болсо чымчым бир нерсе жок. Бирөөлөрдөн карыздап турса чыга коёр дейсиңби. Алар деле өзүндөй да.

Кечээ ал балдар үйүнүн директоруна барып сүйлөшүп келген. Алы-жайын түшүндүрүүдө, оозу-мурду кыйшайбай туруп, эрим өлүп калган деп айткан. Бул тууралуу ал өз ичинен көп деле уялган жок. Чынында эле, өлүм алдында жаткан баласына карабай, айдай талаага таштап коюп качып кеткен кишинин өлүп калгандан кандай айырмасы бар. Же бир палан жерде жүрөт имиш деген кабары болбосо.

– Макул,– деген балдар үйүнүн директору орто жаштан өтүп калган көк-ала чачтуу аял, – макул, балаңды беш-алты күндөн калбай өткөр. Бизде ансыз да орун толуп калган. Азыркы шартты өзүң да билесиң го.

Бирок, анткени менен Айдай өзү да ойлуу болуп калды. «Баламды өткөрүп берген менен өзүм бук болуп өлүп кетер бекенмин. Деги андан ажырап жүрө аламбы? Маңдайымдагы жалгыз бир медеримди аерге өткөрүп берип, жалгыз жүрөйүнбү? Кылдайды тапсам деле бөлүшүп жеп, маңдайымда эле кармап отурсамчы? Бүгүн көргөнүң эртең жок болуп замандын түрү минтип турса, кой, колумдан чыгарбайм... Ооба, ошентейин, баламдан ажырап менин күнүм не болот? Эми тирүү койгондон кийин куру койбос, өзүм менен эле бирге болсун...» деп түндө көпкө чейин уктай албай жатып ушул жыйынтыкка келген.

Азыр да ошону ойлоно калды. Чын эле өзү менен кошо алып жүрсө болмок, бирок үй абалы белгилүү болуп турбайбы. Турмуш деген өжөр нерсе, билгенин коё бербейт да, «Жок,– деди азыр маңдайын таянып көпкө чейин отургандан кийин,– жок, балдар үйүнө өткөрүп бербесем кыйын болгудай. Менин тапканым анын жеген-

ичкенине, кийимине эмес, өзүмө зорго жетет окшойт. Берсе берейин, жакын жер, эртели-кеч жүгүрүп барып көрүп турармын. Бир жагынан таалим-тарбия алып окуйт эмеспи. Обу жок жерден баласааксынганым болбос...»

* * *

Айдайдын атасы Нышан чал мурда кызынын үйүнө баш бакпай жүрсө да, Артык дайынсыз жоголгондон кийин алты, жети ай убакыт өткөндө бээсин минип алып келген. Тиштенип көп сүйлөбөй тунжурап отуруп, кызынын абалына ичинен кейиген. Небереси Зулпукарды алдына алып эркелеткен. Анын тунжурап капалуу отурушун көргөн Айдай өз ичинен тымпыйып, атам ушул отурушунда мени табалап жатат бекен деп корсунат. Чынында Нышан ал жөнүндө эскерген да эмес, бар болгону, Айдайды өз жанына көчүрүп алып кетейин десем көнөр бекен деп кош ойлуу болчу.

Нышан чал көпкө чейин кысылып отуруп, «балам, мында эми баш көз болор калканчың жок, жаш балаң менен кыйналып каласың. Көчүрүп алып кетейин, биз ач болсок ач, ток болсок ток отурарсың» дейт. Айдай анда ишке орношуп бир аз жайланышып калган эле. Кантсе да көңүлү түтпөй, өлүү-тирүү болсо да Артыктын бир кабары угулар, анан көрө жатарбыз деп жүргөн учуру болчу. Ошон үчүн көп ойлобой эле «жок, ата, буерге ишке орношуп алдым. Бир жагынан жакын жер эмеспи, кабарлашып турарсыңар» деп койгон.

Ошондон бери эки-үч жыл өтүп кетти. Кээ-кээде Нышан өзү келип, кээде кемпирин жиберип, кабар алып турушат.

Эрте күз. Жолдор чаңга аябай семирип, басып баратсаң боз топурак кызыл ашыгыңдан келип борпулдайт. Мурду-башын чаң басып тегирменчи түспөлүнө келген таңыракай мурун, тууруk бет торбодой балдар шапала-

гын солгун-солгун булгап, кош ат чеккен арабасын катуу айдап өтүп кетсе, уюлгуган чаң тумандай көтөрүлөт да, жай толгонуп жол боюндагы катар талдардын шагын аралап, бара-бара сиңип жок болот. Айдайдын үйү заготзерного өтчү чоң жолдун боюнда эмеспи. Эртели кеч эшик алдынан араба, унаа тынымсыз өтүп турат. Тууралжын келген чоң каптарды жапма салынган топ-топ эшектерди, шаа мүйүз өгүздөрдү айдаган катындар, кирпигинен бери чаң басып мотурайган майда балдар өтүшөт. Тигил аялды карасаң, байкуштун далбардай чоң тигилген көйнөгү узун келгенби, белин эски кенеп шорна менен бууп, көкүрөк жагына жыйнап алыптыр. Бутундагы эски байпагынын бир жагы бошоп кетип, жаман батинкесинин башына жабылып калган. Тиштерине баткактанган чаң токтоп, илептери кеберсип чаңкап баратркансыйт. Антсе да, артында келаткандарга кайрылып бак-бак сүйлөйт да, борпулдаган чаңды аянбай кечип, колундагы кыска союлу менен эшектерди такымга сайгылап ылдамдатат. Түшкү тамакка келгенде буларды көрө калган Айдай: «А жүзүң, куруган согуш, көрбөгөн жапаны көрсөттүң го. Болбосо, ушул катындар кол учунда гана сыпайы иштеп, алчыланып жүрбөс беле. Ушинтип жүрсө да бечаралардын үмүтү чоң. Атаганат, Артык деле эл катары аскерге кеткен болсо, бул көпкө түшкөн алаамат, эсен болсо келип калар деп, чарчап арыганды билбей эле иштеп жүрбөс белем» – деп өз ичинен күрсүнүп алат.

Айдай бүгүн кечке шыбак шыбаган. Ылай-сылай болгон иш кийими менен үйүнө жакындаганда, эшик алдында турган кишини көрдү. Анын бири атасы Нышан экен, экинчиси сур шинель кийген узун бойлуу чапжаак жигит. Айдайдын жүрөгү болк этип, аны боолгоп тааный албады.

Нышан:

– Жалал-Абаддан келаткан элек, кеч кирип калды. Эми эрте менен кетели дедик, – деп түшүндүрдү да, анан Зулпукарды сурады. Айдай анын балдар үйүндө

дени таза окуп жүргөнүн айтып, шүгүрчүлүк билдирди. Чайга отургандан кийин Нышан жанындагы сур шинель жигиттин ким экенин Айдайга түшүндүрүп берди.

– Бу Жумакматты тааныйсыңбы, Айдай, – деди Нышан чал. Анын бир кездеги суюк кара сакалы көк-ала болуп, буурул тартып, кичинекей беттеринен да сөлү качып кубарыңкы.

– Бу биздин жээнибиз болот. Жакында аскерден келиптир. Ажалы жок экен, бир колунан ажыраса дагы, эсен келип калганын айтсаң.

Айдай ошондо гана тиги жигиттин сол колунун экиүч манчасы жок экенин көрдү.

Жумакмат шиш ээктүү узун жаактарын эпилдетип, согушта көргөн-билгендерин сүйлөп берип отурду. Жалганбы, чынбы дегеле адам ишенбей турган немелерди айтып жатты.

– Оо Гирман жүда кыйын,– деди ал ичип отурган чайын дасторконго коюп,– биз эч туруштук бералбадык. Барган күндөн тартып качып эле отурдук.

Айдай өзү газета окубаган менен бирге иштеп жүргөн орус аялдар күндө согуш абалы жөнүндө айтып турушчу. Кечээ жакында эле фашисттик аскерлер биздин чектен толук куулуптур, эми согуш да бүтөр деп сүйүнүшкөн.

Алар эрте менен жөнөп кетишти. Ошондон көп өтпөй эле Айдайдын апасы келип, ойдо жок ишти айтса болобу.

– Балам, – деди кемпир чымчып койгондой быйпыйган мурдун жанып-жанып алып, – атаң мени сага жиберди. Жанагы жээнибиз Жумакматтын зайыбы өзү согушта жүргөндө өлүп, кичинекей кызы калган. Үй-жайы чачылып, кыйнальш калыптыр. Ошого сени коштуруп койсок деп сүйлөштүк. Ал бечера болсо макул деп сүйүнүп жүрөт.

– Эмне дейт?

– Ойлочу, балам, жашың да кетип баратат. Эптеп башпаана кылбасаң болобу? Төрөп-түшө турган убагың.

Кежең-пежең этпей макул бол. Биз сага жамандыкты ыраа көрөбүзбү, айланайын…

–Коюңузчу, апа, – деди Айдай жактырбай, – оюңарга келгенди айта бересиңерби. Мен эрге тийишти ойлогонум жок.

– Эрге тийесиң да, ушинтип жүрүп өтүп кетмек белең?

– Ооба, ошентем.

– Чойроңдобо, – деди апасы ачууланып, дагы тилибизди албай койсоң, атаң сенден бир жолу кол үзүп кетет. Жумакматка макул деп убада берип койгон.

Айдай ичинен камала түштү. Ошол мезгилде оюна Зулпукары кылт этти эле, жүрөгү элжиреп, анысын аяп эмне кыларын биле албай калды. Өзүн араң токтотуп:

– Апа, убара болбой эле койгула, – деп жиберди. Энеси ачууланып кайдагы кептерден сүйлөп жатты. Сөзүнүн аягында байкуш эне тарынчысын айтып ыйлап ийди.

– Бала төрөп деле тилиңди албагандан кийин бекер экен. Көк мээ атаң сен үчүн ачуусун менден чыгарат. Карыганда ыркыбыз кетип, өлөт экенбиз да.

Айдай апасынын көз жашын карап туруп, аяп кетти ичинен. Убактысынча буларды тынчыта турайын деди да:

– Апа, азыр болбойт. Заман мындай, согуш бүтсүн. Анан…

Ошондон бир айга жакын убакыт өткөн. Караңгы кирип калган болучу. Эшик алдында кылдырттап араба келип токтоду да, атайылап тамагын кыра какырынган кишинин доошу чыкты. Айдай жүгүрүп чыкса, арабадан өгүнкү Жумакмат түшүп жатат. Ошондогу сур шинелинин жакалары жакжайып, бүчүлөрү салынбаган.

– Арба, таеже, жакшы жатасызбы? – деди Жумакмат жапылдап.

Айдай чочуп кетип жактырбай, – бирок, ооз учунда али-пали демиш болду.

Ал заготзерного келдим эле, аттар чарчап кеч кирип кетти, эртең кетпесем болбойт деп ал-жайын түшүндүрүмүш болуп үйгө кирди.

Жакылдаган куу жаак Жумакмат оозу тынбай бир нерселерди сүйлөп жатты. Бир алдын мурдагы катынын мактап өттү.

– Таеже, – деди ал узун ээгин сыйпаланып – үйдө сардалың болбогондон кийин кыйын экен. Тапканың талаш, жыйганың жылас турбайбы. Катынды эр менен, эрди катын менен алсын кудай...

Айдай анын сөздөрүнө баш ийкемиш болуп кана отурду.

Көптөн кийин ал: – эки бакыр бир тукур дейт, таеже, эптеп түтүн булатсак деп Нышан тагама сөз салдырсам, жок дебеди. Өзүң эстүү жансың, аягын ойлонушуп карарсың, – деди.

Айдай бир топтон соң:

– Эми аягын кудай билет, – деп койду. Көпкө сүйлөшүп отурушту. Жатар кезде Жумакматка төргө төшөк салды. Жумакмат чечинип жатып эле жанынан өтүп бараткан Айдайды «таеже!» деп жалынып-жалбарып, колу-башынан кармалап жиберди.

– Коюнуз-а, уят эмеспи! – деп Айдай колдорун тартып алып, эшикке чыгып кетти. Ал ошол бойдон үйүнө кирген жок. Коңшуларыныкына барып жатып калды.

Айдай кийинип эшикке чыкканда Жумакмат арабасын кошуп, үйдөн узап калган экен. Ал арабага талтая тике туруп, чубалжыган камчысын асман көкөлөтүп жай толгогон сайын, аттары ойкуштанып умтулуп, бет алдыда соккон жел менен узун боз шинелинин этектери делбиреп канат болуп бааратат.

**«Салам кат.**

Ардактуу Айдай, кымбаттуу балам, силердин эссиз атаңардан барган катты окуп койгула. Ушул катты жөнөтүүгө далай жылдан бери батына албайм. Анткени, миң себеби силерге түшүнүктүүдүр... Айдай, мен сенин

алдыңда зор күнөлүүмүн, кечирип-кечирбөө өзүңдүн эркиң. Алыскы заставада армиялык милдетти аткарып жүрөм. Эгер менин күнөмдү үй-бүлөм кечире турган болсо... Бирок... алиге чейин силерде кандай өзгөрүүлөр болгонун билалбайм... кош эми, жеңиш күнү менен куттуктап, ысык саламымды жиберем. Кош болгула, аманчылыгыңарды тилейм.

*Артык, 9-май 1945-жыл».*

Айдай каттын аягына чыгып-чыкпай алдырап калды. Көздөрү ымыр-чымыр болуп, түш көрүп жаткансып бүдөмүктөнөт. Бир ишенсе, бир ишене бербей, катка кайра тигилди эле, каканактап жашка толо түшкөн көздөрү боз чалгансып күңүрттөнүп, эч нерсени көрө албай койду. Кирпиктерин тез-тез ирмеп, кылгырган көз жашын сиңирип жиберип, жазууну Артыктын колуна окшоштурмак болду эле, анын колунун кандай экенин элестете албады. Тамактары буулуп бараткансып, ийнин көтөрүп терең-терең дем алып, өзүн башка дүйнөгө кирип кеткендей сезип турат. Чын, бул Айдай үчүн алда качан унутулган, ал турсун, өлгөн сезим эле да. Караңгы түндө жарк этип бетке урган чагылгандай боло түшпөдүбү. Үйдөн-үйгө жүгүрүп кирип кубанчын айтууга да даяр, бирок, намысынын күчүнөн гана өзүн-өзү араң токтотту.

Азыр караңгы түшүп калганына карабастан балдар үйүнө жүгүрүп барып, «Атаң өлгөн эмес, мен сени жөн эле алаксытып жүргөнмүн. Атаң качып кеткен» деп Зулпукарга кубанчын аптыгып айтар беле, бирок ал кечээ күнү балдар менен Кара-Алмага лагерге жөнөп кеткен. Эми 40 күндөн кийин келет. Ага чейин кантип чыдайм дегенде ичи тыталайт. Катты кайра-кайра бетке тутуп окуп, кыялдан-кыялга чарпылып отуруп, кечки тамагын ичүүнү да унутуп калды.

Төшөгүн салып жаздыкка башын койду. Адам деген бир кызык макулук эмеспи, өзүнүн кымбат кишисинен

аргасыз ажырашса, ал ажырашуунун учуру ай өтүп, жылдар учуп, аралык улам алыстоо менен ошол кымбатыңдын адамдык сапатындагы начар, татыксыз жактары күлгө төккөн жылуу суудай улам сиңип-сиңип көз жаздымына өтө берет. Ал эми мүнөзүндөгү татыктуу жактары канчалык демеп эске түшүргөн сайын кумга чайкаган алтындай жаркырап, улам ачык, улам жарык элес менен көз алдыңа келет, көңүлүңдө дагы көрктөнүп, дагы сүйкүмдөнөт. Ошон үчүн адам бири-биринин асылдыгын, баалуулугун узак-узак ажырашуудан кийин, саргарткан сагынышуулардан кийин гана туура түшүнөт. Өз жанында жүргөндө көп жамандын бири катары көңүлгө албай жүрө берет да, жанында жок, кол жетпес болуп кеткен соң «аттиң, кайраным» деп башын чайкап, улутунуп калат, бирок, анткен менен ал кайда?

Мына, ушул айтылуу көп чындыктын бир үлүшү Айдайдын башынан өтүп жатпайбы.

Айдай Артыктын жакшылыгын, жамандыгын да көрдү. Көңүлгө улам кийинки сезим бийлик кыла берди. Мурда канча жакшылыгын көрүп келсе да, айрыкча, кийинки жылдарда Артыктан алган көз жаш, кайгы сүйүүсүн, урматтоосун, кыскасы бардык ички дүйнөсүн жууп кеткен. Анын атын атаганда эти үркүп, көңүлү муздап кетчү. Жаман сөз, жаман напазын аябай, каргап да жүргөн. Андан бери, биз жогоруда айткандай айлар учуп, жылдар өттү. Аралык улам узарган сайын «Бакырчаак төөнүн бары жакшы» дегендей, Артыктын кадыры өтпөй койгон жок. Айдай деле бир жолу каргап туруп, тээп таштай алган эмес. Өлүү-тирүү бир кабары угулар, жүрө-жүрө мурдунан эшек курту түшсө кайрылар, эл-жери, бала-чакасы бар, жер үстүндө болсо бир көрүнөр деп жүрчү. Күтпөгөн учурда келип калган азыркы кат жок жердеги сезимдерди Айдайдын башына топтоду. Көп жылдан бери уюлгуп жүргөн кыжырлуу ачуу сезимдерди заматта тебелеп кеткенсиди. Айдайга

күндөгүдөй болуп Артыктын кабагын бүркөгөн карасур элеси күңүрттөнбөстөн, шак-шак сүйлөп күлгөн ачык мүнөзү менен, эркелетип колунан кармаган учурлары элестеп, бирде жалоорул кечирим сурагансыйт. Мына, Айдайдын жүрөгү улам жумшап, улам жанданып бараткансыйт. Катта жазылган «Айдай, мен сенин алдыңда зор күнөлүүмүн, кечирип-кечирбес өзүңүн эркиң» деген сөздөрүн Артык азыр маңдайына келип, кабагын тырыштыра жүүнү бош айыптуу түр менен айтып жаткансыйт. Ооба, кечирип-кечирбөө Айдайдын өз эрки. Бирок, ал азыркы абалында кечирүүгө даяр эле. Айрыкча «Эгер менин күнөөмдү үй-бүлөм кечире турган болсо, көзүмдөгү жаш менен ант берүүгө даяр элем» дегендерин эстегенде, жүгүрүп эшикке чыгып, айыптуу кол куушуруп турган Артыгын көкүрөгүнө бекем-бекем кысып, «эси жогум, мен кечирдим, баарын кечирдим...» дегиси келип кетти. Көздөрүнө жылуу жаш кылгыра түштү. Тамагы буулуңкурап, оорлошуп бараткан дем алуусун жеңилдетмек болуп, эки ийнин өйдө-өйдө көтөрүп дем тартып жатты.

Ой чиркин десең, карачы аялдын сезиминин күчүн! Карачы, анын сүйүүсүнүн назиктигин, түбөлүктүгүн! Артыктан көргөн одоно кордук ызалары, анын кесепетинен тарткан кайгы, көз жаш таң алдында тараган жылдыздай сиңип, заматта жок болуп кетпедиби. Ал эми жек көрүмчүсү эмес, ал көптөн күткөн кымбат кишиси, ал үй-жайынын ээси, ал Зулпукардын атасы!..

Айдай түнү бою кем уйку болуп чыкты. Канткен менен Айдай да ар-намысын сактап, сыр алдырбас үчүн дагы бир жолу кат келгенге чейин жооп жазбай эле коё турмак болгон. Бирок, башына түрдүү кыялдар келе берип, акыры түтө албай кат жазууну макул тапты. Улам жазганы өзүнө жакпай отуруп, бир нече жолу көчүрүп чыкты. Катыңды алдык, сен болбосоң эле жоголуп кеткенибиз жок, тиричилигибиз өтүп жатат деген мүнөздө кыска гана бүтүрдү.

Ошондон кийин Айдай иште да, үйдө да өзүн-өзү жеңил сезет. Көңүлү негедир көтөрүлүп, кубанычтуу учурларды көзүнө элестетет. Канткен менен бул сырын али эч кимге айтпады. Бир-эки жерде оозун жазгап-жазгап барып өзүн токтотту. «Койчу,– деди ичинен, – дагы бир жолу кат алгандан кийин айтсам деле кеч болбос, сабыр кылайын...»

* * *

Улуу жеңиш! Эл ичин желдей учкан жаңы кабар как жарган. Журт ач-жылаңачына карабай маңдай жарган кубанычта. Эки адамдын башы кошулган жерде «Атаңдын көрү, ушул күндөр да унут болор кездер келет окшойт» деп эмне кыларын биле албай, жаш кылгыртып баш чайкашат. «Баланча дагы бир айдан кийин барып калам деп кат жазыптыр. Түкүнчөнүн уулу кечеки пайыздан түшүптүр» – деп айыл ичи дүрбөйт.

Ак кебезден эшип мойнуна бото салынган кемпирчалдар сүйлөгөн кишинин оозун тиктеп, жакшылыктуу кеп күтүшөт. «Менин уулуман үч жылдан бери дайын жок» – деп-бири айтса, экинчиси: «Менин баламан палан жерде уруштабыз деп кат келгенден кийин эле кабарсыз. Эми келип калышаар, айланайын» – деп үмүттүү тиктейт. Кыргызда эч качан жамандыкка жорубайт эмеспи, «ооба, эми баары келет», – дешет.

Бир күнү кат таратуучу кыз Айдайды эшиктен чакырып, көк конвертти көрсөттү. Бүткөн бою чымырап ысып кеткен Айдай катты колуна ала койду. Шашылыш көз жүгүртүп адресин караса, баягы өзүнүн жиберген каты. Эки-үч күн өтпөй экинчи жиберген каты да кайра келди. Байкуш Айдайдын кызыган денеси суу сепкендей муздап, кыялы булуттай уйгу-туйгу көчүп, эч кандай жыйынтыкка келалбай калды. Өзүн-өзү чексиз ыза тарткан, маскараланган киши катары сезип, паанайы паска түшүп

баратат. «Өлүгүңдү көрөйүн, – деди өз ичинен, – ушу жердеги эле бирөө мени мазактап, Жалал-Абадданбы, же бир жерден салып жиберген бейм».

Сабаты начар бечара конвертке басылган печаттар аркылуу эле кайдан келгенин билүүгө боло турганын байкабайт.

Ошондон кийин ал өзүн-өзү абдан азаптуу сезип жүрдү. Ирeңи да керсары тартып тез өзгөрдү. Бул албетте, ачуу үшкүрүк менен өткөрүп жаткан түнкү түйшүктүн себебинен го. Эми ал иште болсун, жолдо болсун, өзүн маскараланган киши катары эсептеп, негедир, корунуп калды. Эки киши сүйлөшүп жатканын көрсө да, мени кеп кылып мыскылдап, мурдунун астында күлүп жатабы деп жалтактайт. Кимден эмне деген сөз чыгып кетер экен дегендей бирөөгө да батынып сүйлөгүсү келбейт.

Келген катты эч кимге оозунан чыгарып айтпаганы үчүн өзүнө жалынат. «Бул ушердеги бир каракчынын колунан келиптир. Антпегенде эки катымдын бири тийбес беле. Же ошончо кат жазган киши дагы жазбай койбос беле...»

Айдай кимдидир ичинен каргай берди.

* * *

Жылдар өз нугу менен өтүп жатат. Эл тынчып, согуштан эсен калгандар түгөл кайтышкан. Артыктан болсо тирүү кабар болбой, Айдайдын күдөрү бир жолу үзүлүп бүткөн. Ал байкуш кийинки жылдарда оорукчан болуп калды. Бир жылдан ашыгыраактан бери сөөк оору деген балаага жолугуп, төшөктөн жылалбайт. Сегиз-тогуз ай ооруканада жатып, атасы Нышан өлгөндө да барып көкшүнүн суута албай, көз жашын жаздыгына гана шорголотууга аргасыз болду.

Мына, эми ооруканадан чыгып үйүндө. Эшик-эликке араң эле кирип-чыгып, үй оокатына жарай албай жүрөт.

Зулпукар жетинчи классты бүткөндөн кийин эле балдар үйүнөн чыгып алып, азыр орто мектепте окуп жүрөт.

Зулпукар эстүү-баштуу бала болуп жетилди. Салмактуу гана мүнөзү менен ар бир ишке сарасаптуу карайт. Турмуш жаштайынан үй-тиричиликтин салмагын мойнуна салып койгондон кийин аны көтөрбөскө чамасы канча? Кыйналып кысталып жүрсө да, анысын кабагын чытып, ооруп жаткан апасына билгизгиси келбейт, ал бечаранын күйүтүнө күйүт кошпоюн дейт.

Үй ичине отун-суу камдап, апасынын ысык-жылуу оокатын даярдап берет. Оору кишинин көңүлү ачык болсун деп, эшиктерди шыпырып, казан-аякты таза тутууга аракеттенет, бирок үй ичиндеги буюм өз ордун таппай, капшыт толуп жайнап кеткенде Айдай жаткан жеринен тигини тиги жерге кой, муну быякка кой деп айтып турат. Ал турсун тамак-аш жасаганда да, жаздыктан башын көтөрүп, өз оозу менен түртмөктөйт.

...Зулпукар 10-класста окуп жаткан кези. Төмөнкү класстарда алдыңкылардан болуп келсе да, кийинки жылдарда сабактарынан көп жетише албай жүрөт. Анын өзүнчө бир катар себептери бар. Апасы байкуштун оорусу күчөп дагы эле ишке жарабайт, бул Зулпукар үчүн өтө оор. Өткөн жылкы жайкы каникул мезгилинде жарак союзуна жумушчу болуп кирип, окуу да керек-жарак союзунун председателине арыз-абалын айткан, окуудан бошогон соң түштөн кийин иштеп туруучу араң макул кылган. Антпесе тиричилик кантип өтөт?

Окуудан бошору менен үйүнө жетип, чай-пай болсо ичкен болот да, складга келет. Анда жумуш абдан көп. Келген буюмдарды түшүрүү, же аны кайра жүктөө, бир жерден экинчи жерге алып келүү, кыш күнү кар күрөө, жол тазалоо – кыскасы паландай деген иш жок. Эмне туш келсе ошону складчы эмнени көрсөтсө ошону кылат. Антсе да ага Зулпукар сүйүнөт. Себеби, аз болсо да белгилүү айлык акысын алып турат эмеспи.

Түнкүсүн китебин ачып, сабагын бышыктайт. Ырп этерге алы калбаган бечера бала үргүлөйт. Ага карабай китебине жармашканы жармашкан. Уйкусу качканда карап жатып боору ачыган Айдай кайгырып «айланайын, сенин убалың кимге болор экен» дейт ага угузбай. Акыры чыдай албаганда:

– Айланайын, Зулпукар, көп кыйналбай ушу окууну таштачы, пешенеңе жазганын көрөрсүң. Кыйналып кеттиң го, айланайын. Жатчы эми...

– Жок, апа, антпейм. Эч нерсе эмес. Кыйналганым жок. Мен өзүм уйкучу эмесминби, – деп бала апасын жооткотуп сыр алдырбайт...

Мектепте бир айдан бери: «Майрамда парад болот. Салтанаттуу түрдө жергиликтүү советтин алдынан өтөбүз» деп мугалимдер балдарды тындырбайт. Эртең менен сабак башталганча, сабактан кийин да бир, бир жарым саат марш тептирип, ураалатып кыйкыртып үйрөтүп жатышат. Балдар түзүк эле тасыгып калышты. Орто бойлуу, арык Зулпукар алдыңкы катарларда турчу.

Зулпукар адаттагыдан эрте ойгонду. Бүгүн майрам күн. Ал мектеп алдына жетип барыш үчүн эрте турган эмес. Бечара баланы түнү бою, кандайдыр, бир ички сезим уктаткан жок. Бети-колун жуунгандан кийин адатынча көчөгө жүгүрүп чыга койбой, мойнун созуп жол жакты коопсуна карайт. Күндө колтукташа ойноп жүргөн жолдошторуна көрүнүүгө батына албагансыйт. Бакылдашып жол менен келаткан эки-үч баланы көрө сала үй алдына далдаланды. Кыздар кыргоолдой үлпүлдөп кызыл-тазыл кийине шыңкылдап күлүшүп, бирин-бири кубалап, кол тие электе чыңырыша жыгылышып өтүп баратышат. Зулпукар шарпа чыгарбай ого бетер бысып калды.

Күн жогору көкөлөп, саат бир далай болуп калган ченде желбиреген тууларды, түрдүү ураан жазылган кызыл чыттарды көтөрүшүп, байчечекейдей кооз мектеп окуу-

чулары марш менен келе жатышты. Мунун шарпасын уккан Зулпукар үйдүн далдасы менен жашынып, бактын ичине терең кирип барды да, арыктын ичине отурду. Көчөгө жык толгон окуучулар кадамдарын жай гана тең таштап, хор ырдап өтүп баратышат. Алардын артынан узатып карап турган Зулпукар кылгырып кеткен көз жашын айрылган жеңинин учу менен сүрттү. Бет-сөөгү бир аз оркогоюраак келген жүзүнөн өңү өчүп, чор колдорунун арты менен аккан жашын улам укалап сүрткөн сайын көздөрүнүн айланасы темгил-темгил дагаал болуп калды. Калбыгыйыраак эриндери билинер-билинбес кыймылдап барып эмшиңдей түшкөндө, каканактап жаш толуп кеткен көздөрү боз чалып, айланасын көралбай калды. Жерде жаткан чириген бутактын сыныгын алып, нымдашкан арыктын таманын максатсыз чукулап отура берди.

Анын минтишинин жөнү бар, ушундай салтанаттуу күндө өз теңтуштарына кошула албай, бекинип отурбайбы. Бекинбегенде кантсин! Түлөгөн тайлактай болгон кийими менен кантип тиги балдарга кошулат? Же бир жаш бала болсо экен. Жашы он жетиге чыгып, жигит болуп бой тартып калбадыбы. Атаңдын көрү, адамдын көркү чүпүрөк деген ушул экен да!.. Атасы жашында «өлүп», жетимдиктин айынан көп кыйынчылыкты көрбөдүбү. Демейки күндөрдө Зулпукар бул абалынан бир аз тартынса да, анчалык билинчү эмес. Теңтуш балдар, айрыкча, кыздар менен башка балдардай мушташыптиштешип ойноодон көп эле корунчу. Бирок бүгүнкүдөй кемсинүү жанына баткан эместир...

Айдай төшөктөн тың көтөрүлүп туруп кете албаса да, былтыркыдай көңүлү чөгүңкү эмес. Анда эми күнү батардай, эртеңкиси караңгы түн болгонсуп, келечектен эч нерсени болжой албай эки көзү тунжурап абалы тың эмес беле. Азыр болсо кудайдын кулагы сүйүнсүн деп ичтен кобуранып, уулунун баш көтөрүп адам катарына

кошулуп келатканына бир ишенсе, бир ишене албайт. Анткени былтыр Зулпукары орто мектебин эптеп кыйналып жүрүп бүткөндөн тарта сотто көчүрүүчү катары, анан азыр секретарь болуп иштеп жатат. Мунун баарын былтыр Айдай үч уктаса түшүнө киргизе алыш кайда?

«Эл ичи алтын бешик» дейт эмеспи, жерде калышкан жок. Зулпукардын да жүрүш-турушу баштагыдай болбой кадыресе. Калың кабагын жыйрып ойлуу көрүнүштө салмактуу. Анткени, ал жакшы-жаман адамдар арасында болуп, турмуш жөнүндө, өмүр жөнүндө көп нерселерди ойлонууга аргасыз... Астыртан карап жакшы адамдардын жүрүшүнө суктанат. Анын каршысында турмушка жеңил карап, өңдү-дөңдү бир басып, адамдар арасындагы өзүнүн ардактуу ордуна татыктуу боло албай жүргөн айрым адамдарды да көрөт. Айдай уулунун минтип кадыресе адам катары токтооо тартып баратканын көрүп кубанат, негедир, ичтен байкоосуз бук болгондой кыялы алда кайда кетет. Анын көңүлүн бөлөр, кыялын эргитер учурлары тээ алыста, артта. Ал учурлар турмушунун эң сонун жаштыгынын жайнаган кездери эмес беле. Ошолордун баары бир башка жагымдуу, укмуш бир кооз болуп көз алдынан чууруп өтөт. Артыктын жаш чагын, өзүнүн жүрөгүнө от жагып, күн-түн уйкусун алган учурларын эстейт. «Байкуш, – дейт көп ойлонуп, көңүлү чөгө түшкөндө терең улутунуп – кантип эле сен ушинтип өзүңдү өзүң колдон чыгардың? Жер үстүндө бар болсоң эсиңе келдиң бекен? Уулуңдун бүгүнкү жетилген түрүн оюңа алдың бекен?.. Каардуу жылдар өттү... Эр-жигиттердин көбү кайтпай калды... Ким билет...» Айдайдын кыялы күн сайын тереңдей берет. Күдөрү үзүлөр эмес...

* * *

Застава...

Саргайып күнгө күйгөн боз адырлар кайнаган аптапка боорун кактап онтоп жаткансыйт. Сол жак тарапта

созулуп чексиз жылаңач тоолор. Заставанын кызыл кирпичтүү жапыс бир нече үйлөрүнүн эшик алдында ары-бери калдастап жүргөн жан жок. Узатасынан салынган аткананын көлөкө түшкөн тарабында гана көк шапкечен жалгыз солдат жай ары-бери басып жүрөт. Ал тунжурай ойлуу. Шыргыйдай узун денеси тарашадай катып, жүзү кайнаган ысыкка күйүп кара сур тарткан. Чарчаңкы алагыр көзүнүн тереңинде алда кандай чечилбес сырлар жаткандай.

Бул бизге тааныш Артык Бакаев болучу. Далай жылдардан берки бир беткей турмуш артта калат. Мына, эми анын алдында чыныгы турмуш жолу кайра жаңы башталганы турат. Ал кантиши керек? Казарманы таштаган жерден бардык өткөнүн унутуп, жаңы бакытын, жаңы турмуш жолун таап кете алабы? Же колдон чыгарган кушун кайра колго кондургандай турмуш жолунда мурда тапкан бакытын – өз үй, өлөң төшөгүн, кебелбеген чыныгы бактысын табышы керекпи? Артык үйүнөн чыгып кеткенден кийин бул жерде турууга болбойт деп чечип, Ош облоносуна кирип, алыскы «Б» районуна барып иштөөгө жолкат алган. Райондун борборуна жакын «Ак-Жар» мектебине иштей баштайт. Бөтөн эл, жер, бөтөн шарт. Ал өзүн эмне үчүндүр өтө кысылган, өтө жалгызсынган абалда сезди. Эки-үч саат сабагын окутуп койгондон кийин бararга жери жок, кечке чейин мектеп конторасында ийнин кысып отура берет. Өзүнө сырдаш, жолдош-жоро да таба алган жок. Анын мурдагы ою боюнча, башка жерге бара койсом токтоосуз эле колдоо таап, мурдагы абалыма жете коёрмун, анан эл аралап бастырып жүрсөм, баарын тең эле унутуп калармын деген болжолу такыр башкача чыкты. Күн сайын бир түрдүүчө кайталанып турган турмуш шарты аны жадатып жиберди. Ичи буулугуп, жарылып кетчүдөй болуп бараткanda мындан ары чыдай албай тургандыгын көрдү да, райондук согуш комиссариатына кирип, армиялык кызматка жиберүүнү

суранып арыз жазды. Анын арызы кабыл алынып, эл менен кошо алыскы сапарга бет алат. Артык Улуу Ата Мекендик согуштун бүткүл жүрүшүндө армияда кызмат кылып жүргөн менен бактысына согушка катышуу туура келген жок. Анын беш жылдык кызматы биздин родинанын түштүк тарабында тоо арасындагы чек арачылардын катарында өттү.

Темирдей тартиптин арасында аргасыздан көзүн ачып, өз жолуна ой жүгүртүүгө мажбур болду. Катардагы жолдош-жоролору өз жеринен, эң кымбат көрүшкөн кишилеринен кат алып кубанышат, кайгырышат, кыскасы, алыскы эл-жеринен кабардар. Артык мындай учурда четке басып, ачуу түтүндөн кайра-кайра соруп, жыйынтыксыз тунжураган ойго чөмүлөт. Өзүн-өзү те алыскы зоокада өскөн жалгыз арчадай, ал жөнүндө эч ким ойлоп, эч ким кам санабагандай көрөт. Эл-жердин баркы көз жеткис алыс бөлүнгөндө, саргартып сагындырганда гана билинет турбайбы. Бүткүл акылын сезими бийлеп кеткенде ал катуу жыйынтыкка келет: «Ах, мен, – дейт эки чыканагын сандарына такап, башын мыкчыган калыбында, – үйүмдөн чыгып кетип кай жактан жан сактар жай табам дедим экен? Эми эмне кылуу керек? Айдайдан кечирим суроого болобу? Мен сураганда да ал кечире коёр бекен? Жок, анын жүрөгү таштай муздаган, эч качан кечирбейт... Өз балдарымдын алтындай жүзүн кыйган менин күнөөмдү эч ким кечпейт, кечпейт...»

...Мына, улуу жеңиш! Улуу Жеңиштин шаңы бүткүл адамзатты кубандырды. Кимдин болсо да алдына эми тынч турмуш куруу, бактылуу күн өткөрүү деген суроону койду. Артык да мындан четте калган жок. Кайсы гана түрдө ойлобосун, өз үй, өлөң төшөгүн тапмайынча бакыттын ага карай жылмайбасына көзү жетти да, акыр аягында, өзүнүн көр-намысын бекем басып туруп, кечирсе кечирер, кечирбесе айлам барбы деп Айдайдын атына биринчи жолу кат жазган.

Артык ушул катын жөнөткөндөн кийин бир-эки ай ашып-ашпай аны башка заставага которуп жиберген. Жазган катына жооп алган жок... Бир жыл өтүп демобилизацияланды...

Алыскы сапарга чыккан вагондордун узун составы, күн-түн шака-шак, шака-шак деген бир түрлүү жадатма үн чыгарып, жыландай ийрилип, арыштап келатканы келаткан. Вагондордун ичи толо кайнаган солдаттар, жөнөкөй жүргүнчүлөр. Эч биринде кабак бүркөгөн капасы жок. Ырдап, бийлеп кубанычтуу шаң менен келе жатышат. Артык болсо сур шинелин жазданып, эң үстүңкү полкага чалкасынан жатып алган. Ал эл менен кошо ырдап-бийлеген да жок. Күч келтиргени ачуу тамеки. Жата берип бели талып кеткенде, вагондун тамбуруна барат да, тегеренип артта калып жаткан чексиз талаалардагы кыштактарды жалдырап гана карап келе берет. Жолго чыккандан бери өз тамагын бир жолу да тарбияттаган жок. Нан алат да, бир стакан чай ичет, же станцияга токтой калганда табити тартар ачуу-таттуу бир нерсе алып жалмаланган болот. Жол ката эч ким менен таанышпады да, сырдашып сүйлөшкөн да жок. Анын башында «Айдай барбы, жокпу? Жаш эле, турмушка чыгып кеттиби? Менин күнөөмдү кечиреби?..» деген оор суроолор.

Артык Ташкенге келип түшүп, бир-эки сааттай вокзал айланасында басып жүрдү, анан вокзалдын кассасына кирип, билетин азыр келе турган «Фрунзе – Жалал-Абад» поездине белгилетти. Поезд келип токтор менен көрсөтүлгөн вагонго чыгып, үчүнчү полкасына адатынча жатып алды. Туулуп-өскөн жерине жакындаган сайын делебеси козголуп, көңүлү көтөрүлсө, бир жагынан үйүмө кантип барам, барганым менен кандай шарттын үстүнөн чыгам деп ичинен кыжалат болуусу күчөп баратат.

Поезд акырын козголуп жөнөй берди. Астыңкы полкадан тез-тез сүйлөгөн жаш кыргыз аялдын үнүн уга

коюп, Артык тактанын кырынан башын саландатып төмөн жагын карады. Эки бетинин оту наарданган ак жүздүү, толмоч аял жанындагыларга бир нерселерди айтып, жумшак денесин солкулдата кыткылыктап күлүп жатат. Токойдой калың өскөн кара чачын желкесине түрүп, көкүрөктөрү бүйүрмөлөнүп өзбекче тигилген атлас көйнөк кийиптир. Толмоч келген ак билегине тагылган сааты бар. Артык көпкө чейин суктанып карап келе берди. Алиги жаш аял, мурдунун кырын чыгарып, жогору жагынан карап келаткан Артыкты көргөн жок.

Төмөн жактагылардын сөзү басаңдап, ар ким өз алдынча болуп калды. Жаңкы аял болсо терезеден тунжурап алыска көз жиберип, вагондун кыймылы менен жай термелет. Артык башын бир кыйла саландата түштү да, үнүн катуу чыгарып:

– Кайда барасыз, карындаш? – деди. Ойго чөмүлүп келаткан келин селт башын көтөрүп, Артыкты көрө сала, этек-жеңин кыпсынды.

– Ошко барам.

– Оштун өзүнө барасызбы?

– Жок, андан ары Б. районуна.

– Кайда иштейсиз анда?

– Мектепте...

– Кайсы мектептесиз?

– «Ак-Жар»

– «Ак-Жар?»

– Ооба.

– Оо, эми тааныш чыгып калабыз. Мен ушул мектепте иштеп жүрүп армияга кеткенмин. – Артык жото жилигинин жарымына араң жеткен кең кончтуу кирзовой өтүкчөн буттарын саландатып барып, полго секирип түштү да, аялдын маңдайына отурду.

Алар жолката эрмектешип келе беришти. Келиндин аты Карима экен.

Артык армияда жүргөн жылдарын кыскача айтып, улутунуп жер карады. Карима үй-жайын, тууган-уругун сураганда, кысталгандай араң үн чыгарып:

– Үй-жайым, аялым бар эле, – деп колундагы папиросун удаа-удаа соруп сөзүн улады – аскерге жөнөгөндөн мурдараак ажырашып кеткенбиз. Ошол үчүн согуш бүткөндөн кийин да кыйла мезгилге чейин сверх срочный кызмат этпедимби...

– Азыр анда иштеп жүрүп кеткен Ак-Жарга барарсыз?

Артык ойлоно калды да: – Ооба, албетте, – деп жиберди. Бул сөзүн айтууда ал бир паска болсо да Кариманы өзүнө жакын тартуу максатын көздөгөн.

– Азыр мугалимдер жетишпейт, – деди Карима ишеничтүү түр менен жалжылдап карап, – эптеп эле жетинчи классты бүтүргөн балдарды да аргасыздан мугалим кылып жүргөн учурларыбыз болбодубу. Өз ордуңуз ар убакта даяр да. Сиздей болуп эл четинен келгендерге колдон келген жардамыбызды аябайбыз. – Келин башын экчей, кашын кагып сүйлөгөн адаты боюнча чын пикири менен айтты.

Карима «Ак-Жар» мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы экен.

Кариманын күйөөсү да ошол мектепке мугалим болуп иштеп жүрүп, 1942-жылы аскерге кетип, жыл айланбай палан жерде курман болду деген кабар бөлүктүн командованисинен келген. Күйөөсү жөнүндө айтып жатканда Кариманын өңү бир аз кубулгансып, узун кирпиктүү көздөрүнүн кычыгына жаш кылгыра түштү. Жогору карабай кирпиктерин кайра-кайра ирмеп, кылгыра түшкөн жашын сиңирип жиберүүгө аракет кылып жатты.

Артык ага-буга жооткотуп, сөз тизгинин башка жакка бурду.

Түшкү тамак мезгилинде Карима сумкасын ачып, бышырылган эт, нан, конфет койду ортого. Артык калдастай түшүп:

– Мен азыр...– деп эшикке жүгүрүп чыгып кетип, бир-эки мүнөт өтпөй эле вагон-ресторандан колтойгон чоң шише винону кармап кирди. Винону эки стаканга толтура куюп, бирин Кариманын алдына койду.

– Жок, – деди Карима, – мен муну түк ичпейм.

– Андай дебеңиз, кан жолдо келатып тааныштык, алып коюңуз.

– Мага ичкилик жакпайт, – деп Карима башын чайкап жолотподу.

– Мен, – деди Артык муңкана сүйлөп, – алты-жети жылдан бери кыргыз аялынын караанын көрүүгө зар болуп, бүгүн сиз менен жолугушуп отурам. Ичпей койсоңуз мага убал болор, ойлонуңузчу.

Карима тигинин тамашасына күлүп жиберди. Анын толмоч келген кызылдуу бетинин эки ууртунда эки чуңкур пайда боло калганда Артык үчүн укмуштай жарашыктуу болуп көрүндү. Анан кийин стаканды эрингендей бошоң кармап алып, акырын кагыштырды.

Артык ошол бойдон өз полкасына чыгып жаткан жок.

Күүгүм. Фергана өрөөнүн как жарып азынган кубаттуу паровоз караңгы түндүн кучагына жолборстой атырылып кирип баратат. Вагон ичиндеги электр лампочкалары жагылды.

Артык менен Карима жатпай бурч жакта отуруп сүйлөшүп келатышат. Карима кыт-кыт күлгөн сайын, ала-көлөкөлөнгөн жарыкта анын толмоч жүзү ого бетер нурданып, суктанып бараткан Артык үчүн жомоктон уккан кереметтүү сулуулардай көрүнөт. Артык анын жумуру жумшак колдорун кыса кармаганда, денеси чытырап, өзүн-өзү токтоталбай кетти. Ак бетинен кумарлана өпмөк болуп умсунду эле, Карима көкүрөгүнөн түртүп аны жеткизбеди. Келин анткенин билгизмексен болуп, сөзүн улантып сүйлөп келе берди.

Артык эрте ойгонду. Бирок козголбой гана жата берди. Жүрөгү укмуштай тызылдайт. Мына, бүгүн ал

Айдайдын алдына барып, кечирим сурайт, иши оңунан чыгабы, жокпу?... Айдай кечиреби, жокпу?...

Карима ойгоноор менен үстүңкү полкадагы Артыкты тарткылап:

– Жакшы жаттыңызбы? – деди. Артык азыр эле ойгонгон кишидей көздөрүн сыйпалаган болуп, секирип полго түштү.

Алар бирге отуруп, нанүштө кылышты – бир-эки стакандан вино ичишкен соң, Артыктын ички дүйнөсү чукул өзгөрүлдү. Денеси жанагы кысылуудан бошоп, өзүн кең асмандагы эркин бүркүттөй сезди. Кариманын ар бир сөзү, кылык-жоругу тим эле жүлүнүнө жеткенсип баратат. Карима да кеээкиден назик пардазданып, суйкайып сырдуу тиктеп, ойлуу сүйлөйт.

Вагондогу узатуучу аял: – Азыр Кара-Суу станциясы, калуучулар камынгыла, – деди. Карима карбаластап буюм-теримин жыйыштырууда. Артык бүтүндөй нес болуп өзүн унутуп калды...

– Жүрүңүз, тиги турган машинага чыгалы, – деп Карима колунан тартканда ал чочуп кетти. Шарт бурулуп артына караганда вагондор турган жеринен козголуп, поезд Кара-Суу станциясынан Жалал-Абадды көздөй узап бараткан эле!..

* * *

Артык менен Карима кеч жетишти. Карима чакан гана бир бөлмөлүү үйдө турат экен. Алар келгенде коңшу үйдөгү кемпир кирип учурашты. Карима тиги кара кемпирге Артыкты көрсөтө берип:

– Бул жигит биздин мектепке мугалим болуп келди. Ушерде иштеп туруп аскерге кеткен, – деп эски тааныш кишиси сыяктуу түшүндүрдү.

– И-и айланайын жарыктык, – деп кара кемпир, аскер жөнүндө, качан, кантип кеткендиги жөнүндө эзип

сурап жатты. Артык болсо кемпирге түшүнүктүү кылып жооп берет.

Карима келатканда ала келген жаңы этинен жасаган тамак көптө барып бышты. Эң алдын бир стакандан вино ичишип анан жай тамактанышты. Андан-мындан кеп козгойт. Эмне үчүндүр, Кариманын көздөрү Артыктын коңкогой мурундуу кара-сур жүзүнө байкатпай жалжылдап тигилет, кээ-кээде оор улутунуп коёт.

Кариманын нардуу кызыл жүзү, маңдайында жаркырап күйүп турган чырактын жарыгына нурданып, Артыкка укмуштай жагымдуу көрүнөт. Карима колундагы күкүрттүн данын столдун үстүнө төгүп жиберип, аны шашпай бир талдан кармап, жылдыз, төрт бурчтук сыяктуу бир нерселерди жасаган болот да, аягына чыкпай эле бузуп жиберет. Көмөкөйдөн чыгарган ичке үнү менен жагымдуу обондун мотивинде кыңылдап ырдайт. Эмне деп айтып жатканы билинбейт, антсе да жаш келиндин жүрөгүнүн толтосунан жарылып чыгып, жашчылыктын лаззатына кумарланган кусалануусун жаш жарына болгон сагынуусун, андан эрксиз айрылгандагы кайнаган жүрөк муңун, жалгызсынуусун астыртадан сездирет.

Артык да келиндин бул абалын өтө таасирленүү менен кабыл алып отурду. Келиндин толмоч беттери, балкылдаган ак тамагы, эрксизден жүрөгүн зырпылдатат. Анткен менен кечээ поездде аша чаап, апсаласи бир болуп калган үчүн өзүн токтоо алып отурду.

Убакыт өтүп жатты. Кариманын көмөкөйдө кыңкылдап ырдаган ыры да токтогон. Анын ичинде укмуштуу бир ойлор чатышып, жыйынтыкка келалбай жаткан эле.

– Эмне тиктейсиз? – деди Карима бир түрдүү көрүнүш менен тигиле карап, анын жүзүнөн күлкү десе күлкү, кубаныч десе кубаныч сыяктуу табышмактуу үрөй окулуп турду. Артык эч нерсеге түшүнө бербей, көзүн төмөн түшүрдү. Ушул учурда ал кандай болгонун да сезбей калды, Кариманын жоон билектери мойнунан

кысып, былкылдаган көкүрөктөрү көкүрөгүнө кыналыша түшкөндө мамыктай гана жумшак учурады. Келин аңкаган жандай удаа-удаа өөп жиберди. Артык карылуу колдору менен Кариманы баладай так көтөрүп алып эки кишилик жыгач керебеттин үстүнө кырланды. Артык көкүрөгүнө жапшыра кыскан сайын Кариманын көздөрү ымыр-чымыр тарта денеси балкып, өзүн жепжеңил кыз кезиндей, биринчи күйөөсү менен жаштык жыргалына балкып жүргөндөй элестетет... анын жүрөгү түрсүлдөп муундары билинер-билинбес калчылдаганы Артыкка даана сезилип турду.

Далай жылдар бою жылуу төшөктүн лаззатына ээн-эркин канбаган Артык Кариманын мамыктай жумшак сыйда денесин көкүрөгүнө толтура кучактап, нардуу жүзүнөн, ак тамагынан, жука эриндеринен аңкоосу канбастан сүйүп жатты. Ал өзүн бейиштин рахатында жүргөндөй сезип, өмүрүндө көргөн ачуу-таттуу учурларын кыялынан таптакыр чыгарып жиберген эле...

* * *

Карима педагогикалык окуу жайында окуп жүргөндө сүйүшүп-күйүшүп баш кошушкан күйөөсү менен эки гана жыл бирге турмуш курду. Ал эки жыл өмүрүнүн эң бактылуу жылдары катары жүрөгүнө кетпес болуп уюп калган. Мугалимдердин эки жылдык институтун бүткөн маданияттуу, бир жагынан оор басырыктуу мүнөзү бар токтоо Сайдин сүйгөн Каримасынын көңүлүн эч качан ооруткан эмес. Бул урматтуу үй-бүлөнүн бактысына кандуу согуш кылыч чапты...

Сайдиндин согушта каза болгондугу жөнүндөгү суук кабарды укканда, Карима үчүн асман жарылып жерге түшкөндөй болгон. Муң-кайгыдан жаш жүрөгү араң гана жарылбай чыдап, калың кара чачын саксайта жазып, бир жагына өбөктөп жер таяна кош бөйрөгү

бүлкүлдөп, жамыраган тунук көз жашын күнү-түнү этегине жамгырдай төктү. Далай-далай күндөрдү уйкусуз өткөрдү. Бирок өлгөндүн артынан эч ким өлүп калбайт да. Айлар учту, жылдар өттү. Мезгил узаган сайын Карима өзүнүн жалгыздыгын сезип, өтүп жаткан кырчын, өзүнүн акыркы өмүр-турмушун мөмөсүз дарак сыяктуу элестетти. Канча кырдуу ойлоп көргөн менен да жалгыздыктан ич жылытар бакыттын караанын көрө албады, бирок канчалык деген менен көңүлү каалап, кол созорлук жигиттер кайда? Ушундай шартта Артыкка жолугуп отурбайбы.

Кариманы башынан турмуш өткөрүп калды деген менен турмуштун чыныгы тоомдорун көргөн жок. Баш кошуу, үй-турмуш, эр жөнүндө эң сонун гана түшүнүктө калган, ал ар убак алдындагы турган жаңыдан турмуш куруусун ойлогондо, Сайдин менен өткөргөн бактылуу учурларын, ал турсун, андан да кызыктуу турмуш элесин көз алдына келтирүүчү. Мына, ошон үчүн арадан көп өтпөй эле Артык экөө баш кошушту. Жаңы окуу жылы башталганда Артык да мугалимдик кесибин улантты.

Алп турмуш бузулбас өз багыты боюнча ага берди.

* * *

Карима кыз төрөп алды. Анын кубанчы койнуна батпай, жүрөгү алып учат. Жакын санашкандар, курбу-курдаштар кызуу куттукташты. Карима кызына өзү тандап Гүлбара деп ат коюп алды.

Карима төрөт үйүнөн келгендин эртеси, Артык кыпкызыл болуп тамылжып үйгө кирди.

– Карима, – деди ал айыбын дароо мойнуна алып, – мен... мен, бүгүн кичине татып койдум. Ушу кызымын төрөлүшүн куттуктаганым болот. Кечирим коёрсуң, ээ!

Карима ооруканада жаткан учурда ичип жүргөнүн да уккан, бирок жаман сөз айткан жок.

Арадан он күндөй убакыт өткөн. Жазга маалкы жашык күн заматта өзгөрүлдү. Асман бетин самсып көчкөн кара булуттар чүмкөп, шыбыратып жамгыр сабап кирди. Кыбыла жактан муздак шамал жүрүп, күн бата анчамынча карга айланып жатты.

Карима туруп от жагуудан ичиркенип, кызын көкүрөгүнө каткан бойдон керебетте. Уйдөгү жылуу демден айнек бетин буу чалат. «Артыкка эмне болду» деди өз ичинен. Ошол замат анын ою тереңдеп кетти. Артыктын кийинки мезгилдерде жакшы-жаман айтканга көнбөй, ичкиликке башы менен кирип бартканын эстеп, көңүлү бүркөлө түштү.

– Карима! – деди коңшу аял сырттан.

Карима «а»! деп жооп берүү мен бирге терезенин түбүнө жетти.

– Күйөөң тигил жерде мас болуп жатат. Тим эле алаамат, – деп кыт-кыт күлүп басып кетти. Анын күлкүсү Кариманын сай сөөгүнө жете түшкөндөй болду. Жанатан тынчсызданып отурган Карима жүн жоолугун шашыла жамынып, пальтосун да унутуп эшикке жөнөдү.

Карима Артыкты араң жеткирип, керебетке жаткырды да, шолоктоп ыйлап жиберди, намыстанганынанбы, же катуу үшүгөнүнөнбү, ким билсин? Суу болгон кийимин алмаштырып кийинди, аябай үшүгөнүн ушунда гана сезди. Жаңы төрөп бели ката элек неме ээги-ээгине тийбей калчылдады. Ысык чай кайнатып ичейин деп, бирок чамасы келбей төшөгүнө жатты. Сөөктөрү какшап, сыны туташып баратат.

Карима эртең менен ойгонуп былк эте албады. Далылары курушуп, жиликтери сынып бараткандай какшап, чыйрыгып эти от болуп ысып турат. Тили кургаган. Башын араң көтөрүп кызын эмизди да, кайра жаздыкка кыңкайды.

Аны ооруканага алып кетишти. Эки айдан ашык жаттып айыга алган жок. Өпкөсүнө суук тийип, кургак учукка айланыптыр. Карима ооруканадан чыкканда

жаңы окуу жылы да аяктап калды. Бирок баягы балкыйган толмоч дене кайда дейсиң? Ирециндеги наарданган кызылы өчүп, жууган чүпөрөктөй кубарган, үйлөп ийсе учуп кетердей ирбийиген гана сөлөкөтү калды.

Күндөр өтүп жатты. Карима оорудан так көтөрүлүп кетпегендиктен, жаңы окуу жылы башталганда өз ишин улантып кете алган жок. Жугуштуу оору менен ооругандыгына байланыштуу, доктор балдар арасында иштөөгө уруксат кылбай койду. Саламаттыгын жоготкон Каримага закондуу пенсия белгилеп берилди. Эми оору жаны менен алек болуп үйүнөн чыга албай калды.

Артыктын жүрүш-турушуна Карима үй ичинде киришсе да, тышкары жактарда ал эркин. Ошондон кийин жыл айланган жок, Артык педагогдук ишке такыр жараксыз киши катарында белгиленип, өзүнүн бузулган жүрүш-турушу менен жаш муундарга үлгү боло албай тургандыгы көрсөтүлүп, окутуучулук кесиптен түбөлүк четтетилди. Өз кесибинен такыр кол жууганына көзү жеткен Артык райондук керек-жарак союзунда, андан кийин тамеки союзунда иштеди. Бирок ага коомчулук тарабынан берилген тарбиялоо чаралары сабак болбой, баягы изи менен кете берди…

Гүлбара беш жашка чыгып, тили буудай кууруп калган. Карагаттай көздөрү күлүңдөп, кичинекей тегерек беттеринен нуру таамп турат. Төбөсүнө койгон үрпөк чачтары сексейип, али мектепке бара элек болсо да, кичинекей колдору менен быйтыңдатып китеп барактайт. Бир жагынан үй-бүлөлүк трагедиядан санаркап, бир жагынан күндөн-күнгө күчөп бараткан оорудан сөңгөктөй каткан апасынын көңүлүн алаксытат.

– Апа, – дейт бөйтөңдөгөн Гүлбара – мен көп-көп окуп доктуй бойом, ана сага дайы ичийип, айыктыйып айам. Ошондо… ошондо атамы апкейип аябыз-а?

– Ооба, тилегиңден айланайын, – дейт Карима каны качкан чийдей колдору менен кызынын үрпөк чачынан сылап.

Бирок кичинекей Гүлбаранын тагдыры башкача чечилди. Карима көп узабай көз жумду...

Эл чогулуп опур-топур. Гүлбара суналып жаткан апасынын жанында анча-мынча ыйлап коюп ойноп жүрөт. Анткени апасы башка убактарда деле дайыма доктурда, же үйдө болсо төшөктө жатчу да, кичинекей Гүлбара бүгүн дүйнөдөгү эң кымбат кишисинен, апасынан түбөлүк ажырап жатканын, жаш жүрөгүнө өмүр бою кетпес армандын тагы түшүп жаткандыгын кайдан билсин, кайдан акылы жетсин? Кейпи суук жетимчиликтин тонун аргасыз кийип жаткандыгын, алдында жалгызсынуу, кемсинүү сыяктуу учурларынын бар экендигин, андан чыгуучу далай көз жаштын бар экендигин кайдан билсин, кайдан көзү жетсин? Жаш баланын кыялында: – «Апам ошентип жата берет, мен болсо жанында ойноп жүрө беремин» – деген ой бардыр, балким.

Табытты алып жөнөгөндө:

– Апа... апа!..– деп кулундай чаңырды. – Апа, мен кантем?.. Үйдө өзүм жалгыз койком. Апа... апа!! – анын аянычтуу ичке үнү кимдин болсо да сай сөөгүн сыздатып жиберген эле.

– Таш боор кудай ий, таш боор кудай! – деди чыңырып-өкүрүп алкынган кичинекей Гулбараны кармап турган кара кемпир, куюлуп бараткан көз жаштарын далбыраган кең көйнөгүнүн жеңи менен сүртө, – бир бечера наристени мынча шорлоттуң. Эми бул байкуштун күнү не болот?..

Эки-үч күн өткөн соң койшу-колоңдогу аксакалдар алыстан Артыкты алып келип, жемелеп жакалашты.

– Мына үй-жайың, дарыдай болгон кызың турат. Алдырап жүрбөй үйүңдү кураштырып оокатыңды кыл.

– Макул, – деди Артык төмөн салып отурган башын өйдө көтөрүп, – акмак болдум, рахмат силерге, туугандар...

...Кеч кирип бараткан. Чачтары саксайып жүдөгөн Гүлбара дарбазанын артына сүйөнүп, көз жашын кир

колунун арты менен улам сүртүнүп, атасынын келер жолун карайт. Анын кир көйнөгүнүн этегин акырын жүргөн жел желпет. Кечки иңир улам коюуланып бараткан сайын, үйгө жакын бадалдардын караан коркунучтуу жаныбарлардын сүлпөтүнө окшоп көрүнөт, жакындап келаткансышат. Гүлбара жүгүрүп үйүнө кирди да, караңгы үйдүн тунжураган бурчтарын карай албай бетин эки колу менен бекем басат, төшөк үстүнө чөгөлөп жатып, ошол бойдон уктап калды.

Кызымтал Артык үйгө кирип келип, термеле токтолуп күкүрт чакты да, томолонуп жаткан кызын көрүп, көзү бир аз ачыла түшүп, адамдык намыс анын жүрөгүн мыжыгып жибергенсиди. Дароо тамеки ороп үстү-үстүнө сорду эле, көзү ымыр-чымыр болуп, аны кайра мастык жеңип кетти. Кызынын жанына сулап жатып калды.

Артыктын катуу коңуругунан чочуп ойгонуп кеткен Гүлбара:

– Ата, ата!.. – деди аянычтуу үн менен.

Артык ойгоно койгон жок. Гүлбара аны тырмалап жүрүп ойготту. Артык көзүн ачканда бөлмө ичи караңгы болучу. Чырт-чырт эттире күкүрт жандырганда кызынын өзгөрүлгөн жүзү күңүрт жарыкта алда кандай аянычтуу көрүндү.

– Ата, – деди Гүлбара араң унчугуп, – кардым ачты... Бүгүн тамак жегеним жок... – Артык алда кандай бир абалга келди. Азыр оокат апкелем деп эртең менен чыгып кеткенин эми эстеди. Башына кан тепкендей тунжурай түшкөн. Чырак жагып, казан-аяк жакты аңтарып, жээрге ылайык эч нерсе таппады. Сыртка умтулду эле Гүлбара ыйлап жиберди:

– Ата, атаке, кетпечи, – деди кыз жалбарыңкы. Өзүм жалгыз корком. Тамак жебейм. Кетпе, ата. Сен жокто түндөсү апам келет. Көзүмү жумсам да келет. Үйдүн ичинде басып жүрөт. Эч нерсе айтпайт, сүйлөбөйт... Кетпечи, ата. Мен корком...

Артыктын эти дүркүрөп төбөсүнө чыкты. Далай жылдан бери адамды аёону, ага берилүүнү унуткан анын жүрөгү зыркырап кетти… Ал термелип араң токтолуп калды.

– Ата, ата отурчу, – анын кетип калышынан чочулаган Гүлбара, бошотподу,– мен тамак ичпейм. Эртең… эртең менен ичем…

Артыктын ар-намысы биринчи жолу бардык эркин бийлеп, аны эзип жиберген эле, ал тиштенип араң токтолду да:

– Болду, кетпейм. Сүйлөбө, – деди ал. Гүлбаранын үнүн угуу ал үчүн оор эле. Эрдин кырча тиштенип отуруп калды. Аны ар-намыс алкымдан алып кысып турган болучу. Буга чейин эч болбогон сезимди, оор сезимди баштан кечирип жатты. Кызынын ачкалыгы, анын аянычтуу жүзү Артыктын көзүн ачып жиберди. Ал өзүн аңгырап айдай талаада жол аңдыган ырайымсыз, таш боор кан ичкич сезди. «Мен эмне үчүн таш боормун? Мен эмне үчүн мынчалык ырайымсызмын? Мен эмне үчүн…» Ал эч нерсе ойлой албай калтырап кетти. Кыңкыстаган Гүлбаранын үнү анын боорун чукуп, жүлүнүнө жетип жаткансыды. Ал бакырып жинди болуп кетүүгө даяр эле, бирок өзүн араң токтотту… Эң мурун кызын тамактандырып, анан бир пас болсо да, жок дегенде эртең мененге чейин өз трагедиясын унута турууну эңседи. Ошон үчүн түнкү саат он экиге чейин иштөөчү буфетти эстеди ал. Бирок Гүлбара уктай койбоду. Анын өз оюнда саат он экиге эми жакындап, станциянын буфети жабылып кала тургансып кетти. Ал ордунан ыргып туруп эшикке карай умтулду. Таш боордугу аны дагы өз колуна алган болучу…

– Ата, кетпе… кетпе! Мен корком… корком… Гүлбаранын аянычтуу үнү көчөгө чейин жетип, анан караңгы түнгө сиңип кеткендей угулбай калды…

Артыктын бүткүл денеси чымырагандай, жүрөгү сыгылып, дагы бир жолу өзүнүн каңгырап эч кимге керексиз, эч кимге пайдасыз болуп баарыдан ажырап

калганын сезди. Караңгы үйдө калган кызын эстеди, ыйлагысы келди... Жайкы түндүн коңур шамалы жаагына чапкылагансыды.

Артык кең кирзовой өтүгүнөн шарп-шарп үн чыгара поселканын түз көчөсү менен төмөн карай басып баратты. Ал эки колун колтугуна катып ийинин куркуйтуп чыгара мойнун кысып, тунжураган абалда болучу. Кыштак ичи мемиреп тыптынч. Анда-санда арс-арс үргөн ит да көп чаяланбай үнүн басып жок болот.

Станциянын буфетинин эшик алдына токтоду, ал алда качан эле жабылган эле. Анын катарындагы дүкөндүн да эшик алды күндүзгүдөй эмес, жымжырт. Артык жол боюнда жапжалгыз сороюп көпкө чейин тура берди. Анан ишенбегендей буфеттин эшигин тартып көрдү. Андан ары бошоң басып дүкөндүн эшиги жакка өттү. Эч ким жок. Ал шалдайып тура берди да, бир кезде жыйылып турган ящиктерди караңгыда үңүлө-үңүлө карап анан сыйпалап көрдү. Колуна кандайдыр муздак шишелер, консерванын банкалары урунду. Үстүңкү оор ящикти нары жылдырып, алдыңкысын копшоп чыгарып жатканда ящиктер калдырап куланып кетти. Дал ошол жерден аял үнү кыйкырып сала берди:

– Ой, эл-журт! Өлтүрдү! Барсыңарбы!..

Артык не кыларын билбей аңкайып туруп калып, анан аял жакка басты. Аял качып берди. Артык инстинктивдүү сезимге бийлетип, там айлана артка качып жөнөдү... Көз ачып-жумганча мотоцикл минген милиционер алдынан утур чыкты.

Отделениеге кароолчу аял да барды, анын ящик тилген жаагы ылдый жошолоно кан агып турган эле... Артык жаагын кабыштыра тиштене жер каранды...

* * *

– Кой, – деди коңшу отуруп, бардык абалды көрүп турган Шапак деген кекеч чал бириндеген сербегей сака-

лын сылап коюп, өз кемпирине кеңеш салып, – б-баягы ит иттигине кетти. Б-бечера кызга убал болуп бaратат. Б-бала өстүрүп эле келген жандар эмеспизби, ушу б-бечера кызды өзүбүз эле багып алалы. Бул үчүн к-казан аспайбыз, чоңойсо кызыбыз болуп калар, болбосо чымындай жаныбызга сооп деле болор. Кандай дейсиң, кемпир?

– Ошол бечераны оорлоп жок дейт белем. Өзүм деле кол арага жарап, эргенчик болуп калбадыбы, мейли чал, – деп башын ийкеңдетти. Ошондон бери бир ай өтө элек болчу. Селолук советтин председатели Артыктын эшигине бастырып келди да, үйдүн кулпулануу турганын көрүп, Шапакты үйүнөн чакырды.

Кекеч чал кынтыңдап басып келип, председатель менен кош колдоп учураштьы. Анан: – К-кел, сельсовет, – деди ага суроолуу карап.

– Артыктын кичинекей кызы кайда? – деди кара көк тарткан семиз председатель сельсовет.

– Ээ, – деди Шапак айткысы келбегендей, – б-бе-чара кыз мусапыр болуп кетип бараткaнынан кемпир экөөбүз багып алдык.

– Абдан жакшы кылган экенсиз, – деп председатель ойлонуп калды. Ал кыйладан кийин сөз баштады. – Мен өгүнчөрөөк ушул кыздын кыйын абалда калганын угуп атайын барып, жетим балдар үйүнө киргизип коюуну сүйлөштүм эле. Андан бери да беш-алты күн өтүп кетти, кол тийбейт.

– К-кыз баланы да жетим балдар үйүнө алар бекен?

– Жарыктык, – деди председатель тигиге карап баш чайкап, – кыз баланы албай, анан кимди алат?

– Эркек б-балдарды эле багабы дейм да! – деп кекеч чал өзүнүн тайкы түшүнүгүнө ыңгайсыздана түштү.

– Багуу эле эмес, окутат, тарбиялайт, адам кылып чыгарат.

– Ооба, ооба, – деди Шапак сакалын сербейтип таң калгандай, Атаңа рахмат, улук болсоң ушундай адилет бол.

– Кыз кайда?

– Үйдө.

– Эмесе, Шапак аке, сиз кызды балдар үйүнө бүгүн жеткирип келиң. Мен баары менен сүйлөшүп ишти бышырып койгомун. Справка жана башка кагаздарын азыр контордо жаздырып, колуңузга берем, макулбу?

– М-макул эмей эмне, азыр эшекти токуп минип учкаштырып алып жеткизип коюп, кечке кайра келем.

– Ошентиңиз, Шапак аке, мен контордо болом, кызды учкаштырып бара калыңыз.

...Сот процесси аяктап келатты. Айыпкердин столунда чалгы саптай коржойгон баягы Артык отурат. Капкара чачы уюлгуп уйпаланган. Ал башын жерге салып түк сүйлөбөйт. Баарын кадиксиз мойнуна алгандай тилсиз. Кийим-кечеси жүдөө. Анын маңдай жагындагы узун отургучта токтолуп калган эки киши, бир орто жаш аял өзүн жупуну сезип, эмне болуп кетер экен деп сестенгендей заседателдерден көз албайт. Быйпыган мурдунун таноолору кыпчылгансып, ак жуумал жүзү кубарыңкы. Анын үрөйү үрпөйүңкү абалынан ичтен тынчсыздангандыгын жазбай ажыратууга болор эле. Далбырата кең тигилген чыт көйнөгүнүн жеңи менен улам батташып кеткен оозун арчынып коёт. Ушул аял тиги айыпкердин довогери....

– Кана, ордуңардан тургула, судья келатат! – деди столдун берки учунда отурган секретарь жигит. Ал арыкчырай жүзүн тез буруп, кичинекей кара чачын сылап коюп айыпкер довогерлерге карады. Алар орундарынан турушту.

Судья жигит Нышанов өкүм жазылган кагаздарын бетине жая кармап, козголуп ордунан турду. Ал чарчаңкы көздөрү менен залдагы элди айландыра бир карады да, эки жагына жайылып түшүп кеткен чачтарын колу менен арт жагына салаалап тарап коюп, коңур үнү менен өкүмдү жай окуй баштады. Нышановдун Б. районуна судья болуп шайланганына жылдан ашып баратат. Ушул

аз гана мезгилдии ичинде эл оозуна кирип калган. Анын ишти адилеттүү чечиши көп тажрыйбалуу судьялардай деп эл кеп кылып жүрүшөт. Чынында да, анын караган иштерин жогорку сот органдары эч качан бузбай кубаттап келатканына караганда, элдин субай сөздөрүнүн деле бир жөнү бар сыяктуу. Өзүнүн жүрүш-турушу да оор басырыктуу. Орто бойлуу, кырдач мурун, карасур жигит. Чыгыңкы бет сөөктөрү чымыр жүзүн толмоч кылып көрсөтөт. Сапырылган кара чачтарын улам кайра сылап коюп сүйлөчү адаты бар. Кайсы учурда болсо да эрикпеген жай жана басмырт мүнөзү анын акыл-эсин күбөлөп тургансыйт.

Өкүм окулуп бүттү. Нышанов айыпкердин көзүнө бир жагы өкүнүчтүү, бир жагы негедир аянычтуу жүз менен карап турду да, өкүм жөнүндөгү пикирин сурады. Айыпкер болсо акыл-эсинен ажыраган немедей тунжурап бир ооз жооп кайтарган жок. Анын минтиши – бир ооз актанууга аракет кылбай, бардыгын мойнуна алып жатышы судья Нышановду процесс башталгандан бери тынчсыздандырат. Актануудан көрө баарын мойнуна алып, кыжырдуу тиштенип тунжурашы «сен болжогондон алда канча оор айыптуумун, мени аяба, жазала... жазала...» дегенсийт. Процесс мезгилинде да өзүн унуткандай ою башка жакта отурганын байкаган. Кээ бир суроолорду укпай калып, чочугандай чорт жооп берет да, башын жерден албайт.

– Демек айтарыңыз жокпу? – Нышанов үнүн басаң чыгарып, стол үстүнө эңкее бергенде, бүкүр далысы ого бетер дүңкүйүп чыга түштү. Анын көңүлүндө «кандай да болсо өз пикирин айтса» деген каалоо бар болучу. Айыпкер мурдагы калыбынан өзгөрбөдү. Нышанов сапырылып эки жагына түшүп кеткен чачтарын жай сылады да:

– Беш күн ичинде жогорку органдарга арызданууга акыңыз бар, андан кийин өкүм күчүнө кирет, – деди. Артык баш көтөрүп залдагы адамдардын жарык жүздө-

рүнө суктана карады. Көөдөнүнө жык толгон өкүнүчтөн ок тешкендей жүрөгү зыркырап кетти. Өзүн өзү чексиз жек көрдү. Өз намысы өзүн эзип жатты. Бул жазанын туура экенин, эл алдында жүзү мындан да кара экенин биринчи жолу өз абийири менен мойнуна алып, башын шылк эттире төмөн таштады...

– Ах!.. Залдын ичинен аялдын добушу шак этти. Артык эч нерсе уккан эмес... Мындай кокустукту күтпөгөн судья Нышанов селт башын көтөрүп караганда кош колу менен өз оозун баса калган апасынын көзүнө көзү тушма-туш келе түштү. Ал чочуп кетти. «Апа, сага эмне болду?» деп жибере жаздап, араң токтолду. Кызылдуу жүзү заматта кумсара түшкөн. Апасынын мында келишин таптакыр күткөн эмес, уйгу-туйгу болгон түрдүү ойлор башынан ойноп кетти.

Эки милиционер айыпкерди алып жөнөштү.

Эл сүрүлүп эшикке чыга тарап жатышты. Алиги довогер аял өзүн бир бечеранын убалына калган ырайымсыз таш боор киши катарында сезип, жаман абалда баратат. Башкалардын көздөрү ошого тигилгенсийт. «О куруп кал, жөн койсо деле болмок, бекеринен бир бечеранын убалына калдың» – дегенсийт. «Чын эле ошенттимби? – деди аял өз дилинде, – ооба, ал элдин мүлкүн уурдайын деп кирген. Мен ойгонуп кеткенимде ящик менен башыма койду. Ящик жаза тийип башым жарылып кетти эле, жандалбас кылып чыгып элди чакырдым. Эл келип ууруну кармап алышты. Ал эч нерсени уурдай алган жок. Бар болгону башым жарылды. Ошол үчүн бир бечераны ушунча жазалаттымбы! Каалганы сүзүп алсаң да, кээде баш жарылатко! Мунун убал-сообун кантем! – Акырет жөнүндө ойлогондо бечера аялдын көзү караңгылагандай бүткүл денеси чымырап кетти. Эч ким менен иши жок тунжурап басып кете берди.

«Жок, – деди кайра башка ойго ооп, – анткеним туура эмес. Кокус мени мээге таамайлап коюп, майып

кылган болсо, беш жашар Кадырбегим, жети жаштагы Садырбегимдин күнү эмне болмок? Кимдердин колунда титиреп жетим болуп калат эле?... Бул туура өкүм. Сот адилеттүү. Ал менден көптү билет». Өзүн-өзү араң жубатып ишендирди. Эгер бир киши алдынан чыгып: «Ээ, карындаш, сен жакшы кылбадың, үч-төрт айдан бери деле камалып жатканы жетишпейт беле? Бекер убалына калдың» – десе, токтолбой жүгүрүп судьянын алдына барып, «Айланайын, койгула, ушуну бошотуп ийгилечи. Мен баарынан кечтим. Ошенткиле, айланайын» дээр беле, ким билет?..

...Судья Нышанов үйүнө тез кайтууга шашты. Апасынын бүгүнкү түшүнүксүз жоругу таң калтырат. Мындайда күн да кеч кире койбойт турбайбы.

Анын апасы саясат менен иши боло койчу аялдардан деле эмес эле. Кийинки жылдарда ачуу-таттуу турмуш даамын бир далай тата калганын айтпаганда, кадимки карапайым кишилердин бири. Бар болгону уулу кызматтан кайтканда жалынып-жалбарып тамагын койгончо шашчу. Эртели-кеч: «Айланайын балам, бирөөгө асти жамандык кылба. Колуңдан келсе, жакшылык ойло. Камак деген балаага жыландын баласын түшкүлүк кылбасын, айланайын» – деп айтып калчу. Мына бүгүн сот залына катышып, баарыдан да күтпөгөн жерден укмуштуу сезим менен үн чыгарып көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө бурганычы. «Мунун себеби жөнөкөй жерден эмес. Бул бир табышмак» Нышановдун башына түрдүү жоромолдор келип кете берди. «Капырай, – деди ал жазып жаткан калемин кармаган бойдон ойлонуп, – апама эмне болгон? Же өткөн кеткендер эсине түшүп кетти бекен? Ооба, атам эрте өлүп, апам мени жетелеп жалгыз калган экен. Мен балакатка жете элек согуш жылдары... Бир жагынан өзү кеселмен болуп, беш-алты жыл былк этпей төшөктө жатты. Байкуш апамдын көрбөгөн кордугу калган эмес... Өткөндөрүн айтып келип кээде ыйлап жиберет ко. Мен

билбеген далай жапаларды да чексе керек. Антсе да иттей тиштеп чоңойтуп, адам катарына кошту. Ошолорду ойлоп отуруп, жетине албай кубанып кетти бекен?..

Нышанов үйүнө киргенде, күндөгү адатындай кызыл папкасын текчеге коюп, плашын чечип илген соң «Апа, чай-пайыңыз болсо бериңизчи» деген жок. Эшиктен аттай электе апасынын жүзүнө суроолуу көз караш менен тигилди. Бакырайган алагар көздөрү ушунчалык таасирдүү көрүндү. Айдай эне Зулпукардын жүзүнө жалтанып тике карай албады.

– Апа, сизге эмне?... деди мукактана.

– Эч нерсе эмес, айланайын. – Баласынын эмне жөнүндө сурап жатканын билип турса да, эне аңкоолонду.

– Жок, апа, антпеңиз.

Эне: «Кечирип кой, уулум» дегендей жалбарыңкы көрүнүштө жооткотту. Бирок өңү заматта өзгөрүлө түшүп, эмне кыларын билалбай калдастап калганы көрүнүп турган.

– Апа, сиз жанагы айыпкерди тааныйсызбы?

Айдай эненин жүзү кубула түшкөнсүп, бирок:

– Жок, балам, мен ал кишини таанышбайм. Түк таанымбайм... – деди.

– Эмесе кандай себеп?

Уулун алаксытмак болуп идиш-аяк жакка бурулганы менен эненин колуна эч нерсе кирбеди. Эненин чачын ак аралай элек. Кыймыл-аракети тетик, далай жыл төшөктө кармаган сөөк оорудан кийин баягы былкыйган булчуңдардан ажырап, арык аял болуп калбадыбы. Бетинин да кызыл наары өчүп кубарыңкы.

– Эми бул сырды жашыра албайм айланайын... Эртеби-кечпи – адам чындыкты билүү керек. Эми жашыра албайм... – Айдай эне терең улутунду да, айта баштады. Ал эми эч нерсени жашырган жок. Бул мезгилде Зулпукар бир ооз сөз кошпой тиштенип гана угуп отурду. Ал өзүн таптакыр унутуп, ата-энесинин алыста калган жаштыгы менен аралашып жүргөн болучу...

...Эне сөзүн кескин токтотту. Энесинин жүрөгүнүн тереңинде айтылбас сыр болуп сакталган бул чындыкты уккан соң Зулпукар алсырап калды. Ал көпкө чейин сүйлөй алган жок, тунжурап гана отура берди.

– Апа,– деди эми баш көтөрүп,– эмне үчүн атаң өлүп калган деп жүрдүң мага?

– Айланайын Зулпукар,– эне кечирим сурагандай жалооруңку сүйлөдү, – бизди ал кандай шартта таштап кеткендигин айтпадымбы. Ошондон тарта же бир кабары болбогон соң, өлгөндөн кандай айырмасы бар. «Атам мени таштап кеткен экен да...» деген ой сенин башыңда жүрүшүн каалаган эмесмин...

Зулпукар жер тиктеген калыбында дагы унчукпай калды.

– Менин фамилиям эмне үчүн Нышанов, же Артыков, же Бакаев эмес?

– Атаң менин көңүлүмө ошончолук азар берген. Көңүл калганы кыйын экен, анын атын оозума алгым келген эмес. Ал деп жүрүп атамдан каргыш угуп алыстагамын. Ошон үчүн өз атамын атын оозума алып жүрөйүн деп сени таятаңдын атына жаздыргамын, айланайын....

Эми эч ким сүйлөгөн жок. Бул окуя Зулпукар үчүн керемет болду.

Адам жазга маалкы жашык түндө жолго чыгат. Көз жашын кылгырткан ным булуттар самсаалап асман бетин чүмкөй, баятан кыбыла жактан элбиреген коңур шамал тып басылат да, уйтүгүлөп учкундаган жамгырдын кыпындары сезилер-сезилмексен болуп бети-колуңа себелеп, жаратылыш уюган кандай мелтиреп дымып калат. Үзүмчүлүк мезгилдеги тоюна элек минген атын жол боюндагы кар алдынан бошонгон тапталыңкы эски тулаңга үзүлүп мойнун созот. Көп узабай жолдон адашасың. Ат үстүндө эңкейип, ал турсун, түшө калып жер сыйпаласаң да жол жок. Көзүңдү таңып койгондой айланаң кара көө. Тунжураган оор кара түндү курч курал менен жара тар-

тып, көшөгөдөй эки жакка кайра таштап коюшка чама жетпейт. Түндүк-түштүгүңдүн кай тарапта экенин кудай билет. Канткен менен ушул тарап менин барар жагым дейсиң, жок, жаңылгансың. Ошондо атыңдын башын тартып, демиңди ичтен чыгарбай, кулак түрүп добуш тыңшайсың. Бирок шырп эткен шарпа кайда? Айланаң тыноо какпай тунжурайт. Дал ушул абалда көрүктүн отунан ала койгондой агыш кызыл жалын ийрек-буйрак созулуп, асман бетине сан түркүн сызык жасайт. Мына ошондо аалам бети жарк этип бардык нерсе турган-турган жеринде даана тартыла, тээ бет маңдайындагы бактуу кыштак кадимкидей көзгө илинет. Ооба, чын эле адашкансың. Ошол минутта мээни жарган коркунучтуу добуш бирден бирге уланып барып, чак-чук этип, анан улам басаңдоо менен булдурап узап жөнөйт. Анын артынан тосуп турган парданы сыйрып алгандай шыбыргактап жамгыр сабап кирет. Эми атыңа камчы басып, бет алган жагыңа көңүлүң ток ылдамдап теминесиң.

Зулпукар дал мына ушундай болду.

Көп жылдар бою Айдайдын ичинде бүркөлгөн түндөй уюлгуп сакталып келаткан сырлары бүгүнкү жарылуу менен жарк эткен чагылгандай баарын даана кылып салбадыбы!

Күтпөгөн жерден күтпөгөн сезимге дуушар болгон Зулпукар алдырап калды. Денеси жыйрылып, деми кысылгандан кээде ардануу, кээде кыжырдануу сыяктуу бир абал аны бийлегенсийт. Ички сезими менен алек. Кыялы түпсүз санааларды аралай чабыттап, улам нары, улам тереңдеп баратат. Бир алдын анын эркине күчтүү көр намыс бийик кылды. Өз атасын өзү соттоп, өзү кесип отурбайбы. Ооба, атасынын айыптуу иш кылганын Зулпукар да танып жаткан жок, бирок башка бир судья табылбас беле? Уккан кулак көргөн көзгө...

Артыктын аянычтуу абалын эстеп кээде аяйт, ичи тызылдайт. Өпкөсү толуп-ташып, дем алуусу оорлошуп

баратты. «Ата» деген сөз жүрөгүнө укмуштай күч менен таасир берүүдө. Бүгүнкү күнү байкоосуздан көз ачкан бул сезим ал үчүн алда качан өлгөн нерсе эле да... «Ата!»... карачы кандай гана сырдуу, кандай гана кереметтүү угулат!... Ушул сөздү айтканда, дүйнөдөгү эң урматтуу, эң кымбаттуу кишиң, аны менен кошо таалим-тарбия, жылуу мээрим сезилет. Ушул сөздү айтканда, кимдиндир сен үчүн «уулум!» – деген сыймыктуу үнү, кубаттуу жылмаюусу, чексиз кубанычтан кылгырып аккан жылуу көз жашы сезилет, ушул сөздү айтканда, кимдиндир үстүңө үйрүлүп түшүп, кыңк этип чыныктаган доошуңду укса, заманасы куурулуп, кирерге жер таппаган азаптануусу, ошону менен бирге сенин ымыркай жүзүңө үңүлө тиктеп, эл милдетин эске түшүргөн жылуу кыялдануусу сезилет...

– «Мен... – деди Зулпукар маңдайын тырыштыра, жаак эттери түйүлө тиштенип, – мен... (ал кыйлага чейин оюн уланта албай туруп калды). Өз атамдын ушундай абалга жеткенин карачы. Кийинки жылдарда эмне үчүн атам жөнүндө көбүрөөк сурап билүүнү ойлобогомун? Бул менин өз абалыма кубанган жеңил ойлуу алабармандыгыман эмеспи? Байкуш... Анын ушундай абалына биз да айыптуу...». Ал жаздыкты көкүрөгүнө коюп, салынган төшөгүндө үстөмөнүнөн жатты. Күлүк кыялы канат сермеп чабыттап баратат...

...Зулпукар балдар үйүндө жетинчи класста окуп жүргөндө апасы катуу ооруп жатып калып, ага каралашар киши жок бир жыл окубай калганын, онунчу классты бүткөндөн кийин жолдоштору жогорку окуу жайына жөнөп кетип, үй турмуш шартына байланыш, бир жагынан каражаты жок жыла албай кала бергендигин, апасын багыш үчүн оор кара жумуштар иштеп болор-болбос айлык менен судда көчүрүүчү болуп иштеген кездерин, кыскасы, турмуштун оор запкысы желкеден баскан жылдарын көз алдынан учкундатып өткөрөт.

Ооба, жаш Зулпукардын мойнуна турмуштун оор моюнтуругу эрте түштү, каалаган жогорку окуу жайына баралбай калды. Дагы жакшы, өзү тетик өскөн үчүн сотто секретарь болуп иштеп жүрүп, эки жылдык юридикалык мектепти бүттү. Беш-алты жылдар саргайып китеп үстүндө отуруп, терең билим алалбай калганына дайым өкүнөт. Анткени менен көп окуйт, көптү билет. Бир университеттин юридикалык факультетинин сырттан окуу бөлүмүнө өтөмүн деп катуу даярданып жүргөн. Ал тилеги мына быйыл иш жүзүнө ашты...

Зулпукар дагы эле жаздыкка көкүрөгүн койгон калыбында уктабай жатат. «Жок, атамдын андай абалга жетишине башка бирөө айыптуу эмес! Өзүнө-өзү кылган. Бизди айдай талаага таштап эле чыгып кете берген турбайбы. Аны ким кодулаган дейсиң? Байкуш апамдын согуш жылдарында тарткан азабычы... Ошончолук колуна берген эл ишеничин туура түшүнбөй, элден өзүн бөлүп кете баштаган соң... Мунун баарына өзү айыптуу, өз напсин өзү тыя албай, жеке эркин кармай албаган соң, баарына өзү айыптуу... өзү... Ал жеке гана бизди таштап качып кеткенби? Жок, ал баарынан качкан. Турмуш күрөшүнөн да качкан... Мен закондуу өкүмдү гана чыгардым. Бул менин өкүмүм эмес, турмуштун өкүмү... Ооба, турмуштун өкүмү...»

Азыр Зулпукардын алдында эки жол турган болучу: биринчиси – мансап, экинчиси – намыс, адамдык абийири... Зулпукар азыркы даражасына ВУЗдун скамейкасынан чыгып гана даңгыр жол менен келип отура калган жок. Турмуштун татаал жолдорун басып өтүп, көп эмгек, көп ишенимдер аркылуу гана жетти. Кыскасы, турмуш ага кымбатка түшкөн. Мына эми атасына байланыштуу иштин ага кесепети тийиши мүмкүн. Анткени, ал – жазалоо органынын жооптуу кызматкери. Ал эми атасы айыпкер болуп түрмөдө отурат. Болгондо да аны өзү соттоп, өзү кести. Прокурор Артыкка жазаны оор

талап кылган. Аны Зулпукар өз түшүнүгүнө ылайык акыйкаттаган, кара кылды как жарардай адилет болууга аракеттенген. Анда, албетте, атасы экенин билген эмес, антсе да, ... эми Зулпукар үчүн өз карьерасын, ага байланыштуу апасы эми колу жеткен тынч турмушун сактап калуунун бирден бир жолу – бул сырды эч кимге айтпоо керек эле... Ансыз да алда качан унут болгон киши. Мындан ары анын Зулпукарга тиер пайдасы жок... Экинчи жол – адамгерчилик... өзү үчүн өзүнүн адамдык абийири... Мына, Зулпукар бул эки жолдун бирин тандап алуу керек...

* * *

Өтүп кеткен эки-үч күндүн ичинде Зулпукар өзүн такыр башка абалда сезди. Табы айныган кишидей өңү да бозоруңку, жылдызы жерге түшкөндөй. Эч ким менен баштагыдай ачылып сүйлөшүүгө көңүлү тартпайт. Кызматтан жолдошторунун кээ бири «Э, Нышанов, өңүң бузулуп калыптыр, табың жокпу» деп сурап калышат. Зулпукар кээ бирине «таң, тимелего», деп бети-башын сыйпалаган болуп жооп берет. Кээ бирине «Азыраак табым айнып турат» дейт да, андан ары сөз узатпай башкага алаксытат. Өзү жалгыз отурса да, жолдо басып баратса да, жайылып өскөн каштарын тырыштырып ойлуу, эч нерсеге табыты тартпаган кишидей кыймыл-аракети да бошоң.

Айрыкча түн ичинде аз уктай турган болуп кетти. Жаздыкка башын коёр замат эле Артыктын алсыз кешпири тынчтык бербейт.

Зулпукар ансыз деле көп сүйлөбөгөн, кыймыл-аракети да жай, салмактуу жигит эмеспи, качан болсо да бүкүш далысын бир аз эңилтип башын төмөн салып басчу адаты боюнча ойлонгонсуп жүрөт. Анын атына келип түшкөн кандай гана арыз, кат болбосун, кандай гана процессти

карабасын, түрдүү жагынан көп ойлонот. Ошол маселеге байланыштуу адабиятты барактайт. Ал иштин адилеттүү чечилишин самайт. «Айыптуу кылуу баарыдан оңой, – дейт ал калыңыраак илептерин кыймылдата шыбырап – анын салмагын туура баалап, алдилеттүү чечүү кыйын». Адамдын ички дүйнөсү кандай татаал. Айталык, бир адам бирөөнүн жакшы буюмун уурдап алды, же бүлдүрүп таштады, же болбосо, бир адам экинчисинин мурдун каңтара муштап салды дейлик. Айып деген ушул. Мына ушул айыптардын арасында ойдун кандай татаал комбинациялары жатат? Эмне үчүн анын мурдун кашара муштап койду? Анда эмне максат, же эмне себеп? Адам эч качан өзү иштеген айыбын туура айтып бербейт. Эч болбоду дегенде өз күнөөсүн жеңилдетүү жагына ыңгайлатпай коёр бекен? Албетте, эч ким өзүн өзү отко түрткүсү келбейт.

Демек, Зулпукардын иши жөнөкөй иш эмес, миң тетиксиз жандуу адамдар менен иш алып барат, болгондо да, адамдын тагдырын чечип, ал жөнүндө сөз сүйлөйт. Аны айыптап жазалоо гана эмес, анын тагдырынын келечегин ойлошу керек. Карачы, адамдын тагдыры! Мындан татаал, мындан касиеттүү эмне бар? «Адам деген сыймыктуу угулат» деген кереметтүү сөз башына уялап алгансып, дайыма кайталанып турат. Бул сөздү эстеген сайын көөдөнүнөн жык толгон бир түрдүү кубаттуу сезим пайда болуп, бет маңдайында, оң жакка тартса да, сол жакка тартса да кулап кете тургандай адам тагдырынын калтыс элеси тургансыйт. Бир ирмемге да көз жумдулук кылууга болобу? Жок, болбойт. Канчалык ойлоп, канчалык кылдат болушу – адам тагдырын терең урматтагандыгы! Ал жөнүндө көп ойлонгусу, ал сөздүн сырдуу маанисин терең, дагы терең билгиси келет. Ой артынан ойго сүңгүйт, канатсыз учуп тээ алыска-алыска – адамдар дүйнөсүнө жөнөлгөнсүйт. Учу-кыйры көрүнбөй мелтиреп жаткан чексиз талаалар, кылымдар бою ак мөңгүлөр

башынан кетпей, чытырман токойлорун илбесин мекендеп капчыгай ылдый мөңкүгөн тентек суулары сүрдүү добуш менен жээктен-жээкке урунуп, ак көбүк болуп сапырылган дарыялары бар жаратылышы кооз тоолор, адам баласынын ич кайнаткан муңу, сунган колу жетпей калган армандуу ажырашуусу, саргайткан сагынышуулары, жүрөктү эзген кайгылуу көз жашы, маңдай жарган кубанчы, кыскасы, – ушунчалык чексиз көрүнүштөр, эсепсиз терең сезимдер жансыз буюм аркылуу, айталык, комуз, же болбосо оркестр аркылуу берилет...

Жай-кышы бир тамчы суу көрбөй куму учуп, какшыган эрме чөлдөргө толкуган деңиз, мөмө бактуу гүлзар, көк мелжиген катар-катар үйлөр, морунан түтүн булаткан заводдору бар шаарлар жаратып, жер шарынын ал бурчу менен бул бурчун бир арымдык аралыкка айлантып, акыр аягында, асмандын «сыйкырдуу» көк мейкиндигине карай чабуул коюп, ай-жылдызга кол сермеген кубаттуу ой – акылдын күчү!

Ушундай улуу сапатка ээ болгон – адам!

«Адам!» – дейт Зулпукар шыбырап, – жөнөкөй гана адам!» – Ал өз ою менен тиги сыйкырдуу сөздүн маанисине тойбойт, дагы кыялданат, дагы сүңгүйт. Жайдак ойдун үстүндө көпкө отурбай, Горькийди, Шекспирди, Тагорду колуна алып, жай барактайт, таң калат, суктанат...

Кечинде приемниктин тетигин бурап, музыка тыңшоого кумар. Комуздун коңур үнүн, скрипканын назик ыргагын угуу менен тула бою элжиреп, өзүн-өзү таң каларлык кооз жерлерге зоогу түшүп, жашыл бактуу гүлзарды аралап жүргөндөй бир башка сезет. Ойнолуп жаткан симфониялык поэманын ички сезиминдеги бардык каалоону таап, азыр эле айтайын деп, бирок сөз таба албай турганын кайталап жаткансыйт. Көңүлү сергектенип, өзүн эркин алып ордунан турат...

Кийинки күндөрдө Зулпукардын жүрөгүн эки кубаныч бийлеп жүрбөдү беле. Анын биринчиси, көптөн

эңсеген тилегине жетти. Быйыл жайында Ташкент шаарына барып, Орто Азиялык Мамлекеттик университеттин юридикалык факультетинин сырттан окуу бөлүмүнө экзамендерди ийгиликтүү тапшырып, анын студенти болуп калды. Далай жылдардан бери башында уялаган максат, көп узун түндөрдү китепке тигилүү менен өткөргөн аракеттери текке кеткен жок. Эми ал айкын максатынын даңгыр жолуна түштү. Экинчиси – бүткүл денесин бийлеген сүйүүнүн күчү. Сүйүү – бул бакыт. Мына Зулпукар ошол бакыттын суусунан татып отурат. Ал адам кадырына терең түшүнгөн сүйүү курагына эми келди. Анын сүйгөнү периште эмес, жупуну гана көрүнүштөгү кыргыздын жөнөкөй кызы, катардагы эле Салтанат аттуу кыз. Далай эле кыздардын наарданган ак бети, алчадай мөлтүрөгөн кара көздөрү солк эттире албаган көңүлүн, Салтанат аттуу каш кирпиги тайкыраак, көгүш көздүү тегерек бет сары кыздын жылдыздуу көрүнүшү жүгүндүрүп алды. Бул кызыгуу эмес, чыныгы сүйүү, бул мүнөттүк жыргалды ойлоо эмес, түбөлүк таза сүйүүнүн өзү болучу. Ал аны колтуктап жолдо басканда, жандап өтүп бараткан ар кандай кишини жалт каратар көркү үчүн эмес, шыңга бойлуу тулкусун, орундуу сүйлөп маанилүү жылмайышын, назик сезимин, бүткүл адамдык сапатын, анын жанын сүйдү. Ал жөнүндө көп ойлонду, ички дүйнөсүн аралап, түбөлүктүү жолдошу экендигин тааныды...

Салтанат өткөн жылы педтехникумду бүтүп келгенден бери райондук ооруканада медсестра болуп иштейт. Сөз жерде жатмак беле, Салтанат менен Зулпукардын байланышын Айдай да уккан. Ал шыңга бойлуу сары кызды биринчи көргөндө, өз уулун ага кыйгысы келбеди. «Апей, – деди өз дилинде, – Зулпукар кантет? Кыз түгөнүп калгансып бул эминеси. Койчу, муну ала койбос, элдин эле чыгарган кеби болсо керек...» «Жүрө-жүрө иш ачык болуп калгандан кийин башка ойго көчтү. «Э кур-

ган жаным, мен эминени ойлоп жүрөм, сулуулук сыпат кимде жок дейт, алганы менен тең карып, бири-бирин сыйлашып, өсүп-өнүп кетсе болду да. Кеп сулуулукта бекен. Мына өзүм көргөнүмдү эле айтайынчы, Артык жашында узун бойлуу келген кандай сулуу жигит эле? Канча гана түндөрдө толгонуп уктай албай чыкканмын. Ана сулуулугунан кайсы жыргалды көрдүм? Сулуулугу вапа кылбады го. Мейли, көңүлдөрү табышып калса баш кошушсун, бактылуу болушсун, айланайындарым. Эми ошо тою эртерээк эле болсо экен. Зулпукар бир оонабас оор бала, эми эмнени күтөт? Тоюн эртерээк эле өткөрсө болбойбу?» – Бирок эне бул сырын уулуна тике бет багып айта алуучу эмес.

Зулпукар Артыктын кийинки тагдырын да атайын артынан түшүп толуктап укту. Анын көз алдында Артыкка байкоосуз түшкөн назик сезимдүү ак жүрөк Каришманын ачык мүнөздүү шайыр элеси жарк этип чалдыга калып, заматта эле купкуу болуп каны качкан жүзү менен үлдүрөп жадынан кетпей койду. Чын эле, Карима Артыкка карай кучак жазып, өмүр тагдырын ага кошуу үчүн тобокелге келгенде, кандай гана таза, кандай гана сырдуу сезимге бийлетип турду экен? Албетте, чексиз күчтүү сезим аны жеңген. Өз кыялында бакытты гана, жыргалдуу турмушту гана элестеткен таза сүйүүнү, терең урматтоону гана элестеткен. Турмуштан ыдык көрбөгөн жаш келин ачыла элек сандыкта бычыла элек кундуз бар экенин кайдан түшүндү дейсиң? Өз ички сезими акылын бийлеп озунуп барып жигиттен мурда өбүүсүндө, аягы суюк сойкулук эмес, чыныгы назик сезим, чыныгы сүйүү бар болучу. Бирок, келин ак сүйүүсүндө жаңылды. Өзүнүн кир жукпас таза сүйүүсүн түшүнбөс жандын булганыч бутунун тепсендисине таштап берди, ал аны тепседи, акыр аягында, таза сүйүүсүн гана эмес, кырчын өмүрүнүн да ойрон болушуна абал түздү. Зулпукар ушул оюна улам терең чөмүлө берди. Бир кездеги балкыйган

сындуу Кариманы аяды, колунан келсе, колтугунан сүйөп тургузуп коёр эле, бирок амал кайда?

Айрыкча «жетимчиликтин» уусу жанына өткөн Зулпукар үрпөк чачтуу кичинекей Гүлбара жөнүндө ойлогон сайын улам оор абалга көчүп, ичинен кейип жатты. «Байкуш кана наристе, – деди башын төмөн салып жол жээктей басмырт көрүнүштө баратып, – сен төрөлүп көзүңдү ачелекте ушундай жапаларды башыңдан өткөрүшүңө ким айыптуу? Сен жарык дүйнөгө төрөлдүң, апа мээриминен таш боор өлүм кылыч уруп түбөлүккө куру калтырды. Ал эми урматтуу ата мээрими кайда? Андан сени ким ажыратты, ага ким суук колун сунду?..» Ичи дүмпүйүп буулуккандай, эки ийнин жогору-жогору көтөрүп демин тартат. Ал Гүлбараны түк көрбөгөн болсо да, көз алдына күйкүл күчүктөй үрпөйүп жүдөгөн, ишенимсиз көздөрү менен жалдыр-жалдыр тиктеген, өңү кубарып, үрөйү учкан бир кызды элестетет.

Зулпукар конторасына барып отурганы менен колу ишке барбай койду. Кантсе да дүпүйгөн ич күптүсү тарабай, Гүлбараны азыр эле көргүсү, ага жылуу сөздөрүн айтып, эркелеткиси, маңдайынан сылап, кайгысын тараткысы келет.

Кээде адам катуу кайгырып таасирленгенде, жер астын-үстүн болуп кеткендей сезилет. Анын сыңары Зулпукардын кыялында кичинекей Гүлбара көзү жаштан өксү болбой өпкөлөп кана ыйлап отургансыйт. Ошол үчүн ага бир мүнөт болсо да эрте барып, көз жашын аарчысам дейт Мен агаңмын, бир тууган агаңмын деп айтып ишендирсем дейт. Ушундай абалда отурганда телефон чалынып, райкомдун секретары алыскы бир колхозго беш күндүк командировкага бара тургандыгын айтып, тапшырмалар алып кетүүсүн эскертти, Зулпукар: – мен азыр сиздин үстүңүзгө кирем, макул, – деди.

Зулпукар райкомдун секретарына келди. Ал болгон иштин баарын жашырбай түп тамырынан бери айтып

берди. Секретарь бир жагы таң калгандай, бир жагы ар кандай ой жүгүртө үнсүз отурду. «Ушундай да болобу?» деп башын чайкап, толуктап дагы сурады. Ошондон кийин гана секретарь:

– Мейли, андай болсо уруксат,– деди Зулпукар чыгып кеткенден кийин да секретарь ушул маселе жөнүндө кыялданды...

Зулпукар райкомдун конторасынан чыккан бойдон өз конторасына кайра кирбестен, токулуу турган атын минди да, балдар үйүнө бет алды. Ал далай суроолуу ойлордун туманында баратат. «Эсен-соо барбы же жокпу? Мүмкүн башка жакка жөнөтүп жиберишкендир. Ким билет, мүмкүн, андай эместир...

Балдар үйү райондун борборунан он километрдей алыс эле. Ой менен алек болуп отуруп кандай жеткенин да сезбей калды Зулпукар. Балдар үйүнүн короосуна кирди да, атын обочороок жердеги мамыга байлап, эки жагын айландыра тиктеп, мектеп имаратын көздөй жай басты. Он үч-он төрт жаштар чамасындагы эки бала Зулпукарга салам айтып өтө беришти. Зулпукар аларга кайрыла калып, директордун конторасын сурады эле, эки баланын бири: – жүрүңүз, мен көрсөтүп коём, – деп алдына түшүп жөнөдү. Танапис мезгили болгондуктан, окуучулардын көпчүлүгү коридордо экен. Таранчыдай кыжы-кужу түшкөн окуучулар саман шляпасын башынан колуна кармап коридордо келаткан Зулпукарды көрүшкөндө, райондон келген киши экенин сезишип, дым боло калышты. Кээ бири салам айтышат, Зулпукар башын акырын гана ийкеп коюп, бет маңдайын түз тиктеп баратат.

Зулпукар салам айтып директордун конторуна кирди. Балдар үйүнүн директору сол буту жоон сандан жок жапалдаш бойлуу, семиз гана киши экен. Фамилиясы – Бруденко. Балдагын колтугуна кысып, сороң-сороң секирип келип, Зулпукар менен учурашты да, дивандын үстүн жаңсай көрсөтө берип. – Отуруңуз, отуруңуз, – деп кичипейил ма-

миле кылды. Наркы-беркини сүйлөшүп отургандан кийин Зулпукар өзүнүн келген себебин толук баяндап берди.

– Фамилиясы ким дедиңиз,– Бруденко таң калып сурады.

– Жолдош Бруденко, мен фамилиясы ким деп жазылганын ачык билбейм, менин оюмча Артыкова болсо керек.

– Артыкова? – бизде андай фамилиялуу кыз жок.

– Бакаевабы, билбейм.

– Бакаева... Бакаева... Бруденко башын чайкап, билбейм дегендей белги берди. Зулпукардын кызып турган денеси сууй түшкөнсүп, ирeңи заматта кубулуп кетти.

– Өз аты ким эле? – деди Бруденко мурдун коңкойтуп Зулпукарга карап.

– Аты Гүлбара.

Бруденко балдагын колтугуна кыса коюп, сорок-сорок секирип барып шкафтан тарбиялануучулардын тизмесин алып, көз жүгүрттү. Чыкылдатып басып жаткан машинкасын токтотуп, баятан ангемеге кулак салып отурган кызыл жүздүү секретарь кыз тигилер кыргызча сүйлөшүп жатышканына карабай, орусча сүйлөдү:

– Гуля деген кыз бар.

– Чыныгы атын билбейсизби? – деди Зулпукар кыргызчалап.

– Анысын билбейм, Сайдинова Гулия деп коюшат,– секретарь кыз эми кыргызча сүйлөдү.

– Сайдинова?

– Ооба.

– Зулпукар ойлонуп калды. Сайдинова болуп каларына эч ишене бербей, өз ичинен мустайды.

– Мында да Сайдинова Гуля деп жазылыптыр, – деди Бруденко. Зулпукардын үмүтү үзүлүп, апсаласы сууду. Бруденко ойлоно калды да:

– Сиз бешинчи класстан Сайдинованы беш мүнөткө сурап келиңизчи, – деп секретарь кызга карады. Шыңга

бойлуу секретарь кыз Зулпукарды көз кыйыгы менен карап коюп, боюн түздөп кербездене басып чыгып кетти.

Секретарь кызды ээрчитип, орусча кылып жарашыктуу тигилген көгүш түстөгү көйнөк, бутуна жеңил башмак кийген уюлгуган кара чачтуу, чибек кыз сестейиңки басып кирди.

Бруденко кызды өз маңдайындагы столго отургузду да, дароо эле суроо берди.

– Кызым, кана айтчы, Сайдинова деген чыныгы өз фамилияңбы? Кыз салыңкы башын азыраак көтөрүп, Бруденконун жүзүнө көзүнүн төбөсү менен таңдана карады да:

– Ооба, – деди муңайым үнүн басаң чыгарып.

– Бул өз атаңдын аты экенин анык билесиңби?

Кыз эч нерсе түшүнө бербей, отургандарга суроолуу көз караш менен тегерете карады эле, Бруденко кыздан жооп боло электе кайра сөзүн улантты.

– Мына бу отурган жигит өзүнүн бир тууган карындашын издеп жүргөн экен. Ал кыз бир нече жыл илгери ушу балдар үйүнө түшкөн дейт. Күмөнсүрөп сенден сурап отурганыбыздын себеби ошол.

– Кыз «ал дегеле мен эмесмин го» деген ойдо турса да, тартынганды унутуп сүйлөй баштады: – Сайдын менин чоң атамбы, билбейм. Өз атамы билем, аты Артык.

– Артык? Зулпукар чочуп кеткендей кайра сурады: Өз атың Гүлбара эмеспи?

– Ооба, Гүлбара... – деди кыз, Зулпукар өз атын айтып жибергенине таң калып.

Гүлбара деп аны балдар үйүнө келгенден кийин эч ким атаган эмес. Дайыма «Гуля» дешчү.

Кубанычтан эти чымырап эмне кыларын билбей калган Зулпукар Гүлбаранын ийнинен ала башын көкүрөгүнө кысып, чачынан сылагылап жатып унчукту: – кагылайын, мен сенин бир тууган агаңмын. – Анын көңүлүнө алда кандай сезим бийлик кылып, сөз айтал-

бай калган эле. Оорчулукту эрте сезген Гүлбара эсине да эрте кирген. Бул жашта болгону менен көп нерсеге ой жүгүртүп, өзүн көрөр-күйөрү жок катары сезип, кээ-кээде жалгызсырап кемсинип, ичинен муңканып жүргөн Гүлбара кандай-андай экенин түшүнө албай, чоочуркаган абалда болгон менен да токтоно албай ыйлап жиберди. Өзүн-өзү кармайын десе да алы келбей, тетири карап туруп алып, кош бөйрөгүн бүлкүлдөтүп, өпкөсүн тарта солкулдап жатты.

Бруденко тигилерди карап, сумсайыңкы туруп калган. Ушул кезде анын көз алдынан согушта кыйрап бүлүнгөн үй-жайы, дайынсыз жоголуп кеткен 12 жашар иниси, ай-күнүнө жетип турган аялынын душман колунан каза тартканы жылт этип өтүп кеткен болучу. Зулпукар колунан кыса кармап,сүйлөгөндө гана эсин жыйды.

– Рахмат сиздерге, рахмат, асыл эмгегиңиздерге рахмат. Бруденко толук разылык менен жылмайганда, оозу эки кулагына жете түшкөнсүдү.

– Эч нерсе эмес, биздин милдетибиз. Өкмөт менен партия бизди ушул постко жиберген. Биз өз милдетибизди гана аткаруучуларбыз...

Зулпукар көпкө чейин ушул жерде болду. Мектеп айланасында бирге басып жүрүп, Гүлбаранын ал-абалын жакшылап билди. Атасы Артык жөнүндө, өзү жөнүндө толуктап түшүндүрүп берди. Артыктын азыр түрмөдө экенин да айтып берди... Зулпукар Гүлбарага үч күнгө уруксат сурап, атына учкаштырып алып жолго чыкканда, эмне үчүндүр, Гүлбаранын көзүнө жылуу жаш толуп, мөлт-мөлт этип кулап түштү. Бул кубанычтын жашы болчу.

Зулпукардын көңүлү алда кандай болуп баратат. Байкоосуздан анын башына Сайдин деген аттын кайдан келип чыкканы кылт эте түштү. «Ооба, ооба, – деп жиберди өз дилинде, – Кариманын мурдагы күйөөсүнүн атын Сайдин дешпеди беле. Өзү өлө элегинде Гүлбаранын

фамилиясын анын атын жаздырып кетсе керек. Алда байкуш ай, таза сүйүшүп, көңүлү калбаган Сайдинин эсинен чыгаргысы келген эмес экен да. Карачы адамдын жүрөгүн... Сыйлаганды сыйлайт. Ойноп ойнун, күлүп күлкүң канбай калса да, атын унутпай көкүрөгүндө сактап жүрөйүн деген экенсиң да!»

Ооба, адам баланы ар кандай шартта көрүшү мүмкүн, бирок ата катары ысыгына күйүп, суугуна тоңуп, аталык мээр менен үстүнө үйрүлүп түшпөсө, телчиктирип, колунан тартып такандатып койбой,

«Безбелдектин баласы,

Белде жатып торолот» – дегендей басып кете берсе, ошо да атабы?... Албетте, андай кишилердин ата болууга укугу жок! Биз, адам баланы ар кандай шартта көрүшү мүмкүн дебедикпи, айталык, кандайдыр бир учурларда:- башка аял менен жолугушуп, сенин каның кетип калды дейли. Ал «айыпсыз» жарык дүйнөгө келет, өсөт. Мына ошону эми сен балам деп айталасыңбы?... Жок! Демек, сенин каныңдан жаралган менен сенин балаң болбойт. Же башка наристени багып алып, койнуңа катып жүрүп балакатка жеткирдиң дейли. Алыста жүрсө да, жакында жүрсө да «Ата!» деген сыйкырдуу сөздү жүрөгүнүн толтосунан чыгарып айтат. Сен жөнүндө ойлойт, сен жөнүндө кам көрөт. Демек, сен укуктуу атасыңбы? Сөзсүз атасысың! Сыймыктуу түрдө «атасымын!» – деп айтууга укугуң бар.

Мына, Артыктын аталык укуктан ажырагандыгынын себеби ушунда. Карима жанындай көргөн кызына Артыктын атын ата катары ыраа көргөн эмес. «Көк көйнөктүн көгү кетсе да, көкүрөктүн тагы кетпейт» деген мына ушул.

Зулпукар Артыкка учурашууга уруксат бериле турган күнү Гүлбара менен апасын ээрчитип түрмө жакка бет алды. Көгүш китель шымы боюна куйгандай келип, далысы азыраак чыгыңкырап, шыпшаган теректей баардык

мүчөлөрү даана билинип турат. Хром өтүгүнөн чыккан кырчылдаган добушка кулак салгансып, башын тике көтөргөн калыбында сөз сүйлөбөй, апасынын алдында кетип баратат. Көөдөнү толуп уюлгуган бир сезим бийлик кылып, ички оор абалда болчу. Жолдо учураган тааныштарынын эч кимисине озунуп салам айткан жок. Ал ошончолук оор абалда эле. Айдай болсо дасторконго түйүлгөн бирдемесин Гүлбарага колтуктатып алып, уулунун арт жагында. Өзүнүн шилтенип жаткан кадамы менен да иши болбойт. Эки көздөп басар жолун тиктеп бараткан менен бет алдынан тээ алыскы учурлар өтүп жаткан эле. Иреңи жууган чүпөрөктөй шапайып, өзүн негедир, алдагандай сезип, муундары шалактап бошогонсуйт. «Ай тагдырдын иши ай, – деди көмөкөйүндө күңгүрөнүп, – тагдырдын иши болбосо, ушинтет деп кимдин оюна келген. Кайран гана киши, айтса оозунан, кылса колунан келген жан эле. Эл ичинде кадыр баркычы, сүйлөсө облуска сөзү өтчү. Курган жаным, мурда анча-мынча ичип келип жүрсө, ушунча чоң кызматкер болсо, жолдош-жоросу менен ичет да деп жетине албай сүйүнүп жүрүпмүн. Ошондо эле этегинен тартып ичпе десемчи. Кайдан дейсиң, өзүнө нысап бербесе, мен айтып өтөсүнө чыгар белем.» Айдайдын оюна Артыктын дайынсыз жоголуп кеткен учурлары, андан кийинки кездеги турмуштан көргөн оор запкылары, бирөөлөрдөн сөз угуп кемсинген убактары, эң аягында оорудан көргөн азаптары түшүп, ичинен сыздап кетти. Зулпукардан бир кыйла артта калганын эми сезип, ылдамдай басты. «Кой, – деп өзүн кайраттандырды, – эми кейигеним менен ордуна келбейт. Аны ушундай абалга жеткирген мен эмес. Кантейин, өзүнө өзү кылды. Кудайга шүгүр теңирим бербесе да, теңтушум берди дегендей, Зулпукарым кызыл эт калган бала эле, көкүрөгүн көтөрүп адам катарына кошулду, замандан айланайын. Бир жагынан ооруман да сакайып баратам, кудайга куп шүгүр...»

Айдай далай жылдар бою төшөктө жаткырган оорусунун айынан кийинки эки жылы удаасы менен Жалал-Абаддын курортунда болуп, майланышкан кара ылайына оронуп жатып, «Кыз-Булак», «Аюп-Булак» деген булактарынын жылуу сууларына түшкөндөн кийин сыздаткан сөөк оорудан кутулуп калды.

Ал эми Гүлбара болсо жолдо учураган адамдарга, машиналарга көңүл берип, чачкын абалда бараткан. Анткени анын эки-үч күндөн берки кубанычын эч кандай сезим тепсеп кете албас эле. Ошон үчүн атасы жөнүндө көп деле ойлогон жок, ал турсун, анын кандай абалда экенин көз алдына элестеткен да эмес. Ушул үч күндүн ичинде ал кол куушуруп жөн отурган жок. Айдайга карата болгон сүйүү сезими саат сайын ашып баратkансыйт. Айдайдын ар бир жылуу сөзүнөн энелик мээр угулат. Ушул кубаныч жүрөгүн жибиткен Гүлбара эч нерсе жөнүндө ойлоп, убараланган жок.

Алар түрмөкананын эшигине барып, Артыкты алып чыкканча күтүп турушту. Бир кыйла убакыт өткөндөн кийин Артык милиционердин алдында сенделип басып келе жатты. Анын коркойгон боюнун ого бетер узуну чыгып, муундары шалактагансыйт. Өскөн сакал-мурутунун арасынан коңкойгон мурду гана көрүнүп, көздөрү чөлмөктөгү суудай тереңде жылтырайт. Өңү-башы кубарыңкы тартып кан-сөлү качкан. Кийинки күндөрдө ал көп ойлонгон, ичкиликтин заары жок таза акыл менен ойлонууга аргасыз болгон. Кырылып, жыртылып кеткен боз кителинин кыска жеңинен күрөктөй болгон кир колдору жоон билекке чейин чыгып, эпсиз көрүнөт. Мойнунун тамырлары даана билинип, тамагындагы учтанган кокосу тешип чыкчудай уркуюп турат.

Күтүп тургандарга жакындай келгенде Артыктын көзүнө биринчи болуп баягы күнкү өзүн соттоп кескен өскүлөң каштуу жаш судья жигиттин кызыл жүздүү ирееңи чалынды. Ал чочуп кетип, жалдыраган эки көзү

менен анын көзүнө суроолуу тигилүүдө. Ушунчалык таң калуудан тиги судья жигиттин жанында турган орто бойлуу токтонгон аялды, он эки, он үч жаштагы кара тору кызды түк көргөн жок. Төрт-беш кадамдай калганда токтоду да, көп күткөндөй жалдырай калды. Ал тили буулуп калган сыяктуу сөз күтөт. Артыктын бул абалын карап туруп Зулпукар токтоно албады окшойт, тамактары буулуңкурап сай-сөөгү сыздап бараткан эле.

– Ата! – деп Гүлбара бетин басып ыйлап жиберди.

Көз жашы кылгырып кеткен Айдай анысын билгизбөөгө аракет кылып, үнүн токтоо чыгарды:

– Эмнеге нессирейсиң? Уулуң – Зулпукар! Кызың – Гүлбара! – деди ал бир-эки кадам жакындай берип, – өзүң качып кеткенден кийин эле баарыбызды өлүп калды дедиң беле? – Ушул сөзүн араң айткан болчу.

Айдайга баятан сарасап салбаган Артык жүлүнгө сайгандай жалт бурулуп карады да, сөз айталбай нес боло түштү.

– Айланайын Айдай, кайда жүрөсүң? Айланайындар… Ал ошол замат жаш баладай шолоктоп, ыйга кошулуп солуктаган бөлүндү үнү менен араң эле:

– Бул… Зулпукарбы? – деди.

– Ооба, Зулпукар.

– Боюңдан айланайын!..

Артык Зулпукарды кучактамак болуп боюн таштаганда, милиционер арага түшө калып, аларды бири-биринен алыстатты. Артык дубалга сүйөнүп, отура калып, эки колу менен башын мыкчый кармаган калыбында өксөп-өксөп ыйлап жиберди.

Зулпукардын ичи тыталап, зээни кейип чыдабай баратат. Алагар көздөрүн тез-тез ирмеп, ички оор абалын билдирбеске аракеттенди. Чөнтөгүнөн тамеки алып кайра-кайра чегип, өзүн зордоп токтотту. Бакалоорунан бир нерсе кыскандай дем алуусу оорлошкон сайын жөтөлүмүш болуп араң дем тартат. Артык ошол калыбынан

өзгөрбөстөн, солкулдап өпкөсүн тартып күрөктөй кир колдорунун арты менен көздөрүн улам-улам сүртөт.

– Мына, – деди Айдай, ак түйүнчөктү чечип жатып, – бир сыйра кийим, жылуу-жумшак кийип, уулуңду эстеп жүрүп жыртып кой. Кызыл эт таштап кеткен балаң эле, кудайга шүгүр, адам болду… Чырпыкты чынар кылып жетилткен замандан айланайын… «Элдүү түлкү ач калбайт» дегендей, көз жашыбызды көрөр жан табылды, алдыбызга-аш берип, колубуздан тартып, аягыбыз менен тике тургузду. Зулпукарыма ата болуп, илим-билим берди, өкмөттөн айланайын…

Айдай кийим-кечени, анча-мынча ала келген тамакты Артыктын колуна узатты. Артык болсо аны да алууга шайы келбей, кулак-мурду бүткөндөй тунжураган калыбынан өзгөрө албайт.

Милиционер жигит убакыттын жеткендигин эскертти. Зулпукар:

– Ата! – деди, – эми кош болуңуз. Биз жөнүндө дайым эстеп кат жазыңыз. Кайраттуу болуңуз… – Андан ашыкча сүйлөөнү каалабады.

Артык жаңы кийим-кечени колтуктап, тамакты түйүнчөгү менен бир колуна кармаган бойдон сенделип артына бурулду. Кыймыл-аракети бошоңдоп, үйлөп жиберсе учуп кетердей араң илкип баратты. Эшиктен кире бererде токтой калып кайрылып тигилерди караганда, Зулпукар ээни кейиңки тиштенип араң турган экен. Уулунун кейпин көргөндө, Артыктын жүрөгү укмуштай күч менен туйлап кетти.

Ал камерасына кирди. Бүткүл каны башына тепкендей тунжурап, жыгылып кете жаздады. Бакырып-өкүрүп ыйлоого даяр. Көзүнүн кычыктарына жаш толуп, айланасын боз чалып баратат. Эгер бирөө анын ушул абалын байкап, сага чала болот десе, күркүрөгөн жоон үнү менен өксөп ыйлап жиберери анык эле. Колундагыларын жерге коюп, дубалга сүйөнө отурду да, эриндерин кырча тиштеп, жалдырап шыпты карады.

Бир тамчы кан ээги ылдый жылып баратканын ал байкаган жок. Анын бир кезде жоготкон кайраты, чыдамдуулугу, далай жылдан бери биринчи жолу кайра келген болучу... Бул баягы Артык болучу... Анын баскан издери көз алдынан жалпылдап өтүп баратты. Артык убакытты унутуп калды.

Түн. Камеранын бийик терезесинен жалгыз жылдыз көрүнөт. Ал эски таанышындай жымыңдайт. Артыктын кыялын алда кайда алып кетет. Мына, Артык менен Айдай түнкү мунарыкта талдын түбүндө турушат. Ошондо да ушул жылдыз тиктеп турган. Мына алар коон паяны аралап качып баратышат. Ооба, бул созолонгон жагымдуу үн Сабырдын үнү:

«Тору атым чөпкө калтырдым
Тойдо да томок алдырдым.
Токмогумду ким алды?
Топ кыздардын бири алды...»

Ооба, бардык нерсенин ойлонтор мезгили эртедиркечтир жетет. Айталык күз мезгили. Бул мезгилде ар кандай чогоол дыйкан өз калбырын чечтеп көтөрүп, сузган асылын най каптарга чымчып бууп, кампасына жөлөп, ал үчүн жай бою баштан кечирген эмгек күрөшүн бир-бирден көз алдынан өткөрөт да, өз мээнетине канааттанып, айрым жаздым баскан учурларына «Аттиң!» деп өзүнө бармак тиштеп калган учурлары болот. Дал ушул сыяктуу эле өмүр мезгили да ар бир адамдын башына келет... Биз айткан дыйкан өзүнүн быйыл жаздым баскан учурларын келерки жылы кайталабоонун жолун ойлоп, «Сениби, шашпа...» деп алаканына түкүрүнүп, келерки жаздын келишине шашылат. Анткени жыл мезгили кайталанат эмеспи.

Ал эми жаздым басып жүрүп өмүр мезгилине оропара келген адам кантет?...

Артык түнү бою кирпик каккан жок. Зулпукардын элеси залкар тоодой кубат менен көрүнүп, алдынан кет-

пейт, ойлонтот. Ал – Артыктын уулу, анын жаштыгы... Артык алда качанкы өз жаштыгын бүгүн кайра көрдү. Ал да дал Зулпукардай акылдуу, күчтүү, адилеттүү болучу... Анын калың эриндери кыбыр эткенсийт:

«Зулпукар... Зулпукар менин уулум!..» Артыктын көөдөнү кандайдыр кубаттуу сезимге жык толо түшөт. Турмуш кызык сыяктанат. Анын турмушу бүтүп калган жок....

Тунжураган көөдөй түн кыймылсыз узап баратат. Ал эртеңки жарык күнгө кезек берет...

Камеранын чыгыш жаккы темир керегелүү бийик терезесинен таңдын куланөөк салып келатканы байкалды. Арадан аз убакыт өтпөй, эшик ачылды да, жаш милиционер баш багып:

– Этапка камын! – деди.

Артык өз кыялында эрме чөлдү, түн түшкөн токойлорду, кар баскан тоолорду аралап өтөр алыскы катаал сапарды элестетти...

Бул сапар – Айдайына, өз балдарына, өз үйүнө кайтуунун сапары болучу... Турмушка кайра кайтуунун сапары болучу.

*1958–1963-жылдар.*

## СОЛДАТ

*(аңгеме)*

Сен согуш майданында болдуң беле? Чабуулда учкун алдыда баратып, дал жүрөгүнө ок жаңыла кулап түшүп, эл тагдыры үчүн көкүрөк керип жан берген баатыр солдатты көрдүң беле? А мен...

Анда он үч, же он төрттө болсом керек. Жетинчи классты жаңы бүткөнмүн. Андан ары улантып окуй ал-

бай калдым. Буга мен айыптуу эмесмин. Минтип отурган жалгыз эле мен дейсиңби? Менин катарым. Бүткүл менин курбалым жабыр тартып отурат. Буга менин катарымын башына түшкөн апаат айыптуу...

Батышта кан күйүп, согуштун экинчи оор жылы зыңгыратып салмагын салып, кашаң жылып өтүп жаткан кези. Баягы очок башында тайраңдап, апабыздын тамагын үч таарынып, үч сооронуп эркелеп жечү мезгил кайда? Билеги чулу, тултук бет, кызыл бет, барбак мурун кара жигиттер кыштак арасында көзгө сурма. Май соорусун былкылдата серпиле басчу ак жубандардын аппак эткел колдору чарт-чарт жарылган, беттери туурук-туурук. Кең адырдын жарымын айлантып айдап, чөгөрө салып, коштун эки туткасын бек кармап кетип баратса ылай тер маңдайынан ылдый мөлт-мөлт кулайт. Дагы бир кош ат чеккен арабасында тике туруп, узун камчысын асман көкөлөтө толгосо, маш болгон аттар ойкуштап, умтулган сайын беттен сокон жел менен кең кызыл көйнөгүнүн этеги туу болуп жайылат. Турмуштун туткасы ошолордун колунда. Алардын таянычы кажырдай каржайган чал-кемпир, мен сыяктуу кабыргасы ката элек жаш балдар. Ырас, турмуштун баасы аябай арткан кез.

Акыркы экзаменди тапшырып, күбөлүктү алган күндүн эртеси эртең менен апам ийнимден булкулдатып шашылыш ойготту.

– Тур, эшикте киши күтүп турат.

Көзүмдү сүртүп чыга калсам чарчаган атынын жалын тиктеп бригадир турат. Күн эсебин алып жүргөнбү:

– А Сапарбек, окууну бүттүңбү? – Үнүн басаң, чыгарып, момун көрүнүп, башын өйдө көтөрбөй сүйлөдү. Бригадир менин көзүмө оор-басырык да, ойлуу да киши боло түштү.

– Ооба,– дедим бир сөз чыгарын күтүп.

– Жакшы болбодубу, балдар болсо да... Ал негедир башын чайкап күлүп койду. Узарып кеткен шылкылдак эки кашка тиши даана көрүнөт. Сейрек өскөн куйкул

муруту бириндеп жансыз. Уйкудан калган жандай өңү кыйналыңкы эле.

– Сен бүгүн,– деди ал keберсиген шалпыгырак эрдин жалап коюп,– Жумакадыр чал менен унааларды айдашып тегирменге барып кел. Ысык тамакка эч нерсе калбаптыр, шашылыш. Данды кампадан аласыңар. Жумакадыр ошерде, тез барагөр. – Бригадир бир нерсени оюна түшүргөндөй ойлоно калды да. – Эми мойнуңда иш бар. Балалыкты унут, иним. – Ал көптү билген, көптү түшүнгөн акылдуу жан болуп көрүндү мага. «Абдыкардын ызалаганы жанга өттү. Ичкиликке бетинче кеткени жерге кирсин дечи, мас болсо эле балээ. Кепке келбес чылгыйлыгын айтпа...» деп айтышкан аялдардын сөздөрүн уккамын. Мунун баары мага орду жок сөз көрүнүп, бригадирдин жүзүнө тике карап ишенимдүү баш ийкедим. Көңүлүмө бир түрдүү балалык сезим жык толо түшкөн болучу. «Мен үчүн келди. Эми мойнумда милдетим бар...» Узап бараткан бригадирдин артынан карап туруп көңүлүм тумандай түштү. Желкеме жүк түшкөнүн сездим... Андан калса тегирмен алыста, жолу татаал. Бир жагынан Жумакадыр чал менен баруу ого бетер жаман. Дөдөй чалыштай жүргөн неме да. Кээ бир чалдардай божурап, көргөн-билгенин айтып, нуска сөздөрдөн сүйлөгөн карыя болсо экен. Кудай билет, ошонун санынан оюп алсаң кыңк этип бир сөз чыгарын.

Эки-үч өгүз, үч төрт эшекке арпа, буудай жүктөп жөнөп кеттик.

Жумакадыр абам бизге коңшулаш турат. Ак төбөл болуп чачы агарып, сабдалдуу сакал-муруту көк-ала тартып, алтымыштан алда качан ашып калган. Муруну барбайып, касаба жардай кабагына чыккан өскүлөң кылкандай кашы аны ого бетер сүрдүү кылып көрсөтөт. Көп учурда көзүнүн агы кыпкызыл болуп канталап, ар убак нымдашып турчу. Сөөк-саактуу ийиндери кабыма чапанынан уркуюп билинип, обуру чоң алибеттүү карыя.

Жай-кышы жаны тынчу эмес. Укулап-чукулап бир иш кылып жатканын көрөсүң. Колунан балта, теше, кетмен өксү болбойт. Барбайган манчалары чор болуп, тырмагынын түптөрү, салаалары бычак менен кескендей терең-терең жарылып жүргөнүн көрөр элем. Айылдагы кээ бир сопу чалыш карылар Жумакадыр абамы жактырышчу эмес. Айылдын тээ жогору четинде өз заманында тунуке менен жабылып, азыр болсо эскилиги жетип кулаарга жакын калган мечит бар эле. Жума сайын бир топ аксакалдар жума намазга чогулушат. Ал эми Жумакадыр абам ага түк барчу эмес.

Бир жолу балдар менен ойноп барып калып, намаздан соң масел айтып, шарияттан сөз козгоп отурган сопулардын сөзүн уккамын.

– Жумакадыр акыретти ойлобойбу,– дейт бири.

– Ээ,– деди эрди жука арык чал эпилдеп тез сүйлөп,– ар ким өзүнө кылат, эркти колуна берген, ушундай эмеспи дамылла?

– Даргөйү улук кудай аммага өз эркин берген,– деп тилин чалып сүйлөгөн молдо түшүндүрүп калды,– кимки өз иманын бек сактап, кудурети улук кудайды эске албаса, ону шайтан азгырат. Ого окшогонго мээнет берет. Улам мээнетке кызыктырып жетелейт, иманы күйүп кеткенин сезбей калат...

Ушул сөздөр Жумакадыр чалды көргөн сайын кылт эсиме түшө берет. Бүгүн да тегирменге барар-барганча оюман кеткен жок.

Каарына калган пендесин
Арашан кылып кайнаткан.
Оозунда алтымыш эки тиши бар.
Ажыдаарга чайнаткан –

деп атам ишендирген тозок отун, кыл көпүрөнү эстейм. Бул ырды айтканда атам көмөкөйдөн кыңылдап, терең көңүлүндө макулдагандай башын кыймылдатып калчу. Мына ошол арашан сууда Жумакадыр да сөзсүз кайнай

тургандай көрүнөт. «Эмне үчүн бул киши шариятты тутпайт? Тозоктон коркпойбу?». Кайра алардын баары бекер сөздөй көрүнүп ишенбей кетем.

Ырас, Жумакадыр чал оор адам. Чын болсо деле капарына албай жүрө бериши мүмкүн, күмөн санабайм. Жумакадырдын оор мүнөзүнө таң берип, баш чайкаган жалгыз мен дейсиңби.

Былтыр кеч күздө эл жата кымкарлап кар жаап кирген. Биздин үйдөгүлөр аскерге кеткендер жөнүндө, согуш жөнүндө өз билгенин айтып жаткан. Андай аңгемелер күн сайын кайталана берүүчү. Бүгүн айрыкча аянычтуу, коркунучтуу сөздөр көп айтылды. Мен кыйлага чейин уктай албадым. Ар нерсени бир ойлойм. «Чапаев» аттуу кинодон көргөндөрүмдү эстейм. Ошондо адамдар эсепсиз окко учкан, жарадар болгон... Согушта менин да агаларым жүрүшөт...

Үй ичи бака-шака, тополоң түшүп калгандай ойгонуп кеттим. Ыргып туруп дарчадан сыртты карасам, чала уйкулуу көзүмө эшик кызыл жалын болуп көрүндү. Кыйкырык-сүрөөн угам. Үйдө жалгыз гана мен калыпмын. Апам да эшиктен бакылдайт.

– Өрттөп кетиптир. Эми кантет шордуулар...

Ким эмнени өрттөдү, кимдер шордуулар, биле албайм. Эшикке чыгышка жүрөк кайда?

Бир убакта адамдар келишти. Жумакадырдын тамы өрттөнүптүр. Ким кылганы белгисиз. Баласы тиякта жүргөндө кемпир-чалга жаман болду деп кейишти. Бирөө өрттөптүр десе, азыр эле биздин үй өрттөнүп кете тургандай жүрөгүм чыгат. Уктай албайм. Жумакадыр абамын аскерде жүргөн уулун эстейм. Менин билишимче өрттөй өткүр жигит болучу. Комсомол уюмунун секретары бекен ай, эл арасында шакылдап сүйлөп, актив көрүнчү. Аты – Орозбай.

Эртең менен мен эшикке чыксам айлана аппак кар. Жүгүрүп Жумакадыр абамын эшигине бардым. Мен алар-

дын кайгысын, көз жашын элестетип көңүлүм ооруңку болучу. Жумакадыр абам кар күрөп жатыптыр. Түндөгү өрттө эл буюм-кечесин эшикке ыргытышса керек, кар астынан аларды табат. Бирок, Жумакадыр чалдын кылдай да капа тарткан түрү жок. Тумшугун куйрук астына катып бүжүрөп жаткан итке бир-эки күрөк кар ыргытып көөмп жиберет. Ит тура качты. Жумакадыр күрөккө таянып кыштакты жаргыдай күлөт.

– Арам сапалак...

Мен таң калдым. Тамынын күйүп кетиши буга кайгы эмеспи? Бир жагынан кыш түшүп отурса, билеги жоон уулу үйүндө эмес. Эч болбосо өрттөнгөнүнүн себебин билгиси келбейби?

– Атасынын көрү, баары бир бузат элем. Орозбай аскерден келери менен дароо жаңы үй салдырам,– дейт карды аралап басып, күрөгү менен сузуп, азыр эле куруп жаткандай чын дити менен берилип сүйлөп, – оозун тиги жагынан чыгарабыз. Эки бөлмө болот, ортосу далис.

– Жумаке, кандай болуп өрт кетти? – дейт келгендер.

– Мору жаман эле, от кетиптир.

– Ким билет, капырай...

– А, – дейт Жумакадыр абам камырабай кол шилтеп,– антпегенде бирөө өрт коймок беле?

Түндөтөн бери көңүлүмдөн кейип, чын пейилимден жан тартып турган мен, алда негедир, ыраазы болбогондой абалда калдым. Же кейише албайм, же чалды ичтен тилдеп кете албайм.

Ошондон кийин Жумакадыр абамы барып турган түнт адам элестетчүмүн.

Жүгүбүз тегирменден эл жата чыгып болду. Кайтар жолубуз жыйырма километрдей бар. Андан калса ортодо күркүрөгөн терең сай. Бая түштө өгүздүн капталын чийдирип араң өткөнбүз. Мен бүгүн ушул жерде эле жатып калсакчы дейм. Жаман жолдорду, камыштарды, токойлорду эстесем жүрөгүм зыркырайт.

– Жумакадыр аба, эртең менен кетпейлиби?

– Эмне болду?

– Деги айттым да.

– Коркосуңбу?

– Суу бар, жол жаман...

– А, ата көрү десе, суудан корксоң мойнума мингизип эле өтөйүн.

Унду унааларга жаймалап жолго түштүк. Түн караңгы. Токой аралап, бирде капталдап, артуу-мартуу келатабыз. Чөп аябай өскөн кез. Ар бир кадам сайын денем жыйрылып коркунучтамын. Бир балакет чыгып баса кала тургансыйт. Кээ бир унаалар үйгө караганда ылдамдайт, кээси оорлоп жүрө албай бириндейт. Караңгыда жоготуп ийбейли, сен алдына түш, чогуу алып кетели дейт Жумакадыр абам. Балээни мен алдына түшөмбү? Же артында болушум керек, бирок, анысы андан жаман эмеспи. Жумакадыр абам камырабайт. Өр тарта жай басып келатып кадимкидей уктайт. Басып келатып уктайт десе эч качан ишенбес элем. Кээде кадимкидей коңурук тартканга чейин жетип, чайпалып токтоп калат.

– Жумакадыр аба, баспайсызбы, унаалар бириндеп барататко,– дейм ыйлактап.

– Мейли, барса туура үйгө барат да.

– Ит-куш учурабайбы жолдо?

– Ит-куштан корксо шашпай бассын, ах-ах-ах...– деп салмактуу карсылдап күлүп алат. Анан илгерки бир эски овонду кыңылдап ырдайт.

Баркырак сары жылдыздын

Батар жери кайсы жер!..

Ошол ошо болду, бригадир Жумакадыр абам экөөбүздү түк бөлгөн жок. Биз чийне менен чөп ташып калдык. Ал чийнеге салып берет, мен жыйган жерге жеткирип кайтам. Күн да, түн да иш башындабыз.

Жумакадыр абам түк ноюп коё турган эмес. Өгүз үстүндө үргүлөп, шайым кетип калганда мени бешемектин

түбүнө жаткызып коёт да, эки-үч жолу өзү жеткирип келет. Бир аз жаным тынч алып, адам боло түшөм. Мен бара-бара Жумакадыр абамдын сырын көбүрөөк алып, ага жан тартып калдым. Антсе да анын оор мүнөзү мени кээде жадатып жиберет. Оор мүнөздүү болгондо да кандай дейсиң. Бир күнү Жумакадыр абам үйүнө кетип, эртеси күн көтөрүлгөндө келди. Абдыкар бригадирдин Жумакадыр абама ошондогу катуу тийгени өмүр бою эсимден кетпейт.

Бул кезде эгиндер бышып, кызыл кырман башталып калган убак.

Бригадир менин көзүмө көптү көргөн, көптү билген көксө кишидей көрүнгөн. Анын ар бир сөзүн кунт коюп көңүлгө алар элем. А деген эле жерден башканын ишиндеги, жүрүш-турушундагы кемчилигин чукуй сүйлөшү дагы анын сезгичтигин көрсөткөнсүйт мага. Кээ күндөрү дүкөн жакка аттанып кетип кызымтал кайтчу. Ал күнү анын мүнөзү такыр башкача болуп кетет. Бет алды келген жерден кыйыктап кекетип, ал турсун матап сөгүп, жекирип кысмактайт. Сен планга тоскоол болдуң, биздин жан күйүп жатканды билбейсиң дечү. Буга Жумакадыр абам ичтен бышылгандай түнөрүп үнсүз карай турган.

Аны аскерге көп чакырчу. Райондон, андан ары өтсө областтан кайра келет. Эмне үчүн антип бошотуп жиберишет, билбейм. Абдыкар болсо ошонусун жоо чаап келгендей сөзү дагы күчөп, дагы жер баспай калар эле. Ал учурлар жөнүндө бүгүн да көп ойлоном. Кээде кыжырым ташат. Окту беттеп, кан кечип жүргөндөрдүн жаны кандай бек болду экен дейм. Күнү бүгүнкүдөй эсимде, Абдыкар чакыруу кагазын алган сайын аябай кызымтал болуп алып эмшиңдеп ыйлап, кошок кошкондой аңгырап үн кошуп, жаш аралаш ырдаганын көп уккамын:

«Аскерге эле кетсем ким калат,
Аркамда жалгыз Бекмамат...»

«Ээ акмак», дейм бүгүн баарын кайрадан ойго салып отуруп, «айланасын карап туруп уялбады бекен? Же

турмуштун туткасы ошол беле? Эр азаматтар бир баласын эмес, кызыл чиедей үч-төрт баласын таштап, ал эми ишеничтүү кишиси жоктор медерин бооруна кысып барып балдар үйүнө өткөрүп, маңдайынан жыттап бир өөп, көзүнөн жашын бир шыпырып кете беришти го!..» (Оо бала, ата-эне үчүн сенден таттуу, сенден жакын дүйнө барбы!) Ал эми Абдыкардынчы, анын тууган-уруктары, үйү, аялы бар эмеспи. Же өз жанынын эле таттуулугунанбы? Андан калса, жалгыз гана уулу эмес, башка балдары да бар эле да. Көрсө, өзү кадам ылдый баскысы жок тура. Алапайын таппай калгандагы жоругу ошол го. Бирок, куру патриот болуп, ошондогу оозун толтура балбан сүйлөгөн сөздөрүн кантесиң. «Таянган тооң бийик болсо, ыргыткан ташың алыс түшөт» дегенге менин балалык акыл-эсим кайдан жетсин? Ырас, андайлар миңдин бири болучу. Эр жигиттердин жоктугунан улам колго тийген бир аз мүмкүнчүлүктөрдү кыска максат үчүн пайдаланса да, улуу жеңиштин шарданы менен анын баары тепсендиде калып унут болуп кетти. Кээ бирин атайын эскербесең ойго да келбес болуп артта калды. Бирок да Абдыкардын Жумакадыр абамды ыза кылганын унутпайм. Кызымтал Абдыкар кырманда бирөөгө каршыгып турганда Жумакадыр абам келди.

– Сен бул убакка чейин эмне басып жүрөсүң, ыя?

– Эки-үч күндөн бери үйгө барган жок элем,– деди Жумакадыр абам адатынча камырабай, – кемпирдин табы айнып, отун-суусу түгөнүптүр. Бир аз кармалып калдым. Бир паска эмне болду, эбиң менен баркылда. – Жумакадыр абам нары бурулду.

Кандай жин урду билбейм, кызымтал бригадир шылкылдак сары тишин көрсөтө, колундагы темир ороктун сырты менен алды ачык жегде[1] кийген Жумакадыр абамы төштөн ары «тарс-тарс» үч-төрт чаап жиберди.

---

[1] Жегде – чалдар кийүүчү узун жана ак көйнөк.

Быякта турган менин көзүмөн жаш ыргып кетти. Байкоосуз Жумакадыр абам бир кыйла шалдайып турду да, анан кабагын кайгылуу тырыштырып нары басты. Тунжурап басып баратканда анын жүзүнүн кандай абалда экенин көз алдыма элестете албадым.

Мен беш-алты күн абдан жаман болуп жүрдүм. Бул мезгилде Жумакадыр абам экөөбүз пунктка эгин ташып калганбыз, аралык отуз километрге жакын. Он беш чакты унаага эгин жүктөп барабыз. Мен ошондо баратып да, келатып да Жумакадыр абама боорум ачынат. Кыя тиктеп анын жүзүнө карайм. Үксүйгөн өскүлөң кашы көрүнөт мага. Кабагы түйүлүп түпсүз санаада бараткандай. «Жумакадыр абам эмне үчүн бригадирге кол кайрыбайт? Эч болбосо тили менен айтууга чамасы келбейби? Ушундай да оор адам болобу? Же дөдөйлүгүбү? Жок дөдөй эмес. Антпесе мынчалык жансыз жүрөк? Ушундай да оор сезим болобу?» Мен түк жыйынтыкка келе албайм. Күн өткөн сайын кыжырым басаңдап, бул окуя эскире берди.

Жумакадыр абамын ачуусун да көрдүм. Анын ачуусу мен такыр күтпөгөн жерден пайда болду.

Бир күнү кечинде биздикине Молдакмат деген бирөө жатып калды. Узун бойлуу кара жигит. Өзү ушу жерлик дешти, бирок кийинки кезде шаарлап кетиптир. Бир колу сенек экен, кыязы ошондон улам аскерге барбай калган окшойт. Ошо күнү мага жүктөп келиптир. Матасын наспай тамекиге, көкнар почокко[1] айырбаштап дароо суу кылды. Анда чыт деген неме жоголуп кеткен эмес беле. Кечкурун Молдакмат көп нерселерди айтты. Атам Молдакмат менен кеп козгошуп, кээ бир маселеде бакылдап өз оюн бербей турду. Күндө иштен кайткан соң оору бутун тарта албай кыйналып жатып калчу.

– Ээ аке,– дейт Молдакмат бир жолу кесе сүйлөп,– түбү доңуз болсо да Герман кыйын...

[1] Көкнар почок – апийимдин тилинбей кургатылып алынган башы.

Атам буга түк макул эместей каршы туруп, бирок далил таба албай дудалактанат. Анткени, анын балдары да майдан бетинде да. Бир жагынан Молдакмат укмуштарды жомоктой чубатат. Мен аскерден кайткан бирөө менен сырдаштым дейт. Ошол жигит согушта жүрүп, жолдон бир даана папирос таап алат. Чегейин десе кан болуп жерге куюлуп кетип, ар бир тамчысы куралдуу солдат болуп тура келиптир. Анан алар сени өлтүрбөйлү, шериктериңе барып айт, бизге ок атпай багынышсын, антпесеңер өнөр менен баарыңарды жок кылабыз дептир дейт.

Атам «астапырылда» келтиргенсип бир ишенсе, бир отуруп калды.

– Ээ аке,– дейт Молдакмат оозу-мурду кыйшайбай,– эмнесин айтайын, алардын наны бир кабаты май, бир кабаты кант имиш...

Биз эртеси пункттан кайтып келатканыбызда Жумакадыр абама баарын төкпөй-чачпай айттым.

– Ок, атасынын көрү, ошол акмактын... Кайда жүрөт? Силердикиндеби? Азыр баралы, акмакты...

Мен таң калдым. Анткени Жумакадыр абам титиреп кетти. Бул сөздү анын кулагына түшпөйт го дегемин.

– Силердикиндеби?

– Жок, саар кетип калды.

Жумакадыр абам өзүнчө дагы бир тилденип алган соң көп жүрбөй:

– Мынабу катты окучу,– деди үч бурчтуу бир кагазды мага узатып.

«Андагы алыскы кыргыз жеримде калган атам, апам жана агайын-тууганадар, бул катты чымындай жанын аянбай жоо бетинде жарак кармап согушуп жүргөн Орозбайдан деп билесиңер» Андан ары катта эсендик айтылып, анан бул жактагылардын соолугу бир-бирден суралып майдалап жазылыптыр.

– Окуй бер дагы,– деди Жумакадыр абам.

«Ата, биз уруш башталган күндөн туруштук бере албай келдик эле. Акыркы мезгилде иш такыр башкача

болуп калды. Душманды тык токтоттук. Кан төгүлгөн алааматты айтпайын. Талкалап нары сүрүп да жатабыз Менин ишеничим чоң. Артына сүрөрүбүзгө күмөнүм жок. Алардан эми өч алуу гана максат... Кадырыңыз жан болсун, иштин мындан аркы натыйжасы...»

– Мына көрдүңбү? Орозбай ушинтип жазат,– деди ал катты андан ары окуунун кажети жок дегендей колумдан тартып алып,– жанагы акмакты карасаң...

Жумакадыр абам ачууланып мага карай күпүлдөйт. Менин Молдакмат менен ишим канча?

* * *

Бир айга жакын мезгил өткөн. Кызыл кырман эми бир жолу кызуу чегине жетип турат. Бригадада экиүч кырман уюштурулган. Эл моло таш менен да, өгүз, уй, субай жылкыларды жанчыкка кошуп майкандап, эптеп уйпалап данын түшүрүп алуунун максатында. Кырманчылар күн-түн шамал аңдып кызыл сапырышат. Жумакадыр абам экөөбүз дагы эле өз ишибиздебиз. Ал кишинин түрү баштагыдай эмес. Түк тыным жок. Күн болсо күн, түн болсо түн жөнөй беребиз. Өгүздөрдүн ыңырчагы жонунан түшпөйт.

Таразалап, каптап-тигип, күймөнүп улуу шашкеде, кээде түшкө жакын жолго түшөбүз. Кара жол борпулдап тизеден чаң, унаалардын артынан уюлгуп көтөрүлөт.

Пунктка жакындай берген учурда Жумакадыр абамы таануугa болбой калат. Үксүйгөн кылкандай кашына, ак чачына чаң отуруп, демейки кызыл көзү ымдашып, ого бетер чычала болуп канталап кетет. Ал ошол бопбоз бойдон аарчынбайт да, күүнбөйт да. Пунктта араба, төө, дагы түрдүү унаалар толуп турат. Аны айдагандар торбодой балдар, катындар, чалдар...

Далысынан шору чыгып, кирдеген кең көйнөгүнүн белин шоона менен бууп, үстү жагына бир аз жыйнап,

этегин кыскартып алган катын Жумакадыр абам менен дайым эски сырдашындай бакылдап келип учурашат.

– А аке – дейт ал катын,– кандай жакшысыңбы?

– Түзүк, көрүп турасың го, ушу. Өзүң кандай? Балдарың эсенби?

Күйөөңөн кат барбы?

– Эки ай болду, эч дарек жок, аке.

Жумакадыр абам кабагын жыйрып жер карай берет.

– Келип калар балдарыңдын бактысына...– деп коёт. Бул чыйрак катын да бир колхоздун биз сыяктуу пункт-чусу. Мен курактуу бала экөө он беш чакты унаа менен эгин ташып жүрүшөт.

Жумакадыр абамын эмгегин ушул жерден көр. Мен унаалар менен гана алек болуп калам. Антпесем кайнаган ысыкта чымындаган унаалар бирпас турабы. Узун аркан менен бири-биринин бутунан маташтырып араң токтотом. Жумакадыр абам өгүзгө жапма салынган каптарды отура калып жонуна коюп, жөрмөлөй калып кайра-кайра күчөнүп араң турат да, эки-үч жолу ыкшап дал далысына чыгарып, анан тамтаңдап араң басып, күч менен тээ өйдө көтөрүлүп, дубал кырдап барып түшөт. Катуу күчөнүүдөн уламбы, анын муундары калчылдап, ийин кагып демигип калат. Белиндеги курунун бир учун чыгарып, ылайланган маңдай терин сүртүп алып, кайра экинчи капты көтөрөт. Антпегенде кимди күтмөк, менин бир капка алым кайдан жетсин?

Бир күнү кырманда кызыл даяр болбой бир топко кечиге турган болуп калдык. Жон жакка жайылган өгүздөрдүн артынан кеткен Жумакадыр абам кечикти. Ана келет, мына келет, жок. Кырманчылар эгинди каптап коюшту. Жөнөгүлө деп шаштырышат.

Мен жүгүрүп чыгып барсам Жумакадыр абам жондун түгөнүшүндөгү тумшукта экен. Тээ боз чалган төмөн жакты ээгин көтөрө чарчаңкы тиктеп ыйлап отурат. Сабдалдуу көк-ала сакалынан ылдый тунук жашы мөлт-мөлт

кулап, кирдеп калган жегдесинин этегине тамчылайт. Аянычтуу... Мага кылчайып да койгон жок. Ылдый жактан жүз бурбайт. Бул тумшуктан өрөөн ичи тээ Жалал-Абадга чейин көрүнүп турат. Улам нарылаган сайын боз калыңдашып, мунарык тартып эч нерсе көрүнбөйт. Бир топко карап туруп, менин да көңүлүм бир түрдүү кусалыкка жык толо түшкөнсүп, алда кандай абалга келдим. Жумакадыр абамын жүзүнө улам аянычтуу тиктеп коюп, үнсүз отура бердим. Анын күрөө тамырлары чыгып, жаак сөөктөрү аштоо-аштоосунан билинет. Үксүйгөн өскүлөң кашы кылкан болуп, чөйчөгүнөн курчу качкан көздөрү чөлмөктөгү суудай жылтырайт.

Жумакадыр абам көптөн кийин ордунан турду. Чак түш кыңкая бергенде жолго чыгып пунктка жөнөп кеттик.

Пункттан кайтканда Жумакадыр абам каптарды ыңырчакка салып бир өгүзгө минет да, улам үргүлөп, кайра теминип-кагына борпуган чаң жолдо үн катпай келе берет. Бир күнү кырманга күндөгүдөн эртерээк жетсек бригадир кызымтал. Ороктон кайткан эки-үч аялды жылдырбай жекирип туруптур.

– Айланайын бригадир, – дейт токтолуп калган чарчы аял моюнга ала сүйлөп. (Көрсө, алардын да бир аз айыбы бар экен) – Буга жалгыз эле ал эмес, биз да айыптуу. Түшкү дем алышта... Ойдо жок жерден бир уучтан...

– Бая күнү эл катары авансалап бербедикпи, я?

– Ырас, аке, ыракмат,– бир кадам алга чыгып турган узун бойлуу, арык жаш аял көз жашын сүртүнүп араң сүйлөйт – жөжө бирдей беш-алты жанга жук да болбойт экен... Балапандай ооз ачып турушат, кууруп берсемби деп, кыялда жок немени... Алдында ишке жарма куюп барган челеги турат. Анын ачык оозунан кызыл буудай көрүнөт. Алаканына салып укалап, оозу менен үйлөп сапырып эки килодой буудай тазалап алыптыр.

– Сен элден башкачасыңбы?

– Элге окшоп саныбыз да жок, аке. Кара жармага канаат кылышпайт.

Койдум эми, койдум...

Аял жети өмүрү жерге киргендей бутунун учун тиктеп көз жашын сүртүнөт.

Ушул аял да, беркилери да күн-түн тынымсыз орок тартышчу. Беш күндө бир гектар норма, аялдар аны аткарыша турган. Азыр айтсаң акылга сыйбагансыйт. Бирок чындык. Белин бекбууп, этегин кайра кыстарына тынымсыз шаңшып ырдашат. Ал ырлардан кубаныч эмес, кандайдыр көөдөн толгон кекти, кыжырды, адам зээнин кейиткен өксүүнү сезер элем. Ошол ырлардан эстей калсам бүгүн да сайсөөгүмдү сыздатып, жүрөктү эзет. Ырас...

Ошондо Жумакадыр абамы карасам, негедир өңү топурак түстөнө кумсарып, кыймылсыз туруптур. Анан салмактуу бери басты.

– Ой Абдыкар, болду эми, койдум дебедиби.

– Сен буга эмне үчүн аралашасың! Бас тигиндей, өз ишиңди кыл!

Кагуу жеген Жумакадыр абамын калың кабагы жыйрылып, кандайдыр түнөрө түшкөндөй көрүндү мага.

– Ок, найсап,– деди Жумакадыр абам тиштенип араң айтып,– сентинерлеп сатып, пайдалансаң душман эмессиң. Ушу бечара кокустан алган эки кило неме үчүн айыптуу болобу? Ошо балдардын атасы кан кечип жүргөн жокпу?

– Сен эмне дейсиң куу сакал? – Бригадир кебелбей барк этти.

Жумакадыр абам байкоосуз бригадирди желкеден алып, тегеретип келип кырманга бир чалса болобу. Жумакадыр абамын чеңгелиндеги бригадир менин көзүмө мышыктай алсыз, байкуш болуп көрүндү. Тургандар Жумакадыр абамы жылдырбай кармап калышты. Тим эле мыжыгып жибергени жүрөт. Кишилердин кармаганына болбой, капастагы арстандай чамынып, буркан-шаркан

түшүп жулунат. Коё берсе соо кыла турган эместей. Баягыда ушу бригадир орок менен төшкө чапканда бул күчү кайда экенин билбейм. Мунун түрүн байкаган бригадир атына минип, сөгүнүп жөнөй берди:

– Сага көрсөтпөсөм, куу сакал, аскерге жөнөтүп жаткан данга кол салып...

Жумакадыр абам жөнүндөгү оюм али туура эмес экен. Жатсам да, турсам да өзүмчө ичтен ойлой бердим. «Бул эмне деген адам? Ой тобоо...»

* * *

Кеч күз. Эгиндер басылбай кар алдында калуу коркунучу бар.

Алиги бригадир аттан жыгылып жамбашы сынып, ооруканага жатып калганына бир айдай болгон. Анын ордунда атам убактынча ишке баш-көз болуп турат. Бригадир болгон менен кырманда дагы эле сапырыкчы. Бир күнү пунктка жөнөргө жакын жүзүмө аянычтуудай карап туруп, өскөлөң чачымы уйпалай кармап сүйлөдү:

– Арыктап кетипсиң.

«Мен арыктасам, күн-түн оор иш менен алпурушкан Жумакадыр абам кантти экен» деп жалт карадым. Жумакадыр абам карыштай жоон теменеге шооно саптап алып, жапмага даярдалган каптардын оозун тигип жаткан. Эч нерсеге көңүл бөлбөй өз иши менен алек. Сарасап салып карасам, өңү жууган чүпүрөктөй шапаят, кежигеси кержейип, аябай арыктаган экен. Жука ак жегдесинен москоол ийиндери уркуюп билинет. Анын ушунчалык абалга жеткенин байкабаган балалыгымы карачы...

– Бүгүн үйдө калып чач-пачыңы алдырып алчы. – Атам ээни кейигендей түр менен маңдайыман сылап коюп сүйлөдү. Мен бир аз эреркей түштүм.

– Пунктчу?

– Жумакадырга бирөөнү кошуп беребиз.

Мен ыңырканам. Негедир Жумакадыр абама айтпай чеки иш кылып жаткансып көңүлүм күбөлүк бербейт. Атам менин сырымы байкадыбы:

– Жумакеме бирөөнү кошом, кылчактабай эле кой. Жумакеме тең келмек белең, бар, бара бер. Көйнөк-кечеңи апаң чайкап берсин.

Эртеси кырманга мен абдан эрте келдим. Биздин бир-эки өгүз тээ наркы беде пая жакта жүрөт. Жумакадыр дайыма жатчу ордунда жок, келген шарпасы да билинбейт. Келсе каптар да ушерде болмок.

Атам түнү бою сапырык сапырса керек, кызыл чечке жөлөнгөн бойдон уктап жатат. Талаадан кырманга буудай ташыган балдардын айрымдары аттарын кармап, чийне арабаларын коштоп жүрүшөт.

– Ой бала, – деди ат багар мен жакка бастырып,– силерге эмне болду, унааларыңар ар кай жерде чачылып жүрөт ко?

– Билбейм, мен кечээ пунктка барбай калгамын.

– Аңгыча кырманчылардын баары ойгонуп калышты. Жумакадыр келген жок дешти бир добуштан.

– Үйүнө өтүп кеткендир,– дейт бирөө.

Мен жол менен төмөн көздөй жүгүрдүм.

– Кайда? – деди атам.

– Өгүздөр төмөн жүрөт дейт, алып келем.

«Үйүнө өтүп кеткендир» дегенге ишене бербей көңүлүм кооптуу. Анткени пункттан чарчап кеч кайткан неме эч бир үйүнө өтүп кетүүнү оюна алчу эмес. «Апарган эгинин өткөрө албай калды бекен» деп да ойлоойм.

Бир далай жортуп барганымда Жумакадыр абамын жолдон бир аз четке чыгып кыңкайып жатканын көрдүм. «Түндө чарчап келип ушерде калган тура» деген ойдо жанына жүгүрүп барсам, уктабай эле, көгүлтүр ачык асманды көз ирмебей бир калыпта тиктеген бойдон...

– Жумакадыр аба,– деп колунан тартып ийсем, муундары бүгүлбөйт.

Күтүүсүз ой башыман жылт этип, жүрөгүм укмуш бир туйлап кетти. «Эмне кылам? Анын кейпи алда кандай суз, зээнге тиер көрүндү. Дал бүгүн мен барбай ушинттиби? Мен ага кара санадымбы?». Мен эми коркууну түк унутуп калдым. Кайра анын жүзүнөн сыр күткөндөй тигиле карап тура бердим. Жумакадыр абам демейдегисинен такыр башкача: бир аз кылгырыңкы көзү күлүмсүрөгөнсүп, таңкы тунук асмандын түпкүрүнө түбөлүккө камырабай ишенимдүү тиктеп, кең көкүрөгүн ого бетер керип кыймылсыз суналып жатат. Болор-болбос жүргөн желге сабдалдуу ак сакалы сеңселген сайын улам жанданып келаткандай, жүзү эч нерседен камырабагансып бир калыптан өзгөрүлбөй сыймыктуу да. Ырас, дал ошондой... Бул – карапайым кыргыздын өлүмү!.. Өлүм дегендин зээнди кейитер айтып бергис жагы да, таптакыр эстен кетпестей кайталангыс жагы да бар экенин өмүрүмдө биринчи жолу өз көзүм менен көрдүм...

Кыйладан кийин гана мен эсимди жыйып, эки жагымды карадым. Жолго каптар түшүп калыптыр. Жумакадыр абам каптарды дайыма өзүнүн алдына салынып келчү. Басып барып байкаштырсам, маркум дал ошол жерде өгүздөн түшкөн экен. Анан чаңды кечип кебелбестен чоң-чоң аттап ушул жерге араң жеткен окшойт... «Эмне болду?» деп ойлодум. Жок, анын оорусу жок болучу. Аны оор шарт, оор милдет, оор эмгек желкеден басып жыкты. Бул оор шарт, оор милдетти өзү сезген. Ошон үчүн көөдөн толгон кыжыр, көкүрөктөгү кек менен баарын мойнуна алган. Жазгы кыянда кирген дарыядай сендиректетип жулмаланган согуштун кыйынчылыктарын кебелбес баатыр сыңары ноюбай беттеп баратып, майсыз өчкөн чырактай, булчуңдан күч түгөнүп, көөдөндө жүрөк сокпой калганда гана кырданып жыгылып, акыркы демин аргасыз чыгара кыйылып туруп жан берген тура!..

Анын кошумча себебин бир аздан кийин билдим. Эл бир паста келип калды. Денени алып жөнөрдө анын

чөнтөгүнөн бир немелер алышты. Бир аз акча, анан шапалактай ак кагаз бар экен. Оку деп мага бере коюшту.

«Урматтуу Жумакадыр ата, Сиздин Орозбай немецтик фашисттерге каршы согушта өз родинасын коргоп жүрүп, баатырдык менен курман болду...»

Мен андан аркысын окуй албай тамагым буулуп, букулдап ыйлап жибердим, уккан эл шалдайыш туруп калышты. Ал кабар Жумакадыр абама алда качан, эки-үч ай мурда эле тийген экен. Бирок, ал муну эч кимге билдиргиси келбептир. Мен ошондо гана ыраматылык Жумакадыр абамын кийинки кездерде эмне үчүн таптакыр өзгөрүп кеткенин билдим. Ырас, Жумакадыр абамын мүнөзү өзгөргөн эле. Баягы Жумакадыр эмес болучу. Баягы суз Жумакадыр... мен ойлогондой Жумакадыр эмес болучу...

* * *

Жумакадыр абамын жүзү менин эсимен өмүр бою кетпей калды. Жамандык-жакшылыкта кылт этип оюмда. Анын өскүлөң кылкандай кашы, сабдалдуу көк ала сакалы, уркуйган москоол ийиндери күнү бүгүнкүдөй көз алдымда элестеп турат.

Андагы оор күндөр унут болду. Мен кийин окуумду уланттым. Билим алдым. Адамдар арасында болдум. Ата Мекендик улуу согуш жөнүндөгү түшүнүгүм да артты. Жамандык, жакшылыктын баары көкүрөктө эскирди. Бирок, Жумакадыр абамын элеси түк унут болбойт. Ал менин көз алдыма эл тагдырын колуна кармап, кан төгүлгөн майдан бетинде эрк үчүн салгылашкан баатыр солдат болуп эсептелет. Жыл сайын Жеңиш күнү Жумакадыр абам көз алдымда турат. Ырас, биздин бүгүнкү бакыт үчүн канын төккөн адамдардын арасында анын да жаркыраган элеси, жайлуу орду бар...

Сен согуш майданында болдуң беле? Чабуулда учкун алдыда баратып, дал жүрөгүнө ок жаңыла кулап түшүп,

эл тагдыры үчүн көкүрөк керип жан берген баатыр солдатты көрдүң беле? А мен... Мен көргөнмүн! Ал – Жумакадыр абам! Ал – солдат...

## БАЙТҮП ТЕРЕК

*(аңгеме)*

Шаардын жайкы базары кызуу... базарда алма менен өрүк, помидор менен анжир, сапсары анделек менен капкара чилги жүзүмдөр кызыл жаян болуп көзгө урунат. Мөмөнүн жыпар жыты мурдуңду өрдөйт.

– Ээ, келиң! Анделектен жеп калың. Тилиңизди жарбаса пул бербең!

– Мына кандек өрүк! Аз калды – арманда каласыз алып калың!

Дагы толгон кыйкырыктар: бири бышырып келген мантысын мактап, «кой жагына бышырдым» деп жар салса, экинчиси ширман нанын «кыздын бетиндей кыпкызыл» деп кыйкырат.

Мына ушул элдин ичинен Энезар чал гана өз малын мактап кыйкырган жок. Ал базарга бир кап картошка, эки кап сабиз алып келген. Жайкы базарда картошка да, сабиз да аз экен, анткени эски жылдын түшүмү бүткөн менен жаңы эгилгендери жетиле элек эле. Ал эми тажрыйбалуу дыйкан Энезар дал ушул үзүмчүлүк мезгилде бышышын болжоп, картошкасын да, сабизин эртелеп эккен. Антишине себеп: анын тамарка жери күнгө бет жана айдөш келип, кары эрте кетет да, эрте тоборсуйт, топурагы эрте жазда эле жылып калат. Өз жеринин мындай өзгөчөлүгүн кексе дыйкан жыл сайын туура пайдаланып калат.

Энезар башка базарчылардай кыйкырык салбаса да, жаңы картошкасы менен жаңы сабизине зарыккан шаардыктар кезек күтүп турушат.

– Мага үч кило картошка. Мына, пулуң мурда алып коюң.

– Сабизиңиз жакшы сабиз экен – мага эки кило тартың.

– Ооба, жакшы сабиз, – дейт Энезар чал бир аз мактап. – Сары сабиз. Бу – палоонун сабизи. Кызыл сабиз ширин келип, оокатты жүрөккө урма кылып коёт.

Энезар апкелген малын улуу шашкеге чейин эле сатып бүтүп, бош каптарын колтуктай чайканага келип отурду.

– Мага ачуу көк чай, бир нан... – деп чайканачыга кылчайды.

Анан эки шишкебек, төрт манты алып, курсагын кампайтып тойгузду. Ошондон соң бая шашылышта ороп жумгактап койнуна тыккан акчасын алып, жай эсептеди – пулу жүз сомдон ашыгыраак чыкты. Жүз сомун аспияттап ак чүпөрөккө ороп койнуна тыкты да, калганын кең ак жегдесин чөнтөгүнө салды. Анан чал негедир, ээгин кырланта кырмалап коюлган кыркма сакалын кыртылдата кашып, тунжурап ойлуу отурду, ал үйүндө дагы беш-он кап картошкасы, үч-төрт кап сары сабизи бар экенин эстеди, аларды да ушинтип тез суу кылып алуунун жолдорун ойлоду....

Көптөн кийин олбурлуу денесин шагдам алып, ордунан турду да, жол жээктей автостанцияны көздөй бет алды. Ал жерде кыжы-кыйма эл көп экен. Жөөлөшүп жүрүп, экинчи шаарга кетер автобуска билет алды, ал жарым жолунда түшүп калат.

Чалдын орду алдыңкы аянтчанын жанында экен, анда тирелише тике турушкан адамдар көп болду. Төбөдөн күн кактап, автобус ичи үп.

– Салима... Салима! Кечикпе, – дешти кыздар сырттан.

– Жатмак белем?.. Эрте кайтууга аракеттенем. Кеп колума тийишинде...

Чал өз алдынан жарым метрдей алыста тике турган толмоч кызды көрдү. «Колума тийсе» деп эмнени айтып жатканын да түшүнгөн жок. Чалдын көңүлүн анын ички

сырынан көрө, сырткы түрү көбүрөөк тартып кетти: кыздын кызылдуу ак жүзү, алакандай чоң көздөрү, чытырап гүлдөп турган денеси эч кимди кайдыгер калтырбастай эле. «Болук кыз экен...» деди чал ичинен. Анан «Балким, жубандыр» деп да кошумчалап койду. Анан чал ичтен өз оюн улады: «Илгери кыздар чачын жаагы ылдый беш көкүл кылып өрдүрүшчү, а келиндер болсо, чачын артына тарттыра, анан майдалап өрдүрүшчү. Ошон үчүн кайсынысы кыз, кайсынысы келин экенин ажыратуу оңой боло турган. Азыркы ургаачылардын баары эле чачын кырктырып алат экен, кайсынысы кыз, кайсынысы жубан экенин ажырата албайсың...»

Автобус ордунан козголуп, асфальт жолго чыккан соң, адамдар өз-өз жайларын табышты. Салима чалдын бет алдында турган бойдон сыртка көз таштап, ойлуу кетип баратат. Кыздын жука көйнөгүнүн жакасы тээ далы ортосуна чейин ачык, этеги да кыска экен, жоон санын да жаппайт. Салиманын аппак жоон сандары сүт куйган өпкөдөй чытырайт. Чалдын көптөн тынчып калган жоош жүрөгү негедир туйлагансып, жандангансып баратты. Көөдөнүн бийлеген алда кандай бир күч кыл чылбырдын сыңары тартылып калгансыды.

Чал эрксизден өзүн башка абалда сезе баштады: кыялы чарпылып, тээ алда каяктагыларга, асыйдай туйлаган жаш чагына кетти, өз жары Бүбүканга баш кошкон чактарын эстеди... жаш жары да дал ушул Салима сыяктуу толмоч эле, денелери балкылдап аппак эле. Жайлоонун тунук суусуна чөмүлүшкөн соң, чыйрыккан денелерин кызытыш үчүн балтыркан арасында куушуп ойношчу, анан адам барбас чытырман арасында айкалыша жатышчу. Толмоч Бүбүкандын жаш денесиндеги укмуш сулуулук Энезардын элесинде түбөлүккө кала берген... Мына ушул унутулган эски ырдын обонундай жагым элес кайрадан жаңырып, чалдын көз алдында тирүү бойдон турат. Чал ички сезимин токтото албай, араң тиштенип, аягында онтоп да жиберди.

* * *

Энезар аксакал «алаканына гүл өндүргөн» дегендей дыйкан адамдардан. Анын жашы азыр жетимишке таяп калса да, өзүн жаш чагындай эле кайраттуу да, жеңил да алып жүрөт: сөөк-саактуу олбуру чоң денесин шагдам алып басат, кыймыл аракети да шамдагай. Айран ууртап, аарчыбай койгонсуган ак мурутун, кырмаланган ак сакалын айтпаганда, эки бетинин каны тамырдай кыпкызыл, алагар көздөрү да жалжылдап оттуу...

Чалдын үйү кыштактын баш жагындагы дөңсөө жайда. Ал дайыма таңкы үрөң-баранда эрте турат да, мемиреп уктап жаткан бактуу кыштагына көз таштайт. Бул учурда ызы-чуу түшүп кыйкырган короз чакырыктары жана ар кайдан аңк-аңк үргөн иттердин гана үнү угулат. Чал өзүнчө күңкүлдөп сүйлөнөт:

– Бейпил түн бергениңе миңкалла шүгүр,– деп кудайга ыраазылыгын билдирет. Анан абдестесин кармаган бойдон сааркы намазга отуруу үчүн тамаркасын айланат. Жуунуп отуруп, бет маңдайында көк чийген байтүп ак терегин жоон түбүнөн тарта кылда учуна чейин суктана тиктейт. Кубаттуу бутактарын туш-тушка созгон бака теректин сан миң жалбырактары таңкы желге титиреп, алда кандай бир жашырын сыр шыбырап жаткансышат.

Энезар абышка адамдар арасында кандай көзгө түшүмдүү адам болсо, бу кыштактын көркү үчүн бул терек да дал ошондой көзгө түшүмдүү. Чал теректин калың шактарынын арасынан бир нерсе таап алардай көпкө чейин көз албай турат. Анда ал аерден бир нерсе издебейт, тим эле анын кыялы алда качан атасы айткан сөздөргө кетет.

– Уулум,– дечү чүкөдөй кичине кара чал. Атасы өзүндөй олбурлуу эмес эле. – Энең экөөбүз сени зарыгып жүрүп көргөнбүз. Ошон үчүн атыңы Энезар койгонбуз. Сен төрөлгөн күнү сүйүнгөнүмдөн эмне кылышымды билбей, ушул теректин жаш көчөтүн арыктын кырына

сайгамын, сени менен бой тирешип өссүн деп, жакшы, илгери үмүт менен ошенткемин. Анан көз карегимдей аспияттап асырагамын. Эми сен чоңоюп, бой тарттың. Терегиңди мындан ары өзүң асырап ал. Кантсе да, балам, сага тагдырлаш болуп калды, – деген.

Кара чалдын ошондо орунсуздай учураган насааты жылдар өтүү менен Энезардын жүрөгүнө коргошун куйгандай орноп калган. Ошон үчүн анын бул тереги өзү үчүн тим эле жансыз нерсе эмес, иман-жанына байланышы бар ыйык туюлат. Андыктан ал терегин кереметтүүдөй туюп, ичтен сыймыктанат.

Мындан он-он беш жылдай илгери тээ тоо тараптагы Мусаке деген чоң кара сакал таякеси келип:

– Терегиңди кыялы, Энезар жээним,– деген түбүнөн башына чейин көз өлчөй тиктеп, – жыйырма ээр чыгат. Сен сомдошуп берсең, калганын өзүм кыябы менен чаап, анан өгүз, төө териси менен каптайм. Экөөбүзгө кышы бою иш болот. Эрте жазда ар бирин бирден койго алмашабыз. Он койду айдап алып, мен тоого кетем. Он койду сен энчи кылып аласың.

Энезар жүлүнгө сайгандай диртилдеп кетти:

– Койсоңузчу, Муса тага! Мага сиз таап берер он коюңуздун кереги жок. Өзүмдүн терегим керек!..

Мындай жоопту таптакыр күтпөгөн кара сакал Муса ызаланып сүйлөдү:

– Терегиңди гөрүңө сүйрөп кетмек белең? Артыңда калат бир күнү,– деди да Муса сөгүнүп, атланып кетти.

Кийин колхозго жоон терек керек болгондо, башкарма өзү келди:

– Терегиңизди бизге бериң. Жакшы пулга сатып алабыз,– деди жай сүйлөгөн башкарма, өз өтүнүчүнө сөзсүз оң жооп болорунан күмөнсүбөй. Бирок жооп таптакыр андай болбоду.

– Бу терек – менин гана үйүмүн эмес, бүт кыштагыбыздын көркү. Бере албайм, – деди кесе.

– Түп жагынан ичи чирий баштаптыр,– деди башкарма, терекке саресеп сала, тегерете тиктеп.

– Мейли, кантсе да турганы жакшы.

Энезар чал терс басып кетти.

* * *

Энезар өмүр бою дыйканчылыкта иштеди: адыр-түздү аңтарып айдап, буудай менен арпа сепкен; өрөөндөрдү каңтарып, пахта менен күнжүт, шалы менен ак жүгөрү эккен... Кызыл кырман көтөрүп, оросун толтура дан куйган учурларын өмүрүнүн эң бактылуу учурларым деп эсептечү ал. Отузунчу жылдардын башында биринчилерден болуп колхозго кирип, каш-кабагым дебей жакшы иштеди: колхоз турмушу бирде өйдө, бирде төмөн болуп, эмгек күнүнө бир кадак дан албаган учурлары да болгон. Ошондо да Энезар жерден үмүт үзгөн эмес, маңдай терин агыза топурак чеңгелдеген.

Байбичеси Бүбүкан экөө бир уул, бир кыз өстүрүштү: уулу Караш инженерликке окуп, отуз жылдан бери шаардагы заводдо иштейт, отуз жыл өтсө да чал анын кесибине ыраазы эмес, жер чиймелеп дыйкан болбойбу деп өкүнөт. Ал эми кызы Зубай да тоо тарапка турмушка чыгып, очор-бачар. Байбичеси Бүбүкандын барында балдарынын алыс-жакын экенин түк ойго албай, чал өз тиричилигин кылчу, топурак чеңгелдеп, дыйканчылыгын жүргүзчү. Кемпири көз жумгандан бери жалгызсырап калды, бирок аны алаксыткан дагы дыйканчылык... Пенсияга чыгып кеткенине карабай, колхоз багына кароолчулук кылат. Бак болсо үйүнүн жанында терезесинен көрүнүп турат, ага суу коёт, мал-сал кирсе айдаган болот.

Он тешедей тамарка жери – анын бүтпөс эрмеги. Ошол жерин кышын-жайын чукулап жүрөт, мол түшүм өндүрөт. Мына быйыл да картошка, сабиз эгип, жакшы түшүм алды: баарын колхозго өткөрүп берейин деди эле,

«Өзүбүздүкүн батырарга жай таппай, башыбыз катып атат» деп, азыраагын гана алышып, калганын «базарга сатып алыңыз» деп коюшту, ошонун бир нече кабын бүгүн базарга апарып, сатып келатат.

Чалдын саламатчылыгы да, чарбачылыгы да жакшы, анын көкөйүнө тийип тынчтык бербеген нерсе – жалгызчылык. Кечке чейин иш менен алек болуп, баарын унутуп калса да, кечкисин үйүндө соксоюп өзү жалгыз калат. Уйкусу кача баштаган чалга түн жыл болуп созулат, өткөн-кеткендерди ойлоп жатып, зил болуп кете жаздайт. Ошон үчүн ылайык-кабыл бирөө табылса, баш байлады кылсам деп кыялданат, өзүнчө кобурап сүйлөйт: «Илгери сексендеги чалдар үйлөнүп, төрөлгөн балдарынын атын Сексенбай койгон. Токсондогулары Токсонбай коюшкан...» деп өзүн өзү үмүттөндүрөт. Аял алуу жөнүндө көп кыялданганда, ички дүйнөсү ойгонуп, кандайдыр бир күч кыл чылбырдын сыңары чытырап тартылып калат. Чал муну али бүтө элек күч-кубатым, жаштыгымдын акыркы кырмычыгы деп жоромолдойт.

* * *

Чымын-куюн болуп келаткан автобус бир жайда кескин токтоду. Адамдар көп чыгып кетишти, орундуктар бошой түштү. Энезар чалдын жанындагы орундук да бош калды.

– Э карагым,– деди чал Салиманы чыканакка түртүп,– бул орундукка отуруп алчы. Бутуң деле талыса керек.

Салима чалдын ыймандуу жүзүнө биринчи жолу саресеп сала тиктеп, анан бир аз ойлоно түшкөнсүдү да, орундукка олтурду. Толмоч Салиманын кыска этеги жоон сандарын жарымына чейин жаба алган жок, жумуру тизелери жарашыктуу бүгүлүп, ого бетер сулуу, ого бетер көңүлгө жакын болуп калды. Чал аны карабайын десе да, көздөрү эрксизден ошол жакка бурулуп, кыздын жоон сандары чалынат. Өзүн өзү араң колго алып баратты чал.

– Кайда барасың, Салима карагым? – деп сурады чал.

Салима чалды бир ирмем күмөндүү тиктеп, анан кайра сурады:

– Менин атымы кайдан билесиз, аба?

– Билем, карагым билем... – Чал жоош жылмайды.

Салиманын коопсуусу ого бетер арта түштү. Чал эскерте сүйлөдү.

– Чочубай эле кой, карагым. Кайдан билмек элем? Алиги узаткан кыздарың: «Салима, Салима...» – деп атышпадыбы, кулагымда калыптыр.

Азыр эле коопсуй түшкөн Салима жадырап жылмайды: анан аппак күрүч тиштерин жадырата тизилтип, кирпиктүү чоң көздөрү саал жумула түштү, ал ушунчалык сүйкүм кейипке келе калды. Бул керемет сулуулук ага токтой таасир этип, бүткүл тулкусун аралап өттү, алда качан унуткандарды эсине салды, ал өз Бүбүканынын жаш чагын кайра көргөндөй болду. Анын алда качан жоошуган карт жүрөгүнө жаңы күч кошулгандай ылдамдай сокту.

– Кош-Таштан түшүп калам,– деп Салима сөз кыябы болбосо да кобурап койду. – Андан ары жөө-жалаңдап Корумду жакка чыгып кетем.

– О кокуй,– деп сөзгө аралашты Энезар чал,– мен да ошол жерден түшөм, бирок сол тарапка – Жийдели жакка кетем.

Сөз жакшы от албай, экөө дагы бир азга үнсүз болуп калышты.

– Корумду алыс ко, карагым? – деди ээгиндеги кырма сакалын кашылап. – Же автобус барабы?

– Автобус колхоз конторуна чейин барат, ага түшсөм, өтө төмөн кетип калам.

– Оо, алыс... – деп чал баш чайкады.

– Айла канча, аба? – деп Салима төгүлгөн кирпигин жай-жай ирмеп, терезе аркылуу каалгыта тээ алыстарга көз таштады. Бактуу кыштактар тегеренип артта калып жатат.

Көптөн кийин чал баш көтөрүп, Салимадан сурады:

– Ата-энең барбы, карагым?

– Атам жашымда эле өлгөн экен. Апам бар.

– И-и, – деди чал баш көтөрүп. – Апаң болсо дурус экенсиң.

– Ошо апама баратам. Андан да үч жашар кызымы сагындым.

– Кызың барбы? – чал чочугандай сурады.

– Ооба, бар,– деп Салима бир азга тунжурап ойлуу болуп калды, анан сөзүн өзү улады. – Сегизди бүткөнүмдө эле ала качып кетишкен. «Элдин салты ошо» деп мени алдап тындырышкан. Бирок эрим менен ыркым келишпей, бир жылдан соң ажырашып кеткенбиз. Ошондо ала келген кызым бар, азыр апамын колунда.

– Мейли-мейли. Кызыңы көрүп келгениң жакшы деп чал мойнун буруп баратып, келиндин аппак жумуру тизелерине эриксизден көздөрүн чалынтты, жүрөгү дагы да дүкүлдөдү… «Келин экен» деп койду терең көңүлүндө.

Салима күрсүнгөндөй сөз улай берди:

– Колхоздун тээ алыскы тоо участкасында турабыз, жайында иш болсо да, кышында бош калабыз. Ошон үчүн окуп адистик алып алайын деп, шаарда окуудамын, кыйналып-кысталып болсо да окуп атам…

– Эмнеде окуйсуң, карагым?

– Кийим тигүүчүлүктү үйрөнүп атам. Эптеп бүтүп алсам, колхоздун турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатында иштесем дейм. Кантсе да, кышын-жайын айлыгым болуп турат. – Келин кыйлага ойлуу болуп калып, анан сөз аягын улады. – Ансыз боло турган эмес, апам кары, колубуз жука. Кызым да чоңоёт, кыз бала кием-ичем дейт.

– Окуганың жакшы, жаш экенсиң,– деди чал ойлуу. – «Өнөрү бар өлбөйт» деген кеп бар. Мээнетиң менен нан таап жейсиң.

Тасмадай созулган асфальт жолдо автобус учуп келатат.

– Качан бүтөсүң окууңду, карагым?

– Эки айга жетпеген убакыт калды. Ошого көк кайыштай созулуп араң чыдап атам, аба. Апам байкушту да кыйнап бүттүм...

– Кемпир сенин кызыңды багам деп кыйналып атса керек да?

– Андан деле эмес, аба,– деп Салима ойлуу жер тиктеди. – Колу жука дебедимби. Эрте жазда менин карызым үчүн бир эчкисин сатып берген. Мына эми дагы баратам.

Чал ойлонуп калып, анан келиндин нурлуу жүзүнө суроолуу тиктеди:

– Эмне, акча ошончо эле зарыл беле, карагым?

– Ээ, аба,– деп Салима эткел билегин өйдө көтөрө, акырын шилтеп койду. – Тири жан болгон соң, ошого жараша гөртиричилиги да болот экен. Андан калса, шаар дегенге күнүгө каржы керек. – Салима бир ирмем токтоло калып, анан сөз улады. – Бирөөнүн үйүндө турабыз, айына 25 сомдон ижара төлөйбүз. Эртең менен бир маал чай ичип кеткенибиз үчүн да төлөйбүз. А мен үч-төрт айлыгын төлөй элекмин. Аны төлөп кагаз апарып бербесем, окуган жеримден бүткөндүгүм тууралуу документимди бербейт.

Чал ак чач башын кашылай, үнсүз болуп калып, анан сурады:

– Апаң, эми барсаң, бир нерсе таап бералар бекен?

– Ким билет? – Салима шапалактай ак дасоромолу менен тамылжыган жука эриндерин аарчыды. – Жалгыз эчкиси калган, ошону сатып береби, билбейм. Антсе менин кызым экөө сүтсүз калышат.

Чал тунжурап отурду, ал азыр эмнени ойлоп жатканын айтуу кыйын.

– Салима карагым,– деди чал жер тиктеген бойдон. Салима жалт моюн бура чалдын ойлуу жүзүнө тигилди. Чал баш көтөрбөй сүйлөдү. – Мен азыр картошка, сабиз сатып келатам. Чөнтөгүмдө жүз сомдон ашык акчам бар, ошону сага берейин...

Салима бир жагы эч нерсе түшүнбөй, бир жагы кооптоно түштү.

– Эмне дейсиз, аба?

– Ошо жүз сомду сага берейин дейм, карагым...

Салима эмне дешин билбей калып, кирпиктүү көздөрүн жалт-жалт ирмеди.

– Мен сизди тааныбасам...

– Мурда тааныбасаң да, азыр тааныбадыңбы. Жийдели кыштагында турам. Атым – Энезар. Эшигимдин алдында зор бака терегим бар. – Чал саал сыймыктана улады сөзүн. – Андай терек башка эч кимде жок...

Салима ыңгайсыз абалда калды, анан араң сүйлөдү:

– Иштеп калсам, акчаңызды сөзсүз апарып берет элем...

Чал көңүлсүз кол шилтеп койду:

– Бербесең калар, карагым... Менин дагы беш-он кап картошкам, үч-төрт кап сабизим бар, ошолор өзүмө буюрса деле...

Экөө тең бир ирмем ойлуу отурушту. Асфальтты туура кескен чоң кара жолго келгенде автобус токтоду: Энезар менен Салима түшүштү, эми Салима оңго, Энезар солго кетет... Аялдамада эчким жок экен. Талдын түбүндөгү күрсүгө отурушту. Бир оокум тынчтык өкүм сүрдү. Анан чал койнуна колун тыгып, ак чүпөрөккө оролгон акчасын сууруп чыгып, Салимага узатты:

– Ме, Салима карагым. Ушу чүпөрөктө, жүз сом акча бар.

– Баятан «чынбы, же мени алдап атабы» деген тумандуу ойлордо келаткан Салима акчага колун узатпай, эң мурун чалдын алагар көзүнө тиктеди, кантсе да чалдын көзүнөн оту өчкөндүктү эмес, жылт эткен оттуулукту көргөнсүдү, балким, андай болбогондур, кантсе да Салиманын көзүнө ошондой туюлду. Келиндин башынан бир күтүүсүз ой жылт этип өтүп кетти...

– Сен тайсалдаба, карагым. Ушул пулду ала бер. Ак көңүлүм менен берип жатам. Ак мээнетим менен тапкан

пулум. Мен адамга ажат ачканды жакшы көрөм. Зарыгып калган учуруң экен. Бул мен үчүн сооп болот.

Чал акчаны келиндин колуна карматып койду. А келин болсо, акчаны кармаган бойдон, не кыларын билбей шалдайып туруп калды.

– Сал акчаны тиги сумкеңе,– деп кыстады чал.

Келин акчаны сумкасына араң салды, бирок эмне кылышын билбей калды. Анын башында ар кандай ойлор уйгу-туйгу болуп жаткан эле.

Салиманын ушундай ички абалын кекселик менен байкады чал.

– Алиги сени узаткан кыздар эртеңки экзаменден калба деп атышпады беле? Андай болсо, азыр эле шаарга кете бербейсиңби?..

Салима эми эсин жыйып:

– Ырас эле, эми апама барбасам деле болот,– деди.

Чал тээ жогору жакка көз таштап, анан кобурап айтты:

– Мурунку кеткен автобус азыр кайтышы керек. Ошону менен жөнөп кет.

Салима толмоч билегиндеги кичине кол саатын шыкаалады.

– Күн эрте. Эптеп кечке жетсем эле болот.

Чалдын көз кыйыгы эрксизден Салиманын жумуру тизелерине түшкөндө бүткүл денеси өзүнө ээ-жаа бербей, зыркырап кетти, ал негедир шашып, ордунан тура калды, кабын колтуктап, кетүүгө камынды.

– Жок, кетпеңиз! – Салима шашып калды. – Мен кызыма деп ак нан, конфет алган элем. Эми кызыма барбай калбадымбы, ошону жейли...

Чал ойлуу токтоло калып, анан макул болду.

– Тиги сайдын суусуна малып жейли,– деди Салима сайды көрсөтүп.

– Жок, сай суусу таза эмес, пахта сугарганда пайнабы түшөт, а пахта жерине дары себет эмеспи, кесел кылып коюшу мүмкүн.

– Анда нетебиз? – деди Салима өтүнүч менен тиктеп.

– Тээтиги камыш арасындагы жалгыз түп талдын түбүндө, жаңылбасам, булак бар. Ким билет, аны да трактир менен сүрдүрүп ташташтыбы...

– Барып көрөлүчү, жүрүңүзчү! – деп шаштырды Салима.

Салима алдыда басты. Толо келиндин жайык соорусу кадам сайын кыймылдап, эрксизден чалдын көзүнө урунат. Чалдын ички дүйнөсү тартылган кыл чылбырдай чытырап, көздөрү электенет. Ичтен «Астапырылда!» – дейт өзүн колго алууга аракеттенип.

Булакты табышты. Калың камыш туш-тушунан уядай ороп, чөлмөктөнгөн тунук суусу ботонун көзүндөй мөлтүрөп жатат. Салима чалдын каптарын алып, чөлмөк жээгиндеги жайлуу жерге төшөп жиберди... Анан экөө маңдай тескей-отурушту, эң алды кочуштап суу жутушуп, анан нан малып жешти.

Кубанчы ичине батпаган Салима өзүн эркин кармады: сулуу кош тизесин жарашыктуу буктөп, бир колу менен жер таяна, саал кыңкайып отурат, бир нерселерди айтып кыткылыктап күлсө, толо денеси жер термелгендей титирейт, төшүнө чейин оюлган жука көйнөгүнөн кош көкүрөгү балкылдап, жарымына чейин көрүнөт. Дал ушул укмуш көрүнүштөрдүн өзүнөн чал алда качан жоготкондорун – Бүбүканынын гүлдөп турган жаштыгын көрдү. «Бүбүканым, кымбатым...» деп жиберди чал ичтен, анын жүрөгү каршы-терши тилинип жатты. Чалды ээ-жаа бербес ички сезим бийлеп кеткендиктен, көздөрүн боз чалып, жанында отурганы Салима экендигин таптакыр унутуп калды, кобурап жалбарып жиберди:

– Айланайын Бүбүканым... Мен сени сагындым, куса болуп сагындым. Келчи кучагыма... кадимкидей эркелечи...

Чал Салиманы имере тартып, дөбөлөнүп балкылдаган кош көкүрөгүнүн арасына тумшугун тыгып жиберип, аң-

кагандай жыттап, эси ооган бойдон төшөлгөн каптардын үстүнө кырланып жыгылып кетти... келин да кошо кетти...

– Аба... аба, кантесиз!. – деди келин акырын шыбырап,– коюң.

Күчтүү сезимден улам кулагы чып бүтүп калган чал келиндин сөздөрүнүн бирин да уккан жок. Бирок кантсе да өз оюндагысын айтты:

– Жок, биерге эч ким келбейт... келбейт... – деди аптыккан чал.

Келин жоон билегин көздөрүнө туурасынан калкалап үнсүз болуп калды. Чал негедир көпкө чейин күймөндү, анан өкүнүчтүү күңкүлдөдү:

– Алда соолуп калгыр-ай, соолуп калгыр...

Чал дагы эле жакшылыктан үмүт үзгөн жок, убакыт өтүп жатты.

Суу ичкени келген карга талдын башына конуп: «Каак!» дегенде чал чочуп кетти. Заматта боюн өзүнө болгон жек көрүү сезими бийледи:

– Э кудай урган, мени кайсы шайтан айдады?.. Алда качан сөөгү сөпөт болгон Бүбүканымды кайдан издеп жүрөм? Мен соомунбу? Чал ордунан тура калып, сенделектеп барып, араң токтолду. Мындан бир саат илгери көөдөнүн тиреп, чылбырдай тартылган ички күч морт үзүлүп, бүткүл ички дүйнөсү аңгырап бош калгандай туюлду. Муундары шылкылдап бошоп, дармандан тайып, өзүн заматта чал сезип калды...

Чал камышты аралап басып, даарат ушатты, бети-колун жуунду. Анан терең улутунуп, өкүнүч менен күңкүлдөдү:

– Өх!.. Кайран жаштыгым мени алда качан эле таштап кеткен тура... А мен куру кыялга алданып, айнып жүргөн турбайынбы. «Курсак тойсо да, көз тойбойт» деген акыл сөздүн терең мааниси мына ушунда экен да.

Тунжурап ойлуу турган Энезар чал жакында эле курбусу Молдокул чалдан уккан бир тамашалуу сөздү эстеди. Курбусу кыткылыктап күлүп айткан:

– Бир күрөң бука карылыгы жеткенде, чыладан бутун тарталбай, үңкүп туруп калат. Ошол абалда да жанынан өтүп бараткан кызыл кунажынга карап: «Бө!..» – деп өкүрүп коёт. Анда бирөө минтип сурайт:

– Ой, Күрөң, өмүр бою бир пада уйга бука болуп жүрбөдүң беле? Дагы эле арманың барбы? – деп...

– Арманым да, суранарым да бирөө,– дептир Күрөң,– мен өлгөн соң, теримди сыйрып алып, ушул кызыл кунажындын үстүнө бир пас болсо да жаап койгулачы...

Муну укканда Энезар каткырып күлгөн. Азыр өзүн ошо букага окшотуп, аябай бушайман тартып турду.

Ал камыш арасынан кайра келип, Салиманын жүзүнө тике карай албады. Салима жуунуп-таранып, күтүп турган экен, акырын унчукту:

– Мына, аба, жүз сомуңуз. Алыңыз. – Чалдын алдына узатты.

Чал чочуп кетип, келиндин жүзүнө тике карады:

– Ал эмне дегениң, карагым?

Салима жер тиктеп туруп айтты:

– Менин сизге өткөрүп койгонум бар беле,– деди келин табышмактуу.

– Ал үчүн сен айыптуу эмессиң, карагым!.. Өзүм айыптуумун... Бирок да өмүрүмдүн аягында сага окшогон сонун, дил билги жанга жолугуп калганыма ыраазымын. Сага рахмат, карагым. Акчаны зарыгып калганың үчүн, адамгерчилик үчүн эле берген элем. Бирок мен сенден өз жарым Бүбүкандын жаштыгын көрүп, эсим ооп кетиптир, чеки иш кылып койдум... Суранарым: мени кечирип кой да, акчаны сомкеңе сал. Мен ошондо ыраазы болом.

Салима акчаны дароо сумкасына салбай кыйылды:

– Жок дегенде жарымын кайра алыңызчы...

– Жок, айланайын! Ал сөз эмес... Мен өмүр бою адамдарга ажат ачып жүргөн адаммын дебедимби. Бул жолу деле ошентейин дегенмин, бирок акылымды шайтан аралап, танти ишиме өзүм кылыч шилтеп албадымбы...

– Ал эмне дегениңиз? – Салима түшүнө койбоду.

– Анын аки-чүкүсүн сурабай эле кой, карагым. Эң башкысы – мунун баарына сен эмес, менин карылыгым айыптуу.

Карылыгымды мойнума албай жүргөн жаңылыштыгым айыптуу.

Күн тамчылай баштаганда гана алар күндүн көзүн кыбыладан чыккан кара булут алда качан тосуп калганын байкашты.

– Мен кетейин,– деп шашты Салима.

– Кет-кет,– деп көңүлсүз коштоду чал.

Ушул учурда жогортон автобус келатканын көрүштү.

– Тигүүчү болуп иштей баштагандагы алгачкы айлыктарымдын бирин сизге алып келем,– деди Салима, заматта мөгдөй түшкөнү байкалган чалдын жүзүнө аяныч менен тиктеп.

– Антпей эле кой, карагым. Ал акчаларды мен көрүмө алып кетмек белем...

Салима автобуска шамдагай чыкты да, эшик жабылганча:

– Аба, мен сөзсүз кайтарып берем... – дегенге үлгүрдү.

Чал сөз айтпай, карт башын калдаңдата ийкеди, анан автобустун карааны көздөн үзүлгөнчө, шалдайып тиктеп турду. Ошол автобус менен кошо бир нече саат илгери көөдөнүн тиреген күч-кубаты, үмүт-ишеними да түбөлүккө кеткенсиди, чалдын ички дүйнөсү аңгырап бош калды...

Чал артына бурулуп, баягысындай шагдам басам деп, темтеңдеп кетти, муундары бошонуп, шилтенген кадамдары өзүнө баш бербегенсийт. Чал какыр сайдан өтө бергенде, кыбыладан соккон шамал күчөп, жол боюндагы жаш теректерди келиндей жүгүнтөт, жамгыр суу сепкендей бетке урат. Жамгыр тамчылары чалдын жылтыр маңдайы ылдый шорголоп, сакалы ылдый куюлат: бир карасаң жамгыр тамчысына окшосо, бир карасаң чалдын

бет жайган көз жашы болуп да туюлат... Чал айлана дүйнөдөгү эч нерсеге көңүл бурбай, алыска көз таштаган калыбында баратат, ошон үчүн кээде өңдү-дөңдү басып алып, темтеңдеп кетет. Колтугундагы каптарынын бирин «кошмок» кылып жамынып алса, жамгырды тоотмок эмес, бирок ал аны да жасаган жок. Көп өтпөй жамгыр мөндүргө айланды, чымчыктын тумшугундай томолок мөндүрлөр чалдын жылтыр чекесине «акак» этип тийип, кайра ыргып кетет. Чокусуна бир мөндүр тийген кээ бир чымчыктар, теректин башынан жерге кулап түшүшүп, жанталаша тыпырап жатышат. Эзелтен жан-жаныбарга боорукер Энезар чалдын көңүлү бу жолу аларга да түшкөн жок, таптакыр дүлөй болгондой, акыл-эсинен биротоло ажырап калгансып баратты...

Эшегин кыдыңдата, жолдун тиги өйүзү менен мөндүрдөн качып келаткан курбусу Молдокул чоң сакал үнүнүн баарынча кыйкырды:

– Ээй, Энезар! Базардан кайттыңбы? Эмне арзан да, эмне кымбат?.. Мага алып келаткан базарлыгың кана?

Бирок Энезар азилкеч курбусуна кылчайган да жок, бир ооз сөз менен жооп да берген жок... өз жолун узатып кете берди.

– Капырай, бу соо эмес,– деди Молдокул чоң сакал эшегин теминип, – акылынан ажыраганбы, же илгерки адатынча бир шише ичип алганбы?..

Энезар өз үйүнө күүгүм талаш келди да, аң-таң туруп калды, анткени алпештеген байтүп тереги баярактагы шамалда кош кучак жеткис белинен карс үзүлүп, эшигин торой сулап жыгылып калган экен... Чал бир топко чейин кадап койгондой кыймылсыз турду. Теректин чорт үзүлгөн белинен сапсары чириндиси куюлуп жатат, ичи көңдөйлөнүп бүткөн экен. Бирок чал түк минтип ойлогон эмес, сырткы калдайган түрүн көрүп эле «дагы да жүз жылга чыдар» деп сыймыктана турган, бирок мезгил деген өжөр нерсе өз ишин иштеген тура. «Кайран тере-

гим» деп улутуна күңгүрөдү, бирок анын үнү көөдөнүнөн бири чыккан жок...

Кечки күүгүм улам коюуланып, бейпил кыштак көөдөй түндүн кучагына матырылып баратты. Чал үйүнө кирди да, негедир, электр чырагын да жакпай, суу кийимин да чечпей, төрдөгү чарпаясына чалкасынан жатты. Үй ичи жымжырт. Сыртка карай ачык калган терезесинен кечки салкын жел жортот. Тээ алыскы тоо артынан жарк-журк эткен чагылгандын оту асманды болор-болбос жарып, анын күлдүр-шалдыры кулак учуна араң чалынат.

Чал кечээ түнү уктай албай жатканында башына эсепсиз көп ойлор келип, анын жашоого ышкысын шыктандырган: «Картошка, сабизди бүт сатсам, пул кылсам... А кышы менен кургаткан өрүгүмдү сатып эрмек кылам... Анан, анан... – деген зор үмүттүү жыйынтыкка келип, ылайык-кабыл бир ургаачы табылса үйлөнсөм...» Ал эми бүгүн болсо, ал жүрөк ысыткан максаттары тээ тоо арасына сиңе, алыстап бараткан чагылгангандын шарпасы сыңары улам алыстап, көңүлүнүн тээ унут болгон терең дүйнөсүнө чөгүп кеткен сыяктанат.

Чалды кандайдыр бир мемиреткен таттуу тынчтык кучагына тартып баратты... Бу уйку менен соолуктун аралыгындагы жумшак жагымдуулук эле.

...Чоң сакал Молдокул карыя үрүң-бараңда туруп намазга жуунуп жатып, кошунасы Энезардын чоң терегинин жыгылганын көрдү. Бул убакта Энезар да жуунганы чыгып калчу эле, бу жолу анын жоктугуна кооптоно, анын эшигине барып, акырын үн салды:

– Энезар!.. Ээ, Энезар!..

Энезар адатынча «А!» деп жооп берген жок.

Кексе Молдокул кооптуу басып, Энезардын эшигине башбакты. Энезар чалкасынан түшүп, чарпаясында жатат: эки көзү ачылган бойдон шып тиктеп, оозу да ачылган бойдон... Молдокул чал Энезардын казаты жеткенин

көрдү да, алаканы менен ачык көздөрүн ушалап жумдуруп, ак жоолук менен жаагын таңып, жайсыз жаткан буту-колдорун түздөдү... Анан сыртка чыгып Энезардын пендечилик кылганын элге кабарлады.

Жаш-кары дебей бат эле чогулушту.

– Ой, кеээ эле базарга баратканын көрбөдүм беле?

– А мен кечинде базардан кайтканын көргөмүн...

– Ырас эле, бу кандай ?.. – деп бирөө күмөнсүдү.

– Ээ, балдар,– деди чоң сакал Молдокул кары ойлуу жер тиктеп, – элибизде: «Туулдум – өлдүм» деген кеп бар. Туулган жан өлөт да. Тирүүлүктүн акыркы чеги – өлүм... Жарык дүйнө ошондой жаралган. Анда таң кала турган эч нерсе жок.

– Аныңыз ырас, Молдокул аба,– деди арык жигит, устара менен тарачтап алдырган көк башын кашылай, ойлуу жер тиктеп,– Энезар абамын оору-сыркоосу деле жоктой болучу. Шагдам басып, тиричилигине жүгүрүп жүрчү эмес беле дейм да...

Молдокул чал ойлонуп туруп, анан жай сүйлөдү:

– Ырас, адам оорудан өлөт. Кокустуктан да өлөт.. – Чал дагы ойлонуп калып, анан улады сөзүн. – Кээде адам үмүт-максатынан бүт ажырап, алдынан жакшылыктуу эч нерсе болжой албай калганда – үмүтү үзүлгөндө да мүрт өлөт... Ким билет, Энезардын иман-жанында да, балким, ошондой бир адисе болгондур. Ал жагын эми кудай өзү билет.

Адамдар тунжурап, үнсүз жер караштты. Дагы эле алиги жигит бул сөздөргө ыкрал болбогондой, күңкүлдөп койду, анын сөздөрү угулган жок.

– Кыскасы,– деп Молдокул чал баарын жыйынтыктагандай сүйлөдү,– дүйнөгө түркүк болуп, өлбөй калган адам дегеле болбойт. Кеп – кимдин кандайча жашап өткөндүгүндө. Энезар болсо, ак жашап адилет сүйлөп, ак мээнети менен жан багып өттү. Ырас, пенде болгон соң, кээде жаза баскандыр, жаңылып сүйлөгөндүр, бирок

анын түпкү ниети ак адам болгон. Демек, анын жаткан жери жайлуу болсун, топурагы торко болсун...

Адамдар тунжурап ойлуу турушат.

Энезардын жакындарына шашылыш чабармандар жиберишти. Анын сөөгүн үйүндө бир күн түнөтүшүп, эртеси салт-санаа менен топуракка узатышты. Кыштак өз көркү болгон байтүп теректен да, дал ошол байтүп теректей салабаттуу адамы болгон Энезар чалдан да түбөлүккө ажырады... А турмуш болсо, агымынан жазбай улана берди.

* * *

Каардуу кыш өтүп, жадыраган жаз келди. Энезар чалдын мүрзөсүнүн үстүндөгү боз топуракка алгачкы жолу чым чыгып, жаш көгала балык көздөнгөн майда гүлдөрүн ачты. Салкын жел жортуп, шибер чөптү сеңселтет. Чоң сакал Молдокул абышка күн сайын багымдат намазын окуган соң, капталдай басып көрүстөнгө барат да, Энезардын мүрзөсүнө ойлуу токтолот. Анан жай отуруп, күңгүрөнө куран окуп, бата тартат. Ошондон соң чал үксүйүп ойлуу отурат: өткөн өмүрүн эске алат, эми өзү да Энезардын артынан кетерин ойлойт... Өз жакындары да Энезардын уул-кызына окшоп, келсе келип, келбесе жок – унутуп калышарына өкүнөт.

Салима аттуу бир бейтааныш келиндин келип кетиши Молдокул чалды күтүүсүз ойлорго арлаштырып кетти...

– Энезар абамын мүрзөсү кайсы? – деп жамбаштап жаткан Молдокулдун артынан келип калган кызыл жүз толмоч келин.

– Мына бул,– деп көк чөптүү дөбөчөнү көрсөттү. Келин дөбөчөнү тиктеп, көпкө чейин ойлуу туруп калды да, анан мусулман салты эсине түштүбү, кантсе да чалдын куран окуп коюусун өтүндү. Куран окулуп, бата тартылган соң, Молдокул чал бу келиндин, же жанындагы москоол кара жигиттин Энезарга жакындыгы бар

экенин сурады. Келин жай сүйлөп, эч кандай туугандык байланыштары болбогондугун, кокустан сапарда жолугушуп калып, кыйналган шартта Энезар чалдын жардамын көргөндүгүн жашырбай айтты.

– Ырас, ишенем, ишенем,– деп чал жер тиктеген калыбында баш ийкеди. – Энезар өмүр бою кимге болбосун жакшылык кылып, «ажат ачып» жүргөн адамдардан болучу…

Келин окуусун ийгиликтүү бүтүп, азыр өз колхозунун тиричилик жактан тейлөө комбинатында тигүүчү болуп иштеп жатканын, жанындагы москоол жигит механизатор экенин, жакында экөө баш кошушканын да сөз арасына кыстара кетти.

– Энезар абанын каза таап калгандыгын угуп чыдай албадым. Болбосо өз колум менен ак жегде, ак допу тиге келип, анан акчасын да бере кетейин деп жүргөн элем. Бирок…

– Бали-бали, карагым… – деди чал башын ийкеңдетип,– жакшылыкты унутпаганың абдан жакшы. Бул – адамгерчилик милдетиң.

Чал анан Энезар чалдын кантип, кандай өлгөнүн терип-тепчип айтып берди.

– Дал ошо картошка, сабизин базарга сатып, бороонмөндүргө калып келген күнү кечинде… – деп тактады.

Салиманын жүрөгү негедир кысылды. «Чалдын өлүмүнө мен себепчи болуп калганым жокпу?..» деген бир күтүүсүз ой аң-сезиминин тээ түпкүрүндө жылт этип өттү. «Акчасычы?..» деп дагы толгонду.

– Ошо жүз сом акчасын сизге берип кетейин, аба. Маркумдун арбагына багыштап, куран-муран окутуп коёрсуз…

Молдокул чал көпкө ойлуу отуруп, анан сакалын силкилдете, башын чайкады:

– Жок, карагым, адамгерчиликтин салтында андай болууга тийиш эмес. «Кел бер» деп алып алсам, ал күнөө иш болот.

– Менчи? Мага ошондой болуп жатпайбы?..

– Жок, – деди чал ишенимдүү,– сен антпейсиң, себеби, сага Энезар өз ыкласы менен берген. Сенин ажатыңы ачкан – адамгерчилик иш кылган. Сооп иш кылган...

– Эмне, мен тымпыйып эле кала беришим керекпи?

– Жок, антпе! Сен да башкаларга жакшылык кыл, ажатын ач. Адамгерчилик деген ошо болот, балам. Муну ар бир акыл-эси жайында адам парзим деп билиши керек...

Салима ичтен жеңилдене түштү, анын кыялы ар убак өзүн кыйнаган тар ойлордун алкагынан нарылап, алда канча бийик, чексиз мейкиндиктерге чыгып кеткенсиди...

Мейкин талаадагы асфальт жолдо катуу ылдамдык менен кетип бараткан мотоцикл Молдокул чалдын курчу качкан көзүнө жерпастап учуп бараткан карганын сыңары араң-араң илинет. «Менин мүрзөмү издеп келер бейтааныш адамдар болор бекен?» деген күтүүсүз ой көк чөпкө жамбаштап жаткан чалдын көңүлүн бийлеп турду.

Мотоциклге учкашкан Салима москоол эрин бек кучактаган. Ылдамдыктын ушунчалык күчтүүлүгүнөн улам, анын кулагынан шамал ышкырат.

## КҮТҮҮ

*(аңгеме)*

*«Көк көйнөктүн көгү кетсе да,*
*Көкүрөктүн дагы кетпейт»*
**Эл макалы**

*Советтер Союзунун Баатыры Тукубай Тайгараевдин энеси – Лайли эненин жаркын эстелигине арнаймын.*
**Автор**

Таң агарып, бөлмөгө бозомук жарык киргенде эне төшөгүнөн араң баш көтөрдү да, калтаңдаган ак чачтуу

башын саал токтотуп, үй ичин тыңшады, эч кандай шарпаа угулган жок. Анан сөөгү гана калган сөңгөктөй арык денесин шагдам алып өйдө турду да, кабыргадай эңиш тарта басып, бет маңдайындагы эшиги ачык турган бөлмөгө кирди: терезе түбүндөгү жыгач чарпаяга кечинде өзү салган төшөгүнө уулу келип жатпаптыр, ак шейшептелген төшөктүн бир чети кайра ташталган бойдон, пар жаздыгы да басылбай, домпойгон абалда турат. Эне төшөктү беттей жакын келип, аны тиктеген абалда бир топко чейин тунжурап ойлуу турду, кесесине терең баткан жүлжүгүй көздөрү кыбың-кыбың ирмелип, этинен алда качан ажыраган мом түспөлдүү жаак териси дир-дир кыймылдайт. Терең көңүлүндө: «Келбептир...» деди да, өкүнүчтүү улутунуп, сыртка карай басты.

Таң аппак атып калса да көчөдө эч ким жок. Кыштактын туш-тушунан чуу түшүп, кыйкырган короздордун чакырыгы иретсиз угулат. Энени көрөр замат бастырманын астында күшүлдөп кепшеп жаткан күрөң уй козголуп, туяктарын кычырата ордунан турду. Кемпир күрөңү менен адамча сүйлөшүп кобурады:

– О кудай алгыр, күрөң. Кардың ачып, ичиң эңшерилип калдыбы? Тура тур, бети-колумду жубайын.

Эне абдестедеги суу менен бети-колун чайкады. Анан бийик текчедеги чараны алып, күрөңдүн астына койду, анда кечке жуук өзү уютуп койгон кебек, нандын ушак-күйүктөрү бар эле. Уй мурдун быш-быш эттире жей баштады. Эне торпогун салып ийитип, сөөгү калган арык колдору талыганча саады. Кемпир сүтүн казанга куюп, астына от жакты. Плитанын экинчи көзүнө чай койду.

Сүтүн бышырып, чайын ичип бүткөндө, сырттан падачынын оңкулдап кыйкырган үнү угулду.

– О кокуй, күрөңдү падага кошоюн...

Кемпир адырга көздөй узап бараткан паданын артынан курчу качкан көздөрү талыганча карап турду. Анан үйүнө кирип, түндө келип жатпай калган уулунун төшө-

гүнүн жанына барды: кабыргадай эңиш тарткан бойдон ойлуу туруп, анан терең өкүнүч менен күңкүлдөдү:

– Бүгүн түнү да кайткан эмес экен...

Кемпир уулунун төшөгүн аспияттап бүктөп, төрдөгү текчеге жыйды да, кечинде кайрадан салып коёрун эстеди. «Шейшеби кирдеп калбады бекен?» деген ойго келип, кайрадан кармалап көрдү. – Жок, таптаза бойдон экен. – Жакында эле жууган... Бирок ак шейшептин өңү саргыч тарта өчүп баратканын байкады. «Бүгүн жаңы шейшеп каптап коёюнчу, – өзүнө өзү убада берди. – Кокус уулум бүгүн келип калса, эски шейшепке жатпасынчы»...

Кемпир бүгүн гана ушинтип төшөк салып, бирок уулу түндө кайтпай калып, эртең менен кайра төшөгүн жыйып отурган жок. Ал мындай зор үмүттүү күтүүнү кырк жылдан бери башынан кечирет, «бүгүн түнү уулум кайтып калышы мүмкүн» деп уулунун чарпаясына аспияттап төшөк салат, бирок уулу кайтпай калат, эртең менен төшөгүн өкүнүч менен кайра жыят.

Эненин уулу эч качан кайтпайт. Анткени анын уулу Карабай – олбуру чоң кара жигит 1944-жылы жайындагы катуу согуштарда курман болгон. Балтика жеринде түбөлүккө калып калган...

Уулунун өлгөнүн эне өз учурунда эле уккан, эл чогулуп, салт боюнча өкүрүп-ыйлап, кошуп угузушкан, тилабат-куран окутушкан. Кийин эне «кара кагазын» да, андан соң көп документтерин да өз колуна алган, көздөрүнөн тунук жашын көл-шал кылып салт боюнча ыйлаган да. Бирок акылы ага ишенсе да, энелик жүрөгү түк ишенбей койгон, үмүтү кайра уланып, кайрадан жандана берген. Анысы үздүксүз кайталана берүүдөн улам, ички дүйнөсүнүн кебелбес чындыгына айланып кеткен... Минтишке дагы бир себеп: кошунасы Алжанбайдын уулу Касымдын да согуштун биринчи жылдарында «өлдү» деген «кара кагаз» келген, бирок бир жылдан кийин эле Касым тирүү кайткан. Башына ок тийип, акыл-эси саал

кыйшайып калган – ал ушул күнгө чейин мында. Эне күрөң уюнун сүтүн өзү ичейин деп кастарлап саабайт. Ошо Касымга берет, кээде айран уютуп да берет, өз уулу Карабайына бергендей болот.

«Мына,– дейт кемпир үмүтүн бутактантып,– Касымды өлдү деп угузушуп, ата-энеси бир жылдап боздошподу беле?.. Тигил айылдан Айтандын баласычы?.. Ал да келип калбадыбы. Болбосо аны да өлүптүр деп угузушкан. Демек, менин Карабайым деле келип калат. Ал менин жападан-жалгыз уулум эмеспи. Басмачылардын колунан каза тапкан менин Маржанкулумун артында калган жалгыз туяк да. Жоок. Карабайым келет, менин жалгызымды кудай өзү даргөөсүндө калкалайт. Кантип эле менин жалгыз уулума калыстык кылбасын?..»

Карабайды угузганда эл аябай күтүрөп таңданышып:

– Уулуңуз баатыр болуп өлүптүр. Эрдик көрсөтүптүр!.. Бали, азамат, бали! – дешип энтигишти.

– Ооба, ооба,– деген эне сөзгө сыймыктана,– менин уулум ошондой болчу. Бала чагында эле тайманбас эле, эч нерседен коркуучу эмес. Бир жолу токойдо адашып кетип, ошондо түнөп кала берген. Биз таң атканча уктабай жүгүргөнбүз, издегенбиз. Карабайым эртең менен өзү келген, «түк коркконум жок. Чоң түп жаңгактын коңулуна кирип жатып алдым» деген.

Адамдар ичтен кейип турушса да, кемпирдин жүрөгүн бир пас болсо да катуу жаралабас үчүн, ал бир паска болсо да кайгысын унута турсун үчүн сүйөмөлөшкөн.

– Баатырдык көрсөтүптүр. Баатыр болуптур...

– Ооба, анын баатыр экенине мен ишенчүмүн.

«Баатыр» деген сөзгө кемпир өзгөчө маани бербей эле сүйлөп жатты, анткени анда ар бир жоокерден келген «Кара кагазда» баатырдык менен курман болду. Мекен алдында ыйык милдетин аткарды» деп жазылчу. Эл чогулуп, уулунун өлгөнүн мактоо сөздөр менен чуулдап жатышса, кемпирдин жүрөгү ылдамдап согуп, көөдөнүнө

сыймыктануу толуп, анын үмүтүн ого бетер тутандырып, уулунун тирүүлүгүнө ишенимин дагы бекемдей берди... Жалгыз уулунунун өлүмүн мындай бир жактуу, үстүртөн кабыл алып жатса, «Эненин акыл-эси жайында болбошу мүмкүн...» деп кээ бирлер күмөнсүбөй да коюшкан эмес. Жок! Эненин акыл-эси мурда да, кийин да, терең карылыкка жеткен чагында да жайында болгон. Айлындагылар аны атынан айтып, «баланча эне» дешкендей, тим эле урматтап «Эне» деп кайрылышат. Андан улам, эненин өз аты ким экендигин жашыраак балдар турсун, өспүрүмдөр, жаңы келген келин-кесектер түк билишпейт.

«Эне бүлкүлдөп үйүнөн чыкпаган бир бечара маңыроолордон болсо керек» деп да ойлошоору мүмкүн айрымдар. Жоок!.. Эне тынчыбаган эмгекчил адам: жашы алтымыштарга такап барып калганга чейин колхоз жумушунан кол үзгөн эмес. Кийинчерээк пенсияга чыгарган соң, бригадирлер: «Эне, эми сиз ишке чыкпай эле коюңуз. Пенсияга чыктыңыз, андан калса, баатырдын энесисиз, баатырды тарбиялаган энесиз» деген алар тамашага чалышып. Уулунун газеталарга, китептерге чыккан сүрөттөрүн көрсөтүшөт: уулу каска кийип, автоматын көкүрөгүнө туура кармап турат. Мында эненин каңырыгы түтөп, уулунун өлүмүн моюнга алып, тагдырына таң берүү ордуна эрксиз агып кеткен көз жашын сүртүп, кайратын жыят, кайра ого бетер уулунун келип калаарына болгон ишеними, үмүт ташып чыгат. «Мына, уулуму эл унуткан эмес экен. Анын сүрөтүн тартып алышкан тура. Демек, ал тирүү экен да. Болбосо өлүп кеткен киши менен кимдин иши болмок?.. Уулум тирүү... Көңүлүм ишенип турат, кудай өзү жар болсун, уулум бир күнү жарк этип келип калат...»

– Уулум келип калат,– дейт башкалардын «өлдү» деген суук сөзүн дагы бир жолу уккусу келбей. – Кудай жар болсун...

Адамдын жандуу үмүтүн көрүп туруп, ага балта чабуу кыйын эмеспи. Андан калса, кыргыздын салты боюнча

жаман болсо да жакшылыкка жоруп коюу парз катары эсептелет.

– Ылайым келип калсын, келип калар,– дешет адамдар аяныч менен.

– Ошентет, келип калат, – кемпир кыйла жандана, жеңилдене түшөт.

Эненин көп жылдар бою өзүн алаксыткан эрмеги: кыш күндөрүндө бир уюу менен бир торпогу болсо, жай күндөрү тамарка жерине эгип алган эгин-тегини болот. Анда эмнелер гана жок: биртке картошка, биртке сабиз, биртке пияз эгип алганы мындай турсун, буркураган жыттуу райкандан тарта, ачкыл жыттуу сарымсакка чейин бар. Эрте жазда мектеп балдары жерин күрөктөп тээп беришет. Эне өзү арыктын суусун жыга тартып сугарат, отойт-бутайт, иши кылып, керели-кечке ичинде жүрөт. Ал түк зерикпейт да, чарчабайт да. Анын себеби бул мезгилдерде бүткүл акыл-эси, кыялы, максаттары, үмүттөрү өзүнүн терең ички дүйнөсүнө түшүп кетет: бул түшүмдү кантип жыйып алам, уулум келсе кандай даамдуу тамак жасап берем деп ойлойт.

– Иче гой, айланайын иче гой. Бир кесе оокат уул балага урпак болмок беле, дагы бир кесе ич...

Эне кадимкидей күбүрөп сүйлөп жибергенин да билбей калат. Өз үнүнөн өзү чочуп, селт эте баш көтөрөт: бет маңдайында уулу Карабай турсун, башка да эч ким жок. Кемпир ичтен каңырыгын түтөтө, өз ишине кайра киришет.

Бир күнү үй жагынан шаңк этип үн угулду.

– Апа!..

Эне кылчайып артына карап, арык боюнда турган шинелчен уулу Карабайды көрдү, аппак тиштерин кашкайта, кадимкисиндей күлүп турат. Кучагын жайган бойдон каткырат:

– Апа!.. Мен Карабаймын. Мен келип калбадымбы!.. Сени сагындым, апа!.. Келчи, аппак чачыңдан жыттайын!.. Айланайын апа...

Эне чаңырып ордунан тура, картошканын арык-чөнөгүнө чалына, уулун көздөй жүгүрдү. Кучагын жаза кыйкырып, бек кучактап каларда тиги уулу эмес эле галдиктеп койгон тал экенин көрүп, эки бетин басып, буркурап ыйлап, арыктын жээгинде отуруп калды...

Минтип көзүнө бир нерселер көрүнө берүү эненин турмушунда көп кайталанчу болду, өзгөчө түнкүсүн көп болот. Эшиги тарсылдап кагылып, уулу Карабайдын тааныш үнү даана угулат:

– Апа!.. Апа, барсыңбы? Мен уулуң Карабаймын. Келип калдым. Ач!..

– Карабай, Карабай? Келип калдыңбы, айланайын уулум!..

Эне үстүнөн төшөгүн сыйрып ыргыта, аппак чачына жоолугун жаба салууга да үлгүрбөй, сыртка жүгүрүп чыгат.

– Карабай!.. Эми келдиңби? Зарыктырдың го?..

Сыртта эч ким жок. Түнкү кыштак мемиреп уктап жатат. Ар кай жерден арсылдап иттер үрөт.

Эне буркурап ыйлап үйүнө кирип, төшөгүнүн үстүндө отурат да, кирпиктүү көзүн какпай таң атырат. Бүткүл өмүрүн бир бирден көз алдынан өткөрөт: Эне анда Муса деген бир кедейдин Лайликан деген кызы эле. Атасы бир байдын чейреккери болуп иштечү. Пахта, шалы, күнжүт, зыгыр экчү. Бай аны кайра иштетип күрүчүн сатып, майын сатып, байлыгын арттырчу. Чейреккер дегени менен, ачкөз бай ага түшүмдүн чейрегин берчү эмес. «Ашымы ичкенсиң, нанымы жегенсиң, жайытымдан чөп оргонсуң, токоюмдан отун алгансың, алышымдан суу ичкенсиң» деп барымталап кармап алып, колуна болор-болбос эгин берген. Анысы кыш башында түгөнүп, кайрадан байдан коогалап алып, эгин бышканга чейин карызы кайра башынан ашып кете турган...

Маржанкул деген кара мурут жигит да атасы менен ошо жерде иштешип, эрте-кечте үйлөрүнө келип калар

эле. Уялчаак көрүнгөн бул жигит көз кыйыгы менен астыртан бойго жетип калган Лайлини сырдуу тиктечү.

Экөөнүн жылдызы кошулгансып калса да, баш кошууга шарты болгон жок. Маржанкул үй-жайдан айланабы, андагылардын сөзү менен айтканда «Кара курсагы үчүн иштеп жүргөн бир зөөкүр» эле. Бирок турмушка мамилеси жетик көрүнчү. Ошон үчүн кеңеш өкмөтү жеңген соң, шаардагы аскер гарнизонуна барып, ат багар болуп ишке кирди. Лайликанды да ошол жакка алып кетти. Экөө аткананын бир бурчуна шалча калап, ошол жерде күн өткөрүшсө да, өздөрүн чыныгы бактылуу сезип жүрүштү.

Бул учурлар унутулган эски ырдын обонундай эненин жүрөгүнө жагымдуулук чакырса да, көңүлүн биротоло байлап токтото албайт. Анын көңүлүн жылдырбай токтотор нерсе – уулунун төрөлүшү... Жаш неме уулун абдан кыйналып төрөгөн, кызыл командирдин доктур аялы жардам берген, «доктурсуз майып болуп калмак экенсиң. Уулуңдун салмагы төрт жарым кило экен...» дешкен. Маржанкул байкуш болсо сүйүнгөнүнөн көзүнө жаш алып, «Айланайын Манасым... – деп силкилдеткен, ымыркай уулун колуна алып... – Манасым... Семетейим...»

Эненин көз алдына азыр балкыйган эткел уулун алдына туура кучактап, эмчегин оозуна салганда, былкылдата тетик соргонун, бүткүл денеси чымырап кеткенин дал ошондогусундай сезет, элестейт. Кемпирдин алда качан шырдан болуп солуп, териси гана калган эмчектери да дал ошондогусундай зыркырап кетет...

Кийин басмачылар чабуул коюп, эри Маржанкулду өлтүрүп кетишкенин, ымыркай баласын көтөрө, түн ичинде айлына качканын эсине түшүрүп, өзүн кайрадан кайгыга салгысы келбейт. Эне таң атканча төшөгүнүн үстүндө ыйлап отурат. Минтип чөгүңкү абал бийлеп кеткенде, эртең менен жакынкы мектепке барат. Муга-

лимдер да, мектеп окуучулары да Энени жылуу тосуп алышат, мугалим келиндер Эненин арык шылбыраган бетинен өбүшөт, эркек мугалимдер арык шуудураган колун кысышат.

– Эне…

– Эне! – дешип окуучу кыздар менен балдар чуулдашат. Кемпир алардын далайынын маңдайынан өөп, чачтарынан сылайт. Анан тааныш класска кирүүгө ашыгат, анда өз уулу Карабай отурган партасы бар. Сары жезге жазылган Карабайдын аты-жөнү партанын бетине кадалып коюлган. Биерге эң жакшы окуган окуучуну отургузушат мугалимдер. Ар бир окуучу үчүн партага отуруу – сыймык. Андыктан ага баары аракеттенишет.

Эне бир кезде өз уулу Карабай отурган партадагы баланы бек кучактап, көкүрөгүнө кысып, маңдайынан, эки бетинен өбөт, баланын балапан жытын сезет, өз уулу Карабайдын ушул баладай чагындагы жытын сезет. Эненин көздөрү ымыр-чымыр болуп алдырай түшөт да отуруп калат, мугалимдер колтуктап тургузушуп, сыртка карата сүйөп жөнөшөт да, ал-жайын сурамжыламыш болушуп жооткотушат, алаксытышат… Эненин көңүлү чөккөндө мектепти карай жөнөшүнүн дагы бир башка терең сырдуу себеби бар: ал ушул мектептин мугалимасы Сагыйпаны көрүү. Сагыйпа дал ошол класста, бир кезде Карабай окуган класста мугалим болуп иштейт. Өзү да Карабай менен классташ болгон. Ал турсун экөөнүн көңүлдөрү жакын эле, үйлөнүүгө да ниеттери болгон. Мунун баарын эне ошондо эле жакшы билчү…

Карабай согуштан кайтпай калган соң, ошол жердик бирөөгө турмушка чыгып, бала-чакалуу болгон, ал турсун чачына ак кирип, кемпир болууга бет алып баратат. А уулу Карабайды жаш жигит бойдон элестетет. Эне… Сагыйпа Эненин бул сырларын жакшы билет. Ошон үчүн жүрөгүн сыздатып ооруткан өкүнүч менен энени үйүнө чейин узатып коёт. Аны-муну айтып, көңүлүн көтөрмөлөйт.

Сагыйпа кеткен соң кемпир көпкө чейин өз үйүндө ойлуу отурат. Сагыйпа төрөгөн уул-кыздар өз неберелери болбой калганын, аларды өз колдору менен чоңойтуп, өз көңүлү менен сүйүнтүп өстүрбөй калганын жүрөк өйүгөн өкүнүч менен эсине алат. Кемпирдин ою андан да нары тереңдейт. Эри Маржанкул экөөнүн канын уланткан Карабай уулунан уул-кыз төрөлбөй, андан улам өзүнүн каны токтолуп калганын жан ооруткан кайгыруу менен мойнуна алат. Көз жашы каканактайт, алда кимдидир каргап, арык денесинин тарамыштары таш болуп түйүлүп калат. Көөдөнүн кыскан күчтүү өкүнүч, арманын, кыйылган тилегин үн жетердей кыйкырык менен бүт ааламга жар салгысы келет. Ар бир адамдын, ар бир эненин кулагына кыйкырып айтып, өз арманына ишендиргиси келет. «Көзүңөрдү ачкыла, энелер!!! Биз уул-кыз төрөп, анан асыл үмүттөр менен өстүрүп, аягында апаат согушка жалматып жиберсек, да төрөлүүнүн маңызы не?! Эмне үчүн адамдар согуш чыгарышат?.. Эмне үчүн? Эмне үчүн!..»

Эне чыңырып ордунан тура калат. Бирок анын чыңыргын угар эч ким жок... Жүндүү көк дөбөтү гана уктап жаткан көңдөбөдөн баш көтөрүп, анан саңсаңдап жүгүрүп келет да, дарбазанын түбүн шыкаалайт, кемпирдин ачуу үнүн аягандай, сапсайган куйругун булгалайт. Ушул учурда таң атып, радио тилге кирет, анда ааламды курмушудай куйкалап салар атомдук бомбалардын, калкты кыргынга дуушар кылар уу газдардын арбын даярдалып жатканы, ал ажал куралдарды жылдыздар арасында чыгаруу аракеттери кызуу жүргүзүлүп жаткандыгы айтылат.

Эне өзүн өзү көптө барып колго алат. Анан тиричилигин эстеп, ордунан турат.

* * *

Германдык фашизмдин үстүнөн болгон Улуу Жеңиш биздин эл үчүн өтө кымбатка турбадыбы, жыйырма

миллион уул-кыздарыбыздын алтын өмүрлөрү кыйылды. Ошол баатыр уул-кыздарыбыздын ысымдарын түбөлүккө калтыруу боюнча өкмөтүбүз атайын чечим кабыл алган. Бул чечимдин чараларын ишке ашыруудан Эненин айылдаштары да четте калышкан жок: баатыр жердеши Карабайдын үй-музейин түзүү боюнча чечимге келишти. Эненин эшиги алдында таш орнотуп, пайдубал көтөрүшүп, кыпкызыл кыштан кыната алты бөлмө үйдүн курулушун баштап жиберишти.

Бирде түнөрүп чөгүп, бирде көз жашка айкалган Эненин көңүлү көлдөй чалкып көтөрүлүп кетти. «Э кудайга шүгүр, менин жалгызымды – жалгызым Карабайды элим унуткан эмес экен. Ага атап үй салып жатышат. Демек, ал тирүү. Тирүү адам үчүн гана үй салышат эмеспи... – Кемпир арык манжаларын шуудурата ушалап, кабыргадай эңиле, тиги бөлмөсүнө кирет, Карабайдын төшөк-жаздыктарын аңтарып карап, эскире баштагандарын сыйрып алып, жаңысы менен кайра каптайт.

Анан чарпаянын үстү жагына илинген уулунун каска кийген автоматты туура кармаган бирден бир сүрөтүн беттеп барат да, андан көз албай, көпкө чейин ойлуу туруп калат: сүрөт менен кадимкидей кобурап сүйлөшөт, аны күлүк кыялы бүтүндөй бийлеп алып, бүткүл акыл-эси менен кошо ошо жаңы дүйнөсүнө кирип кетет....

– Айланайын уулум, эми келгени жатканың абдан жакшы. Сенин келишиңди утурлап, эл-журтуң сага заңкайган ак үй салып жатышат. Эртелеп кел... Биз сени дагы зарыгып күтүп калбайлы. – Кемпир ак чүпүрөк менен сүрөттүн бетин аярлап аарчыйт, күңкүлдөп сүйлөшкөнүн дагы токтотпойт. – Сенин жолуңду күтө берип... күтө берип, менин да чачым куудай агарып карыдым. Сенин уул-кыздарыңды көрсөм дейм. Небере сүйсөм дейм. Биздин каныбыз токтоп калууга тийиш эмес да, жарым жолдо токтоп калууга тийиш эмес да. Адамзат көчү улана берет, анда биздин да үлүшүбүз

– тамчы каныбыз болууга тийиш да. Сен эртелеп кел, айланайын уулум. Тынч күндөрдө айыл кыздары көбөйдү: баары четтен сулуу, четтен билимдүү, бирин танда, айылдаштарың жок дешпейт. Күтүрөтүп-күтүрөтүп той өткөрөбүз. Сенин ак тоюңа деп көп жылдап пенсиямды чогулткам, тигине сандыктын тартмасында турат. Колуктуң экөөңөрдүн кийим кечеңер, алгачкы тиричилигиңер үчүн дегеле жетет. Эң башкысы: сен эртелеп келчи, айланайын, жалгызым... Тоюңду көрөйүн... Уул-кызыңды көтөрөйүн... – Үй-музейдин курулушу бүтүп, бирок ачылышы кармалып атты. Анткени экспонаттар али толуктала элек болучу, эң башкы экспонаттардын бири кемип аткан. Аны сурап Москвага жазышты... Москва аларга экинчи нуска жиберди.

Музей ачылар күнү райондон, коңшулаш колхоз-совхоздордон, дагы башка уюмдардан автобустар толо адамдар келишип, Энеге арнап ала келген белектерин тапшырып жатышты: бири кымбат жоолук, дагы бири ичик, дагы бири галош-маасы... дагы-дагы толуп жатат. Бирок бул чуулар куттуктоолор Эненин жүрөгүн жибите алган жок, анын көңүлү башка жакта – жаңы үйдүн бет маңдайындагы ак кездемеге оролгон нерседе... Эне үчүн ал өз уулу болуп туюлат: бала чактагы адатынча, ошол кездемени ороно калып, аны күлдүрүш үчүн атайлап жашынмак ойноп жатканга окшойт.

Күн көкөлөгөндө салтанаттуу чогулуш башталды: райондук жетекчилердин бири сөз сүйлөп, баатырдын баатырдыгы тууралуу толкундап айтты. Энени кучактап куттукташты... Бирок бул аракеттердин бири Эненин көңүлүнө түшсө, экинчиси түшкөн жок, эненин көңүлү алиги ак кездемеде – азыр эле ошол кездемени өз жүзүнөн сыйрып ыргытса, уулу Карабай: «Апаке!» деп кыйкырып чыга кала тургандай болот... Бир убакта кездемени да сыйрып жиберишти: башына каска кийип, автоматын көкүрөгүнө туура кармаган жоокердин күрөң

коло эстелиги көк чийип шаңдуу турду. Оркестр музыка ойноп, эл шатырата кол чаап жиберишти. А эне болсо, эмне кыларын билбей шалдая, таш болуп туруп калды – ал муну күткөн эмес эле, ал уулунун каткырыгы чыга калып, «апалап» кучак жаза жүгүрүп келишин күткөн, буткүл иман-жанын бийлеп алган учкул кыялында ошенткен...

– Эне!.. Уулуңуз келди!.. – деп кыйкырышты кыздар. – Баатыр уулуңуз Карабай келди... Тигине, караңыз!..

Эне акыл-эсинен ажырагандай, каткан бойдон кыймылсыз турду.

– Байбиче,– деди аксакал кары чал Энени колтуктап алып,– «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» деген кеп бар эмеспи элибизде... Эр жигит Мекен коргоп жоого аттанат. Ак сүтүн берген энеси, сүйгөн жары, бүткүл эли күтөт. Эр жигиттин башы кээде кайтат, кээде кайтпай калат. Өзү кайтпай тууган жердин топурагын жыттап калып калса да, анын атагы келет алыста. Тигине, сиздин азамат уулуңуз Карабайдын атагы келди. Сыймыктаныңыз!.. Сиз эмес, баарыбыз сыймыктанабыз!..

Эненин жука эриндери араң кыймылдап, шыбырап айтты:

– Бул таш ко... Коло го...

Эненин күйүткө толо жүрөгү үчүн азыркы минуталарда эч кандай даңк, эч кандай таш, эч кандай коло керек эмес эле, уулунун жандуу жүрөгү, ирмелип турган кирпиги керек эле. Эне үчүн бүт дүйнөгө алмашпас кымбаты – өз тирүү уулу эле.

Эне эч качан ыр курап, аны ырдап да көргөн жан эмес эле, бул жолу ал ички оргуган күйүттөн улам, бир нерселерди кобурап айтып да жиберди. Ал калтаарыган арык колдорун эстеликке карай созду, эненин үнү каргыл чыкты:

Айланайын-а каралдым, ботом,  
Атадан жалгыз-а жаралдың, ботом,

Алыска сапар узатып, ботом.
Ай-жылдап жолуң-а карадым, ботом.
Калың эл күтүп-а караптыр, ботом,
Керегиң элге жараптыр, ботом.
Ак жолуң болжоп-а мен жүрөм, ботом,
Атагың элге да тараптыр, ботом.
Элесиң көрүп-а сен дедим, ботом,
Энелеп бери да келбедиң, ботом.
Көрүнгөн тулкуң-а таш беле, ботом?..
Көзүмдөн агар-а жаш беле, ботом...

Эне эстеликке карай сенделектей кадам шилтеди. Аны эки аял колтуктай узатып басышты. Эне тепкичтер менен көтөрүлө, шинелинен бери чыккан уулунун тизесине калтыраган колунун алаканын койду, жай-жай жылдыра сылады... Анан шыбырап унчукту:

– Мупмуздак... Мупмуздак таш... мупмуздак коло...

Дал ушул ирмемде эненин көөдөнүндө ондогон жылдар бою жүрөгүнө от жагып жүргөн ишеним жиби түрс үзүлүп кеткенин эч ким байкаган жок. Эненин колу уулунун тизесинен тайып кеткенин гана көрүштү... Үстөмүнөн жыгылып бараткан энени араң кармап калышты.

Энени үйгө алып кирип, чарпаяга жаткырышты. Кемпир кечке жуук араң эсин жыйды. Бирок тилге келе алган жок. Алда нени айталбай, жүктөгү чоң чабаданын көрсөттү. Тургандар эч нерсеге түшүнө бербей, кызыл шалчага оролгон бокчону чечишти. Кээ бирлер «Кемпирдин бекиткен алтыны же кымбат таштары болсо керек» деп ойлошту. Ошон үчүн көз ирмебей тиктеп турушту. Эң эле көп жоолуктарга түйүлгөн түйүнчөктү ачышса, ичинен калдайган чоң китепче чыкты: китептин бетинде алтын буусу менен «Советтер Союзунун Баатыры» деп жазылган жазуу бадырайып окулуп турат. Ичин ачышып, «Сержант Маржанкулов Карабайга немецтик фашисттерге каршы күрөштөгү зор эрдиги үчүн берилди» деп жазылган экен.

Ушул документ табылбай, музейдин ачылышы кечиккен эле. Көрсө, эне муну дүйнөдөгү эң кымбат нерсеси катары аспияттап бекиткен экен да. Адамдар эмне дешерин билбей тунжурап турушту. Эне алсыз колун шилтеп, кызыл китепти алып, көкүрөгүнө койду, титиреген колдору менен акырын-акырын сылап жатты.

Бир ирмемде эненин арык колу төшөгүнө жансыз оонап түштү. Анан көздөрү да шыпты тиктеген бойдон саал жашылдана айнектенип, тынып калган эле...

## ЭСТЕЛИК АЛДЫНДА

*(аңгеме)*

Эстеликтер... Эстеликтер – өткөндүн күбөсү. Алар көп нерселерди тилсиз айтып турушат.

Журналисттик кесибим боюнча атайын командировкага аттанып, самолёт менен учсам да, кечигип келаттым. Көңүлүм элеп-желеп. Алкымымдан бир нерсе буула калгансыйт. Антишимдин жөнү бар: мен бул жерге жөн эле макала жазам деп келаткан эмесмин, көп жылдар илгери өз милдетимди өтөш үчүн жөнөп кеткен кыштагымды беттеп келатам. Өз уулумдун бүгүнкү курагындай чагымда өскөн мекенимди беттеп келатам. Ар бир жылга, ал турсун жол бойлоп шылдырап аккан тунук суулар да эсепсиз көп нерселерди эске салат. Азыркы келатышым эстеликтерге байланыштуу болгондуктан, оюмун чордонунда аскерге кеткендер: аларды чаңдуу жолдо көпкө чейин узатып барып, көз жаш менен кол булгап кала бергенбиз. Мен элди жиреп барып токтодум. Мен тааныган кара мурут сельсовет митинг ачып, экинчи бирөөгө сөз берип жаткан экен. Сөз алган кишинин жүзү көзүмө илинүү менен, ким экенин ажыратканымча,

бийик үнү кулагыма шак дей түштү. Чөнтөк дептеримди сууруп чыгып, анын негизги ойлорун кагаз бетине түшүрө баштадым.

Ак жүздүү ал адам шаңшыган бүркүттөй эркин сүйлөп жатты. Баятан жүрөгүм оолугуп тургандыктанбы, тигинин таасирдүү сөздөрү делебемди көтөрүп кетип жатты.

– Ким бу? – дедим оозун ачкан чоң тебетейчен кишини нукуп.

– Раис,– деди ал.

Мен раистин сөзүн кунт коюу менен уктум. Анын сөздөрү абдан көтөрүңкү, абдан таасирдүү чыгып жатты.

– Баатырлардын Ата Мекенибиздин топурагына тамган ар бир тамчы каны текке кеткен жок. Ал – бүгүнкү биздин бактыбыз, бүгүнкү биздин өзгөргөн айыл-кыштагыбыз, бүгүнкү биздин өсүп-өнүп келе жаткан бала-чакаларыбыз. – Ал бир кынамда жазбай сүйлөйт. – Советтик жоокерлер өз өмүрлөрүн кыйып, эл-жерибизди гана коргоп калышпастан, дүйнөдөгү биринчи советтик мамлекетти, баарыдан мурда социалисттик системаны коргоп калышты. Мына ошондуктан биздин баатырлардын, каны ыйык…

Эл чук этпей дымып калган.

– Көздөрүнөн жаш каканактаган тигил энелер, кайраттуу ак сакал аталар,– деди раис колун карылар жакка жаңсай берип,– сиздер сыймыктанууга акылуусуздар! Сиздердин уулдардын аттары биздин өкмөтүбүз менен партиябыздын тарыхында алтын тамгалар менен жазылып калган. Партия бизди ушундай ак кызмат кылууга үйрөтөт. Биз, советтик граждандар, родина алдындагы ыйык милдетибизди аткарууга ар убак даярбыз!..

Акыркы сөздөрү дагы да каттуу чыкты:

– Ушул баатырлар өлүштүбү? – суроо таштады ал. Анан жооп күтпөй, өзү сөз улады. – Жок! Өлүшкөн жок. Алардын ысмы ар бирибиздин жүрөгүбүздө тирүүлөй сакталып кала берет. Мына бу эстеликте! – деп ал маңдай

жакка кол жаңсай сүйлөдү,– баатырлардын аттары тим эле жазылып тура бербейт. Алар күн сайын бизге кызмат кылышат. Жаштарды эл-жерин сүйүүгө тарбиялоодо зор мааниге ээ болот.

Эки абышка күбүрөп сүйлөшө түшкөнсүштү. Раис аларга карап айтты:

– Таң калбаңыздар. Алар кызмат кылышат. Кызыл жагоо пионерлер, жалындуу жаш өспүрүмдөр, силер ушул эстелик алдында пионерге, комсомолго өтөсүңөр! Чоң аталардын, ата-бабалардын алдында ант бересиңер. Ошолордой патриот болууну үйрөнөсүңөр...

Менин кыялым, негедир, өзүмдүн бала чагыма чабыттап кетип, тигинин сөзүн бир саам укпай да калдым. Жанымда бышактап ыйлаган кемпирдин үнүнөн улам, селт баш көтөрдүм. – Ак эмчеги зыркырап жүрүп чачы агарган энелер, ушул күндө да күдөр үзбөй жалгыз уулунун жолун карап күткөн аталар, силер антүүгө акылуусуңар... – Раис чогулгандарды жашыта сүйлөдү. Ыйлабаган эне, ыйлабаган ата жок.

Сөз аягын кайрат айткандай жубатып, эл сөзү менен бүтүрдү. – «Эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи?» – дейт элибиз. Силер өз жигиттик милдетиңерди ыйык аткардыңар, баатырлар! Жаткан жериңер жайлуу болсун, топурагыңар торко болсун!.. Биз силерди унутпайбыз!

Эл бир ирмем дым боло түштү. Анан трибунадагылар козголуп илгери басышты. Райаткомдун төрагасы кызыл жибек тасманы кайчы менен кести. Анан жаңы эстелик оролуп турган ак матаны эки жакка сыйра тартышты. Колуна автомат кармаган жигиттин элеси сыймыктуу көк чиет. Эл дүрбөп, эетеликтин постаментин ороп кетишти. Постаменттин төрт тарабына тике жармаштырылган акак таштардын бетине жүз элүүдөй адамдын аты чегип жазылган эле. Кээ бирлери сыйпалап көрүп жатышты.

Дал ушул учурда күтпөгөн жорук болду, эки жүз метрдей алыстыктагы көчөнүн бурчунан атын темине

бир абышка чыкты да, кадимки өлүмгө келаткандай, өксөп өкүрүп жөнөдү:

Айланайын жалгызым оой,
Жалгызымдан айрылдым, оой…

Сакалын жаш чайып, үнү дирилдеп келаткан абышканы жакындай бергенде гана таааныдым: менин абам Кулуке экен. Мен чыдай алганым жок, жүрөгүм кысылып, көзүмдү жаш чайып кетти. Тиштенип калдым.

Эл жыйыла берди. Абышканын өкүрүгү мындагы элге аралаша бергенде, абышка-кемпирлер да токтоно алышкан жок. Чалдар өбөктөп өкүрүшүп, кемпирлер үн тартып кошуп жиберишти. Чуу кыштакты көтөрүп кеткендей болду.

Кулуке абам эстеликке жакындап, атынан ооп түшө бергенде, буту үзөнгүсүнө илинип калдыбы, же чалдын мууну таптакыр бошоп кеткен беле, кантсе да, жерге томолонуп жыгылды. Кимдир бирөө анын муштумдай арык денесин так көтөрүп, аягы менен тик тургуза койду. Чал умтула басып, эстеликтин түбүн кучактады да, маңдайын тийгизип, үнүнүн барынча, өксөп-өксөп ыйлап жиберди. Анан өйдө боло, кош бөйрөгүн таяна, өкүрүп коё берди:

Кулунум оо-ой, кулунум оо-ой,
Кулунумдан айрылдым оо-ой…

Кулуке баш болуп, ызы-чуу түшкөн кемпир-чалдарды араң басышты.

Анан Кулуке баласынын аты жазылган жазууну сурады, колу менен сыйпалап көрмөк болдубу, ким билет… Бирок анын баласынын атын негедир, таппай калышты. Эстеликтин төрт тарабындагы анан таштан сүрүлүп жасалган плиталарды, ар ким өз көзүнө ишенбегендей, кайра-кайра тигилип окуп жатышты Жок!..

– Жазылбай калган белем?..

– Эмне дейт?

Кулуке чал башын жалт көтөрө, жээги кызарган жүлжүгүй көздөрүн тез-тез ирмеп, тургандардын биринен

сала экинчисинин жүзүнө суроолуу тигилди. Бирок ага эч ким жооп берген жок. Адамдар бирин-бири карашты.

– Ой, бул эмнеңер? – деди кара мурут сельсовет түшүнө бербей.

– Унут калган тура,– деди раис анча маани бербегендей.

Кулуке чалдын эрбейген суюк сакалы бириндеп, шалдая бир ирмем туруп калды да, анан саал сенделектей түшүп, раисти беттеп барып, кучактап алып, буркурап ыйлап коё берди:

– Айланайын Абазбек, кантип эле сен менин Сабыркулумду унуттуң? Өңгө унутса да, сен кантип унуттуң? Бир аяктан даам татып, бир нанды бөлүп жеп, моюндаш өспөдүңөр беле? Азыр болсо, күндө күн алыс менин көзүмдү көрүп турбайсыңбы?.. Жалгызымды окко учуруп, мени кудай бир кордосо, эми минтип силер катардан калтырып, экинчи кордогонуңар кандай? Айтчы, айланайын Абазбек, Сабыркулумдун жазыгы не?..

«Абазбек» деген асылды укканымда селт эте түштүм. Толмоч раистин сулууча жүзүн карасам: «Ооба, Абазбек». Менин көз алдымдан анын жука жүздүү, жалындаган өспүрүм чагы жылт этип өтүп кетти. Мен аны жаш чагымда көп көргөнмүн...

Жамгыр төгүп турса да, эл көптөн кийин тарады.

Баткактуу кара жолдо жамгырга аралаш бастырып келатабыз. Кулуке абамдын торусу аябай арык экен, кара баткакта бутун араң эле тартат. Чал дөң далысын чаба жааган жамгырга тосуп, башын төмөн салган калыбында үнсүз келатат. Эрте өлгөн баласы бүгүн дагы бир жолу өлүп, карт жүрөгү жараланган абышка, азыр жаш төгүп ыйлап баратат беле, же эрдин кырча тиштенип, кайрат кылып, бу жоруктун башкы себептери эмнеден экендиги менен алек болуп, кыйналып баратат беле, айтуу кыйын эле. «Сабыр кылыңыз, Кулуке ата, баарын такташат... себеби болгондур» деген раистин үнү кулак учумда

кайталанат. «Себеби бардыр» дейт ко. Кандай себеп? Ата-энеси, туугандары кандай себеп?..» Мен канчалык тунжураганым менен түк бир жыйынтыкка келе албайм. Күлүк кыялым күтүүсүз жактарга чарпылат. Сабыркул аты жазылууга болбой турган иш кылып койду бекен? Капырай, анда ушул убакка чейин эмне үчүн эч ким билген эмес? Ушундай да болобу?..» Буга мен Сабыркулду түк ыраа көрбөйм. Сабыркул комсомолец болучу. Кайра ойлоном. «Бул ишке жетекчилик кылган бирөөнүн жоопкерсиз бейпарбаалыгынан улам тим эле унут болуп калды бекен? Бирок ишке Абазбек өзү жетекчилик кылган тура. Ал кантип эле Сабыркулду унутуп калсын? Башканы унутса да, Сабыркулду кантип?... Сабыркул экөө бирин-бири унутуп калар жандар беле?.. Менин көз алдымда Сабыркул экөөнүн жаш чагы, жалындаган өспүрүм чагы тартыла түшөт.

...Согуштун алдыңкы жылдарында Кулуке абамын ушул Сабыркул деген кара каштуу, сулуу баласы менен менин Кадыр аттуу жоош агам шаардагы педтехникумдан окучу. Мен анда сегиз-тогуз жаштар чамасындагы бала болучумун. Ошол эки агамды ээрчип барып, биринчи жолу шаарды көргөмүн. Биринчи жолу балмуздак жегемин. Биринчи жолу кино көргөмүн. Ушул Абазбекти да ошондо биринчи жолу көрүп таанып калгамын. Анда Абазбек жалындап турган өспүрүм экен: жүрүш-турушунан да, сүйлөгөн сөздөрүнөн да өзгөчө бир ыкчамдыкты, чечкиндүүлүктү көргөндөй болгомун. Арык, кара тору Сабыркул менен, балпайган эткээл агам Кадырга салыштырганда, Абазбектин жүзү да кагаздай жука тартып, сулуу көрүнгөн. А мүнөзү болсо, көрүнө өктөм экени байкалат эле. Абазбектин көкүрөгүндө «ПВХО», «ГСО», «Ворошиловский стрелок» деген сыяктуу бир нече значок жаркырайт. Аларга менин көзүм кызарып, аябай суктангамын. Андан калса, Абазбек комсомол активисттеринин бири экен, кечке жуук жатаканада чогулуш өткөрүп, эң

алды андагы тартип тууралуу айткан. Анан эл аралык абал жөнүндө сүйлөгөн: «Гитлер... фашизм...» деген сөздөрдү угуп, оозум ачылган. Буларды кантип билип алган деп таң калгамын, суктангамын.

Жайкы каникул мезгилинде Абазбек досу Сабыркулду ээрчип, биздин айылга да барган. Алардын костюм шым кийген сымбаттарын көрүп, айылдагы балдар аябай кызыкканбыз, алар кайда басышса, артынан акмалап ээрчигенбиз. Кечки тамакта мен алардын колуна суу куйгамын, сөздөрүн тыңшап, капшытта отургамын. Эртеси досторума ошолорду айтып мактангanмын. Түнкүсүн Сабыркул менен Абазбек моюндашып бир төшөктө жатышкан. Мына ушундай жакын досун Абазбек кантип эле унутуп калсын?..

Намасшам маалында биз Кулуке абамкына келип түштүк. Чал мени үйүнө баштап кирди. Төрдөгү чарпаяда арык кара кемпири кыңкыстап баш көтөрдү. Ал менин ким экенимди ажыратуудан мурда, чалына тигилди:

– Айтпайсыңбы, чал, эмне кеп?

– Эмне болот эле, аскерден кайтпай калган балдардын аттарын акак таштын бетине жаздырышыптыр. Анан мылтык кармаган бир чоң аскер жигиттин колодон жасаткан айкелин койдурушуптур.

– А ким экен?

– Ким дегениң эмнеси?

– Ким болмок эле, иши кылып, бирөө да...

– Сен жакшылап карадыңбы, менин Сабыркулум жалгызым эмеспи?

– Жок ал эмес.

– А Сабыркулду эмне кылышыптыр?

Чал укмаксан болуп, кемегедеги үлүндөгөн отту иччертти.

– Айтпайсыңбы, Сабыркулду эмне кылышыптыр?

Чал мени ууруча кыйгач тиктеп, анан айласы түгөнгөндөй, желкесин кашылай берип, акырын сүйлөдү.

– Сабыркулдун атын тим эле акак ташка ойдуруп жаздырышыптыр.

– Кайсы тарабына жаздырышыптыр?

– Иши кылып жаздырышыптыр. Каягына жаздырышса, баары бир эмеспи. Анда сенин кандай жумушуң бар?

– Кандай жумушуң бар дегенин көр, мен эртеге эле барам. Жок дегенде колум менен сыйпалап көрбөйүнбү жалгызымдын атын?

– Болуптур. Бирок эртеңкини кой. Өзүң жакшы болгонуңда кашаң торуга учкаштырып, өзүм алып барам, өзүм көрсөтүп берем.

Байкуш чалдын абалына каңырыгым түтөдү: оору кемпиринин муунун бошотпоюн деп, көрүнөө жалган айтып жатат. Анысынан уялгандай, мени астыртан ууру тиктейт. Атаны байкуш абам-ай... Сенин ичиңе сыйбаган күйүтүңдү да көрүп турам, бирок кемпириңе кам көрүп жатасың.

Анан кемпир эмшеңдеп ыйлап, чарпаяда соксоюп отурду. Анын кыялы тээ жаш чагына кетип, наристе баласына ак мамагын эмизип, жаштыгы жарашып, бакытка балкып турган чактарын көз алдына келтирип отурганына күмөнсүгөнүм жок... Бир тестиер кыз кайнатып келип берген чайды ичип, Кулуке абам экөөбүз да көп сүйлөшпөй, ойлуу отурдук. Сөз кыябы келгенде, мен Сабыркулдун эң акыркы каттарын сурадым. Кара кемпир калтаарыган арык кара колдорун бокчосунун кулагына тыгып, эски чүпүрөккө оролгон эски кагаздарды мага узатты. Окугандагы документтери, аскерден жазган каттары, дагы башкалар бар экен. Эң акыркы сары кагаз Сабыркулдун тагдырынын жыйынтыгын чыгарган кат болуп чыкты, батальондун жетекчисинен келген кат экен. Анда: «Жоокер Кулукеев Сабыркул 1943-жылдын 7-майында фашисттик баскынчыларга каршы жүргүзүлгөн Полтава алдындагы согуштарда, жоокердик антын бек сактап, баатырларча курман болду...» деп жазылган

эле. Мен ушул кагаздан көзүмдү албай, тунжурап көпкө чейин отурдум. Чал менен кемпирге аны кайталап окуп, алардын муунун бошоткум да келген жок. Кагаздардын баарын эски чүпүрөккө ороп, кемпирге кайра узаттым. Мындан мен жеңилденбей, кыжалаттыгым ого бетер күчөдү. Биз уктоого жаттык. Уйку кайда? Кыялым алда качанкыларга кетет. Өскөн сакал-мурутунун арасынан кара көздөрү ойноктоп, айланасын кооптуу жалт-жалт каранган сулуу жүз көз алдыма келет. Мен бул тынчсыз, кооптуу каранган көздөрдү качан көрдүм эле?

...Биз Кыргызбай экөөбүз бешинчи класста окуучубуз: бир партада отурабыз, бирге жүрөбүз. Экөөбүз сыр жашырбас ынакпыз. Бир күнү түштөн кийин демейдегидей эле жүгүрүп, Кыргызбайлардыкына бара калсам, үйлөрүндө эч ким жок. Бир топко чейин туруп калдым. Алардыкы белдин артында жалгыз үй болучу. Кайра тартып, боорго чыга бергенимде, артыма кылчайсам, тамдын камыш шыйпаңынын төрүндө чокчолоп үйүп койгон семичке көзүмө чалдыкты. Тамга жөлөнгөн даяр шаты да турат. Балалык кыялыма бир нерсе кылт этип түшө калды: «Бир чөнтөк салып алып, жол ката чагып кетпейинби...» Шыйпаңдагы семичкеден чөнтөгүмө шыкап, артыма шарт бурулганымда, морунун артында турган адамга карп-курп бет келише түштүм: «Ай!» – деп качып жүрүп берерим-де, кара сакалы өскөн, ойноктогон көздөрү ийнедей курч алиги адам билегимден шарт кармап калды.

– Өх-өх,– деп коркконумдан энтигип кеттим, анан өңүн боолгой койдум. Сөз кошуп жибердим. – Мен сизди билем... Бирок эч кимге айтпайм.

– Мени кайдан билесиң?

– Сиз Абазбек акесиз. Сабыркул менен Кадыр акемин досусуз.

– Менин мында экенимди ким айтты?

– Кыргызбай айткан, – жалган сүйлөп жибердим. – Бирок биз...

– Сен кимдин баласысың?

– Рахмандын баласымын, Кадырдын үкөсүмүн. А сиз менен чогуу шаарда – дегенимде эле ал менин колумду түртүп бошотуп жиберди.

Жаагы түйүлө түшкөнүн байкап, сөз кошуп жибердим:

– Кадыр акемен жакында кат келди. Сталинград фронтунда экен.

– Жөнөгүн,– деди ал сөз аягын уккусу келбей,– оозуңдан чыгарба.

Ошондон кийинки күнү Кыргызбай эшегин минип, мени отунга чакырып келди. Мен бир аз буруюп, «Сен менден сыр жашырган экенсиң» дегендей кыр көрсөтө мамиле кылдым. «Баарын айтып берем» деп жооткотту ал.

– Сен кетериң менен Абазбек шыйпаңдап түшө качып, сайга кирип кетиптир.

– Эмне үчүн?

– Сен айтып койсоң, кармап алат деп...

– Мага ишенбептир да. Эмне үчүн силердикинде жүрөт ал?

– Атасы атам менен тааныш экен. Тоо кардан арылганча турсун дептир.

Эшектерди кыдыңдата бастырып, бадалдуу тескейге жеткенибизде, Кыргызбай мени ээрчитип, топ караганга келди да, кашкулактын ийининин оозуна келип токтоду.

– Ушул ийинде жатчу. Отунга келимиш болуп, оокат апкелип берем.

– Каеринде жатат? – дедим мен ийинди эңкейип карап.

Кыргызбай жата калып, анан сойлоп кирип кетти да, анан чакырды. Мен да сойлоп кирдим: Ийиндин оозун саал эле кеңитип, а нары жагын кеберлеп оюп, жапыс кепенин сыңары кеңитиптир; төр жагында жата турган супасы бар, ага саман, чөп төшөп, аябай жылуулаптыр. Үңкүрдүн ичи коңур караңгы, ным жыттанат. Бурч жакта мүлжүгөн сөөктөр жатат.

– Эми биерге келбейт ал,– деди Кыргызбай шиш мурдунун таноолорун теңирендетип,– кар эриген соң, тоо таянып кетет...

– Анда биерди биз жай кылып алабыз. Отунга келген сайын ичине кирип дем алабыз,– мен сүйүндүм. – Балдарга мактанабыз...

Баламын да, ал жоруктун нары жагында канчалык татаал, бүгүнкү түшүнүк менен айтканда, саясы, моралдык, психологиялык маселе жатканын анда мен кайдан билем?..

– Согуш бүтүп, жеңиш күн келди! Миллиондордун канына, тагдырына турган, өтө кымбатка түшкөн жеңиш күн келди! Жеңиштин шарданы менен баары кечиримдүү болду, эл арасынан чыккан бирин-серин качкындарга да кечирим берилди. Оорчулуктар улам унут боло берди.

Мен таңга маал катуу уктап кетипмин. Кимдир бирөөнүн сырттан корсулдап күлгөн күлкүсүнөн улам ойгонуп кеттим, дароо сыртка чыктым. Кулуке абам менин урматыма бир улагын көтөрө чалып койдуруптур.

– Ээ, бекер кылгансыз, Кулуке аба,– дедим мен ыңгайсызданып.

– Эмнеси бекер? Насип кылганын жеп кет, балам. Көзүбүз азыр тирүү.

Эт бышкыча кыштагыма көз чаптырайын деп, наркы дөбөнү көздөй бастым. Жакын бир абаларымдын уулу Сарык мени менен кошо жөнөдү.

– Сарык, тоо инженери болуп калыпсың. Угуп абдан кубандым.

– Ооба, геологмун, аке. Алыскы тоолордобуз. Чалгындоо партиясына жетекчилик кылам. Биздин тоолордун койнунда баары бар эмеспи...

– Кандай анан, ишиңердин натыйжасы?

– Жакшы. Келечектүү белгилер көп. – Сарык жылмайып койду.

– Азамат,– дедим мен сөздү узартпай, көңүлүм өз кыштагымын бүгүнкү келбетине алагды эле.

Сарык геологияга байланыш ойлорун айтат. Бир кезде ал аябай шок, шалапай бала эле, өзгөргөнүнө зоогум түшөт.

– Сени ким тарбиялап, кантип адам кылды?

Сарык арык жүзүн тырыштыра күлдү да, анан акырын сүйлөдү:

– Көптөрдүн насаатын уктук го. – Ал унчукпай калып, анан кошумчалады,– Биринчи класста Абазбек агай окуткан.

– Кайсы Абазбек?

– Ушул Абазбек агай, азыркы башкармабыз.

– Ошондойбу? – деп таңдана сурадым да, анан Абазбектин согуштан кийинки жылдарда мугалим болуп иштеп жүргөн учурларын эстедим.

Сарык дагы сөз улап койду:

– Кийин жогорку класстарга барганыбызда тарыхтан окутуп калды.

– Тарыхты да билет экен да?

– Ананчы! «Ата мекен, патриотизм» деген сөздөрдүн кең түшүнүктөрүн биз ошол агайдан алганбыз. Ал адамды өзүнө бир паста тартып алат.

Мен сөз жаңыртып суроо бергеним жок, ичтен ойлуу турдум.

Биз дөбөдөн кайтканыбызда, мында отургандар Кулуке абамдын жаңы салдырган тамы тууралуу сөз кылып жатышкан экен. Кулуке абам сүйлөйт:

– Тамым бүтпөй, кышка калат окшойм деп, чочулап калган элем. Бир күнү Абазбекке кирип бардым, азаматтык кылды, жүз элүү шыйпыр бердире салды. Ошентип, ак иш экен, тамым бүтүп кетти.

– Бали, уул бала экен,– дейт кимдир бирөө көтөрө мактап.

– Абазбек өз чөнтөгүнөн бериптирби? Колхоздукунан берип жатат. Кимдир бирөө каршы турду. – Фронтко кеткендердин карт ата-энелерин үй-жай менен камсыз

кылуу жөнүндө закон Абазбектин закону эмес, өкмөттүн закону.

– Ырас айтат. Колхоз берди десеңиз,– деп бирөө акыл айтты. А чал, өз билгенин коё берген жок:

– Бирок раисиң болбосо, колхоз активинин кимиси бере алмак?

– Ырас, ырас,– аны үчүнчү бирөө коштоп кетти. Абазбекке карата пикир бир кылка эмес экенин көрүп отуруп, таң калдым. Бири жеп отурган нанын да анын шарапатынан деп түшүнсө, экинчиси анын себептери башка жакта деп түшүнөт.

Улактын эти желип бүткөнгө чейин кажы-кужу сөздүн баары Абазбектин айланасында өттү.

Мен конторага келгенимде, Абазбек эки адам менен сүйлөшүп отурган экен. Толмоч жүзүнө жарашкан жылмаюусу кетпей, мени менен учурашкан соң, тиги адамдар менен сөз аягын бүтүүгө шашты.

Бөлмө ичи таза. Терезелерге сары жибек пардалар тартылган. Кире бериштеги бурчта кызыл тукаба жабылган диван. Андан жогору китеп шкафы. Шаардан табылбай турган эң сонун китептер турат. Абазбектин өз столунун башында Константин Симоновдун «Тирүүлөр жана өлүүлөр» деген атактуу романы жатат. Абазбек аны абдан кунт коюп окуп чыкканбы, ар жерине кагаз коюп, атайылап белгилеп коюптур. «Эмне үчүн белгиледи экен? Абдан жаккан жерлери бекен, же жакпаган жерлери бекен?» деп ичтен ойлойм.

Алиги кишилер кетти.

Эң биринчи болуп, кечээтен бери жүрөгүмдү өйүгөн маселени – Сабыркулдун атынын жазылбай калышын суроого ашыктым.

Абазбек жарашыктуу жылмая, анан каткырып күлүп калды.

– Ошентиптир. Дегеле ал эч кимдин оюна келбептир. Кечээтен бери бир нечеси кирип, буту күйгөн тооктой чырылдашат.

– Силер айыптуусуңар. Өз жердештериңер,– дедим.

– Ырас.

– Бул ишке сиз жетекчилик кылган турбайсызбы?

– Чынында парторг жетекчилик кылмак, бирок ал ооруп калып, алты айдан бери ооруканада. Анан ырас, мен жетекчилик кылгамын. Ошентип унутуппуз. Эч нерсе эмес, убактысы келгенде жаздырып коёрбуз. Андан эч ким нары жыгылып жаткан жок.

Кезектеги кампанияга байланыштуу бир чакырыкты дубал бооруна жаздырып коюу жөнүндө сөз болуп жаткан сыяктуу камырабай кайдыгер сүйлөгөн Абазбектин сөзүнөн улам этим дүр этип, төбөмө чыга түштү. Бир топко чейин эч нерсе сүйлөй албай шалдая түштүм.

– Кеп анда эмес. Эл арасында ар кандай жаман сөздөр жүрүп, жоокердин ак жүзүнө күмөнсүүлөр туулуп кетиши да ыктымал тура. Эгер антип кетсе, бул жаман. Андан калса, ошол кичинекей жазуу – бүт бир адамдын жүзү, анын тагдыры. Анын бу жарык дүйнөгө таштап кеткен адамдык ыйык иши. Бул иш опоңой көрүнгөнү менен минтип жеңил баа кароого болбос деп ойлойм.

Абазбек бир аз ойлоно түшкөнсүдү, эми жетти го деп ойлодум өз ичимен кантер экен, өкүнүп калабы, же антпейби?

– Кандай, кеээки тарткан сүрөтүңөр түзүк чыгыптырбы? – Ал менин асынып турган фотоаппаратымды көздөй жаңсады.

Мен анын ички сырын окуй алар бекемин деп жүзүнө тигилдим: ал мени сынап жатабы, же ырас эле бул ишке – мен жанатан айтып жаткандарга таптакыр кайдыгерби дейм. Анын көздөрү дагы жылтылдап илгеркисиндей курч.

– Кайсы газетага чыгат? – деп сурады жүзү күлмүңдөп.

– Көрөбүз го.

– Мен газеталардын сандарын калтырбай окуйм,– деди сыймыктангандай. Мен унчукканым жок. Анан ал өзү сөз улады:

– Бүгүн мейман болуп кетерсиң?

– Жок, кетем!

– Күн жаап турат эшикте.

– Плащым бар.

– Анда сени дүкөнгө чейин узатып келейин.

– Керек эмес.

– Эки жүз грамм... Жол кетесиң, жакшы болот. Анан машинам менен районго жеткиздирип коём.

– Жок, керек эмес, автобус менен эле кетем.

Ал менин түрүмөн биринчи жолу саал коопсуй түштү.

– Сиз мени тааныбай калыпсыз, мен Кадырдын иниси эмесминби?

– Кадырдын?

– Ооба, шаарга Сабыркул болуп чогуу окубадыңар беле?

– Менин эсимде жакшы калбаптыр.

– Кийин кырк үчүнчү жылы дагы бир жолу жолугушканбыз. Сиз тоого кетип бараткан экенсиз.

Анын өңү саал кумсара түштү.

– Мына китепти аябай берилип окупсуз, мага бербейсизби, жолдо эрмек кылып кетейин. Өзүңүзгө керек болсо, албайм.

– Керек, керек,– деди ал кыжырдуу.

– Мейли анда. Согуш турмушу экен, эрте-кечте өзүңүз окурсуз....

Мен жүрүп кеттим. Жол ката өз оюм менен алекмин, эки ой күрөшөт: «Жаштыктан уламбы, бир кезде Абазбек кечиримсиз жолго барган. Андан бери көп өттү. Кийин ал, балким, ак иштегендир. Мына ал турмуштан өз ордун таап отурат. Оор милдетти тартып баратат. Пландары өз жайында экен. Адам өзгөрөт деген ошо. Бир жаздым кадамы үчүн өмүр бою айыптоого жарабайт. Адамды аёо керек. Экинчиси: «Бүгүн Абазбек тигинтип эл атынан, бийлик атынан патриотизм жөнүндө, эң ыйык нерселер жөнүндө сүйлөп отурат... Антүүгө анын моралдык акысы

барбы?.. Аны буга укуктандырган эмне? Аткарып жаткан пландары ганабы, же адамдар менен ар кандай тил таба билген өзгөчөлүгүбү?..»

Автобустагы радиокабылдагычтан музыка токтолуп, акыркы кабарлар башталды. Бузук радиодон түзүк угулбайт. Индокытайда жүрүп жаткан согуш аракеттеринен кабарлар берилди. Анан радио мындан көп жыл илгери фашисттерге кызмат кылып, кийин атын өзгөртө, из жашырып жүргөндөрдүн үстүнөн сот процесси жүрүп жатканын кабарлады...

## ИЛЕГИЛЕК

*(аңгеме)*

Ала канат илегилек Өмөр акемдей колжоюп, шалыпаянын кырында жай басып жүрөр эле. Анын элеси менин аң-сезимиме түбөлүк кетпес болуп батып калган. Кээде ал бир бутун көкүрөк жүнүнө ката тартып алып, мойнун да кайрып келип, узун тумшугун канатынын астына тыгып, нипничке жалгыз узун бутунун үстүндө казыктын башына илип койгон тебетейдей, кыймылсыз үргүлөп турар эле. Мен аны алыстан таңдана тиктейм. Узун тумшуктуу узун мойнун алга созо, узун ичке буттарын чубалжыта артка сунуп, ичи кара калдагай канатын кээде шилтесе да, кээде шилтебей, тим эле асман жиреп сызып баратканы өзгөчө жакчу. Башка адамдардай эле мен илегилекти жакшы көрүп калышым анын сөңгөктөй узун ичке кызыл буттары үчүн, же кызыл сабизди сайып, учун карайтып койгондой кооз шиш тумшугу үчүн эмес, жакшы кошунадай болуп, адамдарга жамаатташ жоругунан улам болгон. Жоош учураган алардын мүнөзү он беш, он алты жаштагы өспүрүм курагымда көңүлүмдө бекем сиңип калган.

Мен тоо арасындагы жаңгак токойлуу кыштакта туулуп өскөмүн. Түн түшкөн ал токойлор тарапта илегилек болбойт,

Илегилек илген куш –
Жер астында жыланды.
Төлгөбөй билген куш:
Анын буту неге узарган?
Тумшугу неге кызарган? –

деп бир акын экинчисине суроо берсе, экинчиси тамашалуу ыр саптары менен жооп бергендигин жатка билсем да, кээде аларды асмандан, жерден көрүп жүрсөм да, өтө жакын мамилем болгон эмес. Андай мамилем кырк бешинчи жылдын жаз айларында болду. Согуштун акыркы жылдарында биз гөр оокаттын айынан өрөөндөгү дараматтуу колхозго көчүп келип, үй-бүлөбүз менен иштеп калганбыз.

Менин ишим тээ алыскы шалы эккен сайдагы бригадада. Ошон үчүн адыр арасындагы жаман үйүбүздөн таң агарганда жөнөп, өрөөнгө түшөм да андан аркы түз талааны как жарган кара жол менен кетем. Ал жайкысын борпулдаган чаң, жамгырда буртулдап баткак. Жолдун эки тарабында эгин, жүгөрү, пахта, күнжүт... Айрым жайларда шалы эгилген аянттар да бар: эрте жаздан кеч күзгө чейин көлкүгөн суулардай ай-айнектене жаркырашып, асмандагы булуттарды өз ара чөктүрүп турушат. Шалы көлчүктөнгөн сууга себилип, ошол сууда өсүп, ошол сууда бышат. Муну кастарлап айтып жаткан себебим: шалыпаяларда бакалар көп болот; ал эми биз урмат менен сөз кылып жаткан илегилектердин сүйкүмдүү оокаты – бака. Ошондон улам табигат алардын бутун чексиз узун кылып жаратканбы, кантсе да илегилектер адамдын тизесине чабар көлчүк сууларды жиреп беймарал басып, бака терип жеп жүрө беришет.

Мен адырдан шашып жөнөгөндөгү себебим: ушул шалыпаяларга жеткенде атайылап он-он беш мүнөткө

токтолом; ал эми убактым болсо бир сааттап да, илегилектердин тиричилигин байкап, арык кырына өбөктөп, кызыга тиктеп жата берем, илегилектер суу кечип жүрүп, аң уулаганда кантсе да бакалар суу түбүнө кире качып кутулушарын кийинчерээк билдим. Ошон үчүн илегилектер көбүнчө шалыпаянын кырына кыймылсыз туруп алышып, өзүнө таңыркай жакындап сүзүп келген эссиз бакаларды «шак» чокуп, кармап аларын байкадым. Мен бу сырды биле электе «илегилектер эмне үчүн шалыпаянын кырында эле колжоюп-колжоюп кыймылсыз турушат» деп таң калчумун, ал турсун алардын «жалкоолуктарын» тилдечүмүн. Көрсө, бул иште алар менден эстүүрөөк экен. Илегилектер бир-эки баканы өзү жеген соң, бир-экөөнү ууртарынан салаңдата тиштеп алып, уяда жумуртка баскан түгөйүнө, кийинчерээк балапандарына ташышат. Суу жыланды да башынан чокуп, куйрук жагын салаңдаткан бойдон учуп кетишет. Ушул көп илегилектердин ичинен мен бир түгөй илегилекти жакшы тааныйм: анын эркегинин канатынын карасы чоңураактай, тумшугу да башкалардыкынан кызылыраак; ал эми ургаачысынын жүнү бозураак, мойну ничкерээк, тумшугу да кыпкызыл эмес, саргычыраактай. Буларды таанып калган себебим: биз иштеген жерге жакын бир бай түп кара жыгач бар, өзөгү эки адамдын кучагы жетердей – жоон, төмөнкү бутактары кепе болуп, жерге күн тигизбей жаап турат: уч жагындагы (адамдын белиндей) бир бутагы атам заманында куурап, азыр кабыктары да сыйрылып, эски сөөк сыңары аппак болуп калган – дал ошонун кылда учунда илегилектин уясы бар – дал ошол мага тааныш түгөй илегилектердин уясы.

Бул илегилектердин экөө тең абдан баёо – мен жакындап барсам да уча качышпайт – же булар да мени тааныйбы, билбейм. Кээде колумдагы таягымды мылтык кылып, жаймажай кароолго алам: «тырс» деп үн чыгара «атып» да жиберем. Ургаачы илегилек бир аз ойкуштап

нарыраак качып да берет; ал эми эркеги бооруна катып алган бутун жерге түшүрүп, уча качууга камынгансыйт, бирок тигинисиндей коркуп кетпейт, башын саал кыйшайта, теп-тегерек көзүн ирмебей, дагы эмне кылаарымды этияттап байкап турат. «Биздин бригадир Чоноктун мылтыгы колумда болсо, ушул илегилекти сөзсүз атат элем» – балалык кыялдарга чөмүлөм.

* * *

Бригадирибиз Чонокко мен ар тараптан суктанар, ошондой болсом деп кыялданар элем. Анын өзүнчө себептери бар: ал барып турган улаккеч – тойлордо улакты ат жалына салып, кыйкырып топ жара чаап өткөн учурларын көргөмүн; эңиштерге далай даңкайган жигиттерди ээринен оодарып, «азамат» деген мактоолорду угуп, чеңгели толо соорун алгандарын көргөмүн; жоро бозолордо шаңшытып комуз чертип, төрдө сый-сыпат менен отурган учурларын да көргөмүн. Баарыдан анын ышкылуу аңчы экендигичи!.. Башкасын коюп, быйыл кышта шыпшаган теректей ноода, бели ичке сары тайган экөө жетимишке жакын түлкү алгандарын айтсам эле жетиштүү болот. Айрымдар: «ай ыйманыңды жегир, бизден Кыргызстанда бир кышта жетимиш түлкү алар жай жок» деп тилдешери мүмкүн. Бирок ага ишениш үчүн бир өзгөчө шартты эске алуу зарыл: Согуштун акыркы жылында кар аябай оор түшүп, кыш тээ апрель айынын аягына чейин созулган – мал-жан мындай турсун, чымчыктан тарта, түлкүлөргө чейин жутка учурашкан. Ал эми колхоздо эгилген кант кызылчасынын түшүмүн күздө толук тапшырууга үлгүрбөй, баары аңыздарда калган: ошол үчүн тээ алыскы тоо-таштагы түлкүлөр да өрөөнгө түшүшүп, дөбө-дөбө кылып топурак менен көмүлгөн кызылчаларды чукулап жеп, жан сакташкан – жазга чейин адыр-түздөгү жылга-колоттордо күн кечиришкен.

Дал ушундай катаал шартта жемдеген күчтүү аты бар, устарадай курчутуп таптаган сары тайганы бар, чабына кыскан кош ооз мылтыгы бар Чонок алдан тайган жан-жаныбарлардын кудайына айланган: ар күнү тайган агытып, эки-үч түлкү алганы аз келгенсип, карагандардын түбүндө кум чокуп, алсырап жатышкан кекиликтерден бир куржун толтура кармап келет; кекиликтерди атып алат, же тим эле ат менен кууса, бир эки жолу кулач, кулач метр учушат да, анан ак карга чокусу менен тоңкоюп-тоңкоюп сайылган бойдон пөкүлдөп жатып калышат… аларды терип алыш опоңой.

– Хи-хи-хи… – Чонок кыткылыктап күлүп, эки жаш катынына мактанат; – Бир атканда бешөө катарынан оңколоду.

Мен Чонокко суктанам: «чоңойгондо дал Чоноктой болсом, ошондо ошонукундай мылтык колумда болсо, ушул илегилекти томолото атпайт белем» деп армандуу кыялданам…

* * *

Шалы өстүргөн адам эрте жаздан коңур күзгө чейин колунан чоң кетмени түшпөй суу буруп, багалегин тизесине жеткире түрүнүп, баткак, суу кечип эмгектенет. Биз ошентип иштеп жүргөнүбүздө, көзүбүздүн кыйыгы алиги эки илегилекте – байтүп жыгачтын куу бутагына уя салышкан илегилекте болот.

Айтмакчы, илегилектер эрте жазда алыскы ысык жактардан учуп келишет. «Илегилек келди – жаз келди » деп, дыйкандар муну ишенимдүү белги кылып, эгин сепкенге киришишет. Себеби, илегилек келгенден кийин кар түшпөйт экен – жерге түшкөн үрөн суукка-тоңгокко дуушар болуп, кырсыкка учурабайт экен. Ошондон уламбы табигаттын касиеттүү бир учкун жандыгы болгон илегилекти адамдар жакшы көрүшөт – алардын тынчтыгын

алып себепсиз түк катылышпайт. Андыктан илегилектер айыл арасындагы арык бойлорунда колжоңдоп эркин басып, үйлөрдүн чатырларына, тал теректин баштарына, зым карагайлардын учтарына уя салып, балапандарын жетилдиришип, өз тиричилиги менен жүрө беришет.

Бизге жакын жердеги кара жыгачтын куу бутагына уя салган эки илегилек да эрте жазда келишип, уясын куу бутактардан, катуу чөптөрдүн сөңгөктөрүнөн кураштырып, тез эле оңдойт, анан экөө бирде айыл үстүндө тегеренип учуп, бирде тээ алыскы сай тараптарга кетип, сүйүүгө бериле нике салттарын өткөрүп жүрүштү: арык бойлорундагы кумдарда канаттарын делдеңдете жүгүрүшүп, биринин үстүнөн экинчиси секирип өтөт. Тумшуктарын уккулуктуу шакылдатышат, кыйкылдаган жагымдуу үн чыгарышат.

Көп өтпөй ургаачысы уясынан турбай жатып калды.

– Жумуртка басты,– деди бир аксакал.

– Эми балапан чыгарат,– деди экинчи чал. Анан негедир алыска көз

таштап, өзүнчө кобурап койду. – Ошентип өз тукумун улантышат. Ошентип жарык дүйнөдө жашоо уланат. Жарык дүйнө ошон үчүн сырдуу, ошон үчүн ширин. Биз өспүрүм балдар анда бул сөздөргө анча-мынча маани бере алганыбыз жок. Эркек илегилек ар кай тарапка учуп кетип, уя баскан түгөйүнө бака, жылан, дагы башка нерселер апкелип, тынымсыз багып жүрдү. Талаага учпаганда уясынын бир кырына конуп алып, узун сары тумшугу менен түгөйүнүн жүнүн чукулап, моюндарын сылап, кадимкидей эркелетет.

– Ой тообой – деп өзүнчө күңкүлдөйт арык кара чал. – Табигаттын тантилигин көр. Бирин экинчисине жуп кылып, бирин экинчисине боорукер жаратып, алардын ортосунан үчүнчүсүн жаратып. – Чал кетмен сабына таянып, сакалын сербейте ойлуу туруп калат, өзүнчө дагы күбүрөйт. – Бу дүйнөгө жаратылыш кошо берген боору-

керлик болбосо, жашоо үзүлүп калбайт беле. Касиеттүү жаратылыштын усталыгына рахмат.

Биз чалдын жүзүнө ойлуу тиктеп тим болобуз.

Эне илегилек эки балапан ачты. Ата илегилектин түйшүгү ого бетер күчөдү: бирде өрөөндөгү шалыпаялардын бирин багыт алып учса, бирде алыскы сай тарапты көздөй сызып кетет. Бирде адырлардан жылан тиштеп кайтат. Эне илегилек сооганы узун тумшугунун аралыгына кыпчып аябай чайнап майдалайт – анан эки балапанына бир чымчымдан үзүп жедирет. Кээде балапаны ыкылдап жута албай калса, узун тумшугу менен кайра тартып алып, кайрадан майдалап жумшартып, анан жедирет. Эки кичинекей узун тумшук, узун бут балапанды багыш үчүн, эки илегилек керели кечке тынышпайт – өз тукумун улантуунун табигый аракетин кылышат. Илим тили менен биз муну «инстинкт» деп коёт эмеспизби.

Шалыпаяда тизеден суу кечип, шалы отоп жүрсөк да, мүмкүнчүлүк боло калган сайын илегилектердин уясы жакка көз таштап, алардын кызык турмушун байкайбыз, кубанычтарына ортоктош болобуз.

Бир күнү бригадирибиз Чонок тээ алыскы сай тараптан тору жоргосун катуу салдырып келатканын көрдүк – баарыбыз чочуп кеттик. «Кимибизди жекирип, кимибизге ат ойнотор экен» деген ой ар бирибиздин көңүлүбүзгө кылт эткенин эч бир жашырууга болбойт. Бирок бригадирибиз көңүлдүү келатканы алыстан эле байкалды: кара мурутунун астынан ак тиштери жаркырап, камчысын сылай-сылай шилтейт, калпагын чекесине кийип, үзөңгүсүн чирене тээп алган – жоргонун кыймылы менен бүткүл тулкусу силкилдейт, кош ооз мылтыгын чабына кыстарып алыптыр. Ичи кындырдай, буту-колу узун сары тайганы алдында лепилдеп жортуп келатат – шиш тумшугун оңго, солго созо жыт искейт.

– Ий, кандай? Ишиңер жүрүп атабы? Бригадир тору жоргонун оозун жыя, шалыпаянын четине келип ток-

толду. Анын бетинин жарымын ээлеген кочкор тумшук мурду оңкоюп, көзгө биринчи урунат.

– Иш жакшы,– деп арык кара чал жооп берди.

– Суу өксүгөн жокпу?

– Жок. Баары жакшы. – Чал Чоноктун канжыгасына байлаган олжолорун көрүп, кызыга сурады: – Оо, бүгүн жолуң болгон экен бейм, Чонок? Канжыгаң салмактуу го?..

Чонок култүйгөн тууралжын ийиндерин артка араң буруп, канжыгасындагы өрдөк-чүрөктөрдү тиктеди. Анан кара мурутунун астынан ак тиштерин кашкайта жылмайып, сыймыктуу унчукту:

– Тоодак атсамбы деп эле – тоодактын эти даамдуу болот эмеспи. Бирок тоодак учурабады – азайып баратат, кысталак... Анан каракур атайын десең, ал да оң келбеди – байкабай калыптырмын, «кур» этип уча беришкенде, мылтыгымды чабымдан сууруп, артынан сундургуча, узап кетишти. Өкүнүп турсам, үстүмдөн бир үйүр чүрөк учуп баратат. Тобокел деп кош ооздун эки патронун тең басып жиберсем эле үч чүрөк кулап түштү. Бирок мистечилердей эле кичине немелер экен. А бул эки өрдөктү болсо, берки каналдан атып алдым.

Чонок аттын үстүндө салмактуу копшолуп койду.

– Сары тайгандын тумшугуна эч нерсе илинбедиби? – деп сурады арык кара чал.

– Жок,– өкүнүчтүү унчукту Чонок. – Түлкүлөр адыр-тоолорго кетишип балалап атышат, коён учурабады, кысталак.

Дал ушул ирмемде Чонок төмөн жактагы уясына колжоюп тике турган илегилекти көрө койду. Илегилек балапандарынын жүндөрүн тумшугунун учу менен тазалап тарап жаткан эле.

– Колжойгон арбак ургурду тоголото атармын деди Чонок кош ооз мылтыгын чабынан сууруп алып.

– Жок-а. – Чал чочуп кетти. – Балапандарын араң жетилтип атышат. Убал эмеспи.

– Согушта адамдар кырылып атат, ушул илегилектин убалы кимге таң имиш...

– Антсе да илегилек залалы жок жандык. Бизге жаздын келишин кабарлап турушунун өзү да канимет.

Чал оозун жыя электе мылтык«тарс» дей түштү: уядагы илегилек солк этип, канатын чала жазган бойдон чалкасынан кулады – кулап баратып, эки балапанын эки буту менен чеңгелдеген экен – бири өзү менен кошо кетти, отуз метрдей бийиктиктен как жерге чабылып түшүштү. Экинчиси энесинин колунан чала киргенби, бир буту менен уянын бир чырпыгын бек кармаган бойдон салаңдап, канатын делдеңдете абада асылып калды.

– Ха-ха-ха!.. Ха-ха-ха!.. Ха-ха-ха!..

Чонок сары жоргонун үстүндө оолжуп каткырып, бу дүйнөдөгү эң эле кызык нерсени өзү жалгыз көргөндөй.

Бир убакта салаңдап асылган балапандын буту талыдыбы, же бутак сынып кеттиби, кантсе да шактан-шакка уруна төмөн көздөй кетти, акырында как жерге «былч» эте түшүп, жалпайып калды.

– Ха-ха-ха!.. – Каткырган күлкүсүн Чонок дагы эле тыя албайт.

Күлбөй өл!.. – деди арык кара чал каардуу кыйкырып, – ушундай да акмакчылык кыласыңбы?..

Мындай катуу сөздү чалдан түк күтпөгөн эрке бригадир кочкор тумшуктанган чоң мурдун ормойто, чалды зекий унчукту:

– Эмне деп былжырап атасың?

– Сенин жүзү каралыгыңды айтып жатам! – деп кыйкырды тайманбай арык чал. Анын жүлжүгүй кичине көздөрүнөн жалжылдап от чыгып кеткенсиди.

– Ой, как баш! – деди ызырынып Чонок. Анын кара жүзү ого бетер түнөрүп кеткен эле. – Мен илегилекти аттым го! Сени атканым жокко, какбаш!

– Мени атсаң, мен үчүн мындан жеңил болмок! Сен ыйык жандыкты атып атасың, акмак!..

Ар убак өзүнүн алдында кыңк эте алгыс арык чалдын тили тайманбай узарып баратканына күйүп кеткен бригадир, курч атын темине, чалды омуроолотуп барып, эңилип жакадан алды да, ноопас көкбөрүнү бир чапчып ат жалына салчу карылуу неме, чалды так көтөрө ыкылдатып туруп, ызырынып унчукту:

– Менден талашарың эмне, какбаш?

– Адилеттик!.. – деди чал муунуудан кыркырап.

– Адилеттик ушул илегилекке катылып калыппы?..

– Ооба! – деди чал кыйкырып. – Анын да адилеттиги бар! Жарык дүйнөдө жашоого сени менен мендей эле акысы бар!..

– Илегилек эмес тиги согушта адамдар кырылып атат дебедимби? Сен какбаш аны билбейсиңби?

– Билем! Ошол адамдарды бачисттер кырып атат. Сен да бачистсиң!.. кырып атасың!..

– Тарт тилиңди, какбаш чал!

– Тартпайм! – деди чал кыйкырып, бутунун учу араң жерге тийип, эки колу аттын жалына асылган бойдон. – «Сөз келгенде айтпаса, сөздүн атасы өлөт» деген кеп бар. Сен башкарма жестеңин баркына калкаланып, алчаңдап ат бастырып жүргөнүңдү азаматтыгым деп ойлойт окшойсуң?.. Жоок! Сен коркоксуң! Согуштан коркуп, качкын болуп кеткенсиң! Жүзү карага айланып кеткенсиң! Таш боор болуп кеткенсиң! Ошон үчүн ыйык жаратылышты – күнөөсүз илбээсин менен кайберендерди атып атасың!..» Сенин күнөөң бачисттердин күнөөсүнөн оор!.. Уктуңбу, акмак!..

Чонок сөзгө уугуп кетти окшойт, чалды жакасынан кармаган бойдон катуу түртүп жиберди да, курч атын «күп» темине атырылта чаап, төмөн көздөй салды. Чал чаңга оңко-чоңкосунан көмөлөнө негедир, бир азга кыймылдай албай калды; муунуудан улам көзү караңгылаша түштү белем, же жерге катуу жыгылдыбы, айтуу кыйын. Анан араң баш көтөрүп, ордунан турду: анан жерде

жаткан ак топусун алып, алаканына кагып, ак чачтуу башына кийди да, кан аралаш түкүрүгүн «былч» эттире түкүрдү. Заардуу көздөрү менен узап бараткан бригадирди жазбай тиктеп турду. Дал ушул учурда алыскы сай тараптан тумшук учу менен салаңдата жылан тиштеп, ата илегилек учуп келип, уясына конду да, жемин уяга таштаган соң, туш-тушуна моюн созо карап, какыр жерде жатышкан түгөйүнүн жана балапандарынын өлүктөрүн көрдү. Ал калдактап учуп, тигилердин үстүнөн нары-бери кайып өттү. Анан алысыраак конуп жан-жакасын абдан кооптоно тиктеген соң, колжоктоп басып келип, түгөйүнүн тумшугунан чокуп, тыякка-быякка тарткылады – балапандарын да ошентти.

Бир аз четтей басып, көпкө чейин кыймылсыз туруп калды. Кандайдыр бир «кыйкылдаган» үн чыгарып, талпына жүгүрүп барып, асман көкөлөп учуп кетти – айылдын үстү жагы менен айланып, бир нече жолу өттү. Кээ-кээде өйдө-төмөн бой таштап, жерге жакындап, кайра көкөлөйт. Кайра учуп келип уясына конду да, бир кезде өзү зор мээнет менен кураштырган чырпыктарын туш-тушка чачып ыргытып, уясын бузуп жиберди... Уядан эч нерсе калган жок.

Илегилек ойлонгондой бир нече мүнөткө отурду да, анан учуп, узун буттарын артка көздөй чубалжытып суна, төмөн көздөй сызып кетти. Ал көк асмандын горизонтунан көрүнбөй калганча тиктеп турдук.

– Эми келбейт. Түк келбейт... Биердин жерин жээрип, адамдарын каргап кетти, – деди арык кара чал ойлуу жер тиктеп.

Биз балдар да эмне деп айтарыбызды билбей, тунжурап жер тиктеп турдук.

Чал төмөн басып, байтүп кара жыгачтын түбүнө барды да, жерде жалпайып өлүп жаткан эне илегилек менен эки балапанын ойлуу тиктеп турду. Көпкө турду кыймылсыз... Ошондон соң узун ак жегдесинин этегине

илегилектерди салып, арык кырлап жогору көздөй басты – бараткан бойдон кетменин кармай да кетти.

Тээ жогорураак барганда чал кетмени менен жер казып, анан илегилектердин өлүгүн көмгөндөй болду. Бирок дароо кайра басып, биздин жаныбызга келген жок: нары көздөй үңкүйүп, кыймылсыз отурду. Биз анын тыртайган арык көк желкесин гана көрүп турдук.

– Чалга эмне болду – деп сурады балдардын бири.

– Чарчап калган окшойт.

– Же карылуу бригадир бир жерин оорутуп койдубу? – деп экинчиси күмөнсүдү.

– Анткен болсо илегилектерди көөмп жүрмөк беле?

– Ырас эле,– деп эстеди бир бала, биз илегилектерди көмүүгө жардамдашып койгонубуз жок да?..

– Ооба. Жүргүлө, эми деле баралы, көмө элек болсо жардамдашабыз.

Биз чалдын жанына барсак, ал илегилектерди эски арыктын нугуна көөмп салган экен. Өзү ыйлап отуруптур. Сакал-муруту ылдый жашы куюлган…

Менин жүрөгүм солк эте түштү: илегилектердин өлгөнүнө саал ачынсам да, анчалык деле таасирленбей турган менин башым күтүүсүз ойлор өйкөп, кыялым чаржайыт жөнөлө берди… «Чал эмне үчүн ыйлайт? Ал өз уулунун өлгөнүн угузганда да, саал эле ыйлап, «кудайдын буйругу, каргыш тийген согуштун салганы» деп, кемпирине, кыздарына кайрат айтып, өзү сооротподу беле?.. Ал илегилектердин өлүмүнө ушунчалык терең сыр барбы?..»

Чал бир убакта ордунан араң козголуп туруп, белиндеги курунун учу менен көз жашын аарчыды да, төмөн көздөй басты. Биз, балдар, анын артынан үнсүз ээрчидик.

Алиги жерге келгенде чал жыландын башын көргөндөй селт этип чочуп, токтоп калды. Биз да токтолуп, арыктын ичинде жаткан кош ооз мылтыкты көрдүк.

– Бул мылтык силердикиби? – кылчайып сурады чал, көзүнөн заары чыгып.

– Жок!

– Жок... – деп жооп бердик.

– Бригадирдин мылтыгы. Бая сиз менен жулмалашып атканда, чабынан сыйгаланып түшүп кеткен. Ачуу үстүндө мылтыгын унуткан бойдон чаап кете берген тура, – деди бир бала.

Чал кыжырдуу умтулуп барып, мылтыкты алды да, арыктын кырындагы кара ташка керилип туруп, «Ах!..» деп өчүн алгандай онтоп туруп чапты, мылтык «тарс» этип кундагы талкаланып, туш-тушка чамындыдай чачырап ыргыды: чал да чалкасынан кетип, сулап жатып калды – анын ак жегдесинин капталынан кызыл кан жошоолоп агып кетти...

Көрсө, мылтыктын кош найынын биринде огу бар экен!..

Биз боз жаш балдар, эмне кылышыбызды билбей, алдырап туруп калдык.

– Суу... Суу... – деди чал онтоп.

* * *

Согуш бүткөн ошол кубанычтуу жылдын жайында окуу издеп шаарга кеттим. Тагдыр жолум мени бирде жакынга, бирде алыска шилтеди. Жылдар каркыра турнадай чубашып, андагы капкара чачыма ак кирди. Эсепсиз көп жылдардын ичинде кубанычтарга да, үзгүлүштүктөргө да дуушар болдум, бирок балалыгым өткөн жерди эч качан унутканым жок. Эстеген сайын ошондогу жоош илегилектерди да эстейм. Ошол жерлерде кайрадан болсом деп ар убак эңседим, тилек кылдым. Кыялымда ал жерлер, ал айылдар жөнөкөй эмес, түшүмдө көргөндөй кооз да, жомоктогудай кызык да, сырдуу да болуп элестейт.

Эңсеген көп жылдардан кийин жериме да келдим. Адыр-түз дал баягы орундарында турушса да, айылдар

өзгөрүлүп, кооз үйлөр салынып, ирээтүү көчөлөр түшүптүр. Өрөөн баягыдан бак-шактуу көрүнөт. Автобустар каттап, жеңил машиналар кымкуут. Кыз-келиндер андагыдан алда канча кооз кийинишип, алда канча сулуу да көрүнүшөт. Ыр, бий угулат. Ошондогу эски досторум баягыдай мотурайган кызыл бет балдар эмес, ак муруттуу аксакалдарга айланыптыр – ар бири мага карай кубаныч менен кучак жазышат, үйлөрүнө чакырышат – козусун союп, дасторконун жайнатышат.

Бирок менин көңүлүмө бир нерсе жетпейт… Ал – бир кезде ушул айылдын көркү болуп, арык кырларында колжоюп басып жүрүшчү баёо илегилектер, алардын шыйпаңдар үстүндө, бийик теректердин учуна, зым карагайлардын чокусуна салынган уялары… Ошолорду көргүм келет.

– Илегилектер… илегилектер… – дедим ички сезимимден сөз аягын бүтүрүүгө такаатым жетпей.

– О кокуй, илегилектер жок,– деди ак мурут досум өкүнүч менен баш ийкеп, – келбей коюшкан.

– Баягы илегилек да келген эмеспи?

– Ошол бойдон түк кайрылган эмес.

Мен ичтен ойлонуп, башымды чайкадым. Бет маңдайымда отурган ак мурут досум да өкүнүчтүү ошентти.

– А баягы түмөндөгөн кекиликтерчи?

– О кокуй,– деп досум өз кыялында тээ алыскы балалык чагыбызга кетти окшойт, обдула берип,– алыскы ысык жактардан эрте жазда кайтышып, биздин узун жон менен кээде жорголоп, кээде түрмөк-түрмөк болуп учушуп, тээ тоо тараптарга кетишип, жай бою жумурткалап, күзүндө кайрадан түрүлүп төмөн көздөй өтүүчү кекиликтер жокко эсе болуп калган.

– Азыркы балдар да андагы бизчилеп, жаз-жонго желе тартышып, кекилик кармашабы?

Ак мурут досум кейиштүү кол шилтеп коюп, анан наараазы болгондой сүйлөдү.

– Кайдан?!.. Азыркы балдар керели кечке телевизордун маңдайынан кетишпейт. Андан калса, азыр аларды тартар кекилик-чил да жок дебедимби.

Экөөбүз өз ички ойлорубуз менен далайга үнсүз отурдук. Түштөн кийин ак мурут досумдун жеңил машинасына түшүп, тээ алыскы сайга чейин бардык, бирок да мен жылдар эңсеген узун бут илегилектерден бирде бирөсүн да көрө алганым жок…

Андан түз айдатып, адырга чыгып кеттик, Узун-Жолдун бийик кыраңында кең ааламга көз чаптыра, көпкө чейин турдук. Сеңирлүү адырлар жатат. Чыгыш жагыбызда да, батыш жагыбызда да кең өрөөн. Өрт кеткендей кызарып, тиги жапыс капталдагы жаткан бүргөндөрдүн арасынан илгеркидей бураң этип, бир кызыл түлкү көрүнө түшөр бекен дейм. Бирок, тилекке каршы, андай болгон жок. Адырлар жансыз босурайып, сырдуу дүңкүйүшөт. Көөдөнүм негедир салмактанат.

Менин көөдөнүмдү күтүүсүз кубанткан бир нерсе – тээ бийик чокунун берки капталындагы борчук кереге таштардан кекиликтин сайрашы болду. Жүрөгүм толкундап кетти: алда качан унут болгон эски ырдын обонундай кекиликтин тааныш үнү менен кошо, көөдөнүмдү сыйкырдуу бир жагымдуулук аралап өттү. Делебем заматта көтөрүлүп, өзүмдү жаш баладай кыялдуу сезип калдым…

Ошол түнү түйшөлүп уктай алганым жок: уйку-соонун аралыгында күлүк кыялыма колжоюп жай баскан илегилек, түрүлүп учкан кекилик, бүргөндүн арасынан булактап көрүнгөн түлкүлөр түшөт.

Толгоном, уйкум качат…

## ТЕМИРБАЙДЫН ТУКУМУНУН БАЯНЫ

*(аңгеме)*

### I

Темирбай уулу Текебайдын жашы быйыл жетимишке кадам койсо да, ал дагы эле баягы эс тарткандан кошо жашап келаткан оюнан ажырабайт. Басса-турса ал ою кыялында улам жаңырып кайталанып турганы турган. Ээгиндеги теке сакалын кашылап, ойлуу отурат: «Тамырымды терең сайып, байтеректей бутактап өссөм... Текебайдын тобу, Темирбайдын тукуму деп сөзгө кирсем» деп тилейт. Аны өмүр бою ушул ою дилгирлентти. Ал ушул ою менен жашады. Бул ой атасы Темирбайдан мурас катары өткөн эле...

Темирбай жалгыз аттуу, жалгыз тондуу бечаранын баласы болуп, өзү да өмүрүн бирөөнүн бир кош өгүзүн айдап, жер чиймелеп жайдак бир жактуу өткөрдү. Бирөөгө кол кайрыбай, бирөөгө тике баш көтөрө албай жер каранды өмүр сүрдү. Андан башка жолу, андан башка мүмкүнчүлүгү болгон эмес... Бир жолу анын өмүрү күтүүсүз нукка түштү: байдын жаңы казылган арыгынын алышына, анты-шерти ушу – «жаңы алыш темирдей бек болсун» деп басып жибererде, Темирбай өзү айткандай «жалгыздын жары кудай болуп», араң качып кутулду. Анын таламын талашкан, таягын шилтеген эч ким болгон жок. Ошон үчүн ал өрөөндөн четтеп, тоо таянды. Токой арасындагы бирин-экин бейбечаралар менен жармакташып төлө казып, күн өткөрдү. Ал ырыскысын ошол токойдон тапты, жемишин чогултту, жыгачынан көмүр өчүрүп, жалгыз атына жапмалап жүктөп барып, шаардагы зергерлерге, темирчи усталарга сатты. Токойдун чолоон жерин биртике карала кылып тырмалап, арпа,

буудай чачты – иши кылып, өмүрүн өзүнчө өтөдү.

Бала көрдү, бирок токтободу. Өмүрүнүн акырында кечигип токтогон жалгыз уулунун атын Текебай койду. Ага өз өмүрүнүн ачуу-таттуусун, өзүнүн кем уруктугун өкүнүч менен жашынан кулагына кумдай куюп өстүрдү. Ошо жалгыздыгын, кем уруктугун бүткүл өз тукумунун, бүткүл өз келечек уругунун бактысыздыгы деп түшүндүрөр эле...

Ушундан улам атасынын бул ою Текебайдын жаш жүрөгүнө коргошундун сыңары уюп, өмүр бою кетпей калган.

Текебай эс тарткандан эле үйлөнүү жөнүндөгү ой менен жашады, бирок көр оокаттын түйшүгү белинен бекем басып, колунан иш келбеди – үйлөнө албады. Башын бек бууп орок тартканда, жерге уңгусунан батыра кетмен чапканда, орустун эгинин эгип, бастырып, саратан аптабында жүрсө да жаагын жана шаңшып ырдайт эле:

Орок оруп, боо байлап,
Ооруду менин билегим.
Он эки жаштан бер жакка,
Оң келбеди тилегим.

Тандырдай үмүт жалындап,
Теңирден күтөм ырайым.
Элимде өскөн бир кызың,
Эп көрбөдүң, кудайым...

Текебай кечигип үйлөндү, Көк-Жаңакка карата темир жол салынып жаткан жылы үйлөндү. Жол казганда өзү менен кошо иштеген аксакал адамдын үйүнө барып жатып жүрүп, анын бойго жеткен кызы менен таанышып калды. Уйкусун бүтүндөй жоготуп, өзүн жинди адамдай алып жүрдү. Анан... анан көп өтпөй үйлөндү.

Никеден соң өз төшөгүн ачып биринчи жатып атканында, күтүүсүз жерден оюна кылт этип бала жөнүндөгү ой түштү, жарына али колу тие элегинде ушинтти...

Дал Текебай ойлогондой болду, аялы жыл айлана уул төрөп берди. Кубанычы койнуна батпаган Текебай көптү болжоду, дагы канча уул-кызды болжоду. Бирок такыр андай болбой чыкты, аялы жаман ооруга чалдыгып төрөбөй калды…

Текебай бул мезгилде жаңыдан ишке түшкөн шахтыга жумушчу болуп кирип калган эле. Аялын доктурдан доктурга сүйрөп жакшы эле аракет кылып көрдү, бирок болбоду. Анан тагдырына баш ийгендей үшкүрүп ойлуу жүрдү.

Адам ойсуз, үмүтсүз жүрө албайт. Текебайда жаңы ой, жаңы үмүт пайда болду, эмки үмүтү али кичинекей болсо да уулу Сулайманга көчтү: «он эки жашка толсо эле үйлөндүрөм, – дейт ар убак үмүткө жык толо көөдөнүндөгү сезимин араң басып, – үйлөндүрөм… Илгерки байлар он эки эле жашында үйлөндүргөн… Бу шарияттын сөзү. Алы жетсе эле… бала төрөлсө эле болду делген шариятта…»

Ушул үмүт Текебайды алга шаштырчу, жылдардын тез-тез эле алмашылышын күтөт.

Текебай жер астындагы көөдөй караңгылыкты маңдайындагы кичине чырагы менен араң-араң жылтыратып, бир кадам алдын жарык кыла, кээде чылпылдата суу кечип иштеп жүрсө да, көңүлү алда каяктарга чейин жапжарык. Анын үмүт тилегинин баары көз алдына тартылып турат. Дал ошол үмүт, ошол ишеним аны түк чарчатпайт. Булчуңдары уюп кечкисин шахтыдан араң чыкса да көңүлү дилгир, кыялы жаркын…

Уулу Сулайман тентегирээк өстү. Тилин албай, өз билгенин иштеп, ал турсун, мектебин да начарыраак окуду. Текебай анын начар окуганына күйүнгон эмес, тынчсызданганы эле тигинин өз билгенин иштеп, терс баскан көктүгү болду. Ал баласынын кандай адам болушу, кандай кесип алышы жөнүндөгү маселелер боюнча башын ооруткан жок, ал үчүн убараланган да жок. Бар болгону

ал өз уулунун бир үйлүү адам болуп, өз жанында түтүн булатып отурушун самады, ал боюнча көп жолу кыялданды, убараланды. Баласынын эртеңи жөнүндө ойлогондо ушул нерсе гана жүрөгүнө өрт коюп жылытып чыгат...

Сулайман эс тарткандан баштап атасы экөөнүн турмушка көз карашы, түшүнүктөрү бири-бирине түк туура келбеди. Сулайман атасына караганда бир кыйла түнт мүнөздө. Текебай ушуга абдан күйүнүп, аны баласындагы кандайдыр бир жаман жорукка, жаман жөрөлгөгө болжоп, жаман бир жышаанды күткөндөй болор эле. Текебай өзүнүн атасына карата мамилесин, анын айткандарын өмүрүнүн бүткүл жолун белгилөөчү сызык катары кабыл алгандарын эстеп, өз баласынын кандай адам болоруна, жашоо жолун кантип үйрөнүп аларына көзү жетпей маң болуп кеткенсичү.

Ырас, Текебай өзү көптөн ойлогондой Сулайманын он эки жашында үйлөндүрө алган жок. Бирок он беш жашында аны колго түшүрдү, кандай макулдукка барып жибергенин Сулайман өзү да ушу убакка чейин билбейт, иши кылып, атасы аны он беш жашында өзүнүн бир ашынасынын кызына үйлөп салды.

Текебай көкүрөк кере дем тартып, бүткүл өмүрүнүн түпкү максатына жеткендей, өзүнүн чийки терисине батпай сүйүнүп жүрдү, өз үйүнөн чай берерге, өз үйүнөн аш берерге адам таппайт. Бирок анын сүйүнүчү чектүү болду, Сулайман тентек атасына кантип алдатканына өкүнүп, жарым жыл өтпөй үйүнөн чыгып кетти да, түк кайрылбай койду. Жалгыз уулу үчүн жашап жүргөн Текебай күйүп-бышып жата албады. Аягында ал баласынын каякта жүргөндүгүн да укту, мындагы айрым шахтёрлордун балдары менен бирге алыскы бир шаардагы окууга кирип кеткенин билди. Шахтёрго адис болуп келе турган окуу имиш деп айтышты.

«Бары бир ушу шахтыга келип иштейт экен го, жөн эле иштей бербейби? Аялынан эмне үчүн качат? Аялы төрөп бербейт беле?» деп күнү-түнү уктай албай күйүндү.

Жазга жетпей Текебайдын үйү кубанычка тунуп калды, келини уул төрөп таштады. «Ээ жараткан, миң мертебе ыраазымын. Кудайга шүгүр, менин тукумум уланат экен... Сулайман келет. Дагы уулдуу болом... дагы...»

Уулу Сулайман уругунда жок көктүгүн, катуулугун көрсөттү, үч жыл бою үйүнө башбакпай койду. Уулу Сатарбек үч жашка чыкканча жүзүн көргөн жок. Андан ары арызданып аскерге кетиптир деп айтышты эл.

Текебай не кыларын билбей бешенесин таяна ойлуу үшкүрүп отурду. Кан күйүп турган жылдар эле...

Ошондон көп өтпөй үч жыл бою күйөөсүнүн келишин күтүп отурган келини бирөөнүн этегин кармап качып кетти. Небереси Сатарбекти колдон алып, аялы экөө кала беришти. Үй ичи аңгырай түштү.

Текебайдын баягы мунарлаган кыялдары урап, чалдыбарда калган жандай ыңгайсыз коомайланып көпкө чейин жүрдү. Бара-бара анын ойлору кайра от алды, «согуш бүтсүн, эсен келсин. Аялсыз өтмөк беле? Дагы үйлөнөт... Менин балдарымын тамыры тереңге кетип, бай түп жаңактай чартактап өсөт. Менин кудайдан тилегеним ошо. Кудай берерин унутпасын...»

Текебайдын үмүтү от алат, ал өзүн өзү жубатат.

Сулайман көп жылдардан кийин согуштун бүтүшү менен келди. Бир-эки жеринен жараланса да алты саны аман кайтты. Ал зыңгырап салмактуу, жай сүйлөгөн бир мүнөздүү адам болуп жетилген эле. Өз оюн өзү бийлеген, айтканынан кайтпаган катуулугу атасына жакпай, ал турсун кыжырын кайнатып жибере турган болду.

Атасынын тез кайнаган ысык мүнөзүнө, кээ бир жеңил ойлорун угуп туруп Сулайман саал гана жылмайып күлүп коёт да, аны өз ичинде ойлонуштуруп көрөт. Анан көп учурда жооп бербейт. Жооп бергенде бербегенде пайдасыз нерсе сыяктанат.

Текебайдын баласы аскерден кайткандан кийинки биринчи эле сөзү аны үйлөндүрүү болду. Буга Сулайман саал жылмайып жооп берди:

– Биринчи жолу алып бердиңиз го. Эми өзүмө коюң.

– Мейли, мейли,– деди сакалын эми көк аралаган жеңил мүнөздүү Текебай баарына макул болуп, – иши кылып үйлөнсөң эле болду.

– Ким болсо деле мейлиби? – деди Сулайман тамашага чала кайра сурап.

– Ээ балам, ким болсо деле мейли. Аял деген тууп берсе эле болду.

Сулайман саал жылмайып, андан ары жооп берген жок.

Ошол жылы эрте күздөн Сулайман көп жылдык окууга жөнөп кетти. Текебай эрдин кырча тиштеп, жер муштап отуруп кала берди. Бул беш жыл ичинде баласынын өмүрү бүтүндөй желге учуп кеткендей, андан улам ичи туз куйгандай ачышып жүрдү. Санаасы сайга кетип, өз тукуму жөнүндө, анын эртеңи жөнүндөгү кыялы ашты.

Текебай бир тамга таанybaган сабатсыз киши болгондугу аз келгенсип, өзү менен кошо иштеген адамдардын саясат, укук, администрация жөнүндөгү сөздөрүнө түк кулак салчу эмес. «Иштегенибизге жараша айлык чыгарып жүрөбү, өкмөткө ыракмат. Баш оорутуп эмне кыласынар?» деп энтигип кагынып туруп кетчү. Андан көрө эски бир элдик обондун мотивинде кыңылдап ары-бери басканды жактырчу. Ошондо ал өз үй-бүлөсү, өз бал-дары, өз тукуму жөнүндө эргип кыялдана турган.

Беш жыл да өттү. Сулайман шахтага инженер болуп келди. Текебай үчүн анын кандай адам болуп келгенинен да, кайра өз үйүнө келип, эми келиндүү кылып кубандырары кызык эле. Бирок Сулайман өзүнчө үй алып, өзүнчө тура баштады. «Мейли, эми жалгыз турат беле? Үйлөнөт» деди Текебай кубанып.

Бирок жыл өттү. Эки жыл өттү. Сулайман үйлөнгөн жок.

Үчүнчү, төртүнчү жылга айланганда гана Сулайман үйлөндү. Анын жашы отуз бештерге таянып барып калган эле.

Текебайдын кубанычына чек жок эле. Ал көзүнөн жашын сүртүп кудайга жалынды. Түнү бою уктай албай кыялдуу күбүрөндү.

Азыр он алты жаштардан ашып калган небереси Сатарбекти эстеп, ошондон бери Сулайман удаа-удаа бала көрө бергенде үй толгон уул-кыз болот эле деп өкүндү. Ошону менен бирге Сатарбеги да аял алууга жакындап келатканын эстеп кубанды.

Анан ал небереси Сатарбектин мүнөзүнүн элпектигин, ачыктыгын, сергектигин эстеди. Эч качан көңүлүн калтырбайт. Сулаймандай түнт, бир мүнөздүү эмес. Ошондон улам чал дайыма ичтен кубанычтуу жыйынтыкка келет: «Неберем тилимди алат. Он сегизге чыгары менен үйлөндүрөм...»

Сатарбектин бир адаты басса-турса китеп окуйт, колунан түк китеп түшпөйт. Текебай өзүнчө карап отуруп веригет. Ал эми небересинин верикпегенине өзүнчө ичтен таң калат.

«– Эми чоңойдуң, балам,– деди Текебай көк аралаган сакалын кашылап отуруп,– мен болсо карып баратам. Колумдан ишимди алар мезгилиң келди...»

Сатарбек кыздай сулуу жүзүнө жарашкан жылмаюу менен чоң атасынын жүзүнө саал ойлуу тиктеп туруп анан сүйлөдү:

– Дагы бир беш-алты жыл чыдаңыз. Мен окууну бүтүп келейин...

Чал жүлүнгө сайгандай дирт этип чочуп кетти:

– Кайсы окууга?

– Тоо инженер окуусуна барам.

– Аны бүтүп кылар ишиң не?

– Тиги тоолордон кен издейм, кендер табам...

Текебай кежигесин кержейте тартып, маңдайын кобул-кобул тырыштыра бир топко үнсүз туруп калып сүйлөдү:

Сулайман беш-он жылдан убакыт өткөрүп окуу артынан жүрдү, акыры келер жери ушул экен… Эми сен да ошентем дейсиңби?.. Мында кандай маңыз түшүнбөйм? Ырас, мен чоң болбодум, окубадым… бирок өмүрүм ушу кенде өттү. Көңүлүмдө өкүнүчүм жок. Ак иштедим… Мага дагы эмне керек?.. Эч нерсе керек эмес… Мага бир гана силер керексиңер… Силердин балдарыңар…

Чал саал кызып барып токтолду. Анан бир аз үнсүз болуп калды, көңүлсүз кол шилтеди, – эми сен жоголосуң.. Менин атам деле окуду дегенди уккан эмес, бирок кен тапкан… Ырас, маңдайына жазган экен… Тапкан…

Сатарбек сулуу жүзүнө жарашкан ак тиштерин көрсөтө каткырып күлүп жиберди…

Чоң атасынын бул ишенимин, бул сыймыктуу сөздөрүн көп жолу уккан.

## II

Темирбай кедейди жаңы алышка басып жибере турган болгондо алдын ала сезип калып качып кутулган соң, өрөөндөп четтеп, токойдун этегине төлө казып кыштоо курду да, тиричиликтин жаңыча жолун издеди – көмүр өчүрүп, көмүр сатып тиричилик кыла баштады.

Жалгыз атына буурусунун сүйрөтүп, же кол менен кетмендеп токойдун чолоон жерлерди анча-мынча карала-торала кылып арпа-буудай чачып, жазгы, жайкы экиүч айын өткөргөн менен жыл – он эки ай убактысында көмүр өчүрүп, көмүр сатып анча чоң эмес үй-бүлөсүн эптеп багып туруунун аракетинде болду…

Ээгиндеги сакалы бириндеп, бети шапалактай болуп кичине көрүнгөн Темирбайдын кышын-жайын казганы көөра – жерди ийинден үңүп казып барып, анан кичирээк боз үйдүн ичиндей тегерете казына кылып казат да, үстүнөн жеңдей ничке түндүк чыгарат. Анан түн түшкөн токойдун ичинен бир түп акчечекти, же бир түп жаң-

гакты кыйып, алиги казылган көөрага бата тургандай кылып муунап-муунап дөңгөчтөр жасайт, дөңгөчтөрдү көөранын казынасына шыкап толтурат. Ошондон кийин от коёт. Дөңгөчтөр чатырап күйүп, жарымжартылай чок болуп келгенде, Темирбай көөранын оозун леп тосуп, топурак менен көөмп думдайт. Кыпкызыл болгон чоктор ошол саат өчүп, жарым жартылай күйө элек дөңгөчтөр ысыктын табы менен биротоло күйүп көмүргө айланат. Темирбай аны үч күндөн кийин ачат да, бир кап, же жакшы көмүлсө эки кап көмүрдү мулуңдап сүйүнө шилеп салып алат. Анан аны кашаң тору атына теңдеп жүктөйт да, кээде Созокко чейин түшүп, усталарга, зергерлерге жеткирип нак пулга, же бир нерселерге алмаштырып кайтат.

Темирбай малын өткөргөн соң кашаң торусун караван сарайга байлап, өзү базар аралап кирет. Кыркар турган дүкөндөрдү кыдыра басат. Дүкөндөрдө бейкасамдар, кашкаары шайылар, кызыл ала кымкаптар илинип турат. Дүкөнчүлөр ордунан элпек тура калып, Темирбайга кызмат көрсөтүүгө даяр экендиктерин билдиришет. Бирок алар менен мамилелешүүгө Темирбайдын кудурети жок, ал наркы четтеги бөз саткан дүкөнчүлөргө барып токтойт. «Катынга ылаазымга» деп бир нече бөз өлчөтөт. Өзүнүн кийгени да бөз жегде, бөз дамбал – эскирип бүткөн. Бирок өзүнө да өлчөтсөмбү деген ой менен токтоло калат, жетпеген көроокаты толуп атат. «Ак падышанын алыксалыгы бар »... дейт желкесин кашылай оюна түшүрүп. Андан ары бакалчыларга барып, эки кадак өрүк, эки кадак жийде алып, белине үч-төрт ороп алган бөз курунун бир катын жазып жиберип, домпойтуп ороп алат. Анан чайканага келип, шалча төшөлгөн четки чарпаяга көчүк басат.

Чайканада эл жык-жыйма – бири келсе, бири кетип жатат. Күү-күү деген көпчүлүктүн үнү кулактын кужурун алгандай болот. Чайкананын кызматкери патноско

салып алып келип алдына койгон бир нанды жай жеп, чайнектеги чайды аз-аздан куюп ичип, айланасына аңкая көз чаптырып отурат.

Анын көзү тээ жогорку килемдер төшөлгөн панжиралуу кооз чарпаяда чай ичип отурган ак селделүү кара сакалга түшөт: анын айланасында беш-алты адам... алдында аппак шырман нандар, жүзүмдөр, кесе кылып тилинген коондор... Кара сакал мырза ак нандан кичинеден гана сындырып оозуна салып, жүзүм, коондорго көңүлүн түк да бурбайт. Жанындагылар алаканын көкүрөгүнө коё ызат көрсөтүп, буркурата демделип келинген палоого көңүл буруусун сурашат.

Өзүнө жакын жерде үлбүрөп жаңы чыккан сакал мурутун капкара кылып коё беришкен ак селделүү молдо батчалар китеп ачып сөз талашып, алдындагы чайларынын алда качан муздап калгандары менен да иштери жок кызууланышат. «Мадрасада окушат... кудаанын жолун жолдогондор...» деп Темирбай негедир саал суктангандай ойго келет.

Алардан сол жаккы бурчта эки неме кыпкызыл болуп күнгө күйө тамылжып, башына күн тийип калганы менен да иштери жок, көзүн жумган бойдон, колундагы чайдан анда санда бир ууртап коюп үргүлөп отурушат. Бул көгнаркеч пангилерди көпкө чейин карап отуруп, Темирбай өз оюнда түк жыйынтыкка келе албайт. «Эмне жыргал табат экен?» деп ойлойт.

Оң жаккы бөлмөдөн таштарын «тарс-тарс» ура «дарткам!.. дарткам!..» деп күпүлдөгөн кумарпаздардын үндөрү угулат.

Шаардын татаал турмушуна Темирбай бирпаз да туруштук бере албай буулуп, деми кыстыгып чыгат. Ал кетүүгө ашыгат, ээн талаа, түн түшкөн тынч токойлорун эстейт. Учуп жөнөгүсү келет. Ошондо ал шашылып жетип кашаң торусун минет да, теминип-кагынып жолго чыгат.

Жол узак. Темирбай кээде кашаң торуну опоң-опоң жорттура, кээде темине ылдамдатып жүрүп отурат. Колу кээде-кээде белине оролгон курундагы дөмпөйгөн өрүккө жеткенин билбей калат, улам бирден алып оозуна салып коёт да, көроокаты жөнүндөгү ар кандай ойлор менен алек болуп кетип баратып, өрүгүн бүт түгөтүп, үйүнө эч нерсе калбаганын да унутуп калат. «Алда кашайгыр ай, бирди эле жейин дебедим беле?» дейт өзүнчө өкүнүчтүү күңкүлдөп.

Ушундай өзүн унуткан ойлордун биринде ал алиги моллобатчаларды эсине түшүрдү: «Кудайдын жолун жолдогондор булар...» – деди өзүнчө талаша турган эч нерсе жоктой буга макул болуп. Анан үнсүз бара жатканда күтүүсүз бир ой башына кылт келе калды, – менин тукумуман да бирөө китеп кармар бекен?..– Ал ошол замат өзүнүн баласыз экендигин эстеп, жүрөгү зыр дей түштү. Көңүлү муздап баратты. Бириндеген суюк сакалынын астынан колун өткөрүп, аны мурдун көздөй кайрыды. Жашы кырктан эми гана ашкан болсо да сакалына көк аралап калганын көрдү. Көзүнүн жашы каканактап кетти. Бир топко чейин үнсүз тиштенип, торусун темине берди. Анан ал өзүн жубата акырын кобурады: «менин атам мени элүү жашында көргөн турбайбы. Кудай берерин унутпасын... Кудай мага да берер...– Анан анын үмүтү көөдөнүн саал толкутуп чыкты. Кайра дагы моллобатчалар жөнүндө ойлоду: «Кудай аларга ушуну ата кылган – багыштаган... Биздин ырыскыбыз тоо арасында... токой арасында... Биздин күнүбүз ошолор менен...»

Темирбай кана уктап, эрте ойгонот. Анан адаттагы күнү башталат. Токойду аралай басып, бир түп акчечекти кесүүнү чамалайт да, андан мурун көөра казат. Бөз көйнөгүн чечип, карагайга илип коюп, кетменди күп-күп шилтеген сайын арык кабыргалары кылыч миздене салаа-салаа болуп чыга түшөт. Мончоктогон маңдай терин улам колунун арты менен сүртүп коюп, өжөрлөнө жер казат.

Темирбай улам жогорулап басса, жылга ичи түн түшкөн токой: жаңак, алма, алча... дагы-дагы толуп жаткандар. Тоо алмалары саал ачуураак, какырымыраак келет, ошон үчүн эл үзүлө түшүп терип албайт. Кеч күзгө чейин туруп, анан күбүлүп түшөт да, мал жегенин мал жейт, мал жебегени чирип жок болот. Буга көңүл бурган киши болбойт. Алчасы да ушундай болот. Ал эми жаңгагынын иши башка: күз болгондо өрөөндү эл жабыла чыгып терип алат. Ал турсун байлардын, белгилүү адамдардын ээлеп алган токою бар, ага эч кимдин колу тийбейт.

Күз мезгилинде Темирбай да эл менен кошо ондогон кап жаңгак терет. өзүнө керегинче алып калат. Аны аялы чагып маңызынан май чыгарып алат. Калганын эл менен кошо эл тапшырган жерге тапшырат, бир аз пул кылып алат. Муну француздук концерн уюштуруп, аны чет элге алып кетип жатканын Темирбай кайдан билсин?..

Ушул концерн кээде жаңак жыгачын даярдатып, эсепсиз көп арабалар менен ташытып кетчү. Темирбай мында да аябай иштеп, анча-мынча акча таап калууга аракеттенер эле. Таң үрүң-баранда туруп, ташып берүүгө ыңгайлуу жердеги кош кучак жеткис, асман тиреген салабаттуу жаңактарды болот балта менен капталга токулдатып ургулап отуруп шаштысын алып, тоо кулагандай касырата кулатып, анан бутап, жоон өзөгүн эки метрдей кылып муунаштырып, өгүздөр менен түзгө сүйрөтүп түшчү. Ал жерден жыгач алуучулар кесип келип бергендиги үчүн акча төлөп, анан Кокон, Анжиямдан алып келген эсепсиз көп арабалар менен алып кетишчү. Муну кайда алып кетип жатат, ким алып кетип жатат, кимдин токоюнан ким алып кетип жатат, кимди ким алдап жатат, кимдин көркүн ким алып, кимдин жерин ким жакырлантып, кимдин канын ким соруп жатканы менен Темирбайдын түк иши болчу эмес. Ал ой башына келип да койбойт эле... Ага болор болбос акча төлөгөнү кызык, ал ошого ыраазы...

* * *

Темирбайдын өмүрүндөгү жаңы этап күтүүсүз жерден башталды.

Темирбай адатынча токойдон чолоон жерди буурсун менен карала кылып чийип, арпа сээп таштады. «Эрте бышат, эми эле оозго тийип калат» деди шак маласын тартып бүтүп жатып өзүнчө күбүрөнүп.

Ырас эле Темирбайдын күнөстүү тумшуктагы арпасы эрте бышты. Чөп чабыкта сарала болуп калды.

Темирбай кашаң торуну коктудагы балкамышка аркандап, өзү түшкө чейин тынбай арпа орду. Күн көкөлөп, улуу шашке болуп келгенде кашаң торунун жанындагы булакка келди да, булакка жакын жерде томолонуп жаткан кара таштардан үчтү алып келип кемеге жасап, ортосуна куу дөңгөчтөн калап от жакты, үстүнө толо суусу менен жез кумганды жайгаштырып койду да, чай кайнатып ичмек болду. «От тутанып, чай кайнаганча дагы бир-эки боо оруп келейин» деп арпасын аралай басты.

Эки боо арпа оргон соң түшкө чейин оргонуна көзү кубанып, ооруган белин сарыктыра бир топко чейин турду да, анан чайы эсине кылт этип, кемегени көздөй ылдамдай басты. Кайнап соолуп кете турган болгон кумганды ала коюп, чочуп кеткенинен кумганы колунан каңгыр этип жерге түштү. Темирбайдын жүрөгү алкымына каптала түшкөнсүдү: очок кылып үч жагына койгон кара ташы кыпкызыл болуп жалындап күйүп жаткан эле. Көргөн көзүнө ишенбегендей көзүн ирмеп-ирмеп алып карады, ырас эле үч кара таш тең жалбырттап күйүп жаткан болучу.

Темирбай орогун ыргытып, кашаң торунун ооздугун салууга да үлгүрбөй, секирип минип үйүн көздөй качып жөнөдү. Арт жагын үч-төрт жолу кылчайып карады, бир нерсе кууп келе жаткансып жүрөгү апкарыды.

– Сыр көрүндү мага,– деди энтигип, аялына болгон окуяны айталбай, – сыр көрүндү. Таштар күйүп кетти?..

– Эмне дейт?

– Булактын боюндагы кара таштар жалбырттап күйүп кетти. Кудайдын жолуна түлөө кылбасак болбойт. Сары эчки кайда? Тап! Азыр тап...

Темирбай сары эчкисин союп түлөө өткөрүп, түздөгү өзүнө жакын беш-алты кишинн чакырды. Аларга эч нерсе айткан жок. «Мага кудайдын бергени ушул... унчукпай түлөө өткөрүп, кудайдан уул тилейин» деди өзүнчө зор үмүт менен...

Бир күнү бул сырды Антүн (Антон) деген ашына досуна айтты. Аны менен жаңак кесип, аны ташып жүргөндө таанышып калган. Көзү көкташтай көгөргөн Антон өзү жөнүндө көп нерселер айтып берген. Араба менен төрт жыл бою жол жүрүп келдим деп айткан. Кээ бир жерде анча-мынча тиричилик өткөрүп туруп калып, кайра көчүп жүрүп отуруп, төрт жылда ушул жерге жеттим, меники бечара адам, балдарымы багып келдим деген. Темирбай оозун ачып таң калган. Анын оюнча тээ Жалал-Абаддан нарылаган сайын асман менен жер кошулуп туюк болуп, андан нары жер жок сыяктуу көрүнүп турар эле.

– Кайда ушу таш? Мага көрсөт,– деди Антон.

– Алиги мен көмүр өчүрүп жүргөн токой бар эмеспи, ошол жерде. Биз аны Коргон-Таш деп коёбуз, адырынын эки жагы тегеренген эле кара таш болот.

Эртеси Антон лом темирин, балтасын канжыгасына байланып алып, Темирбайдын эшигине жай бастырып келди.

Темирбай жол ката тынбай сүйлөп, «карай койсом эле таш күйүп атат. Сен ишенип кой» деди Антонду ишендирүүгө аракеттенип, антпесе Антон кайра бастырып кетип, жалганчы болуп каламбы дегенсип эси чыгып, тынымсыз сүйлөп баратты.

Баягы жерге жетишкенде Антон аттан ыргып түшүп, лом темир менен салаңдап турган күрөң таштарды уруп-уруп көчүрүп жиберди. Нары жагынан капкара болуп жаркыраган таштар чыга келди.

Антондун көк көздөрү оттуу жылт эте ойноктоп, сары жүзү кыпкызыл болуп албыра каны тээп чыкты. Аны Темирбай байкаган жок. Ал өзүнчө таңдана сүйлөп жатты:

– Ой, Антүн, бу жумшак экен го. Кара таш катуу болчу эмес беле? Ой кудаанын кудурети...

– Кара таш... кара таш... – деди Антон өзүнүн ички толкундоосун араң токтотуп. – Кудай ар кандай таш чыгарган,– деп койду.

Ошондон бир нече күн өткөн соң Темирбай көмүр өчүргөн кезектеги көөрасын казып, эки кап көмүрдү кашаң торусуна жүктөп түшүп келатса, Антон эки иниси менен, бүт үй-бүлөсү менен колот өрдөгөн жолдун айрым тар жерлерин кеңитип казып баратышкан экен.

– Ой, Антүн, бу жолду кеңитип не кыласың?

– Араба чыгарам.

– Жыгач ташыйсыңбы?

– Амүзүн ташыйм. И кара таш ташыйм.

– Кара ташты эмне кыласың?

– А керек. Жүда керек.

– Ээ, там саласыңбы? Алдына коёсуңбу?

– Кара таш якши,– деди Антон кеп узатпай.

«Ээ, олок оюна келгенин кылат» деген ушу да. Болбосо ташты тиги жакыныраак сайдан ташыбайбы...» Темирбай өзүнчө күбүрөп сүйлөнүп бара жатты.

Көп өтпөй Антон эки араба менен шаарга кара таш ташып жатканын Темирбай көрдү, бирок эч нерсени акылына келтире алган жок. «Шаарда туугандарым бар деген, там салат бейм» деп ойлоду.

Кыш жакындап келаткан эле. Темирбай кышка камданмак болду: эски көөраларын оңдоду, дагы үч-төрт жаңы көөра казды: беш-он түп жыгач кесип даярдап,

көөраларын дөңгөчтөр менен шыкады: анан баарын бир мезгилде күйгүзүп, бир мезгилде көмдү: эртеси көөрөларын бир четтен ачып, капкара көмүрдү кап-капка тиеп, бир төлөсүн жыкжыйма кылды. Бул кездерде анын кубанычына чек жок эле: биринчиден, аялынын боюнда төрт айлык күмөнү бар, экинчиден, ал мынчалык көмүргө өмүрүндө ээ болгон эмес эле. «А, айланайын кудай, бериңди унутпа... Иши оңолот деген ушу, өлбөсөк бир күнүбүз өтөт экен го...» деп алдын ала кубанчын аялына айтып, уктай албай жүрдү.

Бул мезгилде антип-минтип бир эки ай өтүп кетти.

Бир күнү Темирбай эртең менен эрте туруп, кашаң торуга эки кап көмүрдү сылай жүктөп, калааны көздөй жүрүп кетти. Жол ката ал боюнда бар аялына эмне сатып келип берип кубантсам деген ой менен алек болуп барды. Көтөрүңкү кубанычтын деми менен шаарга жеткенин да билбей калды.

Бирок күтүүсүз нерсе ушу жерде болду: анысына барса да, мунусуна барса да көмүрүн албай коюшту, сенин жыгач көмүрүңдөн он эсе күчтүү таш көмүр алып алдык деди кара сакалдуу кетмен жасаган темирчи уста досу. Сары сакал зергер досу да ушуну айтты, бекер берсең да албайм, эми, дос, – деди көзүн жүлжүйтө жылмайып.

– Ой, таш көмүр дегениң эмне? Көрсөтчү мага, кандай көмүр экен?

– Мына дос,– деди бурчтагы томолонуп жаткан баягы өзү Антонго көрсөткөн кара таштарды көрсөтүп. Темирбай таң калып туруп калды.

– Ким апкелди,– деди акырын сурап.

– Араба менен эки-үч айдан бери апкелип атат. Жүда күчтүү экен, темирди тим эле суу кылып эритип иет...

Сары сакал зергер сыймыктана сүйлөдү.

Темирбай кашаң торусунун белин талдыра кечке жетелеп жүргөнү менен эч ким көмүрүн алган жок. Кечке

жуук шаардын четине чыгып, сайдагы сууга эки кап көмүрдү төгүп жиберип, чарчаган кашаң торусун араң бастырып, шалкыйып ойлуу келатты. Адатынча эрмек кылып бир-бирден жеп келгенге белиндеги курунда бир кадак өрүгү да жок эле…

Кыш түштү. Кыштын узак түндөрү келди. Темирбайдын ою өз тиричилигинин жайы жөнүндө. Тунжруап көз алдына эч нерсени келтире албайт. Жаз чыкканда бир күтүүсүз ой башына түштү: «Ой, бу таш көмүрдү мен тапканмын да… Кудаанын талаасында жаткан таш ко… Бу деги чети оюлар нерсе эмес да… Мага деле, Антүнго деле жетет эмеспи… Бу ырыскыдан мен деле апарып оокатымды кыла берейин…»

Темирбай таң азанда туруп барды да, Антон казган үңкүрдөн балталап казып, атына бир жапмалап көмүр жүктөдү, эми кайра тартып жөнөй бергенде, Антон менен анын сары чач иниси келип калышты.

– Эй, сеники эмне уурулук кылат? – деп кыйкырды Антон.

– Уурулук кылганым жок, Антүн. Мага деле, сага деле жетет бу кудайдын ташы… Бекер кыйкырба…

Темирбай түк капарында жок эми жөнөй бергенде Антондун иниси кашаң торунун чылбырын сууруп алып, атты башка-башка чапты. Кашаң тору колдон жулкуна чыгып, кабын оодара төмөн көздөй качып жөнөдү.

– Ой, Антүн, бул эмнең? Иниңин бул эмнеси? – деди жалооруй.

– Сен неге уурдайсың? – деди Антондун иниси.

– Эмнеңи уурдадым мен?.. Кудайдын таш көмүрүн сен бир жактан алып келдиң беле?

– Болду, болду… – деди Антон эң мурун инисин тилдеп, анан Темирбайды тынчтандырууга аракеттенип. – Бу жаш бала. Эси жок…

– Ой, мени жалгыз атымдан ажыраткыңар барбы? Мунсуз менин оокатым не болот? Айтчы деги? Айтчы?

– Шашпа,– деди Антон көк көзүн кыбыңдата ирмеп,– атыңы таап берем. Атың кары, баары бир өлөт. Сен жерде калбайсың.

– Азырчы? Азыр өлөмбү?

– Азыр мен сага иш таап берем,– деди Антон кол серелеп ишендире сүйлөп, – сен шаарга көмүр ташыйсың. Ар бир айда акча берем. Меники үч араба бар. Бирин сен, бирин мен, бирин меники үка айдайт. Күн-түн Жалал-Абад барабыз. Сен капа болбо…

Темирбайдын өмүрүндөгү жаңы жалданма жумушу ушинтип башталды. Анын өмүрүндөгү эң бактылуу, эч бир унутулбас жылы да ушул жыл болду – катыны эркек төрөп берди. Сүйүнгөнүнөн не кыларын билбеген Темирбай арабасын айдап шаарга барып келгенче ыйлап барып, ыйлап кайтты. Тилеп алган баласынын атын эркелетип Текебай койду…

Темирбайдын бир беткей турмушу бир калыпта тынымсыз айланып, улам жаңы жылдарды ороп жатканы менен анын үйүндө да, тиричилигинде да, аң -сезиминде да, көзгө көрүнөрлүк өзгөрүүлөр болгон жок. Бар болгону уулу алты жашка, дагы он эки жашка чыгып, ал эми өзүнүн сербейип бириндеген сакалын бүтүндөй ак ороп келе жатты. Кетейин дейт колунда мыдыры жок, эптеп жалгыз уулун багып туруунун мүмкүнчүлүгүн Антондун айланасынан башка жерден көрө албайт…

Ал эми Антондун турмушунда укмуштай өзгөрүүлөр болду: эң мурун ал өзү араба айдагандан бошонду, бирок арабаларынын саны азайбай, он беш-жыйырмалап көбөйүп баратты, эми көмүр казгандар, араба айдагандар болуп ондогон адамдар анын көзүн карап тура турган болду. Бара-бара анын конторасы пайда болуп, анын тамыры улам тереңге кетип, алыскы жактарга чейин жетип бутактанып баратты… Кийинки жылдарда Антон немецтик ири капиталисттер Крупптардын салган ири акциясы менен бирдикте шахтаны акыркы жабдуулар

менен, адам күчү менен жабдып, толук ишке киргизүү үчүн күнү-түнү тынымсыз аракеттенип жүрдү...

Темирбай бир күнү Антондун үстүнө кирди. Ал жылтырак айвандуу шапке кийип, кагаз жазуу менен алек болуп жаткан эле.

– Кожайин,– деди Темирбай суйдаң чокчо сакалы саал титирей берип. Ал баягыдай «Антүн» дей албады. – Мага ырайым кыл.

– Ну,айт,– деди Антон ыш болгон сары мурутунун арасынан папиросунун түтүнүн буркурата.

– Менин уулум Текебайды ишке ал. Чоңоюп калды. Менин тапканым оокатыбызга жетпейт. Ушундай кыл, ашына.

– Оо, сеники уул жуда катта болду?

– Кудаага шүгүр, жетилип калды. Бу сенин да уулуң Антүн. Сага ишке өткөнүмдө көргөмүн бул уулумду,– деп Темирбай саал кошоматтана сүйлөдү. Көзүн жүлжүйтө ырайым күтүп турду.

– Майли,– деди Антон мыйыгынан саал жылмайып,– нече жаш?

– Он алтыда.

– Макул. Бирок акча аз болот.

– Ой, Антүн,– деди Темирбай суйдаң сакалын сербеңдете, – ишенип кой, менден жакшы иштейт... Карылуу, жетилди.

– Вот дурак, – деди Антон тамекисинен соруп, бу – бала. Баары бир бала... Бала, значит – акча аз беремин!..

Темирбай не кылышын билбей токтоп калып, анан кайра жалбара сүйлөдү:

– Майли, Антүн, сен айткандай эле болсун. Иши кылып ишке алчы... Жарым өмүрүм сени менен өтүп келатпайбы. Сен азыр жүда бай болдуң, кожайын болдуң. Мага бир ырайым кылчы, төрөм...

Он алты жаштагы Текебай билеги жоон кара жигиттердин катарында жайлар курууга, жер тегиздеп,

бирин-экин салынып жаткан үйлөрдүн курулушуна катышып, жол казып, кээде шаардан арабалап тактай ташып, иштеп турду.

Далысы кайрыла иштеп, бутун тартарга алы келбей үйүнө жетсе да, анысын атасына, энесине билдирбейт, жигит болуп көрүнгүсү келет. Ушинтиши менен алы кетип арaң өчөйүп калган оору атасына кубат берсем дейт, медер болсом дейт...

Жаңыдан элге кошулган Текебай эч нерсени ажырата албайт эле... бир күнү «ак падыша кулаптыр» деген сөз жүрдү, бирок мунун маанисин Текебай түк ажырата алган жок, бар болгону ошондон көп өтпөй Антон алардын иш акысы үчүн башка акча бере баштады... Текебай муну ажырата албай, жаңы акчаны тегерете тиктеп турду. Жай айланып, күз кирип келе жатты...

Бир күнү «Кызыл-Кыядан адам келиптир. Сөз айтат экен. Жаңылык айтат имиш...» Антондун кенинде иштеген жыйырмага жакын адам дүрбөп калышты. Алардын ичинде сакалдары бапыйган беш орус бар эле, калгандары Текебай сыяктуу боз баш кыргыз балдары, Темирбай сыяктуу караңгы кыргыз адамдары эле.

Кызыл-Кыядан келгендер бирөө эмес, үчөө экен, баары куралчан эл, бири сакал койгон орто жаш, экинчиси жашыраак орус адамдары, үчүнчүсү өзбекче-кыргызча аралаштыра сүйлөгөн отуз жаштар чамасындагы жигит экен. Мындагы жыйырмага жакын адамды чогултуп алып, эң мурун алиги сакалчаны сүйлөдү. Андагы угуп отурган орустар, анан айрым сөзгө түшүнгөндөр орундарынан тура калышты, тебетейлерин асманга ыргытыша чуулдап кетишти. Ал эми боз баш Текебай болсо эч нерсени түшүнгөн жок. Оозун ачып, аңкайып карап турду. Анан бул сөздөрдү алиги өзбекче-кыргызча аралаштырып сүйлөгөн жигит кайталап берди... «Эзүүчүлөр кулатылды... Бийлик эзилүүчүлөрдүн колуна өттү... Ленин... революция... жашасын, ура!...» Баары кыйкырышты.

Текебай болсо бул сөздөрдүн маанисин баары бир түшүнө албай, эзүүчүлөр кулаганда өзүнө эмне тиерин акылына келтирүүгө түк чамасы жетпей, башкалардын оозун тиктеди...

Анан алиги калгандар мындагы кендин иши убактынча токтолуп тура тургандыгын билдиришти. «Каалоочулар Кызыл-Кыяга кетесиңер» деди. Мындагы төрт-беш орус, дагы беш-алты кыргыз жигиттери токтоосуз макулдуктарын билдиришти. Текебайдын делебеси көтөрүлүп турса да ооруп араң жаткан атасын эстеп, башын шылкыйтып төмөн салды.

Мында калган төртөө-бешөө Антонго бармак болушту акы доолап. «Кызыл-Кыяга кеткендердин акысын алиги келген кишилер алып беришип ээрчитип кетишиптир. Жүргүлө, биз деле барабыз».

Алар түз эле Антондун короосуна кирип барышты. Антон жакасы артына салаңдата кайрылган ичигин желбегей жамына чыкты да, сары мурутун ыштай буркурата тамеки соруп, талтая жер тээп туруп калды.

Келгендер өз максаттарын айтышты.

– Мен эч кимге акча бербейм. Шахтаны менден большевиктер алды. Силер ошондон акча алгыла.

– Ал балчайбек Кызыл-Кыяга кетип калды,– деди кимдир бирөө.

– Бар, ошондон ал...

Антон үйүнө кирип кетти.

Алигилер тура беришти.

Бир убакта Антон кош ооз мылтыгын алып чыгып, тургандарды көздөй «тарс» эттире атып жиберди эле, тигилер жайыла качып, Текебай баштаган бир тобу кашат ылдый сайды көздөй бой урушту.

Атасы Темирбайдын сербейген сакалы уйпаланып, көзү чөөттөгү соолуп бараткан суудай жылтырап, күндөн-күнгө алы кетип бара жатты. «Кызыл-Кыядан адамдар келди. Байлардын күнү бүтүптүр. Бечаралардын заманы

келиптир» дегенге түшүнө бербеди. Түшүнсө да өзүнчө түшүндү. Кайра эле ал Антонду сурады:

«– Антондон кенди алып койду» – деп түшүндүрдү.

«– Антон кожайин болбосо ишти ким жүргүзөт? Сага пулду ким төлөйт?» – деп сурады уулунан.

«– Балчайбек дегендер алды. Пулду ким төлөрүн билбейм» – деп боз баш Текебай жер тиктеди.

Темирбай бир топ онтоп жатты да, эч нерсе түшүнө албай, кайра уулуна кеңеш айтты:

«– Сен Антүндөн ажыраба, балам. Мен эми кетем...»

Текебай: «кайда кетет» дегендей атасынын жүзүнө жалт карады. Темирбайдын жылтыраган көзүнүн оту өчүп бара жаткан сыяктуу эле...

«Мен кетем...– деди ал алсыз кыңылдап,– айланайын, керезими ук, жалгызсың... катын ал. Өз колум менен үйлөндүрсөм деген элем. Тилегиме жетпедим... Тез үйлөн. Темирбайдын тукуму үзүлүп кетпесин... Темирбайдын тукуму... Темирбайдын...»

Оорунун акыркы сөздөрү угулбай калды...

* * *

Текебайдын керт башына чыныгы совет бийлиги – чыныгы эркиндик 1925-жылы жер исла (реформа) менен кошо келди... Атасы өлгөндөн көп өтпөй апасын да жерге жашырган соң, жалгыз башы менен кайда басарын билбей отуруп калды. Анан ата осуяты боюнча Антонго барды. Антон аны өз чарбасына алды: ат бактырып, араба айдаттырды, соко берип өз дыйканчылыгын жүргүздүрдү.

Жылдар өтүп жатты, бирок Текебай айланасында кандай өзгөрүштөр, кандай жаңылыктар болуп жаткандыгын сезе алган жок. Кара кардынын тойгонуна каниет кылып, баш көтөрбөй Антондун эшигинде иштеди. Антондун жери тартылып алынып, өзү түрмөгө отурган

соң, башка жалчылардын катарында Текебайга да жер тийди. Ал маңдай жарыла кубанычка тунганы менен жерин башка жерчил дыйкандардай үлөштүрүп иштеп кете алган жок. Биринчи эле жылкы кургакчылыктан улам жери түшүм бербеди. Жер ышкысы канына сиңбеген Текебай күзгү жыйым-теримден соң Коргон-Таштагы шахтаны көздөй салынып жаткан темир жолдун курулушуна ишке кирди. «От араба келет имиш... Чоюн бука сүйрөп келет экен...» деген сөздөр алда кандай бир жаңылыктан кабар бергендей көңүлүн делебеленте кулак учуна жаңырып турду...

Дал ушул темир жол курулушу менен кошо Текебайдын да кенен тагдыр жолу салынды: эң мурун ал ушул жерде үйлөндү, андан кийинки жылы жаңы ишке киргизилип жаткан Таш-Көмүр шахтасына ишке орношту. Жыл айланбай жарды үй бакытка толуп, уулу Сулайманды көрдү... Темирбайдын тукуму улана баштады...

Жылдан жыл айлануу менен өз ишине Текебайдын ышкысы ойгоно берди, канча иштесе эч бир чатагы жок акысын алып турат; айланасында ишенимдүү адамдар; анын иши үчүн, анын өзү үчүн кандайдыр көрүлүп жаткан чыныгы камкордукту ар бир кадам сайын сезип турат... Мындайды Текебай үч уктаса түшүнө да киргизе алган эмес.

Кийинчерээк Текебай сабатка үйрөнүүгө тартылды. Буга өзү да кунт коюп, иштен соң үздүксүз барып турганы менен кол койгонду үйрөнгөндөн нары өтө албай койду. Негедир анын ой жүгүртүүсү бул нерсеге такыр көнүгө албады, бүгүн жүз жолулап айтып бергенин эртеси унутуп калат. Акыры өзү да жадап, «бул мага буйруган эмес экен» деп моюнга алып, баарын токтотту.

Текебай шахтада өткөргөн өзүнүн узак өмүрүндө дайыма ак иштеди. Көңүлүндө кылдай да карасы болгон жок. Билек күчү, акылы эмнеге жетсе, аны түк аябады. Бирок, ал жумушчулардын чогулуштарына, талаш-

тартыштарына түк катышкан жок. Мүмкүн болушунча андан алыс болууга, «жөн иштөөгө» аракеттенүүчү.

Согуштун оор жылдарында он төрт, он алты сааттан иштөөгө туура келгенде да түк кабагым-кашым дебеди, бирок ошондо да бир ооз сөз кошуп сүйлөп, алдын ала убада берүү дегенди билген эмес… «Мен иштейин… менден ишти сурагыла» дечү…

Текебайдын көкүрөгүнө медаль тагышкан учурлары да болду, мактоо кагаздары берилип, мактоо сөздөр айтылган учурлар да болду. Ошондо да Текебай баш ийкеп ыракматын билдирген. Купулунда «мен иштейин, силер баалагыла» деди.

## III

Жай кышты кубалап, кыш жазга кезек берип, мезгил түк токтободу.

Албан турмуш өз агымынан түк жазбай алга жыла берди. Ал кимдидир аяп, кимгедир кылчактап карап турбайт… Бүгүнкү мезгил эртең кайталанбайт, улам жаңысы… улам жаңысы…

Мына, Текебай карып пенсияга чыкканына да беш-алты жылга аяк басып баратат. Бул мезгил ичинде ал эч жакка чыкпай дайыма өз үйүндө болду. Кээ-кээде гана эртең мененки тамактан соң кенчилердин дуу-чуулу шаарына чыгып, адырларды аралап, тереңге кирип кетет. Дөбөлөргө чыгып тээ алыскы өрөөндөргө, жогору тарабындагы арсайган ак кардуу тоолорго көз чаптырат. Тоолор дүңкүйүп сыр каткансышат.

Ушул беш-алты жыл ичинде аппак сакал Текебай башы толгон ойлор менен жашады, ал ойлор аны күндүз болсо күндүз, түнкүсүн болсо түндө да, түк жалгызсыратпайт. Текебай балдары жөнүндө, неберелери жөнүндө, алардын эртеңи тууралуу ойлойт. Бул ал үчүн зор мүдөө, жашоосунун бүткүл маңызы сыяктуу сезилип турат.

Айрыкча небереси Сатарбек тууралуу ойлору бир мүнөткө да тынчтык бербейт. Шаардан сыртка чыгып тээ алыскы катмарланган кыргыз тоолоруна көз салып отургандагы себеби да ушундан... Небереси Сатарбек ушул тоолордун арасында... Ал ушул керме тоолордун арасында катылган кендерди издеп жүрөт...

Сатарбек кыргыздын борборуна же наркы чоң борборго барганда да, келгенде да чоң атасынын үйүнө бир күн, эки күн токтолуп өтөт. Ал чоң атасына, чоң энесине арнап белек-бечкек, кийим-кече ала келет. Кары адамдарды аз болсо да кубандыра кетейин дейт. Ал эми Текебай чалдын небересинен күткөнү, анын келишин дайыма самашы ушунданбы? Жок! Текебайдын айтары таптакыр башка!..

Алты айдан бери көзгө илинбей жок болгон небереси Сатарбектин үйүнө күтүүсүз келип калышы Текебайды бир жагы кубандырса, бир жагы чыдамсыз бир ички абалга салып койду. Ал баягы эле сөзүн айтабы? Антсе ал сөздөрү небересине жетеби, же дагы адатынча кургак убадаларды берип кутулуп кете береби? Антпесе эмне кылышы керек? Кандайча таасир этүү керек?

Күчтүү ички ой бийлеген Текебай чал эмнеден баштashын билбей, небересинин жүзүнө тигиле тиктеп турду. Сатарбектин эркин коё берген капкара сакал-муруту аппак сулуу жүзүн ого бетер ачып, ошону менен өңүнө кандайдыр токтоолукту, акылга толгон сыяктуу бир көзгө илинбес, бирок назарга түшөр белгини берип турган эле. Бир кездеги ойноктогон курч көзү абдан токтоо, ойлуу...

– Сакалды коё бергениң жакшы болуптур, балам, – деди Текебай чал өзүнүн токтоо сөзүн жөнөкөйдөн баштап, – периште түнөр экен...

Сатарбек кара мурутунун арасынан ак тиштерин көрсөтүп күлдү да, акырын кошумчалады:

– Чоң ата, биз тоо арасында катаал жерде жүрөт эмеспизби. Чаң-чуң, суук...

– Мейли, сакал эр жигитти салабаттуу көрсөтөт. Сакалың жакшы. Бирок ушу сакалыңа жараша үй-бүлөң, бала-чакаң кана?

Буулугуп өзүн араң токтотуп турган Текебай чалдын сабдал сакалы саал титиреп кетти.

Сатарбек «дагы баягы сөз» дегендей кабагын бир аз бүркөй үнсүз жер карап турду.

– Ушул өмүрүңүн баары бекер өткөн жокпу? Бекер!..– Текебай чал «бекер» деген сөздү айрыкча басым менен кайталап айтты.

Текебай чал үчүн Сатарбектин өмүрүнүн бекер өтүп жатканы түк талашсыз сыяктуу эле. Ал эми бул өмүрдүн тынымсыз күрөштөр менен зор максаттарга умтулуу жолунда өтүп жаткандыгын түшүндүрүү эч бир мүмкүн эмес эле...

Сатарбек жыйырма эки жашында политехникалык институтту мыкты бүткөн соң, геологиялык чалгындоо партиясы менен бирге ак кар, көк муздуу тоо арасына кетти. Жыл айлануу менен ал ошол чалгындоо партиясына жетекчи да болуп калды.

Жамгыр... бороон... Чатыр ичиндеги катаал турмуш... Кыйынчылыктар... Булардын баары кубаныч менен, зор кубаныч менен жуулду. Зор запастуу сурьма кенинин жаткан жерин табышты. Болгондо да түстүү металл... Түстүү металл оор өнөр жайларынын алгебрасы экендигин геологдор эң жакшы билишет. Ошон үчүн алар ар кандай кубанычка акылуу эле... Ал эми Сатарбек болсо кубаныч менен гана токтолуп калган жок. Ал бул иштерин жыйынтыктап, аны илимий жактан жалпылоо аракетинде болду. Академия менен байланышып, алардын жетекчилиги астында илимий иш жүргүздү. Жыйырма жети жашында диссертациясын ийгиликтүү коргоп, геология илиминин кандидаты деген наам алды.

Сатарбек баш-аягын жыйынып, өз жеке турмушу жөнүндө ойлонууга али үлгүрө электе ага абдан жооптуу иш тапшырылды: дал ошол өзүнүн жетекчилиги

алдында табылган сурьма кенине комплекстүү изилдөө экспедициясы жиберилип, ага жаш окумуштуу Сатарбек Текебаев башчы болуп дайындалды. Бул мамлекеттик зор масштабдагы ишке жетекчиликтин тапшырылганын өзү Сатарбектин турмушундагы кандай жооптуу нерсе экендигин айтып отуруунун кереги жок эле...

Бул иштердин масштабы кең, тармагы көп болуучу. Эң башкысы кенди өздөштүрүп, ишке киргизүү... Союздук маанидеги зор байлыктуу комбинатынын курулушу... жумушчулардын проблемалары, эмгектин уюштурулушу, шаардын курулушу... ж. б. ж. б.

Ишке илимий жактан жетекчилик кылууну тегерек сакалдуу москвалык атактуу окумуштуу, академик Щербаков Иван Иванович алып барды. Ал иштин башталыш мезгилдеринде жарым жыл бою жылбастан ушул жерде болду. Андан кийинки учурларда жылына бир-эки жолу келип, иштин жүрүшүнө көз салып, өз ойлорун айтып, өз сунуштарын практикалык түрдө киргизип кетип жатты. Калган учурларда Сатарбек да учуп барып, пайда болгон проблемалар боюнча, анын чечилиш шарттары боюнча сүйлөшүп келип турду.

Текебай чал айткан Сатарбектин «бекер өтүп жаткан өмүрүнүн» абалы мына ушундайча эле.

* * *

Түстүү металлургия Министерствосунун коллегиясы өтүп жатты.

Улгайган окумуштуулардын орто ченинде кара кайыш капталган калың креслодо уядагы балапандын сыңары терең чөгүп, аппак тегерек сакалдуу академик Иван Иванович отурду. Анын тырыш баскан кичине бетинин оту кээде албырып, кээде обдула комдоно калып, өзүн араң токтотуп атканы байкалып турду. Академик өз окуучусунун ойлоруна толкунданып жатты...

Ал эми Сатарбек Текебаев болсо муну байкаган жок. Ал бүтүндөй өз оюнун гана атмосферасына кирип кеткен эле. Бул ойлор анын жаңы диссертациясынын негизин түзгөн ойлор болучу… башкача айтканда, Сатарбектин көп жылдан берки өмүрү болучу... өмүрүнүн маңызы болучу... Ошон үчүн ал түк сүрдөнгөн жок. Үнү да кардыккан жок.

Сатарбектин билдирүүсүнөн соң он беш мүнөттүк тыныгуу жарыяланды. Иван Иванович коридордо артынан жете Сатарбектин колунан бек кармап, саал каргылданган үнү менен айтты:

– Ыракмат, уулум… ыракмат!..

Сатарбек ошондо гана чалдын аябай толкунданып калганын сезди.

Бийик терезенин түбүндө сүйлөшүп тургандардын айрым сөздөрү кулак учуна илине түштү:

– Чечкиндүү ойлор… Сөзсүз чечкиндүү…

– Кеңири таанышып чыгуу керек экен… Диссертациясы менен…

Ушул сөздөрдү кулагы чалган Сатарбек өзү да толкунданып калды.

Андан бери толук жарым жыл өттү. Сатарбек өз ишинде күн сайын кабар күттү: Москвадан… Министерстводон… Академиядан… Бирок атайылагандай түк кабар жок болгон.

Мына, күнү кечээ Академиядан шашылыш телеграмма алды. Шашылыш түрдө учуп келүүсү гана эскертилген. Бул жакшылыктын кабары беле же башкабы ажырата алган жок. Бар болгону жүрөгү элеп-желеп, алда бир нерсени алдын ала сезгендей болот. А балким, эч нерсе жоктур, тим эле кезектеги бир чогулушка же диссертация боюнча кеңешүүгө чакырып жатышкандыр… Кантсе да адатынча чоң атасы Текебайга жолуга кетүүнү чечти, абышка-кемпирдин абалынан кабар алганы келди…

Текебай чал менен Сатарбек мына баятан бери маңдай-тескей отурушат.

– Чоң ата, менин иштерим эми бир жаңсыл болуп келатат. Жакын калды, жакын – деди Сатарбек. Анан бир пас болсо да чалдын көңүлүн жубатыш үчүн ачыгыраак айткысы келди – жакын калды. Сөзсүз сизди кубантам, келин алып берем…

Текебай чал дагы үмүтүн үзбөй Сатарбектин жүзүнө тигилди:

– Качан? Баягы убадаларыңдын бири го.

– Жок. Андай эмес, чоң ата!..

– Менин эчкинин жашындай гана жашым калды. Менин эми сенден күтөрүм жалгыз ошо. Мага пулуңдун, дүнүйөңдүн кереги жок. Жаманбы, жакшыбы өз үйүм бар. Токсон сом пенсиям бар, кемпир экөөбүзгө ошо жетет. Бизди кубандыр… Өлсөк да сага ыраазы болуп кетели…

Муну карап турган Сатарбектин зээни абдан кейип кетти. Тиштенип үнсүз турду.

– Сулаймандын үйүнөн даам татпай койгомун кийинки жылдарда, – деди чал күрсүнө.

– Эмне үчүн?

– Алиги сулуусунган аялы Тоту боюна бүткөн балдарын алдырып коёт имиш. Эй, кудай казаптагыр, бу эмне деген жоругу? Кудай өзү ыраа көргөн баланы жоготкону үчүн тозок отуна тогуз жолу күйүп кетерин билер бекен?..

Чал тиштенип туруп калды. Анын сакалы кадимкидей саал титиреп турду.

Сатарбек ак жуумал сулуу Тоту жеңесин эстеди. (Ал Тотуну жеңе дейт, чынында өгөй апасы…) Сатарбек мында келгенде да алардыкына жатпайт. Эртең менен гана учурашып кайтат. Тоту төрөгөн жалгыз уулу тогуз-онго жетип калды, бирок андан бери төрөбөйт. Текебай чалдын айтканынын да жөнү бар эл, Тоту турнадай сындуу боюнун бузулуп кетишинен коркот, төрөбөй аборт жасатат. Сатарбек менен дале мамилеси жакшы. А келгенде берерге белегин таппай калат. Сатарбек да абдан сый мамиле жасайт.

Азыр Сатарбек Тотуну эстеп негедир ичи сууй түшкөнсүдү, «эмне үчүн төрөп бербейт? Аш-оокаты жетпейби? Сулайман акем менен турмушу түбөлүк эриш-аркак болуп калган жокпу? Чилтан болуунун да чеги болбойбу? Бу кандай?..»

– Ал күнөөкөрлөр Темирбайдын тукуму жөнүндө ойлор бекен? – Чал аптыга түшүп сөз улады, – алиги Сулайман акмакты сөктүм. Элдин көзүнчө сөктүм... Ырсайып күлөт. Башын жерге салып унчукпайт.

– Чоң ата,– деди Сатарбек чалды жоошутууга аракеттенип,– антпеңиз. Элдин көзүнчө авторитетин кетирип сөкпөңүз. Ал – шахтанын башкы инженери... Ошо көмүр кенинде иштегендердин бир кожоюну болсо, сиз эл көзүнчө сөгө берсеңиз болбойт.

– Сөгүп атсам бир мейлиса сени камап коём деп коркутат мени... Ошонун өзүн кама, күнөөсү бар дедим...

– Жок, экинчи антпеңиз. Өз уулуңуздун абийирин өзүңүз төксөңүз болбойт. Ал эл ишеним алган киши болуп калды... Эл аны бекеринен депутат кылып шайлаган жок да... Таарынычты үйүңдө айтыңыз.

– Укпайт. Айтып жүрүп карып кеттим го. Ошо сенин уругуң – Темирбайдын тукуму дедим...

Чалдын көзүнөн жашы каканактап кетти.

Чалды араң жубатып, Сатарбек сыртка төшөк салдырып жатты. Чоң атасынын багынын ичин салкын жел аралап өтүп турду.

Шахтёрлордун шаары бир аз тынып, түн тынчтыгына кеткен. Дүңүлдөп тынбай иштеген динамалардын добушу гана буулуккандай алысыраактан угулат.

Сатарбектин жаткысы келбей көпкө чейин бак ичинде ойлуу басып жүрдү. Баятан аны бийлеп алган алда кандай басыңкы сезим көңүлүн бир аз чөктүргөндөй, а балким, саал буулуккандай абалга келтирип, андан улам кыялына мурда түшпөгөн көп нерселер түшүп жатты. Мындан бир-эки саат илгери чоң атасынын жашка толо

каканактап араң турган көздөрүн эстеди. ззэни кейип, тамагы бир аз буулуңкурап чыкты. Ал кайра-кайра жутунуп алкымына тыгылып калгансыган нерсени араң нары кетирди. «Мен эмне үчүн ушул карт адамдарды мынчалык зыркыратам? Мынчалык эмне үчүн аларды кыйнадым? Ырас эле менчелик иш иштеп, менчелик жоопкерчиликти мойнуна алган киши жокпу? Үй-бүлөө күтүү, бала өстүрүү да ар бир адамдын адамдык милдети эмеспи? Бул адам тукумунун уланышы үчүн зарыл нерсе да! Андан калса өз тукумуңдун уланышы үчүн да андан кем нерсеби? Эмне үчүн мен ушул убакка чейин чоң атамын сөздөрүн кулагыма илгеним жок? Ушул да бекер көз жашын каканактатып отурган эместир... Биз кээде кекиреебиз, билимдүүсүнөбүз, ал эми турмуштун узак жолунда аксакалдардын тажрыйбасында жыйылган акыл сөздөргө маани бербейбиз... Ырас эле, ар бир адамдын уругу уланышы керек да... Ансыз деле тарыхтын катаал узак жолдорунда төгүлүп-чачылып бир ууч болуп калган кыргыз элибиз тукумга зар эмеспи?.. Ар бир наристенин жарык дүйнөгө келиши бүткүл калкыбыздын мындан аркы жолунун кубаттуу уланышына кошулган бир тамчы суудай кошумча болбойбу?.. Тоту жеңемдер эмне үчүн муну түшүнүшпөйт? Аларга бүткүл элибиздин, бүткүл каныбыздын кызыкчылыгы керек эмеспи? Аларга жеке башынын кызыкчылыгы, жеке башынын сулуулугу гана керекпи? Муну алар кайдан үйрөнгөн?.. Ошол үйрөнгөн үйүтүнүн түпкү маңызына алар көз жүгүртө алышабы? Көз жүгүртсө ага көзү жетеби?.. Бул үйүт кимдерге керек да, кимдерге керек эмес экендигин ажыратууга кудурети жетер бекен?.. Ал эми сулуулук жөнүндө айтар болсок да, ал өзү эмне? Ал түбөлүк токтолуп калган нерсеби? А балким, эскерүүчү, улам жаңы кайталануучу нерсе болуп жүрбөсүн? Аялдын сулуулугу дал ошол төрөтүндө, дал ошол чүргөктөгү наристесинде эмес бекен? Дал ошол ар бир баласында өз сулуулугунун кайталанышы болуп

жүрбөсүн? Анын өлбөс-өчпөс сулуулугу дал ошол төрөгөн балдары, анын тукумунун уланышы болуп жүрбөсүн?.. Эмне үчүн муну «сулуулар» ажырата билгиси келбейт. Андай болбосо, балким, алар бу дүйнөгө адам тукумунун уланышы үчүн жаратылыш тарабынан чакырылышкандыр?.. Бул жагынан алганда адам өз адамдык милдетин ажырата билүү керекпи же жокпу?..» – Баятан терекке сүйөнгөн калыбында ойлуу катып калган Сатарбек селт эте түштү. Эң акыркы суроолор өзүнө типтике урулуп өттү. Ошол көз ирмемде анын күлүк кыялы алыскы Сайрасына жетип кадала түштү... «Сайраш... Жок, Сайрашым төрөйт... Ал, балким, жети, сегизди, а балким, тогузду... Мен аны ошондо ого бетер сүйөм... Ал өзү да ошону сүйөт... Анын иман-жаны ушунчалык таза... Ал өз боюндагы баласына эч качан жүзүкаралык кылбайт. Мен Сайрашымдын ушунчалык тазалыгына ишенем, мен анын дал ушул тазалыгын сүйөм... Сайрашым... Менин Сайрашым... Менин түбөлүктүү жарым...»

Жарым деген сөздөн улам «мен эмне үчүн ага ушул убакка чейин үйлөнбөй жүрөм?» деген ой Сатарбектин кыялында өз эркинен тышкары жылт этип, дал ошол ой бүткүл денесин чагылгандын сыңары жарып өтүп кеткенсиди. Ал тең салмагын жоготкондой алдырай түштү. Эрдин бек кырча тиштенип, өзүн араң токтотуп турду. Кандайдыр күчтүү өз абийири өзүн алкымдан бек буугандай тамагы кысылып, эки ийнин кага араң дем алып турду...

Сайра медициналык институтка барган биринчи күндөн баштап Сатарбек экөөнүн байланышы башталган. Ага чейин эле экөө бир жерлик катары бирин-бири жакшы билишчү, бар болгону Сайраш орто мектептин төмөнкү класстарында окуучу, бой тартып, жигит көзүнө түшөр курагына келе элек эле, а Сатарбок болсо өз боюн түзөп, жигиттикке бой тартып бараткан учуру болучу, төмөнкү класстарда окуган кара тору, кичинекей кызды көзүнө илген эмес.

Ал эми мединститутка барганда болсо Сатарбек издеп келип өзү тапты, биринчи кезектерде жердеши катары тим эле жардам берип, институтка өтүп кетишине тилектеш болгон. Библиотекалардан кандайча пайдаланууну, кечеге качан басып, качан сабак окуунун шарттарын түшүндүргөн.

Бара-бара алардын мамилеси татаалдашты, бири бирисиз жашай албай турган болуп кетишти.

Шаарча кийинип, шаарча жүрө баштаган соң, Сайранын кара тору жүзү тунук тартып, кирпиктүү кара көзү Сатарбек үчүн укмуш бир сырлар каткан болуп көрүнө турган...

Сатарбек кийин геологиялык чалгындоо партиясында жүргөн жылдарында да, борборго жөнөгөнүндө Сайрага телеграмма берчү. Сайра болсо бир эки курдаштары менен гүл суна тосуп алып, анан шаардын театрларынын биринде болуша турган. Сатарбек жөнөп кетерде да кол булгап аэропортто калчу.

Сайра Бекбоева врач болуп алыскы районго жол кат алып кеткен жылы Сатарбек кандидаттык диссертациясын коргоду. «Эми жыл аягы жетсин, анан чечишебиз» дегиче болбой, ага мамлекеттик эң жооптуу иш тапшырылды. Ошондон бери ана-мына дейт, жазда күздү күтөт, күздө жазды болжойт, ушинтип убакыт суудай агып өтүп келатат. Мына, андан бери да төрт жыл өттү. Сатарбектин жашы отуз бирге кадам коюп кирип келди.

Азыр Сатарбек терекке жөлөнө каткан калыбында туруп ушуну эстеди. Тиштенген жаагын араң кыбырата күбүрөндү, «эмне үчүн мен көп жолугушуулардын биринде: жүр, Сайраш, өз үйүбүздү куралы. Жетишет эми, эмнени күтөбүз дегеним жок? Ырас эле, эмнени күтөбүз? Менин диссертациямын корголушун күтөбүзбү? Ал балким, болбой калар, анда биз турмуш курууну токтотмокпузбу? Иш жолтоо болуп жатабы? Анда иш иштеген адамдар үй-бүлө курбай коюш керекпи? Жок! жок!.. Бул менин күнөөм!.. Биздин мезгилибиз, биздин жаштыгыбыз

өтүп жатат. Мына, Сайраш жыйырма жетиде азыр. Бул аялдын толгон айдай толукшуп турган убагы го. Эң сонун убагы, гүлдөй жайнап ачылган убагы, төрөп-түшө турган убагы эмеспи? Биз канчалык сонун бактыбызды текке кетиргенибизди ким билет? Буга Сайраш айыптуубу? Жок… жок! Ушул жолу мен тез кайтам, сага барам… Биз өз турмушубузду, өз бактыбызды баштайбыз… Бул бактыбызды кечиктирген мен… Буга мен айыптуумун… Мени убактынча жеңип жүргөн кыска оюм айыптуу… Мен сенден кечирим сурайм, Сайрашым…»

Сатарбек өзүн жубатып, төшөгүнө жатты. Бирок чырм этип уктай албады. Козголуп калган ички сезим тарабай, ошондон улам кыялы кырга катып түк тынч албай койду.

Ал таң азандан туруп муздак сууга башы-көзүн жуунуп, жолго камынды.

Чалды дагы бир жолу ишендирди.

– Сизди ушул жолу кубандырам,– деди арык шуудураган колун кош колдоп кысып туруп.

– Ишендим, балам. Жолуң ачылсын,– деди Текебай чал жүлжүгүй көзүн дагы жаш чая түшүп.

* * *

Сатарбек Текебаев Домодедово аэропортунан таксиге отуруп, академияга келди. Ал тез жетсем деп эңсеп келген академик Ивановду таппай калды. «Иван Иванович үч-төрт күндөн бери табы жок, үйүндө…» дешти.

Ошондон кийин гана андагылар Сатарбекке эмне үчүн чакырылгандыгын айтышты:

– Сиз, жолдош Текебаев, геологдордун эл аралык симпозиумуна барасыз. Бизден үч окумуштуу илимий лекция окуп, практикалык иштер боюнча билдирүү жасайт. Алардын бирине сиздердин ишиңиздер кирди.

– Иван Иванович барбы, же… – деп Сатарбек мукактана түштү.

– Жолдош Текебаев, сиз барасыз деп айтпадымбы. Сиздин кандидатураңыз бардык инстанциялардан бекип келди. Эртең чет элдик паспортторуңузду даярдатабыз…

Сатарбек күтүүсүз жаңылыктан шалдайып эси оой түштү. Кетенчиктей барып калың креслого отурду. Чекесинен тери мончоктоп агып бараткан эле. Ал чөнтөгүнөн дасоромолун алып, маңдайын аарчына, эч бир сөзгө келбей көпкө чейин отуруп калды.

– Сиздин орунуңуз «Москва» мейманканасынын онунчу этажында, – дегенде Сатарбек эсин жайып өзүнө келди. Номеринин канчанчы экенин да ажырата албай калды.

– Телефонду руксат кылыңызчы, мен Иван Ивановичке чалып алайын…

Бул Иван Иванович эле. Ал Сатарбекти телефондон таанып замат каргылданган үнү менен аталарча жалбара сүйлөдү:

– Милый мой, Сатарбек! Немедленно приезжай, сынок, Немедленно…

Сатарбек мейманканага баруудан мурда Иван Ивановичтин эшигинин кнопкасын басты. Абышканын кызы ачты эшикти. Иван Иванович тегереги китептерге жык толгон кабинетинен кучак жаза бери басып Сатарбекти бетинен өөп, толкундана колунан бек кармады:

– Куттуктайм, уулум! Чын жүрөктөн куттуктайм. Бир нече улуттук академиялардан сенин… сенин диссертацияңды жогору баалаган пикирлер келди. Айрым академиктердин ойлору да жакшы. Анан симпозиумга барышың менен куттуктайм! Бул – зор ишеним!.. Сен ага татыктуусуң! Эми ал жактан кайтышың менен диссертацияңды коргоону өткөрөбүз. Азыр да сен беш мүнөтү кем докторсуң, – академик тегерек ак сакалын экчей тамашага чалып, кайра дароо чындап айтты,– ыракмат, уулум! Менин ишенимимди актадың!..

– Сизге ыракмат! Сизге Иван Иванович,– деди Сатарбек энтиге. Чал анын мойнунан өйдө көтөрө өз

уулундай жакын сезим менен чекесинен кайра-кайра сүйдү. Анын саал калтыраңкы үнү менен акырын гана күбүрөп айтты:

– Бул сенин илимдеги чоң жолуңдун башталышы гана, уулум... Келечегиң чоң... Мен ишенем!..

...Шереметево аэродромунан «ТУ-144» кубаттуу жаңы реактивдүү самолету жебедей тепчип булуттун ары жагына бир паста көтөрүлүп чыгып кетти. Сатарбектин көңүлү элеп-желеп болуп өз жайында эмес эле. Анын көңүлүн алда кандай кубаттуу сезим тиреп, кыялын алда каяктарга алып кетип жатты. Чоң атасы Текебайдын шылынган арык жүзү, жаш каканактай түшкөн алсыз көздөрү бет алдынан түк кетпей турду. Мунун өзү Сатарбекти улам көбүрөөк буулуктура берди. Анын бул сезимин күтүүсүз козгоп, башына жаңы ойлор салып койгон Иван Ивановичтин акыркы сөздөрү болду.

Чал өз машинасы менен Сатарбекти аэродромго чейин узатып келди. Экөө машинанын арткы отургучунда катар отуруп, жолката тынбай сүйлөшүп жүрүп отурушту. Сөздөн сөз чыгып чал күтүүсүз суроо таштаганын өзү да билбей калды.

– Кичинекейлериң канчоо болду?

– Мен үйлөнө элекмии, Иван Иванович,– деп Сатарбек мукактана түштү.

– Кантип? – деди чал жөлөнгөн жайынан өйдө болуп,– мен биринчи барган жылы бу колуктум деп тааныштырбадың беле? Жаңылбасам врач болуп келген эле го?

– Ал ырас, Иван Иванович, бирок, үйлөнө элекпиз...

– Эмне үчүн? Эмне үчүн үйлөнбөйсүң?

– Иштен бир жаңсыл боло албай – деди Сатарбек жалтайлап жер карап,– эми үйлөнөбүз.

– Иш үйлөнүүгө тоскоол болдубу сага? Түшүнбөйм... Түшүнбөйм! – Академиктин тегерек ак сакалы бириндей түшүп, титиреген колдорунун алаканын жаза берип сурады. – Ал кыз кайда кайда азыр?

– Иштеп жатат, Иван Иванович! Биз жакында үйлөнмөкпүз...

– Сен алда качан үйлөнүшүң керек болучу. Бул адилеттик эмес... Бечара кыз... бечара кыз... сени ушунча жыл күткөнүн көр... А сен болсо...

Чал титиреп өз оюн айталбай калды.

– Баары жайында болот, Иван Иванович,– деди Сатарбек башын төмөн салып.

– Сен айыптуусуң. Балдарың үчүн да сен айыптуусуң...

Сатарбек самолетко чыгып кеткенче Иван Ивановичтин аталык мээр төгүлүп турган жүзүнө тике карай албады. Анын жүзү да дал чоң атасы Текебайдын жүзүндөй сөлү качып кубарып, жүлжүгүй көзүнө жаш каканактан тургансыды.

Сатарбектин самолеттогу тынчынын кетип жатышы да мына ушундан эле. Азыр ал өзүнүн сабатсыз чоң атасы менен дүйнөгө атагы кеткен академик чалдын үй-бүлөчүлүк маселе, перзент жөнүндөгү ойлорунун бипбирдей чыккандыгына таң калып, таң калып эмес, өзүнүн бул маселе боюнча бир кезги көз караштарынын туура эмес экендигин аргасыз мойнуна алып, андан улам жүрөгүн кыскан күчтүү сезими ого бетер тынчтык бербей кыйналып баратты.

Сулуу стюардесса кыз баягы стандарттуу куттуктоо сөздөрүн айтып, анан бу жаңы самолеттун кубаттуулугу жөнүндө, саатына 2500 километр ылдамдык менен учуп бара жаткандыгын айтат.

Сатарбектин көңүлү техниканын бул укмуш жаңылыгына да анчалык бөлүндү болгон жок. Анын көөдөнү андан да күчтүү сезимге дагы эле тирелип турду. Ал сезимден кутулуу керек эле. Бирок кантип? Кантип?..

Стюардесса кыз каалоочуларга суу берип жүрүп Сатарбектин абалын байкай койду:

– Сиздин табыңыз начар болуп турабы?

– Жок... Жок! – деди шашып калган Сатарбек. Анан кыз саал жылмая узай бергенде кайра чакырды: – сиз

мага жардам кылыңызчы... өтүнөмүн... мага айтынызчы, азыр шашылыш радиограмма жөнөтүүгө болобу?

– Болот! – деди кыз токтолбой.

Сатарбектин көкүрөгү бөксөрө түшкөнсүдү.

Кыз көп өтпөй блокнот алып келип берди.

Сатарбек бир ойлонуп токтоло калды да, тез-тез жаза баштады: «Сайра, менин кайтышым менен экөөбүздүн тоюбуз болот. Чоң атама ошентип тез кабар билдирип кой, сенин Сатарбегиң...»

Телеграмманын текстин стюардесса кызга берген соң Сатарбектин бүткүл денеси сергек тартып жеңилденип, өзүн дүйнөгө жаңы келгендей эркин сезди. Дүйнө өзүнчө бир сонун, өзүнчө бир маңыздуу болуп, жашоого, өмүргө шаштырып, чакырып жаткансыды... Кыялы алып учту...

Кубаттуу реактивдүү самолет булуттан бийик көкөлөп, Европанын көк асманын как жарып бара жатты. Анын ичинде Темирбайдын тукумунан да бирөө бар болучу...

## БУШАЙМАН

*(аңгеме)*

...Кабыл эмгектен ноюбаган, билеги чулу айылдагы азаматтардын бири. Өзүнүн чоюндай салмагына жуп келишкен күжүрмөн кесипти тандап алганын карасаң. Ала жаздан боз кыроого чейин беш күн үйүндө удаа жаткан учурлары кем. Трактордун жанында болбой калган күнү өмүрү бекер өтүп жаткансып оңкулдап чыдай албайт. Каржалбаган эмгекчил жан. Бир айта кете турган нерсе, өз үй-тиричилигине бүйрөлүгү жогураактай. Ошон үчүн сөзү азыраак кыска болуп, үйдөгүлөрү кээде беттен алып, тынчсыздандырып коюшат. Мындай учурларда Кабыл унчукпай гана чайын ичип эшикке чыгат.

Мунун себеби Айгүл эшикке чыкса эркектин, үйгө кирсе аялдын ордун басардай чыйрак жан. Кабыл ошого сүйөнүп калса керек. Албетте, Кабыл деле үй-тиричиликтен бир жолу эле сыртта калган жан эмес, чынында үйбүлө ошонун маңдай теринин эсебинен жашап жатканы бештен белгилүү.

Айгүл менен Кабыл медпункттан сабыры суз чыгышты. Кабыл ийкемге келбей турган москоол чор колдорунун манчаларындагы мыжыга кармаган кичинекей ак кагазады улам карап коюп, Айгүлдүн алдында шалкайып бошоң абалда эле. Ал узун жото жилигинин жарымынан араң келип, бутунан суурулуп түшчүдөй болгон кең кончтуу керзовой өтүгү менен жолдун опурулган чаңын борп-борп жайпата басып, те алысты карагансып келатты. Анткени менен көзүнө эч нерсе түшкөн эмес. Анын артындагы аялы Айгүл табы айныган эки жашар уулун көкүрөгүнө туурасынан кучактап, элеңдеп үрөйү учкан абалда кайра-кайра бир нерселерди сураса да, Кабыл үн катып жооп бербейт. Жооп бермек турсун кеберсип кеткен калбыгый эриндерин тили менен нымдап жыйнап алууга да чамасы келбей, суюк сары муруту түксүйүп бириндеген. Көздөрүн жүлжүйтүп бет маңдайынан башка жакка бурбайт. Демейдегидей убак болсо, этибарсыз Кабылдын көздөрүн Айгүлү мыскылга алар беле. «– Ушул көк көздөрүң менен айланаңды бөз чалгандай бүдөмүктөтүп араң көрөсүң го дейм?» – деп жинине тиймек. Бирок Айгүлдүн он сөзүнө араң бир жооп кайтарган Кабыл адатынча «Көрбөйт экен, а менин көзүм турнабай... турнабай билдиңби. Сенин кара көзүңө алмашпайм» – деп колдур сүйлөп, өз сөзүнө маашырланып, мурутунан жылмаймак. Мына азыр айланасынан эч нерсени көрбөгөндөй бир багыттан көз албайт. Айгүлү тамаша айтмак турсун, өз алдынча ыйламсырап үнсүз. Анткендеринин себеби башка болучу...

Кабыл он беш күндөй мезгилден бери күздүк айдоого байланыштуу колхоздун тээ алыскы участкасында жүр-

гөн. Күн-түн дебей трактор үстүнөн түшпөйт. Күтпөгөн учурда атчан бала барып «Айгүл жеңе, сизди тез келсин деди. Сабырдын табы айнып калыптыр дегенде, анын жүрөгү оозуна тыгыла түштү. Сабыр эки жашка чыгып, тили буудай кууруп калган жалгыз уулу эмеспи. Ал токтоосуз жөнөдү. Жол ката түрлүү ойлор өтүп кетти башынан. Кабылдын жашы кыркка куушуруп баратат. Бирок балдары токтобой, оозу күйүп жүрөгү чыгып калган жан да. Жолдо тиги баладан бир, эки ооз сөз сурады да, кашаң тору атты салмактуу керзовой өтүгү менен күрс-күрс теминип, үнсүз тунжурап бастыра берди.

Үйүнө киргенде апасы Бапы кичинекей Сабырды алдына алып, анын бетине тигиле карап турган экен. Кемпир башын кекчейте берип, ачуу көз караш менен Кабылды зекий бир тиктеди. Анын эти качкан бетинин отунун сөөктөрү оркоюп билинип, борсуган алмадай бөлбүрөп бырышкан жаак эттери титир-титир эткенсийт. Апасынын аябай ачуулуу экенин сезе койгон Кабыл тайсалдай берип:

– Эмне болуп кетти, апа? – деди. Кемпир жука эриндерин чүрмүйтө кымтып, анан башын кылтың эттирип.

– Эмне болмок эле,– деди какшыктап,– сен талаада жүрө бер, үй-бүлө, бала-чакаң менен ишиң болбосун...

– Деги айткылачы, эмне? – Кабыл эңиле берип баласынын бетине үңүлдү. Бала уктап жатабы, же табы жоктуктанбы, иши кылып, көзүн ачкан жок.

Ушул учурда тиги бөлмөдөн Айгүл чыгып, шашмалап сүйлөгөн адаты боюнча иштин жайын күйөөсүнө түшүндүрө баштады.

– Эти деле анча ысыбайт,– деди шиш мурдунун таноолору кыпчылгансып,– бирок үнү бүтүп шыбырап калды. Кээ-кээде деми кыстыгып, тамагын тырмалап чаңырат. Энем кечээтен бери кирнелеп коюп жатып чарчады.

– Доктурга алып койгонуң жокпу?

– Ооба, сага доктур. Доктур кудайың болуп калгансып, деги көөнүң калбайт. – Төрдө отурган кемпир негедир өзүнчө силкинди.

– Доктур дебей анан эмне дейбиз, апа?

– Баягы жылы доктурдан апсалаң пир болгон эмес беле? Эрте апкелгениңер жок деп баландын өлүгүн колуңа карматты го. Аз келгенсип наристенин өлүгүн жөн койбой сойгонучу...

– Апа, керек болсо соёт да.

– О момун,– уулунун оор мүнөзүнө чыдабай кеткенде кемпир ушинтип жиберчү. – О түркөй, аны тирилтип бербегенден кийин бейишке барар наристенин жүзүн кара кылып эмне кереги бар эле?

– Өлгөндөн соң соймоктон...

– Жап оозуңду,– кемпир Кабылдын сөзүн бүтүрбөй жулуп кетти. – Дили бузук. Ошон үчүн жашың отуз бештен ашкыча балдарың токтобойт. Кудай деп келме келтир.

– Апа, үч баланын атасы болдум. Түгөтүп ысырык салып төрдө кармап отуруп, бирин кызамыктан өлтүрдүңөр. «Илгерки бала ушинтип эле чоңойчу» – деп жазгы суукка жылаңач коё берип, өпкөсүнө суук тийгизип, анан бир жолу жетиккенде доктурга алып барып, кийинкисин дагы өлтүрдүк...

– Келме келтир дейм, дили азар, келме... – Кемпир ачуусунан дудалактанып сүйлөй албай калганда, чөлмөктөгү суудай жылтыраган көздөрү бир жолу жоголуп, бырыш беттери кыймылдап кетти. Кемпирдин ачуусунун четке жеткенин көргөн Кабыл азыраак басаңдап, бир жагы өз кыялында: «Күнөкөр болуп жүрбөйүн» деген ой кылт этип, аз аздап жалтайлап калды.

Кемпир көпкө чейин какшанып сүйлөп жатты. Кабыл эми жер чукулап гана отурат. Түн узап баратат. Кемпир унчукпай калды да, жаны күйгөн кишиче кайра күрсүнүп сөзүн баштады.

– Сен эч болбосо молдо-кожо дегенди үйүңө чакырып, тилават-куран түшүртүп, жети атаңдын арбагына бата окутуп коёюн деп ойлобойсуң. Аптпесе илешкен немелер үйгө байыр алып, бала-чакага «жүк» түшөт имиш. Ошондонбу, менин да эки күндүн биринде эле бир жерим ооруп калат. Мына бул уулуң ойноп жүрүп, бир паста чырныктай калды…

Ушундай кур жеме аралаш үгүт сөздөрүн улам кайталай берип, кемпир Кабылды уктаткан да жок. Эртең менен эрте камынган Кабыл аялы экөө баласын көтөрүп, медпунктка бара коюшкан. Жаш фельдшер кыз баланын колтугуна даража коюп, көкүрөгүн түтүгү менен тыңшады. Бирок оорусун ажырата албады корүнөт, райондук доктурканага буюрду. Мына, Кабыл менен Айгүлдүн медпункттан чыгып сестейиңки басып келатканы ушундан.

Кичинекей Сабырдын эриндери көгүш тартып, ирееңи саргайыңкы. Көздөрү чылпактагансып, чыргоолонот. Айгүл болсо баланын жүзүнө улам карап алып, ичинен кудайга жалынып айтат. Кабылга байкатпай көз жашын сүртөт: «Кудай, – деп жакасын карманат,– эмне жазыгым бар эле? Эми мунумдун жамандыгын көргөзөр болсоң, өзүмдү да кошо тарт». Бирок Кабылын бир пас болсо да капа кылгысы келбей, кээде аны-муну сурамжылайт.

– Доктурга азыр эле жөнөйбүзбү? – Кабыл болсо чөнтөгүндө жүрүп кирдеп уйпаланган газетага ортон колдой жоон кылып оролгон ачуу тамекисин үстү-үстүнө соруп, чоң-чоң арыштап басып баратып жооп бербейт.

– Машина күтөбүзбү? – Кабыл дагы эле үнсүз.

– Жооп берип койсоң болбойбу? – Ошондо гана ал көк көздөрүн жүлжүйтө, Айгүлгө кайрылып, калбыгый эриндерин акырын кыймылдата күңкүлдөдү:

– Күтөбүз… Айгүл эми үнсүз артынан келе берди.

Эрди-катын үйүнө жеткенде Кабылдын апасы негедир жок экен. Кабыл Айгүлдү «камын» деди да, өзү баласын алдына туурасынан кучактап, дубалга сүйөнө отурду.

Бапы кемпир жогортон желип-жортуп келип Кабылдан иштин жайын сурады.

– Эмне болду?

– Ооруканага буюрду.

– Ооруканаң омурайса экен. Азыр молдо келет, дем салат.

Кудай өзү райым айтар.

– Апа! – деп Кабыл сөзүн баштарда тамдын жол жак бурчунан ак селдечен молдо, кылаң этип чыга калды.

Молдо үйгө кирип чөк түшө отурду да, «алхамдулилладан» баштап куран окуп, бата тартты. Бапы кемпир кичинекей Сабырды алып молдонун маңдайында отурду. Молдо балага дем салып кирди. Ал үнүн кыраат менен чыгарып, өз үнүнүн такты боюнча жөө желип кыймылдап, кээде үнүн басаңдата барып, үргүлөгөндөй үн чыгарбай калат. Кээде уйкудан ойгонгондой күчөп кетет. Эриндери шыбак оттогон эчкиникиндей эбиресе, ээгиндеги серейген көк сакалы сербеңдейт. Анан үч жолу удаа үйлөп дем салат.

Молдо болсо түн терметип балага дем салып чыкты. Эртең менен ал чайга отурду да, башын азыраак чайкап коюп шыбырай сүйлөдү.

– Кабыл балам, – Кабыл ормоё тиктеп тыңшайт, – үйүңдө «жүк» оор экен. Анан, баса, атаң ыраматылыктын арбагы азыраак капалуу…

– Айланайын молдом,– Бапы кемпир чайын жерге, коё коюп безилдеди, – айтың, айта бериң.

Молдо көзүн жуумп сөз баштады.

– Иши кылып, арбак ыраазы болмоюнча, адам агарып-көгөрүп кете албайт. Атаңдын арбагын ыраазы кыл, балам…

– Айтың, айта бериң,– деди Кабыл түшүнө бербей.

Молдо түндө түшүндө Кабылдын атасын көргөндүгүн айтып, сөздүн аягын «Тилават–куран» түшүртүү керек деген пикирге такады. Молдо өз сөзүнүн ишеничин бе-

кемдеп: – Балам, – деди,– биз кудайдын адамы. Өкмөт өзү хам биздин ишти жөндөп жатпайбы...

Атасы жөнүндө айтканда Кабыл да токтоно албай кетти. Ал шир баш козусун союп, атасына «Тилават-куран» өткөрүп, анан сопулар менен бирге баласынын «Чилиясын» окутту. Ошо күнү да кеч кирип кетти. Бала ийни менен дем алып чабалактайт. Кеч-курун молдо баланын жүзүнө карап туруп: «Илешкени» күч, кара жинге бир каптырып койсоңор түзүк болгону турат деген болучу. Аны нессиреп калган Кабыл түшүнгөн да эмес, бирок небересин кучактап отурган Бапы кемпир шып илип алган. «Кара жин» дегени албетте бакшы. Ошон үчүн, Бапы кемпир таңга маал ат чаптырган болучу. Мына таңдын атышы менен «Келин бакшы» деп аталган бакшы даяр болду. «Келин бакшы» жашы элүүдөн ашып кеткен узун бойлуу жапылдап сүйлөгөн аял эле. (Жаш кезинде эле бакшылык кесибинде «ийгиликтерге» жетишип, ошондон улам «келин бакшы» деген атакты алган дешет.) Ал төрдөгү оору баланы көрөр замат кайра-кайра оозун чоң ачып эсинеп, кээде ачырканган немедей бетин тырыштыра силкинип, отургандардын көзүнө өзгөрүлүп кууланды.

– И-ий, үй ичи пасырык болуп кетиптир. Ушунча да оонабас жан белең, айланайын Кабыл,– деди бакшы далысын күйшөп,– «жүк» дароо мага түштү.

Дубалга сүйөнө көчүк баспай отурган Кабыл сестейип бакшынын оозун карайт. Бакшы анын көзүнө бардык балекеттерди азыр эле кууп чыгарчудай түр менен сүрдүү көрүндү.

Көп өткөн жок. Бакшы майга бышырылган токочтун бетине жети шамын катар сайып күйгүзүп, анын күлүн үйдөгүлөрдүн маңдайына сүйкөп чыкты. Анын баарын Кабыл кунт коюп байкап отурат. Кезеги менен өзү да бакшыга карай тура калганда, сары өңү аябай өзгөрүлүп, карамай болгон фуфайке шымынын тизелери оркоюп

чыгып, алда кандай кызык көрүнүшкө келе түшкөн эле. Муну казан-аяк жакта жүргөн Айгүлү байкай коюп. Кабылына эриксиз ичи ачышты, «Байкушум ай, эки күндө үрпөйүп өзгөрүлө түшкөнүн карасаң. Алда кудай ай...»

Коңшу-колоңдогу бала-чакалар Кабылдын үйүнө жык толуп калышкан. Кабылдын апасы оору баланы алдына алып, бакшынын маңдайында. Бакшы бая дүкөндөн алдырган кара сатинди оору баланын үстүнө жаап коюп, «Алда-үй, алда-үй» деп секирип эки-үч айланды да, анан кош бөйрөгүн таяна тамдын шыбын карап алып, кошок кошкон аялдардай үнүн созуп заңкылдады;

Кожом-а ейпил а кош мазар, авлээй.

Сизден бир медет а тиледим, авлээй...

Бакшы капкайдагы мазарлардын атын атап, алардан «медет» тилеп, жарым саатча кыйкырды, секирип бийледи. Акыр аягында буркурап ыйлап отуруп калды. Бул бакшы оюнун көрбөгөн жат балдар үчүн укмуштай кызык көрүнүш болду...

Бакшы бир топтон кийин «көз жашын тыйып», Кабылга кайрылды.

– Кабыл балам, менин «каргылуу кара тайганым», «Ак чуудалуу тайлагым», «Гүл кыздарым» түшпөй турушат. Азыр бир кара жандык таап келишиң зарыл болду.

– Жандык дейсизби? – үрөйү учкан Кабыл таңдангандай колдур сүйлөдү.

– Ооба, эчкиби, койбу, иши кылып, кара жандык болсун, көчүрткү кылам.

– Көчүрткү?.. Соёбузбу?..

– Жок, көчүрткү кылган мал союлбайт. – Кабыл ичинен «андай болсо мейли» деп ордунан салмактуу турду да, кечээ шериги союлуп, жалгыз калган коюн жетелеп чыкты. Андан кийин бакшы көпкө чейин ойноп, баланын оорусун «койго көчүрдү».

Эртең менен «көчүрткү» кылган койду жетелеп, беш метр кара сатинди койнуна салып бакшы жөнөй берген-

де Кабыл башка чапкандай көзүн пар ачып, бармагын тиштеп отуруп калды....

Кызматы кетсе да, малы кетсе да баласы жакшы болуп калса баарына ыраазы болбос беле... бирок, баланын оорусу кечээкиден да оорлошуп калгандай. Ийнин көтөрө берип дем алган сайын тамагы кыркырайт. Утур-утур эки ууртунан шүйшүн кан кылая берип кайра жоголот. Чынында бул бир укмуштуу оорудай.

Айласы түгөнгөн Кабыл эки көзүн чачыраганда колхоз конторасына шашылып барды. Андагылар салмактуу Кабылдын алактап калганын көрүшүп, телефон чалып райондон тез жардам чакыртышты. Кабыл үйүнө жетип Айгүлүн шаштыра жөнөөгө камынды. Кабыл менен Айгүлдү салган тез жардам машинасы зымырап учту. Эрди-катын бири-бирине сүйлөөгө да дити барбай, экөө эки жерде мүрзө болуп кетип баратышты. Алардын ар кимисинин башында ар түрдүү ойлор ойноп жаткан эле.

Оору баланы узун бойлуу гана арыкчырай жигит кабыл алды. Ал ооруну жылаңачтап жаткырды да, баары жогун кылдат карап жатып, оорунун белгилерин ата-энеден сурайт. Акыр аягында күзгү сыяктанган тегерек немесин маңдайына иле коюп, баланын оозунун ичин жарык кылып көпкө чейин шыкаалап жатты. Бир кезде оң колуна чымчуурун ыңгайлап, экинчи колу менен балага дары жыттатты... Ачууга чыдабай бала кыңылдап башын булгалайт. Бир убакта кыпчуурун баланын тамагы жакка узата берип, бир нерсени чымчып сууруп алды. Узундугу кере сөөм, чоң кишинин ортон колундай болуп жоонойгон жыландай кара немени стол үстүндөгү айнектин бетине таштады. Баланын оозунан кызыл кан жошулуп агып кеткенде Айгүл ыйлап жиберди.

– Коркпоңуз,– деди арыкчырай доктур жигит, – мына бу сүлүктү көрдүңүзбү? Балаңыздын жумшак таңдайына жармашып, канын соро берип жыландай жоонойюптур. Бул баланын демин бууп өлтүрүп коюшу мүмкүн эле.

Бактыңыз бар экен, андай болбоду. Эмне үчүн бул убакка чейин мында алып келбедиңиздер?

– Айланайын колуңдан, айланайын... – Айгүл көзүндөгү жаш менен сөз сүйлөй албады,– кудай ырысым бар экен!..

– Бул сиз айткандай «кудай жиберген дарт» эмес, жеңе. Жаш бала арыктан жата калып суу ичет, көзгө илешпес кичинекей сүлүк тамагына жармашат да, канын сорот. Сиздер кудайга жалынып жүрө бересиздер. Ушундай эмеспи, аксакал, – деп доктур жигит Кабылга карап мыйыгынан жылмайып койду. Анын жылмайышы Кабылдын кечээтен берки молдо, бакшыларга алдатканын угуп алып, тилин тиштеп жылмайып мыскылдагансып туюлду. Кабылдын бүткөн бою чымырап, жаак эттери түйүлө, тиштери бири-бирине кабышып калган эле. Кимгедир кекенүүсү ташкындап, муундары калчылдап кетти. Ал токтоно албай:

– Үкө, мен кете берейинби? – деп жибергенин өзү да билбейт.

– Жок, Кабыл аке, балаңызды алып кетиңиз. Азыр эле ойгонгондо кант таап бер деп жаңжал кылат. Анткени анда температура да, оору да жок. – Доктур жигит сөздүн аягын тамашага салды.

Кабыл өзүнүн орунсуз суроосуна уяла түшүп, тамекиден жоон ороп чекти. Шприцтерин спирт менен сүртүп жаткан доктордун колун өзүнүн колуна окшотту. «Мен да, ал да бирдей адамдарбыз,– деп ойлоду Кабыл,– анын колу да, менин колум да металл кармайт...»

Жок жерден үч кой чыгым кылганын эстеп ичи ачышат. «Акмак! Ушул күндө ошолорго алдаткан мен...» Оюнун акырына чыга албай туруп калды. «Акмак!» деп катуу айтып жиберди. Жаш врач жалт каранды, муну ал өзүнө албадыбы деп чочуп кетти. Кабыл бушайманы ичине батпай, өзүнө-өзү кыжырданган түрдө артына шарт бурулду...

## САМАР

*(аңгеме)*

Коңшубуздун кызы Самар чыбыктай шыңга, кымча белдүү арык чырай кыз болучу. Анын жаз күнүндөй жаркылдаган ачык мүнөзү менин эсимден кетпейт. Түтөгөн кыйгач каштарынын астындагы кичирээк карагаттай мөлтүрөгөн көздөрү ойноп турчу. Өзбек кыздары түспөл кырдач мурундуу, жүзү кагаздай жука. Дайыма атлас көйнөк, тар камзир кийип, шайдоот басып жүрөр эле. Кош көкүрөгү бөдөнө тумшуктанып, кыздын сымбаттуу боюн ого бетер көзгө жакын кылып турат. Сазга чыккан чымындыктай майда өрүлгөн чачы далысын тегиз жаап, үстүнөн бастыра кийген зар топу куп жарашып калганычы.

Кыздын атасы ичкилик кыргыздардан боло турган. Ошондон улам Самардын тили да «чалып» сүйлөгөн тилдерден эле. Чоңго, кичинеге болсун, эч качан «сен» дегенин уккан эмесмин. Эң эле жаман айтты дегенде «коюң-а», «кызык экенсиз-а» деп калчу.

Анын «келдим эде, бовойт, кевейт экен» деп сүйлөгөнүнө өтө куштар элем. Эмне үчүндүр уккулуктуу да, майин да учуроочу.

Мен гана эмес айылдагылардын жаш-карысы дебей «Самаржан», «Самаш» дешип жакшы көрүшө турган. Анткени, бирөөгө суук сөзү жок эле. Пахта чабык же пахта терим маалында анын алдына түшөр кыздар аз. Узун чачын бурап келип маңдайына түрүп, кош колдоп терип киргенде, алдына тартылган ак этеги бат эле барсайып толуп чыгат. Самар менин көзүмө эликтей шамдагай, жылажын-шыңгыр күлкүлүү шайыр кыз көрүнчү. Анын күүлөнгөн комуз кылындай назик ички сезими ар кандай кишиге байкалып турат. Тызылдаган ысык күндөрүндө

козо ичинде дасоромолун башына жаза салып, үстүнөн зар допусун бастыра кием да, курч кетменди шарт-шарт шилтейт. Айланасын жалт каранып, жака-белде эч ким болбосо кыңылдап жагымдуу үнүн созот.

«Сиз жүргөн кандуу чоң сапар,
Бүтсө эле деймин ынак жар.
Жыл өтүп кабар бир кевей,
Жүрөгүм болду дардисар.
Катарлаш басып сыр чечкен
Түнүмдү эстеп савылам.
Шо күндөр кайра келсе экен,
Эзилип жигар сагынам».

Мен анда али жаш элем. Он эки же он үчтө болсом керек. Бир күнү демейдегидей гана жүгүрүп алардын үйүнө кирип бардым. Күтүлбөгөн жорук!..

Самардын ак бетинен ылдый жошулган тунук көз жаш мончоктоно жамырап этегине тамчылайт. А дээрге алы калбай мөгдөсө аянычтуу үнү жүрөктү титиретет. Тал-тал болуп өрүлгөн олоң чачы саксайып жазылып кеткен. Кайнаган муң-зардын жалыны оозунан түтөп чыгып жаткандай. Кыздын башын жөлөгөн шишимек көздүү жеңеси Каныш өз көзүнүн жамыраган жашын жоолугунун учу менен сүртүп, кыздын маңдайынан сүйөйт.

– Кагылайын кыз, муунуңду бошотпой өйдө болчу. Кандай кылабыз, айла жок. О жараткан, кичине боор ачысаң болбойбу?..

Мен эч нерсени түшүнбөй дал болуп туруп калдым. Көрүнбөс канжар бышып алгандай жүрөгүм тызылдайт. Кыздын бул абалына такат кылалбайм. Аны аяйм...

Эшиктен кирип келген аял менин колумдан тартып:

– Кагылайын Сапарбек, кой, таңыркабай эшикке чык,– деди.

Мен сыртка чыгып, көчөнүн тиги өйүзүндөгү Кулуш чалдын эшигинде бир топ киши турганын көрдүм. Чуручуу түшкөн ый. Бирин-экин кишилер ары-бери калдас-

тап жүрүшөт. Селдее барып токтой калдым. Жыгачка көчүгүн коюп отурган Мажит абам:

– Кайран жигит... кайран жигит... – деп башын чайкайт. Мен анын жанына жакындап:

– Мажит аба эмне кеп? Эмне болуп кетти? – деп сурадым.

– Э балам, Кулуш чалдын уулу Кыпчак согушта каза болултур! – Мен «каза» деген сөздү түшүнө бербедим.

– Жарадар болуптурбу? – дедим.

– Жок! Окко учуптур. Кайран гана жигит... – Мажит абам зээни кейип жер чукулап тиштенди. Жаак эттери түйүлүп, сакалы бириндейт.

Жүрөгүм «зырп» этип, алда качанкы бир окуя көз алдымдан жылт этип өтүп кетти.

* * *

Жаз. Бак-дарактар тегиз бүрдөп, айлана күндөн-күнгө көрктөнүүдө. Күн тоо артына далдаланып, бийик чокулардагы акыркы нурлар үлбүрөп өчүп баратат.

Кыштак ичинде сан-түркүн кыймыл. Бочка жүктөлгөн арабаны кең көчөнү как жарып, калдырата төмөн карай айдап кирип кетти. Иштен кайткан чарчаңкы адамдар каалгый басып үйлөрүнө бурулушат. Чаңдуу жолдо ойногон бөбөктөрдүн кулундун үнүндөй назик үндөрү иретсиз угулса да кандай жагымдуу! Коңур жел леп-леп жортуп, бети-башыңды жалмалайт. Дүгдүрүм калың бактын көк-жашыл жалбырактары кечки жел менен түртүшүп шуудураган сырдуу үн чыгарат. Чымчыктар түнөө тандап чырылдап, кулактын курчун алгандай. Кечки салкын абага коруш болгонсуп, тезек түтүнүнүн болор-болбос жыты сезилет. Кеңирсиген кыштак жай жылып, кечки иңирдин кучагына матырылып баратат.

Мен кемелегимди колума алып, түнөөгө конгон чымчыктарды атуу үчүн мышыкча аңдып жүрөм. Эки көзүм

дарактын башында болуп баратып эч нерсени байкабай калыпмын. Шыбыр эткен добушту угуп селт бурулуп карасам, коргондун бурчундагы өрүктүн түбүндө кыналыша эки киши турат. Мен шырп чыгарбай токтоп калдым. Алиги экөө Самар менен Кыпчак экенин жазбай тааныдым. Самар тике карабай Кыпчактын колдорун ары түртүп назданат. Кыпчак жалооруган түр менен кыздын ичке белинен имерип, ажарданган бетинен өбүүгө кумарланат.

Мен унчукпай тура бердим. Бир кыйла убакыт өттү. Жигит таарынгандай терс бурулат. Самар анын колун бошотпой, кашкая күлүп эркелегенсийт. Жигит кызды эми көкүрөгүнө кысып, кош эрдинен өбүүгө умсунуп келатты. Кыз да бүткүл денесин жигиттин кучагына эркин таштап, көздөрү коймолжун тартып сүзүлүп бараткан. Эх, кандай учур!.. Бирок мен анда бул учурдун күчүн кайдан билем?

– Эй – дедим мен чаңырып.

Кыпчак селт чочуп кетип, артына шарт бурулду. Алты пакса коргондун урап кеткен жеринен ашып өтүп, дубалды айлана берди. Көздөрү алактай түшкөн Самар мени көрө коюп, кызарып уялып кетти. Бир азга сөз айта албай тарткынчыктап мукактанды. Анан батына албай жакын келип:

– Кагылайын Сапаш, эч кимге айтпай эле коюң. Эл укса жакшы бовойт, эсиңиз барго? – деп мага жалынып-жалбарып калды.

Эми өзүм уялып кетип, башымды көтөрбөй, жүгүргөн бойдон бактан чыга качтым.

Самар өзү айткандай «шо» күндөн «шу» күнгө оозумдан чыгарганым жок эле. Эсиме эми түшүп отурат. Көз алдымдан мына ушулар өтүп кеткен соң ичим элжирей түштү. Жүрөктө такаатым калбай, тула боюм чымырап, денем оорлонуп баратат. «Ах, мен! – дедим дөңгөчтө шылкыя жер карап отурган Мажит абамдын жанында

таштай болуп катып калып... Ах, мен неге сүйүшкөн эки жарга жолтоо болуп бардым экен?... Кайран жигит Кыпчак, Самардын ажарданган нурдуу ак бетинен кайрылып кумар кана өптүң бекен? Же ошол бойдон кездешпей, арманың түбөлүк жер астында калды бекен? Ай армандуу дүйнө! Сенин... сенин ак сүйүүгө калыстыгың ушул беле?» Өзүмдү тилдеп өкүнөм...

Андан бери көп жылдар өттү. Бирок байкуш Самардын кайгыга чөмүлгөн аянычтуу көрүнүшү, кайнаган ич күйүткө аралаш чыккан муңдуу үнү менин оюмдан эч качан кетпес болду. Каргыш тийген кандуу согуштун салган тагы жаш кыздын кирсиз жүрөгүндө түбөлүккө калып калганын мен ар убак кан жуткандай оор үшкүрүк менен эске түшүрөм.

* * *

Мына, арадан айбаттуу он беш жыл учуп өттү. Менин эсимде: ошондон көп узабай шар аккан суунун боюнда Самарды акыркы жолу көргөмүн. Көбүктөнө мөңкүгөн тунук суунун бетине жалдыр тигилип мончоктой мөлт этип жаш кулаган назик жүзүн чайкап коюп, колун суудан албай кайгылуу отурган экен. Кыз мени көрө сала жооткотуп жылмайып күлүүгө аракет кылып:

– Сапаш,– деди, бирок анын жүзүнөн баягыдай жылдыздуу сүйкүмдүүлүк төгүлө чыгып, муңайым күлкүсү демейдегидей көңүл тартар жарашыгын берген жок.

– Сапаш, биз эртең көчүп кетебиз.

– Каякка эже?

– Тээ алыс жакка, атамын туугандарына...

Ал менин маңдайыман сылап, өскүлөң чачымды уйпалай кармап сөзүн улады. Мен өз бир тууган эжеме эркелегендей ишенич менен анын этегине ыгып турдум. Самардын үнү буулуңкураак, каргыл чыгып жаткан. Көрсө, байкуш кыз жүрөктөш Кыпчагы экөө бир өткөр-

гөн учурларын эскерип, жанаша отуруп сыр чечишкен жерлери менен акыркы жолу жүрөгү кыйбай коштошуп жаткан экен го!.. Ошондо өпкөсү толуп араң турган кызга бирөө «Самаржан, кетип бараткан экенсиң да» – деп эле бир гана үн койсо, өксүп-өксүп ыйлап жиберер беле, ким билет.

Чын эле көп өтпөй Самарлар көчүп кетишти. Ошол күндөн ушул күнгө чейин Самардын тагдыры жөнүндө бир ооз сөз уга алганым жок эле.

Өткөн жылы күтүрөгөн күздө бир иш боюнча Н. районунун К. колхозунда болдум. Күркүрөгөн чоң дарыянын оң жагына жайланышкан дүгдүрүм бактуу чоң кыштак мага аябай жагып калды. Күкүрттүн кабыгындай окшош салынып, боз шифер менен жабылган аппак үйлөр, түз чийилген көчөлөр, жаш жемиш бактары кыштактын келечегинин жарык өрүшүн көрсөтөт.

Кечки конокко трактордук бригаданын механиги Жапардыкында калдым. Жапар тез-тез сүйлөгөн, кыймыл-аракети да чапчаң, тепилдеген киши экен. Анын бир кызы, эки уулу бар экенин билдим. Кызы кол арага жарап, үй тиричилигин былкылдатпай кармап калыптыр.

– Эң кенжеси мынабу тентек, аты Тынчтык,– деди Жапар жанында улам эркелеп отурган сары баланын маңдайынан сылап. Жапардын аялы пахта теримден кеч кайтты. Ал биз отурган бөлмөгө кирип:

– Келгиле, меймандар,– деди башын ийкеп. Мен чочуп кеттим. Анан өзүмдү араң токтотуп, аялды астыртан карай бердим. Ооба, чын эле Самардын өзү... Самар болсо мени тааныган жок. Баягы чыбыктай деңеси эткел тартып балкайып, ойноктогон кара көздөрү токтоо да, акылдуу да. Мен үн катпай отуруп Самардын кыз кезиндеги учурларын даана эске түшүрүүгө аракеттенем.

Жапар «Самаржан» деп бир айтканда беш айтып, алды үстүнө түшкөндөй болот. Анын аялына көрсөткөн урматтуу мамилелерин көрүп туруп ичим жылыды.

Чайдан кийин телевизордун кулагын бурап, Ташкенттен концерт уктук. Бирок менин көңүлүмдү концерт бөлө алган жок. Өз ичимден тунжурайм: «Байкуш Самар, кайгылуу учурларың менин көкүрөгүмдөн кетпейт. Мен үчүн сенин ошол көз жашың алиге чейин тыйылбагандай көрүнүүчү. Сенин бактың Кыпчак менен кошо өлгөндөй сезилер эле мага. Жок, мен жаңылган экемин... Сен бактыңды таапсың. Кыпчактын аты гана эсиңде калбаса аны түк унуткандырсың... Ооба, унуттуң... Көрчү, адам деген ушул экен да...»

Мен түнү бою негедир түйшөлүп уктай албай чыктым. Эртең менен мен турганда Жапар алда качан ишине кетип калган экен. Нанүштөдө чай узатып жаткан Самарга карап:

– Самар эже,– дедим. Самар чочуп кеткендей селтең этип менин жүзүмө тике тигилди.

– Самар эже, сиз мени тааныбай турасызбы? Мен Сапарбек эмесминби?

– Сапарбек! – Ал чайын жерге коё коюп,– Сапаш... деп бир түрдүү сезим менен кайталап жиберди.

Биз көпкө сүйлөштүк. Кыпчакты эске алганыбызда Самар оор үшкүрүп, көздөрү каканактап аянычтуу абалга келе түшкөнсүдү.

– Тагдыр ушундай экен. Кайран жигит – деп өңү заматта кубула түшүп, шыбырап гана сүйлөгөн болду. Үнүнүн ыргагы да жанагыдан башкача угулгансыды мага. Анын сөзүнүн аягы бүтпөсө да эми мага баары түшүнүктүү...

Мен өзүмдүн дагы бир жолу аябай жаңылгандыгымды мойнума алдым.

Жолдо келе жатып түрдүү ойлорго чарпылам. Бирок, ал ойлордун артына чыга албай, бир кезде өзүм эптеп курапштырган бир шиңгил ырымы эске түшүрөм. Бул ыр ушу Самарга арналган эле.

Ах, неге жолтоо болуп өттүм экен,
Кайрылып жигит кызды өптү бекен?

Болбосо арман оту жүрөктөгү
Ай кантип жер астында өчтүң экен?
Элестеп боорумду эзет бүгүн дагы,
Зар ыйлап байкуш кыздын жаткан чагы.
Түбөлүк жүрөгүндө калып калды,
Кечеки кан согуштун салган тагы.

## МАДЫ

*(аңгеме)*

Мады кышын-жайын кош ат чеккен арабасынан түпшөйт. Ал башкалардай болуп, арабасынын үстүндө талтайып тике тура калып, камчысын асмандата тегерете булгап, кыштакты жара калдыратып катуу да айдабайт. Арабанын бир жак кырына жалпайып отуруп алып, кыска гана ышкырып, узун тизгинин силкип коёт да, саал кылыр көзү менен айланасына таңдангандай шыкырая карап кете берет. Жаздыр-күздүр семиз этинен жазбаган коёндой окшош кара жал тору аттары анча-мынча учурда эле жортуп койбосо, керилип жай баскан басыгынан жазышпайт.

Ушунча жылдан бери башка ишке койгун деп бригадирге Мады бир жолу да даттанган жок, анткени – бул иши өзүнө жагат. «Палан жакка жөнөгүн» десе күн-түн дебей, кара жамгыр-кыш дебей, каамыт моюнчактарын көтөрүп чыгып, негедир бир нерселер жөнүндө күңкүлдөп сүйлөнүп, окшош тору аттарын арабасына чегүүгө камынат. Кубаныч-капасы түк сезилбеген салыңкы кабактуу кара сур жүзү ар убак бир калыпта.

Мадынын атасы алтымыш жаштардан ашып калган чоң сакалдуу адам: анын төрт уул, эки кызы бар – чоң уулдарын үйлөндүргөнүнө көп жылдар болуп калды – эмки кезек Мадыныкы... Ушунча үй-бүлө бир казандан

аш ичип, ынтымактуу жашап турушат, анткени, Касымдын байбичеси дымактуу жан, келин-кесек, уул-кыздарын бириктире бек кармап, ушул үйдүн туруму болуп, тиричиликтерин кыймылдатып турат.

Касым менен кемпиринин кийинки кездердеги негизги ою – Мадыны үйлөндүрүү... Касым көпкө чейин өз ичинен «азыркы жаштар өздөрү таап алышат тура. Мады да бир күнү бир кызды колдон жетелеп кирип келер» деп жүрдү. Бирок Мады анте алган жок. «Ой, Мадынын жашы жыйырма төрткө кадам коюп баратат. Бул биздин үй-бүлө үчүн күнө эмеспи? Эл эмне деп жатат болду экен?» Касым чыдай албай өзүнчө сөгүнүп, тынчы кете баштады. Мадынын жүүнүнүн боштугуна сөгүндү.

Касым ошондо гана коңшулаш айылдагы картаң таежесинин эки бойго жеткен кызы бар экенин эстеп, ичинен ойлонуп калды. Күн кечтеп бараткан эле, Касым чоң курсак кара бээсин токуп минип, жантая бастырып таежесиникике барып түштү.

Картаң таежеси Касымдын унутпай келгенине аябай сүйүндү.

– Бара-бара балдар алысташып баратышат. Сөөк жаңыртсак деп келдим, – деди Касым чайдан ууртап отуруп. Кемпир Касымдын жүзүнө ишенбегендей сестене карап, анан эмшиңдеп чала-була ыйлап да жиберди.

– Ооба, ооба... Кудай өмүр берсин сага, Касым,– деди кемпир,– менин эчкиникиндей гана жашым калды. Кыздар болсо беш күндүк мейман... Там-ташым, бак дарагым турат. Баш-көз болор адам калса десем эки көзүм төрт. Мадыңы мага бер, Айгүл экөөнү тиги үйгө киргизип коём. Кичи кызым өз тууруна конгончо биз мында болобуз.

Касым бул ойго аябай макул болуп, тынымсыз баш ийкеп отурду.

Арадан көп өтпөй эле той өткөрүлүп, Мады Айгүлдүн үстүнө кирип келди. Эки жаш мурунку кездерде ата-эне-

лери аркылуу таеже-жээн катары анда-санда гана көрүшүп жүрүшсө да, көп өтпөй эле кандайдыр бир күч аларды бекем тартып, бат эле байыр алыша, кыйышпастай болуп кетишти. Мады сүйкүмдүү Айгүлүнө ыразылык түр менен канааттана тиктеп, жүрөгү элжиреп сүйүнөт, өз бактысына ичтен күңгүрөнүп ыраазылык айтат.

Бул жерге келгенден кийин да ат араба колуна тийип, Мады өз сүйгөн ишин улантты. Эртели-кеч колу бошой калганда күдүңдөп үй чарбачылыгын иштейт: арык тартып, багынын ичине суу жүргүзөт, там-ташынын бузулган, тешилген жерлерин оңдойт. Буга ичи жылыган кайненеси тапканын оозуна кармап, бардык иште анын кеңешин сурайт, бир үй-бүлөнүн башчысы катар урматтоо менен мамиле кылат.

Эреркий түшкөн Мады баарын өзү билген киши катары эч кимден кеңешсиз эле арыктан суу жыгып келип, аң казып ылай жасады. Кайын энеси чыгып, алаканын маңдайына серепчилей араң көрүп, Мадыга карай кобурады:

– Убараланган айланайын, муну эмне кыласың?

– Эки мал бата турган чаркар тургузуп коёюн, мейман-ысман келет экен, ат байларга жай болсун. Андан калса кунажын да бар эмеспи… – Мады атасы энчилеп берген кунажыны жөнүндө айтты.

– Өзүң бил, айланайын,– деп кемпир кобурана кудайга жалынып үйүнө кирип кетти.

Мады эртели-кеч кол тийгизе коюп жүрүп, кичинекей чаркардын алты пакса дубалын бүтүрүп койду.

Балакетти кайдан келбейт деп болот? Бир күнү кечинде Мады арабасын кырманга чыгарып, аттарын коё берди да, үйүн көздөй шашты. Үйүнө жакын жерде Айгүл менен узун бойлуу, арык Бакир сүйлөшүп турушуптур. Мадынын жүрөгү жарылып кете жаздаса да, өзүн өзү араң токтотту. Эрдин кырча тиштенип, тигилерге салам да айткан жок. Бакир болсо кыйгачтай басып короодон чыга берди.

Үйүнө кирген соң Мады өзүн токтотуп араң сурады:

– Бакир эмнеге келиптир?

– Тигинин кабагын кара? – деди Айгүл шыңкылыктап күлүп,– шашпай эле кой, билерсиң кийин...

Эртеси күнү Мады кырманга жакындаса бир топ жигиттер негедир дуу-дуу күлүп жатышат. Алардын арасында Бакир да бар болучу. Бул күлкүлөрдүн баарын недендир, күмөнсүнгөн Мады өзүнө алып, жүрөгү зырп этип кысыла түштү. Мады аларга барып токтой калса, сөз тизгини башка жакта экен, бирок ал ишенбей, «мени көрүп калп эле сөздөрүн буруп жооткотуп коюшту» дел ичтен шекшинди.

Ошондон эки-үч күн өтпөй, Мады баш болгон төрт арабакеч станцияга эгин жеткирип кайтышты. Жол ката оозуна келгенди оттоп келатышкан жигиттердин бири Мадыга карап бакылдап сүйлөдү:

– Мады,– деди арабакеч кең жолдо Мадыны жандай салып,– Айгүлгө канча калың берип алдың?

– Эч нерсе... – деп Мады жылмайды.

– Калың бермек беле – күч күйөө уктаганын калыңга тогойт дейт, Мадынын калыңы уйкусу да! – деп арткы арабадан калпакчан кара жигит бакылдады. Арабакечтер дуу этип боор ката күлүп жиберишкенде, Мады күлүп жибергенде да кантер эле, бирок ал анткен жок, тетирисинче мостоё түштү. Тигинин абалын байкай коюшкан жигиттер сөз тизгинин башка жакка бурушту. Анткен менен жигиттердин башка нерселерге күлгөн күлкүлөрү да Мадыга октой тийип, жүрөгүн астыртан тилип жаткансыды, өзүн маскараланган абалда сезип, сөзгө кем аралашып, алдыда кете берди.

«Күч күйөө» деген сөз жанын эзгилеп, ар-намысын ойготуп, астыртан тынчтыгын алып жатты, бүткүл өз тукумун намыска калтыргандай болот.

Какаганга муштаган болуп, Бакир дагы алардын короосунан чыгып кетип бараткандын үстүнөн чыгышса

болобу. Бакир арабакечтер менен саламдашып, анан арабага отуруп жогору көздөй кетти. Бир кыйла узай беришкенде жигиттердин аңги күлкүсү дагы угулду. Мады муну кадиксиз өз жүрөгүнө алды.

Үйүнө кирген соң көпкө чейин сүйлөбөй отурду.

– Эмнеге кабагың жерге түшүп калган? Же табың жокпу?

Айгүл асты-үстүнө үйрүлүп түшкөнү менен Мады ачылып сыр айткан жок. Анын башында «Эмне кылуу керек?» деген бир гана ой уялап турду. «Күч күйөө» деген атка конуп, сөзгө сынып өтөмбү?»

Кечке жуук Айгүл эт кошуп басылган жыттуу палоону Мадынын алдына койду. Ачка неме палоодон тайлак таман кылып, беш-алты сугунган соң жаны жыргай түшкөндөй баш көтөрдү. Бет маңдайында отурган Айгүлүнүн жүзүнө көзү чалдыгышы менен баятан жанын кыйнап жүргөн «күч күйөө» деген сөз эсине кылт этти. Андан улам Бакирди да эстеди. Мады жүзүн тырыштыра оокаттан четтеп, атайын кычаштанды:

– Палоонун тузу кем,– деди Айгүлдүн жүзүнө тике карабай күңкүлдөп.

– Менин оозума андай учурабайтко.

Көп өтпөй дагы күңкүлдөп койду:

– Палоо кылат имиш, сабизин да өлтүрө кууруй албапсың!

– Мындан артыгы күйүк даамданып калбайбы?

– Күрүчтү ысык сууга көп уютупсуң, эзилип ботко болуп кетишке аз калыптыр...

Айгүл эми ичинен тырчый түшүп, бирок сүйлөгөн жок.

– Сен күрүчтү дайыма бузасың, менин апам палоону кандай сонун жасайт!

Айгүл мунун себебин окуй алар бекемин дегенсип, жаш баланын сыңары кежирленген Мадынын жүзүнө карап турду.

– Сенин колуңдан бир жолу да палоо жегенге окшободум. Апам палоону кандай сонун жасайт.

Айгүл чыдай албады:

– Анда палоону апаңа барып жасатып жебейсиңби:

– Эмне?

– Менин палоом жакпаса каалаган кишиңе барып жасатып жегениң оң!

– Ушундайбы?

– Анан кандай болмок эле?

Мады ордунан ыргып туруп сыртка чыкты да, атасы үй кылып алгыла деп энчилеп берген кызыл кунажынды казыктан чечип жетелеп, жулкуна басып жолго чыкты. Айгүл кантти экен деген ой менен артына кылчайды эле, жакында эле өзү уруп бүтүргөн алты пакса дубалы көзүнө урунду. «Бир жолу кайрылгыс болоюн» деп күңкүлдөп артына бурулду да, кунажынды терекке байлап, анан кетменди колуна алып, жаңы дубалдын төрт тарабын төрт жакты көздөй уратып кирди. Айгүл үйүнүн бурчунан үн катпай гана карап турду. Мады дубалды уратып бүтүп, кунажынын жетелеп жөнөй бергенде, Айгүл бетин баса каткырып күлүп, үйүнө кирип кетти.

Мады кечке жуук ата-энесиникине жете келди. Кечки тамакка кам урунуп жаткан апасы да, төрдө кынтайып жаткан атасы да ордунан тура калды. Алар адегенде чочуп кетишкен эле. Иштин жайын жай угушкан соң Касым чал тиштиккендей тиштенип түк сөз кошкон жок. Апасы болсо жемелеп-жукалап, бир паста жетесине жетти. Мады апасынын дымактуу үнүнөн, анын жемесинен бир канча жаттыга түшкөн эле...

Кечки тамакта апасы башка балдарынын, неберелеринин катарында Мадыга да бир кесе кесме ашты колуна карматты. Күндөгүдөй өнтөлөп аны төрдүн төбөсүнө өткөрүүнү ойлогон эч ким болгон жок, көптүн катарында аштын суюгу, нандын күйүгү тийгенине да ыкрал болду.

Жатар мезгилде болсо казан-аяк туруучу дализдин артындагы эски ордуна төшөк салып беришти. Керебетке жатып жаман үйрөнө түшкөн неме таң аткыча тынчы кетип уктай албай чыкты. Ал дароо эле баягы эски кейпине келип калгандыгын сезди.

Арадан эки аптадай убакыт өткөн соң, Айгүлдүн сиңдисин баягы узун бойлуу, арык Бакир алгандыгын укту. Мадынын жүрөгү кабынан чыгардай туйлап, эмне кыларын билбей, эч кимден кеңеш да сурай албай, башын жерге салып, эрдин кырча тиштенип, өзүнчө тунжурап отурду. Бакирдин колу жука жигит экендигин, андан улам азыр калың же болбосо той-тополоңго каражаты жоктуктан ошентип жашырын качырып алууга, кыздын эжеси менен ачык сүйлөшүп жүргөндүгүн аргасыз эми эсине келтирди...

Мадынын ичи туз куйгандай ачышып, төшөгүнө көмкөрөсүнөн кулап түштү. Бирок ал түнү бою кирпиктүү көзүн каккан жок, Айгүл жөнүндө... аны менен өткөргөн укмуштай таттуу түндөрүн бир бирден көз алдынан өткөрүп чыкты. Ошол эң сонун күндөрүнүн баасын ал биринчи жолу сезди... Дал ошол бактыман айрылып калган жокмунбу деген пикир оюна кылт эткенде жүрөгү оозуна каптала түштү.

Мады улам-улам сыртка чыгып таңды күттү. Түн бүгүнкүдөй эч качан узун болбос... «Кантип барамын?» деген ой дагы да сокур намысын ойготуп, жүрөгүнө найза болуп тирелип турду.

Таңга жакын Мады сокур намысын тепсеп жолго чыкты. Ал жеткенде Айгүл али төшөктөн туруп сыртка чыга элек экен. Үйгө кирип баруугa дити чыдабай, Мады кайсалаңдап калды, Айгүлү анын алдында ушунчалык сүрдүү да, каардуу да учурап турду.

Ал үйгө кире албай кайгуулданып сыртта жүрүп, баягы өзү бузган дубалынын ордун көрдү: дубалдын кесектери аркы-терки ураган бойдон жаткан болучу...

Мады дубалдын түбүндөгү кетменди ала коюп, арыктан суу буруп келди да, баягы ылай кылуучу аңга түшүрдү. Аңдын чеке белин казгыламыш болуп жатканда Айгүл сыртка чыгып, акырын басып жакын келди да, үнүн токтоо чыгарып унчукту:

– Сиз дубал ура турган мендикерсизби? Бизге мендиктер керек эмес!

– Жок,– деди Мады колунун арты менен маңдай терин сүртүнө бош сүйлөп,– дубал кыйшык урулуп калгандыктан, оңдоп урайын деп эле бузгамын...

## МАЗМУНУ

**ШАБДАНБАЙ АБДЫРАМАНОВ** .............................3

ДЫЙКАНДАР (роман) .............................7
АЙДАНА (повесть) ............................. 321
ӨКҮМ (повесть)............................. 351
СОЛДАТ (аңгеме) ............................. 481
БАЙТҮП ТЕРЕК (аңгеме) ............................. 500
КҮТҮҮ (аңгеме) ............................. 521
ЭСТЕЛИК АЛДЫНДА (аңгеме) ............................. 535
ИЛЕГИЛЕК (аңгеме)............................. 550
ТЕМИРБАЙДЫН
ТУКУМУНУН БАЯНЫ (аңгеме)............................. 565
БУШАЙМАН (аңгеме)............................. 602
САМАР (аңгеме)............................. 612
МАДЫ (аңгеме)............................. 619

*Адабий-көркөм басылма*

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы

38-том

# ШАБДАНБАЙ АБДЫРАМАНОВ

*Тандалган чыгармалар*

Түзгөн: *Жакыпбекова А.*
Тех. редактор: *Өмүров Б.*
Корректору: *Жакыпбекова А.*
Компьютердик калыпка салган: *Тилекматова Н.*

Терүүгө 06.06.2018. берилди. Басууга 17.07.2018. кол коюлду.
Кагаздын форматы $60x84^{1}/_{16}$.
Көлөмү 39,25 б.т. Нускасы 500. Заказ № _____.

---

**«Турар» басмасында басылды.**